КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

*«Окурмандын китеп текчеси» сериясы*

23-том

# ЖУНАЙ МАВЛЯНОВ

Академик А.А.АКМАТАЛИЕВДИН
жалпы редакциясы астында

Түзгөн: *Айгүл Качкынбай кызы*

БИШКЕК
«КУТ-БЕР»– 2017

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
М 12

Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151-б.) негизинде жарык көрдү
Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды

Редколлегия:

Акматалиев А.А.
Байгазиев С.О.
Жайнакова А.Ж.
Маразыков Т.
Мусаев С.Ж.
Садыков Т.
Токтоналиев К.Т.
Эркебаев А.Э.

«Окурмандын китеп текчеси» сериясы: 23-том.
М 12 **Жунай Мавлянов.** / А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. Түз. А.Качкынбай кызы. – Б.: «Кут-Бер», 2017. – 624 б.

ISBN 978-9967-12-671-8

Бул китепке Жунай Мавляновдун тандалган чыгармалары кирди.

Китеп жалпы окурмандарга арналат.

**М 4702300100-17**

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-4**

ISBN 978-9967-12-671-8

© КР УИА, 2017
© «Кут-Бер», 2017

## ЖУНАЙ МАВЛЯНОВ
*(1923—2003)*

Жазуучу, акын Жунай Мавлянов 1923-жылы 23-октябрда Жалал-Абад областындагы Аксы районуна караштуу (кийин Кош-Төбө) Ренжат айылында жарык дүйнөгө келген. 1941-жылы Жалал-Абад педагогикалык окуу жайында окуйт. 1950-жылы Жалал-Абад мугалимдер институтун, 1952-жылы КМУнун сырттан окуу бөлүмүн аяктаган. Эмгек жолун 1941-жылы райондогу Авлетим жети жылдык мектебинде мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1942-жылы Ата мекендик согушка кетип, 1944-жылы оор жарадар болуп элине кайтат, кайрадан М.Горький атындагы Таш-Төбө орто мектебинде мугалим, завуч, мектептин директору болуп иштейт. Бул мезгилди жазуучу: «Бир кезде төрт жыл жөө каттап окуган мектебиме эми он бир жыл аттуу каттадым. Жаратым бутуман эле да»,– деп эскерет. Кийин областтагы Таш-Төбө орто мектебинин базасында түзүлгөн Караван мектеп-интернатынын директору, 1966-1971-жж. чейин Кыргызстан Жазуучулар союзунун башкармалыгында катчы, 1971-1988-жж. «Мугалимдер газетасынын» редактору болгон. Өмүрүнүн кырк жылдан ашыгын эл агартуу системасында эмгектенүүгө жумшаган.

Ал эми чыгармачылыкка кандайча келгенин да Ж. Мавлянов өзү аныктайт. «Мени жана мага курбалдаш калемдештеримди жазуучу, акын кылган согуш. Жан дүйнө астын-үстүн кылып таштаган окуяны баштан кечирмейин калемгер болуш кыйын. Биздин муун үчүн мындай окуя – Улуу ата мекендик согуш болду».

Ж.Мавлянов 60-жылдардын башында «Жүрөк», «Аркыт гүлдөрү», «Мөл булак» аттуу ыр китептерин окур-

мандарга тартуулайт. Бул жыйнактар алгачкы эмгектери болгондугуна карабай алардын ичинде асыресе көзгө толумдуу, жүрөккө жакын, көркөмдүгү жогору турган ырлары да арбын кездешет. Айрыкча эл-жерге, мекенге, киндик каны тамган жерине арнап жазган ырлары өзгөчө орунда турат.

Ж. Мавляновдун ырларын окуганда негизинен эки тема өзгөчө орунда экендиги байкалат. Жогоруда сөз кылгандай биринчиси тууган жер, Ата журт, өзгөчө Аркыт темасы болсо, экинчиси жоопкердик турмуш, согуш темасы бөлүнүп турат. Согуш темасындагы ырлары аркылуу анын азап-тозогу кандай экенин көрсөтүү менен тынчтыкка чакырат. Анын туулган жерге болгон сүйүүсү өзү атаган «мөл булактай» таза да, тунук да болуп акындын чын пейлинен чыгып, окурмандарга жетет, жан-дүйнөсүн козгойт. Ж.Мавляновдун ыр жыйнактарын окуганда автор турмуштун кайсы жагын сүрөттөбөсүн өзүнүн жеке кубанычынан тарта жалпы замандаштарынын сезимин, оюн айтууга аракеттенет. Анда лирикалык каармандын турмушка, адамдарга мамилесин, ички дүйнөсүн аныктоочу деталды көркөм сүрөттөйт, ырлары ойлуу, элестүү берилет. Ырларынан токтоолук, сабырдуулук байкалат.

Бирок Ж. Мавлянов бул жыйнактардан кара сөзгө өтөт жана окурмандарга жазуучу катары таанылып адабияттан өзүнүн ордун табат. Жазуучу өзү дагы чыныгы чыгармачылыкка 1961–63-жылдарда Москвадан жогорку адабият курсун бүтүргөндөн кийин гана киришкендигин эскерет. Демек буга чейинки мезгилди үйрөнүү, такшалуу катары эсептесек болчудай. Ошондон бери бир канча китептин автору болгон. Алардын арасында «Ачык асман», «Бийиктик» (1977), «Кайрымсыз жылдар» (1994), «Жаңы таң» (1980), «Турмуш», «Чагылган» ж.б. романдары, көптөгөн повесть аңгемелери бар. Алгачкы прозадагы чыгармасы «Бекиш сага эмне болду?» деген ат менен жарык көргөн. Жазуучунун ушул чыгармачылыгындагы козголгон маселе – айыл турмушу, кандуу согуш, анын азап-тозогу, элге, адамдарга алып келген оор, унутулгус кайгысын жа-

зуучунун чыгармачылыгындагы башкы темалардын бири болду десек жаңылышпайбыз. Ошондой эле автордун өзү аркалаган педагогдук улуу кесип да чыгармачылыгынын дагы бир негизги бөлүгү болуп келди. Жазуучунун аңгемесиндеби, повесть, романдарындабы каармандары адам деген атты дайыма жогору ардактап, адептүү, токтоо, сабырдуулуктары менен өзгөчөлөнүп турат.

Ж. Мавлянов мындан башка да «Жалгыз бутактуу арча», «Ким күнөөлүү?», «Ашымдын аңгемеси», «Күтүү» ж. б. повесттерди элге тартуулады. Мына ушулардан эле көрүнүп тургандай автордун чыгармачылыгындагы башкы темалардын бири айыл турмушу экенин байкоого болот. Жогорудагы повесттери аркылуу жазуучунун чеберчилигин байкоого болот.

Ж. Мавлянов окурмандарга алтымыштан ашык аңгемелерди тартуулаган. Алардын ичинде «Сатар жамакчы», «Кесир», «Эненин сүтү», «Биздики», «Каны башка», «Келе колуңду», «Сартбай», «Нан», «Нике», «Ата», «Кечирип коюңуз», «Аваз» ж. б. аңгемелери бар. Жазуучунун аталган чыгармалары согуш темасы аркылуу турмушту терең чындыкта сүрөттөйт. Кандай гана жазуучу болбосун, укканына караганда көргөнүнүн негизинде кеңири, жеткиликтүү жазат эмеспи. Ж. Мавлянов да күлгүндөй жаш кезин чуулдаган ок алдында өткөргөн.

Жазуучунун айрым чыгармалары өзбек, тажик, латыш, татар тилдерине которулган. Жазуучу Б.Мунгуновдун «Кара шамал» повестин жана В.Сухомлинскийдин «Балама кат» аттуу китебин кыргыз тилине которгон.

Кыргыз ССРинин Эмгек сиңирген мугалими (1973). СССР Эл агартуунунн отличниги. 1960-жылы СССР Жазуучулар союзунуну мүчөсү. Улуу Ата Мекендик согуштун 1-даражадагы ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени, «Ардак белгиси» медалы, Кыргыз ССР ЖКнын Ардак грамотасы менен сыйланган.

# ПОВЕСТТЕР

## ЖАЛГЫЗ БУТАКТУУ АРЧА

Сатымкул жалгыз бутактуу арчанын түбүнө келип отурганда күндүн илеби кайтып калган эле. Көмкөрүлгөн казандай боз ташка көчүк басып, папирос түтөттү. Жанына чий калпагын алып койгондуктан, жазы мандайынан өйдө тегиз кайрылган коюу чачынын түбү заматта кургап чыкты. Үйлөгөн сайын кумурска изиндей ийрилип жогору жылган тамеки түтүнүнө чалкалай тиктеп, ал ойлуу... Арчанын жалгыз бутагына чылбырынан күрмөй байлаган аты ээсинин бул оюн бузбайын дедиби, жанатан бери арткы буттарын алмак-салмак которо коюн-колтугун тепкилеп, богоноктон корунганын да токтотуп койгон. Ал да азыр алда кандай шыбышты тыңшагансып, кулактарын тикчийте тим турат. Сатымкулдун бир колунда арчанын ичке бутагы. Папиросун соруп, түтүнүн көккө үйлөгөн соң, тиги колундагы арчанын бутагына мурдун батыра жыттап-жыттап коёт...

Мезгил август экенине карабастан, бу жердин карагай-шагы али жашыл. Болгондо бут алдындагы чөп гана дартмандын иреңиндей купкуу.

Бир оокумда Сатымкул ордунан тура калып, чылбыр байланган бутакка бая артылта таштап койгон кара пиджагин алып, желбегей жамына кайра ордуна отурду да, ак көйнөгүнүн жакасын топчуланды. Отурган жери чоң суунун жээги эмеспи, анын кечки шапатасы ичиркенте баштады көрүнөт. Дагы папирос күйгүздү.

Сатымкул согушка чейин бул тамекини оозуна алган жан эмес. Урушта жүргөндө да, нанга алмаштырып тамеки тартуучуларга өз шыбагасын бекер эле кармата берчү. Муну согуштан келген жылы, азап-тозоктон эл арылып, бейкут күндөр кайрадан башталган кезде чегип жиберген. Анын себеби өзүнө гана белгилүү.

Жер бетин каптап кирип келген иңирден улам бүлбүлдөп, карааны алыстап бараткан Баба-Ата тоосунун бери жагындагы кырка асканын чалкасынан бирөө кармап турган ат такасына окшош кемтигине карады. Баятан бери ошол жерден көзүн албай отурган. Аны караган сайын, эмнегедир жүрөк башы зырп этип коёт. Бүгүн айдын он алтысы, он жетиси. Ал демек, бир аз кечигип чыгат. Ошол кемтиген, мындан жыйырма жыл илгери айдын ушул мезгилинде, анын толукшуган жүзүн Бакыт деп аталган ыйык нерсенин кучагында, ушул таштын үстүндө, ушул арчанын түбүндө отуруп керген болучу. Бирок, анда бүгүнкүдөй жалгыз эмес эле. Бул айдын шооласына анда мунун менен кыналыша отуруп, дагы бирөө жүз тоскон болучу. Андан бери жыйырма жыл өттү...

Уруштан келгенден кийин Сатымкул ичине толгон бугун чыгарганы мында келсе, ал ушинтип, жал-куйругунан ажыраган жылкы кейиптенип, жалгыз гана бутагы менен шодоюп калган экен.

Үйлөнгөндөрүнө бир жарым жыл толгондо Сатымкул аскер кызматына чакырылды. Ыраакы чыгышта ал үч жыл жүрүп келгиче Айнур шаардагы педагогия окуу жайын бүтүрүп алды.

Сатымкул үй-бүлөдөн кандай жолу болсо, кызматтан да ошондой эле акжолтой болду. Аскерден келген соң райпрокурордун жардамчысы, анан республикалык эки жылдык юридикалык мектепти бүткөндөн кийин райондук прокурор болуп калды.

Германдык фашисттер советтик кишилердин мандай теринен жаралган ыйык нерсеге ок атып киргенде, Сатымкул республикалык прокуратуранын кызматкери болуп калган эле.

Сатымкул адегенде Кара-Балтада, анан Ош тарабында полктун алдындагы согуштук трибуналда кызмат өтөп жүрдү. 1941-жылдын кеч күзүнөн тартып, бирде Москванын алдынан, бирде Украина багытынан анын кабары келип турду.

1943-жылдын май айында жазган бир катында: «Белгород багытында немецтердин зор каршылыгын жоюп

батышты көздөй ылдам жылып баратабыз. Жүз көрүшөр күнүбүз алыс эмес», Айнур Гүлнурду өөп кой – деген.

Ошондон бери Сатымкулдан кабар жок. Анын жолун тиктеген Айнур мурунку түсүнөн адаша баштаган. Кайын эне, кайын ата болсо анын үстүнө түшө калып жүрүшөт. Алар канчалык үйрүлүшпөсүн, Айнурдун жүрөгүн черге айланткан сагынычты тарата алышмак беле. Анын үстүнө айыл арасында күн сайын жүрөк үшүткөн бир кабар: «Баланчанын баласынан кара кагаз келиптир» десе, дагы бирөө-түкүнчөнүн күйөөсү эки көзүнөн тең ажырап, госпиталда жаткан имиш», – деген кайгылуу каңшаардан Айнурдун кулагы күндө куру эмес.

Баарынан да Курмандын келинчегинин ыйы Айнурдун сайсөөгүн сыздатып таштады.

Курман бир жагынан Сатымкулдун айылдашы, нары бирге окуп, бирге өскөн сырдаш курбусу эле. Экөө колхоздук жаштар мектебин чогуу бүтүшкөндөн кийин, кесип тандай келгенде эки жакка бөлүнүшкөн. Сатымкул – юрист, Курман пед окуу жайын бүтүп, мугалим болуп калган. Булардын үйлөрү да коңшу эле. Сатымкул Фрунзеден ары жөнөй турган болгондо, ушул Курман досуна телеграмма берген. Ал барып, Сатымкулду узатып койгондун эртеси, Айнурду кызы менен айылга алып жөнөгөн. Айнур экөө бир мектепте жарым жылга чогуу иштешти. 1942– жылдын башында ал да согушка кеткен болучу. Кечээ жакында андан кара кагаз келген, Харьков багытында курман болуптур. Күйөөлөрүнүн көңүлү жакын болгондуктанбы, Сырга менен Айнур да эже-сиңдидей ынтымакта жүрүштү. Фрунзеге тигилер көчкөндө, Сырга күйөөсү менен аларды узатып барышкан, шаарда бир нече күн туруп да келишкен. Айнур көз жашын төгө Сатымкулсуз кайтып келгенде, ал күлсө кошо күлүп, ыйласа кошо ыйлап, анын жанынан чыкпай жүрдү. Ал эми Курман кеткенден бери экөөнүн күндүз тамагы, түндө төшөгү бир болуп калган.

Мына ошол Сырга бир аптадан бери кара кийип, адашып журтта калган күчүктөй кыңшып отурат. Күндө эртең менен мектепке бара жаткан Айнурдун кулагына эрин

жоктоп ыйлаган Сырганын жүрөктү мыкчып, кулакты тундурган аянычтуу үнү угулат. «Кыя чапкан кылычы кай жеринен сынды экен?! Жалыны сууну өрттөгөн Курманым кантип жерге сыйды экен?!... – о-о» – деп, эчкире улуп уңшуса, тоо термелип, кара жер силкинип кеткендей, уккандын тула бою зыркырачу.

Анан кантсин, Сырга. Эки жетим бири бирин арзып сүйгөндүктөн, баш кошушуп, бир үйдөн түтүн булатканда бу каргаша чыгып түгөйүнөн ажырап олтурбайбы.

Курманга баш кошкондон бери анын ак саргыл өңүнө кызыл жүгүрүп, кой көздөрү моймолжуп, өзүн бакыт сересине чыккандай сезип жүрчү. Тилеги минтип, жарым жолдо таш кабарын кайдан билиптир.

«Менин өмүрүмүн кубанычы, көнүлүмүн жарыгы, сенсиң, Сырга» – деп каты сайын Курман анын жүрөк-боорун эзчү. Анын биринчи каты Кинель станциясынан келген. «Кызыл эшелондо баратабыз, Сыргам. Астыбыз-үстүбүз такта. Сыртта кар. Ошентсе да сени эстесем, жамбашыма жумшак, көңүлүмө жылуу. Сураганым – кайгыга алдыра көрбө. Жетимдиктин азабынан экөөбүз эми кутулганда, бул балакеттин туштан чыкканын көрбөйсүңбү? Тагдырдын бизге таңуулаганы ушул болсо керек да. Мунусун да көрөлү. Бирок келечектен менин үмүтүм зор. Ушул бойдон изсиз кетип калбаспыз, Сырга жаным. Үмүт жолоочунун таягындай тирүүлүктүн жетеги дешет го, келечекке үмүт менен карайлы. Биздин шыбагабыз турмуштун колунда ооз тийилбей кала бербес. Боюңдагыга этият боло көр» – деп эскерткен ал ошол эле катында.

Сырганын кош бойлуу экендигин билген күнү Курма оозун кулагына жеткире күлүп, тамаша менен чындык оюн билдирген: «Биринчи төрөгөнүң менин жардамчым болсун – уул туугун. Экинчисинде өзүңө сиңди төрөп ал. Андан аркылары да ошондой кезектешип келе берсин. Мага бешти, өзүңө бешти төрөсөң жетишет го дейм. Сырга», – десе, анысы көздөрүн моймолжутуп эркелеген: «Биринчиси мага, кыз болсун».

Курман анда кадыресе таарынымыш болуп: – «Менин инилүү болушуму каалабайт экенсиң да? – десе, келинчеги:

«А сен менин синдилүү болушуму каалабайсыңбы?» – деп «ага-инилерден», «эже-сиңдилерден» улам, бир топко талаш-тартыш созулган. Тамашанын аягын тамаша менен бүтүргүсү келген Курман, колуктусунун оту бөрсөйүп, кызарган бетине алакандарын тийгизе, «Кой, минтсек бала жерге түшкөн күнү экөөбүздүн ортобуздан эч ким басалбас чыр чыгат көрүнөт. Ошондой болбосун үчүн, ар төрөгөндө экиден: бири уулу, экинчиси кыз болсун» – деп, маңдайынан чоп эттире өөп койгон. Болочок жакшы тилекке магдыраган Сырганын жүзүн нур чалып, ошондо жазы маңдайынан тер тамган эле.

Ошол уул менен кыздын жарыкка келишин кан майданда жүргөн Курман чыдамсыздык менен күттү. Акыры бир күнү блиндажда отурса, Айнурдан сүйүнчү сураган кат барды. «Сырган төрөдү. Качан-качан деп шаштыра бердиң эле, убактысынан жарым ай мурда төрөп койду. Чоочуба, баласы жетилип калган экен. Сенин тилегиң келип – уул тууду. Жерге түшкөндө бакырып ыйлаганы сенин – күркүрөгөн добушуңу эске салып, киндигин кескен кемпирлерге чейин күлүштү. Атын эмне коёлу? Сүйүнчү жиберүүнү унутпа. Айнур».

Курмандын сүйүнчүсү даяр болчу. Өткөн түнү чалгынга барып, жолдошу менен душмандын постто турган сакчысын тирүү штабга алып келишкен.

«Айнур, сүйүнүчтүү катың үчүн чоң ыракмат! Төбөм көккө жетип калды. Ошол баланын ырысына кандуу колун сунуп келген жоонун бирөөң капка көтөрүп келген күнү сенин катыңы алдым. Кандай кубаныч! Сүйүнчүңөргө Жеңиш деген пулга табылгыс нерсени алып барамын. Ошону күткүлө. Ата-энесине өйдө чыкса өбөк, ылдый түшсө жөлөк болгудай анын аты Кубатбек болсун. Мен үчүн Сырганын маңдайынан сылап, Кубатбектин мурдунан чымчып өөп кой. Эртең дагы чалгынга чыгам, ажап эмес, Кубатбегимдин кубаты менен балким, бу жолу немецтин генералын жетелеп келермин. Сатымкулдан кабар барбы? Силерди сагынган Курманыңар. 1943-жыл. 10-июнь». Ушул каттан бир ай өтпөй: «Командованиенин маани-

лүү тапшырмасын аткарып жүргөн учурунда, чалгынчы старший сержант Баястанов Курман эрлерче каза болду» – деген бир тилке кагаз келди.

Ким билет, балким Курман өзү жазгандай душмандын генералын кекиртектеген бойдон: «Баламын бактысына көз артканың үчүн, – деп аны муундуруп, анан өзү жан бергендир. «Кубатбек! Сырга! Силердин келечегиңерге колун сунган ажалга өзүмдү тостум. Силер жашагыла! Силер өмүр сүргүлө! Мен да өз өмүрүмүн калган жылдарын экөөңөргө бердим. Уктуңарбы? Уктуңарбы? Силерге бердим! Силер жашагыла!» – деп кыйкырганын кан жыттанган Украина талаасы уккан чыгар. Тиги болсо, Батыштын окко тонолгон токойлуу талаасы Курман сыяктуулардын туулуп өскөн жерине, ата-энесине же алыста калган жарына, дидарына тойбой кеткен баласына жан берердеги айткан керээз сөздөрүн кайталап берер беле!?... Жок! Кайгыны да, кубанычты да, былк этпей боюна сиңирип көнгөн жер эненин кулагы эзелтен кереӊ, көзү жумулуу, нары тилсиз.

Курман ошентип, Украина жеринде түбөлүккө жатып калды. Азыр кыбыланы карап, тула боюна кара чүмкөнүп, үй бурчунда отурган Сырганын ыйзарын ал эми такыр укпайт.

Айнур эртели-кеч анын үстүнө кирет да, соороторго сөз таппай, өпкөсүн көптүрүп, көздөрүн кызартып, бетин жашка чайылтып чыгат. Кубатбекти өзү көтөрүп, күндө Сырганы үйүнө ээрчитип кетет.

Сырганын бул аянычтуу абалы Айнурдун күлүк кыялын алда кандай каргашаларга такап, жар бооруна урунган сел суусундай чапкылайт...

Аны күндүз ой, түндө түш ээрчип алды.

Мына Айнур сабакта отурат. Ангыча бирөө эшикти шарт ачат да: «Айнур эже, Сатымкул акем келди! Сизди күтүп отурушат», деп адырандайт. Окуучулары менен кош айтышууга жарабай, сабагынын ортосунан үзүп, журналын класска таштаган бойдон Айнур үйүн көздөй чуркайт. Бир чакырым жерге жетүү мындай кезде онойбу. Жол менен жүрбөй, аңыз аркылуу чуркап келатып, кесекке буту чалынып, көмкөрөсүнөн кетет. Башынан учуп түш-

көн жоолугун нарыдан-бери жерден ала салып чуркаса, делбек этип, анысы желдин жетегинде кайра арт жагына учат. Аны аламын деп, нечен ирет артына кайтып, жолду өзү узартып келатты. Мына, Сатымкулдун буту аттаган коргондогу чоң дарбазанын астанасы. Буга Айнур дагы бир жолу чалынып жыгылды. Бирөө келип: «Эй, сага эмне болду?» – деп колтугунан өйдө көтөрдү. Көйнөк-күрмөсүнө жабышкан чаң, чөп-чарды күбүп, жетелеген бойдон Сатымкул олтурган үйгө киргизишет да, Айнуруң келди, Сатыш, Айнуруң» – деп үйдөгүлөр чуулдашканда, эки көзү ак даке менен таңылып төрдө отурган Сатымкул карбаластап ордунан тура калайын дегенде чалынып кетип, бирөөнүн ийнине таяна калат да, анан колдорун арбаңдата кайра туруп, эшик жакка болжол менен кучагын жаят. Эки көзүнөн ажыраган күйөөсүн көргөн Айнур ишенбеген кыязда улагадан бери жылбай туруп калганда, ага карай бут шилтей албай алдастаган Сатымкулду мындагылардын бирөө колунан кармап: «Биякка бас, мына Айнуруң!» – деп, аны көздөй жетелешет, Айнур бакырган бойдон анын кучагына жыгылат...

Айнур үйүндө кезектеги сабагына даярданып олтурат. Аңгыча эшиги чертилди, ачса почточу. Ал төрт бүктөлүп үч жагы кичине ак тилке кагаз менен жабыштырылган кара сызыктуу телеграмма кагазын сунат. Шашылып ачса: «16-май күнү Н. станциясынан тосуп алгыла. Вагон №9. Сатымкул» – деген жылуу кабар. Кайын ата, кайын энесине: «Үйлөрдү жыйнаштырып тургула силер. Мен жолдон өткөн машина менен станцияга жетип барайын, Сатыш келип калыптыр, – деп, Айнур өзү жалгыз жүрүп кетти. Станцияга жетип келсе, көк вагондорду сүйрөгөн (Сатымкул экөө Фрунзеге ошондой вагондо көчүп барышкан эле), маңдайында жылдызы бар кара паровоз бир чаңырып кыйкырат да, анан пыш-пыш эте акырын келип, токтойт. Перрондун асфальт аянтчасы менен чуркаган Айнур № 9 вагонду издеп тапты. Андан адамдар түшүп жатыптыр. Көпчүлүгү боз кийимчен солдаттар. Алардын арасында Сатымкул көрүнбөйт. Жүргүнчүлөр түшүп бүткөндөй

болду. Бирок, Сатымкул алиги вагондон чыккан жок. Жакындары менен кучакташып көрүшкөн эл суюла баштады. Чыдап тура албаган Айнур темир туткаларды шамдагай кармаган бойдон тепкичтерге бут койду да, вагондун ичине кирип барды. Вагондун тер жыттанган тар коридорунда аскер кийимчен бирөө башын өйдө көтөрбөй, эки колтугундагы кыска балдактарды тактага тыктык коёт. Кадамы арбыбайт. Кең көөдөнү болбосо, анын бою төрт-беш жашар баланыкындай. Артынан ээрчиген сестра болсо керек, орто жашап калган ал чемодан кармаган колтугуна шинелин кысып, тигинин беш жолу бут шилтегенин бир кадамдап, жай кыбырайт. Эки тизесинин көзүндө тоо таманындай жалпайган кайыш каптагычтары бар алиги көөдөн баш көтөрө берип, четки купенин тушунда көздөрүн бакырайтып өзүнө карап турган аялды көрдү. Экөөнүн көздөрү урунар замат, анын Сатымкул экенин тааныган Айнур колдору менен бетин баскан бойдон бакырып жиберди...»

Колтугу толо балдардын дептери. Аларды түнү менен олтуруп, чырактын жарыгында текшерет да, эртең кайра ээлерине таратып берет.

Айнур коргонго жакындай бергенде анын жака-белинде жүргөн кишиледин карааны заматта житип жок болду. Муну көрөрү менен тигилер ичкериге кирип кетишти көрүнөт. Айнурдун жүрөгү бир коркунуч туйгандай болк этип алды. Жети паксалуу коргондун кош канаттуу дарбазасына жете бергенде андып тургандай эки аял тигини шап эттире колтуктап алып, колдорун бетине жетпестей кылып кармашты. Ошол замат коргонду башына котор-гон: «Эссиз кайран балам өй!» – деген кайын атасынын өкүрүгү, тамдын ичинен аялдардын ыргаксыз ыйы угулду. Буга удаа жанагы эки аял Айнурга сөз катышат: «Кайрат кыл. Сагышынан кара кагаз келиптир! Бетиңи тыткан менен, өлгөн кайра тирилмек беле. Ар ишке сабыр керек. Жалгыз сенин башыңа түшкөн мүшкүл эмес, бу. Калайык калк күндө көтөрүп жаткан жүк. Силердей жаштарды боздотуп койгон душманга убалыңар жетсин, ылайым».

Айнур үнүнүн баарынча бакырган бойдон тигилердин жетегинде ичкериге кирет. Үйдүн кыбыласын карап, жаш чууруткан аялдардын ортосу жарыла берип, ага орун көрсөтүштү. Сырганы көргөн эмеспи, эки колун бөйрөгүнө такай олтуруп, алдында суналым жаткан өлүк болбосо да, ыйлап отурат. «Кан жөткүрүп, жарыңы, каптатып селге багымы» – деп созолонто бергенде, бу жолу да жанаша жаткан Сырганын колу ары-бери булкулап, ыйдан токтотот…

Булардан бөлөк да, Айнур ошол күндөрдө далай түштөрдү көрдү. Бирок ушул үч түш анын дилинен такыр чыкпай жүрөт. Булар жөнүндө эч кимге, ал турсун сыр жашырбаган Сыргага деле ооз ачкан эмес. Бирөөгө айтса эле, алар түш эмей, чындык болуп чыга келе тургансып, жүрөгү титиреп, муундары калчылдап кетчү.

Сатымкулдан кат келбей калгандан бери Айнурдун санаасы санга чарпыла берип, акыры жоошуй баштаган эле. Тирүү кишидей турмушта албан неме болбосо керек. «Жиндеп кетеби, же өзүн-өзү өлтүрүп коёбу» – деп, былтыр күйөөсүнөн кара кагаз келгенде Айнурлар бүт айлы менен чоочулаган Сырга али тирүү. Бар болгону аксаргыл ирени ого бетер кубарып, шыңкылдаган күлкүсү, үнү бүткөн немедей тыйылып калды. Бирок, келечектен үмүт үзгүдөй эмес. Курмандын алыс эле бир эжесин үйүнө алып келип алган. Ошентсе да, ал көп түндөрдү дагы эле Айнурдукунда өткөрүп жүрөт. Эже-сиңдидей экөө жумуштарын бүтүп, төшөкө жаткандан кийин сөздөрү Курман менен Сатымкулдан алыстабайт. «Айыке, мен «Курман өлдү» дегенге түк ишенбейм. Бешенесин жайылтып, демейдегидей эле бир күнү шапкесин колуна кармаган бойдон кирип келчүдөй, эшик жакты кылчактай берем. Өзүң билесиң го, ал дайыма үйдүн астанасын аттарда баш кийимин колуна кармап алчу эмес беле».

Ушинтип, алыстагы жарларынан кеп сала берип, өткөн кыштын узун түндөрүн күзөтүшкөн бул экөө азыр тагдырга таң берип, жоошуй түшкөн. Сырга дагы эле Айнурдукуна үзүлбөй каттап турат.

* * *

Бүгүн базар, Айнур үйдө болучу. Мында түштө келген Сырга үйдүн ичине анын чакан кош терезесинен иңир баш бакканга чейин отурду. Ал кетери менен короодон ит үрдү. Стол үстүндөгү чырактын шишесин колуна алып, Айнур аны эми гана кургак чүпүрөк менен ышынан арыта баштаганда, чоң дарбаза тарсылдап калды. Аны чертпей, бирөө ургулап жаткан эле. Коргондун дарбазасы ичиндеги үйлөрдөн анча алыс болчу, ошондуктан аны катуу ургулабаса, үй ичинде отургандарга угулушу кыйын. Демек, аны каккылап жаткан ошону билген киши болуу керек.

Күн батары менен, дарбазаны бекитип коюу быяктагылардын адаты эмеспи. Жана Сырганы узатып чыкканда Айнур өзү аны оор чынжырын салып койгон болучу. Эми андан тарсылдаган добуш чыгып иттин күрсүлдөп үргөнүнөн улам, Айнур тышка шашты. Нарыдан бери шишени чырактын коңгуроосуна кийирди да, ал сыртка чыга келди. Дарбазанын төмөн жагындагы чоң жылчыктан көрүнгөн тааныш пальтонун этеги. Жарып чыкчудай сол көкүрөгүн түрсүлдөтүп, ичинен ургулап жаткан жүрөк тушун оң колу менен басып, саамга өз бөлмөсүнүн астана алдында Айнур селее калды. Күйөөсүнөн кат келбей калгандан бери эшик тык этсе, бирде жакшылык кабар, бирде жүрөк муздаткан суук кабар ошол тык эткен добушка кошулуп, дароо кулакка угулат да, бут учунан так төбөсүнө чейин муздак агым каптайт. Мына азыр да так ошентти. Тааныш пальтонун этегин көрүп, эсин араң жыя, токтоп калганы ошондон улам.

Көрүнгөн пальто Оңолдуку. Ушул пальтосу менен Айнурдукуна анын төртүнчү келиши.

Оңол – ушул райондун аткаруу комитетинин председатели Жылкыбаевдин аялы. Мурдунун бели пас болбосо, сулуу деп айтарлык. Көздөрү сурмалуу. Иреңи ак, бирок, эмнегедир анысы жуулган чүпүрөктөй кансыз. Буга окшош аялдар бу райондон көп эле табылса керек. «Мунун артыкчылыгы – таңдайында мээр чөбү бардыгында» – дешип, катын сырын сөзүнөн чеге жүргөн жигиттер гана эмес, аны

менен кепке келген катын-калач да сөз кылып жүрүшөт. Мындай баа ага сүйлөшө келген кишисин өз максатына тез ынандыра койгонунан улам берилсе керек. «Оңол жеңем киришпесин, чындап киришсе ал Бүбү Батманын өз кызы болсо да, каалаган жагына алып жыгылат» – деп, ал аркылуу көздөгөнүнө колу жеткен эркектер өтө ашыра мактап келатышат.

Тез-тез көйнөк алмаштырып, упа, атырды коюу сүртүнгөндөн бөлөк аны кыйнаган эч кандай түйшүк жок. Ошондуктан колу-башы да муңайым, нары жумшак. Күлкүсү наз аралаш чыгып, уккан кулакка жагымдуу. Ошондуктанбы, бет келип сүйлөшкөн ар кандай эркектин ичине чок шилеп коюу анын колунан келет. «Мурду жалпак болбосо, Оңол жеңенин төрт жагы тең кыбыла дей турган аял да. Сүйлөсө-сөзү өтүмдүү, караса-көзү өтүмдүү» дешип, айрыкча, аял жандууга ышкылуулар тамшана кеп салышат. Ал эми аны тааныган, бирок андан даражасы төмөнкү катындардын айрым эркектер суктанчу Оңолдун чырайына мамилелери терс: «Биздин көйнөк менен чапанды каптай кийгизип, анан чаң учкан талаада эки-үч күн кара жумуш кылдырса, көргөн эркектин жүрөгүн айландыра турган неме экен. Бактысы бар тура, бечаранын, чоңдун колуна туш келиптир. Кош-кошту кийип, каалаганын жеп-ичип жүрөт. Анын баскан-турганын тескеген эч ким жок» – деп анын тагдырына гана суктанышып тим болушту.

Айтор Оңол райондун борборунда жашап турчу «чоң» деп аталгандардын аялдарынын ичинде бир жагынан эринин зоболосу, экинчи тараптан өзүнүн таңдайындагы «мээр-чөбү» менен кадыр-баркка ээ. Бирок, ал көрүнгөнгө мээрин сата бербейт. Өз баркын өзү билген неме. Дос-жар күтүү эри экөөнүн турмуштагы асыл максаты сыяктуу. «Ошолор гана учканда канат, конгондо куйрук болот» – деп жүрүшөт. Эри эркектен, Оңол аялдардан жакындарды күтүү керек. Өз даражаларына татыктуу немелер табылып калса, андайларга булар кучакты кенен ачышып, заматта коюн-колтукташып калганга маш. Баркка жетчи андай дос-жардан эч нерсени аябаган буларда марттык да бар.

Айнур – Оңолдун жаңыдан тапкан ынагы. Ал адегенде Онолдун кээ бир терс жоруктарын укканда эти жыйрылып, ага бой бербей жүргөн. Аны менен майрамдарда далай эле жолу бир дасторкондон даам татышса да, сыр алыша элек болучу. Ал эми Оңол болсо, Айнур жөнүндө башкалардан жалаң гана жакшы пикирлерди уккандыктан, аны менен тезирээк достошууга дилгир болуп, ошонун ыңгайын күтүп жүргөн эле. Аны менен жакындашууга түрткөн дагы башка да себеп болуп калды, анысын кийинчирээк айтмакпыз. Айлакерден айла качып кутулмакпы, Оңол акыры өз оюн ишке ашырып, Айнур менен күздө кучакташа түшкөн.

Айнур анықында бир жолу өзү жалгыз конокто болот. Ошол күндөн тартып, ал Оңолго ийикти да калды. Анын ошондогу сүйлөгөн сөздөрү калыс, мамилеси бир туугандыкындай жакын туюлуп кетти. «Мен ата-энеден жалгызмын» – деп баштады Оңол ошол кечтеги кебин – сендей акыл-эстүү келинден сиңди күтсөм дегенде эки көзүм төрт болучу. Менин Ысагым (Оңолдун күйөөсүнүн аты ошондой эле) сенин күйөөңү тааныйт экен. «Фрунзеде иштеп жүргөнүндө көргөн элем дейт. Акыл-эси, чырайы жагынан да бир-бириңе окшош немелер болучу колуктусу экөө» деп, силер тууралуу көп айтат. Сатымкулдан дарек болбой калган имиш деген кабарды уккандан бери: «Ошол келинди чакырып коноктогун. Оңу келсе, достошуп да алгын, сага сиңди болууга татыктуу келин деп, жанымды койбоду. Эл байкайбы-жокпу анысын билбейм, бирок, Ысагым деги эле боорукер неме. Сергек, сезгичтигичи. Кокус башы-көзүм ооруп калса, анда жан жок. Баласындай үстүмө түшө калат. Мен да сага окшоп, уруштан алдыңкы жылы педучилишени бүткөн элем. Бир жылча гана мугалим болуп иштедим. Анан кудай ушул Ысакка туш кылды. А кезде Ысак Алайда райисполкомдун жооптуу секретары болуп иштөөчү. Үйлөнгөндөн кийин: «Менин бу турмуштан арттырганым жалгыз сенсиң, Оңошум. Балдардын уу-чуусу менен гүл өмүрүнүн кандай өткөнүн байкабай калып жүрбө. Баарыбыз да окуучу болуп көргөнбүз го. Кудай кыйнаймын деген пендесин мугалим кылса керек. Класста кырк бала

болсо, кырк башка тил, кырк башка ык табыш керек имиш. Анысына ким чыдайт? Ошончо ыкты табууга кимдин кудурети жетет? Агай бечаралардын эмне үчүн чачы тез агарып, баштары кашка болот десе, ошондой балээси бар турбайбы. Кой, ошол беш жүз сом акчадан кечтим. Экөөбүзгө менин тапканым деле жетет. Аксакалдар менен болсо, жаман эмесмин. Ажеп эмес, дагы чоңоюп кетсем. Андай болгондо айлык дагы артат. Мен жумуштан чарчап-арып келгенде, сен жаркырап алдыман тосуп чыксаң болгону. Денеңе чачылган атырдын жыты буркурап, чарчаган мээни сергитсе, андан башка менин сенден күтөрүм жок» – деп, баш кошкон жылыбыз эле мектепке бардырбай койгон. Кудайга миң мертебе ыраазымын. Турмушубуз эч кимден кем эмес. Бар кемчилигибиз – ортобузда бала жок. Кээде кантер экен деп, Ысагыма бала тууралу кеп салсам: «Кеч эмес, Оңошум! Сен отуз бирге, мен араң отуз сегизге чыктым. Жетимишбай, Сексенбай дегендерди уккан эмессиңби?» – деп борсулдап коёт. Эки сөзүнүн бири эле: «Андан көрө сен катындардан, мен эркектерден дос күтөлү, ошолордун пайдасы тиет, бу турмушта», – дей берет. Дос-жар деген неме, жыгылсаң сүйөп, бассаң – колтуктап коёт экен» – деп, кайда иштесе да, үзөңгүлөш дос күттү. Быягы область, тыягы тиги центрге чейин аны таанábаган чоң жок десем жаңылышпасмын. Андайлардын пайдасы тийбей койбойт экен. Мына, он жылга аяктап баратат, агаңын исполком болгонуна. Жети район котордук. Мына, силердин районго келгенибизге да эки жылга жакындап баратпайбы. Биерден көңүлгө толорлук бир аял таппай жүргөнмүн. Сени менен эки-үч майрамда жүз көрүштүм, бирок сырдаша албаганым. Акыры минтип, насип экен, өз үйүмөн туз татырып отурамын» – деп, Оңол бар тапканын стол үстүнө жайнатып, Айнурду коноктоп жатты. Оңол ага ошол күнү өзүнүн өмүр жолун гана баяндабастан, эс тарткандан берки турмуш жолун да кезигишкен тааныштарынын таржымалын да, Айнурдун алдынан бир сыйра чубатып өткөрүүнү унуткан жок. Улам кийинки айтканы Айнурдун артта калып бараткан жаштыгын, өксүп калган сүйүүсүн элестетип, бирде күлдүрсө, бирде мостойтуп

коюп жатты. Кантсе да, ал Оңолдун мээримине берилип калды. Эки сөзүнүн бир эле: «Кагылайын сиңдим» – деп, жалынып-жалбарып күзөткөн Оңолдон Айнур ошондо ич жылытып кеткен болучу. Сатымкулу кеткенден бери оозуна ачуу албаган ал, а түгүл, аныкынан кемпир кыял болуп чыккан. «Ысак агайың бая күнү тиги Фрунзеден келатып, Ташкендеги бир тааныш аркылуу араң таап, чемоданына алты бөтөлкө сала келген экен. Азыр бардык жерде эле ичимдикти бочкадан сатып калышпадыбы. Анысы сасык, нары жарымы эле суу дешет го. Жакшы саналааш кишилерге гана бересиң деп каттырып койгон эле. Экөөң келген күнү тиги секретарь Эрменбаев менен ичишкен. Калганы экөөбүзгө буюрган экен» – деп, боорундагы кызгылт кагазга «портвейн № 26» – деген жазуусу бар күрөң винолуу шишенин а дегенде бирин бошотушуп, анан экинчисин түгөткөнүн Оңолдун келин болгондон берки кызык аңгемесине берилип, анан айланып-кагылганына жибишкенин Айнур байкабай да калыптыр. А деп Оңол бөтөлкөнү ак сүлгү менен аарчып, стол үстүнө коё бергенде тиги: «мындай немени ичпегениме көп жыл болуп калды, эже» – деп бир чоочуп алган болучу. Элүү граммды гана ичип коюуну суранып, Оңол акыры анын колуна гүлдүү рюмканы карматкан эле. Андан ары сөзгө-сөз улана, Айнурдун жүрөгү акырын жибий берген. Үй жумушундагы кетирекей аялдын кууруп келген кекилигинин артынан палоо демделип, аны жеп бүткүчө эки бөтөлкөнүн бошоп калганын көргөн Айнур жылмайып гана койду. Кара көздөрү жайнап, наары качып, бостоктой бозоргон ирецине нур жабылып калган Айнурдун чырайына ошондо Оңол суктанганын жашырган эмес. «Кагылайын Айыке, чырайыңан мага деле кичине карызга берип турсаң» – деп кумары ташкан жигитче ордунан тура калып, тигинин от чачкан бетинен өөп-өөп жиберген.

– Жок, дебесең, Айыке! Эми эже-синди болуп калбадыкпы.

– Эгер жакшы эже болсоңуз, кичине эмес, чырайымын тең жарымын алсаңыз деле мейли. Сатышыма калганы деле жетишет. Айнурум, сенин сырткы сулуулугуңан да,

мага жакканы ички чырайың дечү. Келгенде сураса, айтам да – сага өзүң жакшы көргөн ички чырайымы калтырдым да, сырттагысын сурагандарга бөлүп берип койдум – деп, Айнур үйүнө келгенде анын көңүлдүү жүзүн көрүшүп, кайын ата менен кайын эне ичтеринен: «Бечара келинибиз жакшылык кабар уккан го, кубанычтуу келди» – дешип, анда тымызын ой жоорутушкан эле.

Кийинки бир чакырганда Оңол тамак-ашы бүткөндөн кийин Айнурдун алдына кара бастондон тигилген костюм койду. «Эжеңин азырынча тапканы ушул, кийип кой, синдим».

Мындай белекти андан күтпөгөн Айнурдун ичи ого бетер жылып калган.

Дасторконго дасторкон менен жооп берүү салт го. Айнур да эжесине карыз болуп калган жок. Бир нече ирет тигини коноктоп, костюм кийгизе албаса да, үстүнө крепдешинден көйнөк кийгизип, башына жоолук салып, «сиңдиликти» мойнуна алат.

Кайын ата, кайын эне болсо, анын Жылкыбаевдай райондун биртизгинин өз колуна кармап турган кишинин аялы менен достошконуна ичтеринен сыймыктанышуууда.

Баарынан да Айнурдун кийинки айларда көңүлдүү жүргөнүнө алар курсант. Кат-сабаттуу бу келиндин кабак-кашын алар төлгө катары эсептеше турган.

* * *

Айнур кийинки кезде эжеси барган жердин баарында кошо болуп, ичкиликке үйрөнүп кеткен. Эжеси адегенде аны ушул адатка көндүрдү. Оңол келгенде ал, ал барганда Оңол виносуз үйдөн чыгарбай турган болушкан. Шаарга барганда бөтөлкөлүү вино алып келгидей Айнурдун күйөөсү жок болгону менен, кашка баш грузин буфетчини Айнур да жакшы таанып алган. Оңол эжесин чакыртарда, көк сатин чайнекти колго алып, ошол ийри тумшук грузинди көздөй чу койчу, же бирөөнү жиберчү.

Адегенде вино ичкен Айнур көңүлү чардап, кусалыгын унутуп коёр эле. Жакындан бери ичкиликтин аягы ый менен бүтчү болду. Өткөн дем алышта да ал Оңол эжеси-

никинде болуп, үч-төрт аял каалганы бекем жаап алышып, бозо-вино ичишти, үндөрү кардыккыча ырдап-чордошту. Ошол жерде Айнур биринчи жолу көзүн жаштады. Сатымкулу эсине түшкөн болучу, бирок анысын эч кимге байкаткан жок. Сыртка чыгымыш болуп, жүзүн сууга чайып келди. Үйүнө кайткандан кийин Сатымкулдун төрдөгү илинип турган чоң портретине карап, бетинен ылдый жаш агылта: «Эмнеге мисирейип унчукпайсың? Менин көңүлүм демейдегичилеп мойнуңа асылып, эркелөөнү күзөп турат. Ушуну кантип сезбейсиң, Сатыш? Кел! Кучагыңы аччы! Сагындым!» – деп жинди болгон немече кыйкыра берди. Эшикти кирери менен илип алган.

Чоң атасы, чоң энесинин алдынан алыс кетпеген Гүлнур апасынын өз бөлмөсүнөн чыгып жаткан бул кыйкырыгын кайдан угуп калган, каалганы бытыкый муштуму менен койгулап кирди:

– «Мама! Ач, мама!» – деп чыйылдады…

«Ушуну көрмөк элең, сен!» – деп табалаган кытмыр кишиче эки бетинин ортосуна болор-болбос чуңкур пайда кылып, жымыйган Сатымкул дубал боорунан анын чакыруусу боюнча түшпөй койгондон кийин, керебетине барып, көмкөрөсүнөн кулаган Айнурду кызынын алиги чыйылдаган үнү эсине келтирди.

Зөөкүр кишини көңүлсүз кучагынан араң кутулган катындай чачы-башын саксайта ордунан теңселе туруп барып, ал эшиктин илгичин чыгарды.

Сатымкулдай узун кирпик, кара көз, тегерек бет Гүлнурасы тигинин кебетесин көрөрү менен, жүрөгү бир кайгыны туйгандай, бакырып коё берди. Аны эки колтуктан так көтөрүп, бооруна кыскан Айнур кайрадан ыйга кирди.

Ошондон бери Айнур ичкиликтен чоочуп жүрөт.

Мына ошол Оңолдун бүгүн минтип беймаал биерге келиши Айнурду шексинтип койду.

– Тынчылыкпы, эже? – деди дарбазаны ачкандан кийин тигинин карга агарган тулку-боюна көз чаптырып.

– Тынчылык эле, сиңдим. Тиги Эрменбаевдикинен келатам. Бир нерсе оюма түшө калды да, сага кайрылдым.

– Жакшылык нерсеби, эже?

– Сага жамандыкты ыраа көрмөк беле эжең – деп жагымдуу күлүп, Айнурду кучактай калды.

– Жүрүңүз үйгө!

– Кой, кагылайын, ушул жерден эле кайтайын. Ысагым келсе, күтүп калбасын. Колхоздордун мал кыштоолоруна барамын деп кеткенине үч күн болуп калды. Бүгүн келмек. Алдынан кучак жайып тосуп чыкпасам, кумары таркабайт эмеспи, анын. Хи-хи…

Жаш балача эжесинин колдорун ушалап, Айнур тигини чын ыкласы менен үйүнө чакырып жатты.

– Үшүп кеткен көрүнөсүз, эже, кирсеңиз үйгө, эч болбосо бир пыяла ысык чай ичип чыгыңыз. Сиңдимкинде отуруп калдым десеңиз, агай деле урушпас.

– Эгер муздак чайың болсо, кирейин – деп, Оңол жылмайды.

Айнур муну түшүнгөн жок.

– Коюңузчу, өзүңүз суукка үшүп жүрүп, муздак чай ичмек белеңиз. Ысык эле чай демдеп берем, мештин үстүндө жылуу суу турат, заматта кайнайт.

– Муздак чайды алиге түшүнө элек турбайсыңбы, маңыроо сиңдим – деп, Айнурду дагы кучактай берди эле, Оңолдун оозунан чыккан арактын пыяз аралашкан ачкыл жыты каңылжарын ордоп жөнөдү. Бетин андан ала качкан Айнур эми шаңк этти:

– Ичип алгансыз го? Ошого ичиңиз ысып, муздак чай эңсеп калган турбайсызбы? Ооба, сага муздак чай, арак же вино барбы? – дегеним эмеспи – деп, Айнурдун ала качкан башын өзүнө карай тартты. Сөздүн төркүнүнө эми гана түшүнгөн Айнур тайсалдап калды.

– Сиздин бүгүн келериңизди билбей калбадымбы, кап! Болбосо…

– Ичпесең жүрө бергидейсиң. Ичип алгандан кийин ушинтип, издеп калганың жаман экен, бу ичкиликти, – деп, азыр табылса канча болсода иче берүүгө даяр экенин билдиргендей жука эриндерин чормойто, тышка жел үйлөп, анан Оңол сөзүн улантты. – Эрменбаевдикинен ичтим,

синдим. Бир гана шишеси калган экен, экөөбүз ашманчы аялы кууруп берген этке чийки пыязды аралаштыра закуска кылып, алиги бөтөлкөнү ичип койдук. Чынын айтсам, тойбой калдым. Ал дагы бир жакка киши жиберип, таптырайын дегенине күтпөй быякка жүрө бердим.

– Конокко чакырган киши бир эле бөтөлкө камдаган бекен?! – деди эч нерседен бейкабар Айнур.

– Кайдагы конокко, өзүм баргамын. Бүгүн дем алыш эмеспи, телефон чалсам, үйүндө экен. Аялы өлгөндөн бери бечаранын көңүлү чөгөт да. Андан тез-тез кабар алып тур деп, Ысагым да күндө эскертет. Ошентсе да, эр эмеспи, Ысагым үйдө кезинде, аныкына баруудан ийменем. Ал жок кезде ушинтип кабар алып коём. «Оңол сенин бир касиетиң бар, киши менен сүйлөшсөң, сергитип таштайсың» – деп алкап калат, Эрменбаев. Ушинтип, анын да көңүлүн алып коём, синдим. Бу турмушта бири-бириңди сыйлаганың калат да. Анын үстүнө Эрменбаев жакшы киши. Келечеги бар неме. Жакында областка көтөрүлөт имиш деп, Ысагыман угуп калдым. Кандай чоң кызматка койсо да, арзый турган адам – деп, эмнегедир базарга алып келген малын өткөрө албай алдастаган сатармандан бетер, ал секретардын этекжеңин жерге тийгизбей мактап жиберди.

Эрменбаев – райкомдун биринчи секретары. Учук ооруluu анын аялы Каныш мындан үч-төрт ай мурун артында бир бала калтырып, дүйнөдөн кайткан. Жашы кырктан жаңы ашканы менен, Эрменбаевдин өңү катымыш. Куркуйган узун мойнундагы териси бырыш-тырыш. Арык тулку шамалга урунган жаш теректей басканда алдына ийилип турат.

Айнур Эрменбаевди сыртынан бир нече жолу көргөн. Акыркы жолу Октябрь майрамына арналган салтанаттуу чогулушта ал доклад жасаган, ошондо көргөн болучу. Анын ички сапаттары гана эмес, Айнурду сырткы көрүнүшү деле кызыктырган эмес. Ошондуктанбы, ал тууралу азыр Оңолдун атйкандары да мунун кулак кырынан кетти.

– Андай болсо, үйгө кирип отуруп туруңуз, мен көчө жакка барып, бир нерсе таап келе коёюн – деди Айнур.

– Жок, убара болбой эле кой. Менин кайрылган себебим, жаңы жылды биздикинде тособуз, ошону айтып коёюн дегеним. Мугалимдер өздөрүнчө биригип өткөрүшчү эмес беле, дагы ошолорго кошулуп кетпе. Өңчөй чоңдордун катыны чогуу тосмок болдук. Эркектер өзүнчө болушат – деди, Оңол Айнурга күмөндүү тиктеп.

– Мен чоңдун катыны эмесмин да, эже, бар болгону согушта жүргөн бир солдаттын келинчегимин, ошондуктан мени өз коллективимен калтырбаңыз.

– Койчу, сиңдим. Сени бир туугандай көрүп калганда ушинтесиңби? Бир убакта сен да чоңдун аялы экениңи баары билет го, эгер буга маакул болбосоң, мени таарынтып коёсуң, сиңдим – деп Оңол муңайып койду.

– Көрөбүз, эже, ойлонуп, жаңы жылга чейин али он күн бар эмеспи.

– Мени сыйлаганың чын болсо, меникинде тособуз, жаңы жылды. Уят кылам десең өзүң бил. Анткени сага ишенгендигимен, сыртыңан эле башкаларга Айнур биз менен болот деп убада берип койдум – деди Оңол, таарынган кишиче башын жерге сала.

– Маакул, маакул, эже. Сиздикине баруунга тырышайын. Таарынбасаңыз, күн мурунтан – деп, Айнур эркелей сүйлөдү. Оңол эжеси убада берген «башкалары» ким экенин ал жаңы жылды салтанаттап жаткан күнү гана билди. Айнур сабакта отурган. Столдун үстүндөгү ачык журналдын жанындагы сыртында: «Күндөлүк сабактын планы» деген жазуусу бар дептерге бир үңүлүп алды да, доскага карады, андагы оң колуна сөөмөйчө ак бор кармап турган балага кайрылды: «Биздин аскерлер душмандан өз жерин бошотуп жатышат» – деп жаз.

Тиги баланын башында жакында бир колунан ажырап согуштан келген атасынын боз тумагы. Тумактын бешенесиндеги жылдыздын беш бурчу али да ордун жоготпогон. Согуш маалында отун кайда дейсиң, класстын ичи суук. Директордун уруксаты боюнча окуучулар сабакта сырткы кийимдери менен отурушат. Декабрдын чыкылдаган чилдеси класстын эки кабат терезесин өз билгениндей

саймалап, ичкериге муздак илебин үйлөп турат. Айнур өзү да пальто – чоң башында тыбыт жоолук. Эжекесинин сулуулугуна арбалгандай отуз төрт баланын көзү ага тигилет.

Бу классты Айнур биринчиден бери окутуп келаткан. Быйыл ошол балдар мына, төртүнчүдө.

– Кана, жазганыңы окучу – деди, тиги бала бүттүм дегенсип, досканын бир четине чыга бергенде, эжекеси. Алача бойлуу, Керимбек чыңкылдады: «Биздин аскерлер душмандан өз жерин бошотуп жатышат».

– Катаң жокпу? Ичиңен окуп чыкчы.

Керимбек жазуусуна дагы бир сыйра көз жүгүрттү да: – Жок! – деди. Анан ошол эле суроо менен Айнур класска кайрылды.

– Жок, – дешти баарысы бир добуштан.

– Эми бул сүйлөмдүн ичинен баш жана айкындооч мүчөлөрдү таап бер.

Керимбек мындай суроонун берилерин күткөн болучу, анткени бул темага карата эки-үч күндөн бери көнүгүүлөр иштеп жатышкан. Ал будалабай жооп бере салды.

– Ээси – «Аскерлер», баяндоочу – «Бошотушуп жатышат» калгандары – айкындооч – деп мугалим мурда көрсөткөндөй ээнин астын бир, баяндоочтуктун – эки, айкындоочту – үч сызып койду.

Туурабы? – деп мугалим класска кайрылганда, Салима аттуу мыкты деп эсептеген кыздардын бири – ээси туура эмес, – деди кызарып-татарып.

– Сенин оюңча ээ кайсы?

– «Биздин» деген сөз.

– Эмне үчүн?

– Ким? – деген суроого жооп берет.

– Салиманыкы туура эмес, Керимбек өзү туура тапты – деп калгандар чурулдап жиберишти.

– Керимбек сен кандай дейсиң? Өзүңкү туура экенин далилдей аласыңбы? – деди Айнур.

– Салиманыкы туура эмес, анткени – «Биздин» деген илик жөндөмөсүндө турат. Ээ болуш үчүн сөз атооч жөндөмөсүндө туруп, ким? Кимдер, же эмне? Эмнелер? – деген

суроого жооп бериши керек, – деди Керимбек, эреженин эсинен чыкпаганына кубангандыгынан жүзү албырып.

– Баяндоочту кантип таптың, – деп, Айнур ага дагы суроо менен кайрылганда эшик чертилди. – Бардыгыңар ойлонгула бу суроону? – деп коюп, өзү эшикке келди.

Каалганы каккан Сырга экен. Ал ушул мектепте Курмандын барында эле китепканачы болуп иштечү. Өңү кызарып, энтигип алыптыр, Айнурду колдон тартты:

– Айыке, чыкчы бери! Тетигинде бир аскер кийимчен келатат. Бою, басканы Сатышыңын эле өзү, терезеден көрүп, сага чуркадым, жүрсөң!...

Айнур сабакта экенин унутуп калды. Сырганы колдон алган бойдон мектептин кыштан кыналган коридорун тарсылдата сыртка чуркады. Көчө тараптагы эшиктен экөө жетелешип чыга келгенде, алиги киши мектепке үч жүз метрче калган экен. Карааны Сатымкулдун өзү. Башында боз тумак. Күрөң шинелинин этеги чубалжып, кечки күндүн нуруна күмүштөгөн кардын бетин шилеп келатат. Башын ылдый кылып алыптыр, жүзү көрүнбөдү. Сол жагынан сылтый басат.

– Окшошпу? – деди Сырга күндү колу менен калкалай берип, ал тарапты тигиле карап калган Айнурга.

– Өзү! Дал өзү, кагылайын Сырга! – деп Айнур эшиктин алдындагы цемент тепкичтен так секире жерге түштү да, эртең менен мектепке келген балдардын буту менен жасалган чыйыр аркылуу тигинин алдынан утурлай чуркады.

Сырга карап турмак беле, артынан кошо жүгүрдү. Так маңдайынан өзүнө карап чуркап келаткан аялды көрөрү менен, алиги аскер кийимчен тык токтоду.

– Сатыш! Сатышым! – деген кубанычтуу кыйкырык менен Айнур жете келип, анын мойнуна асылып калды.

Сырга буларга эки кадамча жетпей боюн токтотуп, көргөн көзүнө ишенбей, тула боюн зыркырата эрдин тиштеп тура берди.

– Что с вами, девушка? Что случилось?

Ушул сөздү айтып жаткан кишинин чоочун экени, анын көкүрөгүнө алда качан башын коюп калган Айнурга

добушунан билинди. Кубаныч жашы чайган жүзүн өйдө кыла берип, эки колун капталына капшыра кармаган бойдон какайып калган чоочун кишини көрдү. Өмүрүндө жолуктурбаган жат немени кучактап алган тура! Анын адашканын-жаңылышканын биринчи болуп сезген Сырга карга боюн урарда, Айнурду колдон кармап калды. Кырктардан ашкан, бети жайык, каш-кирпиктүү, жанагы орус киши булардын окуясына эми түшүндү белем, кең ийиндерин көтөрө терең улутунду да Айнурдун экинчи колтугунан алды...

Тоо кырына минип турган күн заматта нары кулап кетти да, баятан бери каймагын калкып алган сүттөй чаңкайып турган ак кар ошол замат куюн менен көтөрүлгөн чаңтозону бетине жабылгандай карая түштү. Жел айдаган көл бетиндеги майда толкундар сымал жыбырап, өйдө жактан кечки закым жүрө баштаган. Ушул закым бети-колду каарып калган кезде Айнур менен Сырга элдин эң арты болуп, мектептен чыгышты...

Алиги райвоенкоматтын экинчи бөлүмүнүн начальниги капитан Васильев деген киши болучу. Жаратына байланыштуу былтыр тылдагы жумушка жиберилген. Мында келгенине бир жарым айча болгон эле. Бирок, Сырга, Айнурлар аны кайдан көрүшсүн. Мектептеги согуштук даярдыктан берүүчү мугалимдин иши менен таанышууга келе койгон.

Өлгөн апасын түшүндө көрүп кубанган, анан ойгонгондо алданганын сезип ыйлаган жетим кыздай Айнур үйүнө жеткиче соолуктады. Ага кошулуп, көңүлү өксүк Сырга да өпкөсүн көптүрүп алды.

* * *

Сырга бу жолу да Айнурдукунда түнөп калмак болду. Эртеңки сабактын планын түзүү, ага карата алдын-ала даярдануу ар дайым жатканга чейин жүргүзүлүчү. Айнур бүгүн анткени жок. Китептерин, план жазып жүрчү дептерлерин үйүнө кире бериштеги столдун үстүнө мугалимге таарынган окучууга окшоп ыргытып таштады да, ак тор жабылган эки кишилик керебетке кулады.

Ый – толуп-ташкан өпкөнү бөксөртүп, жүрөк жүгүн азайтат эмеспи. Сыргага бул белгилүү да «Мейли, көптөн бери жыйналган көз жашын төгүп түгөтсүн, анан соолугар. Мындай кезде акыл-насаат айтуу бейпайда», – деди да, эшикти сыртынан жаап Сырга үйүнө кетти.

Үй тиричилигин нарыдан-бери бүтүрө калып, көңүлү түтпөй ал уулун кайын эжесине таштап, өзү мында кайра келди. Айнур жаткан жеринен туруп, шишип-көөп стол четинде жаагын таянган калыбында отурган экен. Жашы тыйылган менен, шибер арасынан көрүнгөн булак суусундай тармалданып калган узун кирпиктердин ары жагынан көлкүлдөгөн жаш тамчыларын байкоо кыйын эмес болучу.

Сырга ага эч сөз катпай мештин оозун ачты да, тыштан ала кирген тараша тамызгысын салып, жаман бир кагазды ушалап-ушалап анын астына койдуда, ширеңке тартты. Кургак карагай чатырап күйө баштаганда, үй ичине жылуулук учкундары чачырап, көңүлдүү боло түштү. Плитканын чоң тешигине суу толтурган көк чайнекти койду эле, заматта ысып чыкты. Кол жуугучка ошол сууну булоосун буркулдатып куйду да, Айнурга карады:

Кел, Айыке, бетиңди жууп алчы. Мынча суу көз болуп кеттик? Минте берсек, биздин көз жашыбызды ким аарчыйт? Кайрат кылып, жакшылыктан үмүт үзбөйлүчү. Сеники го дарексиз. Анын жөнү башка. Кара кагаз алган мен деле Курманыман али үмүткөрмүн. Сооронбайдын өлдү деген баласынан кат келгенден бери, кара кагазга деле ишенбей калдым, – деди, сооротуш үчүн эми ыңгайлуу учур келди го деп ойлогон Сырга. Айнур олоң чачтарын тутамын толтура арт жагына алмак-салмак ыргытып коюп, ордунан турду.

– Бүгүнкү ыйга сен күнөөлүүсүң, – деди Айнур, нымдаган узун кирпиктеринин арасынан капалуу көздөрүнө бир аз жылмаюу берип.

– Менин жаңылышып калышым мүмкүн эле. Өзүңө эмне болду? Нечен жыл койнунда жатып, бирге басып, бирге турган күйөөңү өзүң кантип таанybай калдың? – деди Сырга да жүзүнө тамаша жышаанасын чыгарып.

– Ушундай да окшош болот экен ээ! Оң колун чөнтөгүнө салып басып бараткaнда ойготунган кишидей башын эңкейтип алганы да Сатыштын так өзүндөй экен. Болгондо өңүн көрбөдүм. Ылдый тиктеп келе жаткан неменин бетин кантип көрөсүң. Сылтыганынана улам, ок тийген экен да, «барганда эле бир жолу билишсин» – деп, госпиталга түшкөндөн бери кат жазууну токтотуп койгон турбайбы – деп ойлодум. Мындай умсунган эмесмин, өмүрүмдө. Эми түшүмө кирсе кантем, Сырга? – деп, Айнур баягыдан ачыгыраак күлүмсүрөдү.

– Мен бирге жатамын го. Көзүңдү ачпасаң эле болгону, – деди балалык кыялга курсант боло баштаган Сырга.

– Бирок, сен Сатышым боло албайсың да.

– Түшүңдө Сатыш болуп калышым ыктымал.

– Желеден агытылган кулундардай эки курбу моюндаша калып, күлүшөт. Бу күлкүдө тамаша да, сагыныч да, жүрөккө сары зил агылткан жаштык кумар да бар болучу. Ошондуктан, бу күлкү жалаң тамашадан жаралган күлкүдөй эшик ачып сыртка чыкпады. Оору кишинин жөтөлүндөй кулак түбүнөн алыс бара алган жок.

Айнур чечинип жуунмак болду. Фрунзеге барган жылы тиктирген кызгылт жүн көйнөгүн этегинен көтөрүп башынан өйдө чыгарды да, кроваттын желкесине илди. Саргыч жибек ич көйнөгү жаба албаган акыреги, билектери, өзгөчө кош өрүм чачынын, кашы менен көздөрүнүн каралыгы жылаңач этинен бөлүнүп эми даана көрүнүп калды. Аны суктана тиктеп турган Сырга, ийнинен кучактап калып, Айнурду бет жуугучка жеткирбей, бетинен өпкүлөп, мойнунан жыттагылап жиберди.

– Сатышың мендей эркелетчү беле? – деди анан, кызынын бетине биринчи жолу эрин тийгизген жигитче аптыгып. Айнур бир нерсе дегиче болбой, кызууланган Сырга «Сатыш» боло берди. Этеги дирилдеген жибек көйнөккө тиер-тийбес болуп, такымга жете чубалжыган кош өрүм чачын мойнуна ороду да, жалына баштады. – Жаным, Айыке, ушул чачың менен мойнуман муунтуп өлтүрсөң да, мен ыраазымын. Бетиңи бери тосуп койсоң? Жаным, Айыке...

Бетинин как ортосунда кызыл кан ойноп, кой көздөрү жалжылдап кеткен Сырга башын чулгуй берип, тамаша кебин андан ары улантат.

– Бетиңи сайгылаган аныкына окшош сакал-мурутум гана жок болбосо, ушунчалык эркелеткендир да, я?... Бар, эми жууна бер, – деди Айнурдун тери нымшыган мандайынан чоп эткизе бир өпкөндөн кийин.

Курмандан кара кагаз келгенден бери Сырганын тиш көрсөтүп күлгөнүн Айнур бүгүн биринчи көрүп отурат. Сатышы менен эч ким жокто жулмалашып алганда ушинтип, мооку кана түшчү. Бул тамашадан улам, Айнурдун дагы кумары тарап калды белем, айтор, жүзүнөн капачылыктын белгиси жоголуп, ал жадырай берди.

Айнур жуунуп бүткөнчө, Сырга чай демдеп жиберди.

– Ысык тамак жасабайлыбы, Сырга, чал-кемпирлер да жешсин, – деди Айнур, көйнөгүнүн топчусун салып жатып.

– Мен сагынып келбедимди сени, Айыке, тамак бара турган эмес, жүрөккө. Сени эле тигилип тиктеп отургум келет, бери келчи андан көрө – деп, кучагын жая Сырга баягыдан үнүн да, Сатымкулга окшоштура унчугат.

– Койчу, Сатыш, жүз көрүшпөдүкпү, тиктешүү эми бизден качпас. Сен да жол келдиң. Анын үстүнө үч-төрт жылдан бери четте жүрүп, үй оокатын сагынып калгандырсың. Мен дароо жасап жиберейин – деп, Айнур да өз «ролун» жакшы өздөштүргөн актрисача шымаланып ордунан тура койгондо, Сырга анын мойнуна дагы асыла кетти.

– Убара болбосоң, Айыке! Тамакты башка күндөрдө деле жасай бересиң да. Андан көрө бери карасаң – деп Айнурдун бети-башынан аймалап дагы өбө баштады. Дубалга жөлөнө калып, ал болсо көзүнөн жашы чыкканча ыкшып күлдү. Анын күлкүсү Сырганын да көкүрөгүндөгү черди нарыга шилеп жаткансыды.

Айнур эч качан Сырганы кургак чай менен жаткыра элек. Тамак-аштын тартыш экенгидине карабастан, ал, сөзсүз, казанынан май жытын чыгаруучу. Бу сапар да, ошентти. Кроваттын түбүндөгү ящикте өткөн базарда алып

келген картошкадан анча-мынча калган эле, ошондон беш-алтыны аарчып, жука-жука кылып өзү туурады да, чоюн табакка салып, өсүмдүк майына кууруду. Жарымын нары үйдөгүлөргө берип, калганын Сырга экөө жегенге киришти.

«Кимге кыйын? Өзүмө да. Эрсиз отурган жалгыз мен бекемин? Андан көрө баарысын унутуп, ойноп-күлүп, бу турмуштан бөлүнгөн шыбагамы түгөтө жеп калайын» – дегендей кийинки күндөрү Айнурдун кеп-сөзүнүн баары эле ойноп-күлгөндүк, жеп-ичкендиктин тегерегинде болуп калган.

Картошка кууругандан кийин күрөң сатил чайнекке куюлган винону кроваттын түбүнөн сууруп чыгып, капталы гүлдүү пиялага куя баштаганда, Сырга чоочуп кетти:

– Муну кайдан алып жүрөсүң, Айыке?

– Каяктан алмак элем, ийри тумшук грузиндин сасык бочкасынан да. Билесиңби буфетчи грузинди?

– Билем. Сен иччү эмес элең го, мындай немени?

– Ичпей жүрүп, элден менин каерим артып кетти, дейсиң, Саке. Ушул убакка чейин сага байкатпоого аракетгендим эле, бүгүн ачыкка чыгарайын. Муну жаман тамак деген кээ бирлердин сөзүнө эми түк ишенбейм. Өзүм татып жүрбөйүмбү. Чөккөн көңүлдү көтөргөнгө мындан артык тамак жокпу деп калдым, Саке. Сатымкулум менен бир жаздыкка баш кошкон жылы ал ушунча жалынса да иче алган эмесмин. Стаканды ал колу менен кармап, мурдума жакын алып келсе эле, окшуп жиберчүмүн. «Өзүң иче берчи, Сатыш» – десем – сен ичпесең, менин тамагыман кантип өтсүн, – деп, стакандагы кызарып мөлтүрөгөн винону кайра шишеге куюп, тыгынын тыгып койчу. Ошентип, Сатышым көп жылдар бою үйрөтө албаган ичкиликти Оңол эжем бир отурушта гана үйрөттү да койду. Тилинде мээр чөбү бар, – деп элдин ал тууралу айтканы ырас көрүнөт, Саке! Сүйлөшө келгенде ар кандай кишини ийиктирбей койбоймун дейт. Анысына мен да ишенип калдым. Өзүм ошондой болдум да. Айтканына ынанбай коё албайсың. Ушундай катындарды эркектер деле жакшы көрөт бейм.

Айтып отурса, Оңол эженин жалынына жалынбаган эркек аз окшойт. Биз сыяктуу бу турмуштун жыргалына түшүнбөгөндөр гана бир эркек менен алп уруша берет көрүнөбүз го. Жаман болсо да, эркектин эркектен айырмасы бөлөт дейт. Ошолорду байкаган катындын айтканын иш жүзүндө бир көрүш керек окшойт, Саке, – деп, Айнур колундагы мелт-калт кылып куйган пияланы чайпалта, Сырганын ийнине башын коюп кыт-кыт күлдү.

– Оңол эжемен үйрөнгөнүм ушул болду. Адегенде мазасын билбегендиктен, бир азга өгөйлөп жүрдүм. Эми шыдыр кетчү болдум. Ишенбесең, карап турсаң – деди да, жана күлгөндө чайпалып пияланын капталын жол-жол кызарткан винону таңоо какпастан жутуп жиберип, татынакай эриндерин жалады. Анан бир нерсени эске түшүрүп жаткандай, же жанагы шимирип жиберген немеси өзөгүнө тарап, магдыратып, жибердиби, көздөрүн сүзүлтө берип, саамга унчукпай калды да, кайрадан жадырай түшүп, сөзүн улады.

– Ким билет, бу турмушуна деле ишенбей баратам, Саке, каалаганың ишке ашпаса. Тилегениңи эч ким бербесе. Сатыштан калган соң, эми мен ким үчүн жакшы жүрүшүм керек? Кана айтчы, Саке! Айтчы, сен эсиң бар жансың? Колундагы пияланын кырына али эрин тийгизе элек Сырга тигинин жанатан берки сөзүнө, кылык-жоругуна таң. «Мунун баары өңүм эмей эле, түшүм болсо экен» – деген кыязда, ал арсар кейипте карап турат. «Акылына эл суктанчу Айнур ушубу? Муну ак жолунан ким азгырып жүрөт, деги?».

Башына ушул ой кылт этип түшө калган Сырга Айнурдун: «Ичип жиберсең, Саке» деп, пияласынын бир четинен кармай оозуна жакындата бергенине болбой, ал анчадан бери жүрөгүн өйүп келаткан суроосуна андан жооп талап кылды:

– Оңол деген немең өзү кандай аял? Мени санаалаш деп эсептесең, ушул суроого тайсалдабай жооп берчи?

– Ошону тааныбайсыңбы, алигече? Райисполкомдун председатели Жылкыбаевдин аялы эмеспи, – деди ошондой кишинин катыны менен жакын мамиледе экенине кербездегендей, дымак көтөрө. Анан тигинин пияласын түртө:

– Ичип жиберсең, Саке, мындан кийин сөзүбүз дагы көбүрөөк, дагы маңыздуураак чыгат, ичип жиберсең! – деп, кайра кыстап кирди. Тиги али мелт-калт болуп турган пияласын коомай ала качып, ага эриндерин жакындатпай жатты. – Мына, жалгыз иче албай жатсан, мен өзүмө дагы куяйынчы – деп Айнур стол үстүнө койгон бош пияласына киргилт винодон дагы толтурду да, тигинин идишине тийгизе кармап туруп алды.

– Кана, өзүң ичип жиберчи, сага эми жеңил болуп калса керек, мен эмнегедир жийиркенип турамын – деди Сырга ага карабай туруп. Айнур курбусунун бул сөзүндөгү какшык менен жактырбагандыкты байкаган жок.

– Анын кимдин катыны экенин билем. Бирок сага эмне себептен мынчалык жакын болуп кеткенин биле албай жүрөм. Менин сураганым да ошол. Туугандык жайыңар жок экени анык. Анан кантип эжесинди болуп калдыңар?

– Мени, эмне, ага жакындашууга арзыбай турган катын дейсиңби?

– Жок, туура түшүнсөң кепке. Сен андайлардын онуна алмашпай турган жубансың. Муну элдин баары эле билип турат. Жакындан бери «Кайран неме азгырылып баратат го» – деп, айылдагылар, а түгүл сага боору ооруп да жүрүшөт. Сенин эмнеге арзый турганыңы айтпайм. Андай жеңил аяк катындарды жек көрүп, сөз болгондо жаа бою каччу эмес белең. Буга кантип ийигип кеткениңи сурап атам.

– Бул кебиңин жөнү бар, Саке, ичип жиберчи, ке калганын анан сүйлөшөлү, кел ичип койчу. Аа, Саке, мазаны экөөбүз билбейт турбайбызбы, ичип ийсең, анан түшүнөсүң. Оңол эжем болор беле, азыр, бир сөз айтканда тиги пиялаң кантип оозуңа барып калганын сезбей калмаксың. Ичкиликтин адегендегиси кыйын тура, андан кийинкиси өзү кете берет экен, ишенбесең ичип көрсөң ушуну, – деп, баягыдан Айнур буюмун өткөрө албай жаткан сатармандай муну арбап кирди.

– Оңолдун кандай катын экенин жашырбай айтып берсең, анан ичемин – деди тиги да көшөрүп.

– Жок, чын айтам, Саке, Оңол эжем эң боорукер, эң кишиликтүү неме экен. Мен да мурда сага окшоп, «суюк аяк» деп элден укканым боюнча аны жек көрчүмүн. Аны менен жакындашкандан бери ал жөнүндөгү пикирим таптакыр өзгөрдү. Сүйлөшсөң башындагы какыр-чикирдин баарынан арылып, боюң жеңил тартып калганычы. Бар тапканын оозуңа кармаган берешен, колу ачыктыгын деги айтпа. Адамдын оюн айттырбай билгенине таң калам. Үстүңө үйрүлө түшкөн жапакечтигичи. Акылы болсо, сен экөөбүзгө окшогон катындардын беш-алтысыныкына татыгыдай. Мындай катындарды көрө албагандыктан эле, айрымдар атайлап ушак-айыңга аралаштырат көрүнөт. Мындай пакизе аялды мен мурда жолуктурган эмесмин. Анын үстүнө бечера ата-энеден жалгыз кыз экен. Мени синди тутунду. «Сендей акыл-эстүү немени эңсеп жүрчү элем, акыреттик дос кылсам деп, бир жагы дос, экинчи жагынан бир тууган синдим болгунуң» деп, мага туш болгонуна ал дагы ыраазы. Бир күнү атайы үйүнө чакыриптыр. Мына ошондон тартып, жакын болуп кеттик. Ошондон бери менсиз тамак ичпес болду. Эри чоң эмеспи, элде азыр тартыш болгон эт менен ичкилик алардыкында ар убак бар. Мени ошол тамак-ашына кызыккан экен деп ойлобо. Адамгерчилигин сыйлайм. Анын үстүнө эри Сатышымы жакшы тааныйт турбайбы. Айнурду чакырып, жакшылап конокто да, оңу келсе эже-синди болуп жүргүлө деп айтканына көп болуптур. Бул мага батынып айталбай жүргөн экен. Менин сүрүм да кыйын болсо керек а, Саке? – деп жарашыксыз күлдү.

– Өз сүрүңдү өзүң байкабай калганыңа таң калып отурбаймынбы?..

Айнур бул сөздүн деле маанисин ылгаган жок, шарактап күлгөн бойдон Сырганын ийининен мыкчый кармап, оозуиан ачкыл жытты бурулдата, оюндагысын орундабай калган апасына асылган кежир балача тигини жулкулдатып алды.

– Ушундай кишилердин назарынан калууга болот беле, өзүң деле айтчы. Саке? Эри – чоң, катыны – акылман, нары

билерман. Мына, ушул менин Оңол эже тууралу айтарым. Кана эми, нчип жиберчи!...

Ого бетер коюуланып, жерге топ этип агып түшүп калчудай чанак ичинен мөлтүрөгөн кара тегерек көздөрүн Сырганын кубакай өңүнө кадап, саамга туруп калды. Көздөрүнөн ички сырын окуп койчудай, Сырга бетин андан ала качып, жалтанат.

– Мен ичпей эле коёюнчу, Айыке, жакпайт экен мага ичкилик. Бая күнү сеникинен эки пияла бозо ичип кеткен күнү, күн бою иш кылганым жок, бүк түшүп жаттым. Көзүмөн болсо түн бою жаш тыйылбады. Ошондон кийин бу ичкилик көңүлдү кубантып, жанды жыргатып коёт дегенге ишенбей калдым. Муну ичсем, Курманымы таап бер деп, сени кыйнап, мазаңы аламын – деп жылмайганда, эмнегедир мунун жумшап кеткенин сезе койгон Айнур дагы асылды. Акыры аны ичирип тынды.

Бир пияла винону бөлүп-бөлүп ичип алган Сырга эми баятан бери тил учунан бери түшпөй жаткан оюн айтып таштады:

– Айыке, капа болбосоң, мен ошол Оңол эжени мурункудан бетер жек көрүп калдым. Калк айтса, калп айтпайт дегендей, анын айланасында эле сөз арбын. Ушак-айың көбөйүп баратат. Андан алыс эле жүрсөң кантет?

– Ушактай турган ал экөөбүздүн кандай кылмышыбыз бар экен? Көрө албагандардын иши ал. Менден чоочулабай эле кой, Саке. Бирөө сыртыман сатып жибергендей сары ооз балапан эмесмин да, акыры менин да бир кишиникиндей акылым бар. Кашык салгандын өзүнө жараша кашык салып өтүш керек бу турмушта. Адамгерчиликтин салты ушул. Ал мени карап ийилсе, мен артыма карай кежигеленсем адамдык салтка жатпас. Азырынча анын жакшылыгын көрүп атам, жамандыгын байкай элекмин. Элдин эле кандай көзү көрөгөч, кулагы уганак болуп кеткен, билбейм.

Андан ары «эжеси» жөнүндөгү жагымсыз сөздү угууну каалабаганын билдиргендей ордунан тура кетип, бүкүл бойдон боюн керебетке таштады. Жанагыдай сөздөр эми

ал үчүн артыкбаш экенин Сырга түшүнөт эмеспи, ошол замат анын керебетинин кырына көчүк баса калып, сөз төркүнүн башкага, тигинин мындай кезде жактырчу жаштык аңгемесине буруп кетти. Эки капталынан кытыгылап жатып, Айнурду акыры күлдүрдү.

Сырга ал күнү үйүнө дагы кеткен жок.

Айнур биринчи болуп ойгонду. Ал канчалык кеч уктабасын, күндөгү ойгонуп жүргөн кезинде сөзсүз, көз ачар эле. Белине оролгон бойдон жаткан Сырганын колдорун акырын бошотту да, жымыйган калыбында төшөктүн аягынан жылып чыгып кетти.

Ойгонору менен анын эсине кылт эткен нерсе – сабагы болду. Кечинде даярдана албай калган эмес беле. Стол үстүндө иретсиз жаткан китептеринин биринин артынан бирин шашыла барактап чыкты да, анан колхоз бухгалтеринен сурап алган (дептердин жетишпегендигинен) колдойгон бир чоң китепке бүгүнкү сабактын планын нарыдан-бери жаза салды.

Кийинки кездерде Айнур чындап эле өзүнө наарazы болуп жүрөт. Сабакты мурдагыдай төрт-беш саат такай отуруп даярдаганды койду. Календардык планы боюнча белгиленген теманы таап алса болгону, ошону нарыдан-бери күндөлүк сабактын планын жазып жүрчү жанагы китебине схемалап жаза коюу менен чектелет. Китептерге чекесин кармана отуруп, бир сыйра көз жүгүртсө жетишет. Мурункудай кошумча материалдардан пайдалануу, көрсөтмө куралдарды даярдоо, балдарга берилчү суроолорду алдын ала тактап алуу, азыр анда жок. Жазуу столунун так маңдайына илинген күн режими боюнча өз билимин көтөрүүгө жумшалчу күндөгү эки саат да унутулуп баратат. Көңүлү эмнегедир алагды. Келечек андан караан үзүп бараткандай ага үмүтсүз карап калды. Китеп тиктеп, бир аз отуруп калса эле, эригүү пайда болот. Көңүлү шат-шат күлкүнү, башында пайда боло калган ыпыр-сыпырды нарыга шилеп таштай турган үлпөтчүлүктү күзөп туруп алчу болду.

Китеп, дептерге капчыгы тарсайып чыккан портфелин стол үстүнө коё берип, али мемиреп уктап жаткан Сырганы

көздөй жаңы бут шилтегенде, эшик тырс-тырс чертилди. Бул тааныш чертиш – Оңол эжесиники. Ал дайыма ушинтип, бир калыпта, бирдей күч менен черте турган. Калыбы дарбазаны Айнурдун кайнатасы ачып койсо керек. Өгүнү каш карайганда келип, сиңдисин чоочутту эле, бүгүн болсо, таң заардан келиптир.

– Ох, – деди Оңол колундагы нанын тыбыт мээлейин уч жагынан кармай манжаларынан бирден чыгарып, стөл үстүнө таштап жатып. Анан көрпө жакалуу, кара бастон пальтосунун топчусун чыгара баштаганда, аны алып, дароо илүүгө дилгирлигин билдиргендей, Айнур эжесинин желкесине келип, колун оңтойлото туруп калды.

– Ай, тиги жигитиң ким, Айнур? Кокуй, бетим десе! – деп Оңол тосток көздөрүн чакырайта берип, жаздыктан башы түшүп жаткан Сыргага тигилди.

Сырга жатарда куудулданып, эркек болуп алган: көз менен мурут жасап, чачын төбөсүнө түрүп, чаар допуну баса кийген эле. Үстүндөгү ийнинен бери жаздыкка түшүп болбураган майка да эркектики. Булардын баары – Сатымкулдун кийими болучу. Жок, чочубаңыз. Жигит эмей эле, Сырга, аны сиз таанысаңыз керек. Кээде «Сага Сатышың болуп берейин» – деп куудулдана ушинтип жатмай адаты бар. Төшөгүндө минтип, эркектин керилип жатканы өзүнчө сөз менен айтып бергис бакыт тура, эже. Ал койнунда жатканда баркына жетпейт экенбиз го. Качан капшытың аңгырап бош калганда гана эркектин орду билинет экен. Сатышым аман-эсен келсе, өлгөнчө түбүнө кебез төшөп, башына жаздык койбой көкүрөгүмү жаздап күн кечирейин деп тилек кылып жүрөм. Кандай дейсиз, эже?

– Койчу, синдим, анчалык эле эркек затын башка көтөрө берүүгө болбойт. Анын тукуму жалгыз болбогондон кийин.

– Жол болсун, эже, мынчалык эртелеп келгениңизге? Сиз мени байкатпай басканга үйрөнүп баратасыз – деп, шыңк этти.

– Көңүлү жакын кишилер үчүн атайын камылганын кереги не, синдим. Каалаган кезде эшик ачып кире берүү – жакындыктын, санаалаштыктын белгиси.

– Айтканыңыздын калети жок, эже. Ошентсе да сизди аяп жатканым, мен үчүн суук жеп калдыңызбы деп.

– Сендей синдими көргүм келгенде, мени эч кандай суук коркута албайт. Кулагым бир күн добушуңу укпай калса, баалу нерсени жоготкон кишиче эки жагымы карана берчү болдум, жакындан бери.

Айнур төшөктүн жакасынан тарта, Сырганы ойготту. Көздөрүн эки колу менен тез-тез ушалап араң ачкан ал, стол четиндеги күрөң тыбыт жоолугун алкымынан алмаштыра, эки учун эки ийининен артылта таштап коюп, өзүнө тигиле олтурган Оңолду көргөндө, эмнегедир, көздөрүн кайрадан бир жумуп, анан ачты. Сатымкулдун кең майкасынан артып агарган денесин тигиден далдалагансып, жуурканды көкүрөгүнө тарта берип, Айнурга унчукту.

– Айнур, көйнөгүмдү бери таштап койчу, тиги керебеттин желкесинде турат.

Ал көйнөгүн кийип, башына жоолугун салгандан кийин гана Оңолго жактырбагандай, колунун учун карматты. Көөнүн тагы али да билинип турган ирецине карап, шыңк эткен Айнур ага суу куюп берди. Жуунуп-чайынгандан кийин гана Сырга өз кейпине келди.

– Бу келинди мен таанымбайт экенмин, – деди  Оңол кайыштай чоюлган эриндерин чүйрүй берип. Бирөөнү кемсинткиси келгендеги анын жоругу ушул.

– Бу менин жолдошумдун досу, нары коңшусу Курман деген жигиттин зайыбы.

– Уккан эмес экемин, андай атты. Күйөөсү азыр кайда? Анын бу суроосуна Айнурдан мурда озунуп, Сырга өзү жооп берди: – Күйөөм согушта. Мындай кезде дагы каякта болмок эле, эркекмин дегендер?

Сырга эми Оңолго тик карап турду.

– Эркектин баарысы эле урушта эмес да, – деди Оңол тигинин көз карашынан жалтангандай, башын ылдый кыла берип.

– Чондорду эле алардын столу сактап калбаса, башкалардын баары ошол жакта, – деди Сырга ушунда кеги бар кишиче, өңүн өзгөртүп.

Сөздү андан ары узартса, мындан да көбүрөөк ичегиси чубалып каларын беркинин кейпинен түшүнө койгон кексе Оңол, ошол жерден жалтберди.

– Менин эртелеп келгеним, баягыны эсиңе салып коёюн дегеним – эки күн калбадыбы. («Кокус барбай калсаң, сени күткөн кишилерге уят болуп калбайын» – дешке өзүнүн көзүн албай чакчая тиктеген Сыргадан айбыкты көрүнөт).

– Ии, – деди Айнур, – эсимде-эсимде.

– Ага мынчалык убара болбосоңуз эмне, эже? Башка жакка убада бергеним жок, демек барамын да, – деди, Айнур эжесинин өзү үчүн кыш чилдесинде ары-бери жорткону н аяган кейипте.

– Мына бул келинди да ээрчите бар өзүң менен, андай жакын болсоңор, – деди Оңол анан Сыргага карап, анын көңүлүн улагандай.

Бу сөздүн сыпайгерчилик үчүн гана айтылып жатканын сезген Сырга жанагы бүтпөй калган сөзүн эми аягына чыгарайын деди көрүнөт, кесе сүйлөдү. Андай арак-шарап менен көңүл ачып, үлпөт куруу – жүрөгү кетилбегендердин иши. Мен андай жерге бара албаймын.

– Бу сөз Оңолго гана эмес, Айнурдун да намысына тийүү үчүн керек эле.

– Эмне үчүн? – деп, Оңол калп эле чоочумуш болду. Кечээ эле Айнурдун жеке барышын каалаган Оңолго Сырганын «баралбайт экенмин» – дегени чынында майдай жаккан.

– Муну көрбөй турасыңбы? – дегенсип, Сырга кара көйнөгүнүн этегин желп эттире, башындагы кара жоолуктун учу менен көзүн сүртө, ары бурулуп кетти.

Оңол тулку бою чылк карага оронгон бул келиндин жүрөгү өксүк экендигине түшүнө койду окшойт, шашып калды:

– Кете коёюн, Айыке, сен да мектебиңе барасың, ошону эле эсиңе салып коёюн деп келгенмин. Чоочуба, эркектер өзүнчө, биз өңчөй аялдар, өзүбүзчө отурмай болдук, – деп Оңол ордунан тура бергенде Айнур чебелектеди.

– Отуруңузчу, чай коёюн. Бая күнү да кур ооз кеттиңиз, куттуу үйдөн куру чыкканыңыз кандай?

– Жок, Айыке, чайга ыраазымын. Барайын, ишине кеткенче Эрмекбаевдикине кирип чыга турган жумуш бар эле деп, пальтосун карай басканда, Айнур анын колунан кармады.

– Андай болсо, нандан ооз тийиңиз. Стол үстүндөгү тарелкада турган эки-үч кесим кара нанды тиги отурган соң, алдына жылдырды да, өзү түндөгү чайнекти кроваттын алдынан сууруп чыкты. Жугу менен турган эки пияланы кол жуугучтагы сууга чайкай салып, экөөнө тең мелтилдетте чыла суудай киргилт винодон куйду. «Тиги келинге куйбайсыңбы» – дегендей Оңол кичинекей терезенин пардасын бир жагына жылдырып коюп, жаңы чыккан күнгө төшүн тосуп чаңкайган кар талаасына ойлуу карап, буларга сыртын сатып турган Сырга жакка көз ымдады. Ал ичпейт деген кыязда беркиси эрдин тиштеп, көзүн кысты. Экөө тең эшек суу ичкендей бир шыбырт билдирбей алиги кир винону жутуп жиберишти да, жарышкандай каткан нандын эки четинен ушатышып, ооздоруна салышты.

Анан ууру мышыкча басканын байкатпай Оңолдун сыртка чыгып кеткенин, өз ою менен алек болуп калган Сырга байкаган да жок...

Сатымкулдан башка кемпир-чалдын дагы бир уулу бар эле. Аты – Мурат. Жети баладан ушул экөөнү гана карманып калган ата-эненин урушка чейинки тагдырларына таарынычтары жок сыяктуу болучу.

Мурат эки жаш улуу экендигине карабастан, согушка Сатымкулдан кийин кетти. Сатымкулдун мурда кадрдык кызматты өтөп келгендиги буга себеп болду көрүнөт.

Жашында үйлөнгөн Мураттын өзүнчө түтүн булата баштаганына анча жыл болуп калган. Үй-орозгери башка болуп кеткен бападан ата-эненин көрөр пайдасы аз го. Ошентсе да, Сатымкул Фрунзеге көчүп кеткенден кийин кемпир-чалды Мурат өз колуна алган болучу. Анын бир уул, бир кызы бар. Ошентип, Айнурдун кызы келип кошулгандан бери чал, кемпир – үч неберелүү. Мураттын зайыбы Шекер – колхозчу. Кемпир-чал ошол келини менен бир үйдө турушат.

Айнурду Фрунзеден көчүрүп келгендин эртеси эле: «Балам, көптүн бирисиң, кайрат кыл. Сен маатимдигиңи улантарсың. Китепти көп карачы эмес белең, өз үйүңдө тура бер, бала-чакалардын уу-чуусунан алысыраак. Алар менен биз быякта алп уруша беребиз. Үйлөрүбүз босоголош го, кабарлашып туруугa» – деп алар көчтү Сатымкул үчүн бир кезде атайлап салынган далистүү тамга түшүрүшкөн. Айнур ошондо жашайт.

Анын жүрүш-турушуна, акыл-эсине жете ишенген кайын ата менен кайын эненин андан көңүлдөрү тынч. Анын үстүнө алар кооптоно турган тигинин үйү деле алыс эмес. Түнөгөн тамдары эле башка болбосо, баарысы бир коргондун ичинде эмеспи.

Гүлнур азыр апасынан тиги карыларга жакын. Ошолор менен түнөйт. «Чоң атамын чакалын сылап бейдим». «Чоң энемин мамасын каймап жаттым» – деп эртесинде каадалуу кеп кылып, анысын апасына айтып келет. Гүлнур чоң ата менен чоң эненин койнунда жатып калган күнү Айнурдукунда Сырга, ал келбесе, Шекер түнөп калчу.

Кемпир-чал ишке жараксыз. Демек, алардын деле жашы улуу болбосо, тиги үч неберелеринен айырмалары жокко эсе. Баарынын жоопкерчилиги ошентип, эки келиндин мойнунда. Айнурдан да Шекердин түйшүгү көбүрөөк көрүнөт. Анын үстүнө аныкы кара жумуш эмеспи, бою-башына жакшы карана албай жүдөөрөк. Жайык маңдайынын бырышы көбөйүп, киберсиген эриндериндеги майда тиликтер да арбып калган. Анткени менен кайраттуу. Тээтиги Бозбу тоосунун күңгөйүнөн кар кеткенден бери коңшусунун кара эшегин сурап, ага күн сайын капталдан төрт боо караган шак жүктөп келет да, ар бир боосун кырк сомдон базарга сатат. Муну Айнур гана билет. «Айыке, атам менен энем билбей эле койсун, бул ишти. Аз да болсо жардам. Сенин тапкан айлыгың эмнеге жетет. Кийимгеби, тамаккабы? Колхоздун болсо, абалын көрүп турасың. Тиги өзбектерден кайыр сурагансып, анча-мынча эгин таап келишип, өлдүм-життим дегендерге берип жатышпайбы», – деген, өгүнү отун сатуу жөнүндөгү ою башында бышып жетилген соң.

Чынында бул үй-бүлөнүн кирешеси ченелүү. Эшик алдындагы отуз сотых огороддон түшкөн бир тоннага жакын жүгөрүдөн бөлөк киреше жок. Жети-сегиз жанга ошол эгин эмне болмок. Муну түшүнгөн Айнур абысынынын тигиндей ишине кайыл. Кайын ата, кайын эне муну билсе, көр намыстуу немелер «катын башы менен эшек айдап, отун сатканы эмнеси» – деп тыюу салып коюулары шексиз эле.

Мураттан үзүлбөй кат келип турат. Шекерди демдүү кылган бир жагынан ошол. Сталинграддагы урушта бир колунун алакан жарымынан ажыраган ал госпиталдан чыккандан бери тылдагы жумушта, «Ат кайтарам, күнүнө сегиз саат. Бар кылган жумушум ушул. Эсенчилик болсо бир күнү барып калармын. Эми күнү-түнү төбөм менен жер казсам да ыраазымын. Октун үнүн укпасам эле болгону» – дептир, колхозчу Мурат бая күнкү бир катында. Муну Айнурдун окуусу менен уккан ата-эне «Байкуш бала, урушка бир жолу кириши менен жүрөк заада болуп чыккан экен ээ. Темир күйөт дешет го, уруш болгон жерде. Анан кантип тирүү жан коркпосун. Жан ширин да, жан. Кудай өзү паанайында асыраган экен Муратыбызды, пай-пай! Эми Сатымкулубузду өз даргөйүндө сактаса болгону» – деп, Ажыбек карыя менен Шааркүл эне кичүү уулунан дарек болбой калгандан бери, ошонун гөйгөйүн тартып жүрүшөт.

Алардын толгосу эле Айнур. Анын кабагы ачык болсо – жакшылык деп, бүркөө болсо – жамандык деп жорушат. Деги экөөнүн бир топ айдан берки кылык-жоруктары белимчилердикиндей. Айнур күлсө кошо күлүшүп, ал ыйлаганда кошо ыйлашат. «Эмне үчүн Сатымкулдан кат-кабар келбей калды, Айнур балам?» – деп андан тик сурагандан чал-кемпирдин жүрөгү даабай келатат.

Ажыбек карыя кырк жашынан бери балдак менен жүрөт. Улак тартып жүрүп, жыгылганда таштын үстүнө туш келип каагандыктан, жото жилиги талкаланган экен. Тогуз ай шакшак менен төшөктө жатып айыккан соң, ушул балдак ага түбөлүккө колтугунан таяп жүрчү шерикке айланат. Карыгангабы, жакындан бери экинчи колтугуна дагы коргон сыртындагы талдын бир ача бутагын таянып

калды. Ошентип, бу күндө а киши кош балдакчан. Ал эми жаштайынан оорукчан Шааркүл эне чалынан да алсыз. Казыкка арамжыланган немелердей, азыр экөө тең коргондун айланасынан алыс барышпайт. Булардын бар эрмеги жанагы үч бала.

«Биздин аскерлер чабуулга өтүптүр» – деген кабарды кулактары чалганда: «Айнур балам, биздин да датыбыз кудайга жеткен экен. Шүмшүк немецтерге элдин каргышынын тийгени ушул. Душман артына чегинсе, ажалдын чегингени дей бер. Качканды кууш эми оңой. Кудай качкылык кылбасын. Ырыс-насибибиз түгөнбөгөн экен. Балдардан үмүт кыла берсек болот, эми. Бир айлыгыңы жокко санада, козу десем көп болор, эки кичине улак алып бер. Биз – кемпир экөөбүз аларды бага баштайлы. Өзүбүз күнүнө эки нан жебесек, бир нан жээрбиз. Ошолордун ак жолуна багыштап, бир нерсе байлап койгонубуз оң, балам. Андан артса экөөнө эки допу, бирден көйнөк алып коёрбуз. Башка кийимге азырынча алыбыз жетпес. Эч болбосо, келгенде алардын жакалары агарып, баштары жаңырып калсын. Биздин пул табарыбыз эле Шекер экөөң болуп калдыңар. Кудай силерге кубат берсин. Жараткан өзү март. Жамандыгын башка салган да өзү эле, эми минтип жакшылык жышаанасын көрсөткөн да өзү. Кеткендер келип, кемтигибиз толсо, бу катаал күндөр да унутулуп кетер. Баарынан да жакшылыктан үмүт үзө көрбөгүлө, балам» – деген Ажыбек карыя.

Мындай жакшылык тилекке, айрыкча Сатышына багышталып жаткан нерседен Айнур акча эмес, жанын аябас. Кайнатасынын бул пикиринен улам, ал айлыгына чейин көп ойлонду. Улак деген, эмнегедир, кулагына жупуну угулуп жатты. Козу алсак дейт, бирок акчасын эсептеп эки козуга жеткире албады.

Айнур маянасын алган аптасы базарга Шекер өзү барды да, огундан түшкөн акчадан кошумчалап, эрте туулган эки улакты жетелеп келди. Балдардын сүйүнгөнүн айтпа. Сур улак коргонго кирери менен, анын төбөсүн жаңы жарып чыккан шиш мүйүзүнөн кармап, «Бу меники» деди Гүл-

нур. Сары улакты Шекердин кенжеси Самат энчиледи. Чоң ата аларды атканага кийирбей жатып, неберелерине ээрчиди. «Гүлнур кармаган ошонун папасына, Саматтыкы өз атасына аталсын. Адаштырба, кемпир. Сен Сатышка багышталганды бак, мен Мураттыкын багайын. Кимибиз тез семиртер экенбиз. Гүлнур менен Самат бизге жардамчы болушсун» – деп, Ажыбек карыя өскүлөң сакал-мурутун кыбыр-кыбыр эткизди.

Ошол күндөн тартып, аларга жардамчы катарында Гүлнур менен Самат улактарды кошо багышты. Чоң ата балдагын таянып жүрүп, арык боюндагы чөптөрдү көрсөтсө, экөө жулуп апып келет да, улактардын алдына салат. Аларга суу алып келген да ушул экөө. Неберелеринин күн бою аткарган жумуштарын айтышып үйдүн ичин балалык жорукка толтурушат.

Ал улактар азыр семирген кез. Уйкананын ичинде мурда огород жүгөрүнүн паясын катырата чайнап, жалгыз кызыл уй турчу. Ага да эми көңүлдүү болуп калды көрүнөт, жанаша эки улак байланып, өздөрүнө ылайык жасалган пас акырдан кырт-кырт эттире жантак аралаш Шекердин колу менен орулган чөптү жеп, улактар уйга кайдигер эместей карашат.

Сур улак семиргенден бери, ээсине – Гүлнурга мүйүзү менен айбат кылчу болду. Ага деле болбой, тиги суу, же чөп берип жатканда өлүрөйүп, мүйүзүн тосо бергенде эки колдоп аны чап кармайт да, улактын башы каякка бурулса, ошол жакка анын да кичинекей денеси жүткүнө берип, акыры улакты чарчатат. Бая күнү ошентип, улактын мүйүзүнөн кармаган бойдон термеле бергенде, тиги катуу серпип жиберсе керек, Гүлнур жыгылып катыптыр. Неберисинин уйканадан чыккан чаңырыгынан улам, чоң атасы таяктарына жөлөнө, шашып жетип барса, Гүлнур чалкасынан түшүп ыйлап жатат. Сур улак болсо анын кызыл көйнөгүнүн этегинен мүйүзүн көрсөтүп, өзүнө жемчөп берип жүргөн неменин кийимин жыртканга боору ооругандай, кулактарын тикчийте, аны тиктеп туруптур. Чоң ата барып а дегенде улактын мүйүзүнө илинип тур-

ган көйнөктү чыгарды да, анан улактын суу тумшугуна сөөмөйү менен чертип жиберди эле, ал башын бери чулгуй берип, эмнегедир чүчкүрүп-чүчкүрүп алды.

– Ана, көрдүңбү, кызым, улагың экинчи мындай кылбайм деп жатат, – деди чоң ата ордунан тура, «улагым жаман экен, сүзөт экен, эми суу, чөп бербейм. Муну улак кылбайм, мен. Саматтын улагын алам» – деп, көзүнөн колун албай бышактаган небересине карап.

– Ошондон кийин Гүлнур сур улакты багууга кол кабыш кылуудан баш тартты. Саматка кошулуп ал да көтөрүп келген чөбүн, жемин ары улакка берет. Сур улак ошентип, Шааркүл эненин гана энчисинде калды. «Чеки бейбаштык кылган экенмин, эркелеймин деп мени балакет баскан тура. Эми такыр антпейин, Гүлнур, менин мүйүзүмдү кармалап ойносоң! Көйнөгүңү жыртпайм экинчи, аны кайталасам алкымыма бычак такапсың» – деп оозуна каргыш, көзүнө жаш алгандай Гүлнур, Самат экөө келип, кичинекей алакандарынан кара улакка загара нандын убактарын жедирип жатканда, сур улак көздөрүн жашылдантып, кулактарын тикчийте, тигилерге жалдырап карап турчу болду.

Айнур күн сайын сабакка жөнөрдүн алдында, колтугуна китеп-дептерлерин кыстарган бойдон кык жыттанган ушул сарайга кирип, улактарды көрүп кетет. Так ушул сур улак семирип бүткөн күнү Сатыш кирип келчүдөй, ал көзүнө жылуу, нары ыйыктай сезилип турар эле. «Улакты качан соёбуз» – деп, үйдөгүлөрдүн кимиси сураса да, Гүлнур биринчи болуп жооп берет: «Папам келгенде». Андан энөөрөк жана жоош Самат ага ээрчип бош унчугат: «Атам келгенде соёбуз ».

Булардын жакшы тилегин эсепке албаган бир кесеп кар жаңы жааган күнү ошол сур улакты уурдап кетсе болобу! Аткананын артынан ороонун оозундай жерин тешиптир. Дубалдын тешигинен боорунда чөптүн издери жатат. Күн батпай бурганактап жаай баштаган картаңга барып араң басылган.

Таң тыяктан түңкүйгөндө Шааркүл эне даарат кылганы кара кумганын көтөрүп эшикке чыкса, тизеден кар.

Дубалдын боору гана иреширеге аралаш күңүрт караят. Аткананын ичинен мекирене маараган улактын үнү чыкты. Шыбырт сезгенгеби, артынан уй да мөөрөп коё берди. Чапан жеңин чыканагына карай түрүп, жоолугун ийнине бош таштап, кумгандын сабын кармай берген кемпир бу шоокумдан чоочуп, ордунан турду да, аткананын оозуна барды. Сулкуйган кара кулпу жайында экен. Күн сайын ушул маалда туруп, даарат алчу Шааркүл эне мындай шоокум укчу эмес да «ичкери кир, анан билесиң» – дегенсип, эшик алдында кулак түрө туруп калган кемпирге ичкериден улактын маараганы дагы угулду. «Түшүндү» – дегенсип сыйыр оор онтоп койду. «Эмнеси болсо да, чалга айтайынчы», – деп, кемпир бери жөнөгөндө, улак үчүнчү жолу маарап жиберди.

Балдактарын шагыратып чалы да туруп келаткан экен.
– Аткананы аччы, улак маарап, уюң мөөрөп жатат, бир балакет болгонбу, – деди кемпир.

– Өлүп калды дейсиңби, маарап-мөөрөп жатышса, демек тирүү да.

– Бир эле улактын үнү чыгат.

– Эшигин карадыңбы?

– Карадым. Кулпулуу бойдон.

– Анан эмне болмок эле, жер жутуп жибербесе.

Кемпири менен кыжылдашып олтуруп, чал аткананын бир канат дарбазасынан келип чоң кара кулпуну бир азга карап турду да, анан курундагы кайыш боосуна байланган салмактуу ачкычты чечип алып, кулпуну ача баштаганда, алиги улак дагы маарады.

– Жанатан бери маарап жаткан ушул улакпы?

– Ооба, – деди арт жагында турган кемпири, кепичине кар кирип кеткендиктен ичиркенген үн менен.

– Бул кара улактын үнү – деди чал.

Аткананын оозун ачары менен анын төр жагынан ороонун оозундай аңырайган тешикти көрүп, экөө тең үн-сөзсүз селейип туруп калышты...

Мындан он күн өтпөй кара улакты да ушул тешиктен чыгарып кетиптир. Тоң жерди чот менен араң томкоруп,

кар аралаш суУга чыланган муздак ылайдан Шекердин колу менен бүтөлгөн ал тешик, калыңдыгы жарым метр келген пакса дубалды бузуп алган ууруга кантип туруштук берсин.

«Балдар келгенде буюрганы болор. Муну билген киши уурдады. Кынуу таап калган ууру дагы келет. Кара улакты союп эле жеп алалы» – деп, сур улак уурдалган күнү кемпирдин айткан пикирин чалы четке каккан: «Уурдалса уулдарымын башы-көзүнөн садага. Ага тойбосо муну да алып кете берсин. Жакшылыкка аталган малды уурдап жеген киши, оң табар дейсиңби? Андайлар өмүр бою эч нерсеге жарыбай жүрүп өлөт. Ушул эки улакты алганда эле, биздин ырысыбызды кошо алып кетет дейсиңби. Бар, кудаанын жолуна койдум» – деп ынабай койгон.

Кара улак жоголгон куну бул үйдөгүлөрдүн баары чур этти. А түгүл, Шааркүл эне баш болуп, Гүлнурга чейин көз жаштап атышты. «Актык ишке багышталган нерселердин жоголушу жакшылыкпы?»

Гүлнур, Самат эрте менен ээрчише уйканага киришти. Улактардын аңгырап бош турган акырындагы калган ыпыр-сыпырды алар ары-бери чачкылап, сустайган бойдон кайра чыгышты да, чоң атасына асылышты.

– Улактайыбызды ким алды?

– Ууру, балдарым, ууру алды.

– Ую деген ким?

– «Ую деген» – деп, неберелеринин тили менен сүйлөөгө өткөн ата ачуу үн менен түшүндүрөт – уюнун көздөйү көөдөй кая, тиштейи кайышкыйдыкындай катуу, буттайы доңуздукундай шиш.

– Үйү каякта уюнун?

– Уюунун үйү болбойт.

– Анан каякта жатат?

– Ээн талаада, адам койбос аң-жайда.

– Улакты ниме кылат эмесе?

– Улакты ав-ав деп жейт.

– Улактын мүйүзүн да жеп коёбу?

– Ую деген желмогуз болот, эс нейсеге тойбойт, мүйүзүн да, туягын да ав-ав кыла бейет.

– Менин суй улагым мүйүзүнөн каймаса сүзөт а-а, чоң ата? – деди Гүлнур.

– Ооба, сенин суй улагың сүзөт. Сенин көйнөгүңү жыйтпады беле, эми уюнун муногу кекийтегин жыйтат, – деди чоң ата, кыл баекан тамагын черткилей.

– Анан ую ниме болот?

– Анан ую а-ф-у деп өлөт, – деди чал, тилин ак мурутунун арасынан бултуйта чыгарып.

– Ана! Ую өлөт! Менин суй улагым сүзүп өлтүйөт аны! – деп, Гүлнур Саматка карап, кол чапкылап жиберди. Неберелеринин сөзүнө курсант болуп күлгөнү менен атанын ичи ачышып турду. «Асти, ишиң оңбосун, өмүрүңдө жакшылык – жаан көрбө кара ниет!» – деп, ууруну каргап жатты. Андан бөлөк эмне кылмак! Милициянын кишилери келип, дубалдагы чоттун изин тешикти ченеп, акт жазышып кеткен бойдон дарексиз болду.

Гүлнур: «Уюну менин суй улагым өлтүйөт» – деп, кол чапкылап бүткөндөн кийин, андан бир жашка улуу Самат чоң атасына дагы суроо берди:

– Атам келгенде эми эмне соёбуз?

– Кой соёбуз.

– Менин папам келгендечи? – дейт Гүлнур улактын кимге аталганы жаңы гана эсине түшө калгандай.

– Сенин папаң келгенде да кой соёбуз.

– Кой кана?

– Кой тээтиги көк бетинде оттоп жүйөт.

– Кана? Кана? – дешип, тиги экөө тең жарыша баштарын чулгуй чалкайган кеккө көз кадашты.

– Андагы койлойду силей көйбөйсүңөй.

– Эмне үчүн көйүнбөйт?

– Себеби силердин көзүңөй али кичине, ошондуктан алыстагыны көйө албайсынай.

– Биякка качан түшөт, алай?

– Силердин атаңар тиги астананы аттаган күнү ошол асмандан эки кой маарап түшүп келет. Экөөн экөөңөр жетелеп, атаңардын астынан тосуп чыгасыңар, макулбу? – деди ата, эми чоң кишилер менен сүйлөшкөндөй унчугуп.

– Макул – дешип, аталары эми эле кирип келчүдөй экөө тең балалык кыялга магдырай берип, көктү бир тиктеп, азыр бек турган кош канаттуу дарбаза жакты бир карап, алышып, тыяктан да, быяктан да эч нерсе көрүнбөгөнүнө умсунгандай, терең улутуна, жер тиктеп тим болушту.

Эскиликти анчалык барк албаганы менен Айнур улактардын, айрыкча сур улактын киши колдуу болушун жамандыкка жоруп, үмүтүнүн бир четин кемтилтип алгандай болду. «Анын этин жей турган киши тирүү эмес бекен?... Багыштаган неменин жоголушу жакшылыкпы?...» Бир оорукчан, анан күйүтчүл киши башкалардын оозун көп карайт эмеспи. Андайлардын күткөнү оорусуна даба, көңүлүнө төтө болчу нерсе го. Кала берсе алар ырымчыл да, нары ишенчек да келишет. Улактарды абысыны базардан алып келип көгөнгө байлаган күнү ушулар бычакка жарай турган болуп семиргенде, Сатымкулу акесин ээрчитип чоң дарбазадан кирип келчүдөй Айнурдун жүрөгү дем байлап калган болучу. Улактар уурдалгандан бери колтук жылытып келаткан үмүтү кошо уурдалгансып, анын оюу чачкын, көңүлү бөксө.

Айнур 31-декабрь күнү эртең мененден тартып, күйөөсү келе турган колуктудай жасанып-таранды. Сатымкул кеткенден бери таза-тавгир жүргөнү болбосо, атайылап мындай жасана элек болучу. «Дурус эле кийинип барсаң, кагылайын сиңдим, аерде өңчөй кызматчылардын аялдары болот» – деп, Оңол эжесинин эскерткенинен уламбы, эрте менен кайын ата, кайын энелеринин астында чай ичишти да, анан өз үйүнө келип, чоң казанга суу ысытып, кириндИ. Эң жакшы көргөн көйнөгүн, пальтосун кийип, башына куштун жүнүндөй үлпүлдөгөн тыбыт жоолугун салынгандан кийин, Сатымкул экөөнүн портрет алдына келип, подностой төрт бурчтуу таш күзгүгө каранды. Күзгүдөн шапая түшкөн, бирок ысык суудан эки бетинин ортосу жылтырап, нары кызарып турганын көрүп, кыз кезиндеги кызылдуу ак жүзү эсине түштү. Анан кирпигин өйдө серпти эле: «Каякка камынып жатасың? Сүйгөнү ыраактан келчү жубандай боюңа атыр сепкилеп, жасанганыңа түшүнбөй

турам, Айыке?» – дегенсип, он кашынын асты, үстүндөгү таруудай меңдерин бадырайтып, Сатымкул жылмаят.

– Кечирип кой, Сатыш, төрт жылга карай кетти, сенсиз жашап келатканыма. Ошондон бери биринчи жолу чын көңүлүм менен сенсиз, эл топтолуп көңүл аччу үлпөтчүлүккө баратам. Бара берейинби? Же сен капа болосуңбу?...

Сатымкул жылмая караганда кошо жылмаюучу Айнур бу сапар да жансыз элеске күлүмсүрөй карап турду. «Бара бер, Айыке, мен качан каалаган ишиңе тыюу салып, сенин жолуңа бөгөт болчу элем, бара бер. Аялынын баскан кадамын аңдыган ичи тар эркектен эмес экенимди билесиң го. Сени менен жанаша басуу өзүнчө бир ырахат эмес беле. Айла канча, карап турганым менен катарыңа кошула албаймын, шарт ушундай. Мени күтпө, бара бер. Көңүлүң алагды болбосун» – деп уруксат берип жатса, бир турун кабак чы– тып каарына алгансыйт: «Мени үйгө жалгыз таштап, кете бересиңби? Көргө чейин жалгыз баспайбыз деген шартты эмитен эле унуттуңбу? Көбү чоочун кишилердин арасына барып кимисине көз сатасың? Айыке, ойлон?!», – деп бир туруп жалооругандай болот. Айнурдун жүрөгү эңшерилип, көздөрүнүн кычыгына жаш толот, тамагы кысылат. Ушул минутада ага жардамга Оңол эжесинин ар убак айта жүрчү «акыл кеби» жардамга келет: «Бир жолку жүрөк мыкчыта жаш агызганың – демек keминде беш жылдык өмүрүңө зыян келтиргениң» – дейт агайың. Кокус мен ага калп эле таарынымыш болуп, көзүмүн чолок жашын чыгарсам, шашкан бойдон өз бет аарчысы менен көздөрүмдү сүртөт. Эми жалгандан бөлсө дагы эркелеп жаш чыгарганды койдум, Айыке. Өмүрдүн баркын билбегендер ыйлай берсин. Менин жашагым келет. Көздөрүм көрбөй, буттарым жылбай калса да, бу турмуштун жыргалынан кол үзгүм келбейт. Кандай дейсиң, Айыке! А дүйнөнү да макташып жүрөт, жыргалдын баары ошол жакта дешип. Аякка барып кайра келген киши болбогон соң, анысына ишенбейм». – Оңол эжесинин ушул «насыяты» эсине кылт этип келе калганда, тамагын буул турган алиги машакаттуу эки анжы ой андан алыстай берди да, алдыда аны күтүп

турган сый-зыяпаттын белгисиз сыры көз кычыктарындагы жашты кургатып, жерге тамдырган жок...

Айнур жасанып-таранып бүткөн соң, Шекер абысынына каякка барарын айтты да, Сырганыкына көздөй жөнөдү. Чал-кемпир бу кенже келиндин баскан-турганын тескечү эмес. Үйлөнгөн мезгилден тартып, Сатымкул Айнурду өзү менен кошо конокторго бирге алып барып, киного кошо ээрчитип, ага ишенгендик менен мамиле кылганын көрүп жүрүшкен алар, анын жеке-жарым басканынан, кээде беймаал деле жүрө бергенинен шек да санашпайт.

Сырганын барбасын билип турса да, ага жолугуп кетүүнү Айнур азыр зарыл деп эсептеди. Мурдагы күнү Оңол чыгып кеткенден кийин, ал Айнурга суз тиктеген, ошондон бери ага жолуга элек. «Ушул жеңе эмнегедир менин көңүлүм ишенич бербейт. Чын ыкласы менен үстүңө түшө калганына күмөнүм бар» деп, андан нары сөзүн улантпастан, тигинин жактырбай турганынан улам, ошондо тып токтогон.

– Анысын дагы көрө жатабыз да, Сырга. Ага мынчалык башты оорутасың – деп, зекигенсип койгон анда.

Азыр Сырганын үйүнө киргенде ошол сөзү эсине түштү белем, баласын жуундуруп жаткан аны көргөндө, суз унчукту.

– Кана, Сырга, баягы жакка барабызбы?

– Каякка?

– Чакырган жаккачы?

– Баягы күнү эле айтпадым беле, үстүмөн кара көйнөгүм түшпөй жатып, андай жерге кантип барам, Айыке, өзүң деле ойлоп көрбөйсүңбү. Мени десең, аякка сени деле бастырбай коймокмун.

– Койчу, Сырга деги эле шекчил болуп кеттиң да кийинки кезде. Же мен ишеничтен чыгып баратамбы?

– Сага кантип ишенбейин, Айыке, бирок жанагы жеңе түк ишенбейм.

– Эмне үчүн?

– Анын себебин азыр айта албайм, Айыке, бара берчи, балким өзүң да байкарсың акыры.

– Деги эмнеден шектенесиң, учун чыгарып койсоң жок дегенде.

– Ошол эжең сага көрсөтпөй кара тузак жайып жүрөт деп уктум, билгиң келсе.

– Кимден уктуң?

– Элден да.

– Койчу, элден деп эле турасың качан болсо, элге ишенесиң, а мага күмөн санаганың – санаган. Мен анын тузагына илингидей эселек кыз эмесмин да. Же жемди көрүп көзү кызаргандан алдындагы тузакты байкабай бут койгудай, кекилик деп турасыңбы, мени? – деп, таарынганын билдиргендей Айнур артына бурулуп жөнөй бергенде, Сырга акыркы сөзүн айтып калды:

– Укканымы кулагыңа салып койгонум, Айыке, мени жаман көрбө, сага жамандыкты ыраа көрсөм, жалгыз баламын күнүн көрбөй калайын.

* * *

Айнур Оңолдукуна келгенде үйдүн ичи толо катын болучу. Ал мурда келгенде отуруп жүрчү төркү үйдүн ортосундагы төгөрөк стол жок. Бөлмөнүн төрт тарабына шайы көрпөчөлөр салыңып, аялдар да төрт бурч болуп олтурушкан эле. Алдыларында жайылган гүлдүү жаңы дасторкон. Мурда аны урунган эмес көрүнөт, али бүктөмүндөгү жиктери жазылбаптыр. Дасторкон толо мөмө, ак, кара нан. Оозу аңырайып ачылган мистеден тартып, жаңы эле шагынан үзүлгөндөй кышкы алмаларга чейин бар.

Жылкыбаевдин чоңдугу жардам кылса керек, болбосо уруш башталгандан бери Айнур эч кимдикинен мындай жасалган дасторконду көрө элек болучу.

Эшиктен кире бергенде эле, Айнурдун көзүнө үстүндө жанагылар жайнап жаткан дасторкон көрүнүп, мурдуна атыр менен упанын жыты урду. Тиги босогону аттары менен бир кылка герилген домино таштарын аралаштырып жибергендей жанагы төрт бурч болуп олтурган катындардын тобу бузулду – ошону гана күтүп олтурган белем, дуу этип орундарынан тура келишти.

Кийими өңүнө куп жарашкан Айнурду баарысы биринчи кезиккен чоочун немедей, башынан тартып бут учуна чейин карап чыгууга үлгүрүштү. Чынында Айнурдун бир нече жылдан бери жасанганы да бүгүн эле. Жупуну жүргөндө көргөндү суктандырган анын келбети, бүгүн өзгөчө ажарына чыккан болучу. Тамак-аш белен экен. Айнур отурары менен тарелкаларга картошка аралаш куурулган жаңы эт келди. Анын артынан бооруна ар түрдүү кагаз жабыштырылган шишелер дасторкон четинен орун алышты. Чамасы олтургандардын арасынан эркекче арак ичүүчүлер да бар көрүнөт. Алты шише вино менен эки шише арак да келтирилди.

Отурган он чакты аялдын көбү менен Айнур тааныш, дээрлик бардыгы райондук кызматкерлердин аялдары, бардыгынын күйөөлөрү кашында. Береги чет жакта иттен корунган мышыктай коомай, нары жанаша олтурган эки аялдын эрлери гана согушта. Отургандан кийин алдыртан катарды кыдырата тиктеп чыккан Айнур: «Мени менен бул жерде үч тирүүлөй жесир бар экенбиз» – деди ичинен.

– Кана оокаттан алгыла, винодон куйгула, саат он экиге чейин дагы үч саат бар экен, ага дейре аз-аздан ичип отуралы, кандай дейсиң, Айыке? – деп, Оңол отуруштун айыпкери ошол окшоп, Айнурга карап, жалпак мурдунун таноолорун керди. – Булар билишсин. Көпчүлүк эмне дешсе, биз ошо да, – деди ал эжесинин сунушун жактыргандай.

Саамга ойлонгондой токтоп калган Айнур тигилер суктана тиктеген жүзүн албырта анан минтип койду: «Мен эсептеп чыктым, бул олтургандардын ичинен үчөөбүздүн гана күйөөлөрүбүз жок экен, демек биерге жалгыздап келген себебибиз ошол. Ал эми калганыңардын жолдошуңар аман-эсен ушерде эле жүрүшөт. Эмне үчүн ушундай жакшы күндө алардан бөлүнүп отурдуңар?

Жаштыгына карабастан, эткел тартып кеткен, нур жүздүү семиз аял буга жооп берди:

– Алар менен күндө эле бирге болуп жатабыз, чынын айтсак көңүлгө да тийди. Ошондуктан бүгүн өзүбүзчө олтуруп, чардап алалы дедик.

– Ооба, ошентип мурунтан сүйлөшүп алдык эле дегенсип, калгандары баш ийкешти.

Эркегине зар болуп жүргөн берки үчөөнө тигинин минтип манчыркап сүйлөгөнү кесирлүү кептей, өөн учурады. Алардын ар кимиси азыр: «Биз минтип, күйөөлөрүбүздүн караанына зар болуп жүрсөк, булардын эркектеринен тажаганын кара. Турмуш деги кызык нерсе экенсин. Дайыма бир жагыңа түн түшүп турса, экинчи жагыңа күн тийип турганына таңбыз» – деген кыязда алар сумсайыңкы жер караштты.

Саат он экиге оогон кезде, бу үйдөгүлөр тегиз желпинип калган болучу. Ичип алса эле, ичи бук, көзүнө жаш толуу адатка айланып бараткан Айнурдун тарта ичкенине ала күү болуп алгандан кийин берки аялдар коёбу. Ичкилик кишини боорукер кылып коёт го. Айнурга айланып-кагылгандар көп болду. «Ылайым кемтигиң толсун» – деп, бирөөлөр тилегин ортосунан бөлүп айтса да, бирөөлөр: «Кеткениң келип, кемтигиң толсун» – деп, аныкын толуктай жабалакташат. Көңүлү виного жибип калган соң, Айнурдун жүрөк-боору эзилип, мына бу көз сүзүп, каш серпкен, алды отуз бешке араң барган келиндердин ар бири өзүнүн боордош эжесиндей, же синдисиндей жакын көрүнүп баратты. Жакын кишинин шагын сындырууга болобу. Биринин өтүнүчүн жерге таштабай, аз бөксе стаканды жутуп койду. Бир аздан кийин экинчи жолу ошончону ичиришти. Анан, «Кана, ичип койгула!»-деп өзү башкаларды кыстай баштады. Айнурдун ар бир кыймылын эсепке алып олтурган Оңол, тигинин мас боло баштаганына курсант.

Сөз барган сайын көбөйө берди. Ыр кесе да бир сыйра айланып чыкты. Айнурга келгенде ал муңкана:

«Сапарын күтүп сагындым.
Түшүмдө көрүп жалындым.
Ойгонсом жоксуң жанымда
Тагдырыма таарындым» – деп, ушул төрт жол ырды бүтөрү менен ыйлап жиберди. Биздин ойдогуну айтты дештиби, көңүлү өксүк берки эки келин да жаштарын

чуурутту, башкалар эмнегедир сустайган бойдон олтуруп калышты. Оңол гана кайрат айтып, сес көрсөттү:

– Койчу. Айыке, бир эле сенин күйөөң аскерде жүрөбү? Качан көрсөм ыйлайсың да жүрөсүң. Сатымкулуң ушуну билсе го дурус... – деп, андан нары оозунан сөзү түшүп кеткендей, ал токтоп калды. Билет, Сатышым, эже, билет. – деп, Айнур дагы ыйлады бетин алакандары менен баса.

– Ким билет, Сатымкулуң менин эркегимин айтышына караганда командир экен. Командирлерди урушта да эң келиминде экиден кыз коштоп жүрөт имиш. Сен быякта минтип көз жашыңды көл кылып, анын келер жолун тоссоң, бир күнү аның кыз жетелеп, үстүңө кирип келбесе болгону.

– Антип айтпаң, эже, – деди Айнур баягыдан эсине келген кишиче.

– Мен сага жамандык кылбасымы билесиң го, синдим. Ошентсе да жаман айтпай, жакшы жок деген. Мына, тиги тоо сельсоветинен Сатиев деген бирөө мурда райондук кызматкер экен, оң колу жок болуп келген имиш, ошентсе да бир орустун кызын колтугуна кыстара келиптир. Эки баласын канатына катып, үч жыл күткөн катыны эми арызданып жүрөт деп, эркегимен кечээ эле күнү уктум. Жалган болсо мурдуму кесип берейин. Анын бетин кудай нары кылсын го, дегинкисин айтам да. Уруштун кесепетиби, азыркы эркектер бузулуп баратат. Анан кантишсин, көзүн сүзүп, жаш келин-кыздар тегеректеп турса. Немистерден бошотулган жерлерде биерден жаман имиш. Эркектери аскерге кетип, калгандарын душман өлтүрүп, же Германияга айдап кеткен дешет. Ошентип өңчөй эле кыз-келиндер калышыптыр. Аскерлердин мойнуна өздөрү асылат имиш. Командирлерге болсо, эки-үчтөн аял алууга уруксат беришкен дейт. Көңүлү жайланган немелер, үйдөгүлөр да бир күнүн көрүп жаткандыр – деп, кыз кучагына түшкөндөн кийин быяктагылары эсинен чыгып, кат жазбай коюшу да ыктымал – деди, биздин эркегибиз. Алар да укканын айтат да. Ошондуктан ар ким мындай кезде колго тийген шыбагадан куру калбасы керек. Ыйласа эле бардык нерсе ордуна келип калчу болсо, синдим, сага кошулуп

баарыбыз эле жашыбызды төгөт элек. Бирок, андай эмес. Кудая шүгүр, минтип ызаат-урмат үстүндө жүрөсүң. Ушуга да канимет дешиң керек. Жашсың, чырай десе чырайың, акыл десе акылың ар кандай кишини азгырат. Сендейлерге эркек аттуу дайыма кул. Андан көрө азыр жашсың, ыйлап-сыктап ден соолугуңу бузбастан ойно, күл, доорон сүр. Бу дүйнөгө эки келбейсиң. Уруштун аягы качан бүтөрүн эч ким билбейт экен. Ага чейин ким бар, ким жок. «Күнчүлүк өмүрүң болсо, түштүгүнө жорго мин» деп, айткандар акылман кишилер. Келе, ичип жиберели!! – деп, Оңол мелт-калт куюлган стаканын Айнурдун алдында, дасторкон четинде турган стаканды көздөй жүткүнө бергенде, магнитке ээрчиген темир сыныктарындай, берки аялдар ошонун субагай тулку умтулган жакка жүткүнүштү.

Аңгыча эшик ачылды: «Жаңы жылыңыздар менен!» – деп алдында Эрменбаев, анын ийнинен баш чыгарып Жылкыбаев кирип келишти. Чамасы алар деле саатын он эки болушун күтпөсө керек, алакүү. Көздөрү бүлбүлдөп, күлкүлөрү бийик. Эрменбаевдин үстүнкү ээгиндеги төрт калай тишин үй ичиндеги электр шамына тосуп, бүгүн өзгөчө жаркыратышына караганда, жыйырма жылдан бери бир жаздыкка баш коюп жаткан жарынан мындан бир нече ай мурун ажыраган кишиге түк окшобойт.

– Кечиресиздер, саат он эки болуп калган экен, карасак анан жолдош Жылкыбаев экөөбүз, силерди кирип келген жаңы жылыңар менен, бакты-таалайыңар менен эркектердин атынан куттуктап коёлу – деп келе качдык, кечиресиңер, тынчыңарды алгандыгыбыз үчүн – деп, Эрменбаев тамагынан бирөө кыссып жаткандай кырылдап сөз баштады эле, Оңол баш болуп, ордунан тура келген аялдар:

– Ыракмат! Ыракмат! Бизди эске алгандыгыңар үчүн чоң ыракмат. Өзүңөрдү да куттуктайбыз! – дешип чурулдашты. Жайнамаз үстүндөгү ыймамдын шекиртиндей Жылкыбаев буларга секретардын желкесинен карап турду. Оңол куюп берген стакандардагы аракты экөө дасторкондун четин кайрып коюшуп баары менен басып жүрүп кагыштырышты да, отурбай туруп, ичип жиберишти. Оңол

Эрменбаевге, эткел кызыл келин Жылкыбаевге вилка менен куурма сугунтушуп, ызаат көрсөтүштү.

Эрменбаев көчөнүн наркы тарабындагы алайна үйдө жашайт. Азыр кече өткөрүлүп жаткан үстү түнүке менен жабылган чоң үйдүн эң башкы квартирасы Жылкыбаевге таандык. Үчүнчү секретарь, райондук эл агартуу бөлүмүнүн башчысы, Жылкыбаевдин орун басары, банканын башкаруучусу, финансы бөлүмүнүн башчысы, дагы ушул үйдө жашашат. Мындагы отурган аялдар ошолордуку. Эркектер да ушул корпуста, болгондо үчүнчү секретардын үйүндө чардап жатышты. Эрменбаев алдында, беркиси энесине ээрчиген торпоктой удаа чыга беришти. Эрменбаев менен Оңол көз кысышып койду, муну өч ким байкаган жок.

Оңолдун жанагы оосарланып айткан жоокерлер жөнүндөгү аңгемесн Айнурдун өпкө-жүрөгүнө бычак мизин тийгизгендей, үшүн кетирип, башын тегеретти. Сатымкул ок аралап эмес, булар отурган үйдөн да жасалгалуу, шаани-шөкөттүү үйдө, стол четинде отуруп, чоочун элдин кыздарынын үлпөтүнө мас болуп, көз кылгырткандай, Айнур ага ичинен кыжырлана берди, акыры ооруп калды.

– Кечирип коёсуздар, шакыйым бар эле, ошонум кармап калды көрүнөт, төбөм түшүп баратат – деди да, башын оромолу менен чүмкөп, отурган жеринен бир жагына кыйшая берди.

Ошентип, тиги эки эркек кеткен соң, Айнур оозуна ичимдик алган жок. Оңолдун кайра-кайра өзү коюп берген жаздыктан көтөрүп, жалынып-жалбарганы жардам бербеди. Тиги сөз катпай тунжурап койду.

Түнкү саат үчтөр чамасында дуулдап, бул үйгө бир топ эркектер дагы киришти. Уйку-соонун ортосунда кеңгиреп жаткан Айнур Жылкыбаев менен Эрменбаевди добушунан жазбай тааныды. Дага эки эркектин үнү чыккан, адегенде, бирок алар дароо эле кайра жок болушту. Аялдарын алып кетишти көрүнөт.

Үйдүн ичи сээлдей түшкөндөн кийин, Эрменбаевдин кырылдаган үнү Айнурдун так кулагынын түбүнөн угулду: – Бу жаткан Айнурбу? Эмне болду? – деди, чамасы дасторкон жаңылап жаткан Оңолго кайрылды көрүнөт.

– Шакыйы бар экен, ошонусу кармап калыптыр, – деди Оңол «сиңдисинин» кокусунан ооруп калганын жактырбаган кыязда. Биз силер менен бир аз отуралы деп келдик эле го, конок келиндин ооруп калганы чатак болгон тура? – деди секретарь кейимиш болуп. Шакый деген бир заматта кармап, бир заматта айыга турган оору да, тургузуп көрбөйсүңбү, Оңол. Аксакалды атайын ээрчитип кирдим эле, үйдөн тамак сызып чыгыңыз. Камкор келиниңиз бизди да унуткан эмес чыгар. Бир нерсе катып койгон болсо, жатар алдында дагы бир кылк этип алалы, – деди Жылкыбаев тилеги ордунан чыкпай калган кишиче, бош унчугуп.

– Мен силерге жаңыдан закуска даярдайын. Эркексиңерби? Өзүңөр эле ойготуп көрсөңөр, Айнур андай жапайы келиндерден деле эмес. Балким, силерди сыйласа турар, – деп Оңол көз кыскандай болду. Мунун бардыгын кыймылына чейин сезип жаткан Айнурдун жүрөгү бир нерсени туйгандай дик-дик сокту.

– Айыке, – деди үнүн ого бетер пас кылып Эрменбаев Айнурдун жаак алдына төшөп жаткан ысык колуна сөөктүү арык манчатарын тийгизе, акырын бери тартты.

– Үн жок...

– Айыке?... – Үн жок... Катуураак тартты эле, бир колу жаак алдынан чыгып кетти, ошондо гана оромолун кармаган бойдон Айнур зорго башын көтөрдү. Айланасы шишик тартып калган көздөрүнүн жалжылдашынан чоочуп кеткендей, Эрменбаев колун ошол замат бошото берди.

– Турсаңыз, Айыке, сиз менен бир аз отуралы деп, биз келдик эле.

– Келгениңиздерге ыракмат, бирок мен башымы көтөрүп алгыдай эмесмин, кечирип коёсуздар – деп Айнур кайра терс бурулуп жатты.

«Эми кандай кылабыз?» дегендей беркилер бирин-бири суроолуу тиктешип алды.

Бир топтон кийин Оңол келип, Айнурду дагы ойготту. Ага эч сөз айтпай, үркүнчөк жылкыга токум салганы жаткандай, абайлап кол тийгизгенде эле, Айнурдун көмө-

көйдөн «чык-чык» – деп, бардыгына тыюу салган кепсиз баш чайкаганын угуп, анын да айласы түгөндү. Мындан соң тигилер көп отурушкан жок.

– Чындап эле сыркоолоп калса керек Айыке, эс алсын, биз кетели – деди Эрменбаев бир жооп болор бекен дегендей Айнур жакты карап. Ал былк этпеди. Стакандар шагырашканы менен, ичишпеди деле окшойт, Эрменбаев Жылкыбаевдин узатуусу менен чыгып кетти. Беш минутка жетпей Айнур да башын көтөрдү:

– Эже, мен да кетейин эми, башым баякыдан бир аз дурус.

– Койчу, кагылайын сиңдим, жети түндө кайда бармак элең. Мына саат үч болуптур – деди дубалдын боорунан маятниги оңго-солго жай термелип жаткан чоң саатка карап.

– Мында эле жатып кал, экөөбүз бир жатабыз, агайыңа тиги үйгө жай салып берели.

– Коюңуз, карыш жерде жатып калганым уят эмеспи, барайын – деди ал, тура калып, кийине баштады.

Айнур болбой койгондон кийин, Оңол күйөөсү экөө аны коргонунун дарбазасына чейин узатып келди.

– Тынч укта, кагылайын, эртең менен өзүм дагы кабар алам – деди, бетинен чоп эткизе өөп коштошкон Оңол. Айнурдун сезгич жүрөгү эми «эжесинин» кезектеги «адамкерчилигине» дагы жибип калды.

Эртең менен Айнур төшөктөн турбай, Оңол эжеси жетип келди. Сумкага салып, эки бөтөлкө вино, куурулган кекиликтин эти, кызыңа деп, ал кезде тапкыз бир чеңгел ар түрдүү конфет ала келген.

Бир пияла винону жутуп жиберип, бети тамылжып көздөрү кызара бергенден кийин, Оңол сөз баштады.

– Түнү менен агайың экөөбүз уктабадык, сени кантип калды экен деп. Эрменбаев бечарачы, таң заардан биздикине келиптир. Сени жатып калган деп ойлосо керек, үйгө кирери менен «Айнур кайда?» – деди. «Түндө жеткирип келгенбиз» десем, «ооруу немени ушунда эле жаткырып койбойсуңарбы, кантип калды экен, барып кабар алып

келбесең болбойт» деп, ошол шаштырды. Мына, булар да ошонуку – деп, сумкадан жанагы эки бөтөлкө винону, кекиликтин этин жана Гүлнур үчүн кагазга оролгон конфетти да столдун үстүнө бирден чыгарып койду.

Эки пияла вино ичип жибергенге кеңгиреп калдыбы, же Оңолдун кечеги командирлер тууралуу айткан ангемеси, жүрөгүн муздатып койду белем, таң заардан келген бул «белектерди» Айнур унчукпай кабыл алды. Бар болгону: «Секретарь эмне үчүн мага мынчалык боорукерлик кылып калды экен?» – деп жылмайып койду.

– Эрменбаев эң сонун киши, боорукер, адамгерчиликтүү. Катыны атын оозунан түшүрбөй жүрүп, бечера үзүрүн көрбөй өтүп кетпедиби. Үй-бүлөгө да жылоо саз неме – деп, Оңол оюндагысы ордунан чыккан кишидей мардам сүйлөдү.

– Секретарыңызды базарга сата турган малдай мактадыңыз го, эже.

– Жок, сиңдим, жаманды жаман, жакшыны жакшы деш керек да...

Алып келгендери – Оңолдун өз үйүнөн. Баятан берки айткандары, Айнурду кантер экен деп, гана, көптөн бери колтугуна ката жүргөн котур таштын бир четин кылтыйтып көрсөткөнү.

Тапканын оозуна тутуп отурган Оңол эжесине Айнур ичинен ыраазы. Алкыш үстүнө алкыш жаадырууга даяр. Көңүлү өксүп турган кезде, ыгын таап, аны жөлөп-таяган кишини ким жаман көрсүн. Бирок, ошол «адамкерчилик» деп, ал эсепгеген тамак-аш, ичимдик, анан алигидей жылуу мамиленин баары аңчынын жайган торундай чебердик менен иштелип, аңчынын өзү убакыт күтүп, өңүттө жатканын андай учурда сезмек беле.

«Эрменбаев Айнурду Оңол аркылуу имерип жүргөн имиш. Этият болсо экен. Чоңдугуна эле кызыкпаса, башка эмнеси бар анын. Сатымкулга ошону алмаштырса, эстүү деген Айнурубузду деле кудай жетелеп кете койсун» – деген Сыргага, ал иштеген мектептеги мугалим аялдардын бири. Кечээ, ошонун бир четин чыгарганы.

Айнурдун жүрүш-турушун жакшы билген Сырга бу сөздү адегенде ушак-айың го деп таназарына албагана эле. Кийинки күндөрдө Оңол экөөнүн катташы калың болуп кеткенинен, чындан чоочулай баштаган. Ал курбусун эскертип койгусу келди. Бирок Айнур андай насиятты угууну каалабагандыгын билдирип, чеке терисин чүрүштүрө оң жооп бербей койбодубу. «Мал аласы тышында, киши аласы ичинде» – дешет тура. Оңолдун ичинде аласын ал байкабай жатты. «Чоңдун аялы менен достошконуму көрө албай жүрүшөт го» – деп жоруду ал, бул жолдон кайра тарт дегендерди. Оңол менен Айнурдун мамилеси жаңы жылдык отуруштан бери ого бетер бекемделип калды. Сатымкулдан болсо али дарек жок. Анын кылык-жоругун айтып, Сырга менен таң атыргаан кездери эми Айнурдан кол үзгөндөй. Эри өлүп, аргасыз андан түңүлгөн жесир катындай ал эми безирейип тим жүрөт. Сырга канчалык боор тартканы менен, мурдагыдай Айнур ага кучак ачпай койду. Мамилеси суз, ушундан улам акчасынын аздыгына шылтоолоп, Сырга да мектептен райондук китепканага өтүп алган.

* * *

Айнурдун оюн биротоло тумандатып койгон катын калачтардын акыркы ушагы бу болду: «Калыбеков штабда эле иштеп жүрүптүр. Кат жазбаган себеби – бир кыз менен ойноп койгон экен, боюна болуп калып, ошого үйлөнүп алган имиш. Аны баягы орус катын алып келген Сатиев деген неме бир жерде мас болуп отуруп айтып коюптур. Айнур уга көрбөсүн деп, эскерткен экен, жаман кеп бир жерде жатчу беле, баары-жокко таралып кетиптир»...

Бул ушактын автору да Оңолдун өзү болучу.

Оңолдукунда андан кийин да Айнур көп эле жолу болду. Ал турсун, Жылкыбаев гана эмес, Эрменбаевдин катышуусу менен эки-үч курдай бир столдон даам татышты. Бирок эжесинен шек санай турган эч окуя болгон жок.

Оңолдун алыстан ыргыткан чапмасы, 8-март күнү гана Айнурдун мойнуна түштү.

Бу майрамды да өңчөй аялдар Оңолдукунда өткөрүштү. Бир жылдан бери үлпөттөш аялдардын ыкымын алып

алган Айнур, эми ичкиликтен коркпой калган. Булардан мурун деги мас болбойт. Катардан калбай ичип отурду.

Түн бир оокум болгондо, жаз жыттанган сыртка чыккан эки аял мүйүштү имериле берип, сөз кылышты.

– Байкуш, Айнур мас болуп калды ээ?

– Оңол ымдаган сайын үчүнчү секретардын аялы. Жаңыл анын стаканына аз-аздан арак кошуп отурбадыбы. Ал эмнеси? Эже тутунган киши имиш дагы – десе ага экинчиси өз пикирин кошот. – Бечаранын көптөн бери ою да бир жерде эместей көрүндү эле. Өңүн карабайсыңбы өңүн. Эркек эмес, катын башыбыз менен, биз суктанчу эмес белек, анын ажарына. Эми карабайсыңбы, кансыраган кишиникиндей купкуу. Жалжылдаган көздөрү эле өзгөрбөй калыптыр, байкуштун. Биз үйүнө жеткирип коёлу, десек, Оңол: «боорукер болбой эле койсоңор, силерден башка кишилер деле табылат, Айнурга күйөрман, – деп кагып койбодубу.

Бул аялдар ушинтип сөз кылып бараткanda аларды сыртка чыгарып коюп, үйгө кайра кирген Оңол, бир чачы булайып кроваттын түбүндө чубалжып, экинчиси мойнуна ороло кумсарып жаткан Айнурдун кийимин чече баштаган. Ага жардам берип жаткан үчүнчү секретарь Кулуевдин эткел аялы болучу. Башын көтөрүшкөндө чеке-башын гана тырыштырып, оозунан сасык жыт үйлөп үшкүрүнгөнү болбосо, анын көз ачууга чамасы келген жок. Өлүктү көтөргөнсүп, бири баш жагынан, экинчиси аяк жагынан кармап, ич кейнөкчөн кылып, кроваттын үстүнө, дубал жак четине жаткырышканда Айнурдун жылаңач денесине суктангандай тиги экөө саамга карап туруп калышты. Лампочканы өчүрүп, анан кире бериштеги түбүндө бошогон бутылкалар, үстүндө жуктуу стакандар турган столдун бир четине чырак коюшуп, анын билигин басайтышты да, өздөрү чыгып кетишти. Мындан жарым саат өтпөй, Айнур жаткан кроваттагы бери жагы ачылып турган төшөктүн ичине куркуйган арык дене жылып кирди… Мышыктыкындай анын муздак буттары Айнурдун жылаңач балтырына тийгенде, ал денесин бир жыйрып алды…

Калыбеков 1946-жылдын май айында келди. Аны станциядан агасы Мурат менен Сырга тосуп алышты.

Вагондон эки колуна чоң чемоданды көтөрүп, тепкичтен ылдый түшө берген Сатымкулдун буту жерге тиери менен, Мурат кучактап калды. Агасынын кучагынан бошой берген ал, баятан бери башын өйдө көтөрө албай өздөрүнөн бир кадамча бери жакта жер тиктеп турган «Айнурду» кучагына тартты. «Айнур болсо, дагы эле «күйөөсүнүн жүзүнө тик карай албай, кең көкүрөгүнө баш койгону менен кылмышкер кишиче андан жүзүн үйрүп жатты. Сатымкулдун кучагындагы анын чабек тулку суукка кайыккан жаш баланыкындай дирилдеп турду.

«Айыке, аман-эсен жүз көрүшкөнгө да киши ыйлачы беле? Эмне мынчалык жашык болуп кеткенсиң? Бери карачы?» – деп, көз жашын аарчый берейин дегенде, Мурат чыдай албай кетти окшойт, үнүн кааргылданта: «Айнуруң эмес, бу Сатыш, Сырга! Курмандын колуктусу эмеспи? Курман жок болгон. Ошонусу эсине түшүп, ыйлап жатпайбы бечара. Мен эле барып тосуп келейин десем, болбой жатып, кошо келбедиби» – деди, өзү да жашып кеткендиктен көздөрүн басып.

Так чыкыйына таяк жеген адамдай Сатымкул тегерек көздөрүн жума берип, буудай өңүнөн кан качыра сендиректей түштү. «Айнур жок! Курман жок!» Бул эмне деген жазык! Чаркка жаңы эле курчутулган бычактын кылоосун жандырбай туруп, катуу нерсеге салгандыктан тыгы желгендей, поездге отуруп бери көздөй жол тарткандан берки жакшылыкты самап дегдеген анын жүрөгү курчунан жана берди. «Мени ушундай кайгы күтүп турганын билсем!...»

Эки жыл бою командованиенин атайын тапшырмасы боюнча душмандын тыл жагында чалгынчылык топко жетекчилик кылып, кат-кабарсыз жүргөн майор Сатымкулдун аман-эсен, бир жерин да окко чырпытпай келгендиги жөнүндөгү кабар Айнурга күн батарда жетти. Ал күйөөсү Эрменбаев менен, атасыныкында дем алышта жүргөн болучу. Мас болуп, Эрменбаевдин көптөн бери Оңол аркылуу өңүткө жайган торуна түшүп бергенден кийин, Айнур

«муунуп, же уу ичип өлөйүн» – деп да, аракет кылып көрдү. Муну байкаган Оңол анын артынан түшөт: «Тагдырга моюн сунуш керек. Азыр секретардан чоң киши жок. Сатымкулунун өлүүсү, же тирүүсү белгисиз. Эрменбаевге сендей төрөп түшкөн келин эмес, алам десе кыз деле элде толуп жатат. Четинен ага жан деп тиет. Ушундай кишиге туш болсоң, эч качан бармагыңы тиштебейсиң. Тиги келгенде да, кандай болуп келерин кудай билет. Деги соо келген кишини көрдүңбү, фронттон? Бул дүйнөгө адам бир келет. Колдон келсе, жыргап алганга не жетсин».

Мындай «акыл-насият» Айнурдун кулак алдынан алыстабай койду. Анын үстүнө ошол түнкү жолугушуудан үч ай өткөндөн кийин боюна бүтүп калганын сезген ал тагдырына таазим кылып, Эрменбаевге тийүүгө маакул экендигин Оңол аркылуу өзү билдирет.

* * *

1945-жылы башка районго которулган Эрменбаев быйылкы отпускасын Айнурдун каалоосуна ылайык кайын журтунда өткөрүүгө келген эле.

Сырга жиберген кара тоголок бала, эшек үстүнөн Айнурга келип кат сунганда, ал Эрменбаевден төрөгөн уулун көкүрөгүнө көтөрүп, эшик алдында турган экен.

Сырганын колун дароо тааныды. Бул айылга келе жатып, Айнурлар райондун борборунда бир түнөшкөн, Оңолдорду көрбөй өтүп кетүү, экөө үчүн тең күнөө эмеспи. Ошондо Айнур баягыда таарынышып кеткен Сыргага да жолуккан болучу. Жалынып-жалбарып андан кечирим сураган. Анан өз турмушун түшүндүргөн. «Күйөөм көзүмүн агы менен тең айланат. Тим эле төбөсүнө көтөрүп жүргүсү бар, анын айласын таппайт, бирок канчалык мага үйрүлгөнү менен, жүрөгүмүн бир чети ысып койсо, өлөйүн, Сырга. Мындан көрө эрсиз жүрүп өткөнүм авзел эмес беле» – деп, арзы-дартын айтып, акырында «Сатыштан дагы эле дарек жокпу, я?» – деген.

– Жок, Кокус Сатышың келип калса, кантер элең, Айыке? – деген Сырга аны сынап.

– Кантерими билбейм, Сырга. Түшүмдө ага далай ирет жолуктум. Мен качам, ал кууйт. «Күнөөңдү кечтим, Айыке, качпа! Сен күнөөлүү эмессиң, согуш күнөөлүү барына!» – деп, артыман кыйкырат. Мен кача берем. Бетине кантип тиктейм – деп, түшүмдө да, оюмда ушул пикир – деп, көздөрү шишигенге чейин ыйлаган болучу. Ошондо Сырга аны араң соороткон: «Эмнесине ыйлайсың? Болор иш болду. Айыке, ыйлаган менен эми ордуна келмек беле».

«Сатыш эч жеринен жарадар болбоптур, башка жакта жүргөн тура, эки жылдан бери. Өңү-башы кадимкисиндей. Сен тууралуу укканда, экөөң турчу бөлмөгө кирип алып, ыйлады. Баарыбыз кошо ыйладык. Сенин азыр өз айлыңда жүргөнүңү билдиргенибиз жок. Айтсак эле, чаап жете турган түрү бар. Эми кандайча жолугушасың? Сенин мында экениңи айтсамбы, жокпу? Ушул баладан жообун жибер» – деген жерине келгенде көздөрү тунарып, тулку бою безгеги кармаган кишиче титирей баштады. Колундагы баласы шалак этик, жерге түштүда: «в-а-а-а!» деп бакырып жиберди. Аны жерден ала коюунун ордуна башынан аттап, Айнур кечки жымжырттыкка шоокуму артып күркүрөгөн, бир кезде Сатышы менен жээгинде таанышкан, бирге басып таттуу минуталарды кечирген чоң сууну көздөй чуркап жөнөдү. Көйнөк этеги делбиреп, элүү метрче жүгүргөндөн кийин, башындагы үч чарчы шайы жоолугу учуп кетти да, бир караганга илинип, кечки желге делбектей берди.

Баланын ыйынан улам үйдөн биринчи болуп жүгүрүп чыккан Эрменбаев буркан-шаркан түшүп агып жаткан чоң сууну көздөй чуркап бараткан жылаңбаш Айнурдун караанын көрүп, жаны алкымына кептелди. Анын артынан удаа чыгышкан Айнурдун ата-энеси караңгылыктын кучагына сиңип бараткан кызынын тиги авалын көргөндө: «жиндеңсе керек» – дегенден бөлөк ойго чамасы келбей, аңырайып тура беришти.

Артына бир тиктебеген Айнур, Сатымкулу менен жолугушуп жүрчү – жалгыз арчанын далдасына өтө берип, жок болду…

Капчыгайды жаңыртып айкырган суунун шарына Сырганын катын кичинекей чеңгелине мыкчый кармап ыйлап

жаткан Айнурдун баласынын чаңырыгы кошул-ташыл боло калды да, түн кара пардасын эми гана калдайта үстүнө жаба баштаган бул айыл алда кандай кайгылуу овонго добуш кошкондой күңгүрөнүп турду…

1957

## ЧАГЫЛГАН

Июнь айынан ачык түнү. Дарактар да, талаа да жашыл. Ушул кезде түркүн куштардын тили да чебер, кол тийген комуз кылындай кайрыктары ар кыл, жүрөккө жагымдуу…

Мындай түндү түрө тиктеп, жолго чыккан адамдын ички дүйнөсү канчалык дүлөй болбосун, теребелине жакшылап назар таштаса, кулак төшөп укса, көөдөнү шаттыкка мелт-калт толуп чыгары шексиз. Жашоо кумары, өмүрдүн кымбаттыгы жаратылыштын ушундай чырайлуу учурларынан артат көрүнбөйбү. Тазарасың да каласың… Жүрөгүң жумшарып, пейлиң кеңейип, мээримдүү тартып, жаман ойлоруңду жакшы ойлоруң тебелеп-тепсеп, башыңан, көөдөнүңөн айдап таштайт. Дүйнө, турмуш деген так ушул июнь түнүнө – ай жарыгына малынып, жылдыздар көркүнө оролуп, жашыл көрктү жамынып турган түнүнө окшогон сулуулуктан гана тургансып кетет… Ошондой туюлуп, ошондой сезилет.

Ат үстүндөгү Тазабек ансыз деле эң жогорку топчусу чыгарылган ак көйнөгүнүн төмөнкү эки топчусун дагы чыгарып таштады. Жыпар аралаш жорткон түндүн жумшак жели баягыдан коюн-колтугуна чейин аралап жөнөдү белем, ого бетер сергилең тартты… Астындагы бышты да ээсинин көөдөн толо шаттыгын сезгендей, жай, бирок сергек келатты…

Жол таманында шайынын гүлүндөй бир жери кара, бир жери агыш түстөр жатат… Бул анын эки тарабындагы теректер менен акациянын көлөкөсү… Бул дагы өзүнчө коздук… Бойчон теректин бариктери жаш баланын ооз желине кабылгандай акырын-акырын дирилдешет. Чор-

госунан туптунук муздак суу агып, оюлуп кетпесин үчүн атайын жасалган цементке урунганда миң чачырандыга быркыраган кубурдун тушуна жеткенде, Тазабек алыстан добуш тыңшагандай атынын тизгинин тарта берди. Эмнегедир азыр үй көзүнөн учуп турду анын. Адылы уктай элегинде жетип барып, аны адатынча көкүрөгүнө мингизе эркелеткиси келип кетти. А түгүл, уулунун бытыйган муштуму менен көкүрөгүн ургулап, «чү-чү» дегенине чейин кулагына угулуп, ошондон улам жылмая берди...

Жары Сабира да анын келер жолун акмалап, Адылын мойнуна отургузган бойдон анын кабат-кабат семиз балтырларынан кармай эшик алдында тургансыды... Тазабек атын теминди, Ал эжесиникинен келатат.

Эжеси жашоочу айыл өздөрүнүнкүнөн алты-жети чакырым гана алыс. Биринин оту экинчисине түн койнунан даана көрүнүп турат. Тазабек эки айылды ортолой берген кезде өз айылы жактан машинанын жарыгы көрүндү. Анын жүрөгү болк этти. Мунун себеби бар. Эки-үч күндөн бери булардын эшик алдынан каршы-терши машиналар каттачу. Алар шагыл ташып жаткан. Кыштактын дагы бир көчөсү асфальттамак. Жумушка чыкпай бүгүн үйүндө калган аялына зынарлаган: «Этиет боло кор, көчөгө чыгып кетип жүрбөсүн Адыл» – деп жаңы жолго кирген уулунан чочулаган эле.

Тиги жарыктан улам, кылт этип башына бир жаман ой келе калды да, денеси үркүп кетти, ичиркенип алды. Сабирасы көз жашын көл кылып, машина алдынан сууруп алган баласын эки билегине сулк жаткырган бойдон эшик алдында аны күтүп тургандай элестеп, тула бою дүркүрөп, чачы тик туруп кетти. Тык токтоду... Аңгыча жанагы жарык жакындап келип калды. Добушунан анын жеңил машина экенин тааныды. Тазабек эмнегедир ыйлап басылган наристедей улутунуп алды. Ал тигине жол бошотуп, жолдун экинчи жагына атынын башын бура тартканда, кыйч эте артына бир очорулуп, анан түздөлө берип машина да кашына келип токтоду. Анын алдыңкы эшиги ачылып, андан тааныш добуш угулду.

– Жездемсизби?

Тазабектин жүрөгү оозуна каптала түштү.

– Садыксыңбы?... – Үнүнөн тааныды.

– Биз сизди издеп жүрөбүз.

– Эми Тазабектин эси оой түштү.

– «Демек жүрөгүм сезген тура... жамандыкты... Адылым...»

– Эмнеге издейсиңер?...

Тазабектин үнү каргылданып араң чыкты.

– Демек, зарыл иш бар да.

Садык жол четиндеги арыктан аттап, ага жакындады.

– Айтпайсыңбы, кандай зарыл иш чыгып калды?... Бирөө муунта баштагансып, Тазабектин үнү араң угулду.

– Аттан түшүп машинага отуруңуз, анан айтам кандай жумуш экенин.

– Ой, бай болгур, айтчы тезирээк, деги тынччылыкпы?

– Тынччылык болбогондо, жоо келди дейсизби, тынччылык эле.

– Оо, акмак десе, анан бая эле ошентпейсиңби, жаным оозума капталып калбадыбы.

– Жаныңыз мынча ширин болуп кеткен, жездеси?

– Балалуу болгондо көрөм сени да.

Муну айтып, эмнегедир, Тазабек аттан түштү. Берки ага чукулдап барып калган эле.

– Кана, машинага түшүңүз, – деди учурашууга суна берген Тазабектин колун кармаган бойдон Садык.

– Каякка барабыз?

– Сизди көргө алып бармак белем, жыргай турган жерге алып барам да, жүрө бербейсизби. Мейманга барабыз.

– Жети түндө эмненин мейманы, койсоңчу тамашаңды.

– Ишениңиз, ал сойгон койдун эти быша элек. Кадырбаркыңыздын артканын ушундан биле бериңиз, сизди кечке чейин күттүк, анан келбегениңизден издеп чыкканбыз. Куурма жасатып, алдынан бир аз ооз тийдик да, сизди издеп жөнөдүк. Чынын айтайын, азыраак ичип да койдук.

Садык эми мыңк этип кытмыр күлдү.

Садык жашы жагынан Тазабектен эки жашка гана кичүү. Анын Тазабекке эч кандай жакындагы жок. Жезде

деп жаткан себеби, Тазабектин аялы ошолордун уругунан.

Садыктын кызуу экенин Тазабек эми гана байкады. Жана баласы тууралуу ойлоп кетип, азыр колунан бекем кармап турган немени ким экенине көңүл бурбаган. Кайрадан тулку бою чыйрыгып чыкты. Мурдагы күнкү чогулуш эсине түштү.

– Кимдикине барабыз?

– Биздикине. Мен чакыргам конокко. Буйрук экен, чоңубуз болдуңуз. Бухгалтырдан чоң жок райподо. Ошол чондугуңузду, үйүмүн төрүнө отургузуп, дагы бир жолу куттуктап коёюн дегеним. Кана, кеттик машинага.

– Адегенде үйүмө барып аялыма айтып коюшум керек. Атын ээсине тапшырышым керек. Жөө эле барам сеникине, жакын эмеспи.

– Атайын кадырлап машина алып келсек, жөө барамын дегениң кандай? Айда, кеттик.

Тазабектин колунан тартып, арыга бурулду. Тазабек тигинин бул жоругуна жини келди да, колун катуу тартып алды.

– Мен эч жакка барбайм, беймаалда үйгө кетем.

– Үйгө дейсиңби?

Тигинин «сизден» «сенге» өткөнүн эми гана байкады Тазабек.

– Ооба, үйгө кетем.

– Элдин үйү жоктугунан ушинтип жүрөт дейсиңби?

– Аны билбейм. Башка менен ишим жок.

– Качантан бери башка менен жумушуң жок болуп калды? Бардыгы үчүн жооп берем деген экенсиң го? Эми башкаларды унутуп каласыңбы?

Тазабек атына бурула бергенде, тиги аны эки каруудан шап кармап, токтотуп калды. Ушул минутада машинанын арткы эшиги шарт ачылып, дагы бирөө чыкты. Бул Карагул эле...

Тазабек канчалык албууттанып аракеттенсе да, эки кишини колунан бошонуп кете албады. Машинага сүйрөп жеткиришти. Ачык эшиктин асты жагын эки буттан чирене тепкенде, бир колу чыгып кетти. Ошонусу менен

Карагул тарапка бир шилтөөгө араӊ жарады. Кармашуу... Башына муздак катуу нерсе тийип, ал эстен тана түштү. Анан ичине бир нерсе салынган каптай сүйрөлүп, машинанын ичине кирип, арткы орунга көмөрөсүнөн жатып берди.

Садык машинанын ручкасы менен урган эле. Антпесе, Тазабек катуу каршылык көрсөтмөк, же чуу салып, башкаларды жардамга чакырмак. Айыл алыс эмес эле да.

Тазабек Фрунзедеги финансы-кредит техникумун бүткөндөн кийин райондук финансы бөлүмүндө иштейт. Адегенде бухгалтердин жардамчысы, эки жылдан кийин бухгалтер болуп иштеп келаткан. Сырттан окуп жүрүп, мындан төрт жыл мурда университеттин экономикалык факультетин бүтүп алат.

Быйылкы жылдын башында финансылык-чарбалык законду одоно түрдө бузушкандыгы үчүн райпонун башкы бухгалтери, председатели, дагы эки-үч киши кызматынан бошотулуп, жоопко тартылат. Ошол уюмду жаӊы кадрлар менен чыӊдоо үчүн партиянын райондук комитети кандидатуралар издеп калганда, башкы бухгалтердин кызматына ушул Тазабекти ылайык табышкан.

Карагул, Садыктар менен айылдаш экендигине карабастан, башынан алардын жүрүш-турушун жактырбаган, ошондонбу, алар менен эч кандай байланышы, көрүнгөндө гана баш ийкеше саламдашкандан башка мамилеси да жок эле.

Алар деле Тазабек менен бирге иштейбиз деп эч качан ойлошпогон. Ошентип, алар да бул тууралуу аз билишчү. Мүнөздөрүндөгү айырмачылыктар ушул жерден ачыкка чыкты.

Тазабектин бул жерге кызматка келишине экөө теӊ адегенде ишенбегендей мамиле кылышты. Бир топ күнгө чейин анын алдына атайлап киришкен да жок. Ал эми эки айга жетпей, Карагул жапакечтигин карматып, асты-үстүнө үйрүлүп түшүп жатып, Тазабекти конокко чакырууга жетишти. Ошондо анын адамгерчилигине Тазабек аялы экөө теӊ ыраазы болуп кайтышкан. Алар менен аерде Садык да болду. «Кийинки коноктоо кезек биздики. Кудайга

миң мертебе шүгүр, эми дагы кайдан-жайдан биз таанybаган бирөө келер экен» – деп Карагул экөөбүз сарсанаа боло баштадык эле, өзүбүздөн чыгып, төбөбүз көккө тийип кубанбадыкпы. Бир жердик, тууган-урук дегендей, эми уятка калбагандай иштөөгө аракеттенебиз. Тазан. Аягынан кам санабай эле кой, – деп ошондо биринчи акыл-кеңеш айткан ушул Садык.

Анан Тазабектер орундарынан туруп жөнөй бергенде, мурдараак аркы бөлмөгө чыгып кеткен Карагулдун арык аялы колуна жалтырак калтага салынган эки көйнөк көтөрүп кирет. Бири – Тазабекке, экинчиси – Сабирага.

Тазабек аларды албоого канчалык аракеттенсе да, «куттуу үйдөн куру чыккан уят» – дешип беркилер аялдары менен кошо жабалакташып, акыры алдырышат.

Мындан он беш күн өтпөй Садыктыкында конокто болушат. Олтуруштун акырында биерден да алдын-ала беленделген белек менен узатышат. Биерде да кыйыктанган Тазабекке: «Бизге Карагулдан да жакынсыңар. Сабира – карындаш, демек, сиз – жезде. Албасаңар, өзүңөр билгиле» – деп таарынымыш эткен Садык колундагы буюмун кармаган бойдон тескери басып кеткенде, Сабира Тазабекти капталга нукуп: «Кой, алалы», – дегендей ишарат кылган. Ошентип, булардыкынан да эрди-катын ыраазы болуп кайтышкан. А түгүл Сабира жолдо келатып, тигилердин үй ичиндеги жасалгасына суктанып алган. «Килемдерди кайдан алышты экен»? – деген бардык буюмдардан көзгө токтомдуусун мурдараак атап.

– Соодада иштеп жүрүшөт, алмаларын бир жакка алып барып сатып жүрүшөт экен, ошояктан табышкан го, – деп Тазабек аялынын бул сөзүнө анчалык маани бербеген.

– Эми мындан ары мындай буюмдар бизде да болот турбайбы, сен соодада иштеп калбадыңбы? – деп күлдү Сабира, анан кантер экен дегенсип, он үч жылдык чогуу өткөргөн өмүрүндө мүнөзүн билип алган күйөөсүнө ай жарыгында жылмая карап.

– Жок, Сабирам, андай нерсе менин оюмда жок. Буюм алганы келгеним жок, райпого, жаман ишти жакшыртка-

ны гана келдим. Байкасам, билсем, өзүм гана эмес, башкаларга да антип кызмат абалынан пайдаланууга мүмкүмдүк бербеймин. Мени райпого жиберип жаткандагы райкомдун талабы, эскерткени ошондой. Демек, эми байып кетет экенбиз. Үйүбүздү жасайт экенбиз – деп кубанбагын, жарым, – деп келинчегин алибеттүү колу менен оң ийинден ала өзүнө тартып койгон. – Сенин апаң сайып берген эки туш кийиз менин көзүмө ар кандай килемден жакшы да, кооз да көрүнөт. Жетишет экөөбүзгө ошол. Адылыбыз үйлөнгөндө гана ошого атап, бир килем сатып алышыбыз мүмкүн, – деп күлгөн.

Эч качан мындай ызат-урматты ал экөөнөн күтпөгөн Тазабек чындыгында эле тигилердин адамгерчилигине, кичипейил мамилелерине ыраазы болуп калган. Ошол убакка чейин алар тууралу элден угуп жүргөн ар кандай терс пикирлерди натуура пикир, булардын турмушка жөндөмдүүлүгүн, эпчилдиктерин көрө албагандыктан гана таралган пикир катарында эсептеп калган. Ал чоочулагандай эч кимиси андан кызмат боюнча эч кандай жардам сурашкан жок. Тамак-ашын, белектерин берип гана узатып коюшту. Анын эмнеси бар экен. Мурда эстерине албаганы – катышуу үчүн эч кандай себеп жок эле. Эми бир мекемеде иштеп калышпадыбы. Бирин-бири чакырып сыйлоо мындайда салттагы иш да. Анын үстүнө үчөө бир айылдык.

Ошентип Тазабектин тиги экөө үчүн муздап жүргөн жүрөгүнүн бир чети жанагыдай мамиледен улам ысып калат.

Фрунзеге Карагул менен Садык окууга барган кезде, Тазабек техникумдун үчүнчү курсунда окуп жүргөн эле. Аларды эки-үч курдай көчөдөн кызуу кезинде көрүп, кыйгач өтүп кеткени эсинде. Жетим өскөн Тазабек, эмнегедир андай сайрандап жүргөндөрдү, өтө жасанып кийингендерди көргөндө ичиркенип, жүдөп кетчү. Андайлардан ар убак алыс жүрүүгө тырышчу. Аны багып чоңойткон абасынын айында жиберген он-он беш сом акчасына стипендиясын кошуп, ар бир сомун эсептеп, чыгымдап көнгөн Тазабек тигилерге такыр жолукпай койгон. Алардын турмуш-ти-

ричилик жагынан артыкчылыгын айылынан эле билчү да. Ал эми ошондой чектен тышкары ичип-жеп жүрүүнүн натыйжасында тиги экөө эки жылга жетпей окуну таштап кеткенин укканда биротоло жек көрүп калган. Буйрук деген ушул тура, даамдаш гана эмес, бир мекемеде чогуу иштешип калды. Жогоркудай мамиледен кийин ошондой кишилерге жакындашканы үчүн тымызын кубанып калган эле.

Мына ушундай жакындашуудан кийин жарым жылга жетпей Тазабекке Карагулдун былык иштери жөнүндө кабар жетет. Райпонун жаңы жетекчилери тымызын текшерүү ишин жүргүзүп жаткандыгын өзүнө жакын кишилерден кулагы чалган Карагул, адегенде жакынсынып мурдагы күнү жумуштан соң автобуста айылга чейин бирге келишкен Тазабектин артынан ээрчип үйүнө чейин барат. Тазабек үйүнө чукул калганда гана ал: «Тазан, беш мүнөт токтой турсаң» – деп кежигесин кашына бир паска тил катпай калат. Анан өзүнө шектенгендей тигилип тиктеп турган Тазабектин көз карашынан жалтана муну айтат: «Менден анча-мынча иттик кетип жүргөнү ырас. Уктум силерге менин үстүмөн арыз түшкөнүн. Тымызын текшерип жатыпсыңар, аны да билдим. Албетте, издеген кишиге табылат. Соода дегенде ансыз болбойт экен, Тазан. Мына өзүң иштеп калдың, түшүнөсүң мына бул айтканымы кийин. Мурда импортный анча-мынча нерселерди налево кылганыбыз ырас. Бир мен гана эмес, чоңдорубуздун буйругу боюнча иштегенбиз. Ал үчүн алар жазаланып кетти. Анан сага эркелеп кеттимби, жакында мотоцикл сатканым да ырас жолдон. Бир айча болду. Ошонун миң сомун алигиче чөнтөгүмө катып жүрөм, сага берүүгө батына албай. Акча баарына керек нерсе экен. Силерге деле керек. Элдин бардыгы үйлөрүн жаңыртып алышты. Сен болсо, алиге чейин атаңан калган эски тамда отурасың. Канча жылдан бери, кудай шүгүр, райондогу акчалардын кожоюну болуп жүрдүң. Эми болсо район боюнча баалуу буюмдардын кожоюнусуң. Атың бар, башкача айтканда. Ошого жараша үйөрөзгөр күтүшүң керек. Азыркы үйлөрдү, анын ичиндеги жасалгаларды көрүп жүрөсүң го. Ошолордон калышпооң керек. Бу дүйнөдө дагы канча жа-

шайбыз, эч ким билбейт. Качанга чейин бирге иштейбиз, а да белгисиз. Демек тагдыр экен, чогуу иштешип калдык. Колуңдан келген жакшылыкты аябасаң, дүнүйө табыш жагын мага коё бер. Азырынча муну ала тур, кийинкиси дагы бар» – деп алдын ала кечээтен бери газетага ороп, чөнтөгүнө ката жүргөн өңчөй элүү сомдуктарды Тазабектин колуна кармата койгондо, тикенек тийгендей ал колун тартып алды да, анан анысын өйдө көтөрө артына кетенчиктеп кетти. «Мен байыш үчүн барганы жок райпого, партия жибергенинен бардым. Сен айткандын баарысы он уктасам түшүмө кирбеген жат нерселер. Антип мени жийиртпегин, Карагул. Менин байлыгым элдин ишеничи, партиянын ишеничи. Андан ажыраган күнү менин жашоом токтогону. Түшүндүңбү? Биз эч кимдин жардамына муктаж эмеспиз. Сабира экөөбүздүн тапканыбыз айына үч жүз сомго жакын. Аны билесиң, мугалим. Мындан артык дүнүйө тууралуу ойлогонубуз да жок. Башканын бир сомунан да пайдаланып көргөн жан эмеспиз. Пайдалангыбыз да келбейт. Экинчи минтип, менин жаныма акча кармап келчү болбогонуң. Бүгүнкү акмакчылыгыңы эч кимге айтпайын. Менин сага жердештик, жолдоштук жардамым ушул болсун. Эгер алар аныкталып калса, кантериңи билбейм. Анда мурдагы чондоруңан кантип бөлүнүп чыгып кеткениң түшүнүксүз. Иши кылып текшерүү тымызын жүрүп жатат. Чынын айтсам, анын башталганына анча болуп калды. Жыйынтыгын жакында угасың го» – деп Тазабек шарт бурулду да, короосуна кирери менен эшигин жаап, илгичин илип койду.

Тазабектин бул мамилесине ачуусу келген Карагул андан түз эле Садык досунукуна барат. Анда түн жарымына чейин арак ичишип, Тазабекке тиштерин кайрайт. Биз муну тууганспыш, жердешсип боорубузга тартканыбыз менен эл болбойт окшойт. Кайра боорго тээп атпайбы. Ишти козгогон, бирөөлөрдөн алдыртан сурамжылай жүргөн ушунун өзү көрүнөт. Экөөбүзден кетти акмакчылык. Мындай томаякты куттуу үйүбүздүн төрүнө эмне үчүн отургуздук? Эмне үчүн дүнүйөбүздү ага көрсөттүк? Көралбастык, ичи тардык кылып жатса керек да. Биздегинин жүздөн бири жок, ал томаяктын

үйүндө. Мындай ырк, бузарда эч качан болбойт да. Каап. Мейли, эми ушундан келгенди көрдүк. Бизди күткүлөгөн ушул экени чын болуп чыкса, анда балалык кездеги адатты кармата коёбуз да. Кандай дейсиң, Саша? – деп Карагул мастыгы менен тигинин далысынан мыкчый кармай бергенде, ал так ошол балалык кезиндегидей такалбай жооп берет.

– Сөзсүз. Биз эмнеден коркобуз. Ал корксун бизден.

* * *

Капталында таксинин чатыраш белгиси бар боз «Волга» жүгүнүн оордугунан араң козголду да, чукул бурулуп, жолсуз талаа менен жүрүп кетти. Подфарниктердин алсыз жарыгы чаңга оронгон жашыл чөп баштарын сылап-сыйпап баратты...

Ай болсо, адатынча булуттан жасалган көшөгөгө бирде жүзүн жашыра калып, бирде кайра суурулуп чыга келип, жаш жары менен ойногон жаш келинче өз калыбында, өз жолунда.

Элдин алды уйкуга кеткен маал. Июндун магдыраган бул жумшак түнүнө жана ага маашырланып, ыракаттанып, тезирээк үйгө жетип баласын эркелетүүнү, жарынын тамашасына кабылууну дегдеп бараткан Тазабек эми эки кишинин астында ажал менен алпурушууда...

Кыштакты артка калтырышкандан кийин машина дагы башка жакка бурулду. «Быякка бур, катуу айда» – деген буйрукту берип келаткан Карагул.

Машина бир убакта төш таянды. Эми ал шарп болгон уйдай араң жылып калды. Мотордун күрүлдөгөнү катуулап кеткенине чочудубу, Карагул: «Токтот!» – деди, катуу кыйкырып.

Баятан бери көк бетинде бөлөк-салак удургуган кара булуттар туташып кетип, эми караңгылыкты коюлантып таштады. Он чакырымча нарыда калган кыштак ичиндеги көчө бойлото илинген электр шамдары кыдырата коюлган ак чекиттердей биерге араң көрүнүп турду...

Үчөөлөп Тазабекти араң сүйрөп чыгышты. Узун бойлуу, нары алибеттүү немени шофердун жардамысыз чыгара

алышмак эмес экен. Жерге таштаганда, адегенде шылк этип башы тийди. Бир буту машинанын эшик кырында жатты дагы эле.

Тирүү болсо жок дегенде бутун серппес беле. Бүтсө керек кайран жигит. «Өлүп калган го ак жүрөгүбүз» – деди мойну коркойгон узун Садык. Анын бул үнүнөн эми баарына бел байлагандык сезилип турду. Өлүмдү мойнуна алган адам гана мындай кылмыштуу иштен кийин ушинтип жай, ары ишенимдүү унчугушу мүмкүн. Булар үчүн чындыгында эле баары бир. Өлүмгө өлүм менен жооп берүүнү мойнуна алып туруп, ошого барса керек да. Тиги тереңде учур, ыңгайлуу шарт күтүп жаткан ар бир адамда жаратылышынан канында жүрчү жырткычтыгы, мыкаачылыгы, кара мүртөздүгү, таш боордугу үстөмдүк кылган кезде гана адамдын колу азыркыдай эң жогорку кылмышка көтөрүлөт окшобойбу.

Ошентип бул экөө Тазабектин көзүн кандай болбосун тазалоо керек деген бүтүмгө келип, арак ичишип, акырында нан кармашып, куранды ортого сала, орундарынан турушкандан бери өч алуу максатынан чыккан жек көрүүчүлүк сезими жетелеп, ар кандай кылмышты, ошонун ичинде өлтүрүүгө чейинки кылмышты моюндарына ала аттанышкан. Келечек, бала-бакыранын тагдыры, өздөрүнүн башына түшчү күндөр жөнүндө такыр ойлошкон эмес. Тулку бойлорун көр намыс бийлеп алган эле.

– Болор иш болду. Эми кеңешип алалы жакшылап, – деди Садык. Анан ойлонгондой чекесин кармаган бойдон артына бурулуп, эки кадам нарыга бут койду да, кайра токтоду. – Бул ишибизге күбө жалгыз түн, – деди төбөсүн тиктеп. Ушул тапта жанатан бери ыйлап жиберчү адамдай түнөрүп араң турган асмандын так бул тиктей берген тушунан түрк кылычындай иймейген ак шоола жарк этти да, карс-курс деген айбаттуу добуш кошо чыкты. Тер, чаң аралашып тигинин бети жер казган чочконукундай балит экени ушул секундга созулган жарыктан бир көрүнүп, жок болду. Көздөрү да кутурган иттикиндей кызыл эле. Түн жамына артынан жете келген куугунчу так мандайынан кылыч көтөргөндөй,

алиги жарыктан жана ага удаа чыккан добуштан улам, колу менен бетин далдалай тиги отура калды. Адам өлтүрүүгө бел байлап чыккан «Энеден бир туулдук, бир өлдүк» – деген ант сөздү ичинен нечен кайталаган, анысын ишке ашырып эрдемсинип турган ал, эми көк бетинен дүрт эткен чагылгандын жарыгынан коркуп жалтанып кетип, бетин баса отура калгандыгы үчүн уялып ордунан дароо тура келди. Бирок алиги чагылгандын дүңгүрөтө чуу салып өтүшү, анын бут астында тепселип калган кейпин кайра кийгизди белем, безгектей калтырап-титиреп кетти... Алар эр кишинин колунан келчү ишти аткаргандыгы, антташканы эсине түшө калдыбы, айтор бериге бурулуп, дагы үч-төрт кадам шилтеди да, жанагыдан пас добуш менен муну булдуруктады. «Баары бир таба алышпайт. Баягыны иштейбиз да?»

– Ооба. Ошентебиз.

– Аныңар кандай эле?

Бул шофердун берген суроосу. Колу-буту тийбегени менен Тазабектин өлүмүнө өзү да себепкер экенин, тигинин өлгөнүнө көзү жеткенден бери, жаагынан түгү чыга коркуп турган неме эми берки экөөнү тиктеп жалдырады.

– Баса, сен билбейсиң да, биздин алдын ала даярдаган планды. Муну биз өлтүргөнүбүз жок, аты сүйрөп өлтүрдү. Түшүндүңбү?

Шофер башын көтөргөн жок. Демек түшүнбөдү булардын сөзүнө.

– Мас неме атты чапкан, анан жыгылган, үзөңгүгө буту түшүп калып, сүйрөлгөн.

– Түшүндүңбү эми?

Шофер ого бетер дулдуйду.

– Ошондуктан азыр мунун атын алып келебиз биерге.

– Үзөнгүгө бутун салабыз да, ээр-токулгасын капталына оодуруп туруп, айдап жиберебиз. Эми түшүнгөндүрсүң?

Шоферго булардын мыкаачылык планы жетип турса да, башын көтөрүп унчуккан жок. Нарыга басып кетти.

– Жанагы ручка тийген баш, ташка тийген баш болуп чыга келет. А жагынан кам санаба, – деди али да мастыгы тарабаган Карагул.

– Андан көрө иче турганыңан калды бекен машинада? Калмакты артынан тиктеди.

Ушул кезде кек бетинен төмөнгө самсаалаган кара булутту ак жарык дагы бир жолу чарт кесип таштады да, ааламды бүт титирете күн күркүрөдү... Ошол замат бул үчөөнүн шойкомдуу сөздөрүнө кулак түргөнсүп, нары капталда түмшугу өйдө караган боз машинанын үстү эшиктин бирөө черткилегендей тырс-тырс этти. Жамгыр жаап келди...

Шофер алып берген шишени берки экөө стаканга куйбастан, оозунан эле кулкулдата ошо замат ичип коюшту, анан билектери менен эриндерин сүртүшө, машинага кайрадан отурушту. Машина жанагы изи менен эми артына жонөдү. Анын подфарниктери гана жанып баратты.

Бая Тазабекти бөктөргөн жерге жеткенде, үчөө тең машинадан түшүштү. Жол четиндеги тизеге чаап, жамгырга шөмтүрөгөн экинчи орум бедени аралап, бир аз басышкандан кийин бирине-бири шыбырап токтоп калышты. Анан үчөө үч жакты көздөй кетишти. Атты издеп жүрүшөт алар. Болжогон жерден ат көрүнбөдү. Бедеден алыс кетпейт деп ойлошкон.

Чуу салып, башкаларга билдирип коёт деген ой менен машинадагы ручканы ала коюп, Карагул башка чапканда бир кыйкырганга араң жараган ээсинин коркунучтуу добушунан жалт бере үркүп, укуруктай мойнун көтөрө жерге сүйрөлгөн чылбырын баспоого тырышып, бир жагына ыктай текиреӊ салып жөнөгөн карагер бул кезде айылдын экинчи тарабындагы бедени аралап жүргөн. Тигилер Тазабек менен алек болушуп, анын качканын байкабай калган. «Каап, бирөөбүз минип, машинанын артынан чаба бергенде туура болмок экен».

Канчалык эрдемсинишкени менен шашып, апкаарып калышканын Карагул бедени аралап баратып биринчи ойлоду.

Баягыдан да катуулап жааган жамгырдан шөмтүрөгөн үчөө жарым саатка жетпей кайра жолугушту. Машинага кайра отурушту. Арактары да түгөнгөн эле. Антташып

алганга чейин тоё ичишкенден калган бир жарым шишени Карагулдун буйругу боюнча шофер машинасына салып койгон. Акыркысын жана ичишпедиби. Үчөө тең өз орундарына отургандан кийин эмнегедир, удаа үшкүрүп жиберишти. Өтмө катар өткөн жамгыр ичимдиктин заарын соруп алган белем, же алдын-ала түзгөн пландары ушул жерден бузулганы жатканын сезишкендиктенби, айтор жели чыккан чаначтай шылпыя беришти.

– Эми эмне кылабыз? – деди Карагул артына мойнун бура берип. Сары чынжыры саландаган ачкычты кармалап машинаны жүргүзүүгө даяр турган шофердун башы да шылкыя үн-сөзсүз. Ичкилик ичпеген анын көзү бул иштин аягы эмне менен бүтөрүнө жетип, ындыны өчкөн. Айласы канча. Карагулдан карыш алыстасынчы, эмнени көрөр экен. Ал өл деген жерде өлүп, тирил деген жерде тирилүүгө тийиш. Аны эрезеге жеткирген ушул Карагул. Ата-энеси жашында өлгөн. Алардын өңү-түсүн деле билбейт. Демек Карагул ата да, эне да. Жашынан кынк эттирбей башкарып келаткан Карагул эмне десе аткарып көнгөн неме эми ошонун тилинен чыга албай, адам өлтүрүүгө да катышып отурат.

Жана чагылган биринчи жолу жарк эткенде: «Эмне иштеп жатасыңар, каракчылар?!» – деп бирөө так бешенесинен кылыч көтөргөндөй селт этип, анан калтырай баштаган Калмактын ошол калтыраганы али басыла элек, убакыт өткөн сайын анысы басайбастан, кайра артып баратат. Кээде туруп, башын мыкчыган бойдон машинадан чыга кыйкырып, бет келген жакка чуркагысы: «Адам туруп, адамды өлтүрүштү! Кармагыла, мыкаачыларды! Мына, мен көрсөтөм, мен таап берем аларды!» – деп жөнөгүсү келет. Ушулардын кылмышын гана жаап-жашырыш үчүн түнөргөн бүркөө асманды жаңырта кыйкырып, уйкудагы элди, бүтүндөй кыштакты түп көтөрө дүрбөлөң салгысы келип кетет... Бир туруп, машинаны жүргүзгөндөн кийин шарт бурулуп, милицияны көздөй чаап: «Мына, эми кандай жазага тартсаңар, өзүңөр билгиле! Өзүм келдим. Буларды кошо алып келдим. Адам өлтүрүштү булар. Мен

да катыштым. Коркконуман, агамы сыйлаганыман, ага каяша айталбаганыман катыштым. Эми билгениңердей жазалай бергиле» – дегиси келип кетет...

Тигилер машинанын рулуна асылышары ыктымал. Анда машина жарга, же, даракка, а балким тамга урат. Үчөө тең өлөт. Өлүшсө, эмне болмок эле? Тазабекти үчөөлөп өлтүрүштү го. Андан эмне өзгөрдү? Ошол жер.. Ошол асман... Ошол эле адамдар азыр уйкунун кучагында, бул жакта болуп жаткан шойкон менен сокур тыйынчалык жумушу жоктой көшүлүүдө. Ошол тоолор... Ошол эле эгиндер. Ошол эле мал. Кыскасы, эч нерсе кемибеген, эч нерсе бөксөрбөгөн. Баягы эле тиричилик, өз нугунда, өз калыбында коробой тургансыйт...

Калмактын бүт денесин калтырак басты. Кар үстүндө отургандай муздап, жаагынан түк чыгып, булчуң эттери кыймылга келди. Тулку боюна ушул убакка чейип сезбеген алда кандай күч-кайрат агылып кирип жаткансыды. Ачкычты ойногонун токтотту. Каардана, баштады. Кимге?... Өзү да билбейт. Тазабектин акыркы сөзү угулду кулагына: «Жедиң! Адам жок беле?! Адам жок беле?...

Эсине келгендеги, чыкый тушуна ручка менен урулгандан кийин, адам эмес, ичине эгин салынган каптай, анын сулк жатып калган денесин машинанын арткы диванына сүйрөп киришип, буттарын бүгүлө үстүнө экөө минип отургандан кийинки биринчи минуталарда айткан ушул сөздөрү азыр мунун кулагына угулду: «Адам жок беле?...» Арачалар адам жок беле дегени го? Адилеттик кылар адам жок беле деген го? Жансоогалаганы го? Эмне үчүн анын кыйкырыгына, өлүм алдындагы кыйкырыгына адамча жооп бере албадым? Эмне үчүн?..».

Калмактын башы шарт көтөрүлүп, көздөрү чакчайып чыкты. Бет алдын тиктеди. Чылк караңгылык. Машинасынын маңдайкы айнегинен жамгыр суусу көз жашындай төмөн карай жылжып жатты. Ушул көрүнүш ага эмнегедир Тазабектин аялынын, баласынын көз жашын, күнөөсүз төгүлгөн көз жашын элестетип жиберди... Өпкө-боору шишип бараткансыды. Алкымын жаш бууй баш-

тады... Айнектен төмөн агылып жаткан жамгыр суусун тиктегенден талган көздөрүн жума бергенде, чынында эле эки чоң тамчы жаш киндик тушунда түйүлүп турган эки муштумуна барып тамды. Калмак сол колу менен эшикти шарт ачты да, караңгылыктын кучагына сиңип жок болду... Карагулдар тигинин чыгып кеткенин көрүп турса да унчугушпады. Ой ошончолук ороп калган эле.

– Эмне кылуу керек? – деди дагы бир жолу кыска мойнун эч жакка бурбастан чылк караңгылыкка үңүрөйө тиктеген Карагул.

Эч кандай жооп болбоду. Садык жаак эттерин түйүлтө, тиштерин кычыратып, бар жаалын бетине чыгарып, бу кезде тигинден бетер каардана ойлонуп калган...

– Тирүүсүңбү? – деди эч кандай үн чыкпаганга эми ачуусу келген Карагул тигини колунан чап кармай.

– Азырынча тирүүмүн, бирок...

– Бирок өлгөнгө окшоп турасыңбы?

Карагулдун тулкусундагы баятан берки бийлик кылган «эрдик» сезим азыр агылып алда кайда сиңип кеткендей, анын ордуна алда кандай көңүлсүздүк, коркунуч агылып кирип жаткандай куту качып, жүрөгү опкоолжуп бараткана карабастан, шеригин ушул сөзү менен дагы бир нерсеге шыктандыргысы келгендиги байкалып турду. Али иш аягына жете элек эмеспи. Адам өлтүрүлдү, эми анын изин билдирбей таштоо керек. Эр болсо: «Душманымы өлтүрдүм, эми силер мени өлтүргүлө, өзүмө-өзүм колум көтөрүлгүдөй эмес» – деп милицияга барыш керек эле. Антүүнү оюна да алган эмес. Кандай болбосун, бул иш билинбей калууга тийиш. Карагулдар жашоосун улантышы керек. Ал эми андайлардын «жыргалына» кол сунуп, тынчтыгын бузган Тазабек сыяктуулардын өмүрү жанагинтип мезгилсиз кыйыла бериши керек. Карагулдун сөзү чын эле беркинин өчүп бараткан ындынын бир аз көтөрүп койгонсуду.

– Кой, Каке, антпеңиз, бизге кара санагандар өлүп турсун азырынча. Ошол өлбөстүн жолун издеп атам мен дагы. Сен деле ошону ойлонуп атканыңды сезип турам, жинди эмесмин да. Мастыгым тараган сайын ойго ар балакеттер

келип, көзгө алда немелер көрүнө баштады. Кап, арактын ада болуп калганын...

– Сенин бар эрдигиң арак менен экен да? Суута түшкөн чычкандай титирей баштапсың. – Карагул ушунусу менен да тигинин кайратын мурунку калыбына келтирүүнү каалагандыгын жашырбай, бартыгый манжалуу кыска колу менен анын жылаңач, ным билегинен мыкчый кармады.

– Жамгырдан чыйрыгып атам. Эмнесинен коркмок элем? Болор иш деги болду. Эми мындан аркысын көрө жатабыз. «Корксо да кой өлөт, коркпосо да кой өлөт, – дегендей эми баары бир», – деди бул коркунучтуу кылмыштын бети ачылып калса, анын жүгүн бөлүшө турган жанында киши бар экендигине дымак байлагансып.

– Кана, эми эмне кылдык? – Карагулдун суроосун эми Садык кайталады. Анан ага өзү жооп берди.

– Жайдын түнү кыска эмеспи, шашылалы. Таң атпай изди жашырып бүтүшүбүз керек. Ат берген коңшусуна барам. Аты жем жеп жүрсө, үйүнө барат да. Анан Тазабектикине барам. Мага карындаш сөрөй эмеспи, Тазабектин зайыбы, демек менден эч кандай шек санашка акысы жок».

Ушуну айтып Садык дагы саамга дым тартпай отурду... Дагы ойлонуп кеткенсиди... Анан: – Ошентип, үйүнө барамын. Күйөө бала кайда деймин. Таң аткыча күтүп отура беребизби? Тамак муздап калбадыбы? Күндүз жеңеңи жибердим эле, эми чыдабай өзүм келдим дейм. Эгер ат барып калса, ээси келип айтты да алигиче. Ал чочулап отурган чыгар элеңдеп. Анан ошону айтат: «Аты келиптир, өзү жок. Түн бир убак болуп калды. Андан көрө дагы сурап берейин, атын минип, кабар алып келсеңчи, – деши ыктымал, минтип айтарына көзүм жетип турат. Анткени жаш баласы бар. Жаңы жолго кирген. Анысы менен кайда издеп бармак эле. Анда кудайдын бергени. Куп деген бойдон атты минемин. Ал менин боорукердигиме, элпектигиме кубанат. Мен, иштин өзүнөн-өзү оңунан чыканына кубанам да, кете берем. Бул оюма эмне дейсиң?...»

Эми Садык тигинин билегинен аткый кармады. Ушул план башына келе калганда баятан бери жүрөгүн кысып

кирген кыжалаттуу ойдон, коркунучтан алыстай түшкөнсүп, Садык кубанып кетти. Карагул кантип из жашыруунун жолун таппастан, карбаластап турганда ушундай ой тигинин башына келе койгонуна чындап сүйүндү. Мойнунан имере кучактап, өзүнө карай тартты: «Жарайсың, Саша! Мына ушинтмексиң. Андан аркысын айт эми, акылманым, – деди Карагул арактын күчү кайрадан денесине агылып киргендей кызуулана.

Бул мактоого эрдемсий түшкөн Садык оюнун калганын түшүндүрдү:

– Ошентип тиги жаткан жерге барам. Ээр-токулгасын капталына оодуруп, тигинин бир бутун үзөңгүгө салам да, атты айдап жиберем. Анан силерди издеп табам. Аракка тойгузасыңар дагы бир жолу. Түн жарымы ченде тиги үйгө дагы барам. Күйөө жигит келдиби? – дейм теңселе туруп. Албетте, жок дейт. Ыйлап жибериши да мүмкүн. Таптыңыз беле деп сурайт. Ооба дейм. Жолдун четиндеги беденин арасында жатыптыр. Мас экен, бырылдап уктап жатыптыр. Жаандан чыйрыкканбы, колу-буту жыйрылып, бүрүштөп жатыптыр. Араң-зорго ордунан тургузуп, атына мингизип, анан өзүм артына учкашайын десем, атка мингенден кийин эсин жыйып алды окшойт, сен өңөрүп баргыдай жаш бала эмесмин», – деп мени көкүрөгүмөн ары түртүп жиберип, чаап жөнөгөн. Ошондон ары кете бергенге көңүлүм чыдабай, кабар алып коёюн, аман-эсен үйүнө жетти бекен деп жамгырдан шөмтүрөп келатканым. Карындаштык жайың бар эмеспи. Сенин көңүлүң, сенин кадырың үчүн гана келип отурам, карындашым? – деп көзүмү жашылдантып, үнүмү каргылдантып, алдына ары-бери чайпалып тура каламын. Буга кандай дейсиң, досум?

– Ап-бали, сендей акылман досум бар экен, мен эми өлбөйм. Көлгө түшпөйм, кеттик! – деп Карагул кубанычтуу барк этти.

Калмактын ордунда жогун эми гана көрүшкөндөй экөө тең жарыша: «Кана?» – дешти.

Бу кезде бирде суу чөпкө жыгылып, бирде кайра туруп, чаңкаган таандай оозун чоң ачып, тандайы кур-

гап, таноолору кериле араң дем алып акактаган ал эки чакырымча жерде чуркап бараткан. Кайда? Эмне үчүн? Ким билсин. Оозунан араң чыккан деми менен кошо араң угулган мына бул сөздөр караңгылыкты так жарып, бирде мында, бирде тигинде калып жатты. «Адаммынбы?» Адам эмесминби?... Адам барбы? – деди го. Мен жооп бере алганым жок. «Ооба, адам бар. Мына, менмин! Мен сизди өлтүртпөйм. Мен мына, арага түшөм. Өлсөк экөөбүз тең өлөбүз!» – деп айтууга, өлүмдүн келе жатканын көрүп туруп, ушуну айтууга күчүм жетпеди. Жүрөгүм айтып турганды колум менен иштей албадым. Ушул менин адамдыгымбы? Жок!... Адам эмес экенмин!... Эми түшүндүм өзүмдү-өзүм. Адам эмес экенмин! Өмүр менен өлүм тирелише келгенде, өмүргө аралжы боло албагандан кийин, менин адамдыгым кайсы?...

Катуу жүгүрүп баратып жыгылган немедей жүрөгү эңшериле берип, калың беде баятан бери буттарына оролуша алдан тайган Калмак эки колун төмөн салаңдаткан бойдон чоң арыктын кашатына жетип, энтиге отуруп калганда, анын мойнунан ысык кол кыса кармап, жерди көздөй ныгырды, «Каякка качасың, акмак? Сени деле кошо өлтүрүп, экөөңүн куныңу бир төлөйүн! Баары бир өлүмдү мойнуна алган кишимин. Акыры башта бир өлүм!...»

Буларды айтып кышылдаган, чындап эле мууздап жиберчүдөй кош колдоп тамактан бууй жерге ныктап, оң буту менен далыга тээп турган агасы Карагул экенин Калмак жазбай тааныды... «Кечир, аке, кечириңиз. Качканым жок... Азыр кайра бармакмын... Чаңкап кеттим... Суу издеп жүрдүм эле. Суу издеп келдим быякка. Кечириңиз, аке. Сизден бөлүнүп каяка бармак элем. Сиз өлгөн жерде өлөмүн. Сиз тирилген жерде тирилем, аке. Кеттик! Туруңуз, кеттик!» – деп кырылдады, агасы азыр муздак бычак мизин алкымына тартып жибере тургансып коркуп кеткен Калмак.

– Суу, суу издеп жүргөнмүн. Чакырсаңыз эле чуркап жетмекмин» – деп дагы жансоогалап кырылдады.

– Кантип кыйкырам? Жиндисиңби? Бирөө укса эмне дейт? Эмне иш кылып жүргөнүбүз эсиңен чыгып кетти-

би, акмак? Анын үстүнө түн болсо. Сени даарат ушатып жүрөт десе...

Бул сөзүнөн Карагулдун ачуусу жанагыдан басандаганы билинип калды. Колдору тигинин күрөө тамырлары көөп, нары ысып чыккан мойнун бошотуп коё берди.. «Ачуу менен жайлап коё жаздадым. Жакшы, ажалың жетпеген экен, үкөм. Жүр эми, алдыма түш. Садык акең тыякта сонун план түзүп койду. Ошонун айтканындай болсо, из жабылат да калат. Сен эмнеге коркосуң? Колго түшсөк да, биз жооп беребиз. Тиги экөөбүз моюнга алабыз. Сен эмне? Биздин гана буйрукту аткарган кишисиң. Суракта да, кудай анын бетин ары кылсын дечи, сенин айтарың белен. Акем, ошондуктан анын айтканын кылбай коюшка акым жок. Мен анын баласындай болуп калганмын. Буйругун аткарууга кичинемен көнгөмүн дейсиң да, кутулуп кетесиң. Кол менен иштегениңди баш менен тартуу керек. Илгертен келаткан тартип ушундай. Ошондуктан биз баарына бел байлаган кишибиз. Эмнеси болсо да, көрдүк. Тазабекке окшогондун тилин угуп, кордугун көргөндөн жашабай койгон оң. Бирок аракет кылып көрүү керек из жашырууга. Билгизбей коюу үчүн, бар аракетти жумшап көрөлү. Аныбыз оңунан чыкпаса, көрдүк да бешенедегини. Анын эмнесинен коркуш. Адамдар согуш маалында өлүмгө барышты го билип туруп эле. Биз эмне, алардан артыкпызбы?»

Карагул бул сөздөрдү инисинин колунан кармай бери жөнөгөндө акырын шыбырай, бирөө угуп, же көрүп коё тургансып, аяк-быягын аңдый тиктеп, ууру кишиче сактык менен басып келатып айтты. Машинаны көздөй келатышты. Анча жүрүштү. Бир нерсе эсине түшө калгандай, Карагул анан тигинин колун коё берип, лөкүлдөй чуркады. Садык кетип калбасын деп чочулады көрүнөт. Арт жагын дагы жалт карап алып, Калмак оюндагысын ишке ашыра албаганына өкүнгөндөй, чечкиндүү минуталарда өз керт башынан коркуп, дилиндеги сөзүн да тышка чыгара албай турган бечара экендигине дагы бир жолу көзү жеткендей көңүлү чөгүп келатты. Энесин ээрчиген күчүктөй агасынын артынан аны туурагансып, бу дагы анан жортконго өттү...

– Суу издеп жүрүптүр. Аракты биз ичсек, бул эмнеге чаңкайт десең. Арыктын жээгинен таап келдим.

Карагул инисинин ичиндеги арамзалыкты боолготуп билсе да, билмексенге салып, беркиден жашыргысы келди көрүнөт.

– Суу издеп жүрүптүрбү? Же качканы калган бекен? – деди тиги шектүү карап. – Тумшугу ысык ашка тийсе да, кыңшылап качкан күчүк да булар. Жакшылык да келбейт булардын колунан, жамандык да келбейт. Булар ар-намыс дегенди билишеби. Бирөө сенин үстүңө чыгып тебелеп жатканын көрсө да, унчукпай жандап өтө берчүлөрдөн да азыркы жаштарың. Арага киргенден уялат имиш. Калыстык, адилеттик керек имиш буларга. Чындык үчүн атасын да, бир тууганын да аяшпайт имиш. Тазабектин тукумунан да бул иниң. Эртеден бери биздин ушул ишибизди колдоорун бир сөз менен да билдирип койгон жок го. Ушундайларга жарабайт азыркы жаштарың. Менин да иним бар эмеспи. Аны да байкап жүрөм. Башкаларды деле көрүп жүрөм. Бир балакет, азыркы балдар. Урууну айтсаң, түшүнбөйт. Жериңи айтсаң, түшүнбөйт. Таяке-жээн дегенди билишпейт. Тууган-урукка боор тартканды билишпейт. Камчы көтөрсөң, кошо камчы көтөрүшүп, союл көтөрсөң, кошо союл көтөрүшчү күйөрман туугандарды азыр таба албайсың, Карагулум. Мен окшогон досторуң жарайт дагы ишке. Көрүп жатпайсыңбы, бир жолу да солк этпестен, артыма карап кылчайып койбостон, сен эмнени иштесең, ошонун баарын мен да иштеп атамын. Муну билип койсоң. Кудай жамандыгын салса, анысын да бирге көтөрөм, көрүп турасың. А муногуң мурдунан маңкасын аарчый албай калат андай болгондо» – деп учуру келе калганынан пайдаланып Садык өз баркын досунун алдында дагы бир жолу көтөрүп, Калмактын шагын сындырды.

Калмак үндөгөн жок. Мунусу менен да тигинин айткандарын ырастаган бир байкуш – бечера кейпин кийди. Жүдөө, нары алсыз көрүнүп кетти.

– «Өзүң жарайсың, Саке, ишке, – деп бая эле айтпадымбы сага. Дагы эмнени жобурайсың. Мен мындай ишке

аттанарда, өзүңө ишенип аттангамын да. Калмакка окшогон жүүнү боштор менен эч кандай иш бүтпөсүн билемин мен деле. Кана, убакытты өткөрбөй сен жөнөбөйсүңбү жанагы планыңды аткарышка? Биз акырын жылып барып, кыштактын этек жагынан күтөлү сени. Кана, жөнө».

– Болуптур, мен кеттим. Кыштактын четинде эмне бар? Азыр элдин баары уйкуга кирди. Акырын үйгө барып, ысык төшөккө жата бериш керек. Мен ишти жанагыдай бүтүрөм да, туура эле үйгө келем. Андан көрө жакшылап закуска даярдап, арактын оозун ачып тура бербейсиңби, Каке? Ушундан жакшысы жок. Иш оңунан чыкпаса да, үйдөн табайын. Суу болуп да кеттиң. Кийимди алмаштырып алышың керек.

Садык досуна кам көрө унчукту. Бир мүнөттөн кийин ал караңгылыкка сиңип кетти...

– Үйгө барууга али эрте, – деген Карагулдун сөзү аны араң кууп жетти.

Садык Тазабектин дарбазасына келип токтогондо, түнкү саат он экиден өтүп калган эле. Бирок Сабиранын чырагы өчкөн эмес. Адылдын үстүнө жабылган ак шейшептин үстүнөн акырын-акырын таптап, ал керебет кырында ойлуу жаткан. Тышка кулак түрөт. Шырп эткен добуш чыкса селт этмек. Аңгыча дарбазанын чоң чынжыры шырк этип ачылып кетти. Аны ондон кийин Сабира өзү салган, күйөөсүнөн дарек болбогондон кийин салган. Ошол эми кайра ачылды. Кеч кайткан күндөрүндө Тазабек ушинтип аччу. Эки канаттын ортосундагы кол батарлык жылчыктан ушинтип аччу. Эми келсе керек. Сабира акырын ордунан козголду. Адылын карап туруп калды бир азга. Тазабек экөөнүн баш кошконуна он биринчи жылга караганда төрөлгөн Адылга экөө тең өзгөчө үйрүлө түшө калып жүрүшөт. Карыш алысташса эле – көз алдыларында Адыл. Күндө мектепке баратканда Сабира алты айлыгынан тартып, аны көчөнүн башындагы апасына таштап кетип жүрөт. Расписание боюнча сабагы жок болуп калса, жарым саатка болсо да чуркап жетип, Адылын эмизип келбесе, анын кумарынын ташыганы ташыган. «Бара бер, мен ой-

гонбоймун» – дегендей Адыл атасыныкына окшогон калың эриндерин болпойтуп мемиреөдө…

Алдынан чыккан Тазабек эмес, Садык экенин көргөндө, Сабира чочуп кетип, аркасына кетенчиктеди. Көйнөгүнүн топчулары чыгып жүргөнүн, жана Адылын уктатууга жаткырганда эмчегин бери чыгарып ага эмизгенин, ошол бойдон топчулоону унутканын эми гана эстеп, көкүрөк тушун эки колдоп баса калды.

– Келиң, Садык аке, келиң. Мен… Мен…

Сабира коркуп кеткендей артына кетенчиктегени үчүн анын алдында эми тайсалдап калды.

– Жезде келдиби?

– Жок го? Кирип отура туруңуз үйгө, келип калар.

– Конокко чакырсам, барбадыңар. Баягыда жакшылап коноктой албай калган элек. Келбегениңерден, таарынып, өзүм иче бериптирмин. Анан мас болуп, уктап калыптырмын. Ойгонсом ушул убак болуп калыптыр. Тамак али казандан чыгарыла элек. Дагы бир кабар алайынчы деп келдим эле.

– Келсе, бармакпыз. Жеңем айтып кеткен да күндүз. Жок го. Эрте эле келем деген.

– Ушул убакка чейин келбептир, демек барган жери жайлуу болуп калган го. Келсе, айтасың да, эки жолу келип кетишти деп.

Сабира узатып, аны менен дарбаза сыртына кошо чыкты. Тигинин карааанын түн соруп кеткенче шектүү карап турду… Жүрөгүнүн согушу, эмнегедир эми тездей баштады… Ат эки короодо тең жок эле. Садык дарбазага кирери менен ошону издеген. Көрүнбөгөн соң, кетүүгө шашты.

Карагулга жетип муну айтканда, тишин чукуп, бир аз ойлоно калды да, машинаны көздөй басты. Отурушуп, Тазабектин эсин оодарып, анан машинага баскан жерге кайра келишип, тегеректи дагы издешти. Бир жерден аттын кошкурганы угулду эле, барышса, арабага кошулган аттар экен, экөө жанаша оттоп жүрүптүр. Моюндарында каамыттары, жондорундагы постромкалары менен экен. Араба ары жакта жүгү менен турат. Кайра жол жүрсө ке-

рек. «Ээси арабанын үстүндө жаткан го», – деп болжолдоду жанагы добуш чыккан жакка биринчи жеткен Карагул.

Мезгил түн жарымынан оой баштады. Тиги экөөнүн ичиндеги арак да тарап бүткөнсүдү. Ошондон уламбы, Карагулдун ичкиликтен, нары уйкудан калганга канталап кызарып чыккан көздөрүнө, Тазабектин чөп илешкен, ылай, топурак жабышкан бети-башына кан катып, кебетеси бузулган сөлөкөтү сүйрөлүп ордунан туруп бараткандай көрүндү… Жүрөгү шуу дей түштү. Өлүм келип, маңдайынан көрүнгөндөй денесин муздак нерсе аралай чапты. Тазабектин сөлөкөтү, ал азыр көзүнө элестеткен сөлөкөтү ушинтип өлүм кейпин кийип, аны көздөй келаткансыды. Бетин ачуу үчүн, элдин алдында маскара кылуу үчүн, өлгөн жеринен тирилип туруп келаткансыды. Жүрөгү дагы куушурулду. Артын көздөй тартты. Эртеден бери тулку боюн каптаган ысыктын ордуна эми мойнуна чаар жылан ороло баштагансып, бүткөн бою муздап чыкты. Жаак булчуңу ары-бери кыймылдап, кайрадан жаалы келе баштады… Алиге чейин каны жуулбаган, топурак, тер аралашып чамбыл ала болгон колдорунун муштумдары түйүлө түштү. Кайрадан мурунку абалына келгенсиди. Тезирээк жетип, эми гана ордунан сүйрөлүп араң туруп келаткан Тазабекти алка-жакадан кармап муундургусу, кайрадан машинанын ручкасы менен баштан ары берип калгысы келип кетти. Антпесе, анын ордуна өзү өлүүгө тийиш да. Өлгөндө да бүткүл журттун алдында бети ачылып, шермендеси чыгып, анан өлгөнү жатпайбы. – Калмак, айда, баягы жакка. Тазабекке кайра барабыз. Бир жакка жылып кете элегинде, жетели» – деп титиреди.

… Тазабек жаткан жеринде жок экен…

* * *

Чагылгандын эки-үч кайталанган жарыгында «Волганы», анын жанында котолошкон, бир туруп уурдаган буюмун жашыра албай алдастаган ууруларча шашкалактаган үч карааңды, бийик арык кашатында тизесине ак ыштан багалегин түрүп алган, кетмен сабына ээгин жөлөгөн Се-

метей көргөн эле. Тигилер машинага отуруп жөнөй бергенде, дагы бир жолу кындан суурулган кылычтай айбаттуу жарк эткен чагылган түнөргөн булутту тең кескен соң, ийри-буйру агыш из жерге жетип сынгандай, карс этип чыккан каардуу добушка удаа жанагы машинадан үч-төрт метр арыдагы суналып жаткан карaанды дагы көзү чалат. Машина артындагы кызыл көздөрү менен ага тиктебей калганда гана Семетей кетменин ийинине арта таштап, ошол жакка карай баскан. Чоңордон коркобу, сан эти салбырап бошоң тартып калган, тизесине чейин суу арык бутун анда-санда бир коюп келе жатты. Булуттар чагылгандын өткүр мизи менен шалоолонуп тилинген сайын кетменин ийининен ала, тизеге чапкан суу бедеге ката коёт.

Прибой папиросун чекчү ал дайыма. Армиядан ала келген өнөрү ушул. Сугатта жүргөндө да анын эрмеги ошол тамекиси. Суу сугарганда көйнөгүн чечип таштап, чапанды жылаңач этине кийүү Семетейдин башынан келаткан адаты. Прибой папиросунун жыртык кутусу менен майланышып, тегерек чети кырылган ширеңкени жылаңач көкүрөгүнө алып жүрөт.

Жанагы карaанга жетип токтоду. Белиндеги аскерден курчана келген, бу кезде эскилиги жетип, кубарган кемерин ылдыйраак жылдырды да, койнунан ысык күкүрттү алып чыкты. Башы менен төбөдөн себелеген жамгырды тосуп туруп ширеңке жандырды. Ушул жамгырга ыракаттангандай кулачын кере аштап чалкасынан жаткан алиги карaан адам экенин көргөндө, Семетейдин эси чыгып кетти. Кетенчиктеп алды. Жүрөгү алкымына каптала түштү. «Жанагылар каракчылар тура. Машина мунуку болсо керек да. Өлтүрүп, анан минип кетишкен турбайбы»...

Семетейдин башына ушул ой келди. Шаша аракеттенди. Жата калып, тигинин көкүрөгүнө кулагын тосту. Көөдөн тереңинен билинер-билинбес киркирек угулгансыды.

Семетей суу чөпкө чалынып-чулунуп арыдагы арыкка барды да, башындагы ак калпакка суу сузуп келди. Анан чөгөлөй калып, тигинин казандын артындай карайып, нары чоңоюп кеткен башын көтөрүп тизесине койду. Анан

аер-биерине кан, топурак батташып катып калган бетинен эркелеткендей сылай отуруп, оозун тапты. Ага суу тамызды. Суу корулдап кекиртектен анчада барып ары кеткенсиди. Корк эткенинен билди муну. Дагы бир жолу тамызды.

Саамдан кийин акырын онтогон үн чыккансыды.

«Тирүү экенсиң, байкуш», – деп чечти Семетей.

Тазабек алибеттүү эле. Таяктын зарпынан шишиген денеси, жамгырга, ылайга жуурулган кийим-кечеси аны ого бетер чоң кылып таштаган.

Эки колтуктан ала араң жылдырган Семетей бир саатча аны менен алпурушту. Бүткүл боюнан тер кетти. Үч-төрт кадам жылдырып эс алат, ошентип отуруп акыры тигини бийик кашаттагы үңкүр ташка жеткирди. Жана жамгыр жаап келгенде, өзү ошол таштын түбүнө далдаланган, аны калканч кылган болчу. Тазабектин баш жагын таштын астына киргизди. Буттарын өлүктүкүндөй бириктирип койду. «Жок дегенде жамгырдан башыңы далдалап коёюнчу», – деп күбүрөдү Семетей маңдайындагы терин калпагын бүктөй кармаган бойдон шыпыра берип.

* * *

Карагул менен Садык мектепте чогуу окушкан. Булардын аталары да көңүлү жакын, нары теңтуш кишилер эле. Колхоздо адеп жаңы көчө түшүп, анын эки тарабына кыдырата шиферленген үйлөр салына баштаганда, алар жанаша огород алышып, жанаша үй тургузушкан. А кезде Карагул менен Садык тиги Фрунзеден окуп жүрүшөт. Бири мединститутан, экинчиси айыл чарба институтунан. Экөө эки жерде окуганына карабастан, лекциядан башка убакытты дагы эле бирге өткөрүшчү. Студент деген аттары гана болбосо, анын кыйынчылыгын сезишкен жок. Ата-энелери эч нерседен өксүтүшпөдү. Алар бирине-бири аттаандаша акча, посылка салыша турган балдарына. Канча акча жибергени кимисинин оозунан мурда чыкса, кийинкиси сөзсүз андан жок дегенде он сом ашырып сала турган. Канчалык көңүлдөрү жакын кишилер болбосун, алардын ата-энелеринин ортосунда кандайдыр тымызын эрегишүү бар эле. Тиги

шаарда жүргөн балдары да кимиси канча акча, же посылка алгандарын студенттердин көзүнчө сөз кылып кала турган.

Карагул менен Садыктын кинодон, же театрдан калышкан күндөрүн жолдоштору билишпейт. Башка студенттер эртеңки күндүн, же келерки жуманын тамагы тууралу сөз кылып жаткан кезде, алардын кара костюм, ак көйнөк кийип (бул мода ошол жылдары жаңы чыккан), галстуктарды суйсалта тагынышып, оюн-шоок жайын көздөй моюндаша жөнөшкөнү башкалардын бир жагынан сугун түшүрсө, экинчи жагынан итиркейин келтире турган. Ал эми барган жагынан алар да ар убак чала кызуу кайтышар эле. Дуулдап экөө бөлмөгө киргенде, алты-сегиз саат лекция угуп, анан эртеңкисине даярданып көздөрү тунарган, баштары чарчагандыктан, жатары менен тырп этпей калган студенттердин баары ойгонушчу. Бирок Карагул менен Садыктын студенттик турмушу көпкө созулган жок. Үч жылга жетпей окууларын таштап кетишти.

Карагулдун бир артыкчылыгы – адамга жапакечтиги. Ишин бүтүрүш үчүн бейтааныш кишини деле мойнуна асылып, жалынып-жалбырып жиберүүдөн тартынчу эмес.

Анын жалгыздыгы ата-эненин демейде сезгич, байкагыч, көрөгөч көзүн карайлатып таштаган.

* * *

Асман булуттуу. Жамгыр сээлдеп калганы менен, кирпиктери ирмелсе эле мөлт этип жашы төгүлүп кетчү кайгылуу адамдай ал кайрадан түнөрүп келатат. Карагул менен Садык Тазабекти издеп эки жакка басып кетишкен.

Тымтырс… Караңгылык коркунучту ого бетер күчөтөт эмеспи. Калмактын жүрөгү опкоолжуй баштады. «Адам жок беле?» – деген Тазабектин көөдөнүнөн жарылып чыккандай алда кандай күч, алда кандай кыйынчылык менен айтылган сөз шак этип кулагына келип, кайрадан кадалды… Эми дүйнөнүн баарын, мындайда адамдын көзүнө, же сезимине гана батып-сыйып турган дүйнөнүн баарын азыр ушул сөз, «Адам жок беле?!» – деген Тазабектин канга какалып араң айткан сөзү гана каптап тургансыды.

Калмак бир кадам алга бутун койду. Карагул басып кеткен жакка үч-төрт кадам бут шилтеди да, команданы уккан солдаттай, ал шарт артына бурулду... Көктү тиктеди... Секундага бир орунда селейди... «Адам жок беле?» – деп кыйкырган бойдон далбаардай Тазабек көктөн төмөн түшүп келаткансыды. Жердегинин баарын ушул кыйкырыгы менен каарып келаткансыды... Калмак анын караанын даана көргөнсүдү... Эки колу менен бетин жаап отура калды... Ушул караандын тепсендисинде калып жаткансыды. – Анан тура калып, чуркап жөнөдү. Тизесине чапкан суу бедени аралап кирип кетти... Чалынып баратат... «Калмак, каякка? Соосуңбу? Калмак, дейм?!»...

Бул добуш каптал жагынан угулду. Карагулдун добушу эле. «Мен быяктамын, Калмак? Эмне жүгүрдүң? Калмак?!»...

Бул добуш куугунчунун добушундай тигини токтотпостон, кайра анын арымына арым кошту. Калмак баягыдан катуураак чуркады...

Инисинин качып баратканына эми гана көзү жеткен Карагулдун өпкө-жүрөгү оозуна каптала берип, көңүлү секундага эңшерилди да, анан дароо эсин жыйып алды бейм, артынан түштү. «Милицияны көздөй жөнөсө керек» – деген ой башына кылт эткенде Карагул бар күчү менен жүгүрдү... Суу беде тизеге чабылат. Алды жагына тирмие тиктеген, канга толгон Карагулдун көздөрүнөн караан бирде үзүлүп кетет да, бирде кайрадан илине калат... «Калмак, токто дейм! Жиндегенсиңби?... Токто дейм?... Карагул бирөө угуп койбосун дейби, энтиге араң-зорго ушинтип пас-пас үн чыгарып коёт. Ага менен ининин түн катып минтип куушуп жүрүшкөнүн бирөө-жарым көрсө, албетте, жакшы эмес. Булар жүргөн жер кыштактан бир топ окчун, ошентсе да мал-кел издеген, же түн катып мындайда чөп оргондор, сугатчылар жолугуп калышы ыктымал. Коркконго кош көрүнөт деп, анын үстүнө булардын көзүнө азыр туш-туштан баары эле аңдыган адамдарга толуп кеткенсиди...

Карагулдун мастыгынын тарай баштаганы ушул акырын-акырын чыккан добушунан билинип турду.

...Бирок Калмак токтогудай эмес. Артын бир кылчайып карап койбостон чуркап баратат... Берки да бар күчүн үрөп чуркоодо... Баягыдан Калмактын оор дем алганы угула баштады. Чарчап калды көрүнөт. Былтыртан бери бөрсөйүп курсагы билине баштаган, чүйлүсү чыгып, бети-башы көгүш тартып семире баштаган, азыраак басса эле энтикчү. Карагул анын бул абалын кайдан байкасын. Көмкөрөсүнөн кулаганы, мурду менен жер сайганы араң баратты... Калмактын карааны кайрадан алыстай баштады...

«Калмак!...» Эми тиги үнүнүн барынча кыйкырып коё берди... Бирок мунусу демейдегисиндей катуу чыккан жок. Өпкөсү көөп калганга го. Токтоп турду... Караан алыстагандан алыстай берди. Калмак анын баамында милицияны көздөй, азыр караңгыга оролуп, бак-дарагы менен кошо дүпүйүп турган, мындан беш-алты чакырым ыраактагы райондун борборун көздөй багыт алгансыйт...

«Коркок. Акмак!... Милицияга кабар берип, өзүн куткарып калууну ойлогон экен. Сениби, жеткен жеримде мууздап, экөөңүн жообуңу бир бербесем, Карагул атым өчсүн!» Көздөрү карайлап, эки чыкыйы тырсылдады. Эгер ушул секундада алдынан айкырып арстан чыкса да бир көз ирмебей алкымдан ала бой тирешмек. Тулку боюн жаал, жек көрүү сезими толук бийлеп алган. «Сениби! Мага бир тууганыңа көрсөтөрүң ушул болсо, сени жайлап тынайын» – деп каарданган Карагул ансыз деле баятан бери шөмтүрөгөн бедеге чабыла берип, суу болгон колдорунун алакандарына алмак-салмак түкүрүп-түкүрүп алды да, кайрадан чуркап жөнөдү...

Калмактын карааны аңгыча үзүлүп кетти. Көк бетинен каршы-терши агылган оор кара булуттар баары-жокту тумчуктуруп кармагандай теребел дымыгып, караңгылык коюуланып баратты...

Көздөрү чанагынан чыгып кетчүдөй чакчая алдын тиктеген Карагулдун байкоосунда тигил амал кылып, бедеге боюн сулк таштап жибергенсиди...

Оозун арандай ачып алган Карагулдун арышы баягыдан да арбыгансыды. «Сениби, сени!» – деп ызырынганы

андан бетер күчөдү. Коркунуч тигинин күчүнө-күч кошуп жибергенсиди. Коркунуч эмей эмне?

Калмак чындап эле милицияга барчу болсо, иштин бүткөнү ошол эмеспи.

Карагул досу экөө тең колго түшөт да. Адам өлтүргөндүгү үчүн кандай жаза аларын ал экөө тең жакшы түшүнүшөт. Биринчиден, көр намыс, экинчиден, ичкиликтин күчү менен иштелип калган иштин салмагы, кылмыштын салмагы жанатан бери, баштагы кек менен арак кошулуп пайда кылган жаалдын, ачуунун уусу тарай баштагандан бери сезилип калган. Сыртынан экөө тең бирин-бири колдомуш болуп, көңүл соороторлук сөз алмашып, «Акыры башта бир өлүм, жигит кишинин айтканынан кайтканы – өлгөнүнө барабар», – деп нечен ирет ичтен да, тыштан да кайталаганына карабастан, көк бетиндеги кара булуттай удургуган ойлор, көркунуч бул экөөн улам убакыт өткөн сайын, мастык тарккаган сайын алка-жакадан алып, жүрөк-боорду мыжыгып баратты. Алдастай башташты. Шашкандары билинип калды. Эгер Калмак чындап эле буларга «чыккынчылык» кылууга бел байласа, демек булардын кечээтен берки арак ичип, дасторкон үстүндө отуруп түзгөн пландарынын ойрондолгону. Ошондуктан, Карагул өлсө да тигини kууп жетиши керек. Кандай болбосун, аны ошондой ойдон баш тарттырыш керек. Коркутуп, ага көнбөсө, жалынып-жалбырап болсо да, аны бериге, өзүнө буруусу керек. Эгер ошол амалдар ийиктире албаса, анын көзүн тазалагандан башка айла жок. Антпесе, өзүн-өзү кармап бергенге барабар эмеспи. Бөлөк-бөтөн болсо да мейли эле. Анда да бир шылтоо табылмак. «Кас эле башынан. Паландай-түкөндөй кастыгы бар эле» – деген шылтоолор менен коюлган доону четке кагуу мүмкүн. Ал эми бул бир тууганы эмеспи. Жатындашынын баласы. Бир тууган эжесинин баласы. Ушуну төрөгөндө кансырап өлгөн Азимкан деген бир тууган эжеси. Жөргөктө кезинде балага таңкыс немелер колуна алып, ушул Карагулуна канат-бутак болсун деп, атасы менен энеси чоңойтушпады беле. Өзүнө ата-эненин мээнети канча зарп кылынса, буга да ошончо зарп кылынган. Сүт чыкпаса да, ыйлаган сайын апасы буга да

эмчегин сордуруп жүргөн. Демек, эмчектеш да. Карагулдун сөксө-сөккөнүн угуп, урса таягын жеп чоңойгон Калмак эч качан агасына баш көтөрүп каяша кылган жан эмес. Инисинин кеби-сөзүнөн, жүрүш-турушунан эч качан өөн таппаган Карагул анын азыркы жоругуна таң калып, нары кыжырдана кууп бара жатты...

Эми анын энтиккени байгеге чабылган аттыкындай алыска угулуп калды... Колдору улам узаргансып, улам оорлогонсуп, тизелерине жай чабыла баштады... Соймолондогон ийри-буйру жарык заматта караңгыны как жарды да, жерди силкинте күн күркүрөп жиберди. Калмактын карааны жакындан көрүнүп калды. Жай басып баратыптыр. Жок, жай термелип бир орунда тургансыйт. Эки колун жыя албай, башын көтөрө албай тизелери бүгүлсө шылк эткендей, бир орунда калтырап тургандай көрүндү.

«Калмак!... Оо Калмак! Жерге кирген Калмак дейм!...» Карагул бул сөздөрдү араң айтты. Тили оозуна батпай чыкты. Аңкасы катып баратат... «Калмак!»... Эми бул сөзүн өзү да уккан жок... Чагылган дагы бир жолу жарк этип, ааламды кескилеп өттү. Туташ калган кара булут катмарынан чыккан катуу, нары айбаттуу добуш да Карагулдун көзүнө араң көрүнүп, кулагына зорго угулду. Калмакты бет мандайынан дагы көрдү. Ал баягы эле ордунан жылбагансыйт... Тизелери бүгүлүп бараткадбы, бою жанагыдан да кичирейип калыптыр...

«Азыр жетем сага, сениби, карап тур сени!» Бул сөздөр эми көмөкөйдөн бери чыккан жок. Таңдайы так кургап бүттү. Карагул дагы чымырканды... Токтогон жок... Жетерине жакын калбадыбы. Тигини баса жыгылууну чечти. Өлсө да ошону кучагына ала жатып, мыжыгып жатып өлүүнү чечти.

* * *

Калмактын онунчуну бүткөнүнө үч жыл болду. Аттестатындагы баалары жүрүш-турушунан башкасы «төрт», «үч» эле. Он жыл бою классташтарынын орто ченинде жүрүп билим алган Калмактын өзү күчүнө ишенгенден

берки чечими мектепти бүткөндөн кийин эле шофердук курска кирип, машина айдоо болучу. Булардын айылдашы Баймурат деген колхоздо жыйырма жылдан бери шофер болуп иштеген неме мындан беш-алты жыл мурда менчигине колхоз аркылуу «Волга» алгандан тартып, өзүн келечекте ошонун ордунан көрүп жүрөт.

Баймурат жумуштан эрте келген күнү дайыма жанына аялын, артына эки чоң кызын, үч эркегин отургуза айылдын так ортосунан өтчү чоң жол менен баары көрсүн дегендей, акырын айдап сейилдеп жүргөнүн, кээде базарга да ошол бала-бакырасынын баарын салып алып барганын көргөн сайын, өзүнчө эле бир башка дүйнөгө туш болгондой, жашыл «Волганы» айдап бараткан толмоч Баймурат эмес, өзү окшоп, Калмактын жүрөгү элжирей берчү.

Түйүнчөк-түйүнчөк бир нерселерди Баймурат аялы экөө көтөрүшүп базардан көптө барып чыгышат. Машинанын эшигин Баймурат өзү ачып, алиги түйүнчөктөрдү биринин артынан бирин сунганда, кыздары, балдары биринен-бири талашып, кубанычка батышканын чейин бир жолу агасынын жумшоосу менен базарга барган Калмак көрүп калып, азырга дейре эстеп жүрөт. Ошол көрүнүштү элестете берет. Ошондон бери Калмак келечектен ошонун гана турмушун тилейт, ошону гана күтөт. Бала-бакырасынын саны да так ошол Баймураттыкынча болсо деп тилейт: эки кыз, үч уул. Бирок болочок жарын тигинин Уулболдусуна окшоткусу келбейт. Өзүнүн кебете-кешпиринда Баймуратгыкынан башкачараак болуусун каалайт. Баймураттын жаак териси, эмнегедир жылга-жылга. Элүүгө жетпей жатып, мандайы кабат-кабат тырыш. Ар дайым түбүнөн тери жылтырап көрүнүп турчу чачы аппак. Жумуш менен жүруп, убактысында алдырганга үлгүрбөйбү, айтор. Анысы кээде кулактарынын үстүнө сайылып, алыстан башын ак жоолук менен бууп алгандай кашкая көзгө урунчу. Ушул эки нерсени Калмак тигинден кабыл алгысы жок. Башкасынын баарын Баймураттыкындай болсо экен деп тилейт. Кулк-мүнөзүн да окшоштуруууга аракети бар. «Куулук-шумдук менен иши жок. Бирөөнүн ала жибин аттабаган

ак ниет. Ар кимдин ниетине, кулк мүнөзүнө жараша кудай берет» – дешчү Баймураттын колхоздо биринчилерден болуп алты бөлмөлүү жакшы үй тургузганын, короосуна бак тиккенин, эшигине мал байлаганын, ал түгүл телевизор алганга чейин айылдаштары анын адал мээнетине, калбексиз жүрүш-турушуна ыйгарышып. Дарбазалуу коргондун кире беришине атайлап салынган бастырманын астына бензин жыттанган жашыл «Волга» туруп калгандан бери Баймураттын адамгерчилик сапаттары дагы жаңы баскычка көтөрүлгөн. Аны билгендер тиги бала-бакырасын толтура салып, радиосун бийик көтөргөн бойдон короосунан чыга келгенде, ар бири өз машинасына отургандай шыпшынышып, жылмая тиктешип турар эле. Баймурат айылдаштарынын ошол жылуу көз караштарын сезеби, айыл ичинде машинасын ого бетер акырын айдап, жаш балдар жолукса да баш ийкеп, салам айта берчү болду... Ушул өзгөчөлүгүн да Калмак ичинен жактырып жүрөт. Ошол Баймураттай кичипейил болууну, чоңду, кичинени ар убак сыйлап өтүүнү тилек кыла баштаган.

«Аке, мен онунчуну бүткөндөн кийин айылда калайын деген оюм бар. Шофер болгум келет» – деп бир күнү Карагулга сырын айтса, ал оңурандаган. «Эл барган окууга сен бара албайсыңбы? Эмнесинен коркосуң? Экзамендenби? Аны мына, мен тапшырам. Кадырың жам болсун. Өзүм барып өткөрүп келемин. Менин чала молдолугум жетишет. Жанагы сөзүңдү экинчи укпайын. Шоферлук, трактористтик – башка эч иш колунан келбегендин кесиби. Көрүп жүрбөйбүзбү андайларды. Кызыкпай эле кой. Карагул акчасын аяп, инисин окууга жибербей койду деп эл кеп кылсынбы? Мени уятка калтыргың барбы? Намыс дегенди билесиңби? Окуйсуң. Канча керек болсо, ошончо окуйсуң. Акча жагын мага кой. Жалгыз сенден башка менин кимим бар? Учсам канатым, консом куйругум сенсиң келечекте. Жакшылык-жамандыкта бар ишенгеним сенсиң. Керек болсо, сенден жанымды да аябаймын» – деген.

Калмактын онунчуну бүткөндөн кийин эле автобазанын алдындагы шоферлорду даярдоочу курска кирип, өзү келе-

чекте Баймураттын кесибине ээ болушуна эки нерсе жолтоо болду. Биринчиден – агасы Карагул, экинчиси – Зарыл.

Өзүнүн окубай калганына ичинен өкүнө жүрчү Карагул, бир арманын эми ушул иниси аркылуу чыгарууну чечкен эле. Эгер элдин көбүндөгү азыркы жогорку маалымат өзүндө болсо, такыр башка кызмат абалын элестеткен ал Калмакты келечекте ошол өзү жетпей калган орундан көрүп жүргөн. Эң кеми – колхоздун башкармасы. «Болбосо райондун, же областтын бир жак тизгинин чойгондордон кыламын» – деп келечек тууралу сөз козголо калганда тиги терeңде сакталып келаткан оюн, тилегин тышка чыгарып жиберчү. «Акыл-эс ордунда болсо, билим жетишсе, калганы акчада. Аны табууну мага коё бер» – деп Калмакты далыга чапкылап жер каратчу. Баймураттын машинасынан башканы оюна албаган Калмак чындап эле агасынын мындай сөзүнөн жети өмүрү жерге кирип уялчу. «Окууну, кызматты да акчага сатып алчу беле? Эмне деп дөөрүп атат акем?» – деп ичинен анын айткандарына такыр макул болчу эмес. Ошнтсе да акесинин тигиндей планын бузууга батынбастан, экинчи жактан Зарылды кыйбаган Калмак, көптөн түзө жүргөн планын бузууга мажбур болот. Өзү менен чогуу окугандардын катарында а дагы Фрунзеге барат, бирок биринчи эле экзаменден кулап калат.

Отпуска алып аны менен кошо келген Карагул мейманканадан орун алып күндүз деле, түндө деле бирөөлөрдү номерине жетелеп келип, кайра бир убакта такси менен жеткирип жүргөнүн Калмак көргөн. Ал эми эртең экзамен деген күнү түнкү саат ондордо номеринде чачтарын салаалары менен тарап, бүтүгүй көздөрү араң ачылып отурган кубакай жигитти көрсөтүп: «Мына ушул, сенин эртеңки тагдырың колунда турган агайларындын бири. Көрүнүп кой жакшылап туруп, таанып алсын, жардам берет» – деп айткан.

Бутунан башына чейин тиктеп чыккан жигит: «Ушул көйнөгүң менен бар экзаменге, мен таанып койдум» – деген Калмактын жеңи кыска күрөң көйнөгүнүн өзү жактагы капталынан чымчый тартып.

Эртеси атайлап Калмак башка көйнөк кийип барат. Бирок тиги «агай» да экзамен жүрүп жаткан залдан көрүнбөйт. Бул Калмакты капа кылбастан, кайра кубантат.

Көрсө, ал мугалим эмес эле, көчөдөгү селсаяктардын бири экен. Карагул кийин канчалык урунуп-беринип аракеттенсе да, «кулаган» инисин кайра тургуза алган жок. Ошентип, Калмак Зарылынын колунан бек кысып, коштошуп кете берген.

Карагулдун мына ушул сөздөрү: «Учсам – канатым, консом – куйругум сенсиң келечекте. Сенден керек болсо жанымды да аябаймын» – деген сөзү жанагы шойкондуу иш башталгандан бери Калмактын дилинде кайра-кайра кайталанып туруп алды. Бир жүрөгүн ысытып, көңүлүн эриткен ошол сөзүн агасы иши менен да ар убак бекемдеп келген эле. Өзүнө кийим алса, сөзсүз Калмакка да алчу. Үйдө жакшыраак тамак болгондо, Калмак келмейин казандан бери түшчү эмес. Зөөкүрдүк мүнөзүн ал эч качан инисине карматкан эмес.

...Агасынын өзүнө карата болгон сүйүүсүн, сый-урматын ар убак сезе жүргөн Калмак аны ичинен терең сыйлай турган.

Ошондон улам жанагыдай зор кылмыштын катышуучусу болуп жаткан сааттарда көкүрөгүндө кайнаган наразычылыкты, жек көрүүнү тышка чыгара албай койду. Агасынан көргөн жакшылыктарды биринен сала бири дилине келе берип, олку-солку кылып таштады. Чечкиндүү чечимге келе албады. Карагулдун оозунан чыккан, ага арналган мээримдүү сөздөр кулагында кайталанып туруп алды.

«Учууга – канатым, конорго – куйругум».

Азыр ысыкта калган жолбун иттей тилин тарта албай жан талаша араң чуркап бараткан Калмакка ушул сөздөр угулуп жатты.

...«Кагылайын, Калмак! Ушинтмек белең? Мени өз колуң менен өлтүрүп кет, ыраазымын!»

Жанатан бери кара күчү гана зарп болбостон, эки ача ойго жүрөгү да мыкчыла азап тарткандыктан көл-шал

терге малына араң бут шилтеп калган Калмактын так ушул акыркы сөздөн, агасынын жалыныч сөзүнөн улам, эки тизеси бүгүлө түштү...

Чагылган дагы бир жолу ийри кылычын шок шилтеп алды... Жер дүңгүрөдү... Жамгыр жаап келди...

Калмак анан чалкасынан оодарылып жатты. Оозун чоң ачты. Жамгырдын муздак тамчылары бетине черткилеп, оозуна таамп жатты...

Жарык дүйнө менен коштошууга көзү кыйбай, жакындарынын пахта менен тамызган суусун кылк эттире араң жутуп, ошону кара жанына аралжы тутуп жаткан катуу ноокастай Калмак азыр жамгырдын катуулашын тилеп, тамчынын көбүрөөк тамышын каалап энтигүүдө... Калмактын денесинен чыккан ысык кажаткан жердин бедеси бууланып турду. Бирок аны тиги көргөн да, сезген да жок. Өлүм менен өмүрдүн чегинде жаткан немеге эми баары бир эле...

Жамгыр суусу акыры бүткөн боюн муздатып, бир аз эсине келтиргенсиди. Көздөрүн араң ачты... Көктөгү булуттар туташып алыптыр. Калдайып чылк, ары коюу. Жамгыр, демек, жакында басылбайт. Эми тээтиги керме тоонун так төбөсүндөгү коюу булуттан кыска жана жансыз жарык ийри-буйру болуп көрүндү да, заматта кайра жок болуп, анан алыста-алыста алсыз күн күркүрөдү...

Карагул кана? Жана эле анын жалынган үнү тигинин желкесинен угулгансыбады беле? Атүгүл энтиккенине чейин угулуп калбады беле? Мына ошондон улам, бүткүл туугандык сезими, кандаштык-жатындаштык сезими тээтиги түпкүрдөн оргуп чыга келген Калмак анын тезирээк жетип келишин, өзүн баса жыгылышын, чокудан ары салмактуу буту, же муштуму менен таамай койгондо, сунган тилин тартып алууга чамасы келбегендей абалга дуушар болушун каалап, күтүп жатпады беле.

«Эч бир сөзгө келбей, сөкпөй да, жалынбай да, иштесе ошол ишти» – деп бел байлабады беле. Мына ушул акыркы мыкаачылыкты, дагы бир адамдын өмүрүн кыйып таштаган мыкаачылыкты күтүп жатпады беле. Ошондуктан ал адегенде көмкөрөсүнөн түшүп жаткан. Жамгыр там-

чысынан мөлтүрөгөн беденин үч-төрт сабагын жалмалай жаткан. Акыркы демине, күйүп бараткан жүрөгүнө ошону убактылуу аралжы кылып жаткан. Тигинин да жаалы бетине чыгып, агасынын тезирээк жете келип, оор денеси менен, ушул кезде арак жана кан жыттанган денеси менен олчоё келип басып калышын каалап жыгылган болчу. Мууздап жибереби (бирок агасынын бычак алып жүргөнүн такыр көргөн эмес, ошондуктан бул ой башына кылт эткенде эс ала тушкөнсүдү), баарынан оңу ал муштайт, тебет. Ошентип ал беденин сабактарын тиштеген бойдон тумшугу менен жер сайып, түбөлүккө жатып кала берет... Машина айдабайт... Баймураттай жарын жанына отургузуп, бала-бакырасына чейин толтура салып алып, айыл аралабайт, базарга барбайт... Ананчы?..

Калмак чындап эле өлүмгө бел байлады. Агасын өлүмгө кармап бергенден көрө өзү анын колунан өлүп берүүнү чечти. Инилик милдетин ошентип аткаргысы келди. Канат болуудан, куйрук болуудан ошентип түбөлүккө кеткиси келди. Агасын бул жарык дүйнөгө жалгыз калтыргысы келип кетти... Бул турмуштан мындан ары өзү көрө турган бардык жыргалды ошого калтыргысы келип кетти.

Ымыркайынан бери мойнуна көтөрүп, өзү жебегенди жедирип, кийбегенди кийдирген тай атасынын, тай энесинин, акырында ушул өзүн жанындай көрүп, зор үмүт менен чоңоюшун, бойго жетишин акмалап жүргөн агасынын алдындагы адамдык парзынан биротоло кутулгусу келди. Чындап ошого бел байлады... Ошол минутанын тезирээк эле келишин күтүп жатты. Ал эми ошол минуталар, эмнегедир кечең тартты... Келбей жатты...

Ошондон кийин гана Калмак чалкасынан оодарылып жаткан...

Чыкыйларынын лукулдаганы басылып, көөдөнүн муштагылаган жүрөктүн согуусу акырындаган сайын Калмакка өмүрдүн таттуулугу, тирүүлүктүн таттуулугу кайрылып келе баштагансыды. Дагы тура калып качкысы келди... Агасы менен Садыкты тезирээк эле кармап берип, өзү аман калгысы келип кетти. Милицияга жетип кабарласа эле, кармап

бергени ошол эмеспи, ошенткиси келди. Чарчаган агасы сандалып араң бут шилтеп келаткан болсо, тура жөнөгүсү ага кайрадан жеткирбей кеткиси келип кетти. Ордунан туруп, көктү тиктеди. Жамгыр… Баягыдан муздап калган бетине черткиледи жамгыр тамчылары. Оозун ачты эле, жибишип эпке келип калган тилине муздак тамчылар тийди.

«Булар ысык жугунду тумшугуна тийсе да кыңшылап кача турган күчүктөр» – деген Садыктын сөзү угулду кулагына. «Учсам – канатым, консом – куйругум келечекте» – деген агасынын сөзү ага удаа угулду. Тизелеринде кайрадан калтырак пайда болду. «Өлүп калсын, ошол Калмак. Агасын өзү кармап берген имиш, милицияга кабарлап. Бир тууганына жакшылык кылбаган, анан кимге жакшылык кылмак эле. Колдон келсе, андан алысыраак жүрүш керек», – деген айылдагы ушакчы аялдардын кеби кулагына угулду. Ушулардын баары аны ар түрдүү чечимге, ар кандай ойго түртө берип, алдастатып жиберди. Эмне кыларын билбей, кайда басарын билбей, саамга өтө мас немедей башын шылкыйта бир орунда туруп калды…

«Жок! – деди бир маалда үн чыгара, – жок! Натуура экен менин бул ишим. Эмне үчүн барам милицияга? Агамды кармап бериш үчүнбү? Өзүм кутулуп кетиш үчүнбү? Ошол адамгерчиликпи? Жок, жок, аным түп ордунан натуура ой экен, Мен баарын агам менен кошо тартышым керек. Өлсө, кошо өлүп, камалса, кошо камалышым керек. Мунун баарын өз ыктыярым менен кошо иштедим деп айтышым керек, сурагандарга. Агамын артынан түшүп алгандыгы үчүн ушундай кылмыштуу ишке барууга мажбур болдум деп айтышым керек. Анан кандай чара колдонушса, өздөрү билишсин. Баарына кайылмын эми…»

Калмак бедени жалбырактары жабышкан суу колдору менен бетин баса калып, чекесин сөөмөйү менен түрө кармай туруп, дагы ойго чөмүлдү.

«Жок, мунум да натуура экен. Мен өзүм баарын иштедим дешим керек экен. Агамы бул балакеттен куткаруунун амалын табышым керек. Бүт күнөөнү – кылмышты өз мойнума алышым керек экен. Агамын бала-бакырасы

бар эмеспи. Калмактын жеңеси Сагынбү түйшүктөн гана эмес, ушул турмуштан жедеп тажагандай, чарчаңкы түрү менен үч баласы этегине жабышкан калыбында көз алдына тартыла берди. Мына ошолорду баксын. Менин азырынча жалгыз башым... Менин жардамыма муктаж болгон азырынча эч ким жок. Так мына ушундай кылышым керек. Баарын мен мойнума алышым керек. Бирөөлөр аркылуу Тазабектин агама кас санаганын уктум. Мына ошолорду угуп, чыдай алганым жок. Каным кайнады. Кегим ичиме толуп-ташыды. Инилик милдетимди аткарышым керек эле. Мен агамы аябай сүйөм. Бир тууганымы бирөөлөр кордоп жатышса, аны жоготуунун жолун издеп жатышса, мен кантип четте кала бермек элем. Аттанып чыктым. А дегенде жарым шише арак ичтим. Тазабектин кайда жүргөнүн, качан үйгө кайтарын акырын сурамжылап жүрүп, бирөөлөрдөн билип алдым. Түн кирип, эл аягы сээлдегенде жолго чыктым. Ары жүрдүм, бери жүрдүм. Акыры жалгыз аттуунун келе жатканын алыстан, айдан жарыгынан көрүп калдым. Утурлай жөнөдүм. Жакындай бердим акырын. Тааныдым. Тазабек экен. Чукул келип калганда сигналды катуу басып жибердим эле, аты жалт берип жол четин көздөй үрккөндө, тиги эч нерседен бейкапар келатканбы, делбек этип кулап түштү. Ошол замат жете барып, машинанын ручкасы менен кара кушка чаптым. Эстен танып калды. Анан машинага сүйрөп салып, айылдын четине жеткирип салдым. Бул жөнүндө менден башка эч ким билбейт. Өз эрким менен иштедим. Бирок өлтүрүү оюмда жок эле. Сес көрсөтүп коёюн дегенмин. «Башкаларга кастык кылсаң, башкалардын тынчын алсаң, так ушундай жазаланышың мүмкүн» – дегенди гана билдирип коймокмун. Эми эмне кылсаңар да макулмун. «Күнөөлүүмүн», – деп гана тим болом. Башка сөз айтпайм».

Калмактын башында ушул ой пайда болгондо, ал эмнегедир жеңилдей түштү. Абалкы күч-кубаты кайра калыбына келе калгандай, сергий берди. Тумчуккан немеге жылчык табылып, ошерден сызылып муздак жел киргендей эс ала түштү. Эртеден бери чыкыйын лукул-

датып, жүрөгүн түрсүлдөтүп кыйнаган түйшүктүн баары акылсыздыгынан экендей туюлду. Агасы менен Садык эмне үчүн ал сыяктуу а деген жерден алдашпастан, камырабастан жай аракеттенишет десе, алар ой токтотуп, акыл токтотуп, калган немелер турбайбы. Мунун башына азыр гана келген планды алар эчак эле түзүп коюп, анан ошентип жай сүйлөшүп, жай кыймылдашып жаткан тура.

Калмак эс ала түштү. Артына кайтмак болду. Агасын таап, ага ушул чечимин билдирмек болду. Жанагинтип кыйнагандыгы үчүн, андан качкандыгы үчүн, мойнунан кучактап, көздөрүнөн жашты буурчактатып туруп, адегенде кечирим сурайт. Бети-башынан өпкүлөйт. Анан ушул оюн билдирет. Тигинин жүгүн ушинтип жеңилдетет. «Кагылайын канатым, медерим! Сенин ушундай кыйын кезде ишке жарарыңды, арага түшөрүңү, кайгы-муңуму бөлүшөрүңү билгенмин. Акылыңдан айланайын», – деп агасы аны мойнунан орой кучактап, өөп-жыттагылайт. Кубанганынан ал ыйлап да жиберет. Ошентип, ыраазылыгын билдирет. «Он жыл берет, беш жылда мен аман турсам, чыгартып алам», – дейт. Беш жыл деген эмне? Азыр жыйырма бирде. Жыйырма алтыга чыкканда кайра келип калат. Башкалар ошол кезде армияны бүтүп, институтту араң бүтүшөт. Кайра келип машинасын мине берет. Ошондо деле Баймурат болууга үлгүрөт. Бирок... Зарылчы? Зарылчы? Ал эмне дейт. Мунун бүгүнкү жоруктарын укса? Аны менен баш кошууга бир жылга жетпеген убакыт калбады беле? Адам өлтүргүчтү кандай кыз күтөт? Андайды кандай кыз сүйөт? Андан өткөн уят, андан өткөн шермендечилик барбы назик жүрөктүү кыз үчүн? Киши өлтүргүчтүн койнунда кантип жатат ал?..

Марага чейин бар күчүн зарп кылып, ага жеткенден кийин колдорун капталына эркин таштап коюп, эс ала акырын баскан спорстмендей бөденин арасында анда-санда бут коё, артына келаткан Калмактын ушул ой кылт этип дилине келе калганда буту тык токтоду. Жүрөгү кайрадан катуу соґо баштады. Кайрадан чекеси ысып чыкты. «Кайсынысын тандап алуу керек? Кайсынысы адамгерчилик? Кайсынысы кыянатчылык?»

«Калмак!»... Дармансыз оорунун оозунан чыккандай араң угулган добуштан тигил селт этти. Аны туш-тушунан кысып кирген алиги ойлор ушул үндөн улам ыдырап, алда кайда жоголгонсуду. «Аке!»... Сокур немедей Калмак эки колун алдына суна берип, алиги үндү утурлай басты. «Аке!»... Калмактын үнү калтырап чыкты. Көптөн бери көрбөй сагынып калган кишисинин добушун уккандай анын эркеп кеткени ушундан билинип турду «Аке!»... Карагулду ал атынан түк айткан эмес. Тай атасы, тай энеси анын тили чыккан күндөн тартып, өздөрүн «Ата», «Апа», ал эми Карагулду «Аке» деп айтууга көндүрүшкөн. Карагул энтиге тура келгенде анын мойнунан кучактай берген Калмак ыйлап жиберди. Өзү мындан бир нече минута мурун ойлогондой болуп чыкты баарысы. «Кечирип коюңуз, аке! Кечирип коюңуз! Мен сизди кыйнап койдум окшойт. Акмакчылык кылдым. Кечирип коюңуз», – деп жатты...

Күйүгүп, эсинен танып, беденин арасында бир топко чейин жаткан Карагулдун бүткөн бою шалдырап, эмне кыларын билбей калды. Жанагы ачуусу инисинин... «Аке! Аке!», – деп, удаа-удаа чыккан аянычтуу үнү менен жокко чыккансыды. Тескерисинче, анын да тамагын кандайдыр бир жакындык сезими, тигини аягандык сезими бууп, мууну бошоп баратты. Ыйлагысы келип кетти. «Сениби, сени! Кошо жайлап, экөөң үчүн бир жооп берейин», – деп баяраак ызырынганда чыккан сөзү үчүн уялыңкы тартып кетти...

Тигини чыккынчылык кылат деп, жүрөгү түшкөн немени ансыз деле алсыраган тулку-боюна Калмактын солкулдаган денесинен күч-кайрат агып кирип жаткансыды. Чыйрала баштады... Инисинин чекесинен чопулдатып өөп жиберди... Калмактын кайтып келиши менен анын чыгып бараткан алкымдагы жана кайра киргендей эсин жыя баштады. Анан башынан сылагылап эркелетти. «Болуптур, кагылайын. Болуптур, кечтим. Өзүң түшүнүпсүң натууралыгынды, кечтим», – деп өпкүлөдү. Энтигип жатты...

Жүрөгүнүн бузулганын Карагул бүгүн биринчи жолу сезип олтурат. Үч чакырымча жерге араң кууп барды. Эгер Калмак өзү кайрылып келбесе, көзүнүн тунарганын,

жүрөгүнүн көкүрөктүургулап түрсүлдөгөнү, эриндеринин, колдорунун тизелеринин титирегени басылганда Карагул туруп алып кайра артка кетмек. Садык досун таап, ачып, болгон ишти толук баяндамак. Анан экөө масилет кылышмак. Мындай шартта кишинин аң-сезими өзгөчө ылдамдык менен иштейт көрүнбөйбү. Калмактын караанЫ көрүнбөй калганда, өзүнүн буту баспай шайманы кеткенде, мындай чечимге келген: Садык экөө жөөлөп отуруп, шалбырап суу болгон, чарчап-арыган кейипте ээрчишип, милицияга кирип барышат. Аерден начальниктин, же дежурныйдын астынан Калмакты көрүп калышат. Ошондо биринчи болуп ага Карагул тап берип атырылат. «А, келдиңби, акмак. Бизге карматпай качтың эле, акыры келипсиң го? Кутулуп кетишке көзүң жетпегенден кийин быякка өзүң келген экенсиң да? Акмак гана десе. Куп колго түшүпсүң», – деп ага чала-бучук кол шилтеп, жулунумуш болот. Садык кармап калат. Анан начальник, же дежурныйга карап муну билдирет. «Сизге эмне деп айтканын билбейбиз. Бирок муну камаш керек азыр. Мас болуп алып, Тазабек дегенди жайлап таштаптыр. Ал ат минип бир жактан келе жаткан экен. Бул машинасы менен астынан чыгыптыр. Ага тушташа түшкөндө эле машинасын токтотту дейт. Анан аттан жыга тарткан имиш. Тигил учурашат деп токтой калган го. Эч нерседен бейкапар ал антип-минтип эсин жыйганча артынан кармаган бир нерсе менен шилтегендей болду. Мен жөө келатканмын. Алыс элем. Жеткенимче сүйрөп барып, машинасынын аркасындагы орунга киргизди да, жүрүп кетти, – дейт Садык. Номеринен кимдин машинасы экенин тааныптыр. Дем алыш эмеспи, базардан келаткан экен. Садык мага жетип барды энтигип, ошондон бери экөөбүз муну издеп жүрөбүз»... Акыры минтип силерге кабар берели деп келсек, биерде отурган турбайбы? Машинасын да таштай качыптыр. Тазабекти каякка алып барып таштады экен? Ал эмне болду экен? Тезирээк мындан сурап билиш керек. Акмакты аябай жазалап бергиле, мына, мен агасымын. Ошентсе да адилет сөзүмү айтып койгум келди. Келбесе, силерден киши алып, өзүм издеп

тапмакмын. Жазалагыла бул акмакты. Мындайын билгенде бешиктен белин чыгарбай өзүм жайламакмын», – деп жана каары бетине чыгып, заары тилинен төгүлүп жаткан учурлардагы чечими түп ордунан натуура экендигин эми түшүндү. Ошондой пикирге келгендиги үчүн, бир тууганын колго салып берүүгө дит баккандыгы үчүн уялгансып калды ичинен.

«Кагылайын, Каке, каның бирге, жаның бирге жатындашым экениңе эми ишендим. Коркконуман эмес, элден уялганыман өлмөкмүн кайрылбай кеткениңде. Иниси агасын кармап бериптир деген сөздүн өзү өлүм эмес беле мен үчүн. Эми мында быяккысына кайылмын. Коркпо, кагылайын. Кокус жылчык чыгып калчу болсо бул ишибизден, мен өзүм алам баарын мойнума. Садык алат. Сени кошпойбуз эч жагына. Менин буйругуму аткарган, бул жаш немеге тийбегиле деп айтам. Такыр коркпогун. Бирок биз из жашырып калыш үчүн жан талашып жатпайбызбы? Жүр, машинага баралычы, түн да бир оокум болуп калды көрүнөт», – деп Калмакты колдон ала, Карагул анан жүгүрүп келген жагын көздөй басты.

Садык машинанын ичине кирип уктап калыптыр. Карагул арткы эшикти ачты эле, арактын ачымык жыты мастыгы тарап калган неменин каңылжарын өрдөп кетти. Буга кыжыры келе түштү. Эч нерседен бейкапар немедей оозунан шилекейин агыза арткы орундуктун жаздыгына башын жөлөгөн бойдон жаткан немени колунан кармап силкип жиберди эле, ал кыйшайып астыңкы жаздыкка шылк этти. «Менин тиешем жок бул ишке, баарына сен жооп бересиң» дегендей камырабастыкты, токпейилдикти көрдү Карагул досунун бул жоругунан. Ачуусу келди. Кармап турган колунан дагы силкти, башын көтөрө алган жок.

Садык дүкөндүн кароолчусуна барып, он сомго эки бөтөлкө арак алган. Бирөөн өзүнө, экинчисин Карагулга арнап. Өзүнө тиешелүү бөтөлкөнүн жарымын ошол жерден эле оозун ачып, көтөрүп жутуп жиберген да, тамтаң басып, машинаны араң таап келсе, тигилер жок. «Кайда жоголмок элеңер. Эми эмнеси болсо да, бир тартмак болдук

го» деп машинанын арткы диванына чалкалай отуруп, калганын да жутуп алган. Ошентип, ичинде угуту, башында кыжаалат ою бар неме дагы кыпкызыл мас болуп, анан уктап кеткен.

Карагулдун шыбагасын келери менен берем деп колуна кармап отурган эле, уктаганда анысы колунан жылбышып түшүп кеткен. Отургучтун түп жагында жаткан ак шише ачуу менен досунун башын көтөрүп жаткан Карагулдун колуна урунганда, а дагы кубанып кетти. Садыкты шалак эттире кайра таштап жиберип, бөтөлкөнү бери алды. Анын салмагынан эле куру шише эмес экендигине көзү жеткен Карагул аябай сүйүндү.

Жарымына жакынын жутуп жиберген Карагул шишенин оозун өйдө кармай берип, каткан көмөкөйүн суугa жибитип, эсин жыйган адамча «Ох» деп алды.

– Кагылайын, Каке, кичине кылт этип алсаңчы? Акылыңы жыйнап аласың, – деди анан бир нерсени ойлонуп жаткандай алдыңкы эшигин кармай шылкыйган инисине карап.

– Жок, өзүңүз иче бериңиз.

Карагулдун көзүнө Калмак дагы бир сөз айтса шарт коюп, качып жонөчүдөй көрүндү. Ушул сезимден улам шашып кетти.

– Каап, түн бир убак болду го дейм. Ушинтип жүрүп, талаада таң атырып жибербейли. Кетели үйгө. Барып эртеңкинин камын көрөлү. Сен машинаны тазалап, эрте кийим-кечелерди алмаштырыш, бети-башты жууп дегендей, эртең менен ишинде болушуң керек.

Муну айтып, Карагул ойлонгондой чекесин кармана бир аз турган соң, эшикти катуу жаап жиберип, бериге бурулду. Ордуна отурбай ыргылжың турган Калмакка жакындады. Бир колунда жанагы жарыма калган арак. Экинчи колун инисинин ийнине коюп, дагы жалына кеп таштады. «Сен такыр коркпо, кагылайын. Кокус из жашыра албай калсак, анда күнөөнүн баарын тиги экөөбүз моюнга алабыз. Ал эч жакка кете албайт. Бизди атпайт, көп эле болсо, он жыл берет. Он жыл деген эмне, бизге окшогон жаштар-

га. Азыр отуз үчтөмүн. Кырк үч жашка чыкканда келет экенмин. Акча болсо, кудая шүгүр. Жеңең билет кайда экенин. Ал балдары менен тебелеп-тепсеп жесе да бир топ жылга муңбай жетет. Сенин үйлөнүшүңө атап койгон да алейне акча бар. Аны да жеңең билет. Ошентип, менсиз деле кор болбойсуңар. Коркпо, кагылайын, бул ишти сага такыр жолотпойбуз. Сени кокус билип коюшса, анда мен буюрганмын дейм. Бир тууган укем, эгер менин тилими албай каяша кылса, биринчи ушуну жайламакмын! – деп эле ачыгын айтам. Садык экөөбүз ошондой макулдашып алган элек деп, бул ишке аттанардагы планыбызды жашырбай ачыкка чыгарам. Чынында да ошондой болмок, иним, жаның карайганда эч кимди аягыдай эмессиң. Эгер сен кыйшандасаң, ким билет, бир жагынан ызалык, экинчи жагынан аракка тоюп, албууттанган акең менен азыр минтип сүйлөшпөй калат белең. Кымбат, ыйык бул турмушта эч нерсе калбагандай туюлган мага. Ыракмат, инилик кылып кыңк этпестен, машинаны кыякка айда десем, ошол жакка айдадың. Аятпесең, дагы айтам, азыр менин алдыма минтип тирүү турбастан, жер кучактап жатмаксын, укем».

Канчалык өзүн токтоо тутууга аракеттенип жатканы менен, Карагулдун ою бир жерде эмес экени ушул сөзүнөн байкалып турду. Мурдагы эле айткандарын дагы кайталап жатты. Калмак дагы муну экинчи жолу угуп жатканын сезбеди. Анын башында да тигиникинен бешбетер ойлор каршы-терши ат салышып аткан…

Эмне үчүн биз мындай ишке барганыбызды сен али билбейсиң. Сурабадың, биз айтпадык. Иймендиң сураштан. Аныңы түшүнөм. Сокур немедей жетелеген жакка гана басканды сага үйрөткөн өзүм эмесминби. Аныңа ыраазымын. Эми айтып коёюн, бул чатактын себебин: Тазабек менин артыман, Садыктын артынан түшүп алды. Аңдып жүргөн көрүнөт көптөн бери. Акыры колго түшүрдү. Мындан эки күн мурда партиялык чогулушта айтып чыгыптыр. Кээ бир кымбат баалуу буюмдарды базадан алып, анан жолдон, белден жок кылышат. Көбү складдан

ары дүкөнгө жетпей жок болот. Аны билген, далилдей турган кишилер бар деген имиш. Эң чоң далил катарында мындан бир айча мурун базадан алынган «Урал» маркасындагы эки мотоциклди жолдон саттырып жибергенимди билип алыптыр. Билбеймин, ким ага жеткиргенин. Аным ырас эле, бирок шофердон башка эч ким билчү эмес. Эки жарым миңден ар бирин мурда макулдашкан кишилерге түн ичинде келатып таштап келгеним чын. Өзү бир миң бир жүз он алты сомдон эмеспи. Сага жумшайын дегенмин ал акчаны. Жеңеңе айткан турбайсыңбы, келерки жылы үйлөнсөмбү деп. Кызыңы да айткан эле мага. Ошол эки мотоциклдин акчасын бүт колуктуң экөөңө деп катып койгонмун. Айдалып кетсем да, пайдалана бересиң. Жеңең билет дегеним ошол. Балдардыкы, жеңеңки башка. Мына ошентип, ал мени чогулушта айтыптыр. Комиссия түзүлсүн деп чечим чыгарышкан имиш. Мен иштегенден берки облпотребсоюздун базаларынан алынган товарлар, алардын районго келип түшкөнүн, жана бөлүнүшүн текшеришет имиш. Издесе, албетте, ал айткандардан да көбүрөөк чыгат. Сенден жашырмак белем. Баарысын силер үчүн, силердин келечегиңер үчүн, анан жоро-жолдоштор үчүн иштегенмин. Аны танбайм. Баарын өз колум менен иштегенмин, демек өз мойнум менен тартышым керек. Бирок өлгөндө да, аракет кылып жатып өлгөн жакшы. Кармашып жатып өлүш керек. Айдалсаң да, кармалсаң да арманың азыраак болот. Кегиң калбасын ичте. Өч алыш керек колдон келишинче. Сенин жаныңы оорутуп аткан кишинин жанын сен да оорутуп кетишиң керек».

Калмакты ал эми колдон кармады. Анын дулдуйган кебетеси дагы эле ишеничсиз тунжурайт. Карагулдун баятан бери эки сыйрадан айтып жаткан акыл-насаты, кеңеши, жанагы кылмышка баргандыгынын себептери таптакыр аны ынандыра албаган сыяктуу. Жылт коюп качып жөнөгөнү тургансыйт. Түндү как жара: «Мына, каракчылар! О-о эл! О-о журт, мына каракчылар! Мен аларды эртеден бери өз машинама салып жүрөм. Эми гана түшүндүм алардын ким экенин! Адилет адамды, ак ниет адамды, булардын

жүзү каралык бетин ачууга аракет кылган адамды өлтүрүштү!» – деп ачуу үн сала жөнөп бере тургандай жүрөгү дагы оозуна каптала түшкөн Карагул анын колунан кыса кармады. Жанатан берки анын эрип кетип, Калмактын жанагы «акелеп» келип мойнунан кучактаганда, эрип кетип айткан алиги сыры үчүн эми ичинен бушайман жеп алды. «Акмакмын. Булардын баарын айтуунун кандай зарылчылыгы бар эле. Кокус эле бул иштин изи жашырылып калса, тиги балалык кылып, бирөөнө болбосо бирөөнө айтып койсо, эмне болот? Акмакмын. Өзүмдү өзүм кармай албай калдым окшойт. Нерв деген нерсе аябай начарлаган экен го. Эркимен тышкары иш кылган турбаймынбы. Кап!»..

Калмак былк этпей турат. Башын да көтөргөн жок. Агасынын жанагы сөздөрү тамагынан бирөө бууп жаткандай шыбырап айткандарынын эч бирөө кулагына кирбеген өңдүү...

Бир топтон кийин ал көкүрөгүн кере, башын бир аз көтөрүп, эриндерин чормойто катуу үшкүрдү.

– Башым маң болду, аке. Эмне кылайын, тезирээк буйруңузчу?

– «Олтур машинага. Айда, үйгө кеттик. Башың маң болбосун, иним. Айттым го, баарын өзүбүз көтөрөбүз», – деп.

Карагулдун үнү баягыдан бекемирээк чыкты. Ал инисинин акыркы сөзүнөн кандайдыр бир ишеничти туйгансыйт. Ошондон улам көтөрүңкү үн катты:

– Жанагинтип качканың балалыгың. Антип кутулууга болбойт мындай иштен. Акыл-эсти топтоп, баарын өлчөп-бычып туруп, анан буйт коюу керек мындайда. Антпесе, кынында жаткан бычакты өзүң сууруп алып, алкымыңа такаганың. Кеттик, калганын ошерге баргандан кийин сүйлөшө жатарбыз...

Машинага түшөрү менен ал болжол пландарын, ойлорун ортого салганды дагы улантты. Эмнеси болсо да, башына түшкөн кылмышты эми гана сезгендей, аны жеңилдетүүнүн жолун жан талаша издеп жатканы байкалып турду.

– Ордунда жогу, демек, өлбөгөнү. Бир жакка жылып кетсе керек. Же бирөө-жарым байкап калган чыгар, биз

кетерибиз менен аны алып кеткендир. Эми аны менен беттешкенде эмне дейбиз? Ал жоопту да даярдап койдум, айтайынбы. Мындайда кишинин акылы тез иштейт окшобойбу. Айтайынбы?

Калмак дагы эле үндөгөн жок. Бирок «айтыңыз» дегендей баш ийкөө менен ишаарат бергенсиди.

– Өлтүрүүнү кааласак, үч кишинин кантип күчү жетпесин. Андай нерсе ойго да келген эмес. Катуурак муштап койсок керек, кызуу элек да. Дем алыш эмес беле. Ар бир дем алышта бири-бирибизди конокко чакырмай Садык экөөбүздүн адатыбыз. Бу дем алышта кезек аныкы эле. Тазабекти да чакырган экен ал келбей калды. Кечке чейин күтүп, анан издеп чыкканбыз. Алдыбыздан Тазабек чыгып калды. Аттуу экен. Кимдин атын минип алганын билбейбиз. Жакындашканда тааныдык. Тамаша кылып, Калмакты сигнал берип койчу, саламдашканыбыз болсун десек, машина «түйт» дегенде, аты жолдун бир жагына жалт берди. Ооп барып жыгылбай калган Тазабек атынын тизгинин кере тарта токтоп, биз жакты карады. «Тааныбай жатасыңбы? Биз элебиз» – деп мен тамаша кыла машинадан чыктым. Ал алик алып, тамашага – тамаша менен жооп бергендин ордуна сөгө баштады. Көрсө, мас экен. Издеп жүргөнүбүздү айтуунун ордуна, биз да тилдеп кирдик. Анан барып, анын чогулуштагы биз тууралуу айткан натуура пикири эске түшүп кетип, ачуубуз ого бетер келген окшойт, мушташып кеттик. Анан жолдон өткөндөр көрүп калбасын деп, тигинин чиренип тепкилегенине, муштаганына карабай үчөөлөп машинага салдык да, кыштактын четине алып барып таштадык. Эси оой түшүптүр. Атынын кала бергени ошондо эсибизге келди. Атын алып барып жанына коё берели, мастыгы тараганда туруп минип кетер деп кайра келсек, аты ордунда жок болуп чыкты. Ары издеп, бери издеп, таппай, кайра бардык. Машинага салып, үйүнө жеткирип таштайлы дегенбиз. Бир саат өттүбү арадан, жокпу, кайра келсек, өзү да жок экен. Көрсө, бизди алдаган тура, эси оогонсуп жатып калганы. Бир жакка жылып кетиптир. Ары издедик, бери издедик,

анан жамгыр шатырап куюп келгендиктен, суунга түшкөн чычкандай шөмтүрөп жүрө бергенбиз. Анын эмнеси бар экен? Урса уруп алсын, сөгөм десе, мына, керегинче сөгүп алсын. Баарына макулбуз! Күнөөлүүбүз. Бирок бир жердик, бир элдикпиз, кечирип коёр деп ойлойбуз деп алдына бөжүрөп туруп беребиз. Кечирер дейм? Кандай, менин бул планым? Жакшы бекен?

Калмак жооп берүүнүн ордуна дагы бир жолу терең үшкүрүп койду, ушунусу менен ал азыр эч кандай план менен макул эмес экендигин билдиргенсиди. Тигинден жакшылыктуу жооп болбогондон кийин Карагул, машинанын диванына чалкалай берип: «Айда, кеттик! – деди жанагы буйругун кайталап, – эмнеси болсо да көрдүк эми, атасынын көрү».

Машина алабыз деп, мындан үч-төрт ай мурун Карагул короосунун бир канат эшигин эки канат дарбазага алмаштырган. Бир уста беш-алты күн конуп-түнөп жатып, эң сонун дарбаза жасап берген эле. Ал машина келгенде гана ачылат. Башка убакта анын бир канатына жасалган кичинекей дарча аркылуу гана өздөрү кирип-чыгып жүрчү. Мына ошол жашыл боёк жаңы дарбазага акырын келип токтогондо, Карагул өзү түшүп а дегенде дарчасын, анан дарбазаны ачты да, «кире бер» дегендей караңгыдан Калмакка кол шилтеди.

Дарбазанын ичинен кулптаган соң Карагул: «Эми сен бир аз жатып, чырым этип ал. Рулда отура турган кишиң эртең дагы. Садык экөөбүз эбин таап, кызматтан деле жылт коюп кетип, барып эс алып алабыз. Биз машинаны жууйлу», – деди жалдырагандай.

Калмактын көздөрүндө да, тулкусунда да уйкунун белгиси жок эле. Анын ордун башка нерсе жайланышып алгандай. Аны туш-тушунан кысып жана басып турган оор жүктү жеңилдетчү тиги айтып жаткан уйку эмес. Башка нерсе эле. Эмне? Муну көөдөнү түйшүккө, башы чатышкан ойлорго толгон Калмактын өзү да билбей турду.

«Мен өзүм эле жууймун машинаны, силер уктай бергиле», – деди ал машинада отурганы эсине эми гана түшкөндөй

эшикти ача берип. Ал машинанын артына өтүп багажнигин ачты. Андагы кабырылган эски челекти алып, короонун орто чениндеги, алма багынын арасындагы кубурга барып, чоргонун ылдыйга шылкыйган туткасынан кармап өйдө көтөрдү эле, андан муздак, тунук кашка суу шаркырап чакага куюлду. Заматта ашып-ташып кеткен алиги суудан бир колу менен чаканын боосунан кармап, экинчиси менен анын түбүнөн көтөрө адегенде Калмак, өзү ичти. Ичи күйүп баратканын муздак суу кулкунунан ары өткөндө гана сезди… Кылкылдатып жутуп жатты… Дарбаза ачылып, андан ичкериге машина канчалык акырын жана этияттык менен киргенине карабастан, Карагулдун короо ортосундагы сөрүдө жаткан арык, кара сур аялы ойгонуп кетти.

Эринин добушун укканда, түндүн кайсы убагы болбосун тик этип тура келүү ага көнүмүш. Антпесе кызыл камчы күйөөсүнүн каарына калганы. Анын жөнү жок жерден эркелеткенине да, күтпөгөн жерден бет талаштыра коюп жибергенине да Сагынбү көнүп бүткөн. Эркелетүүсүнө тула бою эрип маашырланбайт да, кишинин көзүнчө деле жини келгенде уруп, же сөгүп жибергенине жүдөп ыйлабайт да бу кезде. Үч баланын атасы болгондугу үчүн, тапкан дүнүйөсүн колуна алып келип салып бергендиги (талаадан артканы экенин ал кайдан билсин) үчүн гана күйөөсүнө ыраазы.

Анан кантсин, туңгуч кызы боюнда экенинде мас болуп бир жактан келген күйөөсүнө тамаша айтамын деп, биринчи таяк жегенинде көздөрүн көгөрткөн бойдон ушул эле кыштакта ата-энесине даттанып барып уккан сөзү бул болгон: «Эр деген ошо, бир күнү урса, бир күнү сүйөт. Баарыбыз эле ошентип күн кечирип келатабыз. Эртели-кеч эне болгону отурасың. Эми баарын көтөрүшүң керек. Урган киши, эркелеткенди да билет. Ошонун баарысына көнүшүң керек эми. Эриңин табышы баарынан көн деп эл мактап атат. Андай чанда чыгат. Тапкан дүнүйөсү да жок, бирок катынынын башынан камчы түшүрбөгөн эркектер да бар. Ошондойго туш болбогонуңа кудая шүгүр дей бер», – деп Калча сагынып жүрүп алты уулдан кийин араң көргөн кызы

экендигине карабастан, атасына билдирбей аны жемелеп, кайра жолго салган. «Эрин жамандаган катын жарыбайт. Эрдин жаманын жашырып, жакшылыгын чыгарыш керек, ошондо катыны да, эри да башкалардын алдында барктуу болот» деген узатып жатып да нускалуу кебин айтып.

Ошондон кийин энесин бардык жактан тууроого тырышкан Сагынбү Карагулдун чынында эле жаман кылык-жоругун жашырып, жакшы жактарын башкаларга жеткирүүгө шашчу. – Ой, эмне болду, силерге таң аткыча жоголуп? – деди уйкуга канбаган көздөрүн ушалаган калыбында Сагынбү сөрүнүн төрт тепкичинин эң акыркысына бут койгон калыбында, ага жакындай берген эки достун жүзүнө карабай эле туруп.

Мындай беймаал келүүлөр биринчи жолу эмес да. Сагынбү жөн гана сурап жатты. Анын бул жолку добушунан деле эч кандай шекти, наразылыкты сезбеген Карагул шыбырап унчукту: «Т-с-с-с, балдар ойгонуп кетпесин. Ичкериге кирип, Садык экөөбүзгө бир нерсе даярда».

Эмне даярдоо керектигин Сагынбү өзү билет: арак, анан ага закуска. Тамак керек болсо, Карагул кошумча буйрук кылат.

Сагынбү электрди жандырып, ар убак жабанда турчу арактын бир шишесин, үч алманы тарелкага салып, дасторкон четине койду. Ошондо анын үстүнө кирип келген экөөнүн кебетесин көрүп, Сагынбү чочуп кетти.

– Ой, эмне болгон силерге? Машинанын ичинде жүрүп ушунча суу болдуңарбы? Ылайды кайдан чаптап алгансыңар?

– Машинабыз тыгылып иттей кыйналбадыкпы.

Бул жоопту да Карагул айтты. Өзү алдын-ала беленделген, азыр башы толо жооптордун бири эле бу дагы. Эки чоң стаканга бөлүп куюп алышкан бир бөтөлкөнү бир гана жолу ичип коюшту. «Сен да эми үйүңө барып, кийимиңди алмаштыр», – деди өзүнө карап, жалооругандай жалдырап тиктеген Садыкка сынагандай Карагул. Бая Карагул жакадан ала жулккулап ойготкондон бери баары бир көзүн ачалбай ал үн-сөзсүз келген.

Садык ушуну эле күткөн беле, ордунан лып тура келди.

– Үйдөгүлөрдүн эч кимиси байкабасын. Калган-катканын эртең сүйлөшөбүз, – деди дарчадан башын эңкейтип бир бутун арыга чыгара берген Садыкка Карагул шыбырай.

– Андан кадырың жан боло берсин. Менин оозуму болот сандык дей бер, Каке.

Карагул кайрадан ичкерки үйгө кирип, дасторконду жыйнап жүргөн аялына чарчаңкы үн менен: «Мага ушул жерге эле көрпөчө таштап, жаздык коюп берчи», – деди. Анан ал такта үстүндө бөлмөгө толуп жаткан килем бетине отуруп (райпого иштегенине жарым жыл болбой жатып, үйгө алып келген биринчи кымбат буюму ушул) чечине баштады.

Жуулуп, тапталып, бөлмөнүн бир капшытындагы күрөң шкафтын текчелеринин бириндe жатчу майка, ич кийимдерин алып келген Сагынбүнү тиги мойнунан кучактай калып өзүнө тартты да, жүрөгү шуу дей түштү. Жанагы арак эсинен чыгара салган окуя кайрадан дилине келген эле... – «Балдардын жанына бара бер», – деди эки жаздыкты алып келип, көрпөчөнүн баш жагына кабаттап койгондон кийин өзүнө карап туруп калган Сагынбүнүн жүзүнө тиктебей. Сагынбү көңүлсүз басып чыгып кетти.

Майка, трусычан, эки алаканын төбөсүнө төшөй жаздыкка чалкалаган Карагул аялы чыгып баратып, эшик үстүндөгү өчүргүчтү басып кеткендиктен, оор караңгылыкка толо түшкөн бөлмөнүн шыбына тирмийди да калды.

Жүрөгү улам алкымына каптала берди... Тура келип, жарыкты күйгүзбөй тааныш жерден сыйпалап жатып, дагы бир бөтөлкө аракты алды да, тике турган жеринде эле оозунан кылкылдатып жута баштады. Канча ичкенин билбейт, бирок колундагы шише жеңилдей түштү. Аны кайра ордуна койду да, келип жатты.

Сагынбүнүн ошондон көп өтпөй келип, капталына кыланыша жата кеткенин да туйган жок...

* * *

Машинасынын ичине, дөңгөлөгүнө чейин челектен көлдөтө суу чачып жатып жууган Калмак, анын арткы отургучуна кирип, көз жума чалкалаганы менен чырым эте алган жок.

Мындан бир нече саат мурда анын көз алдында, жок, анын катышуусу менен болгон окуя так ушул короодо, жок, машинанын ичинде кайталанып жаткандай кулактары чуулдап, денеси үркүп, тынчы кете берди. Жана агасы Садыкты узаткандан кийин анын жанына келип: «Жууп бүткөнүңдө кирип бир аз уктап ал», – деген. Бул баш ийкеген. Үстү ак тунуке менен жабылып, мындан эки жыл мурун салынган беш бөлмөлүү бул үйдүн четки бөлмөсү, күн батыш жактагы эки чакан терезелүү бөлмөсү ушул Калмактыкы эле. Керебети, столу, кичинекей кийим шкафы да бар. Буларды сатып берген да Карагул акеси. Аны эч нерседен өксүтпөгөн, ал бул жерде да өзүнүн ага болгон туугандык сүйүүсүн далилдегени ошондо.

Калмак машинадан чыгып, короодо шылкыя ары-бери басып жүрүп, таң атырып жиберди. Жер бетине таң шооласы кадимкидей канат жайып кирип келгенде, ал агасы түндө кирип кеткен бөлмөнүн терезесине барды. «Кете берейинби?» – деп андан уруксат сурамак эле.

Карагул уктап жаткан экен. Калмак жалт бурулуп кетти. Кыжыры келди. Талаада, караңгы түндүн кучагында, жамгырда так ушул агасынын, азыр аялынын койнунда керилип жаткан агасынын колунан жабыркап жаткан Тазабек эсине түштү. Аны күтүп, эшик алдында жалгыз отурган (Садыктан укпады беле) Сабира көз алдына келе берди. А булар болсо минтип моюндашып…

Калмактын көздөрүнө жаш толуп, тамагы буула түштү. «Адам жок беле?» – деген Тазабектин эртеден бери кулагына сиңип бүткөн добушу кайрадан жаңырды. Ушул таң мээримине, ушул жайдын таң нуруна көшүлүп турган бак-дарактуу айыл үстүндө жаңыра баштагансыды…

Калмак чуркап барып дарбазанын алакандай жалпак темирин сууруп таштады эле, эки канаты эки жакка кетти. Шашылып барып машинасын жүргүздү. Короодон чыга жөнөдү, бирок кайрылып дарбазаны жапкан жок.

Жүрүп кетти. Булардын айылы райондун борборуна жакын эмеспи. Автобаза ошол жерде. Калмак азыр, ошол жакка барышы керек. Кечээ түшкө чейин гана райондун

борборунан жүргүнчүлөрдү, базарга келгендерди туш-туш жакка ташыган. Намаздигер ченде айылдагы бир бала ага Карагулдун буйругун жеткирип барат. «Келсин үйгө машинасы менен. Зарыл жумуш чыгып калды», – деп гана айтып жибериптир. Жетип барган. Карагул акеси келсин десе, жердин түбүнөн болсо да жетип келүүгө көнгөн эмеспи жаш кезинен. Зарыл иши жанагы экен да. Тазабекти кармаш керек тура. Аны көздөн далдаага алып кетиш үчүн машинадан ыңгайлуу унаа жок тура. Аракка тойгондо жиндери ого бетер келип, Тазабектин көзүн тазалап таштаса эле, каптап келаткан коркунучтан кутулуп калыша тургандай сезишет. Аңдып калышат тигинин баскан-турганын. Дем алыш күнү түш ченде анын колхоздо кароол болуп иштөөчү кошунасынын атын минип жолго чыкканын көрүшөт. Садыктын аялы үйүнө барып, конокко чакырымыш болуп, Тазабектин каякка, кимдикине кеткенин билип келет. «Күн батканча күтөбүз, келбесеңер өзүбүз жеп алабыз козубузду» – деп анан кайра барып, күйөөсүнө айтат.

Ошентип Тазабектин эжесиникине кеткенин билишет. Мына, ошондон тартып, анын жолун тосушат. Эгер күндүз кайтып калса, эч нерсе кыла алышмак эмес.

«Эл жаткыча келип каламын», – деген экен аялына. Аны да айтып келген Садыктын зайыбы. Аялына билдирбес үчүн Садык: «Кап, кеч келет экен да. Анда кийинки дем алышта чакырабыз», – деп кейимиш болуп калган, андай кабарды уккандан кийин. Анан Карагулдукуна кеткен. Жеңил-желпи тамак менен гана ичип отурушкан аларга намаздигер ченде Калмак келип кошулат...

...Калмак оң жагындагы орунга карады. Куймаланган, кир болгон дивандын үстүн көрүп жүрөгү зырп этти. Бул орунга үч-төрт айдан бери эч кимди отургузбай жүргөн. Анын себеби бар. Сүйгөн кызы Зарылды февралдын аягында каникулдан кайтып жатканда тиги элүү километрче жердеги аэропортко ушул машинасы менен, ушул оң капталындагы орунга отургузуп, башка эч кандай жүргүнчү албай жеткирип келген эле. Самолетту

учуруп коюп кайткан. «Жайкы каникулга кайтканыңда да акырын мага кабар бересиң, өзүм тосуп алып, ушул машинам менен алып келем айылга», – деген Зарылдын жаш кылгырган көздөрүнө карап туруп, самолетко отуруу жарыяланганда колунан бир саамга коё бербей кармаган Калмак. Ошого чейин бул орунга, биринчи жолу Зарылын отургузган орунга эч кимди отургузбоого өзүнө-өзү убада кылган эле. Ал орундун акчасын күнүнө канча километр жол жүрсө, эсептеп өз айлыгынан ыйгара жүрчү. Ал эми аны узаткан күнү эки жактын тең акчасын айлыгынан чегерген. Жүргүнчүлөр эки жагынан тең табылганына карабастан, алган эмес. Зарылы: «Ала бер, мени жалгыз салмак белең», – дегениие да болгон эмес. Келе жатканда Зарылсыз эле жүргүнчү албай, базасына чейин өзү жеке келген.

Бүгүн болсо, ошол «ыйык» орунга агасы да, Садык да, туш келгени отура берди. Жанагыдай кылмыш кылышпаса да мейли эле. Дили булганыч, колу булганыч, булганыч гана эмес, канга боёлгон кишилер отурду. Ошентип анын өзүнө гана эмес, таза сүйүүсүнө да алар так салгансыды…

Ушул ойдон Калмактын агасына, Садыкка болгон жек көрүүсү кайрадан көөдөнүн тиреп чыкты.

Зарыл бирге окуган классташы. Сегизинчи класстан булардын ынактык мамилеси байкалган. Онунчу классты бүтүп, Фрунзеге окууга да бирге келишкен эле. Зарыл быйыл кыз-келиндер институтунун үчүнчү курсунда.

…Калмак кыштактын четине чыга бергенде алды жагынан аял көрүндү. Ал өтө катуу баратат. Чалынып-чулунуп бараткансыды…

Жакындай бергенде анын Сабира экендигин жүрүшүнөн, кийим кечесинен эле тааныды. Жука көйнөк, үстүнөн жашыл жемпир кийип алыптыр.

Ал артынан машина жакындап калганын көргөндө жол четине чыга берди. Калмак да токтоду. Аялдын уйкудан калып китирейген кездөрүнөн, кубарып аза түшкөн ирецинен чексиз бушаймандык, кайгы агылып түшүп тургандай Калмактын зээни кейип кетти.

Ал машинадан сыртка чыкты да: «Отуруңуз, Сабира жеңе!» – деди өзүнүн оң жагындагы орундуктун тушундагы эшикти ача берип. Үнү каргылданып чыкты. Ыйлагысы келип кетти. Муну Сабира байкаган жок.

Сабира Калмакты биринчи көргөн немедей бир топко чейин тиктеп туруп алды. Бул көз караштан Калмактын ички түйшүгү ого бетер артып чыкты. «Келиңиз, отуруңуз? Районго барасызбы? – деди келинге тик багып карай албастан.

– Ий– и. Сен да ошоякка барасыңбы?

– Ооба.

Сабира машинага отуруп, ал ордунан козголо бергенде терең үшкүрдү да, эми гана эсине келгендей сөзгө кирди.

– Тазабек акеңи издеп жүрөм түнү менен. Эжесиникинен иңирде эле аттанган экен. Силердикине да бардым, Садыктыкына да бардым түндө, эч кимисинин эркеги үйдө жок экен. Барбаган үйүм да калбады бу кыштактан. Садык акенин аялы келип кеткен күндүз, түндө бир маалда мас болуп өзү барыптыр темселеп. Кайра кеткен, эмне деп сүйлөгөнүн деле билип-билбейт. Үйүнө да барбаптыр. Кайда жүрүшөт алар, билбейм. Аялдары көнүп калышкан го, тынч эле үйлөрүндө жатышат. Мен анте албайм, же Тазабек акең эч качан талаада жатып калбагангабы. Билбейм. Эсим эки болду. Эми райондогу тааныштардыкынан кабар алайын деп баратам».

Сабиранын бул сөзү түнкү окуянын бар кесепетин Калмактын көз алдын кайра келтирди... Машинанын ичи караңгылай түштү. Дагы асман бети кара булуттар менен капталып калган эле...

Калмактын денеси чыйрыгып чыкты. «Адам жок беле?» – деген Тазабектин сөзү дагы кулагына угулду... Жүрөгү муздай түштү...

Сабира андан бир сөз угууга дилгирлегендей канчалык кадала тиктесе да Калмак ага тик багып караган да жок, үн да каткан жок. Кара тору ирең гана барган сайын кубарып баратты... Жаак булчуңдарды нары-бери булкулдөйт. Тиштенгени ушундан байкалып турду.

Милициянын райондук бөлүмүнүн имаратына тушташа бергенде Калмак тормозду катуу тээп, машинасын токтотту. Анан эшикти шарт ачты да: «Мен! Азыр!» – деп коюп күрөң боёктуу жабык эшикти көздөй чуркап жөнөдү. Бул дежурныйдын бөлмөсүнүн эшиги. Оң муштуму менен ургулады... Эшик тез ачылды. Ушул секундада, түнөргөн асманды кырча-кырча кескилеген ак жарык терезени, Калмак жулунуп кирип барган тар бөлмөнүн чакан жалгыз терезесин да тең бөлө бөлмөнү секундага жарыкка толтурду да, анан кайра жок болду. Бөлмөнүн ичи караңгылай түшүп, терезе күндүн күлдүрөшүнөн шырык-шырык этип титиреп турду... Ордунан тура келген чала уйкулуу лейтенанттын мандайына тура калган Калмак: «Мен адам өлтүрдүм!» – деп аптыкты...

– Адам?!

– Ооба, адам өлтүрдүм!...

Чарт эткен чагылган жарыгы кайрадан алиги чакан терезеден сүңгүп кирип, бири-бирине кирпик ирмебей тиктешип туруп калган шофер менен милиция формасындагы лейтенантты кашкайта көрсөттү... Үйдү солкулдатып адатынча артынан күн күркүрөдү... Чагылгандын артынан күн күркүрөшү керек да...

1963

## ТУРМУШ

Эртең күнгө бейшемби. Шааркан дагы кеч жатып, кеч уктады.

Эртең менен Кадырбегине барат. Ал дүйнөдөн кайткандан бери бул көнүмүш Шааркандын турмушунда жаңыдан пайда болду. «Ой-тобо», – дейт ичинен ал, – ишемби күндүн көөдөндү кандайдыр бир кусалыкка, Шааркан өзү сезип, өзү гана байкаган түпөйүл кусалыкка жык толтура жүрөккө жүк таштаган саатында. Кылт этип Кадышы эсине келе калганда, анын жука эриндерин өзөргөн кишидей араң кыбыратып шыбыраган сөзү ушул: «Ой, тобо!... Ушундай экенсиң, ээ, турмуш. Тагдыр деген ушундай экенсиң, ээ?... Ой тобо»!..

Эки кызынын уктаганына көзү жеткенден кийин гана Шааркан адатынча жатчу комнатасына кирди. Эшик жанындагы кара включателди сөөмөй учу менен басты эле жанатан бери караңгылыкка көөлгүп турган үй жарк этип, аппак жарыкка толуп чыкты. Баягы бөлмө да; жанаша коюлган эки жыгач керебет. Алардын эки башында эки тумбочка. Капталдарында керебеттердин бою менен тең салынган ичке килем. Дубалдын бир капталында кийим илгич шкаф, экинчисинде илинген килем. Керебеттердин аяк жагынан терезе түбүндөгү батареяларга жете жашыл гүлдүү кызыл палас жатат. Булардын баары Кадырбектин барында башка түстө эле, азыр башка... Күнгө какталып оңгондой, алар бу кезде Шаарkандын көзүнө өңсүз, көрксүз... Баарысын жулуп-жулуп туруп, көчө тараптагы балкондун эшигин кенен ачып, сыртка биринин артынан бирин ыргыткысы да келип кетет, оюнан кандайдыр бир суздук такыр чыкпай тамагын капалык муундурганда.

Анан аларга Кадышынын колу тийгени эсине түшө калат да, кайрадан тигилер ыйык көрүнүп, кайрадан өз өң-түстөрүнө ээ болуп чыга келишет... Ар бирине кадала тиктеп, көпкө турат. Көздөрү жашка толуп, көөдөнүн сагыныч тиреп чыкканда гана халатын чечүүгө да үлгүрбөй, ал керебетке боюн таштайт... Көмкөрөсүнөн жыгылат. Буттарынын башы жалтырак, жымсал керебетке кырынан артылган бойдон далайга чейин анан кыймылсыз... Мүнөттөр өтөт, сааттар.. Бети малынган мамык жаздыктан жыт искегендей, эки колун жаздыктын эки жагынан кийирген калыбында суналган денеге бир оокумда болор-болбос кыймыл кирет. Бөйрөк туштары былкылдайт. Ыйлаганы. Үн-сөзсүз ыйлаганы... Кадышын эстегени... Оң жагындагы керебет аңгырап бош турганына жарым жылдан ашып баратат...

Аны чыгарып таштоо али оюна да келе элек. Ушул бөлмөгө кирген сайын тээ түпкүрдөн козголгон бир сезим анын жүрөк-боорун саамга эңшерип таштайт.

...«Жалгыз сенсиңби минтип жесир калган? Эмнеге мынчалык шолоктойсуң? Сенин күйөөңчөлүк эркек жокпу жерде жаткан? Ыйды да акыл менен ыйлаш керек? Элдин

баарысы эле сенин көз жашыңы көргөндө кошо ыйлай берет деп жүрөсүңбү? Кошо кайгырышат деп турасыңбы? Тап-такыр андай эмес. Тескерисинче, алардын арасынан сенин бул ыйыңы тамызын табалай тургандар чыгат. Ичинен кубанчылар табылат. Адам деген ошол. Бири ыйласа, экинчиси күлө турган турмуш бу. Беш кол бирдей эмес, кызым. Өйдө-ылдыйы бар, ушундай бул турмушуң. Ошону ойлоп жүрүш керек. Жамандыкта да, жакшылыкта да сабыр кыла билиш керек. Кубанычты да, кайгыны да баарын сыртка чыгара бербей ичке сыйдыра билген жакшы. Экөөнө тең акыл керек, кызым» – деген сөздөр угулат анын кулагына мындай минуталарда.

Бул акыл-кеңешти ага коңшу кемпир айткан. Кадырбекти жерге коюп келгендин эртеси келини экөө ал үч кабат үйдө жашоочулардан биринчи болуп кайрадан көңүл айтканы мында киришкенде айткан эле. Көздөрү ыйдан каканактап шишиген, сыйдам беттери жашка жуулуп жылтыраган Шааркага кыздарын жанаш отургузуп алып айткан болучу. «Жашым мына быйыл жетимиш бирде – деп уланткан кемпир андан ары сөзүн. – Көптү көрдүм, көптү түшүндүм, кыздарым. Бу турмуштун заарын да ичтим, шербетин да таттым. Сен, Шааркаым отуз алты жашында жесир калып атыпсың, келиним айтты. Мен жыйырма тогузумда кара кийингенмин. Сенин эки чүрпөң бар, мен ушул келинимин күйөөсү, жалгыз уулум Жаныбек менен олтуруп калганмын, Кандай азап менен аны чоңойтконуму мен айтпайын, сен укпа. А кездеги турмуш менен азыркыны салыштырууга болобу, айырмасы асман менен жердей. Отун алып келерим, мал карарым, эгин эгеримен айрылып деле өлгөн эмесмин ошондо. Азыр эмне, баары даяр. Ысык сууңа чейин үйүңүн ичинде. Акча болсо, баары даяр, бейпил заманда жашаганыңар үчүн күндө миң мертебе каниет кылгыла, кыздарым. Бактыңар бар экен, ушундай кезге туш келген. Бу эки кызыңа тең пособие деген беришет имиш, балам айтты, өзүң кудая шүгүр, билимиң бар экен, иштейсиң, эч кимге кор болбойсуңар. Күйөөдөн ажыраш, албетте, оор иш. Бирок күнү-түнү дубал

сүзүп ыйласаңар да эми бейпайда, кеткениңер кайрылып келбейт. Өзүңөргө өзүңөр кайрат бергиле. Башкалардын айткан сөзү – көңүл сооротуу гана. Өзүңөр бел байлабасаңар, өзгөлөр мындайда аралжы боло албайт, келиним, – деп, акырында аңгырай түшкөн үч бөлмөлүү үйдүн эми ээси сенсиң дегендей, Шаарканга караган. Кырдач мурдунун учуна чейин кызарып жылтыраган, демейде субагай бети бүгүн көпчүгөнсүп калган анын жүзүнө кемпир ошондо биринчи жолу түз тиктеди. Шааркандын өңү бир күндө эле шапайып калганын, сууга чайылган карагаттай анын туптунук кара көздөрүнөн тынбай чууруган жашты көрүп, Бегайым бир кездеги өзүнүн кара чүмкөнүп, бөйрөк таянып, нурдуу жүзүн ушинтип жашка чайылтып олтуруп калганын элестетип кеттиби, көз кычыгына толо түшкөн жашын тигилерге байкатпай калыш үчүн шашылды. Жука кара кыжым желеткесининин чөнтөгүндөгү тырыш-бырыш жүз аарчысын алып, тырыштуу мурдун аарчымыш болуп, көзүн да басып алган. Анан эки тизесин эти качкан арык колдорунун алакандары менен баса, Бегайым ордунан тура жөнөйт... Кайын энеси кайрат айтуу үчүн атайлап келип, акырында өзү да жашып кеткенин сезген келини да өпкөсү көпкөн бойдон аны ээрчиген.

«Чын да. Ый менен өлгөнүн тирилткен барбы? Анан айтпаса мендейинде жесир калган азбы?» – деп Бегайым кемпирдин кайрат сөзүнө ошондо Шааркан сооронo түшкөн.

Бүгүн да ошентти. Бөлмөнүн ичине балкылдап жарык толуп чыкканда Кадырбегин эске салгандын баары бир сыйра көзүнө урунду да, адаттагыдай эле бу сапар да тамагын муунтуп, каңырыгын түтөттү, сагынычын арттырды. Бу жолу да ар бир жуманын ушул күнүнө чейин бузулбай барсайып турчу кош мамык жаздыкты кучактап жыгылбадыбы. Бул эки жаздык Кадырбектики. Анын тирүү кезиндегиндей эле жатчу керебеттин баш жагында алар жайылуу. Өз жаздыгына жигитине көчөдөн таарынып келген кыздай мурду менен сая жыгылчу. Ал эми жумадан ишембиге өтөр кечинде, Кадырбеги менен жолугушуунун кечинде ушинтип анын жаздыгына эт-бетинен кетип, эки

колу менен аларды кучактай кармаган бойдон акырын жылдырып отуруп, кантип көкүрөгүнө кысып калганын, жыттагылаганын, өпкүлөгөнүн сезбей калат. Ички бир күч, тигинин эркинен тышкары ушуну иштетип жатканын кайдан туйсун. Күйөөсүнө, отуз тогуз гана жаш курагында кокустуктан, кырсыктан улам машинасы аварияга учурап, ошонун кесепетинен эми гана үй-бүлөнүн, турмуштун, ал түгүл эркектин кадыр-баркына бар турпаты менен түшүнө баштаган жарын, эки кызы менен таштап кете берген күйөөсүнө болгон каны-жанына сиңип кеткен купуядагы бир сезим ошону иштетип жатканын мындайда сезмек беле. Бир маалда чалкасынан оодарылат. Бегайым кемпирдин баягыдагы акыл-кеңеши эсине келгенде ошентет. Шыпты тиктеп жатып, жашын кургатат. Узун манжалуу колдору менен төгүлгөн жашка биригише түшкөн кирпиктерин сүртөт, бетин аарчыйт.

«Чын эле ким көрүп, ким кейийт менин бул абалыма?» – деп анан өзүнө өзү суроо менен кайрылат. «Тирүүнүн ыйлап-сыктаганынан көрдө жатканга деле пайда жок турбайбы. Кайра ал азап чегет имиш, аны көп жоктоп, көп ыйласа»... Ушулар дилине келип, Шааркан сооромо баштайт. Көөдөнүн кере оор үшкүрөт да, ошонусу менен ичиндеги бар бугун сыртка айдагансып, женилдей түшөт.

Бул күнү халатын чечпейт. Чыканагына чейин жеңдери түрүлүп, али чың билектерин жаздык үстүнөн төбөсүнө жазданып алган калыбында анан Кадырбегине байланышкан окуяларды көз алдынан чубуртууга өтөт. Ал сансыз да, түгөнбөйт. Биринен бири кызык, биринен бири кымбат. Баскан-турганына чейин, сүйлөгөндөрүнө, күлгөндөрүнө чейин кулагына угулуп, анысы кыналышып, өзүн бооруна тарта жаткансып, ысык демине чейин денеси менен сезе баштайт. Жалгыздыгын унутуп, апкаарып, тулкусу чымырап, тааныш сезим, тааныш лаззат бүткөн боюн ээлеп алып, көздөрүн жума, заматка магдырап кеткен учурлары да болот.

Азыр бөлмөдө өзү жалгыз, анын үстүнө түн, тээ алысыраак көчөнү бойлоп кеткен столбалардын тиктеген электр шамдарынын нурлары жетип турчу бул үйдүн бөлмөлөрү

азыр ала шам. Чылк караңгылыкта, балким мындай мүнөткө болсо да, жанды ырахатка бөлөп таштаган сезимдер адамды жандап өтөт.

Караңгылык – адатта коркунучтун жан жолдошу эмеспи. Жок, Шааркандардын эки бөлмөсү көчөнү караган. Ошол жакта терезе, ошол жакта балкон. Ошол жактан шоола тийип турат. Эшик жанындагы кара включателди кайра басып, Шааркан керебетке боюн урганда, чылк караңгылыкка кошулуп кеткен бөлмө, акырындап, тиги бир аз соолукканга чейин, шыпка көкүрөгүн тосуп жата кеткенге чейин буурул тартып калчу, бул жолу да ошентти... Оодарылып жаткан соң Шааркан адегенде кылчайып мойнун оңго бурду. Кадырбектин дубалдагы сүрөтү үлдүр-сүлдүр көрүндү. Тиктеген кишини келекелегенсип, жука ууртунан болор-болбос жымыйганы көрүнбөйт. Жары азыр аны капталынан карап жатпайбы, нары бөлмө күңгүрт эмеспи. Бул сүрөттү Шааркан күйөөсү өлгөндөн кийин атайын чоңойттуруп, рамкага салып, өзү жатып жүрчү бөлмөгө илген. Аны жаңы алып келгенде, Кадышынан ошол күнү ажырагандай абдан көп ыйлады. Кыздарына көрсөтпөй ушул бөлмөгө кирип алып, сүрөттүн бетине жабылган жука кагазды сыйрып таштаары менен өзүнө карап, тирүү кезиндей күлүмсүрөгөн күйөөсүн бетине, көкүрөгүнө басып, бүткөн бою солкулдап ыйлаган. Анан гана аны кийим илгич шкафтын үстүнө коюп, дубалга жөлөгөн. Эки кадам артка кетенчиктеп барып, эшик алдынан караса, көздөрү толо жашы тургандыгы үчүн, жашыктыгы үчүн, кайратсыздыгы үчүн шылдыңдагансып жылмайган Кадышын карап алып, дагы эчкирип ыйлайт.

Ошондо да элден, айрыкча Бегайым кемпирден уккан нускалуу кеп-кеңештер эсине түшүп, араң сооронгон. Наркы комнатада телевизор тиктеп алагды болгон кыздарына шыбырт билгизбей, эми гана ашкана үйүнө кирип, анын каалга жагындагы дубалга такай коюлган чакан стол четине чыканак такай отурду эле, эшиктин коңгуроосу чырр этти. Телевизордун чуусунан кыздары уккан жок.

Ички күйүтүнө чөгүп кеткен Шааркан бул добуштан чоочугандай селт этип, ордунан тура калды да, анан барып эшик ачты. Бегайым кемпир экен. Бир колуна адатынча таяк кармап, экинчисин бүкүрөйгөн белине коюп алган бойдон үшкүрө астананы аттады. Экинчи этажда алардыкы, төртүнчү кабатка чыкканча чарчап кеткен го, жарыктык. Энтигип калыптыр. Көлөчүн чечти. Эшикти ачып, анын туткасын кармаган бойдон жол бошотуп, тар коридордун бир жагына ыктала берген Шаарkандын жүзүнө алды-үстү тырышка жык толгон чукур көздөрүнө бир караганда эле, анын эми гана ыйлап басылганын байкап койгон зирек кемпир кейип кирди:

– Ээ, балам, алигиче ыйлап жүргөн турбайсыңбы? Үч-төрт ай өтпөдүбү, көксүнүң сууш керек эле да алиге дейре. Келиним айтты, сени ыйлап кирип баратат деп. Ашканасында идиш жууп жатып, ачык терезеден көрүп калыптыр. Колтугунда кагазга оролгон бир нерсеси бар, эринин сүрөтү окшойт. Бая күнү чоңойтконго бердим деген эле. Ошону алып келди окшойт, барыңызчы. Мен болсо кошо ыйлагандан башкага жарабайт экенмин, – деп мени жиберди. – Отурчу, мындай, – деди ал мында келген сайын кирип жүрчү үйдөгү узун столдун тегерегиндеги алты орундуктун бирине өзү көчүк баскандан кийин, экинчисин Шааркaнга көрсөтүп. – Өлгөндүн артынан эч ким өлгөн эмес. Күйүп-бышкандын да чеги болот – деп баягыда айтпадым беле, кызым. Абдан ынтымактуу дешчү экөөңөрдү, угуп жүргөнмүн, кызым, колу-кошуналардан. Айла канча, өлүмдү ошондуктан тилдешет да адамдар таш боор деп. Баланы атадан, аганы иниден, аялды эрден ажыратып жүргөн эзелтен ошол шум өлүм. Ал эч кимди аяган эмес, мындан ары деле аябайт – пешенеге жазылганын көрөт пендеси. Экөөңөрдүн бирге жашай турган күнүңөр түгөнгөн экен, эриң о дүйнө кетти. Эми аны табалбайсың, кызым. Дагы айтаарым, кайрат кыл, өлгөндүн артынан илгертен эле эч ким өлгөн эмес. Канчалык жакшы көрсөң да, андан жаның башка. Демек жашагың келет. Ушунчалык сөз болуп калды, өзүмүн башыман өткөн бир окуяны айтып берейин, кулак

сал. Жыйырма тогуз жашымда жесир калганмын дедим беле. Күйөөм отуз экисинде өлдү. Мына андан кийин жашоонун кереги жоктой сезилди. Ошондой күйүп-быштым. Бетимен тамтык койбой тытып таштаптырмын. Кийин билип жүрөм. Жүрөгүм өрттөнүп турчу болду. Жатарда жаныма коюп жаткан бир чака сууну түн жарымына чейин ичип койчумун. Ага да болбой көөдөнүм алоолоно бергендиктен, туруп алып айылдан бир чакырымча гана алыстагы көрүстөнгө барып алып, күйөөмдүн муздак боз мүрзөсүн кучактап жатып алып боздочумун. «Тарт, бооруңа!» – деп жалынчумун... «Кудай мени неге көрбөй атасың? Түгөйүмө кошпойсуңбу тезирээк» – деп наалыр элем. Дагы бир түнү күйүп бараткан жүрөгүмүн алкындырган күчүнө чыдай албастан төшөгүмөн туруп кеттим. Күзгү түн айлуу экенин деле сезбептирмин. Бир таман ийри-буйру жол менен мемиреп тынч жактан менин күйөөмкүнөн башкасынын үстүнө чейин чөп баскан, алары саргайып куураган калың көрүстөнгө жетип барып, адатымча топурагы эми гана —үстүнөн карттана баштаган мүрзөнү кучактап жыгылдым... Ыйлап жатам... Канча жатканымы билбейм, бир маалда: «Бегайым... балам» деген акырын добуш чыкты... «Апа!» – деп бакырып жибердим. Башымды көтөрө калсам, көлөкө жылып жаныма келип калыптыр. Арбак сөлөкөтү. Биерде андан башка түн жарымында ким жүрсүн. Денем дүрр этип, төбө чачым тикелене түштү да, таманыман өйдө муздап чыкты. Турууга чамам жетпей калды... Төрт буттап качууга аракеттендим. Жөрмөлөп жөнөдүм... «Каякка барасың, Бегайым?... Токто, балам!» – деп алиги үн дагы кайталанды эми жакын жерден. Чылк жумуп алган көздөрүмдү акырын ачсам, алиги көлөкө менден артылып алды жагыман көрүнүп калды. Азыр басып жыгылчудай сезилди. Тура калып, буйтап жөнөйүн деп, көөдөнүмдү бир аз көтөрдүм да кайра жыгылдым... Бүткөн боюм калчылдап, тизелерим бүгүлө берди. «Апа!» – деп башымды эки колдоп беките жыгылдым... «Коркпо, Бегайым, менмин! – деди алиги добуш баягыдан да акырын, баякыдан да жакын жерден. Анын буту тийген

чөптүн шыбыртына чейин угулуп калды. Тааныш үн... Ким?... Эсим ооп бараткансыды. Арбактар да. Башка ким болмок эле биерде?...

Эртеси эсими жыйыптырмын. Түндөгү кайнатам экен.

Байкап калган тура даарат кылып сыртта жүргөн ал, менин каякты көздөй жөнөгөнүмү. Артыман акмалап келгенин кайненем айтып берди эртеси. Мына, ошондон кийин көрүстөнгө түн катып барганды токтотконмун. Жаным башка экенин, жашагым келерин ошондо түшүнүп жүрбөймүнбү. Арбактар алып кетет деп коркпосом, «Апалап» ордуман тура качат белем? Жакшы көрсөң менчилик көрөрсүң, кызым, күйөөңү.

Мына ошентип, мен деле өлө алган эмесмин. Көрбөйсүңбү, алиге жашап жүрөм. Ошол окуядан кийин жөнү жок шолоктоп ыйлаганды да токтотуп, өзүмү өзүм сорото баштаганмын. Сен да ошент, кызым. Тый эми, бейпайда ыйыңы. Куру кол калбадың эриңен. Эки кызыңын өмүрүн тиле, ошолордун бактысына эми өзүң аман бол. Ушулардын убайын көр менчилеп. Менин келиним өзү да жашык неме, сени көрсө эле көздөрүнө жаш толо түшөт имиш. Кайрат айтууга кудурети жетпейт. Мени жумшаганы да ошондон улам. Тый, айланайын, эми жашыңы. Өзүңү сакта. Күйүт кишинин ден соолугун мүлжүйт. Өзүңү сакта, кыздарыңы ая, ооруп калсаң аларыңын күнү не болорун ойлон. Мен кеттим» – деп, анын кездөрү жашылданып, кайра-кайра түкүрүгүн жутуп, ыйлап жиберүүдөн бул акылман, нары кайраттуу кемпирдин алдында тартынган Шааркандын жүзүнө үңүлүп тиктебей чыгып кете берген.

Кемпир чыгып кеткенден кийин Шааркан алиги сүрөттү каерге илүүнү ойлонот. Ошол бөлмөдөгү азыр өзү жатчу, мурун Кадырбеги экөө жатып, далай таттуу түндөрдү өткөргөн бөлмөнүн төркү дубалына илүүнү чечет. Кыздарына мык таптырып келип, аны дубалга какты да илип койду. Кетенчиктей берип, эми дубал боорунан бажырая тиктеген күйөөсүнө назар кадаган апасынын сүйрүрөөк, бирок ар убак сүйкүм көздөрүнө мөлтүлдөп толо түшкөн жашты көрө коюшкан Гүлмира менен Нурмира жер тиктешкен

бойдон ээрчишип, өз бөлмөлөрүнө чыга жөнөшкен. Аялдабай алардан кийин Шааркан да ашканага барып, аердеги идиш-аяк жууй турган ысык-муздак эки чоргонун муздак суусунан чоң агызып, бетин жууду. Анан көпкө чейин терезе түбүндөгү тактага эки чыканагын коюп, алакандары менен ээгин тиреп, алыска-алыска телмирди. Үстүн боз түтүн каптап жаткан шаардын кез жеткен жерине чейин карап тура берди. Өзүн кыйнаган ойлордон алаксыткысы келгенде ушинтет; көздөрү алыска тиктеп, дилине жаман кейиштүү нерселерди таптакыр жолотпоого тырышат. Эс тарткандан бери жүрөгүнө из калтырып, көңүлүн дегдеткенге жараган таттуу, жагымдуу окуяларды, жолугушууларды, сөздөрдү кайра-кайра териштирип, эсине түшүрөт. Ошолор мунун кайрадан көңүлүн тазарткандай, кайрадан бейпайда жаштыгын кылчайтып бери караткансып, жеңилдеп калат, бою сергилең тартат.

Бу турмуш эки түстүү экендигин, бирисиз экинчисинин барксыз экендиги тууралуу да Шааркан башына ушул мүшкүл түшкөндөн бери көп ойлонуп жүрөт. Эки түстө дегени, ак-кара, оор-жеңил, жарык-караңгы, күлкү-ый, кайгы-кубаныч.

...«Адамдын өмүрү – ушулардын күрөшү тура. Кимисинин шыбагасына булардын кайсынысынан көбүрөөк ыйгарылат? Адам өзү кайсыларынан молураак болушу үчүн күрөшөрү белгилүү, – күлкү, кубаныч, жарык»...

Булар жөнүндө ой жүгүртө баштаганда да күйөөсү өлгөндөн бери пайгамбардай көрүнгөн, чүңүр көз, бети күйгөн теридей кунары качкан Бегайымдын дагы бир сөзү кулагына угулат. «Бу курган турмушуң (эринен ажыраганда ал үчүн да бул турмуш куруган көрүнүп калган го) жалаң күлкүдөн тургандай, жалаң ыйдан да турбайт. Бүгүн ыйлап атасың, эртең эле күлөсүң. Күлкүнүн арты – ый, ыйдын арты – күлкү эзелтен. Үмүтүңү үзбө жакшылыктан, кызым».

Азыр ушул акылман сөздөр Шаарканга кайрадан угулду.

Анын көөдөнүндөгү суздуктанбы, демейде алда кандай коздукту көзгө тартуулачу шаардын дүпүйгөн дарактары,

тасмадай керилген көчөлөрү, чоң-чоң терезелери күнгө чагылышкан бийик-бийик үйлөрү, көктү тиреп калгансыган тээтиги мунар, дагы башкалар деле азыр буга бейкунар, таасирсиз.

Шааркан бүгүн Кадышынын чоңойтулган сүрөтүн илген бөлмөсүнө жатарда гана кирди. Чыракты жакканда бажырайып так маңдайынан күлүмсүрөгөн Кадырбеги кара чүмбөттү кайрадан анын башына ыргыткансыды. Кайрадан Шааркандын айланасы караңгылап, башы ооруп, чеке тамырлары тырсылдап чыкты. Дароо өчүрдү жарыкты. Адатынча боюн үстүндөгү жапкычы гана сыйрылган, бирок төшөгү бузула элек керебетке урду.

Бир топтон кийин оодарылды. Шыпка карады. Көчөдөн кирген боз чаңгыл жарыкта шыптын акиташы да күңүрт көрүндү. Койкойгон мойнун (аны сулуу көрсөткөндүн бири – ушул мойну) оңго бурду эле, көзү Кадышынын селейип дубал бооруна асылып калган сүрөтүнө урунду. Жүрөк тушу дагы зырп этти…

Ооба, эми Кадырбек ошол жерден көз ирмебей жылуу төшөктө жагымдуу жыт пахтасына чейин сиңип калган, ак шейшептүү жууркан ичинде али денеси бузула элек, болгондо гана бир аз толо түшүп, билектери, балтырлары эткел тартып, анысы ого бетер салабаттуу көрсөтүп, чырайын арттырып койгон жарынын уйкусун күзөтүп чыгууга тийиш. Эми анын шыбагасына тийген үлүш ушул. Тагдырдын буйругу ушул. Ага көнбөскө чарасы жок. Түндө да, күндүз да кирпик ирмебей, ушул көз карашынан жазбай тура берет.

Ушулар оюна келгенде Шааркандын тамагын дагы жаш бууп, кулактары тунжурап кетти. Ал акырын туруп барды да, дубалдагы сүрөттү колуна алды, бетине басты. Анан кийим илинип турчу шкафтын үстүңкү полкасына коюп, шкафтын эшигин жапты. «Жалдырап дубал боорунда тургандан көрө ушунда жатканы жакшы го» – деген жыйынтыкка келген эле. Көңүлү жайлана түшүп кайрадан жатты. Эми халатын чечип жатты… Шыпты карап жатты. Уйку келгидей эмес. Караңгылык… бөлмөдө жалгыз… көкүрөк черлүү…

Мындайда эрмек – кыял, анын ою эмеспи. Шааркандын тулку боюн дагы санаркоо, эңсоо чулгап алды. Кадышына байланыштуу окуялар дагы биринин артынан бири ээрчишип, көз алдына келе баштады…

Кадырбек тирүү, ал өлгөн эмес. Шааркандын ыйлаганы, кара кийгени, оң капталындагы төшөктүн жарым жылдан бери дене ысыгын көрбөй муздак бойдон аңгырап бош турганы, кээде ар кандай тирүү жандын башына келчү жаман ойдун гана натыйжасы. Кадырбек командировкада жүрөт, бир күнү шаңкылдап кирип келет. Ошентип, Шааркандын убактылуу гана аңгырай түшкөн капшыты кайра толот. Кадышы үйгө кирип-кирбей жатып, адегенде кыздарынын кимиси мурда өзүнүн мойнуна асылса, ошонусун биринчи өөп, анан ал көрүнүшкө жетине албай тиктеп турган Шаарканын өзүнө тартып, мээримдүү көздөрүнөн от чача тиктешин дагы кайталайт. Анын эмнесине ээнсиреп, эмнесине жалгызсырайт?… Тиги Нарындан келатып машинадан кокус болгону жалган. Шааркандын өзүнүн гана кооптонуусунун, ар убак күйөөсү алыска командировкага жөнөгөн сайын кээде башына алда кайдан уурданып кирип келе койчу дейди кыялдын, сандырак ойдун гана бири. Кадышы аман-эсен. Анын келер күнү жакындап калды. Даярданышы керек. Үйлөр кайрадан таптаза жуулушу керек. Кийим-кечелери жуулуп, тапталып коюлушу зарыл. Жумушка башкача кийинип барышы керек да. Ал келген күнү стол үстүндөгү тамактар да башкачараак болчу эмес беле. Ошолордун камын көрүшү керек. Кадышынын бир жактан келишин ал тойго айландырып көнгөн.

…Азыр Шааркандын денеси магдырай түштү. Арадан бир топ күн өткөн соң Кадышы менен кайрадан жолугушкан күндөрүн, сагынычты көздөрүнөн көрүп аптыкканын, кыялы менен кайра кайталоонун өзү аны алда кандай ырахат сезимине ороп-чулгап баратты. Андай учурашуулардын биринен бири таттуу. Көрүшпөгөнгө канчалык көп күн өтсө, кайра жолугушуу ошончолук ырахаттуу болор эле.

…Кадышынын ысык эриндери бетине тийгендей узун кирпиктерин акырын жума, денесин эркип кое берген

Шааркан заматка магдырап, күчтүү сезим толкунунда каалгый сүзүп калгансыды...

Көптөн бери жакындан жытын сезбей, келишимдүү денесинин ысыгын сезбей, ошолорго куса болуп сагынган Шааркан күйөөсүнүн жалынга толгон кучагынан чыккысы келбей жатты. Аны кимдир бирөөлөрдөн кызгана кыналышты. Элес бу жолу да ошентип, өз ишин аткарып жатты. Ал сагынычка аралжы болуп жатты...

Арадан сааттар өттү.

Шааркан көзүн ачып, тең сунулуп керебет кырында жупташып турган буттарын жыя берди эле, жүрөгү алда кандай боштукка толуп, шуу этти.

Жок... жок! Кадышы мерт болгон эмес... Командировкада жүрөт. Бу жолу анысы болгондо көбүрөөккө созулуп жатат. Демек, жумуш ошону талап кылган. Ай деген эмне. Кээде кишилер бирин-бири жылдап күтүп калышат эмеспи. Ошолордун ичинде эрди-катын деле. Бу турмушта күтпөгөн жерден тагдыр таңуулап, андай узакка зарыктырчу ажырашуулар азбы? Толуп атат. Кудай түбөлүк ажырашуусунан, эч качан кайрадан жүз көрүшпөй турган ажырашуусунан сактасын. Демек, беймаал өлүмүнөн сактасын. «Чыккан жан, калган көңүл калыбына келбейт» – дешет тура элде. Ошонусунан сактасын.

Шааркан дагы көздөрүн жумду, дагы элес кууду... Көл жээги. Июль айы. Бу кездеги бу жердин сулуулугун сүрөттөп жазуу да, айтуу да кыйын. Кереметтүү Ысык-Көл ушул маалда чатырап, бойго жеткен сулуудай бар көркүн сыртына чыгарып, көргөндү ашык кылып, көңүлүн кылтактап туруп алат эмеспи. Күн чыкканда жашыл түскө боелуп, күзгү бетиндей тынч мелтиреген анын чексиз тунук бети күндүн улам бийиктеши менен түсүн да улам өзгөртө сулууланганына назар таштап, жээгинде бассаң кандай сонун! Айрыкча деңиз куландан соо, жаштык курагың эми гана өз нугуна түшүп, жеткилең тартып турган чакта!...

Бул жашта эмненин оорусу. Ал биерге эс алууга келген жездеси, эжеси менен келип калган. Москвадан окуп жүргөн убагы. Университеттин үчүнчү курсун бүтүп,

каникулга келген эле. Ал эми Кадырбек анда жыйырма бешке карай кеткен. Институтту бүтүп, бир мектептин жогорку класстарында тарыхтан сабак бере баштаганына үч жылга айланып калган. Мурунку жылы кышта өпкөсүнө суук тийгизип алып, эки айча ооруканада жатат. Жайкы каникул учурунда врачтардын кеңеши менен дарыланыш үчүн көл жээгиндеги ушул санаторияга келген.

Кадырбек менен Шааркан мына ушул жерден тааныша. Экөөнө окшоп, жаш эле туруп, ар кандай себептер менен мында келгендер үч жүзгө жакын эс алуучулардын ичинде он чакты. Тамак учурунда ашканада, киного барганда залда гана бирге отурушпаса, алар чоңдордон окчун жүрүштү. Бири-бири менен тез эле таанышып кетишкен. Кол кармашып бирге жүрүшөт, ар кандай жол менен «тынчтык саатын» да жаштар чуу менен шаң меден санаториядан алыс кетишип барып өткөрүшчү. Топ да, теннис, китепканадагы китептер, биллиард, шахмат-шашка да көпчүлүк убакта ошолордун карамагында болуп жүрдү. Кантип алардын ичинде Кадырбек менен Шааркан ымаласы жакындап, кантип экөө тигилерден да четтей баштаганын, бара-бара бош убакытты, ыңгай келе калган ар бир саатты, а түгүл мүнөттү экөө гана өткөрүүгө жан талаша аракеттенишкенин сезбей калышты.

Бир күнү түшкү тамактан кийинки тынығуу учурунда экөө магазинге барышып, андан эки кило ар түрдүү конфета алышат да, аны кагазга орогон бойдон кайыктарды башкаруучу кемпирге жетишет. Тигинин ой-боюна койбой, алмак-салмак жалынып-жалбарап жатышып, бир кайыкты жарым саатка сурап алышпайбы? Убакытты ким карамак эле андайда. Анын үстүнө экөө биринчи жолу кайыкка олтурушуп жатышпайбы. Болгондо да кыздын, Шааркандын өзүнүн тапкан акылы бу. Кадырбектин оюнда жүргөндү, анын көздөрүнөн, кыймыл-аракетинен байкагандай кыз өзү «тиги жээкке чейин барып келели» – деген.

Наркы өйүзгө тез эле жетип барышты. Калың бадалды аралап кетишти. Кол кармашып көпкө басышты. Ошентип, убакыт өткөнүн, анан заматта күн бүркөлүп, чагылган

чартылдап, көл бети оболку келбетин жоготуп, албуут-тана баштаганын, демейдегидей көргөн көздү кубантып, көөдөнгө жагымдуу сезим тартуулабастан, тескерисинче коркунуч, коопт онуу туудура баштаган эле.

Жамгыр... Түн да кирип келди. Эски кайыктын ичи.

Эмненин сөзү мындайда. Экөө эки жакты карап жатышты. Шааркандын сунушу ушундай болду. Жаан басылгандан кийин кайыктын ичине Кадырбек эски кырмандан жыйнап келген ным бакал, саман төшөгөн соң, биринчи болуп балтырына суу чөптөр жабышкан оң бутун кайыктын кырынан артылта берип, анан алда немеден чочугандай, уялгандай Шааркан калтырап унчуккан: – Кадырбек, мага далыңды салып жатасың, – деп.

– Мен кайыктын сыртында эле жатайын.

– Жок, мен кайыктын ичинде жалгыз коркомун да.

– Анда сен айткандай болсун.

Кадырбектин бар турпатынан ишенич байкаган Шааркан анан экинчи бутун да кайыкка түшүрүп, бакалы калың төшөлгөн жагына башын коюп, тизелерин бооруна тарта, көздөрүн чылк жумган бойдон жата кетет. Кадырбекти алда кандай, буга чейин такыр байкалбаган бир сезим таманынан тартып бетине чейин каарып өттү да, ала булут асман айлынан анда-санда жарк эткен айдын жарыгынан албырган жүзү бирөөлөргө көрүнүп калчудай, ысып чыккан алакандары менен жаап саамга турду да, анан кайык ичине бут койду. Ыйык нерсени басып алгандай, буттарып алмак-салмак көтөрүп койду. Ным байпагынан, кайышы былбырап жумшап калган боз туфлисинин капталынан булоо чыгып тургансыды. Тулку бою ысып чыккан эле. Кайыктын бир башындагы кичинекей тактайга башы жетпей, экинчи отургучтун алдына буттарын сунуп жиберип, суналган Кадырбектин денеси Шаарка ндыкына кыналыша түшкөнүн сезери менен ал ого бетер ысыды. Жана жамгырдан кийинки кечки суукка чыйрыгып чыккан тулку боюнан эми тер тепчигенсиди. Тизелерин жыйып жаткан-га кайыктын ичи тар көрүнүп кеттиби, Шааркан да эми буттарын сунуп жиберди.

Кайыктын эки капталын кошуп турган кичинекей скамейканын астынан кыз буту жигиттин шым багалеги түрүлө түшкөн жылаңач балтырына тие түштү эле, ал дароо кайра жыйып алды. Ага далысын салып, кыйыктын экинчи капталын карап жаткан Кадырбек былк эткен жок. Шартташып албадыбы, аны бузууга акысыз... Саат өттүбү – жокпу, ким билет, Кадырбек эркектик кылып, үстүңкү кырында суналып жаткан колун Шааркандын ийнине койду. Анын колун издегенсиди. «Договор бузулбасын, Кадырбек, бир турсам, экинчи бул кайыгыңа бут койбосмун».

Шааркан коркуткандай эмес, эркелеткендей үн катты.

– Кудай сактасын, убаданы бузгандан. Колуңу эле кармап жатайын дегеним. Далым-далыңа тийип атабы, демек договор жайында.

Кадырбек ушул тамашасы менен кыздагы суздукту, күндүн күтпөгөн жерден бүркөлүшү, көл үстүндө толкундун жүрүп кетиши менен пайда болгон суздукту тараткысы келип, ушул күн, ушул кеч, а түгүл нөшөрлүү жамгыр астында бадалга калкаланып кыналыша отурушканы, анан түндүн кириши менен минтип, кайыкты жээкке сүйрөп чыгышып, анын ичинде таарынышкан немелердей экөө эки жакты карап жаткан түн эч качан эстен чыкпай турганын, мындайды китептен окуп, кинодон гана көрүүгө болорун билдиргиси келген эле.

Бүгүнкү окуяга өзү себепкер экендигине карабастан Шааркан күн менен кошо бүркөлүп, көл бети бирде боз, бирде карамтыл түскө боёлуп, ак толкундар биринин артынан экинчиси окторула берип, жээкке жетип, күр-шар эте урунганда, ого бетер кызылдуу өңү кубарып, беймаза болгонун байкаган Кадырбек да тынчсыздана баштагаи. Бирок жигит эмеспи, анысын тышка чыгарган эмес. Шааркандай кыз жанында турганда эч кандай нерсе аны кейиите албасын билдиргендей, жай кыймылдап, жай сүйлөөгө тырышкан. Тескерисинче, жайдары көрүнүүгө аракет кылган эле. «Коркпо, Шакен, бар күнөөнү мен өз мойнума аламын. Жездең, эжең барарыбыз менен кармап,

көлгө ыргытып жиберишсе да ыраазымын. Аларга өзүм айтам болгон иштин баарын. Азгырган менмин дейм кызыңарды. Түнөп калуу, албетте, ойдо жок эле. Көңүл ачып гана кайра келмекпиз. Көлдүн мындай чукул пейилдүү экенин биз кайдан билели. Эки-үч саат өтпөй аба бузулду. Кайык менен жүрүү эмес, көл жээгинде туруп, кел үстүн тиктөө кыйын болуп калды. Ошентип, калып калдык. Эч кандай жамандык оюңарга кетпесин дейм. Кантип эле кечиришпесин? – деген буурул тартып өркөчтөнө баштаган көл бетине жээктен карап сустайган кызды капталынан сынап караган Кадырбек, өзүнүн да нч туйгусу бүлүнгөнүн байкатпоого тырышып.

– Баары бир жакшы болбоду, Кадырбек.

«Кадырбек» – деген сөзгө какалгандай Шааркан ошол замат тып токтоду да, баягыдан көздөрүн чоң ача аркы жээкке көз чаптырды. Эл жок ал өйүздө да. Кел бети долулана баштаганда анын жээгинде жүрүү көңүлсүз. Мындай сааттарда эс алуучулар китепканаларда, шахмат-шашка, биллиард ойноочу жерлерге топтолушат. Аларга батпагандар палаталарга жыйналышып, карта ойношот, кызык-кызык аңгемелер курушат. Эки жаштын ээндикти эңсеп, түшкү дем алуудан пайдаланьш аркы өйүзгө чаба чыгышканы менен кимдин жумушу бар мындайда.

Шааркан бозоруп, мунарыкка батып бараткан аркы жээкке карап турган көздөрү талгандай, эки колдоп бир маалда бетин баса калды, ыйлап жиберди. Ийиндеринен коомай кармаган Кадырбек араң сооротконн. Жашы кургабай туруп, анан ал Кадырбектин кең көкүрөгүнө аппак көпшөк манчаларын тирей туруп күлгөн.

– Сен эмес, өзүм жооп берем баарына. Өзүм иштедим да муну. Албетте сөз угам, жеме сөз. Чучугума жеткире урушат, а балким колу да тиет. Эжемин сырын билем да, катаал неме. Кантмек элем эми, чыдайм да баарына. Жездем унчукпайт. Анын сыры да белгилүү мага. Эжем жерге киргизе сөгөрү башык. Ага даярданышым керек. Көгөрүп отуруп берем. Андан башка айла жок» – деп Шааркан аргасы түгөнгөн немече каарын төккөн эжеси так маңдайынан

чыга келгендей шарт бурулуп, анан арыга басып кеткен. Кумга из калтырып далай жерге чейин башын шылкыйта басып барып кайткан. Бир орунда селейип туруп калган Кадырбек эми гана эсине түшкөндөй бериге бурулган. Кыздагы коркунуч, уялуу сезими жанагы сөздөн улам өзүнө өткөндөй Кадырбек ойлоно калган. Анан тигинин күлүм сүрөп келатканын көрүп, эсин жыйган.

– Эмнесинен коркобуз, Шакен? Эстүү кишилер айтсак түшүнүшөт. Жай түнү кыска эмеспи, басып жүрүп эле таң аттырып жиберебиз. Эрте менен тигилер антип-минтип тургуча кирип барабыз. Кантип жооптошууну түнү менен эптеп табаарбыз – деген Шааркүлдү утурлай басып, ага жеткенде эки кол учунан кармай берип.

– Жамгыр эми жаабаса керек – деген, анан сууга чайылгандай мелтиреп, төшүнө бирин-серин жылдыз чачыла баштаган көктү тиктеп.

Ошентишти, жээкте көп жүрүштү. Акыры буттары талыганда, күн батаарда Кадырбектин оюу боюнча жээктеги калың бадал арасына сүйрөп барып коюшкан (кокус түндө дагы жамгыр жааса, бадалды калкан кылышмак эле да) кайыкка барып жата кетишкен эле. Шааркандын колдору кокүрөгүндө кайчылашып жаткан. Эми дагы ал үстүңкү колун кайыктын кырына чыгарды. Биринчи Шааркандын жамбашы талыды окшойт, түйшөлдү, анан барып көктү карап жатты.

– Менин да астыңкы капталым ооруй баштады, Шакен, оодарылсам болобу? – деди тамашага чалган Кадырбек жылмая берип. Эки-үч сааттан бери кыналыша жатканга беттери ачыла баштагансыды.

– Мейлиң, бирок башка капталга оодарылмай жок.

– Жарайт…

Эми чакчайган ачык асман төшүндөгү шыгыраган жылдыздардан уялгандай, көздөрүн бирде жума, бирде ачып жатышып маектешти. Суроо… жооп… суроо… жооп… чегишүү… сыр тартуу… жүрөк сырларына кол салуу…

Ошол кол кармашкан бойдон таң тыяктан супа салганда чыйрыга кайыктан тура келишти. Көл үстү эритилген

майдай көлкүлдөп көшүлүңкү тартып калыптыр. Нарыдан, бадал арасынан сүйрөп келишкен кайыктын бир башын сууга малып, калактардын темир кызыкчыларын анын кырларындагы көзөнөкчөлөргө кийирип койгон соң, аркы жээкке көз чаптырышып, экөө тең саамга тикесинен туруп калышты. Баягы конфетке сатылган кемпир болуу керек, ак жоолук, корто бойлуу жоон аял сол колун мандайына серепчилеп карап турат. Адегенде эле буларды тосуп алчу ошонун күпүлдөп сөгөрүн эстеп уялдыбы, же каарын төгө зиркилдеп өлүк-тиригин койбой буркан-шаркан түшөрү бышык эжесин көз алдына элестеттиби, айтор Шааркандын маанайы да пастап, өңү өзгөрө түшкөнүн көрө койгон Кадырбек биринчи кайыкка отурду: – «Эч нерсе эмес, Шакен, кандай коркунуч күтүп турса да, мени тосо бер ага, отур, кеттик!» – деди.

Шааркан оң колун кайыктан артылта берип, сууга малды эле муздак экен, дароо тартып алды. Ичиркенди, Кадырбекке карап отурган кичинекей тактага колдорунун алаканын ого бетер ныктай берип, эки ийнин куушура тулку боюн жыйрыды. Эстегиси келди, ошол замат оң колунун эткел манчаларын бириктире, жарашыктуу оозуна тосо калып эстеди. Эки колтукту кенен-кенен ача алдыга жүткүнө калактарды тең шилтеген Кадырбекти тиктеди. Анан кара кирпиктерди нымдап чыга келген жашын сүртө бергенде гана байкап, чочуп кетти.

– Шакен эмне болду?

Кадырбек көздөрүн чоң ачып, булчуң этин түйүлтө калак шилтегенин токтото калды.

Шааркан бырс күлдү.

– Эмне болуптур?

Шааркан көздөрүн эми түйүлгөн бытыгый муштумунун арты менен сүрттү.

– Эмнеге ыйлайсың?

– Кыз дагы кыт күлдү.

– Эмнеге ыйлайын. Эстеп атамын, уктабай калбадыкпы, ошонуку. Кадырбек ыңгайсыздана түштү. Ыйлаган менен эстегендин айырмасын байкабайбы.

Кадырбектин күчтүү колдору калактын туткасын кайрадан кармады. Кайыктын капталынан эми шуу-шуу эткен добуш чыгып баратты.

Кадырбек кайык айдаганды ушу жерге келгенден бери үйрөндү. Эки-үч күндө эле аны билгендердин жанында отуруп үйрөнүп алган. Анан өзү кайыкка биринчи түшүп, калактарды кармай, башкалардын түшүшүн күтчү болгон.

Кадырбек кызга карады. Анын өңүнөн, көздөрүнөн ичиндегисин билгиси келди. «Наааразы бекен?.. Эл жок, ээн жакка баргандыгы үчүн, анысы аз келгенсип, таанышканына он күн болбой жатып, түнөп-конуп келатканы үчүн өкүнүчтө бекен? Уятына, намысына чыдабай, өзүн ар кандай жазага ыраа көрүп келаткан бекен?»...

– Эмне мынча тигилесиң? Же мен бүгүн башкача көрүнүп калыптырмынбы?

Шааркандын ууртунда жылмаюу турду.

– Дагы эле коркуп атасың го дейм, Шакен?

– Корксом-коркпосом да эми баары бир болбодубу.

...Кайрадан кайыктын капталын жашыл түстүү көл суусу шырр-шырр этип жалап кирди... Экөө тең кыжалат кылып жаткан коркунуч менен тезирээк беттешип, анан тезирээк кутулууну каалашкандай шашып баратышты.

Шиш тумшугу менен нымдуу кумду жиреп барып токтогон кайыкты тээп туруп, колун сермей сөгүп кирген кемпирди жонунан таптай күлүмсүрөгөн Кадырбек заматка буйдала түштү. Шааркан анын эмне дээрин билген белем, балтырынан өйдө түрүлгөн спорттук костюмдун шым багалегин ылдый тартты да, бир кылчайып, нарыга, бактардын арасында азырынча кыймылсыз дүпүйгөн корпустарды көздөй чуркап жөнөдү.

Кадырбектин:

– Кечириңиз, эне кыз күнөөлүү эмес, мен күнөөлүүмүн, мени сөгүңүз» – деп ийинден кучактай кармаган бойдон оозун тигинин кулагына жакын алып барып, жалынып-жалбарганына карабай, кемпир кечетен берки ачуусун чыгарып калды.

– «Нары тур!... Акмак неме экенсиң!... Конфетиңе алданды деп турасыңбы?! Андай конфеттер үйүмдө толуп атат. Силердин жүзүңөр үчүн, көңүлүңөр үчүн алып койдум эле. Силерди эрди-катын деп ойлогонмун анын үстүнө. Бири-бирине абдан жарашкан, бири-бирине окшош жубайлар экен деп ичимен жакшы көрүп калганыман кайыкты бербедим беле. Бир саатка жетпей кайтабыз дебедиңер беле?! О бетсиздер, десе!.. Жогол, мындан»! – деп тигинин колун катуу кармай, ийининен силкип алып таштаган соң гана Кадырбек ири жагын бир карап алып, узап кеткен Шааркандын изи менен чуркап жөнөдү. Шааркандыыйлап баратат деп элестетти ал. Өзүн да, муну да сөгүп баратат деп ойлоду. Жете келип, оң ийинине колун коё бетине үңүлдү эле, эч кандай жашты көргөн жок. Бирок өңү баягыдан да кубаргансып кетиптир. Саамай чачтары кулагынын алдынан сеңселип бараткан. Акырын өзү жактагы жаагына тийип-тийбей сеңселген үч-төрт тал чачын кулак артына кыстарды. Колу бетине тие түштү эле, ысык экен... «Сен кала бер, мен өзүм» деп Шааркан дагы чуркады. Баарына бел байлаганы, болот кайрат топтогону ушундан көрүнүп турду.

Аркы чет жактагы үстү кызыл тунуке менен жабдылып, терезелерине эми гана арыдагы жашыл кырдан тыктана баштаган күндүн нурлары кызгылт боёк сүрткөн үйдү көздөй баратты. Эки жагында учтары тегиз кыркылган бадалдуу аллея менен пижамачан келаткан эки-үч киши алдынан чыкты. Алар ушул корпуста эс алгандардан. Шааркан башын көтөрбөй аларды буйтап өттү. Тигилер да көңүл бурган жок. Таң тыяктан супа салары менен туруп, сыртта сергилеңдөөчүлөр мында көп эмеспи. Ошолордун биридир дешти көрүнөт булар кызды.

Узун, тар коридор менен бир болуп жаткан килем үстүнөн шыбырты чыкпай баскан Шааркан көнгөн эшигинин үстү жагына ромба формасындагы айнекке кара менен «12» деп жазылган цифраны биринчи көргөндөй көздөрүн чоң ача мүнөткө токтоп турду да, анан акырын каалганы чертти...

– Ким? – жездесинин үнү.

– Мен...

Анчада барып каалганын илгичи шырк этти. Анан ачылды. Халатынын топчусу салынбаган, жазылбаган чачтары уйпаланган эжесинин өңүн көрүп, Шааркандын денесин калтырак басты.

– Өлүгүңдү көрөйүн! Тирүү белең? Сени көлгө чөгүп өлсө керек дегенбиз? У-у, кибиребей жерге кир! Бас, быякка!

Ийнинен аткый кармап босогодон бери эжеси өзүнө карай тартты эле, Шааркандын ак жолдуу көк свитеринин мойнуна шалкы жакасы тигишинен сөгүлүп кетти.

– Урушпай эле сурабайсыңбы? – деди ары жактан жол-жол пижаманын балбыраган кең шымын борсойгон курсагын жапканга чейин ойдо тартып, керебет кырынан тура келген жездеси балдызына боору ооруган кейипте.

– Сурабасам деле билемин да, кайда жүргөнүн! Кайык кайтарган аял айтпадыбы, ким менен кеткенин. Баягы көзү чакырайган көккөз жигити менен түнөп келди да. У-у өлүгүңдү, көрөйүн шерменде!

Эжеси эми тигини желкеден ала бөлмө ичине тартты. Мас немедей жүткүнүп барып, кыз араң токтоду. Ал башын көтөргөн жок. Сөз да каптады. Ыйлап да жибербеди. Болгондо өңү барган сайын кубара берди...

– Студент. Окуу деп жүрүп азып-тозуп кетти. Көңүл ачып, мээ сергитип эс алсын деп алып келбедикпи. У-у-өлүгүңдү көрөйүн, жакшылыкты билбеген, акмак! Эр кааласаң, айланганы келдиңби кайра? Ошондон ары жоголбойсуңбу, көзүмө көрүнбөй? Түн бою жигиттин койнунда жатып, кайсы бетиң менен жылтырап биздин алдыбызга келип отурасың?... Кайсы бетиң менен?... Бети жок! Муногуң төөнүн таманы беле? – деп эми Калча сиңдисинин эки бетинен алмак-салмак чойгулай баштады. Шааркан дагы эле башын көтөргөн жок. Дагы эле ооз ачып сүйлөбөдү. Ого бетер көгөрдү. Эжесинин ал үчүн даярдаган ачуу сөздөрүн, мамилесин аягына чейин көрүүгө күн мурунтан өзүн даярдап алганы ушундан көрүнүп турду.

– Эмне, мени башы жок деп турасыңбы? Наристе белем, же мен эч нерсени түшүнбөгүдөй? Жыйырмадамын. Өз башым үчүн өзүм жооп берүүгө жараймын. Эмнеге эле зиркилдейсиң улуу деп урматтаганды билбестен?

– Муну карасаң, кайра мени жемелегиси бар жерге киргирдин. Башың болсо кантип кеттиң ээн жакка жигит менен? Апта болгон жокко аның менен таанышканыңа? Кантип ишенүүгө болот андай немеге? Кебете-кешпирине караганда ал бир күлган.

Калчанын добушу баягыдан пасыраак чыкты. Буга караганда синдисинин: «Башы жок деп турасыңбы мени!» – деген сөзүнөн кийин түнү менен көз алдына элестетип, жүрөгүн опкоолжуткан жаман ою натуура экендигин байкап калды бейм.

* * *

Шаарканды кечки тамак учурунда издеп калышты. Булардын столунда бир орун бош турду. Жүз элүү кишилик узун залдын орто ченindeги столдон дагы бир орун бош турганын да биринчи болуп, залдын эшигинен кирген-чыккандарды кыска мойнун созо тиктеп отурган Калча көрдү. Күйөөсүнө адегенде айткан жок. Ал жерде Кадырбек отурарын Солтонов да билет. Ага да аялы көрсөткөн мурун. Шааркан менен анын жакындаша баштаганын байкагандан кийин көрсөткөн. Кадырбектин тамак жеп жатып да, алар отурчу стол жакка жалт-жалт карап отурганына чейин Калча билчү. Жигиттин көздөрүнөн атылган көрүнбөс жебелердин кээ бири өзүнүкүнө кадалгандай, кайра эле көздөрүн жумуп, синдисинин да ал тарапка акырын жүз бурганын байкамаксан-билмексен болуп жүргөн.

Биринчи сменадагылар толук киришип, залдагы столдордун бардыгы жык толгондон кийин да ошол эки гана орун бош турганын кергөн Калчанын таманынан төбөсүн көздөй шектенүү сезими дүргүдү. Ооз даамы бузулуп, тамакка табити чаппай калат. Алдына коюлган тамактын ар биринен кичинеден ооз тийип, тарелкаларды нарыга жылдыра берди.

Эрди-катын ошентип, ашканадан элдин алдында чыгышат. Камырабаган кишилердей адегенде адаттарынча

колтукташа каалгый басышып, санаторийдин калың бадалдуу аллеялары аркылуу мерчемдүү жерлердин баарына көз чаптырып чыгышты. Скамейкалардан, топ ойноочу аянтчадан, шахмат-шашка ойноочу, китеп окуучу залдан да алар издеген караан көрүнгөн жок. Ошондон кийин гана экөө көл жээгине барышат. Демейде бу маалда, көл үстүнө толо жүрчү кайыктардын баары жээкке чагарылып, тизилип туруптур. Көл бети козголуп калгандыктан, аларга түшүп, сейилдөөгө тыюу салынганына эки сааттан ашып кетти.

Эки колун эки бөйрөгүнө коюп, баштарына чейин кум, үстүнө кара халат кийген орто бойлуу эткел аял эки кайыктын ортосунан алыска, аркы жээкке көз чаптырып турган эле, ошого жакындашты.

– Эмнени карап турасыз? – деди аялынын жүрөк жүгүн жеңилдетүүгө айла таппай чебелектей баштаган Солтонов биринчи озунуп. Кемпир кейип кирди:

– Эмнени карамак элем, бир кайыгым жок, ошону күтүп турам. Өчөшкөндөй аваны карабайсызбы, заматта бузулганын. Эки жаш неме сураганынан көңүлдөрүнөн өтө албай берип коюп, эми эмне кыларымды билбей турам. Жаңы баш кошкон немелерге окшоду эле. Сурагандан иймендим. Көздөрүнө, мамилерине караганда ошондой. Бир саатка жетпей кайтабыз. Түштө жатып эс алгыдай биз картая элекпиз, көрүп турасыз. Көлгө да дайыма келүү мүмкүн эмес, өзүңүз билесиз. Ойноп алалы, дешип, – жалдырап туруп алышпабыды, каргыш тийгирдики. Мына эми жообун бер. Аман-эсен болушса экен. Тиги тумшуктан имерилгенче аларды суктана өзүм карап турганмын. Бир саат өттү, үч саат өттү, анан күн бүркөлүп, көлдүн бети алай-дүлөй түштү. Ошондон бери жаным алкымына келип, жаман болуп атам. Эми кантем? Айтыңызчы, кантем?... Бир кокустук болсо, мен жооп беришим керек да? Ушундай эмеспи? Мына, кырсык деген? Мына бактысыздык деген!

Кемпир эки алаканы менен кир халатынын эки капталын чапкылап, көл түспөлдүү көкмөк көздөрүнө жаш

толтура экөөн жалдырап тиктеп туруп калды. Булардан жардам күткөнсүдү.

Солтонов аялын карады. Ал күйөөсүн тиктеди. Анын өңү өзгөрүп кеткен эле. Мындайда анын оозунан ар кандай сөздүн чыгышы мүмкүн. Жыйырма сегиз жылдан бери аны менен бир жаздыкка баш коюп, бир төшөктөн бут чыгарып келаткан Солтоновго сыры белгилүү. Экөөнөн бир айла-жардам күткөндөй жалдырап тиктеген мына бул кемпирди алка-жакадан алып, муундура баштайт го деп чоочуду Солтонов. Жок, Калча антпеди.

– Өзүң кылган иш экен, өзүң жооп бересиң да. Бизден эмне сурап атасың?

Калча ушунусу менен көөдөн тиреп турган ачуусун күчтөп кетиргиси келгендей нарыга бурулду. Солтонов аялынын бул жоругун ичинен жактыра анын ыгы менен бут шилтеди.

– Түшүндүңбү эми? – деди ушул ишке күйөөсү да шериктей ага акырая тиктеп.

– Ошолор бекен?

Солтонов жай гана жооп сурады.

– Анан ким дейсиң? Ошол акмактар да.

Калча он-он беш кадам баскандан кийин бозомук тартып өркөчтөнгөн көл жакка кылчайды. Шойкондуу көл азыркы көрүнүшү менен тиги кемпир жолун күтүп, булар издеп чыккан эки бейадеп жашты эчак түбүнө чөктүрүп, ошого тынчы кетип, ошого ойку-кайкы ойдолоп жаткандай туюлуп кетти... Бул сезимден Калчанын жүрөгү муздай түшүп, алкымын жаш бууп жиберди.

– Сен күнөөлүүсүң ушуга! – деп кыйкырды эми ал көздөрүн күйөөсүнө чакчайта.

– Эмне үчүн мен күнөөлүүмүн?

– Мейли, жөн кой, көңүл ачсын. Бойго жеткен неме кандай жүрүп, кандай турууну сенден жакшы билет – дедиң беле? Ушубу, бизден жакшы билгени?... Көп тайрандатып, өз оюна койбойлу. Алиги жигиттин көзү жаман экен. Аны менен бирге баспайсың деп мен тыюу салайын дегенде, сен унабай койбодуң беле? Эми эмне болду? Элдин

бетине кантип карайбыз? Калча көздөрүнөн аккан жашты аарчып калды.

– Ыйлабачы, күн мурунтан. Мындай болорун ким билиптир. Атайын ойнотобуз деп алып келсек, жаныбыздан чыгарбай кармаганыбыз кандай болот эле? Эстүү-акылдуу неме түшүнөтко дегенмин да. Эч нерсе эмес, минтип аба бузулуп кетерин алар кайдан билди дейсиң. Кырсык да. Аман-эсен жээкте калышса, келишет эрте менен. Андан көрө башкалар билбесин. Сен жашыңы көрсөтпөгүн эч кимге. Тааныштардан байкашпасын...

Солтонов аялын эркелеткендей эки ийининен коомай кармап бетин анын бетине жакындатып кулагына шыбырады.

– Билбесин-билбесин. Түндө жигит менен талаада калганы жакшылыкпы?

– Баары өзүнөн, Калчам. Күн мурунтан жамандыкка жорубайлы. Андан көрө аманчылыгын тилейли. Бизден коркушуп, толкун жүргөнүнө карабастан көлгө чыгышса, анда жаман. Ошентишпесе экен. Аркы өйүздө калганынан маселен, мен коркпойм, бериге жөнөшсө, ошонусунан корком.

Солтонов аялы менен ал күнү тааныштарынын тобуна кошулган жок. Көл жээгинен алыс кетишпей, аны бойлоп басышты. Кемпирге да жакындашкан жок. Анын чебелектей ары-бери басканын алыстан карап жүрүштү. Алар ошол кечте элдин эң арты болуп, палаталарына киришкен. Түн бою ар ойдун башын бир чатышып, укташпай чыкты.

Түнү менен каарын шилекейине кошуп жутуп чыккан Калча кандай болбосун синдисинен өч алууга тийиш. Өч эмес, анын бул эжелик милдети, улуулук милдети. Шаарканды ал теске салбаганда ким салмак эле. Булардын эң улуусу ушул Калча. Ата-энесинен айрылгандан бери Шааркан ушулардын колунда тарбияланган. Тогуз жашынан тартып ушул эжесин – эне, жездесин – ата кылып чоңоюп келатат. Демек, алардын мээнети корогон. Азыркы куракка чейин жетимдин ашын ичпей, кийимин кийбей чоңойгондугу үчүн Шааркан баарынан мурда жездеси менен эжесине карыз, ошолорго милдеттүү. Муну кыз жакшы түшүнөт. Ушуларды

сыйлаганга, жакындарын урматтаганга анын акылы жетчү. Буга чейин аны акыл-эсине, жүрүш-турушуна наразы болушкан эмес, бейчекиликти көрүшпөгөн, сезишпеген. Ымандуу өсүп келаткан синдиси менен эжеси, балдызы менен жездеси а түгүл сыймыктана жүрүшчү. «Буюрса, жакшы жерден тамыр-сөөк күттүрөт го бизге» – дешип токпейил тартышчу ал жөнүндө сөз кеткенде. Анын бар тагдыры өздөрүнүн колунда экенине шек кылышчу эмес. Эми минтип, кутүлбөгөн жерден булардын оюна, тилегине, пикирине бүлүк салып олтурганы таң каларлык. Айрыкча Калча күйүп-бышты. Муну чектен чыккан иш катарында кабыл алды. Ошондуктан синдисинин сөөгүнөн өтүп, чучугуна жете турган сөздөрдү айтуудан тайманган жок.

– Былтыйбай өлгүр, айтпайсыңбы эртерээк, соосуңбу, же бир балакет болдуңбу?

– Эмне балээ болмок эле? – Ал деле адам го, же жырткычпы?

– Жерге киргирдин тилин карасаң, тилиң кесилгир. Жырткыч болбосо да эркек, түшүндүңбү? Эркек дейт анын атын. Кантип бетиң чыдады аны менен ээндеп кетип калганга? Уурданып кеткенге? Өлсөңчү, мындан көрө?

Калча синдисинин өзү жактагы бетинен чоё кармады. Шааркан ичке каштарын бир аз жыйрылтты да, башын жерге салып, дагы үн-сөзсүз отуруп калды.

– Соосуңбу дейм?

Калча эми тигини сөөмөйүн бүктөй калып, дагы чыкыйга түрттү.

– Соо болбогондо эмне, акылынан ажыраган киши бар деп турасыңбы? Анын да акыл-эси бар. Айбан эмес, адам! Бирге басса, бирге турса эле жамандыкка жоруп отурганыңар кандай силердин?

– Муну карасаң, кайра бизди айыптагысы бар? Кыргызчылыкты билбейсиңерби? Эл укса эмне дейт? Кыз башы менен талаада жигит менен түнөп келген имиш дешип, билесиңби, кандай чуу көтөрүшөрүн?

– Мен билбеймин кыргызчылык дегениңерди. Мен адамгерчилик дегенди билем. Биз андан четтегенибиз

жок. Эл эмне айтат экен деп ар кимдин оозуна кулак тосконду да билбейм. Өзүмүн акылым өзүмө жетет азыр. Эгер адамдын баары эле силер ойлогондой болсо, жашоонун эмне кереги бар? Жырткычтай бирин-бири андып турушса, жакшысын көрбөй, жамандыгын эле издеп басып жүрүшсө, бири-бирине ишенишпесе, андайлардын арасында жашоонун кандай кызыкчылыгы бар? Кадырбек андайлардан эмес. Мен адеп таанышкандан тартып аны түшүнгөм. Бир түн эмес, бир жыл болсо да аны менен жалгыз жүрүүгө болот. Ишеничтүү. Мен ошондуктан андан коркконум жок. Тескерисинче, аны менен жалгыз көңүл ачып, сейилдөөнү кааладым, ошондуктан түшкү дем алышта кайыкка түшүп, аркы өйүзгө чейин барып келүүнү ага өзүм айттым. Аякка жетип, ары-бери басып жүрсөк, аңгыча күн бүркөлүп, көл үстүндө толкун пайда болду. Ал шашылып, мени колдон ала кайыкка жетеледи. «Толкун күч ала электе, кетип калалы» – деп. Мен корктум. Күтө туралы, балким басылар – дедим. Бирок ошол бойдон толкун токтобой койду. Анан кеч кирип кетти.

– Каякка жатып калдыңар? – деди Калча дагы эле жүрөгүн өйүгөн нерседен кутула албай жатканын үнүнөн билдирип.

– Кайыкта жаттык.

– Экөөң биргеби?...

– Бирге. Анан ээн талаада түн ичинде эки жерде жатмак белек? Экөөбүз эки жакты карап жатып алдык. Ал кызык-кызык аңгемелерди билет экен, сүйлөшүп жатып, таңды атырып жибердик. Ушунун эмнеси бар? Шааркан эжесине өктөм укчукту.

– Иши кылып соосуңбу?

– Эгер ушул суроону дагы бир жолу кайталасаң, турамын да эшикке чыгып кетем. Экинчи сени менен сүйлөшпөйм. Уктуңбу?

Калча катуу үшкүрүп, жер тиктеп отуруп калды. Мунун азыркы кебетесинде кечетен бери эч себеби жок күйүпбыша бергендиги үчүн өкүнгөндүк бар эле.

Калча ордунан турду. Уйкудан калганга талыкшыган денесин араң көтөрүп тургансыды. Добушуна, кыймылына караганда синдисине ачуусу тарап калгансыйт.

– Жат, уктап ал, – деди а түгүл Шааркангa боору ооругандай, эми ага мээримдүү кылчайып. – Жашсың да, эмне кылайын. Баркың артып, бааң көтөрүлөр кезде кайдагы немени ээрчип, өзүңүн кадырыңы кетирип... Сен ээрчибей, сени жигиттер ээрчиши керек эле да. Бир жума, он күн эмес, айлап-жылдап караанына алыстан зар болуп ээрчиши керек эле да. Бул үчүн сенде акыл да бар, чырай да бар, билимдүү болгону жатасың. Кудая шүгүр, жездеңин аты-жөнү да бар дегендей. Кайсы жагынан караса да купулга толчу кызсың. Анан ушинтип жүргөнүңү уккан киши эмне ойлоп калат? Сен жөнүндө гана эмес, биз тууралуу кандай пикирде болушат? Мына ушулар жөнүндө ойлонушуң керек эле, синдим. Сенден жездең экөөбүздүн үмүтүбүз зор, билсең. Бакдөөлөттүү бирөөгө баш кошсоң, тууган-урук гана эмес жакшылык-жамандыкта аркасы тийчү жөлөк-таяныч болобу – деген тилектебиз. Муну сага айтпасак деле өзүңү түшүнөт го деп жүрөбүз. Өзүң айткандай наристе эмессиң. Баарына акылың жетет. Жигит аттуунун баары эле эр боло бербейт. Жигиттин да жигити, эрдин да эри бар, синдим. Ал жагын бизден сура, бизден бил. Сага жамандык ыраа көрмөк белек? Бейчекилик кетирдиң. Жакшылап сени тескей албаган бизде да күнөө бар. Болор иш болду, эми кулакты түре элдин сөзүн угалы. Жанагы жигит менен бир кадам да бирге басчу болбогун мындан ары.

Калча ушул акыркы чечимин айтып, күйөөсүнүн артынан баргысы келдиби, эшикти көздөй бут коё бергенде Шааркан аны халат этегинен акырын кармай токтотту.

– Эмне үчүн баспа дейсиң?

– Эмне үчүн экенин баятан бери айтып олтурбаймынбы?

– Анын эч кандай күнөөсү жок. Анын үстүнө ал мага жагып калды. – Шааркан тигинин халат өңүрүн коё берип, дагы жер тиктеди.

– Жагып?..

Калчанын коюу каштары жыйрылып, көздөрү дагы чоңоё түштү.

– Ооба, жагып калды.

– Мына ушундайсың да? Ай, ал сенин теңиң эмес да? – Калча халатынын эки өңүрүн семиз тизелеринин арасына дагы кыстара кайра отурду.

– Сен кайдан билесиң, теңим эмес экенин?

– Көрүнүп турбайбы, баскан-турганынан, кийим-кечесинен.

– Кийим-кечеси, баскан турган эч нерсени билдирбейт. Ичи керек. Ичин байкадым, эң сонун жигит. Акылдуу, ак көңүл, сөзү ордунда.

– Ой, бир түндө эле сынап койдуңбу? Ой, оңбогур десе!..

Калча сөз чыкпай калса деле чормоюп турган элдин синдисинин бетине жакындатып, анын көздөрүнөн бир нерсе көрүүгө ынтызарлангандай, кыз жүзүнө үнүлө карады.

– Бир түн эмес, он күнчө болду аны сынап жүргөнүмө.

– Былжыраба, сенин теңиң эмес ал!

Калча синдисинин өзү жактагы ийнинен мыжыга кармады.

– Теңиң эмес дегениң кандай?

– Ушул да акмакчылыгың! Көрбөйсүңбү, он беш күндөн ашып баратат анын мында жүргөнүнө, кийгени бир көйнөк, эски бир костюм. Анын эмнесине ашык болуп калдың? Ичи сага тамак, үстүңө үй, ийниңе кийим болуп бермек беле? Жаштыгың ушул да?

– Мага кийиминин кереги жок, – деди Шааркан ордунан тура.

– Өзү керек, адамдык сапаты керек.

– Анда ошого тиесиңби? Жөнө, азыр барып анын мойнуна асыл, өлүгүңдү көрөйүн шерменде? Сендей синдиси жок жүрсөм, өлүп калмак белем? – Калча синдисин мыкчый кармап турган ийинден ары түртүп жиберди.

– Тиейин дедимби? Жактырып калганымы айтам. Сөзгө түшүнсөң боло? – Шааркандын өңү да кайрадан өзгөрүп кетти.

Калча ошол бойдон сыртка жөнөдү. Басып баратып, гүлдүү беймаза халатын топчулады. Күйөөсү корпустан алыс кетпеген эле. Эки колун аркасына алып, акырын басып

жүргөн. Элүүгө жакындап, отпускадан-отпускага чейин эс алууну сагынып калчу болгон Солтонов күтпөгөн жерден бул окуянын чыгышына кыжалат болду, анын жаңыдан сергилең тарта баштаган, эртели-кеч көл шапатасынан мол жутуп, жыл бою жыйналган тулку боюндагы чарчагандыкты эми гана тышка чыгара баштаган кезде мындай ашык-баш жүк, ашыкбаш түйшүктү карабайсыңбы? «кап!» – деп койду корпустун орто чениндеги кош канат эшиктин бирөөн ачып, кайра катуу жаба, кумсарып көрүнгөн аялына жалт карап алып. – Баары бузулат экен да?» – деди ал күбүрөп.

– Сүйлөштүңбү? – деди Солтонов, аялы жанына чукулдап келгенде, үнүнөн анчейин деле тынчсызданбаган кишидей жай гана. Ушунусу менен өңү бузулган Калчага таасир эткиси келген.

– Сүйлөштүк. Жер жуткур, жакшы көрүп калган имиш. Чакыр машинаңы, бүгүн кечтен калбай келсин. Муну биерден алып жоголбосом, бардык иш бузулганы турат. Бар, заказ бер, Фрунзеге.

– Дем алышты бузбайлычы. Калчам? Менимче, алардын ортосунда көңүл бурарлык, нерв короторлук эч нерсе жок. Жаштык кылышыптыр, анын эмнеси бар? Кимдин башынан өтпөгөн мындай иш. Аман-эсен экен, мен ошого сүйүнүп атам. Шааркандын башы бар, бейчеки ишке барбасына ишенем. Биерде көңүл ачуудан башка эмне бар? Элирген жаштар ого бетер эсирип басып кетишиптир. Эгер алардын ортосунда эч нерсе болбосо, токтотолу сөздү ушу жерден. Жабылуу аяк жабылуу бойдон калганы жакшы.

Солтонов аялынын эки акырегине алакандарын коё, анын жүзүнө жалдырап тиктеди. Энесинен бир нерсе өндүрөрдө баласы ушинтет эмеспи.

– Эч нерсе болбогону менен жакшы көрүп калдым деп атпайбы? Кой, мен синдими карышкырга атап байлап койгон козудай кылып кармап отура албайм. Эртең качып кетсе кантебиз? Кийимге жарыбаган неменин эмнеси бар дейсиң? Андайга баргандан көрө өлгөнү жакшы. Ичкенге жарыбаса, кийгенге жарыбаса, андай турмуштун эмне кереги бар? Бул турмушка ким эки келиптир. Кой, Аскар,

чакыр машинаңы. Мен эми эс ала албайм мында. Андыганым да, ойлогонум да ушул экөө болуп калат мындан ары, кетейин, сен аягына чейин эс алып барарсың, – деп башка айтар сөзү жоктугун билдиргендей Калча шарт бурулуп, артына кетти.

Солтонов өзү күнөөлүү аялынын мындай кежирлигине. Аны менен баш кошконуна чейрек кылымдан ашып баратса да бир жолу анын эркинен тышкары иш кылып, каяша көрсөткөн эмес. Ошондуктан, Калча натуура болсо да, кээде өз оюндагысын ишке ашырып келатат. Бул жолку себеп, албетте жүйөлүү. Солтонов менен Калча кыздын сыртынан тон бычып жүрүшкөнүнө эки жылча болуп калды. «Тигинин баласы, мунун иниси, түкүнчөнүн таяке, жээни ылайык Шакентайга» – деп кыз-жигиттер тууралуу сөз козголсо эле Калча өзү тааныган кадыр-барктуу кишилердин бала-бакырасын эсептен өткөрө баштачу. Алардын кимисин артыгыраак, же төмөнүрөөк эсептерин да билдирбестен, күйөөсү аны оозунан чыккандын баарына эле макул боло берчү. Калча андай кишилердин балдары нече жашта, кайда окуурун, кимдер менен достошуп жүргөндүктөрүн, а турсун качан, кимдин кызы менен таанышып, анан эмне үчүн андан алыстап кеткенине чейин сурамжылап биле турган. Эгерде алардын бири сөз айттырып калса, бүгүн деле макулдугун берүүгө Калча даяр.

Шааркандын үй-бүлө күтүү жөнүндөгү оюн такыр сурабаган эле. Анын каяша кылышы, тил албай коюшу мүмкүн деген нерсе башына да келген эмес. «Өзүм чоңойттум, мындан аркы тагдырын да өзүм бийлейм» – деген чечимди ичинен бекемдеп жүрө берген. Минтип күтпөгөн жерден, эч кайсы жагынан купулга толбогон, Калча бир нечен жылдан бери көз астында элестете жүрчү болочок күйөөлөрдүн эч кимисине, эч жагынан окшобогон, айылдык бир жигитти «жактырып калдым» – деп сиңдисинин жер тиктеп отурушу, көйкөлүп жаткан көл бетин заматта чайпалтып таштаган бороондой тийди ага.

Солтонов чочулап калды. Аялы өзүнө ар убак айта жүргөндөй сонун жерден тамыр-сөөк күттүрүп, буларга

арка-жөлөк болчу кишилер менен жакындатчу балдызы чындап эле колдон чыгып кете жазгангандай кыжаалат тартты. «Сүйүү дегенди да жүргөндөй билүү керек. Каалаган жакка жетелеп көндүрүш керек аны да. Андай кылуу улуулардын гана колунан келет. Турмушту көргөн, көптү башынан кечиргендердин гана колунан келет. Демек биз – Калча экөөбүз эми ошолордун тизмесине кошулган кишилерденбиз» – деп калгандардан Солтонов. Ошондуктанбы, ал Калчанын чочулаганын түшүнүп турса да, бул окуя менен бир айга эсептелген дем алышты бузгусу келген эмес эле. Анын үстүнө Шааркандай кыздын Кадырбектей көргөндү сырты менен кубантпаган, айылдык бир жигитти жактырып калганына чындап ынанбай жатты.

Солтонов бөлмөгө киргенде Калча менен Шааркан экөө эки керебетте отурган экен. Экөөнүн тең баштары төмөн карай шылкыят.

– Сүйлөштүңбү?

Калча эрине, эмнегедир акырын кайрылды.

– Жок...

Солтонов бөлмөнүн ортосунда бирде аялын, бирде балдызын тиктеп, мүнөткө кыймылсыз туруп калды.

– Чакыр машинаңы, мен ооруп калдым. Кетемин – деди Калча эми негизги максатын синдисинин жашыргандай, жанагы сөзүн башка нукка буруп.

– Жакшы болуп каларсың, бир-эки күнгө күтпөйлүбү? Шаарды билесиң, азыр ысык. Бир күн болсо да эс алгандын иши эс алган эмеспи. – Солтонов да аялынын азыркы сөзүнө жараша буруп сүйлөдү.

– Жок, кетемин. Чакыр. – Калчанын кежирлиги чындап кармаганына көзү жеткен Аскар кайра чыкты. Чет жактагы кичинекей үйдү көздөй, байланыш бөлүмүн көздөй шылкыя басты.

Эжесинин башы эмне үчүн ооруп чыкканын ал канчалык бурмалабасын, Шааркан жазбай түшүндү. Минтип, тополоң-тос түшүргөн түндөгү окуя экенин билип турса да, мойнунан кучактап эжесинен кечирип сураган жок. Эжеси аркы-беркисин ушул убакка чейин бир эшигинде күзгүсү

бар шкафтын ичинде кырынан турган эки жеринен кайыш кур менен курчалган күрөң чемоданга сала баштаганда, ал барын керебетине жата кетти. Чечинбей жатты. Үстүндөгү спорттук көк костюму менен кечеги жамгырдан нымданган бойдон али түзүк кургай элек костюму менен жата кетти. Ыйладыбы дегендей, анын бөлмөсүнүн босогосуна саамдан кийин жүн кепиччен Калча акырын басып келип карады эле, денеси солкулдаган жок, узун, жарашыктуу бою керилип, башы ак жаздыкта. Эки буту керебеттин кырына тийип былк этпей калыптыр. Көмкөрөсүнөн жаткан кыздын эки жамбаш, эки ийини жазыраак келип, бели ичке, денеси тар костюмдун ичинен тысырая даана көрүнүп, анын бой жетип, бар турпаты көргөн көздүн кумарын арттыра турган курагы экен азыр! Калча суктана тиктеди синдисин. Өзүнүн кыз кезиндеги, мрамордон жасалган скульптурадай сыйдам, жымсал денесин эске салган Шааркандын азыркы тулку боюна кадала тиктеп, мүнөткө кирпик ирмебей, сынынан эчак бузулуп, тырышшы көбөйгөн эткел тулкусу элестеп кеттиби, беймаза сезимден жыйрылып алды. Жаш денеси жыгач керебеттин ортосунда суналып, анын баш-аягына жете жаткан сиңдисинин бар турпатын костюмдун ичинен көрүп, ал эч ким тарабынан эч качан өзүнүкүндөй бузулууга тийиш эмес экендигин эстеп, ого бетер андагы кызгануу сезими артты. Анын азыр толуп-ташып турган ушу кыз курагына бирөөлөр кол салууга даярданып жаткандай, аны бузууга, ага так салууга аракет кылып жаткандай Калчанын кызгануусу ого бетер күч алды. Кадырбектен аяды Шааркандыны. Шааркандын ушул курагына, ушул турпатына кол салууга татыктуулар азырынча Калчанын гана элесинде, дилинде.

Бели бир тутам болуп жаткан ушул синдисин көзүнө комсоо, нары өтө жупуну көрүнгөн Кадырбектин кучагында түнү менен жыландай ары толгонуп, бери толгонуп, бирок анын карылуу, ошону менен бирге айбаттуу колдорунан бошоно албай кыйналганын элестеткенде Калчанын а дегенде жигитке, анан синдисине болгон каары дагы жүзүнө чыгып, ортосу кызара жүрчү калың бети ого бетер

түктүйүп, сүйрү көздөрү ого бетер жүлжүйдү. Азыр биерден чуркап чыгып, Кадырбекти таап бети-башын тытып таштагысы келди. Анан мына бул нерседен бейкапар керилип жаткан синдисинин үстүнө минип алып, ийининде түрмөктөлгөн жалгыз өрүм чачты жазып жиберип, аны билекке чырмай кармаган бойдон туш келди жерине муштап, тээп сабагысы келип кетти. Жаак булчуңдары кыймылдады. Шарт артына бурулуп коридорго чыкты. Анан корпустун эшигине барды. Ушул жерде гана күйөөсүнүн машина чакырыш үчүн почтого кеткени эсине түшүп, каарынан бир аз жазылгансыды, ачуусу басая берди. Кайра бөлмөсүнө барып, халатын чечип, жуунуп-чайынып, эртең мененки тамакка баруу үчүн даярдана баштады. Шааркан уктай берсин. Ал биерден деле тамактанып алат. Мындан эки күн мурун Калчанын бул жактагы ага-туугандары козу, бир фляги кымыз алып келишип, буларды мындагы жоро-жолдоштору менен коноктоп кетишкен. Ошондогу эттен дагы эле бар. Электрочайник бар. Палатада чай кайнатып, өзөк жалгап алса да болот.

Ал күнү Шааркан эжеси менен да, жездеси менен да сүйлөшкөн жок. Үйдөн чыкпады. Мындагы китепканадан алган китебин терезе тушуна отуруп окуй берди. Анан эртелеп жатып алды. Аны жалгыз таштап кетүүдөн чоочулашкан тиги экөө да киного деп чыгышты да, бирок корпустан алыстабай басып жүрүштү. Анткени, Кадырбек эрте менен да, кечинде да тамакка келген жок. Кооптонуга демек, себеп бар эле.

Эл кинодон чыккан маалда гана тиги экөө алардын чуусу менен кошо корпуска кирип, Шааркандын бөлмөсүнө кезек менен баш багышкандан кийин сырткы эшикти бекитишип жатышкан.

Көгүш волга буларды алып келип, шоферу чемодандарды көтөрүшүп, адегенде регистратурага, андан көрсөтүлгөн корпуска жайгаштырып коюп кеткен эмеспи. Ал түз эле тааныш үйдүн мандай жагына эрте мененки саат ондордо келип токтоду. Аны терезеден көрө койгон Калча: «Шааркан, сен каласынбы, жездең менен, же мени менен кетесиңби?

Машина келди» – деди кечеги терезе түбүндө китеп окуусун улантып жаткан синдисине сынагандай тиктеп.

– Сен кетсең, мен мында эмне кылмак элем? – Шааркан китептен башын көтөрбөй жооп берди.

– Анда даярдан.

– Даярмын, – деди Шааркан эжеси жакты карабастан, китептин жаңы бетин ача берип, «Качан даярданды экен?».

Шааркан тиги экөө киного деп чыгып кетишкенден кийин эле жол камын көрүп койгон – кийим-кечесин өз чемоданына салган. Андан башка анын эмнеси бар. Келесоо эмес да, машина тууралуу эжеси сөз козгогондо эле эмне үчүн экенин туйган. Кетүүгө бел байлаган. Каяша кылуу тигилердин шектенүүсүн арттырмак.

«Москва, Ломоносов атындагы университет» дегенди кантип эле эсинен чыгарып койсун. Түндө айтпадымбы адресимди. Ал да айтты. Кат жазар, жооп берермин, ошентип табышып аларбыз», – деген жыйынтыкка келген Шааркан эжесинин чечимине өзүнчө отурганда мыйыгынан жымыйып койгон. «Кызык да, ушул жерден алып кетсе эле, баарысы бүтөт деп ойлойбу, жарыктык. Чыныгы сүйүүнүн жолу жүз дешет го. Бирин бекитсе, токсон тогузу ачык. Ушуга түшүнбөйт көрүнөт го эжем», – деп жылмайган.

Машина он экилер чамасында кайра тартты. Шааркан биринчи чыгып, машинанын арт жагына отурду. Анын кебете-кешпиринен, кыймыл-аракетинен бу жерде кымбат кишисин, жүрөгүнөн түнөк тапкан кишисин таштап бараткандыгын байкоо мүмкүн эмес эле. Атүгүл биерден кетип бараткандыгын байкатпоо үчүн, жамгыр жааса эле үңкүйүп үйлөрүнөн чыкпай отуруп калчу, анын үстүнө көпчүлүгү кексейип калган кишилерден кутулуп, кайсы убак экенине карабастан көчөлөрүндө, скверлеринде жаштар толо жүрчү шаарга бараткандыгы үчүн кубанып калгандай. Өңүндө бүгүн кечеги салкындык да, капалык да жок. Муну көрүп, чемодан көтөргөн эринин жанына жашыл кофтасын сол колунун билегине артылта таштап коюп, семиздигинен чалкалай басып келаткан Калчанын

ичи ачышып да калды. Ачууга жендирип, ушундай жерди таштап кетип бараткандыгы үчүн, эс алуусун өксүткөндүгү үчүн, бу кезде асфальтына чейин камырдай былкылдап ысып турган шаарга барууга өзүн-өзү аргасыз кылгандыгы бейчеки иш болгондой ал эми өкүнүч сезимине кабылды. Бирок мунусун күйөөсүнө билгизбөөгө тырышты. Албетте, Шааркан да байкоого тийиш эмес.

Машина козголо бергенде арыдан бирөөнүн «Шакен!» – деген катуу кыйкырыгы угулду. Бул Кадырбек эле. Шааркандын караанын кечетен бери эле тигинден, али мындан акмалап издеп жүргөн ал, аны кетип калат деп ойлогон эмес.

Шааркандын сөзүнөн улам, эжесинин ажаан экенин, жездеси ага караганда адилет, боорукер, жоош адам экенин билген Кадырбек. Бирок мындай болорун күткөн эмес эле. Эгер өткөн түн кыз менен өткөргөн биринчи да, акыркы да түн болорун билсе, ал ичиндегинин баарын сыртка чыгарып калмак да. Бир нече күндөн берки көөдөнүн тепкилеп, жүрөгүн алеп-желеп кылган сезимин толугу менен астына аңтарып салмак да. Андан да бир жооп угууга тырышмак.

Кадырбек заматта кандайдыр бир сыйкырдуу күч менен ээн талаа, эрме чөлгө ыргытылып ташталгандай санаторийден бир чакырым алыстабай туруп, жол таманынан көтөрүлгөн чаңдан көрүнбөй калган машина жакка селее тиктеп туруп калды.

...«Шааркан!» Ал дагы бир жолу кыйкырды машинанын карааны үзүлүп кетери менен. Мунусу үч-төрт гектар жерди ээлеп жаткан санаторийдин бардык жагына тегиз угулгандысы. Учууга камынган канаттуудай машина кеткен жакка Кадырбек бүт тулку бою менен бир обдулду да кайра бериге карады. Өзүнөн он метрче нарыда аны кабак чыта тиктеген Солтоновду эми көрдү. Ал бир ордунда, бул делбе болгон немедей адегенде колдорун көтөрө, анан башын мыкчый кармап, эчак учкан куштай алыстап кеткен кыздын атын атап, кыйкырык салып турган немени шылдындагандай ууртунан жымыя карап турду.

– Шааркан кетип калдыбы?!

Кадырбектин бул суроосу ого бетер орунсуз, ыңгайсыз эле.

Солтонов эми бадырайган саргыч чоң, тиштерин көрсөтө жылмайды.

– Кетип калдыбы? Кадырбек экинчи жолу сурады.

– И-и, жумушуң бар беле анда?

Кадырбек эми гана эсине келгендей тигинин жанына басып барып салам берип, кол сунду. Солтонов алик алды. Анын жүзүндө дагы эле таңыркоо, дагы эле кытмыр жылмаюу.

– Кечиресиз, Шааркан эмне үчүн кетти?

Солтонов дагы бир азга Кадырбектин бут-башын тиктеп, шылкыйган мойнунан ылдый сыдыра көз жүгүртүү да, суроого – суроо менен жооп берди.

– Сенин жумушуң эмне, анын кеткен-койгону менен?

– Агай, мен күнөөлүү болуп калдымбы деп атам анын алдында, силердин алдыңарда... Такыр жамандык ойдо жок. Сейилдеп келебиз деп чыга койгонбуз. Баарына мен күнөөлүмүн. Мени жазаласаңар болмок, аны эмес. Силердин алдыңарга өзүм келейин десем, Шааркан унабай койбодубу. Ошону сыйлаганыман келе албадым. Эми эмне болот? Эс алуусу бузулбадыбы?

Кадырбек эми башын көтөрүп, Солтоновго жалдырай тиктеди.

– Күнөөңдү билет турбайсыңбы, эртерээк келип түшүндүрсөң болмок экен.

Солтоновдун бул сөзү тигиге боору ооругандай, аны аягандай угулду. Өңүндө жанагы кытмыр жылмаюу да жок. Ал кежигесин кашына нарагы бурулду. Ойлонгонсуп калды.

– Келип түшүндүрмөкмүн, агай. Шакен (кантип аны эркелетип атаганын да байкабады). Сен барсаң, иш кайра ырбап кетет дебедиби. Ошондон улам көрүнбөй тургамын.

– Макул эми, өткөн иш өттү. Бирок акмакчылык кетпедиби сен тараптан?

Кадырбек түшүндү. Эти дүр этти. Анын оюнда такыр жок нерсени эске салып отурат Солтонов. Жигит орой жооп берүүгө камынса да, тигинин кара тору жүзүнөн мээршавкатты көрүп, уялыңкы, бирок ишенимдүү мындай деди:

– Андай акмакчылыкты жасоо эмес, сиздин суроонуздан жер жарылса, кирип кетким келип турат, агай. Ошондой ойлогонуңардын өзү чекилик эмеспи. Шааркан колуңарда чоңойсо да (түндөгү маектешүү учурунда экөөнүн таржымасы да ортого салынган) аны жакшы билбейт турбайсыңарбы? Ал абдан эстүү, адептүү кыз. Ушул шектенүүңөрдүн өзү анын кыз наамына доо кетирип жатпайбы, билсеңер. Кап, мен келсем болмок экен, Шакен күнөөсүз жерден жазаланган тура. Эми кантет? – Кадырбек тутала-на түштү. Солтоновдун узун жаак бетинде дагы жылмаюу пайда болду. Бу жылмаюу тигинин Шааркanды мактаганынан улам чыгып отурат.

– Эмне, сүйүп калдыңбы биздин кызды?

Солтонов дагы тишин көрсөттү. Кадырбек жер карап калды.

– Эч нерсе эмес, жигит. Азыр эмне көп, кыз көп. Эл каттоонун жыйынтыгын окугандырсың. Аялдар эркектерден жыйырма миллионго жакын көптүк кылат. Демек кыз табылат. Ал эми биздин кызды жайына кой. Жигити бар анын. Ойноок кыз, анын үстүнө шаардык кыздар ачык мүнөз келет. Күлүп койсо, бирге басып койсо эле, сен аны сүйүүгө ыйгарып алсаң керек да? – Солтонов эми кыт этип күлүп койду. Мунусу Кадырбектин анчадан бери жан дүйнөсүн аралап чаап жүргөн ыйык сезимине барып катуу тийди. Кадырбек дагы бир нерсе айтайын деди эле, тиги арыга басып кетти. Эми анын узун, арык сөлөкөтү жигиттин көзүнө суук көрүндү.

Кадырбек комнатасына келгенден кийин эле, кийимин алмаштырып кийип сыртка чыккан. Ашкананы көздөй Шааркандын басканын көрбөгөн соң, ал дагы барган эмес. Калча, күйөөсү-экөө да тамакка келишпеди. Демек ортого алып, Шааркanды жемелеп жатышкан го деп чечкен Кадырбек. Түндө эл аягы басылгандан кийин да, ал сыртта Шааркандар жашачу корпустун эшик, терезесин акмалап көп жүргөн. Аны менен бөлмөгө бирге жатчу төрт адамдын эң карысы кабардин Арсланби деген эки жагынан сөөгү оркойгон арык, орто бойлуу киши, ал канчалык акырын

киргенине карабастан, ойгонуп кеткен. «Ой, Кадырбек, кыз сүйүп калгансың го дейм, кече жоголуп, бүгүн кечиккениңе караганда? Түн бир оокум го? Менин уйкум канып калыптыр», – деп чала орус тили менен кырылдаган.

– Таптыңыз, Арсланби аба. Сиздин башыңыздан өткөн иш да. Сезип жатасыз.

– Албетте, өткөн иш. Албетте, сезем. Кыз сүйүү машакат да, жыргал да. Өмүрдүн ыйык курагы ошол эмеспи, уулум. Жат, багың ачылсын – деген.

Кадырбек түн бою кирпик какпай чыгып, дагы баарынан эрте туруп кеткен. Эрте менен да Шааркандын караанын көрө алган эмес. Машинага кирип жатканда көзү чалып калды алысыраактан. Жанынан зып өтө берген машинанын арткы терезесинен кыз колу көтөрүлө берип, бир шилтегенин гана көрүп калды. Тула бою шалдырай түштү. Машина кырк-элүү метр өтө чыкканда гана эсин жыйгандай: «Шааркан!» – деп кыйкырып жүрбөйбү.

...Кадырбек палатасына келип керебетине чечинбей кулады. Арсланби тамактан соң кол жээгинде бир аз басып, кайра келип жатыптыр. Күндө ал ушинтет. Убактысынын көбүн төшөктө өткөрөт. Өзү Казакстандын Курдай районунан. Жашы элүү тогузга келиптир. Деми кысылат экен.

Ал тууралу, Кавказ тууралу ал көп сөз кылчу. Алар жөнүндө сөз кылып жатканда тегерек кара көздөрүнүн кычыктарына жаш толуп, күрөө тамырлары көөп чыкчу. Жүндүү билегин карысына чейин түрүп коюп, жүндүү көкүрөгүн улам бир колунун сөөмөйү менен сая көрсөтүп кызып сүйлөр эле. Астма оорусуна ушул кызуулугу кошулуп, добушу кыйылдап чыкпай калганга чейин, астыңкы ээгиндеги жок эки тишинен түкүрүк чачырата башкаларга кезек бербей сүйлөчү кызып кеткенде.

– Эмне болду, Кадырбек? Кызың менен таарынышып калдыңбы? – деди ал кырдач, бели бир аз ийри мурдуна коомай илинген күрөң алкактуу көз айнеги менен бетине кармаган газетасын керебеттин баш жагындагы тумбочканын үстүнө коё берип.

– Андан да жаман болду, Арсланби ага. Эмне кылуу керек, кеңеш бербейсизби? – деди ал жакка мойнун буруп.

– Эмне болду. Башка бирөө менен качып кеттиби? – Арсланби бет терисин жыйрылтып күлдү.

– Бирөө менен качса иш башка эле, эжеси качырып алып кетиптир. Эми кантем?...

– Чындап сүйсөң, артынан кууш керек. Биздин Кавказдын жигиттери ошентишет. Өлмөйүнчө, алмайынча сүйгөн кызынын артынан калбайт. Кап, менин атым болор беле ушундайда. Аны менен кызыңы кайдан болсо да кууп жетмексиң. Алып качсаң, эч ким кууп жете алмак эмес. Кап, өлүп калбадыбы мындан үч жыл мурун. Үй ичибиз менен бир жума ыйлаганбыз. Төөдөн тартып, килемге чейин байгеге сайылгандын баарын алып жүрдүк сегиз жыл бою. Казак туугандар ошондой байге коюшат экен да. Жыйырма чакырым жерге таноо какпай келчү жаныбарым, ишенесиңби? Дайыма аттардан бир чакырым, жарым чакырым алдыда келчү. Бир байгеде дагы ири алдыда келатып, суурдун ийнине буту кирип кетет. Оң буту чорт үзүлүп, мойну астында калыптыр. Жанына барып көрдүм да, нарында жаткан чабендес уулумду көтөргөн бойдон артыма кылчайбай кете бердим. Тааныштырга: «Мен көрбөйүн, союп, этин өзүңөр жеп койгула» – дедим. Этинен да ошентип, татууга дитим барбады. Ошончолук жакшы көрчүбүз аны. Балам эсиңе келери менен: «Ат сообу?» деп сурайт. «Ат курусун, өзүң аман калдың болду», – деп андан жүзүмү үйрүсөм, козумөн жаш шорголоп жүрүптүр. Кап, карабайсыңбы ошол атым аман болсо, азыр кат жазып бермекмин. Барып, үйдөгүлөргө көрсөтсөң, аны алдыңа тартышмак. Минип, казыңын артынан түшмөксүң. Кап»...

Кадырбек чалдын чын-тамашасын билгиси келдиби, башын көтөрүп, ал жакка карады.

– Чын, уулум, чын. Кабардин эч качан жалган сүйлөбөйт, ушуну билип кой. Алла бар төбөлдө, калп айтсам.

Кургап калган тилин нымдагысы келди окшойт, мүнөткө унчукпай, тамшанып-тамшанып алды да, өзүнө маңыроо тиктеген Кадырбекке карап, мээримдүү минтти:

– «Осетиндин кызын ал, чечендин жигитин сүй, кабардиндин атын мин» – деген келаткан макал кеп бар кавказдыктарда, уктуң беле?

– Жок, – деди Кадырбек ушуну билбегенге уялгандай, кирпиктерин ылдый түшүрүп. Кадырбектин көзүнө азыр чын эле күлүк ат, асмандагы учкан кушка, жердеги жеңил машинага жеткирбеген күлүк ат, анын үстүндө бараткан буркалуу, эки төшүнө кыдырата сайылган ок, оң капталына канжар байланган, башына папах кийген жигит көрүнүп кетти. Эми керебет кырынан бери карап отура кеткен ак көйнөк, ак дамбал, бетин тырыш басып, башы буурул тарткан, кыска колу-буту тарбайып арыктаган мына бул чалга такыр окшобогон жигит элестеди. Тоо кезип, дайра кечип, токой аралап, алда кайдан намыс талашып, абийир талашып, сапарга аттанган тоо жигити элестеди...

...Өзүчү? Өзү тоолук элдин тукуму эмеспи? Жоокер элдин тукуму эмеспи? Ал жалында өскөн элдин урпагы эмеспи? Намыскөй журттун тукуму эмеспи?

Ушулар дилине келген Кадырбекти Кабардин чалдын сөзү шылдыңдап, басынтып, байкушсунтуп жаткандай туюлду эми. Арсланбиге ошондуктан орой мамиле кылгысы келип кетти. Атты билбеген, намысты билбеген элдин баласына акыл үйрөтүп жаткансыган, тебекер мүнөз бу чалдын шагын сындыргысы келип кетти. Муну байкабады, Арсланби бир аз ойлуу отургандан кийин сөз багытын башка нукка салып жиберди.

– Адам болом десең, көгөрөм десең өзүңөн уулуну сыйлап өт, балам. Али жаш экенсиң. Атты сыйла, аялыңы сыйла. Мына ушул менин сага айтаар акылым. Бул акылды мен азыр ушул жерден чыгарып отурган жерим жок, айлыбыздагы бир акылман кишиден укканмын. Бала кезимде, он бир жашар курагымда укканмын. Ошондон бери унутпай жүрөмүн. Токсон алты жашта Биеш деген карыябыз болор эле, кошуналарыбыздын ичинде. Беш убак намазын жазчу эмес. Ошондуктан анын колунан кумганы, курунан канжары түшпөгөн. Даарат алган жерине да жоокер кийими менен барчу, мусурман. «Кумганын көтөрө

албай жүрүп, тиги канжардын эмне кереги бар экен даарат алган жеринде» – деп, балдар четтен карап туруп күлүп калышар эле. Мен ар убак көрүп калсам, анын кумганын колунан алып, даарат алчу жерине жеткирип берчүмүн. Бир күнү чыдай албастан сурадым:

– Биеш ата, кумган го керек дааратка, үстүңүздөгү кийимдин, канжардын эмне кереги бар даараткканада?

– А-а, балалыгың ушул да. Бул кийимсиз, бул жараксыз кабардин, кабардин эмес да. Кабардин бул жаракты жоого киргенде тагынып, өлгөн күнү үстүнөн чечилиши керек. Түшүндүңбү? Атаң айтпады беле? Аны жазалайм андай болсо!...– деп мени кайра уялткан.

– Кабардин төшөктө гана куралсыз жатат. Ошондо да анын куралы жанында, ыңгайлуу жерде турушу керек. Түн жарымында эшигиңи бирөө черттиби, сен адегенде куралыңы белиңе байланышың керек. Ансыз сыртка чыгууга акың жок. А балким, эшик черткен жоодур. Сен аны менен кармашууга даяр болушуң керек. Кабардин эч качан каршысынын чыккан кишини оң жагынан өткөргөн эмес. Анткени, оң жакта канжардын сабы бар эмеспи. Андан душманың пайдаланып кетиши ыктымал дечү ал киши. Кабардиндердин салтын, үрп-адатын атаман мурда мен ошол кишиден укканмын.

Арсланби дагы сөзүн улантууга камынгандай адатынча тамшанып калды эле, Кадырбек ордунан тура келди. Тигинин атайлап муну алаксыткысы, машакаттуу ойдон алагды калгысы келгенин байкап калды.

– Сиз кайрадан өз элиңизди мактоого кириштиңиз го, Арсланби аба? Андан көрө айтпайсызбы, мен эмне кылайын? Кыз артынан барайынбы? Жокпу?... – Арсланби аңгемесин улантууга, өзүнө ар убак дем берчү аңгемесин улантууга тигинин мүмкүндүк бербегендиги үчүн наараазы болгондой, саамга үрпөйгөн коюу каштарын жыйрып, жер карап унчукпады. Анан мойнундагы тырыштарын жаза ээгин өйдө көтөрдү да, олуттуу бир ишке уулун шыктандырып жактан атадай кабагын чыткан бойдон:

– Барыш керек, уулум. Эгер кыз тараптан бир жылуу мамилени байкаган болсоң, артынан түшкөнүң жакшы. Сөз

берип койсоң, андан бетер карызсың. Жигиттин намысы – оозунан чыккан сөздүн өтөсүнөн чыгууда. Жок, кыздан эч нерсени байкабай эле, тобокелге салып, өжөрлүккө салып, артынан салпактай берсең андай жигиттик баркыңа доо келтиргениң салака тийгизгениң, шек келтиргениң. Анда шылдың болосуң, уятка каласың. Андай паскечтикке бара көрбегүнүң, уулум, менин сага айтарым ушул.

Кадырбек ошол күнү түнкү саат он бирлер чамасында жүк ташуучу машинанын кабинасында отуруп, Фрунзеге кирип келди. Ал Фрунзеде үч күн жүрдү. Мейманканадан таңга маал чыгып кетет да, түнкү саат он бир, он экилерде келип жатат. Ал баспаган көчө калган жок. Шаарканды көрүп каламбы деген ниет менен күн бою көчөдөн-көчөнү кыдырды. Адресин билбейт да. Түн бою тынымсыз сүйлөшкөндөрүнүн ичинде үй адрестерин экөө тең айтышкан эмес. Анын кандай зарылчылыгы бар эле. Мындай окуяга туш болушарын кайдан билиптир. Мына эми керек болуп отурат. Күндүзгү убактысынын көбүн Кадырбек Дзержин бульварында өткөрүп жүрдү. Мындан эл көп каттайт эмеспи. Жолдун эки жагына коюлган көк скамейкаларда отургандардын, каалгып эки-үчтөн колтукташа ары-бери баскандардын көпчүлүгү жаштар. Кадырбек буту ооруганда ушул жерге келип, орто чендеги скамейкалардын бирине көчүк басат да, бейкапар жигит, кыздардын агымынан Шаарканды издейт. Кечинде кино-театрлардын эшиктерин сагалады. Андан да көрүнгөн жок. Үйлөрдүн түбүндөгү тротуарлар менен жүрүп, мойнун толгоп, терезелерге карап көз талдырды. Кээ бир үйлөрдүн балкондорунан көрүнүп, анын кырынан көкүрөгүн артылта көчөдөгүлөргө кызыга тиктеп турган кыздарга карап селейип турган учурлары да болду, бирок алардын эч кимиси ал күткөндөй кол көтөрүп кубанбады, атын атап, токтотподу. Кайра келекелешкендей ага тааныш эмес кыймылдар жасашып, же мостоюп үн катпай тиктешип, чөккөн көңүлгө ого бетер суздук, үмүтсүздүк шилеп жатышты.

Көчөгө чыкпайсың деп, Шааркангa тыюу деле салган эмес эжеси. Өзү чыкпай койду. Колу бошосо эле китеп

кармап, терезенин түбүнө, жарыкка барат да, андан башын көтөрбөй отура берет. Анын бул жоругунан Калча өзү жүдөй баштады. Бекер чуу салганын, жөнү жок жерден өздөрүн жеңил көрсөтүп, синдисин жеңил көрсөтүп, анын кыз атына шек туудуруп таштаганына ичинен өкүнүп калды. Болор-болбос нерсени ушундай бир нече кишинин дилин ооруткан ишке айландырып жибергендиги үчүн өкүнө баштады. Ал турсун синдисинин ошол күндөн бери чытылуу жүргөн кабагын ачуу кече аракет жасап да көрдү. «Билет алып келчи, Шакен, киного. Бүгүн эми жарашалы. Мен тамак жасап турайын. Жетиден кийинкиги алсаң, салкын түшкөндө басып барып келели. Таарынып калдың окшойт мага, сүйлөбөй койдуң. Мен сага жамандык ыраа көрмөк белем. Тилегеним жакшылык да. Дурус жерге барып, бактылуу болсо экен дегенден башка эмнени кааламак элем сага. Андай өзү тамакка, кийимге жарыбай жүргөн немеге туш келсең, көзүңөн жаш, башыңан сар-санаа кетпейт, ошондон чоочудум, ошондон корктум. Ырас, азыр силер эч нерсени ойлобойсуңар. Көңүлдөн башка эч нерсенин кереги жок кезиңер, бирок биз билебиз да.

– Койчу, эже, ушул акылыңы. Киного барсаң, өзүң барып келерсиң. Менин көңүлүм эч нерсени каалабай турат – деп китептен башын көтөрбөй жооп бергенден бери Калча ого бетер беймаза.

Үч күн бою шаарды кыдырып жүрүп, Шааркандын караанын көрбөгөн соң, Кадырбек Москва көчөсүндөгү аэрофлоттун кассасына билет алуу үчүн барды. Ошко кетиши керек. Көргөндөрү өң эмес, түш сыяктуу ындыны өчүп, үмүтсүздүккө кабылган Кадырбек шылкыя басып, кассанын имараты алдындагы тепкичке илкий бут коюп, ичкериге киргенде, калың айнек бетине «касса № 1– 2– 3» деп номер коюлган ар бир дарчанын тушунда узун-узун кезек күткөндөр бар экен. Кайсынысына кошулуу керек деген ой менен ар бирине көз чаптырып чыкты... Мына кызык, бирөөнүн орто ченинде муну тиктеп жылмайып Шааркан турат...

Кадырбек аз жерден кыйкырып жибере жаздады. Эки аттап ага жете түшкөнсүдү. «Тишш!» – деп кыз колун

дароо тартып алды. Кезектен бери суурулуп чыкты: «Кечиресиз, мен азыр» – деп артында турган кишиге Шааркан уялыңкы карады. Тиги адам байкады бейм, «Эч нерсе эмес, ордуң жоголбойт» – деп, кызды, анан Кадырбекти карап көз кысты.

– Кайдан жүрөсүң?...

– Өзүң көргөн жерден да.

– Дагы он эки күнүм бар дебедиң беле?

– Сен эрте баса бергенде, мен баса бере албаймбы?

– Качан келдиң?...

– Сен келген күнү...

– Койчу?...

– Чын... Айырмабыз эле силер жеңил машина менен келдиңер, мен жүкчүл машина менен. Силер түштө жеткен болушуңар керек, ал эми мен түнкү саат он бир ченде кирип келдим шаарга.

– Ошондон бери эле ушердесиңби?

– Ананчы.

Кадырбек кайрадан кыз колун кармап калган болучу. Шаарkандын ал кармаган колу тердеп чыкты, бирок тартып алган жок. Кадырбекти түз карап, көздөрү жалжылдап турду. Бул жолугушууну ал да эңсегени көрүнүп турду.

– Эмне үчүн? Шаарда жумушуң бар беле?

– Эмненин жумушу. Сени издеп темселеп жүрөм ошондон бери. Эч жерден көрүнбөйсүң. Анан бүгүн үмүтүмү үзүп, билет алганы биерге келемин.

– Шааркан бырс күлүп жиберди. Кубанычтын күлкүсү эле.

– Чын элеби?

– Ишенбейсиңби?

Кадырбек кыз колун катуураак кысты.

– Эжем да кошо келген. Биердин начальнигин таанышйт экен, ошону менен сүйлөшөм деп тиги жагына, короого кирип кеткен, жарым саатча болуп калды, чыга элек. Мен мында кезекке туруп алдым. Күн мурунтан албасаң, кыйын билет маселеси. Аякка кетчү студенттер да көп эмеспи... Эми макул, көрдүң, кете бер – деп жылмайды

Шааркан, бир аз ойлонгондой терезеден көчөнү тиктеп турган соң.

– Эми кетпейм. Шакен, сени таап алдым. Шааркан жоош унчукту.

– Жолугушуу баары бир мүмкүн эмес. Эжемин мүнөзүнө эми ишенгендирсиң? Азыр келип калса, экөөбүздү тең сабайт, андан көрө мен ордума турайын – деп жөнөй бергенде жигит кызды чыканактан коомай кармап токтотту.

– Адресиңи айтып койчу, Шакен.

– Москва менен Совет көчөсүнүн кесилишиндеги үйдөбүз. Адрестин эмне кереги бар? Көрүштүк, болду да.

Шааркан дагы бир нерсе дегиче өңү өзгөрүп кетти. Эшиктен Калча кирип келген эле. Кыз кезектеги ордуна барып туруп калды. Ал эми эжеси көргөн көзүнө ишенбегендей, эки метрче аралыкта турган Кадырбекке тигилди да калды. Кадырбек ага бир жолу жалт караган бойдон нары басып кетти. Анан эмнегедир, ал кезек күткөндөргө барбастан, эшикти көздөй жөнөдү. Калчанын да ирени өзгөрүп кеткен эле. Көлдөгү коркунуч кайрадан аны каптап алгансыды. Шаарканды теше тиктеп коюп, Кадырбектин артынан сыртка чыкты. Орто чендеги тепкичке бут коюп, тамеки күйгүзүп жаткан Кадырбектин как мандайына келип:

– Салпайып мында эмне кылып жүрөсүң? – деди. Көздөрү чанагынан чыгып кетчүдөй чакчайып кетиптир.

– Шылдындабай сүйлөңүз, эже?

– Эже деп коёт, мен сага эже эмесмин. Жогол, азыр биерден, болбосо милиция чакыртамын. Бул жер сиздин үйүңүз эмес, касса. Жумушу барлар келет биерге.

– Тилин карасаң мунун, өлөлбай жүрүп!

– Шылдындабай сүйлөңүз деп атам сизди. – Кадырбектин да эми өңү өзгөрө түштү. Калча баягыдан тайсалдай унчукту.

– Сениби, биердеги жумушуң менин синдим менен бүтмөк беле? Эмне үчүн анын жанында турасың? Өз теңиңи билбеген кандай немесиң?

– Шаарканды тааныйм, тааныш кишилерди көргөндө салам берип, алик алуу адамдык парс, милдет. Анын эмнеси бар экен?

– Сендейдин саламынын кереги жок. Сени синдим тааныпбайт, жогол мындан көзгө көрүнбөй, милицияга туш боло элегинде.

Калча ушуну айтып, зиркилдеген бойдон ичкериге кирип кетти. Артынан аялдабай тамекисин эшик сыртында турган тунуке урнага таштап, Кадырбек да кирип барды. Эмне үчүн жана сыртка чыкканын өзү да билбейт. Калчаны көргөндө шашып калганын кийин байкады. Эгер Шааркан өз ордуна карай басканда, бул дагы тиги адамдардын бир тобуна кошулуп, кезекке тура калса, бул сөздү укмак эмес. Кишилерден уялып, тиги жанына бара алмак эмес да. Эми Кадырбек кезегин издеди. Эки топко барды эле, Оштуку эмес экен, үчүнчү дарча тушундагылардын акырына барып, эки колун киндик тушуна бириктире кармап туруп калды.

Калча синдисинин жанына барып, аны колдон тарта кезектен чыгарып алгансыды... Экөө ээрчише басты. Шааркан алдында эле. Кадырбек аны канчалык тиктесе да, ал кылчайганга жараган жок. Ким билет, эжесинен корктубу, же эми гана жарашкан Калча менен кайрадан катыштырып койгон Кадырбекке наараазы болуп калдыбы, иши кылып, кылчайбастан кетти.

Кадырбек кечки саат ондор чамасында Шааркандын оозунан чыккан адрес боюнча барды. Ары-бери басып көпкө жүрдү. Тротуардын эки жагындагы шыңга бойлуу терекдердин ачыгынан улам бир терезени карап кылчактаган Кадырбекти эч ким байкаган жок. Бир кезде, жатарга жакын балкондогу атайлап коюлган туура жыгачка, күндүз илинген кирин жыйнап алыш үчүн чыккан Калча, так ошол тушту карап турган Кадырбекти электрдин мол жарыгынан даана тааныйт. Кадырбек да тааныды. А түгүл «Шакен!» – деп чакырып жибере жаздап барып токтоду. Халаты Шакендикиндей эле. Семиз тулкусунан таанып калган Кадырбек, дароо нары басып кетет. Ал эми Калча кирин коё калып, телефонго жүгүрдү. Милицияны чакырды. Ашканада жүргөн Шааркан эжесинин коридордогу телефондун трубкасын алаканы менен бекитип алып

акырын айтып жаткан мындай деген сөзүн кулагы чалып калат: «Келсеңер тезирээк, бир жигит үч-төрт күндон бери биздин терезенин тушунан кетпей жүрөт. Менин синдим бар да бойго жеткен, ошону аңдып жүрөт көрүнөт. Эч болбосо коркутуп койсоңор. Үйдө эркегибиз жок, чоочуп атам, тезирээк келсеңер экен?» – деп, анан үй адресин билдирди.

Шааркандын бул сөзгө бир жагынан кыжыры келсе, (эжесине), экинчи жагынан Кадырбектин жоругуна жылмайып күлдү. Кинодон көргөнү, китептен окугандары эсине түштү. Эжесине эчтеке деген жок. Билмексен, укмаксанга салды. Калча ашканага киргенде ал акырын залга кирди да, андан балконго чыгып, үй тушунда мойнун толгой, бериге карап басып жүргөн Кадырбекти көрүп, жылмайды. Тиги да көрүп калды. Эмнегедир, эки колун тең көтөрүп жиберди. «Бери түш»! – деген ишааратыы го. Шааркан «Кет, мыңдан, азыр кармаласаң» – деген белгини берди, бирок жигит түшүнгөн жок. Тескерисинче, балкондон тез жок болгон кызды тышка чыгат экен деп жоруган ал, булардын терезе тушунан алыстабай басты.

Калча сиңдиси кассадан ээрчитип чыккан соң абайлап андан муну сураган:

– Жанагы кайдан келип калды быякка?

– Мен кайдан билемин. Ошол жердегилердин кимиси кайдан келгенин, каякка барышарын да менден сурайсыңбы?

– Кечеден бери гана сөзгө келип, бир аз кабагы ачылган синдисин кайрадан таарынтып алуудан корккон Калча башка сөзгө өткөн эмес.

Милицияны чакырганын, үй тушунда Кадырбектин ары-бери басып жүргөнүн да синдисине билдирбөөгө тырышты. Телефондун трубкасын быртыйган семиз колу менен орой кармап, акырын сүйлөгөн сөзүн, ашкананын кынай ачык турган эшигинен тигинин угуп койгонун кайдан билсин. Шааркан да эч нерсени сездирген жок.

Жыйырма мүнөткө жетпей, эшик шыңгырады. Тапырап шашкан Калча эшикти көздөй чуркаганын уккан Шааркан өз бөлмөсүнө кирип, эч нерсени укпаган кишидей тымпый-

ды. Тигилер коридордо акырын сүйлөшүштү. Ошентсе да, атайлап каалгадан бир аз жылчык калтырган Шаарканга эркектин колдураган жоон добушу жетип турду. Анан экөө ээрчишип чыгып кетишти. Муну сырткы эшиктин жабылганынан билди Шааркан. Кыз балконго чыкты. Төрт-беш мүнөт өтпөй узун бойлуу арык милиционер балконго карап, дагы эки колун көтөрө берген Кадырбектин жанына барды. Калча жок, көрсөтүп коюп, бери тарткан го.

Милиционер менен Кадырбек көкүрөктөрү тийишкендей жакын туруп сүйлөшө баштады. «Чын эле алып кетер бекен?» – деген ой башына кылт эткенде, Шааркандын денеси чыйрыга түштү. Эшиктин коңгуроосу чырр эткенде Шааркан бутуна тапочкасын кийип жаткан.

– Каякка? – деди Калча бир бутуна кийип, экинчисине сала элек Шааркан эшикти ача бергенде чоочугандай түр менен.

– Азыр. Беш мүнөттө келемин – деди кыз анын жүзүнө тиктебей.

Байкады бекен деп өз ишинен кооптонгон Калча ага жол бошото берди.

Анан өздөрү жатчу бөлмөдөн балконго чыгып, алып кетти бекен деген ой менен жана Кадырбек жүргөн жакты карап, Калча башын эки колдоп чеңгелдеп калды. Милиционер, Кадырбек, экөөнүн ортосунда Шааркан акырын ары карай басып баратышкан.

Сизди алып качканы жатат. Эркегибиз жок. Ошондуктан силердин жардамыңар керек деп телефон чалыптыр жеңиз биздин начальникке. Анан кабар алчы деп мени жиберген – деп күлүмсүрөдү, Кадырбек менен сүйлөшүп турган милиционер, сустайган ireңине жылмаюу жиберип.

– Ошол алып каччу кыз менмин. Кыз уурдаш колунан келеби ушундай жигиттин, карасаңыз өзүнө – деп Шааркан экөөнү тең колдон ала токтоп калып, Кадырбекти карап жылмайды.

– Андай ой болсо, эчак ишке ашырмакмын. Ыңгайлуу учур да болгон, бирок... – деп анысы кызга карап күлүмсүрөгөн.

– Ошондой агай, эгер биз тил табышып калсак, эч кандай милиция жолто боло албайт, бирок азырынча андай келишимге келе элекпиз. Көлдө жүрүп, таанышып калдык. Баяраак бу телефон чалган, мен шаарга келдим, коштошуп кетейин дедим эле, эртең түштүккө учам, чыга аласыңбы? – дегенинен макул деп койгонмун. Менден мурда муну сиз тосуп аткан турбайсызбы? Ыракмат мунуңузга. Так что, бул жигиттин азырынча эч кимге эч кандай коркунучу жок, – деп күлдү кыз.

Шааркандын бул сөзү эми милиционерди кызартты: – Кечиресиңер, андай болгондо эжеңерге өзүңөр түшүндүрүп койгула.

Бул окуяны баш кошкондон кийин деле экөө көпкө чейин эскерип, күлүп жүрүштү...

***

Эртең күнгө ишемби. Шааркан дагы камына баштады. Кадырбеги менен жолугушат эмеспи. Сабиз, пыяз, эт туурап койду. Эрте менен эрте туруп аш басат. Бул күйөөсүнүн жакшы көргөн тамактарынан. Ар жолу көрүстөнгө бир тамак алып барат. Анда көсө, маңдайын гана эмес, эки бетин, мойнун да тырыш баскан, кабагы салыңкы абышка бар. Көрүстөндүн кароолу ошол.

Тегереги курчалган бак-шактуу бул жердин кире беришиндеги эки канаттуу темир дарбаза демейде жабык. Мында жакындары жаткан кишилер ар убак ишембиде, айттарда, анын оң капталындагы бир киши батчу чакан эшик аркылуу киришет. Шааркан да ушул эшиктен кирип, ушул эшиктен чыгып жүрөт.

Көсө чалдын өңү ар убак купкуу, кабагы бүркөө. Мында келгендердин бардыгынын ыйы, кайгысы ушул адамдын кебетесине кандайдыр бир күч менен өтүп калгандай. Бир нече ай болду Шааркандын мында каттаганына. Бирок бир жолу да тиги кишинин жүзүнөн жылмаюу көрө элек. Көсе чал мүрзөнү да өзү казчу. Ошондуктанбы, анын бети-башына, колдоруна ар убак жаңы топурак жабышып, анын тулкусунан чаң жыттанып турчу.

Шааркнды ал киши алыстан көрүп, алыстан тааныйт. Ал дайыма бир күндө, бир убакта келип жүрбөйбү.

Ошол күнү, ошол маалда тиги Кадырбек жаткан жакка бирөө чакыргандай жай көз чаптырат. Алыс жол басып арып-чарчаган кишидей, Шааркан акырын бут шилтеп, топурагы эчак катып калган мүрзө тушуна жетип токтой калганда, ал дагы ошол жакка бет алат. Унчукпай келип, мындагы скамейкага көчүк басат. Анан куран окуп кирет. Көздөрүн жумуп алат. Узакка окуйт. Муңдуу окуйт. Ыйлап жаткансып туюлат Шааркакга. Ошондон улам келиндин тамагын да бууп, көздөрүнө жаш толот. Өпкөсү көөп чыгат. Бар үнүн созолонтуп, кошуп ыйлагысы келет. Ушуну сезеби, чал куранын бүтөөрү менен ар жолу бир гана сөздү кайталайт. «Эми буларга курандан башканын пайдасы жок, көз жашыңды чыгарба, кызым» – дейт, Шааркандын жүзүнө карабай туруп. Шааркан бүткүл тулкусун титиретип, мууну-жүүнүн бошотуп келаткан жашты шилекейин кайра-кайра жутуп отуруп, таратууга аракеттенет. Али оту өчө элек кара тегерек көздөрүнүн кычыктарына мөлгүрөп чыгып калган эки тоголок жашты аарчып кетирбесе, кайра сиңбей туруп алат... Алып келген тамагын андан Шааркан сумкасы менен чалдын алдына коёт. Ал тамактан ооз тийген соң, кайрадан көзүн жумуп, куран окууга киришет. Бул жолу кыскараак окуйт.

...«Асабул жанна

Асабул жаннаты»... деген бул курандын эки сабын Шааркан жаттап да алды. Тиги дүйнөдө «Тозок жана Жаннат» – деген болорун атасынан, энесинен эс тарткандан кийин нече жолу уккан. Бирок шаарга келгенден тартып, алар тууралу эч ким анын эсине салган эмес. Кадырбек каза болгондон бери алар эсине түштү.

Үч-төрт айга чейин көсө чал Шаарканга эс нерсе деген жок. Анан бир жолу куран окуп бүткөн соң, тамагынан ооз тийип, дагы бир жолу куран түшүрдү да, чытылуу кабагын ого бетер бүркөлтүп минтти: «Кызым, өлүктү сыйлайт деген ушул, апта сайын келип атасың. Атап тамак бышырып келесиң. Ушунун баарын билет өлгөн киши. Анын денеси жерде былкылдабай жатканы менен

жаны жердин үстүндө, биз менен, тирүүлөр менен бирге аралашып жүрөт, бирок көрүнбөйт да сүйлөшпөйт. Көрүнө турган дене, сүйлөй турган тил жерде жатпайбы. Ошондуктан аны арбак деп коёбуз. Сага арбак ыраазы, кызым. Эми келбе биерге. Кайыр-сакабатыңды үйдөн туруп деле багыштай берсең болот.»

Ошондон кийин Шааркан үч жума араң чыдады. Ишемби күнү болсо, убадалашып коюп, анан кандайдыр бир себеп менен сүйгөн жигитине жолугушпай калган кыздай анын керели-кечке кыжалатчылыгы артып, акыры ый менен бүтүп жүрдү.

Төртүнчү ишемби күнү, мына бүгүн, мурдагысындай эле элдин эң алды болуп, башына кара жоолук салынган, узун бойлуу Шааркан тааныш мүрзөнүн жанына келип токтоду. Көсө чал дарактарга суу куюп жүрүп, аны көрдү. «Көңүлү түтпөгөн го бечаранын» – деп ичинен күңгүрөнө ал тигинин жанына келди. Үндөбөй адатынча адегенде отура калып, куран окуду, андан кийин гана Шаарканга карап баш ийкеп, салам айтты.

Чал жанагинтип ичинен мунун келишин туура божомолдосо да, келин актангандай унчукту:

– Чыдай алгыдай эмесмин, аба, апта сайын келбесем. Бир нерсем кемип туруп алат экен. Жер тиктеген көсө чал чоң башын ийкендетти: «Түшүндүм, кызым, түшүндүм. Карааныңы тыяктан көргөндө эле түшүнгөнмүн. Башкага көнбөй коюшу мүмкүн адам баласы, бирок өлүмгө көнөт акыры. Кара жердин боору муздак. Акыры сенин да көксүнүң сууйт, үмүт үзөсүң. Ага чейин келип тур, кызым» – деди.

Ошентип Кадырбектин мүрзөсүнүн үстүнө кайрадан гүл коюлду.

* * *

Эртең күнгө ишемби. Шааркан бүгүн да кеч жатып, кеч уктады. Өткөндөрдөн эсине салды...

Каникулга качан келерин, келгенде да поезд менен келерин, эгер Кадырбектин Фрунзеден аны тосуп алууга мүмкүнчүлүгү болсо, келер күнүн эжеси менен жездесине да

билгизбей коёрун кезектеги бир катында Шааркан жазат. «Сени тосуп алуу үчүн, жок мүмкүнчүлүктү табам» – деп жооп берет жигити. Ошентип, күн мурунтан кат аркылуу макулдашып алган экөө жылга жакын убакты өткөндөн кийин вокзалда кайрадан жүз көрүшөт. Ошондо Кадырбек өңчөй кызыл гүл кучактап чыккан. Вокзалдын бери жагында кыдырата отурушуп алып, идиштердеги сууга тамырын малып коюшуп, гүл сатып отурган аялдардын баарындагы кызыл гүлдөрдү жыйнап алган болучу.

Шааркан үйүнө бир жагына чемодан, экинчи колуна өңчөй кызыл гүл кармап кирип келгенде, (аны подъездге чейин караңгы кирип калгандан пайдаланып, Кадырбек жеткирип койгон) эжеси менен жездеси таң калышты. «Ой, сен, кайдан келип калдын? Эмне үчүн бизге кабарлабадың? Ким тосуп чыкты сени?»

Кучактап бетинен өпкөндүн ордуна эжеси ушундай суроолорду үстөккө-босток бере берип, анын эсин оодарат.

– А дегенде саламдашып алалы, эже, анан сурооңо жооп берейин» – деп жүзүндө кубаныч ойногон Шааркан чемоданын коюп, анын үстүнө тутамынан ашып, көкүрөгүнө жая берген гүлдестесин жаткырып, эжесине карай кадам шилтеди. Аны мойнунан коомай кучактап, эки бетинен коомай өптү. Жездесине кол суна, бетин тосту.

– Мына, эми жооп берейин сурооңо, эже. Жигит тосуп чыкты мени. Кат аркылуу ошондой сүйлөшүп алган элек.

– Силер чыксаңар, экөөбүз тең уялмакпыз. Тиги гүлдү ошол алып чыгыптыр. Жакшы болуптурбу?

– Албетте, жакшы болуптур. Биз чыксак деле жолто болмок эмеспиз силерге.

Калча синдисин ийинден кармай жылмайды. Анын көздөрүнөн көздөрүн албай турду. Ушул карашы менен Шааркандын ким тууралуу сөз кылып жатканын билүүгө дилгирленди.

– Иши кылып бизге жакчу жигитпи аның?

– Ананчы? Өзүң айтып жүрчү элең го, кадыр-барктуу жердин балдарынан болсун деп. Катыңарды алгамын жездем экөөңөрдүн. Ошондон кийин сен тексиз деген немеден

кол үзгөнмүн. Биерде сен болжоп жүрчүлөрдүн биринин баласына өзүм кат жаздым. Ошол, мына бул гүлдүн ээси. Атын азырынча айтпайм. Эми урушпайсыңбы?

Шааркан да эми эжесин тууРагансып, эки колун анын акырегине тең таштап жайдаңдады.

– Акылдуум десе, сенин ушинтериңи билгемин. Тирегим, медерим, кеңешчим» – деп эми гана эсине келгендей Калча синдисин өпкүлөп кирди.

Кадырбекти алда кайдан келип калат деп такыр оюна албаган Калча синдисинин жанагы сөзүнө чындап ишенди.

Шааркан келгендин артесинен тартып, үйдөн кечке жуук чыгып кетип жүрдү. Кийген кийиминен гана ал жигитке жолугарын байкаган эжеси ага эч кандай тоскоолдук көрсөткөн жок... Тескерисинче, синдисинин албырган жүзүнө карап, ыраазылыгын, баарына маакулдугун билдиргендей гана акырын баш ийкеп, жылмаюу менен аны узатып коюп жүрдү.

Алтынчы күн дегенде Калча, Солтонов экөө болочок күйөөнү алыстан болсо да көрүүнү чечишти. Саат ондор чамасында экөө сыртка чыгышты. Шааркан дайыма он жарым, он бирлер ченде келип жүрбөйбү. Тогуздагы киного кетишти көрүнөт. Жигит кызды үйүнө чейин узатып келиши керек да. Тиги экөө үй тушундагы скверде бир аз басышты да, экинчи көчөдөгү шыңга теректердин көлөкөсү суналып жаткан тротуарга өтүштү. Мына, бири-бирине жакын келаткан караандардан экөө бөлүнүп чыкты да, булардын үй тушуна бурулушту. Бири кыз, экинчиси эркек. Ал көлөкөдө синдисин Калча дароо тааныды. Жигитин көрүш керек эми. Экөө кадамдарын тездетишти. Кырдач мурдун кыздын татынакай мурдуна тийгизе берип, коштошууга бир нерсе дегендей болгон жигит, анан жанатан бери кармап турган Шаркандын колун эки-үч курдай акырын силкип коюп ажырашып чыга берди. Артына бурула бергенде анын тулку бою электр жарыгына каптала түшүп, даана корүнүп калды. Баягы жеңи кыска көгүш жибек көйнөк, баягы оң кашына карай тараган суйдаңыраак чач. Далысы бир аз чыккан. Кадырбектин

өзү. Басканы да тааныш эмеспи Калча менен Солтоновго. «Кудай уурр!».

Калча эки алаканын жупташтыра көкүрөк тушуна кармап чакчайды.

– Эмне болду? – деди эри аялынын чочуганын боолголоп турса да. Анткени ал да жигитти таанып калган эле.

– Баягысы го?

– Баягысы ким?

Солтоновдун минтип бүшүркөгөнү ансыз деле денеси муздай баштаган Калчанын жанын ого бетер кейитип жиберди.

– Келесоосуңбу? Көлдөн тапканычы?

– Кантип эле?

– Өлүгүндү гана көрөйүн!...

Калча ошол жерден атылып жөнөдү. Бу кезде алыстап бараткан жигитин карап, буйдала түшкөн Шааркан чуркап үйгө бет алды. Эжеси жакындап калганын ал байкаган жок. Калча антип-минтип, энтиге үчүнчү кабаттагы үйүнө жетип, коңгуроону баскан кезде синдиси кенен коридордогу чоң күзгүнүн тушунда туруп алып, эки кулак үстүнөн албырган бетине тийип турган саамай чачтарын жигит колунун али ысыгы кете элек аппак борпоң манжалары менен нарыга сылагылап, Кадырбек экөөнүн ортосундагы сөздү эстей тиштерин бадырайтып күлүп турган. Көйнөк этегин ылдый тарта берип, эшикти ачты. Каалганын нары жагынан көрүнгөн эжесине да ички кубанычын жашыра албай жадырап тиктеген Шаарkандын бетине ысык түкүрүк жайылды... «Тфу!» деди экинчи жолу, оозу кургап калганбы, азыраак шилекей чачыраткан Калча: – «Бетиңен бузул, ылайым! Сенин жүзүңү экинчи көрбөйүн, жогол үйдөн!» – деп энтикти. Калча астаадан аттар замат жабылган эшикке куйругун такап туруп. – Жогол! – дейм бетсиз! Энеңдей мени алдап, атаңдай жезденди алдап, ылайым бетиңен бузул! Жогол азыр, көзүмө көрүнбөй!»

Байкоостон көзүнө чөп сайылгандай Шааркан бетин кош колдоп баскан бойдон эч нерсеге түшүнбөй селейди. Тепкичтерден да чуркап чыккан Калча эсин эми жыйдыбы,

бетиндеги түкүрүктүн чачырандысын алакандары менен аарчып, катуу корккон наристедей көздөрүн бакырайтып өзүнө карай берген синдисин эми эки колдоп көкүрөктөн ары түртүп жиберди. «Эмне турасың? Жогол дебедимби биерден?! Кет, көзүмө көрүнбөй!» – деп албууттанды. Шааркан бир кадам артына кетенчиктеп барып, очорулуп тактайга отуруп калды… Эми жетти окшойт ага, эжесинин эмне үчүн каар төккөнү. Ыйлап жиберүү керек эле, ал көгөрүп койду. Өңү кубара түшүп, кызгылт эриндерин тиштене ордунан турду.

– Дагы эмнеге жиндендиң?

– Сен өлдүң, ошого жинденип атам. Менин сендей синдим жок, мындан ары! Жогол!» – Калча аны карап эки үч кадам алга бут шилтеди.

– Жоголсо-жоголормун. Айтсаң, эмне үчүн мынчалык күйүп-бышып атасың? Күнөөмдү айтып туруп, анан куусаң!

Шааркандын үнү барган сайын өкүмүрөөк жана ишенимдүү чыгып жатты. Ал боюна кайрат топтогону ушундан көрүнүп турду. Алдындагы коркунучтуу, кырсыкты күн мурунтан билген, ага тымызын өзүн даярдап жүргөн адам гана мындайда ушул абалда болушу мүмкүн эле.

– Билбейсиңби күнөөңдү?

– Айтпасаң, кайдан билейин?

Үч ачкычтын бирөөнү дайыма чөнтөгүнө сала жүрчү Солтонов эшикти өзү ачып кирип, аялынын мындайда оозунан чыкчу сөздөн чоочуп, ичкериге кирип кеткен.

– Баягы томаягыңан кол үзүшпөгөн турбайсыңбы? Кантип ошону менен элден уялбай киного барып, көчөдө басып жүрөсүң? Бетиң барбы? Өзүңү сыйлабасаң, бизди сыйласаң боло? Жездең экөөбүз эми кантип элди аралайбыз? Алардын бетине кантип карайбыз?

– Томояк дегениң эмнең? Оозуңан чыккан сөзүңө түшүнөсүңбү өзүң?

Синдисинин дагы көгөрүп калганын байкаган Калча үнүн баягыдан бир аз басаңдатты. Күзгүнүн жанындагы креслого барып, лык эте отура кетти. Шишимек көздөрү-

нүн астын оң колунун сөөмөй кыры менен сүрттү, жашын аарчып жатабы, же теринби, билүү кыйын эле.

– Томояк деп ошол сен жабышып калган немеге окшогондорду айтат. Киерге кийими, ичерге тамагы, отурарга үйү жокторду айтат, түшүнбөсөң.

– Кийимине, оокатына карап адамдарды баалаганды качан коёсуң, эже? Кайсы доордо жашап атканыңды билесиңби деги?! Анын кийими, тамагы, үйү бары-жогун сен кайдан билесиң?

– Көрүнүп эле турбайбы, сокур эмес кишиге. Же сенин көзүңү байлап койгон көзбайлагыч бекен ал?!

– Мен кийимин караганым жок. Адамдыгын карадым.

– Адамдыгын-адамдыгын деп коёт дагы. Курсагың ач отурсаң, ошонун адамдыгы – жээриңе тамак, үстүңө үй, ийниңе кийим болуп бергенин көрөрсүң. Сен окшоп даяр үй, даяр тамак, даяр кийим менен чоңойгон неме дүнүйө дегендин баркын билмек беле. Тирүү жүрсөк, көрөрбүз абалыңы, ыйлап келчү болбогун.

Шааркандын добушу баягыдан да бийиктей баштады.

– Берген тамагыңы, кийимиңи доолаганы турасыңбы?

– Доолаганым жок, дегисин айтып жатам. Сени түшүнсүн деп айтып жатам. Жаңылбасын, кийин бармагын тиштебесин, өкүнбөсүн, көз жашын төкпөсүн, бактылуу болсун деп айтып жатам. Көп жашап, көптү көргөн элеңер, акылкенешиңерди айтып да койбогон экенсиңер деп кийин бизге күнөө койбосун деп айтып жатам.

Калчанын жоошуй баштаганы байкалып турду. Эгер Шааркан жаңылганын сезгендиги жөнүндө жалгыз сөз айтып койсо, анын мойнунан кучактап, бети-башынан өпкүлөп, жанагы катуу сөздөрдү, кол тийгизгендиги үчүн ал кайра-кайра кечирим суроого даяр эле.

Бирок Шааркан чечимди бекем кылган көрүнөт. Ушул учурдан пайдаланып, жүрөгүн көптөн бери өйүгөн, ойпикирин тышка чыгарып калгысы келди окшойт, тилин тартпады.

– Сен айтып жүргөндөрдүн балдары мага жакпайт, эмне кылайын?

– Эмне үчүн жакпайт? Сенин жаштыгың, балапандыгың (ушул сөз менен синдисин дагы жумшартууну каалады) ошол да. Кебетесин гана карайсың жигиттердин. Алардын чырайынан тамак да чыкпайт, кийим да жаралбайт, кеп башка жагында. Турмуш деген башка нерселерден турарын али сен түшүнбөйсүң да... Менин айтканым менен боло берсең, жаңылбайсың. Өлөр-өлгүчө мага ыраазы болуп өтпөсөң, башымы кесип берейин.

Калча сол колунун манчаларын бириктире, анын кыры менен кыска мойнун муздай көрсөтүп, ордунан тура калды. Шаарканды карай бут шилтеди. Анын көкүрөгүнө көкүрөгү тийип-тийбей турду. Колдорун тигинин ийнине коё берди эле, Шааркан алып таштады. Калча ыйлап туруп, жалынмак. Ошентсе синдиси тизе бүгүп алдына жыгылып берчүдөй көрүндү. Ошондой сезилди. Шааркан колун ийнине жеткирбей алып таштаганда дагы денеси муздай түштү.

Быйыл кышында күйөөсү менен эки-үч жерде конокто болушканда ушул Шааркан тууралу сөз болгон. Алар так ушул Калчанын башына уялаган «орун-очоктуу» – кишилерден эле. «Биздин балабызга ылайык, балабызга айтып көрөлү, каникулга келгенде, сүйлөшүп көрүшсүн» – дешкен болучу. Бириндеги сөздү экинчисинде айтышмак беле? Ичинен Калча экөөнө тең макул. Кимисинин баласы мурда озунса, кыз ошонусунуку» – деп тымпыйган. Экөөнүн тең балдары бойго жеткен немелер. Жогорку окуу жайларында. Бириники Ленинградда, экинчисиники Горькийде окушат экен. «Каап, Москвада окуганда кат жазып жиберсек, таап алмак экен» – деп алардын экөө тең сүйлөшүп алгандай бирдей өкүнүп да алышкан.

Алардын экөөн тең (албетте, эки башка) булар да ыгын таап конокко чакырышкан дем алышта. Шааркандын сүрөтүн алмак-салмак тиктешип, айрыкча анын жумуру акырегинен ылдый эки көкүрөгүнүн ортосунан төмөн чубалжып булайган жалгыз өрүм кара чачына, чийилген кашына, борпойгон наристе эриндерине суктана тамшанышкан эле. Сөзсүз келин кылып алуу үчүн аракеттени-

шерин кызуулук менен кайра-кайра айтышкан. Үйдөгү бардык маселени чечүүдө биринчи добушка ээ Калча, анда унчукпаганы менен, жылтыраган семиз бетиндеги, бүтүгүй көздөрүндөгү жылмаюу менен алардын пикирине макул экендигин билдирген. Мына азыр ошолор биринин артынан бири көз алдына тартыла берди...

Кыялында нечен иреттеги экөөнүн биринникинде сөөлөт күтүп төрүндө отурган, сый-урматына малынып, кербездене магдыраган. «Кичүүнүн убайын көрөт деген ушу. Канат-бутагы узарат деген да ушу. Баккан-көргөн мээнети кайтат деген да ушул эмеспи».

Калча өзүн өзү кийинки бир жылдан бери ушинтип сооротуп, көңүлүн жайлай жүргөндө Шааркандын теңирден тескери кеткен жоругу ачык күнү көктөн түшкөн мөндүрдей анын эсин оодарды. Кандай болбосун, аны бул жолунан баш тарттыруу керек. Аты жок, жөнү жок, жолдон жолуккан жолоочудай немеден кол үздүрүү керек. Ансыз Калча ыраазы эмес, ансыз жездеси да ыраазы эмес. Бул экөөн нааразы кылып кетсе, Шааркан деле оңмок беле, көгөрмөк беле. Мерездик кылганы ошол. Ырайдан тайганы ошол. Ошондуктан жаш неменин, керосин куюлган тарашадай ширеңкенин жалыны жетип-жетпей дүрт эткен кыз сезиминин илебин муздатчу мамиле жасоо зарыл. Оңу келсе аны биротоло өчүргөн жакшы. Антпесе, далай жылдан бери бул үй-бүлөнүн ээлери көкүрөгүндө уялатып жүргөн таттуу ойдун ойрондолгону. Бул турмуштан дасыгып калган Калчага беш колдой белгилүү. Демек ал ушул убакка чейин топтогон тажрыйбасын ишке кийирүү менен синдисин өзү каалаган багытка бурушу керек.

Калча дагы жумшак унчукту.

– Баарыбыз эле сага окшоп кыз болгонбуз. Баарыбыздын эле башыбыздан өткөн нерсе бу, азыр сенин башыңа түшкөн иш. Сыртына кызыгып, далайларга көз арткансбыз. Бир жакшы сөз сүйлөп, жакшы көзү менен карап койсо, артынан ээрчип кете берчү жигит экен деп, балалык, куру кыялга азгырылгандык экенин кийин баамдап, кийин түшүнүп жүрбөйбүзбү. Эшиктөрдү бөл-

гөндөн кийин, бала-бакыралуу болгондон кийин, тигини керүп, муну көрүп башыккандан кийин, ошол бир кездеги алабармандык жоругубузга өкүнүп жүрбөйбүзбү, а түгүл уялып калган учурларыбыз болгон! Мына, ушул өзүң жакшы көрүп, атаңдай сыйлаган жездеңе мени сүйүп тийди деп турасыңбы? Жок. Атамдар, апамдар макташчу. Колу-коңшулар кеп-сөз кылып калышкан: «Ата-энеси жакшы кишилер, оокат-аштуу адамдар» – деп макташканын уккамын. Ата-энелерибш сүйлөшүптүр адегенде. Анан өзүбүз жолугуштук.

«Кандай дейсиң, Калча, ата-энелер эзелтен эле балдарынын сыртынан бүтүм кылышып жүргөн. Алар перзентине жамандык кааламак беле, деген Аскар уялбай-нетпей саламга келгенден кийин эле.

Анда азыркыдай көчөдө, кино, театрда жолугуш кайда.

Курорт дегенде ким билиптир. Биз жеңебиз аркылуу, эл жатар маалда, биздин үйдүн аркасында жолугушканбыз. Мен дароо жооп бере алганым жок, анын суроосуна. Башымды шылкыйта жер тиктеп туруп калдым. Үндөбөгөнүм макул экендигими тиги кекселигинен түшүндү окшойт.

– Сен деле ата-эненин тилинен чыкпайсың го? – деп сурады, колуман кармай берип.

– Кантип чыгайын – дедим.

Ушул биздин ортобуздагы тойго чейинки болгон сөз. Ошол бойдон аны менен той күнү жүз көрүштүк. Жарым жылга жетпей баш кошконбуз. Мына, отуз жылга баратат, бир төшөктөн бут чыгарганыбызга, эч кандай наразылыгыбыз жок бул турмушка. Өзүң күбөсүң канча жылдан бери. Кудайга миң мертебе шүгүр, ичкен-жеген жагынан, кийген жагынан эч кимден кем болбодук. Башкалардыкын деле керүп жүрөсүң, биздикинен өткөнү барбы? Мейли, үйүнүн жасалгасы, мейли оокат-ашы, мейли кийим-кечеси жагынан болсун. Сага да ушундай турмушту каалап атпайбы, байкуш эжең. Кантип түшүнбөйсүң? Сен менден да бактылуу болушуң керек. Ошону тилеп атпайбы, бу курган эжең».

Калча күзгү жанындагы креслого кайра отура калып, ыйлап жиберди. Бет аарчысы жок, тултугуй беттеринен

ылдый жылжыган ысык жашты бирде алаканы, бирде манчалары менен сүртүп балбалактады.

– Дагы чүпүрөккө, дагы байлыкка барып такалдың, эже. Өзүңүн дооруң менен меникин окшоштургун келет. Отуз жыл эмес, жыл сайын кандай өзгөрүүлөр болуп атканын ойлонсоң боло, эже? Күйөө табылса эле: «Көйнөгүң канча? Костюмуң канча? Үйүң барбы? Машинаң барбы?» – деп сурашыбыз керекпи? Сезим деген кайда калат андай болсо? Адамгерчилик дегенчи?

Шааркандын бул сөзүнөн ыйлаганга чейин ызаланган эжесин аягандык байкалган жок. Тескерисинче дагы эле ыңгайлуу учурдан пайдаланып, андан өчүн алгысы келгени көрүнүп турду. Шааркан да эми күзгүнүн экинчи капталына коюлган орундукка көчүк басты. Мындан анын олуттуу сөзгө, жай сүйлөшүүгө даярданганын байкоо кыйын эмес эле.

Солтонов Калчага үйлөнгөн кезде жыйырма экиде экен. Райондук аткаруу комитетинде жооптуу секретарь болуп иштөөчү. Калча айылда жетинчини бүтүп, ошол бойдон окубай калат. Ошентип, ал он сегизден он тогузга караган курагында коңшу айылдын баласы ушул Аскар менен баш кошкон. Калча туура айтат, булар бактылуу үй-бүлөлөрдөн. Күйөөсү а дегенде райондук анан областтык белдүү кызматкерлерден болуп жүрдү. Шаарга келишкенине да он беш жылга жакындап баратат. Солтонов бул мезгилде Москвадагы жогорку партиялык мектепти бүтүп алган. Азыр республикалык маанидеги бир чоң башкармага начальник. Эстүү-акылдуу ал жарын да жолго таштаган жок. Областта иштеп жүргөн кезинде андагы жалгыз кыргыз орто мектебин экстерно бүтүртүп, ага аттестат алып берди. Шаарга келгенден кийин аялын архивге орноштуруп, кийинчерээк университетти сырттан бүтүрүп, дипломдуу кылган.

Бирок жоош-момун Аскар качан үй-бүлөдөгү укугунан ажыраганын, Калча эне эмес, биерде атанын да ролун аткарып калганын билбейт. Үй-бүлөгө тиешелүү бардык иш бу кезде Калчанын гана айтканындай, дегениндей болуп келатат. Үй-бүлөнүн ар убак тынчтыгын, ынтымагын

каалаган, ошол үчүн ага бар өмүрүн арнап койгон Аскар ошентип, аялы көтөрүлгөндө өзү басаят, анын эрки менен болуп коёт. Буркан-шаркан түшүүгө кам урган Калча кээде газетадан, же китептен баш көтөрбөй, кабак-кашын бүркөбөстөн, момурайган күйөөсүн чакчая тиктеп отуруп, акыры өзүнөн-өзү жоошуп калчу. Төрт перзенттүү булардын мамилесине, айрыкча Солтоновдун кенебес кең пейилдигине көптөн назар салып, коңшулардан купуя суктангандар да жок эмес. Калчанын пейил-кую үчүнчү балалуу болушкандан тартып өзгөрө баштады. Же башта байкатпоого тырышкан белем. Солтонов ага чейин жарынан дили кирдегенин билбейт. Азыр ал: «Төрөп-түшкөн аялдын мүнөзү бара-бара ушинтип калат окшойт го» – деген чечимге келген.

Балдызынын ишин ичинен колдоп турса да, анысын тышка чыгарбаганы Калчанын албууттугунан эле. Эжеси менен сиңдисинин ортосундагы сөз курч мүнөзгө ээ болуп, ага кийлигишүү зарыл экенин көрүп турса да, Солтонов ичкерки үйгө кирип, адатынча терезенин текчесинде ачылып жаткан (өзү үч-төрт күндөн бери жумуштан келген соң окуп жүрчү) китепти бетине карманып отура берди. Коридордогу сөз ага даана угулуп турду.

Дагы Калчанын чарчаңкы үнү чыкты.

– Кой, кагылайын, Шакен, элдешели. Менин сенден суранарым ушул гана – жанагы жигиттен кол үз. Жоголсун аның шаардан. Менин көзүмө желмогуздай көрүнүп калды анын. Мага ата-энем таап берген болсо бу жездеңи, сага мен таап берем күйөөнү. Ишене бер, ыраазы болосуң. Бактылуу болосуң, тилими ал, кагылайын, Шакеним!»...

Калча ордунан оору кишидей калтаңдап акырын турду да, бир кадамдап кайрадан синдисинин башына кекүрөк тийгизе үңүлүп жалдырай тиктеди.

– Жок, эже, мага силер тапкан күйөөнүн кереги жок. Мен наристе эмесмин. Ыракмат, жездем экөөңөргө, ата-энемин жоктугун билдирбей эрезеге жеткирип койгонуңар үчүн. Эми мындан аркысын өз акылым менен иштөөгө тийишмин. Жаңылсам өзүм күнөөлүү. Эч кимди арага

кошкум келбейт бул иште. Бала эмесмин эми, жыйырма экиге карап калдым. Башка иштерде силерден акыл-кеңеш сурармын, бирок жүрөк ишине кийлигишпей эле койгула, эже. Менин да сенден суранарым ушул.

Шааркан отурган калыбынан жазбады. Козголбоду, башын да көтөргөн жок. Жалынычка, ызага толуп кызарган эжесинин бүтүгүй көздөрүнө карагысы келбегендей ого бетер буртуйду.

Калча үн-сөзсүз саамга селейип туруп калды. Жаак эттеринин кыймылдаганынан, өңүнөн анын кайрадан катуу ачууланганы көрүнүп турду.

– Акыл үйрөнбөйсүңбү бизден?

– Бул иште үйрөнбөйм.

Кайсы иш экенин түшүнүп турса да, Калча кайталап кекерлүү сурады:

– Кайсы иште?

– Жүрөк ишинде дедим го?

– Кыскасы, ошого тием дечи?

Калча эмнеси болсо да, жүрөгүн качантан бери кыйнаган суроого тез эле жооп алгысы келди окшойт.

– Тийсе-тиемин да.

– Мына, тийсең!..

Шааркандын а дегенде оң жаагы шуу дей түштү, анан сол жаагы...

Кыздын көздөрүнөн от чагыла түшүп, башы кеңгиреди. Эки алаканы менен оттой жанып чыккан жаактарын жапкан бойдон тынымга көз ачпай отуруп калды.

Эжеси анан аны оң карыдан кош колдой аткый кармады да күч менен өйдө булкту... «Тур! Көзүмө көрүнбөй жогол томоягыңын артынан, азыр жогол биерден! Сендей синдим жок бүгүндөн баштап!»

Катуу серпти эле, чабек денеси бир чалкалап алып, анан эки метрче арыга бүктөлө жыгылды. Коридордо чубалжыган ичке килем-дорожка жатпаса, тактага биринчи тийген кыз денеси сыйрылып кетмек. Иймейген кара мүйүз тарагы тигиндей учуп кетип, анын чеңгелинде тутамдала жана ийнинен төмөн төгүлүп турган кара чач жалп этип

жазылып, эми эки жаактан ылдый төгүлүп жатып калды. Шааркан үн чыгарган жок. Эки алаканы менен килемге таяна бүгүлгөн тизелерин түздөп кетти. Чачтарын желкесине карай бат-бат сылай берип, сол тизеси ооруксунуп калган көрүнөт, анысы менен бир аз сылтый басып барып, нары бурчта чалкасынан түшүп жаткан тарагын ала ордуна кыстарды.

Өңү купкуу. Арыда атаандашын жыгып коюп менменсинген балбандай басыраак мурдунун таноолорун кере энтигип карап турган Калчага түз тиктеди. Баягыда көл жээгинде биринчи чатакташканда да так ушинтип маралашкан эмес беле. Эми дагы бирин-бири жек көргөн көздөр тогошту.

– Сен үчүн томаяк болсо, мен үчүн андан бай киши жок, түшүндүңбү эми?

– Түшүндүм, бетпак!..

Калча алды жагына шок бут коюп, Шаарканды дагы урмакка кол көтөрө бергенде, Солтонов коридордун орто ченindеги эшиктен чыга келди да, аялынын көтөрүлө берген колунан кармап калды.

– Эмне болду силерге? Колу-коңшулар да угуп коюшту көрүнөт жаңжалыңарды. Кыйкырышпай-нетпей эле сүйлөшсөңөр болбойбу?

– Кана, сен кыйын экенсиң, кыйкырышпай көндүрчү, мынабу көк бет балдызыңды?

Калча күйөөсүнүн чыга келгенине ичинен кубанды. Ошентсе да сыр бергиси келбеди, ал синдисине көтөргөн колун дагы эле тартып алган жок, күйөөсүнүн көкүрөгүндө жатты анысы. Аны кагып таштоодон чоочулаган Солтонов эркелеткендей быртыйган семиз билекти коомай кармалап коюп турду.

– Такыр артка кетүүгө болбой калдыбы, Шакен? – деди Солтонов ошол калыбында балдызы жакка арык мойнун бура, аны аягандай акырын.

– Жок?..

– Мындайда улуулардын тилин алсаң, өзүң үчүн, келечегиң үчүн жакшы болмок.

Жездесинин бул сөзүнөн: «Өзүң бил эми» дегенди түшүнгөн кыз дулдуюп гана тим болду.

– Жакшы болмок, жакшы болмок деп жалдырабастан катуураак эле айтып койбойсуңбу, жүрөгү түшүп калса да? Сен жездеси гана эмес, мунун атасысың. Канча айтсаң, кандай урушсаң жараша берет.

Калчанын күйөөсүнөн күткөндү укпаганга кыжыры келе түштү.

– Кыйкырышпай сүйлөшөлүчү, Калча. Талаада эмеспиз го үчөөбүз. Үйдөбүз. Бизден башка да элүү алты үй-бүлө бар биерде.

– Үнүңү чыгаргандан корксоң, эмне келдиң? Жогол нары! – Калча жанагы эринин көкүрөгүндө турган колу менен эми аны түртүп жиберди. Жаалы келгенде анын колунан да, оозунан да жакшылык күтүү мүмкүн эмес. Солтонов кайрадан ичкериге кирип кетти.

Калча синдисин көздөй кайра атырылды.

– Айт эми ачыгын, безирейбей өлгүр. Биз дейсиңби? Же ошол томаякты дейсиңби?

Шааркан үндөгөн жок.

– Айт деймь, кимибизди дейсиң? – Шааркан дагы эле тил катпады.

– Жана эле сайрап турган тилиң кана?

Калча синдисин жука эриндерин бириктери кармап, чоюп-чоюп койду. Гулдөй мала кызыл татынакай эриндер секундга кубарып туруп, кайрадан кызарды.

– Айт деймь, кимибизди дейсиң?

Калча эми синдисинин ээгинен өйдө көтөрүп койду.

– Силер да, ал дагы керек мага.

– Аны менен бирге керек боло албайт экенбиз биз сага. Түшүндүңбү? Же биз дегин, же аны дегин.

Шааркан дагы жер карады. Эжеси аны дагы ээктен жөлөй башын көтөрттү.

– Айт, сени менен мышык-чычкан ойноп отура албайм. Же биз деп, биерде кал, же ал деп, мындан чыгып кеткин. Экөөнүн бирөөн тандап ал. Шааркан дагы тултуйду.

– Айт деймь!

Эми тиги кыздын жазы мандайына сайды сөөмөйү менен.

– Мейли, чыгып кетейин.

– Жогол, азыр менин көзүмө көрүнбөй жогол! Калчанын үнү дагы чарр этти.

Шааркан кайраттуу басып, өз бөлмөсүнө кирди да, андагы кичинекей жалтырак шкафтан көйнөк-кечесин алып, анын түбүндө жатчу күрөң чемоданга сала баштады. Ушул убакта ал бөлмөгө Капча кирип барды. Артынан Солтонов кирди. Калча синдисинин колундагы көйнөктү сууруп алды да, аны нарыга, чемоданды төргө ыргытып жиберди. Анын ичиндеги көйнөк-кеченин баары чачылып, бөлмөнүн ичи толо түштү.

– Буларда сенин акың жок. Биздин акчабыз корогон буларга. Ушулар сени көптүрүп, көзүңү карайлатып таштады окшойт, эми тапкан томаягыңын ушундай кийим алып бергенин көрөм. Мындай кийим кийиш эмес, курсагың тамакка тойбой өтөсүң бу дүйнөдөн. Өлбөсөм, көрүп турам. Ыйламактан көзүң агып түшүп калса да, ошондо кылчайып карап койсом, атым өчсүн. Жогол, үстүңдөгүнү да сыйрып ала электе!

– Кийимдерин берип кетир, кетирсең да. Уят эмеспи, кыз баланы жылаңач үйдөн кууп чыкканың? – деди Солтонов ачууланганын үнүнөн билдирип.

– Сенин ишиң болбосун, боорукер. Бизден кечип, тапкан жигити алып берет. Кийим-кечеси менен жибергидей мага анын эмнеси өтүп кетиптир? Нары тур, орточу болбой.

Калча кайрадан Шааарканга карап чакчайды.

– Чык үйдөн!

Шааркан шарт артына бурулду да, жездеси колунан кармаганча болбой эшикти сыртынан жаап койду.

Шааркан көчөгө чыкканда ыйлады. Ызасы ушул мүнөттарда мелт-калт болуп чыга келген эле. Эжесинин үйдөн кууп чыкканына ызаланган жок, алардын билимдүү туруп, маданияттуу туруп, (Калчанын нечен ирет ооз көптүрүп, өзүн, күйөөсүн ошондойлордун баш жагына коюп сүйлөгөнүн уккан да) кыздын жүрөк сырын түшүнбөй койгонуна,

алардын сырты жаңы, ичи эски бойдон кала бергендигине ызаланып ыйлады. Эгер ушул кебетеси менен алардын үстүнөн кимге арызданса да, ишенбес эле. Кыз балага, болгондо да өздөрүнө эң жакын немеге ушундай запкы көрсөткөнүнө такыр ишенишпеси аштан бышык. Мына ушуну ойлоп ыйлады Шааркан. Эл көзүнө бир башка, үйдө бир башка көрүнгөн айрыкча эжеси үчүн ыйлады. Анын алдында байкуштай бүжүрөгөн жездеси үчүн ыйлады. Кызматы боюнча жүздөгөн кишилерди башкаруу колунан келген неме үйүндө кулдай бөйпөңдөгөн, эркек укугунан такыр ажыраган жездеси үчүн ыйлады. Ушул үй-бүлөдө аны коргоп калчу, жактап чыкчу киши табылбаганына ыйлады.

Ал короодон сырткы көчөгө чыкканда эл аягы сээлдеп калган. Кошоктошуп, шынаарлашып баскандар жок. Жалгыз-жарым кишилер аерден-биерден көрүнө калат. Убакыт он экиге чукулдап калбадыбы. Аяк-быягын элеңдеп тиктеген Шааркан заматта жекесырай түштү, жетимсиреди. Ата-энесинен жаңы гана ажырап, көрүнгөндүн көзүн тиктеп жалдыраган наристедей саамга алдастап калды. Кайда бут коёрун билбей бир азга буйдалып турду.

Кадырбек эсине түшкөндө эңшерилген жүрөгү толкуй берип, чыйралгансыды. Ал биерде эмеспи, шаарда. Дзержин бульварына жетип, вокзалды карай чуркаса, беш мүнөткө жетпей анын жанында болот. Адегенде чоочуп, кубанат, саамайынан сылап сооротот, эркелетет. «Сени эч кимге кор кылбай багып алууга кудуретим жетет. Төбөм менен жер казсам да эч кимден кем кылбай багып алам!» Анын арызын уккандан кийин үйрүлүп үстүнө түшө калат. Буга Шааркандын көзү жетет. Минтип айтпаса да, ушуга жакын, ушуга тете сөздөрдү айткан ал үч-төрт күндөн бери.

«Бир эле жыл калды окууга, Шакен. Баш кошо берeличи. Экинчи-үчүнчү курстан деле үйлөнүшүп жатышпайбы, башкалар» – деп, бүгүн кинодон келатып, үйгө жакындаганда Шааркандын алдын торой тура калып, эки кол учунан кармаган калыбында шалдырап жооп күткөнү кыздын көз алдына келди.

– Ой, Кадыш, эмне болду сага? Он жыл болсо да күтөмүн дебедиң беле баягыда кайык ичинде. Университетти бүтөмүн, анан бир аз иштеймин, анан дагы окуймун, аспирантураны бүтүшүм керек десем. Эми айнып кетесиңби? Онунчуну бүтпөй үйлөнгөндөр да бар башкаларга атаандашсак – дегенде Кадырбек жаш баладай тайсалдап, кежигесин кашына, тигинин жолун бошоткон. Уялып калган чынында. «Кечир, Шакен, ошол убадам-убада. Канча күт десең, ошончо күтүүгө даярмын. Кат-кабарың угулуп турса болгону».

Азыр Шааркан барып: «Мына, сенин мындан эки-үч саат мурдагы өтүнүчүңү орундатканы келдим. Карамагыңа биротоло келдим. Эжемдер ушундай уруксат беришти» – десе, бооруна кыса көтөрүп алып, чимирик ата кубанары шексиз. Ушуну эстеп, Шааркан өтө көлөкө тротуар менен чуркап бульварды көздөй жөнөдү.

Мейманкананын сыртындагы жапыс тепкичтерден өйдө көтөрүлүп, чоң күрөң каалганын жез туткасына колу тийгенде кыялындагы таттуу сезим алиги тутканын муздак илебине урунгандай кыз тык токтоду. «Эмне деп кирем?.. Администратордон кантип сурайм? Жок, сураса болот... Бирок ал: «Жети түндө ойготкудай ал кимиң эле десечи? Анда эмне деп жооп берем?». «Агам деймин да. Уктап калсачы? Телефон чалсам, ойгонор. Ананчы? Бөлмөсүнө кантип барам? Эки киши турабыз дебеди беле?»

Тутканы коюп жиберип, Шааркан артына кайра бурулду. Заматта жолугушкан күнү эле Кадырбектин кайда токтогонун, жайжөнүн терип-тепчип сурап билген кыз, эсинде калгандарын кайрадан дилинде караштырып көрүп, ушундай чечимге келди, таңды тышта жүрүп тосууну эп көрдү. Кыз башы менен бу маалда эркектин номерин сурап барганы, албетте, уят.

Шааркан жанагы чуркап чыккан тепкичтерине эми анда-санда бут коюп, илкиген бойдон кайра төмөнгө түштү.

Бир мас экинчи масты жетелеп, бирде мүдүрүлүп, бирде кайра оңоло калып, мейманкананын жанынан өттү. Кыз боюн жыйрып алды.

Аңгыча боорунда таксинин белгиси бар жашыл волга жанагы эки канат күрөң бийик дарбазанын тушуна келип токтогондо, так ошону күткөнсүп, андан жарым метрче арыда турган Шааркан оңго бурулуп, илкий бут койду. Машинадан үч киши чыкты. Бирөө жерге түшүп-түшпой жатып: «Мүнөгү кызга жай беришпей койгон го? – деп булдуруктады. Чала мас көрүнөт. «Сурап көрбөйсүңбү?» – деп экинчиси коштоп койду. Сөздөрүнө караганда мында жашашат. «Жакшылыкты билчү неме бекен?» – Муну үчүнчүсү кошумчалады. Аңгыча бирөө Шаарkandын ийнинен артылта сөз жиберди. Анын оозундагы арак жыты сөз менен кошо кыз мурдуна урунду.

– Жай керекпи, карындаш?

– Жок.

– Кечирип коёсуз, жакшылыктан башка ойдо эч нерсе жок. Мындай кечте мейманкананын жанында жай издегендер гана жүрүшчү, ошондон улам сураганым. Керек болсо, жашырба, карындаш, администратор колдогу киши. Башкага табылбаса да, мен үчүн качан болсо анын жайы даяр.

Эки бутун алчайта тиги кыз маңдайына тура калып, салмактуу колун анын ийнине коё берди эле, Шааркан катуу кагып жиберип, шарт жүрүп кетти. Үргүлөп бараткан немени ойготуп жибергендей болду жанагы мас. Бери жактагы экөө шатырап күлүп калышты. Бир топ жерге баргандан кийин Шааркан артына кылчайды эле, тигилер көрүнбөй калган экен, кирип кетишсе керек. Шааркан кайрылып, дагы мейманкана тушуна келди. Скверге барып, андагы скамейкалардын бирине отурду эле, тамекилерин чоң-чоң соруп, эки киши өзүнө карай келатканда, кайрадан туруп, мейманкана жакка басып кетти.

Жайдын түнү кыска эмеспи, аны ошентип Шааркан сыртта басып жүрүп өткөрүүнү чечти. Сквер... Мейманкана. Экөөнүн ортосунда жүрдү. Түн бою адам тыйылбайт экен көчөдөн. Скамейкага үч-төрт курдай отура калды эле, түн жарымы оогондон кийин уйку аны эки ийинден басып, кирпиктери чапташа, шаштысын кетирип жиберди. Тура калып басат. Уктап калуудан коркту. Анын байкоон-

до бу маалда ары-бери жүргөндөрдүн баары эле буттары чалыштап, көздөрү аңтарыла, бирөөлөрдү издешкендей алыстан маралашат. Сквер менен келаткан караан жакындаары менен ал мейманкананы көздөй бет алат. Анын жаны менен өтө турган болсо, бери скверди көздөй качат. Анын үстүнө шапкесинин кыргагы, күрмөсүнүн жакасы, жеңдери сары лента менен кыюуланган щвейцар чал улам эле жанагы салмактуу күрөң эшиктин бир жагын ачууга тарамыштары көгөрүп бөрсөйгөн, купкуу арык колдорунан дарманы жетпей көкүрөгү менен кошо итерип, эки-үч курдай тышка чыкты. Бирөөлөрдү күткөндөй ал кичинекей аянтчада ары-бери басып турат да, анан кайра эле кирип кетет. Аны эмнегедир жанатан бери Шааркан ичинен каратутуп калган. Эгер көчөдөн кокус ага бирөө кол салчу болсо, так ушул кишиге чуркап кирип барууну ойлогон. Ал эшик алдында турат эмеспи. Швейцардын орду ошондо да. Москвага жездеси командировкага барганда дайыма мейманканада жашоочу Шаарканга звонить этип, же телеграмма аркылуу кайсы мейманканада, кайсы этаж, кайсы номерде экенин билдирип койчу. Шааркан мейманканага келгенде, каалга жанынан жолуккан биринчи киши ушул швейцар болор эле.

Бир маалда тамекисинин учун кызарта мурутка басылган оозуна тиштеп, эки колу, көкүрөгү менен эшикти араң ачып, жанагы чал дагы чыга келди. Шааркан анын карааныn нарыдан көргөндө эле, көөдөнүн жылуулук аралады. Эки саатча өткөн ал көрүнбөй калгандан бери. Убакыт түн жарымынан ооп кеткен. Мейманкананын тегереги ээнсирей түшкөн эле. Кыш-кыш этип, темир жолдо ары-бери жүргөн манёврдогу паровоздор гана жымыраган тынчтыкка жан киргизгенсийт.

Ары-бери өткөн адамдар көрүнбөй калганга жалгызсыраган кыз сквердеги скамейкадан туруп, мейманкана жакка бут койгондо жанагы абышка чыга берип, аны сүйүнттү. Эш тутуп, ага карай басты... Жанына барса, сөзгө тутушу мүмкүн да. Биерден кыйгач басты. Кайра артына жүрдү. Кайра бериге басты. Ошентип, Шааркан

мейманканадан алыс кетпей койду. Швейцар тепкич ылдый түштү. Жакындагандан чоочудубу, ошол жерден үн чыгарды. Добушу корулдаган жоон экен. «Ой, кыз, биерде эмне темселеп жүрөсүң? Чал уктап кетсе, кирем деген максатың бар го? Андай номериң биерге өтпөйт, бийкеч. Мен уктап да болуптурмун. Уйкунун карызынан эчак кутулган кишимин. Сендейлердин далайын колго түшүргөм. Ошондуктан үмүтүңү үз, бийкеч. Жолуңду ал, жогол биерден! Болбосо, азыр милиция чакыртам. Бузулгандардын үйү эмес биер. Түшүндүңбү? Азыр кеткиниң, сенин бутуңду экинчи биерден көрбөйүн! Жогол дейм! – деп дагы үч-төрт кадам алга бут шилтей дарылдап коё берсе. Күтпөгөн жерден күн күркүрөп, кулагын тундургандай Шааркан эки колдоп эки жаагын баскан бойдон чуркап жөнөдү. Өзү уккан бул абышканын ачуу сөзүн башка угуп койбосун деген кыязда, аяк-быягын элеңдей каранып баратты. Артынан тиктеп турган швейцарга анын бул кебетеси чын эле бир жаман ой менен мында акмалап жүргөндөй көрүндү. «О шуркуя десе! Сендейлердин тукуму көбөйүп баратат. Бирок биерге, мен тирүү турсам ыплас бутуңар менен кирип да болуптурсуңар! – деп сөгүнүп калды, Шааркaнга мунусу да даана угулду. Тиги кишинин добушу ушунчалык бийик экен, нары түн тынчтыгынанбы, жанагы ачуу сөздөн качып салып ылдый бараткан кыздын төбөсүнөн ашып, шаарды аралай чаап жөнөгөнсүдү. Жоомарттын эстелигине жетип, Шааркан бир токтоду. Тармал чач акындын күлүмсүрөгөн жүзүнө ээгин көтөрө карай бергенде көздөрүнөн талаалап аккан жаш аппак мойнунан жылжып, көкүрөгүнө жетти. Акын бүлбүл эткен буурул түндөн кыз жашын, ызалуу жүзүн көрдү, бирок сөз катып, аны сооротууга жараган жок. Ал эми Шааркан андан бир нерсе күткөндөй жалооруй тиктеди да, анын жансыз экени эсине түштүбү, же ээн жерге келип калганы эсине түштүбү, шарт артына бурулуп, дагы мейманкананы көздөй, жок, анын тушундагы скверди көздөй чуркады. Бул ченде ага бирөө кол салса, арага түшчү эч ким жок да… Ал эми мейманкананын

тушунда бирөө катылса, күч келгенде кийин жанагы каардуу чалдын өзүнө качып кирип барууга болот эмеспи.

Ошол бойдон Шаркан мейманкананын эшигине жакын барбады. Кийин да эки жолу тамекисин жылтыратып, кар-кар жөтөлгөн чал сыртка чыкты. Бирок сквердеги дарактарды далдасына боюн тарта калып жаткан кызды ал көргөн жок.

Темир жол вокзалынын баятан бери түн боёгуна малынып, үрөң-бараң үлдүрөгөн карамтыл имаратынын тепкичтеринин төмөн алдына алжапкыч байланган, ээгинен кара эски жоолук буунган орто бойлуу кемпир узун саптуу шыпыргысын ийнине көтөрүп түшүп келди да, береги аянтчаны четинен шуу-шуу эттире шыпырып кирди. Чыйрыкканынан эки ийнин кысып, жашка жуулган бети түктөйтөн Шааркан ошондо чыгышка көз чаптырды. Агара баштаптыр. Демек таң супа салганы. Көчөлөргө кайрадан кыймыл аралады. Аер-биерден көздөрүн ушалап, топчуларын салып, нарыдан-бери денесине тарта койгон көйнөк-көнчөгүн оңдолошуп, автобустар, троллейбустар токтоочу жерлерге ашыккан адамдардын карааны туш-туштан көрүнө баштады. Шаарга кирип келаткан жаңы күндүн алгачкы кадамына кулак түрүп, назар таштагандай, түндө акырын гана үзүп алып эрмектеген колундагы жалгыз роза гүлүн мурдуна кармап, беш-алты мүнөткө бир орунда ойлуу туруп калган Шааркан анан бульвар жакка карады. Түнөргөн дарак бутактарында канаттуулар да ойгонушса керек, сансыз үндөр жаңырып, маңкайып атып келаткан жаңы тандын ак шооласына салтанат ырын ырдап, күүсүн чертип жатышкандай алар кыздын жүдөө тулкуна жагымдуу сезим тартуулашты. Ошол жакка басты. Тез жүрүп кетти. Эстеликке чейин, Жоомарттын түндө анын кайгысына кайдигер карап, атүгүл ошол байкуш кебетесин мыскылдагандай, шылдыңдагандай жылмая караган эстелигине чейин басып барып келүүнү чечти. Чыйрыккан денесин ысытып алып, анан киргиси келди конок үйүнө. Эстеликке жеткенде акындын келишимдүү тармал чачына, азыр эле каткырып күлүп жиберчүдөй,

ырдап коё берчүдөй ооз жасап күлүмсүрөгөн мээримдүү жүзүнө тигилип далайга турду да, анан түнү бою, көңүлүнө шоола аралаган мүнөттөрдө жыттагылап чыккан жалгыз тал роза гүлүн эстеликтин бут астына ыргытты. Эстеликтин тегереги ансыз деле гүл менен курчалганына карабастан, Шааркан эмнегедир ушуну иштеди. Кайра эле артына жөнөдү. Дагы тез жүрдү. Түндөгү муздак туткалуу салмактуу бийик каалга жанына келип токтогондо, бир аз көкүрөк кере энтиккенин байкады. Тулку бою ысып чыккан эле. Ичкериге киргенде, баягы сары кыргактуу шапке, сары жака, сары жеңдүү костюм кийген абышка кире бериштеги эски креслодо олтурган бойдон коңурук тартып жатыптыр. Шааркан администратор жакка өтүп кетти, тигини карап секундга буйдала түшкөн соң.

Бул мейманканада Шааркан мындан эки жыл мурун каникулда жүргөн учурда болгон эле. Москвадан жездеси башкарган мекеменин иши боюнча бир киши келгенде, аны Солтонов үйүнө чакырып коноктогондон кийин, аялын, балдызын да кошо ээрчитип биерге узатып келишкен. Экинчи этаждагы люкска кийиришип коюп, анан кетишкен. Демек, биерге анын экинчи келиши. Администраторду буйдалбай тапты ошондуктан.

Кадырбектин фамилиясын айтып, номерин сурады эле, уйкудан калып, үнү каргылдаган орто жаштагы, балгыр сары аял жактырбагандай үн катты.

– Таң атпай эмне жумушуң бар эле а кишиде?

– Бүгүн саат беште чыкмак биерден, Кетмек эле. Мен анын карындашы боломун. Узатканы келдим. Мында окуймун, сыртта күтүп турсам, чыга бербегенинен киргенмин. Уктап калган го. Номерин айтып койсонуз, мен өзүм барып ойготуп келейин – деп чебелектеген кызга тиги аял ишенбегендей акырая бир тиктеп, анан стол четинде нарыда жаткан чоң журналды алдына артты.

Тизмеден Кадырбектин фамилиясын анчада барып тапты. «Кандай неме ал өзү? Этаждагы дежурныйга эскертип койбойбу качан кетерин, ал ойготуп коймок» – деди Шааркан жакты калың көз айнектеринин төбөсүнөн тиктеп, оң

колунун сөөмөйү менен тизмедеги кыз атаган фамилияны баскан бойдон.

Шааркан унчуккан жок. Калпы чыкканга чейин бул шектүү тиктеген, субагай бетинде, көгүш көздөрүндө уйкунун залы толо турган аялдын жанынан тезирээк кетип калууну каалап турду. «Паланча этаж, түкүнчө комната» – деп койсо, чуркап жөнөмөк. «Кырк тогузунчуда экен. Азыр өзүм» – деп ал эми бери жагындагы кара телефонду алдына тартты. Жанагы фамилияны, сайып турган сөөмөйүн эми аппараттагы улам биртешикке салып, аны беш жолу тегеретти да, трубканы кулагына кармады. «Сиз эмес, шеригиңиз керек» – деди бар маалда, тигиге жини келгендей кууш маңдайына тырыш жыйнап. Дагы бир аз тынымдан кийин каргылданган орой добушу менен аял минтип зекиди.

– Сиз, эмне, мейманканада мурда жатып көргөн эмессизби? Дежурныйга эскертип коюш керек эле да, кайсы саатта ойготуп коюшту? Чыгыңыз, карындашыңыз мында күтүп турат.

Аял ошол замат трубканы тарс эттире рычагына таштады. Ушуну менен таң атып-атпай тынчын алган, азыр маңдайында уялыңкы жер тиктеген кыздан администратор өчүн алгансыды.

Мунусу жакшы болду. Кадырбектин чакчая шыпты тиктеп Шаархандын элестете берип, таңга маал араң гана жумулган көздөрүн ушалай: «Мен кетпейм, ким айтып жүрөт аны? Карындашым?» – деген сөздөрү тил учунан бери түшпөй кала берди. Кызуу уйкуда жаткан неменин телефондун мындайда беймаал шыңгырашы жинин келтирди окшойт, «Шеригиңиз керек» – дегенден кийин ал тигини ойготуп коюп, озү одеялын башына тарта беркиси дубалды карап кайрадан жата кеткен. Кадырбек уйку-соонун арасында керебетте үч-төрт мүнөтчө отуруп «Карындашыңыз күтүп турат» деген сөз бир нече жолу кайталанып кетти дилинде. «Кайдагы карындаш? Жаңылышып жатат го администратор». Ушундай ой менен ал көйнөгүн, шымын кийди, бирок топчулабастан, чачын тарабастан, жылаңбаш

бойдон биринчи этажга жөнөдү. Өзүнө орой тийген тиги аялдан өч алмакчы болуп жөнөдү.

Шааркан администратордун жанынан кеткен. Биринчи кабаттан түшө берген жердеги тегерегине орундуктар коюлган стол жанына барып турду. Нарыда шилиси кесилген немедей эски креслодон мойну шылкыйып бери түшүп жаткан чалды көрүп, ал жылмайып койду.

Шааркан тикесинен турат. Өөдө жакты, Кадырбек келчү жакты карап турду. Көздөрү бир аз шишип калган, капкара коюу чачтарын оң колунун салаалары менен акырын-акырын артын көздөй тарап келаткан Кадырбек экинчи айланмадагы тепкичтердин эң акыркысына бут коюп, өзүн карап турган Шааркanды көргөндө тып токтоду. Көздөрүн чоң-чоң ачып-жумуп туруп калды. Муну дароо түшүнгөн Шааркан сөөмөйүн чормоё берген эриндерине коё калып, көздөрү менен «Унчукпа!» – дегендей ишаарат берди. Анын Шааркан экенине эми ишенгендей, анан ал заматта кыз жанына жетип барды. Кучагын ачып, кызды ийинден куушура кармай бериринде Шааркан «тыссс» – деп аны көкүрөктөн тирей токтотту. «Кийинип чык. Чемоданыңды ал, кетебиз!» – деп аптыкты.

Кадырбек шалдырай түштү. Чоочуу менен кубаныч кошулуп, аны апкаарытып таштаган эле. Ал дагы бир нерсе дегиче, Шааркан аны эркелеткендей ийинден акырын кармап, артына буруп жиберди. «Тезирээк! Самолётко жетели!..»

Кадырбек кызды жалт карап алып, эки-үч тепкичти бир аттаган бойдон кайрадан өз этажына чыгып кетти.

Чемоданын көтөрүп, болонь плащын сол колунун карысына таштай, тепкичтерден чуркай түшүп, кайра дароо эле жетип келген Кадырбектин кең көкүрөгүнө эркелегендей колдорун акырын койду: «Администраторго мени жалганчы кыла көрбө. Кетмек элем, уктап калыптырмын, ракмат сизге ойготконуңуз үчүн дегин».

Минтип шыбыраган Шааркандын көздөрүнө жаш толо түштү. Муну байкап кооптонгон Кадырбекке сөз айттырбай, кыз дагы «Тезирээк!» – деп шаштырды.

Экөө ээрчишип, электр карагайынын бооруна илинген: «Таксинин токтой турган жери» – деген тунуке тактайчасы бар аянтчага барып турушканда, аерде башка эч ким жок эле. Демек, биринчи машина булардыкы. Такси келе бербеди. Шаңкайып, жайдын жаңы таңы шаар үстүн толук каптап келатты. Алар он мүнөтчө күтүп калышты.

Мына ушул убакыттын ичинде кыз оозунан Кадырбек түңкү окуя тууралу билди. Аны бооруна кыса, жашып да алды. Бу зээни кейигендиктен, Шааркандын таш боор эжесинен көргөн кордугунан эмес, түндө көпкө чейин оболоп төбөсүндө учуп, канчалык бөпөлөп чакырса да колуна конбой алыстаган бакыт кушу, минтип өзү келип кучагына толуп турганына эреркеп жашыды. Кыз колунда! Демек ага байланышкан бардык таттуу ойлордун ишке ашканы ошол эмеспи. «Бир жагынан сага көрсөткөн ызгаары үчүн эжеңи жек көрүп турсам, экинчи жагынан азыр чуркап барып, көкүрөгүмөн түртө үйүнөн айдап чыкканча алкышымы айтып келсемби деп да турам ага, Шакен! Ошентейинби?!» – деп ал акырегине баш коюп ыйлап турган кыздын чачынан сылай берип аптыкты. – Менин тилегимдин тезирээк ишке ашканына ал жардам кылып отурбайбы? – деп күлмүңдөдү. Шааркандын тунук жашка толуп, мөлтүрөгөн көздөрүнөн да эми жылмаюу көрүндү, купкуу бетине наар чачылды, жайдарылана берди... Ошол жупташкан бойдон, бирин-бири сүйөп-таягандай алар кыйч эте келип токтогон машинанын арт жагына отурушту. «Аэропортко!» – деди Кадырбек кызынан көзүн албай, ал жакка ыктаган бойдон.

* * *

Бүгүн да күнгө ишемби. Бөлмөнүн ичиндеги коюу караңгылык суюлбай жатып ойгонгон Шааркан ак мамык жаздыкка төгүлгөн узун чачтарын (ал жатарда жуунуп, башын сүлгү менен ороп алган эле, анысы түндө жылбышып түшүп калгандыктан жазылып кеткен чачы жаздык бетин, өзүнүн дат ортосун бүт каптап жатат. Күйөөсүнө баруудан мурунку күнү кечинде ал дайым жуунат) тутамдай кармап эки алаканынан төбөсүнө койгон бойдон жылаңач,

али эти чың ак билектерин шейшеп тышына чыгарып, чоң терезеге тирмийүүдө... Агыш шоола маңкайып ушул терезени каптап, анан алыстан-алыстан, жайын-кышын кар кетпеген чокуларды көрсөткөнгө чейин ал ушул абалынан жазбай мелтирейт... Адегенде кыркатоонун бийик чокулары көрүнөт. Күн ачык кезде алардын көрүнүшү өзүнчө эле укмуш. Жанаша эки чоку бар. Ошонун эң бийигине күн нуру биринчи жабылат, күмүштөнүп кетет. Анан экинчисине... Беш кабат үйдүн төртүнчү этажындагы булардын үч бөлмөлүү үйүнүн эки бөлмөсүнүн терезелери ушул тоону караган. Мындан төрт гана жыл мурда ушул жаңы үйгө көчүп киришкен булар биринчи түндүн таңында эле көрүшкөн тиги эки чокуну. «Карасаң, кандай сонун!» – деп ал коздукту так ушул бүгүнкүдөй жылаңач билектерин жууркандан чыгарып, алакандарын башына жазданып жаткан Шааркан биринчи байкаган, анан Кадырбегине көрсөткөн. Көпкө чейин көздөрүн алардан алышкан эмес.

– Эмнеге окшош, байкадыңбы? – деген бир топтон кийин Кадырбек жылмая жарына карап.

– Эмнеге окшошмок эле, чокуга да? – деп анын аппак көкүрөгүнөн ылдый сылап түшүп бараткансып, улам төмөндөгөн күндүн нуруна, ээрчий тиктеп мелтиреген Шааркан күйөөсүнүн тамашасына анчейин маани бербегендей кебелген эмес.

– Айтайынбы, мен эмнеге окшоштуруп жатканымы? Кадырбек жаздыкка чыканактай калып, башын көтөрдү.

– Айт.

Аны таң менен кошо көрүнгөн керемет сулуулуктан ушул сөзү, ушул кыймылы менен алаксыткысы келип жаткансыган күйөөсүнүн жүзүнө толгон жылмаюуга дагы эле жары көңүл бурган жок. Түнкү ич көйнөгүнүн саймалуу жука тор жакасынан анча-мынча чыгып турган аялынын а дегенде өзү жактагы, анан сол жактагы көкүрөгүнө мурдун, эриндерин бир убакта тийгизе жыттап-жыттап алды да:

– Эми түшүндүңбү, эмнеге окшоштурганымы?» – деди Кадырбек. Шааркан унчуккан жок, Ойлоно түштү. Күн-

дүн тоо чокусунда ойногон нурун тосуп алган күйөөсүнүн быжыгыр чачтуу башын эки колдоп көкүрөгүнөн ейдө көтөрө, эркелеткендей нарыга түртүп койду.

– Койчу Кадыш, тыякты карасаң, улам сонун көрүнүп баратат. Нур төмөн жылган сайын тоо боору кышкайып, күмүштөнүп баратат.

...Эми гана жетти окшойт. Шаарканга күйөөсүнүн тиги жанаша маңкайган эки чокуну эмнеге окшоштуруп жатканы. Кадырбектин жаагынан сылай жылмайды. «Койчу, Кадыш, кайдагы салыштырууну. «Жаратылыштын кооздугу өзүнө гана окшош», – деген бир улуу биолог, атын унутуп турам. Түшүндүңбү? Ошондуктан экинчи мындай салыштырууну коюп жүргүнүң, – деп эми ал чыканактап, күйөөсүн жаздыкка баш койдурду. Өзү анын жүзүнө үңүлдү. Эркелегиси келгени көздөрүнөн көрүнүп турду... Мына, ошол чокулардын эң бийигине кары жаңыргандан бери ого бетер сулуу көрүнгөнүнө күмүш нур жабыла бергенде жаздыктан бүгүн да Шааркан башын көтөрдү. Кадырбегине барчу күндө анын сааты ушул. Жүрөгүн эңшерилте, боюн шалдыратып, көздөрүнө жаш толтура салмактана тура келет. Керебетинен бери түшкөндөн кийин анын кыймылы тездей баштайт, шашат. Кадырбеги күтүп калбадыбы. Нарыдан бери жуунуп, кийинип жолго чыгат. Бүгүн да ошентти. Дагы жөө жөнөдү. Анын ою боюнча кыйналып-кысталып барса гана Кадышына жетет. Анын арбагы ошондо гана ыраазы болот.

Дагы ал көчөдөн-көчөгө өтүп отуруп, ЦУМдун жанындагы гүл сатуучуларга келди. Чакаларда, банкаларда суукка бүрүшкөн гүлдөр. Аларды сатуучулар – эркектер, аялдар, карылар, жаштар. Баарысы кардарларды өзүнө чакырат. Тезирээк пулдап кетиш керек да.

Шааркан биринчи жолу биерге келгенде узун тактага катар коюлган ар түрдүү идиштеги ар түрдүү түстөгү гүлдөрдүн эң сонундарын качырган. Кадышына кантип жаманын ыраа көрсүн. Жаңы эле үзүлүп келсе керек, сабактарындагы шүүдүрүмү менен ак, кызыл, роза гүлдөрүнө көз арткан. «Тойго барсаң, жакыныңы тоскону барсаң, ал-

бетте, мындан жакшы гүл таппайсың, кызым» – деп үстүнө эски фуфайка кийип, эски алжапкыч байланган кемпир челегинен беш-алты тал ар түрдүү түстөгү розаны тутамдай узата берген. Аны колуна алып жатып, ага жашырын сыр айткандай Шааркан акырын шыбыраган: «Тойго да эмес, тосконго да эмес, эне, күйөөмүн мүрзөсүнө коёмун».

Жанагы сөзгө уялгандай бети тырышка жыш кемпир жок тиштеринен абайлап кемшиңдеди: «Мүрзөгөбү? Күйөөңөбү?»

Ал саамга Шааркандын башындагы кара баш байламга, жашка жуулган анын купкуу жымсал бетине тигилип туруп калды. «Ага деле боло берет, кызым» – Эми эркелете сүйлөгөнсүдү.

«Бирок тез соолуйт да» – деп жанаша турган, андан жашыраак аял күңк этти. – Күнгө чыдамдуу гүлдөрдөн алганыңыз жакшы го. Күндө эле барып тура албайсыз да, – деп ал өзүнөн үч-төрт киши нарыдагы көгүш, ак майда-майда гүлдөрдү көрсөттү. – Тээтигилер көпкө чыдайт мүрзөгө болсо, ошондон алганыңыз оң».

Шааркан алардан бир тутам алып, кайра кылчактай берди. «Розаны кымбатсырадыңарбы? Баары эле соолуйт да, үзүлгөндөн кийин» – деди ич жагынан бирөө. Мурунку гүлүнө кайра келди. Андан да бир тутам алды.

Ошондон бери ал гүл сатуучулар: «Эмнеге? Тойгобу? Тосконгобу?» – деп сурабаса дегендей жүрөкзаада. Эң кымбатын, эң жаңысын алып жүрөт. «Кадышыңан акчаны аяй баштадыңбы?» – деп начар гүлгө жакындаса эле ич жагынан бирөө үн салып жибергенсийт.

Дарбаза жанында атайын жасалган жыгач боорунда мыктарга кыдырата илинген чакалар турат. Түбүндө шыпыргылар жатат. Көрүстөндү караган кишинин үйү да ошол жерде. Анын жасаганы булар. Челектер менен биерге келгендер суу ташып, мүрзөлөр жанына тигилген гүлдөргө, дарактарга себишет. Шыпыргы менен айланасын тазалашат. Шааркан да мында аткарылчу жумуштардын баарын бир топ айдан бери өздөштүрүүгө үлгүрдү. Ошентип, бүгүн да ал кулак-мурдун кескендей жымжырт көрүстөнгө биринчилерден болуп кел-

ди. Дагы машина келгенде гана ачылчу баягы кош канат темир дарбазанын оң жагындагы жөөлөр үчүн чакан эшиктен кирди. Ал таң азандан, биердин кароолчусу, намазга турган маалда ачылып коюлат да, күн батканда кайра жабылат.

Шааркан бир чаканы (жаңырагын) алып, аны суугa тосту. Гүл кармаган колуна шыпыргыны кошо кармады да, чаканы экинчисине кармады.

Бул канчалык эрте келсе да, бир кишини ал дайыма ушул жерден жолуктурат. «Таң атпай келет го бечара» – дейт, аны көргөн сайын, күйүттүү неменин ого бетер каңырыгы түтөп.

Аны жаңы көргөндө чачы кара эле. Эми ушул жети-сегиз айдын ичинде башы буурул тартып кетти. Беттерин тырыш басты. Бүгүн да ал Шааркандын көзүнө биринчи урунду. Тигине велосипедин жетелеп баратат, анын рулуна артылган төрт камера, аларда суу. А киши башкаларчылап чака менен эмес, сууну ошол камералар менен ташыйт. Улам тырышы көбөйүп бараткан маңдайынан, жаагынан ылдый агып, жалпагырaак мурдунун учунан мөлтүрөп тамчылап жүргөн терин аарчып да койбойт мусурман.

Кадырбек жерге коюлгандан кийин бешинчи ишембиде келгенинде Шааркан бул адамды жолуктурган. Ал нарыдан велосипедин жетелеп, өзү келген булардын жанына. Эки кызын эки жагына алып, кара жоолук салынып ыйлап отурган Шааркангa тушташа түшкөндө, велосипедин жерге коюп, булардын катарына тизелерин бүгө отура калган. Чалга кайрадан куран окуткан. Бетине бата тарткандан кийин: «Ыйлаба, карындаш, ыйлабагыла, кыздарым», – деген үнү каргылданып, көкүрөгүн тиреп чыккан кайгыны, мунду араң басып. Мүрзөнүн как төбүсөндө шөңкөйгөн жылдызы бар үч бурчтук ак тунукенин боорундагы «Жумалиев Кадырбек 1926–1965-жыл» – деген жазуудан мындагы жаткан киши булардын кимиси экенин боолготкон ал анан тигилерди сооротуш үчүн өзүнүн башына түшкөн мүшкүлдү айтып берген.

Жалгыз баласынан ажыраптыр, мындан эки айча мурун. Онунчу классты бүтүп жаткан экен. Акыркы эк-

замендин консультациясына азыр өзү жетелеп жүргөн велосипед менен баратып, мерт болуптур. Шаардын четирээк жагында жашашкандыктан, мектеп алысыраак тура. Бир мүйүштөн шок этип алдынан трактор чыгыптыр. Күү менен келгенге экөө тең токтото алышпай урунушат. Башы менен асфальтка катуу жыгылган бала ошол жердин өзүндө жан бериптир.

Апасы ошондо эсинен танган бойдон алиге ордунан туралбай жатканын, өзү болсо таң атпай мында келерин, жумушу бүтөрү менен дагы биерге келип, эл жатканча баласынын мүрзөсү жанында отурарын айтып, жашып кетти көрүнөт, мурдун шыр тартып, ордунан тура жөнөгөн.

Шааркан тигинин оозунан укканга зээни кейип, өзүнүкүнөн да мунун кейиши күчтүү экенин мойнуна алгандай, ошондо ал кишинин жүзүнө биринчи караган. Кырк бештер чамасындагы орто бойлуу, толмоч неме эле. Бүгүн ал Шааркандын көзүнө дартмандуу немедей араң басып бараткансыды. Төрт-беш камера төмөн салаңдаган велосипедин туткасынын эки жагынан кармап араң итерип бараткансыды. Асфальт жол таманында ийри-буйру суу тамчылары жатат. Камералардын тешиктери бар көрүнөт. Кар ала-чокул. Күрөлүп ташталган жол тамaны, мүрзөлөрдүн тегереги кургак. Күз башында мүрзөнүн айланасына биерде биринчилерден болуп дарак отургузган да ушул киши. Ошолоруна суу алып баратат.

Кар түшкөндөн бери суу ташыганын токтотуп койду эле. Камералардын ордуна велосипединин капталына эски күрөк байланып келчү. Анысы менен баласынын мурзө үстүндөгү карды күрөйт. Кар эгер күндө жааса, ал күндө таң тыяктан түңкөйгөнү ушул жерде болчу. Күн бою жааса, кечинде жумуштан кийин да келип тазалап кетип жүргөнүн Шааркан билчү эмес. Муну ал ишемби күндөрүндө гана, өзү мында келген күндөрү гана көрүп жүрбөйбү. Топурактан башканын баары анын назарында баласынын үстүнөн баскан артык баш жүк сыяктуу сезилер эле. Эрмегинин мүрзөсү ошентип, ар убак таптаза, ар убак андан кар түшкөнгө чейин соолуй элек, кургай

элек гүл жатчу. Ошондуктан кол менен койгондой эмес, чоң кишилердикиндей бараандуу бул мүрзөнүн өзүнөн гүл өсүп чыккандай туюлушу мүмкүн эле, анын жанынан күндө өткөн адамга. Ал шыпыргыны да велосипединин ээр артына байлай келчү. Мейли, карды күрөсө да, артынан даңгыратып шыпырып таштайт. Кар кетери менен кайрадан суу ташыганга кирди.

Шааркан аны менен көк кашка суу шорголоп түшүп жаткан жерге челек көтөрүп экинчи жолу келгенде көрүштү да, үн-сөзсүз баш ийкешип учурашты. Ошол дүлөй кыймылдан экөө тең бирин-бири соороткондой, бири-бирине кайрат айткандай ичтен улутунушту.

Тиги суу куюлган камераларын бултандата рулдун эки жагына теңдеп кийгизди да, майланышкан резиналуу туткалардан кармай, барааны качкан тулкусун алга умтулта велосипедин итерип жөнөп кетти.

Шааркан көнүмүшкө айланып калган ишин аткарды. Мүрзөнүн тегерегине суу сээп, шыпырды. Жайында ар түрдүү канаттуулар байырлап, а түгүл кээ жеринде абдооли, анан өрүгү бышып, алардын түбүнөн бала-бакыра үзүлбөй, бир топ көңүлдүү көрүнчү бул керүстөн кыш бою ого бетер тунжурап, ого бетер суз тартып, эшиктен киргенде эле, суукка чыдабай калчылдап турган кароосуз кары адамдай көөдөнгө алда кандай кайгы шилеп, жүрөк-бооруна муздак илеп сүртүп жиберчү. Жаз чыккандан бери биердин түсү да кайра өзгөрдү.

Жашыл даракка көмүлгөн, бир четинен экинчи чети мындай караганда көрүнбөгөн ушул чоң аянт түбөлүккө дүлөйлөнгөндөрдүн шоокумсуз, кыймылсыз айылы экендигине карабастан, жайында Кадырбеги ушул бакты аралай, эртели кеч сейилдеп жүргөндөй, качан жары кыздары менен мында келгенде, аларды сынаш үчүн, убара кылыш үчүн бекинип калгансып, бир маалда дарактын далдасынан «ба!» деп чыга келип, а дегенде өзүн, анан кыздарын кучактап, адатынча көздөрүнөн жаш чыкканча санын чапкылай күлө тургансып туюлар эле. Темир дарбазадан бери өтүп, эки жагы калың кайрыгач, өрүк, акация дарактарына

жыш асфальт тар жол менен улам ичкериге тереңдеген сайын, Кадырбеги жаткан жакка жеткенге чейин, тааныш мүрзөнүн тушуна келип көчүк басканга чейин ошондой сезим колтугунан жетелеп алчу. Мүрзөнү көргөндө ал сезимдин кадамы үзүлөт. Аерден туруп, бери басканда дагы ошол жылуу сезим, алдамчы сезим колтуктан ала коштоп басчу. Ошондуктан Шааркан ушул чоң коргондон кайра чыгып, шаардын күжүлдөгөн кыймылына аралашып калганга чейин арт жагын кылчак-кылчак карап жүрдү. Анысы жакындан бери калып баратат.

Шааркан көрүстөндү аралап жөнөдү. Эстеликтерди көрмөк бүгүн. Дагы үч айдан бир аз өткөндө Кадырбектин каза болгонуна жыл толот. Ошол бир жылдыгына карата эстелик коюуну чечкен. Аны заказ кылуудан мурун мындагыларды көрүш керек да.

Эстелиги жок мүрзө азыр аз. Кире бериште бир гектарга чамалуу жердеги мүрзөлөрдө гана эч нерсе жок. Аларды чөп басып, чөгүп кеткен. Эски көрүстөн ушул экен. Анын жанынаы өткөн сайын Шааркан шыпшына ичинен кейип алат: «Кайран ата-бабабыз, өлгөнүнө бир белги койгонду да билбеген экен. Кийинки укум-тукумдары кантип табышып, өткөндөрүн кантип эскеришет?».

Кийинкилердин баарында эстелик – чоң-кичине, кымбаты-арзаны бар... Элүү, жүз жылдан кийин деле урпактар бул эстеликтер бетиндеги жазуудан өздөрүнүн жакындарын таап алып, эскере беришет.

Шааркан акырын бут шилтейт. Тротуарлардын биринен сала бирине өттү. Эстеликтер... Алардын көпчүлүгүндө сүрөттөрү бар. Сүрөттөрдөн тиктегендер менен селейген граниттер, цементтер такыр окшошпойт, эп келишпейт, жарашпайт, жуурулушпайт. Тигине, жазуучу китебине чыканактай туруп, күлүмсүрөйт. Мына окумуштуу, бронзага айланып, эки ийнин эки колу менен аткый кармап, терең ой кучагында... Булар Шааркaнга тааныш кишилер. Нарыдан, кызыл граниттин чоку жагынан жадырап күлгөн жаш жубан... Чачтары, каштары түтөгөн, кара жайкы көйнөктүн ачык жакасынан аппак жумуру мойнун,

төшүн көрсөтүп, тептегиз тиштерин бажырайта күлүп турат. Анын бул турушу мында келип кабак чыткандарды, ыйлап жаш төккөндөрдү шылдыңдагандай... Мына, солдат жигит. Эки көкүрөгүндө значоктор – солдаттык сыйлыктары, демек, ал аскердик кызматын абийирдүүлүк менен өтөгөн. Мөөнөтүнөн бүтөрүнө он эки күн калганда чек арада каза болуптур. Анын апасын, атасын көргөн Шааркан биерден. Андан ары басты. Дагы эстелик. Бул наристе экен. Ондон он бирге жаңы караптыр. Көкүлү кара каштарына жете сеңселет. Үстүндө мектеп формасы, жакасында октябряттын значогу. Кызыл граниттин баш жагындагы оюкка жабыштырылган анын бул сүрөтүнүн төмөн жагында мындай деген жазуу:

«Укта, уулум, гүл кучактап уктагын,
Биз ыйлайбыз, бирок аны укпагын.
Ата мээри, эне жыты бир жатып,
Мамык болсун астындагы турпагың...

Ата-энеңен».

Шааркан бул арноону эки-үч сыйра окуду...

Нарыга басты.

Өткөн ишембиде Шааркан кыздары менен келген эле. Анда да алар атасынын мүрзөсүн шыпырып, тазалап койгондон кийин, эстеликтерди аралап көрүшкөн. Анда бул чоң аянттын үчтөн бирин араң кыдырып чыгышкандай болгон.

– Ушул эстелик жагабы силерге? – деди Шааркан кыздарына карап. Алар азыр көгүш гранит эстеликтин тушунда турушту. Анын бир жарым метрче келген тулку боюнун төрт жагы тең, шырдактын саймасы менен кооздолуп, баш жагына буурул чачтуу сүрөт, анын төмөн жагына: «Ардактуу атабызга, балдарынан» деп чегип жазылыптыр. Ушул эстеликтин саймасы, (чегилип жазылганы) Шааркана жагып калды.

– Жазуусу жакшы экен, бирок эстеликтин өзү мага жакпайт – деди кызынын улуусу.

– Эмнеси жакпайт?

– Билбейм, бирок мага жакпайт.

Чынында да Гүлмира эстеликтин кандайы жагарын кайдан билсин. Анын оюнда атасына коюлчу эстелик, алар апасы менен тогуз айдан бери каттап жүргөн бул көрүстөндөгү эстеликтерден такыр башка болууга тийиш. «Кандай?» – деп канча сурабасын, андан ал кыялындагы эстеликти сүрөттөп айтып бере албас эле. Эстеликтерди аралап жүргөндөн бери эки кыздын атасына болгон кусалыгы ого бетер артып, ал жумуштан кайтып келер убагында, эшик шыңгыратары менен экөө катар тура калышып, алдындагысы ачкан эшиктен жадырап кирип келген Кадырбекти биринен сала бири кучактап бетинен, мойнунан жыттагылап өпкөндөрү элестеп, муундары бошой баштаган. Акырында алардын көздөрүнөн тегеренген жашты көрүп, апасы ээрчитип кетип калган. Бүгүн өзү жалгыз келген себеби да ошол.

Шааркaнга кара граниттен жасалган бир эстелик жакты. Жолдун боюнда, эки түп кара жыгачтын түбүндө экен. Эстеликти тоскон темир панжаранын төрт бурчунда төрт түп туя.

Түбүндөгү сандыкчасынан тышкары бийиктиги эки метрге жакын бул кара граниттен баш чыгарып турган киши кырк үч гана жашта экен. Кадырбектен төрт жаш гана улуу. «Бул деле жигит бойдон кеткен тура, байкуш» – деп шыбырады Шааркан андан ары илкий бут коюп. Ал кайра тартканда баягы киши велосипедин жетелеп дагы алдынан чыкты. Бул жолу ал велосипединин капталына арчанын, кайыңдын көчөттөрүн таңып алыптыр. «Питомниктен келатамын. Жаңы гана каза башташыптыр көчөттөрдү. Күздө албаалы тиккен элем, ал эрте бышат эмеспи... Балам ошону жакшы көрчү. Эми көлөкө болсун үчүн, ушуларды тигейин деп алып келип атам» – деди тигинин тушуна жеткенде токтой берип, сурабаса деле ушундай деп айтып коюу керектигин билгендей.

Шааркандын оюнда жок нерсени эсине салды. Мүрзөнүн тегерегине дарак отургузуу керек да. Убактысы келип калган тура.

– Азыр отургузса боло береби? – деди Шааркан чарчаңкы үн чыгарып.

– Болот. Жерден тоң кетти да.

– Анда биз дагы отургузабыз.

– Отургузгула. Бул аптада болбосо, келеркиден кечикпегиле. Кандай кылып отургузууну билбесеңер, мен жардам кыламын. Мен күн сайын эрте менен жумушка кеткенче, кечте жумуштан кийин ушердемин, баламын жанындамын. Ал эми ишемби, жекшембиде күн бою мындан кетпейм. Жакшысы, арча, кайың алгыла, элдикин көрүп атасыңар го мындагы. Ошолор жакшы өсөт экен» – деп тырыштуу мандайынан жылжып мурдунун учуна жетип, мөлтүрөгөн тер мөлт этип көкүрөгүнө тамганда ары жөнөдү. Кийинки ишемби күнү тиги киши аркылуу мурда питомниктин кайда экенин билип алган Шааркан эрте мененки тамактан кийин такси чакырып, эки кызы менен барып төрт туя, төрт кайың алып келди. Баягы адам өзү айткандай эле баласынын мүрзө жанында күймөлөнүп жүргөн экен. Отургузууга ошол жардамдашты. Беркилер көчөттөрдү кармап бергенге гана жарашты.

– Келген сайын булардын түбүнө суу куюп тургула – деп коюп, тиги кайра эле баласы жакка кетти.

* * *

Бүгүн да күнгө ишемби... Шааркан эстелик жасоочу жерге барды. Көчөнүн боюнда чоң дарбазалуу коргондун эшигинде сулкуюп-сулкуюп сулп бойдон жаткан боз, кызгылт таштарды аралап өтүп, анан конторго жакындады. «Ушул муздак ташты керексинтип, ушуну издеп калам деген түшүмө кирсечи!» – деп, жанагы чаң басып сыртта жаткан оор граниттердин муздак эпкини көкүрөгүн аралап кирип кеткендей жүрөгү муздай түшүп, дагы бир жолу тереӊ улутунуп алды. «Да, турмуш деген ушундай экен да».

Конторго жеткирбей аны дарбаза алдынан торой тосуп чыккан чала мас неме, оозунан арагын буркуратып, булдуруктады. «Конторго кирбей эле коюңуз, аерде кымбат, нары кеч бүтөт, эстелик керекпи?»

Шааркандын баш ийкегенин көрүп, нарыга жетеледи. Жана аралап басып келатканда Шааркандын тула боюн

муздаткан одур-будур чоң таштардын бирине бутун коюп, акырын шыбырады: – «Мен жасайм эстеликти. Мен албетте жалгыз эмесмин. Бригадам бар. Ошолор менен жасайбыз. Арзан да, тез да бүтөт. Гранитти өзүбүз таап келебиз Ысык-Көл жактан, же тиги Ысык-Ата тараптан табылат боз гранит, эгер ошондон жасатам десеңиз. Бу жакка убара болбой эле коюңуз. Жакшы эстеликтердин баары үйдө жасалып жүрөт. Биздин көңүлдү тапсаңыз, биз дагы сиздин оюңуздагыдай жасап берүүгө тырышабыз. Макул десеңиз, бир жумадан кечиктирбей баштайбыз. Бир айга жетпей бүтөт. Бизге кандай эстелик жасоону көрсөтүп койсоңуз болгону көрүстөндөн. Аердегилердин дээрлик бардыгы биздин колдон чыккандар. Ошолордун ичинен көрсөтөсүз. Азыр машина тапсаңыз, азыр барып көрүүгө мен даярмын» – деп тиги мас көздөрүн жүлжүйттү.

Жанагы таштарды көргөндө, демейде бут менен баскандан азар кылып четтеп өтчү, ушул чул неме үчүн акча жатчу күйөөсүнүн топурак баскан денесинин үстүнө коюп, кийин барган сайын аны ак чүпүрөк, же бет аарчысы менен сүртүп-аарчып, кээде жууп, тирүү немедей аспиеттери эсине түшкөндө (көрүп жүрбөдү беле) бүткөн бою муздай түшкөн Шааркандын деми мына бул жарым мас нерсенин, мал базарына тургандай жай, эркин гана соодалашып, а түгүл азилдешкендей чаң тер баскан кирчимек өңүн ыржайтып сүйлөгөнүнө эмне beresиң... Мындан Шааркандын көөдөнүн аралай чапкан алиги муздак эпкин дагы артып чыкты.

– Айдаров дегендин эстелигин киминер жасагансыңар? (өткөн ишембиде өзү жалгыз барып көргөндөгү жаккан эстелик) – Шааркан тигини жактырбай турганын билдиргендей кабагын чытыды.

– Айдаров?.. Калп эле ал ойлонумуш болду бир азга. – Эсимде жок. Анын үстүнө силердин атыңарды жаттоо өтө кыйын эмеспи биз үчүн. Көрсөм, айтар элем.

Ал дагы ыржайды. Шааркандын ого бетер итиркейи келди.

– Макул, мен конторго кирейинчи. Аерден эч нерсе чыкпаса, анан сүйлөшөрбүз.

– Барып көрүнүз, бирок убара болосуз.

Шааркан конторго киргенден кийин да, тамеки түтүнүнө толуп, ары-бери баскан адамдары көп, тактасы такыр жуулбагандыктан, кир, узун коридордун эки жеринен токтотушту. Баары чала мас. Баарынын оозунан чыкканы бир сөз: «Эстелик керекпи? Мына биз жасайбыз». Шааркан алардын сөзүнө жооп берүүнүн ордуна: «Начальнигиңердин кабинети кайда?» – деп өтө берди. Сүйлөшүп алышкандай алардын баары: «Начальник бизден өткөн кеңешти бере албайт» – деп ыржайышты.

Чыны ошол экен. «Азыр сиз айткан боз гранит жок. Издеп жатабыз. Жакында болуп калышы ыктымал. Бирок жарым жылдан мурда бүтпөйт го. Заказ көп. Эгер ушул мөөнөткө күтө алсаңыз, келерки дүйшөмбүдө келип көрүңүз» – деди мында кирип чыккандардын тарткан тамеки түтүнүнө ышталгандай өңү керсары, мойну коркойгон арык узун неме эски көз айнегинин үстүнөн акшырая тиктеп.

Шааркан аерден чыкканда баягы коридордо ары-бери баскандарга кайрадан жолукту. Анын кандай жооп менен чыкканын билишкендей дагы алдын торой беришти. «Айтпадык беле, убара болосуз деп. Ал билбейт, биердеги ишти, мына биз билебиз. Биз менен сүйлөшсөңүз, ишиңиз тез да, сапаттуу да бүтөт» – деп жылмайышты.

Шааркан биринчи жолуккан менен кайра сүйлөштү. Көрүстөнгө аны алып барып, өзүнө жаккан эстеликти көрсөтмөк болду. Тиги чуркап кетип, бир аздан кийин такси менен кайтып келди.

Жанагы эстелик биерде жасалган эстелик эмес экен. «Москвада гана жасалат мындайлар» – деп жанагы киши мындан алчу акчасынан ажыраганга шалдая түштү.

Ушул эстелик гана Шааркангa жагып туруп алды. Анын үстүнө Айдаровдун жашы гана эмес, өңү-түсү да Кадырбекке окшош экен. Экинчи жагынан жанагыдай колунан жакшылыктуу эч нерсе чыкпачудай сезилди ага. Эстелик сыяктуу ыйык немени алар бул кебетелери менен кайра маскаралап коё тургандай сезди Шааркан.

Москвадан жасатууну чечти Шааркан. Ошол айда бир жумага акысыз отпуска алды да Москвага учуп кетти. Ал эми беш айдан кийин барып тыйынын аягына чейин төлөп, эстеликти контейнер менен жөнөттү. Ошентип, Кадырбектин эстелиги ал мурда ойлогондой анын дүйнөдөн кайтканынын бир жылдыгында эмес, үч айча кечигип коюлду.

Айдаровдун эстелигине окшош болду... Төрт тарабы өтө чебердик менен жылмаланган, ошондуктан андан жүз көрүнүп жылтылдаган кара граниттин жогору жагында бозомук тарткан Кадырбектин башы, көкүрөгү. Мойну бир паз оң жагына кыңыр. Ууртунда жылмаюу. Толкун сыяктуу коюу кара чачы тебөсүн көздөй таралган. Галстукчан. Бул сүрөт – ал илимдин кандидаттыгына диссертация коргогон күнү түшкөн сүрөт. Адегенде өзүн куттуктоого гүл кучактап келген жоро-жолдоштору, ага-туугандары менен чогуу түшүп, андан кийин Шааркандын айтуусу менен өзү жалгыз түшкөн сүрөт. Бар кубанычы, ошондогу толкундоосу жадырап сыртына чыгып турат. Турмуштун ырахатын бүткөн бою менен сезген минуталарда гана адамдын жүзү ушундай албырып, көздөрүнөн ушундай шаттык, ыраазылык оттору чачырап турса керек.

Ошол күнкү анын кубанычы жалаң төрт-беш жылдык эмгегинин окумуштуулар советинде жогору бааланып, анын мүчөлөрү бир добуштан кол көтөргөнүнө гана эмес, ал Шаарканга таанышкан күндөн тартып араздашып, жүз көрүшпөй жүргөн Калчанын мээримдүү мамилесинен да эле.

Солтонов Кадырбек менен да эчак достошуп кеткен. Тажаал аялынан бирок, анысын жашырчу. Москвага командировкага жөнөгөн сайын аялы мурдагыдай андагы синдисине белек-бечкек жибергендин ордуна «Баягы көк бетке жолуга көрбөгүн. Кокус көчөдөн кезигип калса да, кыйгач өт. Аны менен сүйлөшкөнүңү, же бир нерсе бергениңи угуп калсам, бала, таарынбагын» – деп эскертип койчу.

Ал эми табиятынан боорукер, анан секелек кезинде колуна келгендиктенби, Шаарканды кызындай көрүп калган Солтонов Москвага барар замат аны издеп жөнөөр эле.

Кадырбек менен баш кошуп, акыркы курска барган жылы экөөнүн Москвада жолугушуу учурунда эле баягыда өзүнүн эмне үчүн чечкиндүү аракетке бара албаганын, антсе эжеси менен чоң чатакка, а түгүл ажырашууга чейин барарын эпилдеп-жепилдеп түшүндүрүп кирген. «Эң сонун сапаттары бар Калчанын, бирок өз билгенин бербеген кежир. Ачуусу келгенде анын алдынан көлдөлөң чыгуу мүмкүн эмес. Жакшысы, сеники ырас, сеники туура деп андайдаага кошулуп коюш керек. Кийин өзү сезип, өзү байкайт, мурдагы катасын мойнуна алат. Сени менен деле ошондой болот, каякка барат дейсиң таарынып. Жыл өтөт, ачуусу эскирет. Ошондо эле баарысы жайына келип калат, Шакентай» – деп акылдуу сөзүн айткан.

Ошондо, канчалык зээни кейип ызаланса да, Шааркан буларга, айрыкча эжесине жүрөгүнүн бир жеринде жылуулук сактап жүргөн эле. Жездесинин сөзү так ошол жерине барып бир тийди. Ыйлап туруп, аны менен элдешип алган.

Кийин ал барган сайын Шааркан мурдагысындай эле эркин жолугушуп, ал берген акчаны алып жүрдү.

Кадырбек Шааркан менен баш кошкон жылы аспирантурага өтөт. Академияга документтерин аспирантурага кабыл алуу жарыяланары менен жиберген болучу. Бирок бул тууралу Шааркaнга мурда жолукканында да, баш кошкондон кийин деле айткан эмес. Ким билет, конкурс чоң, өтөбү-жокпу. Күн мурунтан мактанып коюп, анан өтпөй калса, сүйгөн кызынын алдында уяты чыкпайбы. Ушундан улам жыйынтыгын күткөн эле.

Октябрдын аяк ченинде Шааркан андан кезектеги катты алат. «Аспирант Кадырбектен салам!» – деп баштаптыр анысын. Шааркан тандана, ишенип-ишенбей жанагы сөздөрдү үч-төрт кайталап окуйт. Төмөн жагында кантип Академиянын философия жана укук институтуна аспирант болуп калганын, эмне үчүн андан ушул убакка чейин бул сырын жашырып жүргөн себебин жазып, кечирим сураптыр.

«Мындан аркы каттар эми дайыма ушинтип башталат: «Аспирант күйөөдөн – студентка келинчегине! Түшүндүңбү, Шакеним!» – деп тамаша менен бүтүргөн экен ал катын.

Шааркан аябай кубанган. Катты көкүрөгүнө баса чуркап жүрүп, андагы курбуларынын бардыгына кабарлап чыгат. Баарынан да аны кубанткан жери «Москвага илимий командировкага жиберишет экен бир нече айга. «Демек, тосуп алууга даярдана бер, Шакен» – деген сөздөрү болду. «Ураа! Күйөөм келет жакында!» – деп сырдаш кыздарынын беттеринен өпкүлөп чыккан.

Жарым жылга жетпей Кадырбек Мөсквага илимий командировка менен барып калды. Ал кайтарга жакын Солтонов кезектеги командировкасына барып, экөөн таап алды. Оюндагысын билдирди: «Куттуктаймын! Куттуктаймын! Чынын айтсам, башынан эле мен силерге тилектешмин. Биринчи күндөн тартып бири-бириңерге жараша түшкөнсүңөр. Ыман-жылдызыңар окшошо түшкөн. Эми андан бетер жарашып калыпсыңар. Куттуу болсун! Куттуу болсун! Ушул жарашыгыңардан өмүр бою жазбагыла!» – деп чын ыкласынан барпаңдап жакшы тилегин билдирген. Анан алардын кыйылганына карабай, экөөн тең колдон кармай жетелеп отуруп «Москва» мейманканасынан «Өзбекстан» ресторанына алып барат. Ошол жерде кенен-кесир отуруп, булардын ал-абалын, келечек планын билип, ого бетер кубанат. «Эжеңерди мага коё бергиле, учуру келгенде жараштырып коём. Өзү эле келип силерди мойнуңардан кучактап өбөт. Анысына көзүм жетет. Азырынча ачуусу тарай элек. Чынын айтсам, Шакендин сыртынан бирөөлөргө сөз берип койгон тура. Ошого бир аз сынып калды көрүнөт. Эч нерсе эмес, баары жайына келет, окууңарды эч нерсеге алагды болбой бүтө бергиле», – деп экөөнүн тең көңүлүн жайлоого аракеттенген Солтонов анда.

Мындан кийин да ал ыгы келе калган учурда Шааркан, Кадырбек жөнүндө аялынын көзүнчө эки-үч курдай сөз кылганы эсинде. Бирок андан жибигендикти байкай алган эмес. Ар жолкусунда: «Койчу, ошол акмактарды сөз кылбай. Аттарын уксам, итиркейим келет» – деп жекирип койгон.

Кадырбек коргоодон бир жылча мурдараак Калча ал жөнүндөгү мактоону угат. Алардын көңүлү жакын киши-

лердин бири, университетте кафедра башчысы болуп иштеп жүргон Садыров Кеңеш деген кашка баш, ич-курсактуу немеден угат. Ал мурунку жылы докторантурага бекитилет да, материал жыйнаш үчүн, консультант табыш үчүн Москвага барып калат. Ошол жерде Ленин китепканасында жүрүп, Кадырбек менен таанышат. Анын акылы, мүнөзү, илим жагындагы зээндүүлүгү жагып калганын, кайтып келгенден кийин, а дегенде аялына, анан жолукканда Калчага айтат. «Шакениңер жаңылбаптыр, Калча. Ал баладан чыгат келечекте. Көп эле андай жаштар менен сүйлөшүп келатам, ал мага абдан чоң таасир этти. Кеби-сөзүнөн, жүрүш-турушунан эле байкаса болот адамды. Кыскасы, менин купулума толду күйөөңөр, Калча. Бекеринен таарынып жүрөт окшойсуңар» – десе, Калча ага да оң жооп бербей койгон. «Жакшы болгондо кыргыздын туткасы болот дейсизби? Азыр жүздүн бирөө окумуштуу.»

Ал эми Кадырбектин качан коргоору жөнүндөгү кулактандыруу жарыяланган газетаны алып келип, күйөөсү окуп бергенде, Калчанын жүзү эмнегедир албырып чыкты. Толукшуп кетти. Ыйлап жиберчү неменикиндей толо бети ого бетер чыңалып, үн-сөз катпай саам дулдуюп отуруп калды.

Көптөн бери ачуу – араздын астында басылып жаткан жатындаштык сезим кыймылга келгенин Аскар байкай коёт.

...«Калчатай, жакшы болбодубу! Ушундай кезде кеңпейилдигиңи дагы бир жолу карматып кой, байбичеси. Баралы коргогонуна. Гүл алып баралы. Көрөсүң, экөө тең сени көрөрү менен мойнуңан кучактап, кубангандарынан ыйлашат, (күйөөсү алар менен оңу келген жерде жолугушуп, сырдашып жүргөнүн айтчу эмес да). Кечиришет. Сенин кечиришиңи күтүп жүрүшөт экөө тең. Мен билем. Алар менен сүйлөшпөсөм да билем, жүрөгүм менен сезип турам».

Солтонов аялынын жер карап ойлуу отургайынан пайдаланып, көзүн кысып койду. Бирөө буларды карап тургансып, аны менен өзү макулдашкандай жылмайды.

– Я, эмне дейсиң? Барсак дейсиңби? – деп Калча чарчаңкы тиктеди.

– Албетте барыш керек, байбиче. Экөөбүздүн алардан жакын кимибиз бар шаарда? Ойлоп көрсөң. Алардын кубанычы бөлүшпөгөндөн кийин жакындыгыбыз кайсы? Шакен экөөбүздүн кызыбыз болуп калган да? Көрөсүң, күйөөсү деле уулубуздай болуп кетет. Жаман жигит эмес. Мен баягы көлдө бир эле жолу сүйлөштүм, бирок эстүү жигит экенин байкаганмын. Баралы, байбиче.

Солтонов ордунан тура келип, аялынын ийинине колун койду. Эркелеткени. Ушунусу менен эки жолдун тоомунда кайсы жагына бут коюшун билбей башы каткан зайыбынын көптөн бери келаткан көкүрөгүндөгү музун эритип жибергиси келди.

– Көрөсүң го, гүл көтөрүп залга кирген экөөбүздү көргөндө Шакениң көрдөгү энеси тирилип келгендей сүйүнбөсө, мурдуму кесип берейин. Кишини бир жолу кубантсаң, анын өмүрүн беш жылга узартканың – деп бирөөдөн укканым бар. Күйөө да кубанат. Эки кишинин өмүрүн ошентип он жылга узартабыз. Өзүбүздүкүн да узартканыбыз ошол эмеспи, Калчатайым.»

Акыры Калча көндү окшойт. Жаш толуп мөлтүрөгөн сүйрү көздөрүн күйөөсүнө кадап, жалдырагандай минтти:

– Уккан эл эмне дейт?

– Эмне демек эле эл? Эң сонун болуптур дешет, колуңду кысып, эстүүлүк кылыпсың дешпесе, мага кел, байбиче. Уккандардын баары кубанат, мына көрөсүң го.

Ошентип, күйөөсү аны бир ай мурда даярдап койгон элдешүүгө. Баары, Солтонов ойлогондой болуп чыкты. Калчанын Кадырбек коргогон күнү Академияга барып, күйөө баласын кучактап өөп, гүл сунганын уккандардын баары ага ыраазы болушту. «Акырында эстүүлүк кылган экен, Калча, өзүнүн катасын мойнуна алган экен» – дешти алардын ортосундагы чатактын себебин билгендер.

Кадырбектин артынан дагы бирөө ошол эле илимдер боюнча диссертация коргогон. Эки диссертант мурунтан бирин-бири тааныгандыктан, алдын ала сүйлөшкөндөй

шаардагы кичинекей бир кафеде кече өткөрүштү. Кечеге окумуштуулар советинин бүт составы, жактагандардын ага-туугандары жоро-жолдоштору катышты. Биринчи болуп ал салтанатка тост көтөргөн окумуштуулар советинин арык, ак чач председатели Кадырбектин аспиранттар үчүн берилчү үч жылдык мөөнөт ичинде кандидаттык минимумдарын эң жакшыга гана тапшырып үлгүрбөстөн, берилген тема боюнча илимий ишин да жазып бүтүүгө жетишкендигин, Москва, Ленинграддан тартып бир топ окумуштуулардан анын эмгегине эң жогору баа берген пикирлер келгенин (окумуштуу советте айтылгандыгына карабастан, биердеги жаңы кишилерди эске алдыбы, ал дагы кайталап жатты) айтканда, Калча дагы көздөрүнөн чыга түшкөн жашын татынакай саймалуу кара баркут кол сумкасынан бет аарчысын ала аарчыды. Ал бир кезде сыртынан аны: «Томаяк, ичерге ашы, киерге кийими жок неме» – деп сөккөн ачуу сөздөрү эсине түшүп жаттыбы, же сиңдисине, ал аркылуу күйөө баласына бир туугандык сезими козголуп, жүрөк-боору эзилип кеткендиктенби, айтор андан кийинки тосттордун учурунда да, Кадырбектин кулк-мүнөзүн, жүрүш-турушун, чыдамдуулугун, туруктуулугун, илимге болгон зор ынтаасын белгилешип, сүйлөнгөн сөздөрдү уккан сайын анын көзүнө жаш түшүп жатты. Ошонусу менен төрт жылдан берки каарын төгүп таштагысы келди окшойт.

Ал эми өзүнө сөз келгенде жашый, какалып сүйлөй албай койду. Ал үчүн да Солтонов экинчи жолу сүйлөдү. Аялынын кубангандыгынан ыйлап отургандыгын билдирди.

Кеченин акырында диссертанттардын өздөрүнө сөз берилди. Кадырбек биринчи болуп сүйлөдү. Үчүнчү жолу укту анын сөзүн Калча. Мындан бир нече саат мурда окумуштуулар советинде а дегенде он беш мүнөтчө коргоого тийиш болгон эмгеги тууралу кыскача баяндама берип, анан оппоненттеринен (экөө тең илимдин докторлору экен – бири Москвадан келиптир) кийин аларга жооп берип, дагы он мүнөтчө сүйлөгөн. Жай, ишенимдүү, кагаз карабай, жагымдуу үн менен сүйлөгөнүнө башын көтөрбөй отурган Калчанын ичи ысыган.

«Мыкты жигит көрүнөт, мактоого татыктуу экен, Оппоненттеринин замечаниелерин жокко чыгарганын көрдүңбү? Азыркы сөзүчү». Ушунткен күбүр-шыбырды коргоо өткөн залдан да, биерден да уккан Калча ого бетер жибише берди.

Олтуруш аяктабай туруп, окумуштуулар советинин председатели диссертанттардын жакын отурган туугандарына: «Ракмат, эми бизге уруксат эткиле. Мындан көпкө отура албайбыз. Силер уланта берсеңер болот» – дегенде Калча тура келип, адегенде ортодогу кишинин арык колун кыса кармап туруп: «Эртең күнгө дем алыш, биздикинде ушул столдо отургандар конокто болосуңар. Саат үчкө. Мен Кадырбектин биртууган кайнежесимин. Даярданып койгонбуз» – деди. Ушул сөзү менен андагы окумуштууларды дагы бир сыйра кыдырып чыкты... «Суранабыз, өтүнөбүз» – деп анын жанында Солтонов да башын ийкеп, жанаша жүрдү...

Ал эми ошол окуядан бир ай өтпөй, Калча өзү машина алып барып, шаардын четиндеги квартирада турушкан синдисин үйүнө көчүрүп келип алган. Төрт бөлмөлүү үйдө алар үч эле киши жашачу. Эки кызы күйөөгө кеткенден кийин уулу Самарбек, эрди-катын гана калышкан эле.

Кадырбек үйүнүн көчкөнүн кечинде гана билет.

– Ыракмат, жакшылыгыңарга, бирок биз башка жашайлы. Биринчиден, Шакен экөөбүз тең китеп окуганды жакшы көргөн кишилербиз. Кээде Гүлмираны уктатып коюп, түн жарымына чейин китеп карап калган учурларыбыз болот. Антип тынчыңарды алышыбыз мүмкүн. Экинчиден, Гүлмирабыз ыйлаак. Силер эс алчу куракка келдиңер. Кайра кетебиз – деп Кадырбек кайра кетүүгө кам урганда, Калча аны моюндан шап кучактайт: «Кечир, Кадыш, мен куруюн. Түшүнбөстүк кылып, бир кезде тил тийгизип койгонум ырас, Шакенге да, сага да. Ошону эсинен чыгарбасаң керек, кечир Кадыш! Менин Шакенден башка бир тууганым жок. Кечир кагылайын, уккандарыңын баарын унут, мен куруюн, ачуум келгенде албууттугум бар, бирок жамандыгым жок, кекчил эмесмин. Мен баарын

унуттум. Кечир, Кадыш! Кетпегиле! Тааныштарыма мактанып койдум эле. Күйөө балабыз эң сонун жигит экен, эстүү жигит экен, баарын кечирди. Биз менен бирге туруусуга макул болушту а түгүл деп. Азыр кайра кетсенер, уятка мени өлтүргөнүңөр! Кетпегиле! Кадыш!» – деп жалынган.

Көңүлү жумшак Кадырбек кайын эжесинин бул сөзүнө эрип кетип, макулдугун берген, жашап калышкан.

Төрт жылдан кийин гана ага шаардын четирээгинде тургузулган жаңы үйдөн үч бөлмөлүү квартира чегерилгенде, бардык жол-жобосу менен Калчалар буларды көчүрүп коюшат. А кезде Кадырбек секторду башкарып калган.

* * *

Бүгүн да күнгө ишемби. Шааркан бүгүн да эрте ойгонуп алды. Эстелик тургузгандан кийинки аптасында барган бойдон Кадырбекке каттай элек. Бир айдан ашып калган... Акырындап ачылган ак таңдын шооласы адегенде түбөлүк кар оронгон бийик чокуларды маңкайтып келатты... Мүнөт.. мүнөт... Баягы эки чоку... Жанаша жаралган чокулар... Бирөөлөрдү куштарлантыш үчүн, бирөөлөрдүн эсине алда немелерди салып, өпкөсүн көптүрүп, көздөрүнө жаш толтуруш үчүн жаралган чокулар. Бири бийик, бири жапызыраак... Шакен менен Кадырбектин чокулары. Ана, күндүн алтын сымак сары, нары сыйка нуру адатынча биринчи ошол чокулардын бийигине жабылды... Кыз көкүрөгүнө акырын жылган уялчаак жигит колундай ал жылып туруп, анан пасыраагына жетип, аны жумшак сылай баштагансыды... Буга эригендей, көлкүгөндөй, түн бою ушул нурду, ушул жарыкты, ушул эркелетүүнү эңсеп жана күтүп жаткандай эми кичинекей чоку да көлкүп – магдырап бараткансыды...

...«Шакен эмнеге окшоштурганымы айтайынбы?»... Жарынын моюн-башын, бетинен аймалап кирди. Шааркан да көздөрүн акырын жумуп термелип кетти, магдырап кетти... Тулку бою нурга малынып, ырахатка чөмүлүп бараткансыды... Бүткөн бою Кадырбектин эркелеткен ысык илебин сезип турду.

...Бир оокумда көздөрүн ачты. Боштук... Кыял... Элес... Жаңы көтөрүлүп келаткан күн нуруна эми этегине чейин малынган жанаша эки чоку гана чындык экен, маңкайып алыстан баягысындай, кадимкисиндей.

Шааркан ордунан шарт тура келди. Тамагын жаш муунткуча туруп кетти. Нарыдан-бери кийинип сыртка чыкты. Серүүн экен тышта. Жайдын түнкү салкын илеби сакталып туруптур. Тротуарлардын эки тарабындагы дүпүйгөн жашыл дарактардын бариктери эрте мененки желге урунуп саал-паал дирилдешкенсийт... Шырр-шырр эткен шыпыргылар. Көчө шыпыруучулар, короо шыпыруучулар бу шаардын эң эрте ойгончу каткы эмеспи. Ошолор ишке киришиптир... шырр-шырр...

Шааркан ылдам басып, Дзержин бульварына тез эле жетип келди. Шырр-шырр... Эки үч жерде узун шыпыргыларын чалгы чапкансып колтук кере шилтегендер. Шырр... Бирөөнүн жанынан өттү Шааркан. Жаш эле неме экен, бирок бет териси сөөгүно жармашып, мойнуна чейин тырыш. Кебетеси керсары, шишимек көздөрүнүн алды салаңдап, жүдөө. Колдору, кийми кир. «Ичип-ичип, ошонун айынан турмушунан да, кызматынан да ажырап, акыры ушул ишке дуушар болгон го шордуу. Болбосо, бу куракта жер шыпырбай калсын» – деп алды Шааркан ичинен. «Турмуш... мунун агымынан эмнелер кездешпейт?...»

Вокзал жактан шуулдаган үн чыкты. Шааркан артына кылчайды эле эки астыңкы дөңгөлөк тушунан билектей аппак сууну кайчылаштыра уруп, цистерналуу машина келатыптыр. Суу чачып келатыптыр. Жол таманында шыпыргандан калган ыпыр-сыпырды кошо айдап, арык ичине, анын аркы жээгине уруп келатат. Шааркан четке чыгып турду. Эми капкара болуп жалтырап чыккан жолго машинанын артынан ал кайра түштү. Муздак суу эпкини бульвардын ичин ого бетер сергилең тарттырды.

Ар убак Шааркан адегенде ушул бульварга келет. Башка көчө менен кетсе деле барат Кадырбегине. Бирок антпейт. Ушул бульвар аркылуу жүрөт. Бир түндү мында өткөрбөдү беле. Ошол түнү жүрөгүн мыкчып, денесин муз-

даткан ызанын күчү, кыз башы менен көчөдө калгандыгы үчүн ыйлап-сыктаса да, азыркы өмүрүнүн бийиктигинен биер ал үчүн ыйык жерлердин, Кадырбегин эске салчу ыйык жерлердин бири. Дем алыш күндөрү китеп окушуп, баштары чарчаган кезде да экөө колтукташып, ийиндерин-ийиндерине кыналыштыра ушул жерге келип көпкө чейин аркы-терки басышып, эс алып кетише турган.

Жаңы эле жуулган аллея менен басуу Шааркандын көңүлүн көтөрдү. Жалтыраган суу ичинен ал өзүн көрүп, жаш балачасынан ага үңүлө тиктеп, илкий басты.

Бүгүн Шааркандын колунда чоң сумка жок, эстелик коюлгандан бери тамак алып барууну токтоткон. Мындагы чалдын кеңеши ошондой болгон. Айт күндөрү гана тамак менен келүүнү кеңеш кылган. Кичинекей кол сумкасын гана боосунан кармабай алаканына кармап келатат. Кадырбек Москвага барганда өзүн ээрчитип жүрүп, Пушкин аянтчасынан Горький көчөсү менен Кызыл Аянтты көздөй келатышканда «Белектер» магазининен алып берген сумка бул. Шааркан өзү тандаган аны. Ошонусу гана колунда. Анда аппак чүпүрөк. Аны менен эстеликти, Кадырбектин жүзүн чаңдан арылтат.

Гүл сатылчу жерге келип, ар түрдүүсүнөн десте кылып, анын төмөн жагын кармай келген газетасы менен ороп тутамдап алды. Андан ары Кадырбеги күтүп зарыгып калгансып, тез кетти. Жаш Гвардия көчөсүн кесип өтүп, оңго бурулду...

...Кадырбектин өңү жүдөө көрүндү. Тирүүдөй, бирок сыйкырдуу бир күч менен колу-буту иштебей сенейип калгансып, бирок анысын тоотпогондой, же ал бактысыздыгы менен жарын капалантууну каалабагансып жылмайып турду... Жаңы эле тегирмен ичинен чыга калган кишидей боппоз. Чаң. Жолдун боюнча эмеспи анын эстелиги. Биерден машина өтөт аз болсо да. Жок, аз эмес мындагы чалдын айтууна караганда күн сайын эки-үч киши жерге коюлат. Аларды узаткандар адатта машина менен келишет. Биерге коюлчу кишинин тууган-уругунун, өзүнүн кадыр-баркына жараша болот машиналардын саны. Кадырбек коюлганда да

машина эң көп болду... Көпчүлүгү окумуштуулар. Алардын көбүндө менчик машина бар эмеспи. Айлынан' да отузга жакын киши келген экен. Аларга Академия автобусун берген. Жүк машинанын борттору кайрылып ташталып, кузовго жая салынган килем үстүндөгү табытты акыркы жолго узаткандардын алды топурагы али кургай элек мүрзөгө жетип токтогондо, арты дарбазадан кире элек болучу.

Беш чакырымча жакын аралыкка Шааркан жөө басып келген. Акырын жылган табыттуу машинанын артынан төрт аялдын коштоосунда, жетегинде келген. Кузовдогу кызыл баркытка оролгон табытта баш жагы бийик, мурду гана көрүнүп жаткан Кадырбекке карап алып, ого бетер эчкирип ыйлай берген. Тиги болсо, кара панбархат жоолук жамынып, бетинен ылдый салаалантып жаш чууруткан жарын шылдындагандай жылмайыңкы көшүлгөнсүгөн...

Шааркан ошол күнү биринчи жолу өлүк көмгөндү көрдү. Атасын да, апасын да жерге койгондо ал барган эмес. Айылдын тартиби боюнча көрүстөнгө эркектер гана барышчу. Эми ал өз көзү менен көрдү көрүстөндү, ага коюлган кишини.

Машина токтогондон кийин табыттын эки жанында баш жагында отуруп келгендер шапа-шупа жерге түшө келишти. Анан табытты аяк жагынан эки киши, баш жагынан экөө кармап, топурагы бир четинде үйүлүп, оозу аңырайып азырынча ачык турган көр жанына алып келип коюшту. Бая машинада көкүрөгүнөн ылдый кайрып таштаган кызыл жибек шейшеп менен кимдир бирөө азыр Кадырбектин бетин жаап койду. Куран окуй баштаган кишинин үнү угулганда, баятан бери котолой турган эл, али арты жетип келе элек адамдардын баары бирөө буйрук бергендей отура калышты. Эки аял Шаарканды карыдан бекем кармашкан бойдон жерге тарта өздөрү биринчи тизе бүгүштү. «Куран окуганда отуруп туруш керек» – деп шыбырады бирөө. Ал башынан мындайды өткөргөн эме окшобойбу.

Куран түшүрүп жаткан кишини Шааркан көрө алган жок, Бирок анын жагымдуу добушу ага жетип, бар оюн азыр ошол гана бийлеп алды...

Бир оокумда куран окулуп бүттү. Дагы буйрук уккандай алиги калдайып отургандар дуу этип тура келишти. Эки киши чечинип жиберип, жаңы мүрзөнүн кырларына таяна, биринин артынан бири анын ичине секирип түшүп кетишти. Көр терең экен, алар көрүнбөй калышты. Бул экөө тең айылдан келгендер, Кадырбектин агасы, жолдошу. Экөөнүн тең үстүндө ак жекте. Шымаланган бул экөө мурунтан ушул ишке чегерилген көрүнөт. Анан жана машинадан түшүрүп алган төртөө кайрадан табытты жерден көтөрүштү да, мүрзөнүн четине алып барышып, бут жагын эңкейте беришкенде үнү бүткөн чал кырылдады: «Мени кошо көмгүлө, балдарым?» – ушул сөздү айтып, эки тизеси шылк эте көр четиндеги топуракка очорулган буурул сакал кишини эми гана байкашкандай аны колдон, колтуктан алыша, үймөлөктөшүп калды.

Бул Кадырбектин алтымыш сегиз жаштагы атасы. Апасы мындан жети жыл мурда каза болгон.

Кадырбек алардын ортончусу. Дагы үч уулу, төрт кызы бар. Баарысы бойго жеткен, үй-бүлөлүү. Ар бир гүлдүн өз жыты бар дегендей, ата-эне үчүн ар бир перзенттин өз орду бар тура. Эки күндөн бери тиш кыйбай калды. Добушу биринчи күнү эле бүтүп калган. «Кагылайын каралдым ай, мага сен топурак салбай, сага мен топурак саламбы? Бул эмне деген жазыгы кудайдын?» – деп үчүнчү кабатка элдин жетелөөсү менен чыкканда (Ага Кадырбек ооруп калыптыр деп кабарлашкан) чуудан улам, босогону аттаганда бир кыйкырган абышканын өңгөчү айрылып калса керек, ошол бойдон үнү чыккан эмес. Сакалынан ылдый танымсыз жаш сарыкканын гана көрүшкөн эле. Эми ал кишинин үнү дагы бир жолу чыйылдап араң чыкты. Ээги менен мүрзө четиндеги топуракка сайыларында аны кармап калышты, Шааркан ошону көргөндө чыдап тура албады. Бар үнү менен чаңырып, алга жүткүндү: «Кадыш! бизди таштап кете бересиңби?.. Жер астында кантип жалгыз жатасың?..»

Бирок аны кармаган аялдар мындай болорун билген немелер окшойт. Коё беришкен жок. Анын күүсү менен

эки-үч кадам алга жылышты, анткени менен аны эркектер курчап тура калган, эми Кадырбектин табыт ичиндеги керилген денесин жутуп койгондой, оозу аңырайып ачык турган көргө жакындатышпады. Мүнөттөр өттү… Табытты коюп бүтүштү көрүнөт, жанагы ак жектечен экөө ийиндерин, колдорун, баштарын боз топурак кылып, көрдүн ичинен сыртка чыгышты. Экөөнүн тең көздөрү кыпкызыл… Экөөнүкү тен шишиген. Беттери жылтырайт…

Мүрзөнүн оозу кирпич менен кыналгандан кийин беш-алты күрөк бирден ишке киришти. Топурак ыргытыла баштады көр ичине. Муну көргөн Шааркан дагы чаңырып, алга жулунду. «Ой, эл, бул эмне кылганыңар?!.. Көмбөгүлө!..

Топурак ого бетер көп ыргытылып жатты. Боз чаң төбөдө калкыды. Күрөктөр бир колдон экинчи колго өтүүдө… Эки жашыраак жигит жоолуктун төрт бурчунан чымчый кармап кишилерди аралайт. Аларга күрөк жетпей тургандардын ар кими топурак чеңгелдеп салат. Жоолук толгондон кийин андагы топурак да мүрзөнүн ичине төгүлөт. Ушундай ырымы бар. Муну да Шааркан биринчи жолу көрдү. Мында келгендин парс милдети ушул – өлгөнгө топурак салуу. «Топурак буюрсун» – деп ата-бабалардын эзелтен айтып жаткан тилеги кабыл болгону ушул. Бирок алар балдарынан өздөрүнө топурак буюрушун каалашат, ошону тилешет. «Атам ой, энем ой!» деп тебелеп-тепсеп көөмп койсоңор болду, – дешип, алар тукуму өсүп жетилгенде өздөрүн наркы дүйнөгө даярдай баштайт. Бирок ал тилектери кээде теңирден тескери экен го.

Кантесиң. Турмуш… Тагдыр… Булардын кыйчалыштарын, өйдө-ылдыйы, ысык-суугу ар убак аралышып, ар убак жанаша жүрүшөт тура…

…«Өлүм алдында баары кудуретсиз, баары байкуш тура».

Шааркан ошондо өмүр, өлүм жөнүндө биринчи ойлонду. Буга чейин анын башына уялаган, көкүрөгүнө уялаган жалаң гана жакшылык, шаан-шөкөт, улам жыл өткөн сайын Кадыш экөө күткөн үй-бүлөнүн кадыр-баркы артып, өмүрлөрү сулууланып отурушу гана элестөөчү. Кайгы, ый,

түшүнө кирген эмес. Мына кырсык деген, мына тагдыр, мына турмуш деген.

Он мүнөткө жетпей төмпөйгөн жаңы мүрзө пайда болгон. Анан дагы куран окулган. Дагы калың эл аны тымтырс отуруп уккан. Ал эски жол-жосундарды жасатып жаткандар Кадырбектин айылдан келген туугандары эле. Шааркан алардын бирин да билчү эмес.

...Азыр, андан бери жылдан ашык убакыт өткөндөн кийин, көрүстөнгө жакындаган жердеги жапыс үйлөрдүн жанынан өтчү төтө жол менен жалгыз баратып, Шааркан ошол күнкү абалын дагы бир жолу көз алдына келтирди... Андагы ойлонгондорун кайрадан эсине салды...

Шааркан үшкүрүнө Кадырбегининин эстелигине карап турду. Өңү боппоз, демек, чаң... Бирок жылмаюусунан жазбаптыр. Шакенин ар убак ушинтип карачу эмес беле. Ошол көз карашынан жазбаптыр... Дагы эле мээримдүү, дагы эле жайдары... Мына, мына, азыр эле анын эки капталынан эки колу чыга келип, аларын демейдегисиндей Шакендин мойнунан артылта таштап, бүткөн боюн ага кыналыштырат... Ал калп эле, жарын сынаш үчүн гана аз убакытка ушинтип, муздак кара ташка айланып калган... Жок, ал тирүү. Минтип түбөлүк жалдырап кыймылсыз туруп калчулардан эмес.

Эстелик коюлгандан бери, биерге келген сайын мүнөткө анын көңүлүн сооротконушундай ой бийлей калат. Кайрадан чындык. Эч ким, эч качан өзгөрө албай турган чындыктын өзү кашкая тиктеп чыга келет...

...«Мен жалгыз окшоп»... Ар убак чындыкка көзү жеткенде Шааркан өзүн ушинтип сооротчу. Дагы ошонусун кайталады, азыр эле кыбырап, өзүнө карай кучагын жая боюн таштагысы келгенсиген Кадырбегине бир нерсе айтууга камынгандай, анын делебесин ого бетер экилентип жибере тургандай нерсе айтууга даярданган эриндеринен башка сөз чыгып «Мен жалгыз окшоп» деген бир жылдан ашык убакыттан бери көнүмүшкө айланып калган сөз чыгып кетти. Жок!... Андай эмес. Кадырбек азыр кучагын жаят. Жылмайып күлүп турбайбы. Аны менен тамашалаш-

кысы келип кетти Шааркандын. Челекти жерден көтөрө берип, экинчи колу менен аны түп жагынан кармады да, жылмаюусун жазбаган күйөөсүнүн бетине суу чачып жиберди. Эми Шааркан да жылмайды. Бош челекти боосунан салаңдата кармап... Анан челек колунан түшүп кетти. Капталынан жатып калды. Шааркан качууга камынды... Кадырбек кууйт да.

Шааркан эки жагын жалт-жалт каранды, каякка качса жеткирбейт?.,.

...Алар үйлөнүшкөндүн экинчи жылы. Шааркан окуусун бүткөнгө туштап, Кадырбек отпускасын алды... Шаарканды Оштон тосуп келишти. Баягыда аны көргө алып койгон, чечендерге окшош коңкойгон мурун, каш-кирпиктүү, нары ачуусу келгендей ар убак кабагы бүркөө жүрчү Адылбек деген жигит аялы менен үчөө тосуп алышкан.

Адылбек – Кадырбектин айылдашы, нары классташы. Орто мектепти чогуу бүтүшүп, институтта да бирге окушкан.

Ошол Адылбектин демилгеси боюнча ошол жылы алар жыйырма күнгө жакын чатыр тигишип, Арсланбаптын токоюнда, суунун боюнда өздөрү айткандай «жапайы турмуш» кечиришкен. Эртели-кеч шибер басып, агын сууга бет жууп, тоонун абасынан жутуп, отун алып, ачык асман астында түтүн булатып, казан-аяк кармагандын өзү булар үчүн, айрыкча тогуз жашынан тартып шаарда чоңойгон Шаарканга укмуш таасир калтырган эле. Жөнөкөй токой эмес, кол менен атайылап тигилгендей жемиш токоюн да ал ошондо биринчи аралаган. Алма, жаңгак, алча, алмурут, жапайы жүзүмүнө чейин аралаш өскөн бул жердин керемет кооздугу, жылдызы жакын түндөрү алиге көз алдында... мындагы сансыз куштардын түркүн үнү алиге кулагында... Ошондогу суу чачышып бирин-бири куушуп, кучак жеткис жаңгактан-жаңгакка далдаланып чуркагандары, койчу, андагы күндөрдүн майда-чуйдасынан өйдө жадында... Тез-тез эсине түшө берет.

Суу чачса да көздөрүн жумбай күлүмсүрөгөн Кадырбеги дагы ошол күндөрү жарынын эсине салды....

Чачылган суудан улам башы, көкүрөгү карая түшкөн Кадырбектин заматта маңдайы агарып чыкты. Көлөкө жылганда, ал карамтыл түс улам ылдыйлап жылып баратты. Эми гана бак-дарактын үстүнө көтөрүлгөн күндүн нуру эстеликке жетип жабылган эле, ошондон граниттеги суу тездик менен кургап атты. Үч-төрт мүнөттүн ичинде эстелик кургап калды. Мурдагыдай баш жагы боз, жылмаланган тулкусу капкара болуп жалтырап чыкты. Чаңдан арыган ал жанагыдан көзгө башкача көрүнүп калды.

Бети-колун жууп, көйнөгүн кийип, галстугун тагып, чачын тарап, анан тамактаныш үчүн столго келип олтурганда Кадырбек ушундай жаркын көрүнүүчү...

Эстелик чаңдан арыды. Бирок Шааркан ага кол тийгизбестен кете албайт. Сумкасынан ак бет аарчы алып (үйүнө баргандан кийин аны жууп коёт) адегенде буттарынын учу менен такандай туруп, Кадырбектин чачын, анан бетин сүрттү... Муздак гранит чүпүрөк аркылуу колуна, көкүрөгүнө, денесине тийип, ичиркентип жиберди. Мүнөткө, кээде андан көбүрөөккө созулуучу Шаарнандын жанагыдай таттуу, нары жылуу ойлорун ошол муздак илеп, алда каякка кууп таштап, чындыкты, тиги эч качан мойнуна албаган чындыкты, моюнга алууну мажбурлагансып, тийген жерин каарып туруп алды. Ар убак ушинтет. Эстеликтин өзүн тазалап бүткөн соң, тосмого сүйөп койгон, күйүп эскире түшкөн (аны мында эң кийинки келишинде таштап кеткен) шыпыргы менен анын тегерек четин шыпырды. Кайрадан эки жолу суугa барды. Дарактардын түбүнө суу куйду, мүрзөнүн үстүндөгү чымга суу чачты.

Шааркан кайра кетип жатып, велосипедине бир нече камераларды салаңдатып арткан кишини дагы жолуктурду. Ал адатынча Шаарканды көрөрү менен ага бир-эки метрче калганда, маңдай терин мончоктото токтой калды... Биринчи салам айтты. Дайыма ушинтет.

«– Деги аялыңыз дуруспу? Башка түшкөндөн кийин көтөрүш керек экен да. Бизди ошондуктан адам гана дебестен, пенде дешет турбайбы... – деди көптөн бери сурай албаган, тиги аялдын абалын, аялдык купуя сезими менен

ар убак кыйнала көз алдына келтирип жүргөн Шааркан. Кайдан дейсиң, кагылайын карындаш. Бу турмуш дегениң кээде каардана мойнуңа минип алса, өлгөнүңчө темине берет көрүнбөйбү. Айтпадым беле, ордунан турбай калды деп. Ошол бойдон баш көтөрө албады, бечарам. Он бир айга араң чыдады. Көз жумган эчак. Уулунун жанында жатат азыр. «Мени уулума жеткир» – деп эсине келген сайын кыйкыра берип, акыры ошерге келип жаны тынды окшойт, үндөбөй калды» – деди алиги, аялы өлбөй эле баласынын жанына келип гана убактылуу жаткан немедей жай түшүндүрүп. Бир азабы, кайгысы ошол жерине топтолгондой анын жазы, калың мандайында бадырайып үч тырыш турду. Баарында мөлтүрөп тер. Мукамбет аны сезбегендей.

– Бир жагынан, карындашым, сүйүндүм мындай болгонго. Мурдагыдай эртели-кеч быякка чуркабай калдым. Энеси жанында жатпайбы дейм. Көңүлүм ток, балам жалгыз эмес. Эми ал экөөнөн ажырап, дүйнөгө устун болмок белем. Мен дагы келсем деймин алардын жанына. Тилегеним ушул болуп калды. Сен кыдырбайсыңда, карындашым, биерди. Балама, азыр эми аялыма да, куран окугандан кийин ушул беш-алты гектардын баарын кыдырып чыгам. Ошондо эс ала түшөм... Тааныштарым да кездешет биерде жаткандардан. Алардын айрымдарын унутуп да койгон экенмин. Эми эстеп атам. Алардын ар бирине куран окуп, бата кылам. Бала кезде атамын куран үйрөтүп койгонуна эми ыраазы болуп жүрбөймүнбү? «Курандын эмне кереги бар?» – деп а кезде атаман, апаман канча таяк жебедим... Көрсө, алар акылдуу кишилер экен. Бир кезде менин башыма ушундай мүшкүл иш түшөрүн алар билишсе керек. Куран окуп, бетке бата тарткан соң жеңилдей түшкөнсүйм.

Мукамбет бир аз токтой калып, эми эсине түшкөндөй мурун учунда мөлтүрөп турган терин астыңкы эрдин калбыйта үйлөп жиберген соң сөзүн улантты.

– Эстеликти жакшы жасатыпсың, карындаш. Москвадан жасаткансың го?

– Ооба.

– Ошондой, биерде мындай жасай алышпайт. Мен да жакында коём. Балама заказ бергенден кийин, ал бүтө электе апасы кайтыш болуп кетпедиби. Эми экөөнө бир жасатып атам. Бир художник менен сүйлөштүм. Кызыл граниттен жасайт. Жупуну, бирок оюмдагыдай чыккан турат... Макул, карындаш, кармап койдум окшойт, кечир» – деди да тиги көкүрөгүн алга жүткүнтө, суу арткан велосипедин араң итерип жүрүп кетти.

Шааркан заматка анын артынан тиктеп туруп калды...

***

...Арадан алты жыл өттү. Көп өзгөрүүлөр болду турмушта. Шааркан да башына түшкөн мүшкүлгө таң берип, бу кезде өзүн-өзү сооротуп алган. Ал турсун докторлук диссертациясын жакындатып койду. Москвадан окууну бүтүп келгенден тартып, Академияда кенже илимий кызматкер катарында иштеп келаткан ал кандидаттык илимий даражага Кадырбектен бир жарым ай кийин ээ болгон эле. Кадырбек докторлук наамга жетишкенине жыл айланбай каза танты. Кирсе-чыкса Академиянын жайы деле, андагы иштеген кишилер деле күйөөсүн эске салып, жүрөк-бооруну эзе бергендиктен, жарым жылга жетпей Шааркан университетке, конкурс боюнча кафедранын башчылыгына өтүп кетет. Ошондон бери ал университетте.

Ал Кадырбегине бу кезде сейрек каттап калган; жылына бир жолу – ал дүйнөдөн кайткан күнү гана барып жүрөт. Жайында 20-июнда мерт болбоду беле. Ошол күнү себетке толтура гүл кармап барат да, жылына бир жолу боётуп койчу эстеликтин жанындагы скамейкага келип отурат. Кадырбеги өзгөргөн эмес – ошол калыбында: мойну бир жагына азыраак кыйшайып, жүзүндө жылмаюу. Жарын кирпик ирмебей карай берет. Бирок анын таасири, Шаарkандын жан дүйнөсүнө тийгизген таасири эми мурдагыдай эмес. Эстеликтин тулку боюнан илеп дайыма согуп тургансып, мурункудай тигинин ичин жылытпайт, куру кыялга чарпылтпайт...

Бети-башын аарчып, айланасын тазалап кете бермей... Көрүстөндүн тегерегиндеги дарактарга, гүлдөргө суу куюп

турууну мындагы кароолго (жаңысына, мурдагы көсө чал мындан төрт жыл мурда көз жумган) табыштап койгон. Жылына бир жолу гана келип турууну чечкен соң, тиги кишиге отуз сом акча карматып: «Мен эми тез-тез келе албаймын биерге. Ушул акчаны алыңыз да, эстеликке көз кырыңызды салып, дарактарына, гүлдөрүнө суу куюп туруңуз» – деген. Жылына бир жолу келген сайын ошончо акчаны тигиге узатып жүрөт. Анын келер күнүн билип алганбы, же өзү ошончолук соопко так кишиби, айтор, Шааркан ар убак чалга ыраазы. Ар дайым эстеликтин айланасы таза, скамейканын үстүнө чейин аарчылган болот. Дарактар, гүлдөр соолубады.

Бүгүн Кадырбектин дүйнөдөн кайткан күнү. Демек Шааркан көрүстөнгө барат. Эрте турду.

Кадырбеги эске түшкөндө жүрөгү бир жолу зырп этип алганы болбосо, ал жөнүндө ойлонуу – эми такыр бейпайда экенине көзү жетип, кээде күтпөгөн жерден басып кирген ал жөнүндөгү түйшүктүү сезимден атайлап өзүн алыстатууга аракет кылып жүрөт бу кезде.

Шааркан төшөктөн көнүлдүү туруп, көчөгө да көңүлдүү чыкты. Ууртунда жылмаюу. Толо түшкөн бети албырып наарлуу. Мээрбан көздөрдө күлкү ойноп баратты. Анын себеби, ал кечээ Москвада окуп жаткан улуу кызы Гүлмирадан (ал экинчи курста окуп жатат) кат алган.

Гүлмира аман-эсендикти сурап, өзүнүн семестрге катуу даярданып жатканын, апасынан кем эмес, (Шааркан жогорулатылган стипендия алып окуган эле) окуурун жазып келип: «Апа, мен эми сага бир нерсени, эң маанилүү нерсени билдирсем, урушпайсыңбы? – деп, анан минтип жазыптыр:

«Жигит менен тааныштым. Жок, жакында эмес, өткөн жылдын аяк ченинде тааныштым эле. Жайы менен кат барып турган. Үйгө эмес, главпочтампка, сурап ала турган кылып жазчу. Ошентип макулдашканбыз да ажырашаарда. Сага билдирген эмесмин. Уялганмын. Экинчи жагынан ага ишенген эмесмин. Өзүң байкап жүрөсүң го, жүрөгүн колуна кармап, көрүнгөнгө анысын тартуулай

берчүлөр, көп го азыр. Бул жигит казак. Көкчө – тоолук. Чын пейли менен берилгенин жакында байкап калдым. Ошондон бери мен да өзүмү башкача сезе баштадым. Ага карата болгон сезимим да кескин өзгөрүп кеткенсиди, албетте, жакшылык жагына. Бирок, коркпо, апа, эртең эле баш кошуп алышса, окуу эмне болот деп. Андай ой ортого салына элек. Жакында салынбайт дагы. Көңүлгө жагып, купулга толгондугунан гана сага билдирип коёюн деп жазып отурганым. Мындай ойду сенден башка кимге айтмак элем. Менин сенден башка жакын кимим бар? Папам болсо ага деле жашырбай ушуну билдирмекмин. Мен билем, ал кубанмак жана колдомок. Папабыз айкөл киши эмес беле, апа, чынбы? Бир жолу да кабак чытып, же сага, же бизге катуу сүйлөгөнүн байкаган эмесмин. Же калппы? Чын, апа! Сенин оозуңан бир жолу да ага наарazы болгон сөзүңдү кичинемде деле, чоңойгонуман кийин деле уккан эмесмин. Чынбы, апа? Чын. Бирок, анын баары өткөн иш, апа, өзүң айткандай. Эртелеп папасыз калган да, өзүң айткандай, бу турмушта жалгыз биз эмеспиз, апа. Чынбы? Чын.

Бул кабарды жаштыгынан, али эселектигинен жазып турат деп ойлобогун, апа! Мен жетилдим. Баарын түшүнөм. Сен турмуш курган куракка мен үчүн бар болгону эки жыл жетпейт, чынбы, апа? Чын. Ошондуктан баары-жокту ойлоп, түшүнүп туруп эле, сени сүйүнөт го деген жыйынтыкка келгенден кийин жазып олтурганым. Жигиттин аты – Элтай. Айылда туулуп, айылда өсүптүр. Он жылдыкты алтын медаль менен бүткөн экен. Химия боюнча областтык, республикалык, анан союздук олимпиадага катышып жүрүптүр. Орус тилин бир аз начар билгенине карабастан, материалды кыйын билет. Азыртан эле аны профессорлор эркелетишип: «Элтайчик казактын болочок Менделееви» деп калды. Мени ушул жагы кызыктырган экен деп ойлобо, апа. Андай мыкты окугандар арабызда аз эмес. Мен деле калышпайм алардан. Ал абдан уялчаак, кыз баладай ийменчээк. Өйдө карап сүйлөгөндөн да жалтанып турат. Мага, баарынан жакканы – ушул сапаты. Жупуну

жүрөт. Тартиби сонун. Китеп караганы-караган. Китепти көп окугандан түңүлбө дечү эмес белең өзүң? «Андай уялчаак болсо, сага кантип сөз айтты, кантип тааныштыңар?» – деп сурарсың апа, чынбы? Чын. Лекцияда бир столдо отурчубуз. Бирок арабызда тамаша сөз аралачу эмес. Күндөрдүн биринде лекция бүтүп, биз аудиториядан чыгып бараткында ал мага кичинекей кагаз сунду. «Миркатай, комнатаңа барганда оку», – деп. Боз өңү кызарып кетти. Мен ошенттим. Комнатама келгенден кийин ачтым, алиги алаканыма кыстара келген кичине катты. «Миркатай, газетадан окудуң бекен, биздин борбордо он күндөн бери азыркы доордун эң атактуу пианисттеринин бири америкалык Ван-Клиберн гастролдо жүрөт. Анын концертине билет табуу, албетте кыйын. Бирок сен мени менен кошо барууга макул болсоң, колдон табууга аракеттенип көрөйүн дедим эле» – деп гана коюптур. Кечинде мен ага окуу залында кайра жолуктум. «Макулмун барууга. Билет табылат бекен? – дедим ага жакын келип. Ал дагы кулагына чейин кызарып кетти. Унчукпай ордунан тура жөнөдү. Кечинде эки билет менен келди. Колдон үч барабар ашык баасына сатып алыптыр.

Мына, ушинтип башталды биздин тааныштык. Кийин киного барсак да бирге бара турган болдук.

Күн өткөн сайын эми ал экөөбүздүн ортобуздагы мамиле жакын тартып баратат. Өмүрдүн бул убакка чейин угуп гана, окуп гана жүргөн керемет чегине бут коюу эмес бекен бу, апа? Ошо го дейм, апа?

Кубансаң-кубандым деп, жок, таарынсаң-таарындым деп, ачыгын жазып жибер, апа! Жок, сен кубанасың, апа! Чынбы? Чын. Мойнуңан кучактап өөп, кызың Гүлмира».

Ушул мазмундагы каттан улам Шааркандын жан дүйнөсүндөгү алты жылдан бери күңгүрттөнгөн бурчтарына шоола чачылып кубанууда. «Турмуш деген ушул тура. Көп деле жаман эмес көрүнөт го».

Шааркан гүлүн коюп, эстеликти адатынча ак жүз аарчы менен сүртүп тазалагандан кийин кайра тартты. Чоң дарбазага жакындай бергенде, андан боз волга акырын

жылып кире берди. Шааркангa он метрче жетпей токтогон машинанын эшиги ачылганда, андан Мукамбет чыга келди. Чачы буурул тартып калганы менен өңү жашарып кеткенсийт. Жеңи кыска боз көйнөгү шымынын сыртында. Толо билектери карайып күнгө күйүп калыптыр.

– Кайтып калдыңызбы? – деп ал Шааркангa мээримдүү тиктеп.

– Ооба.

– Күтө турасызбы, мен азыр эле кайтам, гүл коюп эле кайра тартам, – деп шашкансыды. Шааркан аны сынагандай саамга жүзүнө тигилип турду да, анан: – «Макул» – деди бут башына үңүлө берип.

Машина Мукамбеттин өзүнүкү.

Ал баласы өлгөн кезде шаардагы автобазалардын биринде начальник болуп иштөөчү. Үч жылдан бери министерстводо бир бөлүмдүн начальниги. Мындан жыйырма күнчө мурун ал Шааркан менен конокто жолугушкан. Кадырбектин эң жакшы көргөн досу Шакир деген ушул автотранспорт жана шоссе жолдор министерствосунда көптөн бери азыркы Мукамбет башкарган бөлүмдү башкарган. Анан ал министрдин орун басарлыгына көтөрүлөт да, өзү менен Москвадагы авто-жол институтун чогуу бүткөн Мукамбеттин ал кызматка келишине көмөктөш болот. Мына, ошол Шакир, жылына жок дегенде эки жолу Шаарканды кыздары менен конокко чакырчу. Бу жолу Мукамбетти да чакырган эле. Чай менен тамак ортосундагы кичине дем алыш учурунда Мукамбет менен Шааркан сүйлөшүп калат.

– Көптөн бери көрүнбөй калганыңыздан бир жакка кетип калдыбы деп да ойлогонмун – деди Мукамбет энтиккендей.

– Жок, көрүнбөгөнүм, мурдагыдай ишемби сайын барбай калдым аякка, жылына бир жолу гана, ал дүйнөдөн кайткан күнү гана барып жүрөм, – деген Шааркан, ошондой сейрек каттап калгандыгы үчүн уялгандай секундага жер тиктеп, кайра башын көтөргөн.

– Сиз дагы эле апта сайын барып жүрөсүзбү?

– Жок, эки жылдан бери айына бир жолу барып калдым. Адам деген көнөт турбайбы, Шакен, (бул атты жана олтурушта Шакир, анын аялы Гүлай бир нече ирет кайталашканда жаттап калган) баарына. Өзүңө да айтсам керек эле, ушул экөөнөн ажырап дүйнөгө устун болмок белем, жандарына келүүнү тилеп жүрөм деп. Чынын айтсам, азыр өлгүм келбей калды. Мен барып жатсам деле, бу жериң тойдум дегидей эмес, эч нерсе өзгөрчүдөй эмес. «Бечара, мунун да суусу түгөнгөн экен» – деп кейимиш болушуп, тууган-урук көөмп коё турган. Арадан эки-үч жыл өтпөй унутуп да калышат. Үч жылдан кийин гана түшүндүм, андагы айткандарым көрсө, күйгөндүктөн, кайгыргандыктан турбайбы. Мендейлер бу турмушта аз эмес экенин уктум, өз көзүм менен көрдүм. Боюма ошондон тартып, кайрат жыя баштадым. Кайгыңды бөлүштүргөнгө караганда табалагандар көбүрөөк болот экен мындайда. Ушуга көзүм жеткенден тартып, ал кайгыны тирүүчүлүк менен, шаттык менен бастырып жиберүүнү чечтим, карындашым, кайгынын таман астында тепселбестен, үстүнөн жүрүүгө атайлап бел байладым. Азыр жаман эмесмин, өзүмдү соороттуп калгансыдым» – деген.

Ал эми коноктон кайтканда, Мукамбет Шаарканды машинасына отургузуп, үйүнө чейин узатып койгон. Машина өзүнүкү экенин да ошондо айткан.

Шааркан бу жолу конокко өзү жалгыз барган эле, анткени Гүлмира Москвадан келе элек болучу. Ал эми тогузунчу классты бүтүп жаткан Нурмирасы: «Апа, эми сени ээрчип конокко баруудан уялам» – деп барбай койгон.

Жолдо келатып Мукамбет андан муну сураган:

– Жолдошуңуз кайсы айда каза болду эле?

– 20-июнда.

Шааркан да ага бир суроо берген. Анысынан өзү уялып кеткен. Бирок анын кызарып чыккан бетин жол таманына тигилип, рулда отурган Мукамбет көргөн эмес.

– Үй-бүлө күткөндүрсүз?

Мукамбет эмнегедир, бул суроого шар жооп бере албай мукактанган. Саамдан кийин гана:

– Жок – деп, анан акырын үшкүрүп койду. Мындан улам Шааркан ого бетер ыңгайысызданып алган. Ошондонбу, машина ал жана арткы орунга отуруп жатып, айткан адрес боюнча беш кабат үйдүн тушуна келип токтогондо, шаша эшикти ачып чыгып кетет да, эки-үч кадам баскандан кийин гана коштошпогону эсине түшүп, кайра келип, анын бул жоругуна таңдангандай эшиктин туткасын кармаган бойдон тиктеп калган Мукамбетке башын ийилте ыракмат айтып жүрүп кеткен. Артына бир кылчайбай ылдам баскан аны жүз метрче арыдагы үйдүн мүйүшүнөн көрүнбөй калганга чейин тиги машинасын жүргүзбөй узатып карап турганын байкаган эмес.

Мына, ошондо Шаркандын көрүстөнгө качан келерин билип алган Мукамбет бүгүн атайлап келген эле. Кызмат күнү эмеспи, анын аякка кайсы саатта барарын сурабаса да, кызматка жетип келгидей болуп барарын болжолдоп билген.

Мукамбет машинасына отуруп, ары жөнөгөндө Шааркан саатын карады эле, тогузга жыйырма беш мүнөт калган экен, «Ырас болбодубу, жөө акылдабастан, муну менен жетип алайын» – деди Шааркан ичинен бул жолугушка сүйүнгөндөй жол четине бут коё берип.

Мукамбет көпкө кармалган жок. Өзү айткандай гүлүн коюп эле, тарткан көрүнөт.

Шаркандын тушуна машинасынын тумшугу жетипжетпей токтоду да, Мукамбет чапчаңдык менен түшө калып, өзүнүн катарындагы орундун эшигин ачып, экинчи колу менен тигинин кирип отурушун өтүндү.

Шааркан: «Ракмат, мен бул жагына эле отурайын, – деди да, арткы эшиктин туткасын кармады.

Мукамбет менен Шааркандын жүзү алдыңкы айнектин орто ченине орнотулган кичине сүйрү күзгүдөн эки-үч курдай кездешип калды. Шааркан ар жолу андан жалт берип башын ала качып жатты.

Анын татынакай ууртунда мындан болор-болбос жылмаюу пайда боло берди.

Университеттин маңдайындагы аянтчанын четине жа-

кындашканда Шааркан: – «Ушерге токтотуңуз» – деди, эки алаканын алдыңкы отургучтун кырына коё бүт тулкусу менен алдыга жүткүнө берип.

– Мына, иштеген жериңизди да көрүп алдым, өзүңүз айтпасаңыз да. Эми адресиңиз мага толук маалым болду – деп жылмайды Мукамбет Шаарканга мээримдүү тиктеп.

– Ооба, иштеген жерим ушер – деди Шааркан тигинин көмөкөйүнө капталып бери чыкпай өксүп калган сөздү жүрөгү менен тымызын сезгендей, оң колунун эткээл манчалары менен машинадан эңкейип чыга бергенде желкесине түйүлгөн али кара чачынан чыгып кеткен эки-үч талын кулак астына кыстара берип.

Шааркандын жүрөгүнө барып ийне учундай тийген бир сезимден тулку боюна ысык тарап, бети тамылжый түштү. Аны байкатпайын дедиби, Мукамбетке ыракмат айтты да, шарт жүрүп кетти.

Оор күрөң каалганын туткасына колу тийгенде, ал артына бир кылчайды эле, Мукамбет али да машинасынын жанында аны ээрчип карап турган экен. Шааркан жылмайган бойдон ичкериге кирип кетти. Бүткөн боюн аралап жөнөгөн бейтааныш сезимден ал уялып да, чочуп да, экинчи кабатка алып чыкчу кенен тепкичтердин биринчисине бут койду.

Шааркан үйүнө түшкү тамакка келгенде таягын ток эттире алдыңкы тепкичке мурун коюп, анан бутун ага араң жылдыра жерге түшүп келаткан Бегайым кемпир алдынан чыкты.

Оң колу менен ал ийри-буйру болуп бешинчи этаждан түшүп келген жыгач кармоочтон бекем кармаган калыбында эңкейген белин бир аз түздөй калып, үшкүрө токтоду. Саламдашкандан соң тааныбай жаткансып, ал Шааркандын жүзүнө бир топко карап турду да, анан минтти: «Турмуш – деген ушул, кызым. Бир күн ыйлатса, бир күн күлдүрөт. Кебете-кепшириң жаадырап, деги эле сонун. Ылайым эле дайыма ушинтип жүр, кызым! – деп алкады да так эттирип, таягын төмөнкү тепкичке коё берди.

1968

## КИМ КҮНӨӨЛҮҮ?

Бул жолу Марат менен жолугушуу ойдо жок эле. Колдогу билет боюнча Ташкенде бар болгону үч саатча гана күтүп, анан Москвага учмакпыз. Ошондуктан, бери чыгарда ага телеграмма деле берген эмеспиз. Мараттын мүнөзү белгилүү – биздин мында келерибизди билсе, сөзсүз, тосуп алмак, ал гана дейсиңби, жок дегенде бир күн үйүнө түнөтмөк. Мен каникулдан кайтып баратам. Жолдошум болсо, улам чөнтөгүнөн көгүш путевкасын ала берип: «Эртең Евпаторияда болушум керек», – деп шашат. Бетон жол менен калдактап келип, самолетубуз аэропорттун маңдайына токтой бергенде, шеригим тушундагы калың айнектүү кичине терезедеги саргыч жибек парданы оң колу менен нары жылдыра берип: «Мына кызык, Ташкенде жамгыр го!» – деди чочулагандай.

Келген конокту жактырбаган үй ээсиндей кабагы салыңкы Ташкендин жамгыры эки күнгө дейре созуларын ким билсин. Иши кылып үч сааттан кийин кайра асманга көтөрүлчү кишилер, ошентип, эки суткага чейин аэропорттун турумун тешкидей болду. Алыскы жактарга самолеттордун учпай калышы жалаң жамгырдан эмес окшоду. Күтө берип, тажаган жүргүнчүлөрдүн сөзүнө кулак салсаң толгон себептерди айтып, бирин-бири сооротумуш болот. «Себебин аэропорттун гана кызматкерлери билиши мүмкүн. Булар эмнеге баштарын оорутушат, колдорунан эч нерсе келбегенден кийин», – деп менин жолдошумун да эртеси күнү жаны кейий баштады көрүнөт, ресторандан чыгып келатып, мурункудай эле кабагын ачпай чытыйган асманга карап алып күңк этти.

Кечетен бери бизге тааныш болуп калган аялдын коңур добушу дагы кезектеги кулактандырууну берди: «Дикаткилингиз! 148-рейс блан Москва тарапка учивчи № самолет Москва убакти блан сагат төрттан ийгирма минутка кадар учиши токтатилади». Андан кийин орусча: «Вниманию пассажиров, отлетающих по маршруту Ташкент–Моск-

ва...» дегенде эле жолдошум ордунан тура жөнөдү: «Жүр, Маратка звонить этели, бүгүн да, кебетеси, кете албайт көрүнөбүз... Жүр.»

Бардык күнөө жанагы диктор аялда окшоп, ал: «Ташкент–Москва же Ташкент–Свердлов маршруту блан учувчи юргинчилар дикатига» дегенден кийин, андан ары эмне деп айтарын сезип турушкандай кол шилтеп, жүргүнчүлөрдүн туш тарапка басып кетишкенин карап туруп, энесине таарынган балдар эсиңе түшөт да, аргасыздан бырс күлөсүң.

Самолет жерден көтөрүлсө эле, суу ичинде бараткан балыктай абада өзүн эркин сезген ал колуңа бортпроводница карматкан жаңы газетанын төрт бетин окуп бүткөнчө, же «Советтер Союзу» деген журналдын иллюстрацияларын толук карап чыкканыңча Москвага жетесиң; муну жүргүнчүлөрдүн көпчүлүгү билсе керек. Ошого карабастан шашабыз. Бара-бара бу самолеттордун арымы деле кишилерди канааттандырбай калат көрүнөт. Болбосо, биз Мекеге төө минип барып жүргөндөрдүн тукумубуз го. Ошого карабастан шашылабыз. Ооба, шашылуу керек! Турмуштун өзү ал кезде төөдөй илкип баскан. Азыр ал жүрүш менен Гагарин, Титов, Николаев, Поповичтер барып кайткан жерге жетүүгө болбойт да! Шашуу керек! Асман мейкиндигин чалгындай баштаган кишилердин тукуму самолеттун арымына алымсынбай коюшка толук акылуу. Заман канаттуу! Заманына жараша адамдар да канаттуу! Шашуу керек!

Мараттын иштеген жеринин телефону бизге белгилүү болучу. Секретары го: «Марат Валиевич азыр бош эмес. 76-комнатада дипломду жактоочулардын үстүндө отурат. Кечки саат бешке жакын звонить этиңиз» деген аялдын жообу менен биздин биринчи аракетибиз аяктады. Ал белгилеп берген убакытта, ошол номерге кайра чалдык. Мурунку аялдын ичке добушу: «Жарайт, азыр кошуп коём». Мындан көп өтпөй, Мараттын салмактуу, жай сүйлөгөн тааныш үнү угулду. Саламдан кийин ал: «Качан келип калдыңар? Эмне үчүн кабар берип койбодуңар? Тосуп алат элек го?» – деп үстөккө-босток суроону жаадырса, эмне деп

жооп беребиз дегендей мен будканын ичине кирип менин оозуму тиктеп турган шеригиме карасам, ал да тигинин сезүн угуп жаткан белем, ак саргыл өңүн кан каптай берди.

– Суроолорду деги эле көп берип таштадың. Мунун баарына телефон аркылуу жооп берүү кыйын. Жолугушканда жооп береличи. Келе аласыңбы? Биз азыр аэропорттобуз, – дедим мен.

– Эки жарым сааттан кийин ошол жерде болом. Азыр лекциям бар.

– Биз ага чейин кетип калсакчы?

– Каякка?

– Москвага да.

– Эч жакка кетпейсиңер. Андан көрө билетиңерди эртеңкиге оформить эте бергиле. Мен барарым менен биздикине келебиз. Азыр үйгө звонить этем, даярданып турушат. Ташкен аркылуу жүрсөк, сеникине тийбей өтпөйбүз деп ар убак берип жүрчү убадаңар кана?

Мен дагы бир нерсени айткыча Марат: «Кандай зарыл жумушуңар болсо да, бүгүн биздикинде түнөйсүңөр. Кетип калсаңар, экинчи менин атымы атабагыла» – деп, ого бетер жарга такап таштады.

Асмандын көкүрөгү сөгүлүп, аер-биерден күндүн көзү жылт эте калган сайын, жүргүнчүлөрдүн арасына күлкү аралап, жандуу кыймыл башталган. Диктордун бизге тиешелүү кулактандыруусун гана күтүп жатканбыз.

Марат айткан убактысында жетип келди. Кара плащчан, жылаң баш шок баланыкындай кой көздөрү тез-тез кыймылдаган аны биринчи көргөн киши жаңылбаганда, институттун студенти, же онунчуну бүтүп алып, кыштактан качып шаарга келген жолу болбогон өспүрүмдөрдүн бири деп ойлору шексиз. Ал жаш кезинен жупуну кийинип көнгөн. Кашынын ортосу осмо коюп алгандай, ийилип келип кошулат. Автобустан түшөрү менен сөөктүү колдорун бизге сунду да: «Колго түштүңөрбү, эми?» – деп жайдаңдады.

– Түштүк, бирок ырайым кылсаң экен. Кечетен бери мында жатабыз. Азыр кулактандырганга караганда бүгүн кетет экенбиз.

– Кана билетиңер? – деди Марат, чабек тулкуна ылайык эмес, чоң алаканын бизге карата жайып.

Анын максатына түшүнбөй алдастаган экөөбүз тең көкүрөк чөнтөгүбүздөгү билеттерди алып, алаканына сала берсек, Марат ошол замат артына шарт бурулду да, атасын алдаган жаш баладай мулуңдап аэровокзалдын ичине кирип кетти. Ошондо гана эсибизге келип жүрөбүз. Биз антип-минтип артынан жеткенибизче, ал билеттерибизге белги урдуруп келатыптыр. Айла канча. Шеригим экөөбүз бири-бирибизге алдыртан тиктеп, Мараттын ушунчалык көктүк менен иштеген ишине бир жагы таңдангандай, экинчиден адамкерчилигине ыраазы болуу сезими менен машинага түштүк.

Мезгил ноябрь экенине карабастан, мындагылар али жеңил кийимчен. Жамгырдан корголоогон эч ким жок. Кайра жайкы жамгырга жонун тозгон койдой, адамдар ага ыкташкансыйт. «Москванын жамгыры болор беле, кыргыектен качкан таранчыдай буларды паанекке корголотмок» – дедим мен, таксинин айнегинен башымы чыгара, жол боюнда асман суусун тоотпой ары-бери жай бут шилтегендерди карап.

– Бу өзбек туугандардын өз жамгыры да, – деди Марат, – элиндей сылык-сыпайы. Кишинин жанын кейитпейт. – Элдин сылыгын издесеңер Ленинградга баргыла. Жакшы салттын баарысы ошол шаарга топтолгонбу дейм. Бир ай жүрдүм, агартуу кызматкерлерин кайра даярдоо курсунда. Элинин мүнөзүнө таң калдык. Карылары гана эмес, жаштары да укмуш. Кишиге жасаган мамилелери – башка жердикине такыр окшобойт. Мейли, магазинге бар, мейли көчөсүндө бас, багын арала, театрларына кир, бардык жеринде чоңунан кичинесинс чейин сенин бу жердик эмес экениңди сезишип, бир жардам көрсөтүүгө дилгир. Жакшы көргөн кишиңкине конокко келгенсип, өзүңү эркин сезип жүрөсүң, – деди менин жолдошум.

Сөздөн сөз чыгып отуруп, Мараттын үйүнө жеткенибизди да байкабай калыппыз. Машина токтогондо чыксак, тегереги бышкан кирпичтен курчалган короодогу үч кабат үйлөрдүн маңдайында турган экенбиз.

Мараттын улуту – татар. Анткени менен кыргыз арасында туулуп, кыргыз балдары менен кошо чоңойгон ал эч качан өзүн бул элден бөлгүсү, алакчылагысы келбейт. Саламдан кийин эле: «Көптөн бери кыргыз сөзүн укпай сагынып калдым, бүгүн бир жыргап алайын, башка сөз аралата көрбөгүлө», – деп суранганы кызык.

Экинчи кабатка көтөрүлгөнүбүздө Марат кара дермантин менен тышталып, боорука үй ээсинин фамилиясы жазылган, анын төмөн жагында кичинекей почта яшиги бар узун эшиктин капталындагы кара топчуну басар замат, каалга ачылып, бизди орто жашап калган ак жуумал аял тосуп чыкты. Бул Мараттын энеси.

– Мына, эне, кыргыз туугандарымы качып жүргөн жеринен кармап келдим, – деп биздин үстүбүздөгү кийимди алууга шашылды.

Биз кирген бөлмө – Мараттын кабинети болуу керек. Бир жак дубалынын бооруна атайлап жасалган этажеркаларга менин көзүм түштү. Китеп... китеп... Өзүнүн кесибине тиешелүү гана китептер бар го десем, Толстой, Чехов, Горькийлердин томдору, Стендаль, Шоу, Бальзак, Голсуорсинин чыгармаларына чейин турат.

«Марат жазуучу болбогондон кийин, көркөм адабиятты окубайт деп ойлогонсуз го? Мен эмес, Эйнштейин сыяктуу кишилер көркөм адабиятты духовный зарыл тамагы катарында эсептешкен тура. Маркстын Бальзакка берген баасын болсо өзүңүз билерсиз, жазуучулар окумуштуулардын эң жакын досу башынан эле» – деп, Марат кашын кере жылмая берип, диванга отурушубузду суранды.

Биз киргенде телевизордун кулагын бурап жаткан тыкан, таза кыз – Мараттын быйыл жаңы окууга барган кызы – Сабира. «Абаларың менен учураш, кызым, – деп уялыңкы жер тиктеген тигини колунан жетелеп, бизге жакындатты да: – Апасы дагы жарым саатта келип калат, биринчи чейректин жыйынтыгына карата Сабира окуган мектепте ата-энелердин чогулушу болуп жатат. Ошого кеткен эле», – деп кошумчалады Марат биз менен көрүшүп бүткөн кызын өз бөлмөсүнө чыгарып.

Мараттын мындай жылуу тосуп аларына эч качан шек кылган эмеспиз. Биз менен отурган Мараттын аялы эткел билегиндеги кичинекей алтын саатына карап: «Марат, коноктор эми эс алсын, убакыт он экиге кетиптир», – деди.

– Эс аласыңарбы? – дегендей ал ичилген винодон коюулана түшкөн тегерек көздөрүн бизге кадады.

Марат бүгүн таң аткыча сүйлөшсө да кумары кангыдай эмес. Ал суроо берет. Биз ага алмак-салмак жооп беребиз. Бала чагы өткөн жердин булуң-бурчуна чейин, андагы кишилердин кары-жашын калтырбай терип-тепчип сурап отуруп, Балкыбекке жеткенде эмнегедир үчөөбүздүн тең өңүбүз да, добушубуз да өзгөрө түшкөнсүдү.

Мараттын биз менен бүгүн көбүрөөк сүйлөшүүгө дилгирлигин байкап туруп, кантип эс алалы деп айтабыз. Экөөбүз тең жарыша: «Дагы бир аз отуралы», – дедик.

Аялы Мараттын кулагына кичинекей оозун каптай калып, бир нерсени шыбырагандай болду эле: Бара бер, бу кишилер ал үчүн бизди айыпташпайт. Сенин жумушуң бүттү да». Көрсө, уруксат сурап жаткан тура. «Конокторго жай ырастап коюп, мен Сабиранын алдына бара берейинби», – деген экен.

Ошентип, үчөөбүз гана калдык... «Балкыбек өлбөсө, үчөөбүздүн бирибизге окшоп жүрмөк да! Ал эсиме түшкөн сайын бармагымы тиштенип өкүнөм. Анын мезгилсиз өлүп кетишине себепкер кишидей өзүмү кээде ыңгайсыз сезгенимчи» – деп, Марат тура калып, форточканы чоңураак ачты да, стол үстүндө жаткан беломор папиросунан жаңыны алып, тик турган бойдон тутантты. Ширенкенин жалынынан ошондой көрүнүп жаттыбы, же башталып калган аңгеменин каабынанбы, айтор колдору титирегенсип, жазы бирок дөңүрөөк маңдайында үч-төрт тырыш пайда боло калды...

Мараттын ата-энеси кыргыз жерине жыйырманчы жылдарда келиптир. Отуз жылдан ашык кыргыз балдарына алар сабак беришип, жакында гана пенсияга чыгышкан. Алардын аты-жөнүн айтпай эле мындагылар өзүн «Агай», аялын «Апай» деп, улуусунан кичүүсүнө чейин сый көрсө-

түшөт. Алардын Казандан келгенин жаштардын эч кимиси билбесе да керек. Төрт кыргыздын башы бириккен жерде. «Агай» менен «Апай» сөзсүз болот. Элдин гана балдарын жакшы тарбиялабастан, өздөрүнүн алты баласына да мыкты таалим-тарбия берген немелер, албетте, элдин мындай урматтоосуна татыктуу. Марат алардын үчүнчүсү. Эң кенже уулу быйыл институттун акыркы курсунда окуйт. Калгандары эчак, жогорку маалыматка ээ болушуп, Кыргызстандын ар кай жеринде өз кесиптерине ылайык кызмат өтөп жүрүшөт.

Марат азыр – илимдин кандидаты. Ташкендеги атактуу институттардын биринде лекция окуйт, нары деканатты башкарат. «Каным татар болгону менен Жамбыл карыя айткандай, этим өзбек болуп баратат», – деп күлөт ал улуту жөнүндө сөз козголуп калса. Он жылдыкты Кыргызстанда бүткөндөн кийин, ал каалаган институту анда болбогондуктан, Ташкендеги ушул азыр өзү лекция окуп жаткан жогорку окуу жайына келип кирген. Аны ийгиликтүү бүткөн соң, аспирантурага калтырышат. Ошентнп, быякка келгенине он жылдан ашып баратат.

«Ишенесиңерби, кыргыз сөзүн бир ай укпасам, аны сагынып калам; өзүңөргө окшоп кенен-кесир отуруп кумар жазуучу киши жолукпай калса, алма сатчу базарга чейин барам кээде. Анда дайыма кыргыздар болот эмеспи», – деп жана тамак жеп, ичкилик ичип жатканда Марат күлсө, ымандуу жүзүнөн жылдыз чачып София жылмайган. Ал да татар, бирок кыргыз тилин күйөөсүндөй билбейт. Экөө институтта таанышып ушул жерден үйлөнүшкөн. София азыр токуу комбинатында башкы инженер. Марат отургандан таргып биз менен кыргызча эркин сүйлөшкөнгө кичинекей ууртунан жылмая тиктеп гана сөзгө катышпай отура берген тиги чыгып кеткенден кийин, Марат тамекинин түтүнүн форгочканын жанында туруп, сыртка үйлөй-үйлөй түгөттү да, диванга келип, биздин катарыбызга отура кетти. Жээги алтындын буусу менен бууланган жашыл сыя түстөгү рюмкаларда кылкылдаган өрттөй кызыл мускаттын акыркысы ичилбей стол үстүндө турат.

Марат биздин катарга отургандан кийин гана радио эсине түштү көрүнөт, кайра туруп барып, Даргомыжскийдин «Русалка» операсынан «Цыгандардын бийин» ойной баштаганда аны аягына жеткирбей токтотуп койду. «Цыгандардын темпераменттүү бийин угуу, албетте, жагымдуу, бирок бүгүн өзүбүздүн маектешкенибиз мага ар кандай бийден артык көрүнүп турат. Турмуш жолунда өчпөс из калтырууга жөндөмдүү бирок аны кандайдыр себеп менен ишке ашыра албай кеткендерге ич ачышат, акелер. Силер менден бир-эки көйнөк мурун жырткансыңар го. Ушул маселенин үстүндө ой жүгүртүп көрдүңөрбү? Согушту айтпайлы. Каргыш урган аның кары-жашты, генийди, акмакты ылгабайт эмеспи. Тынчтык күндө жүрүп, табият берген мүмкүнчүлүгүн толук пайдаланбай кеткендер тууралуу айтып жатам. Эмне үчүн кишилер мындай иште дайыма бири-бирине эш болуп, жаман жолдон бери тартып, жакшы жакты колу менен сая көрсөтүп жүрүшпөйт? Кээде бирөөнүн буту аңдын четин калтыс басып турганын көрсөк да, жандап өтө беребиз. Мени кейиткен айрыкча таланттуу кишилер. Жашым отуз төрткө араң келгени менен, акелер, көптү көргөнсүп калдым, өзүм көрүп үлгүрбөгөндөрдү окуп, башкалардан угуп жүрөм. Кандай сонун кишилер кээде өмүр жолунун аягына чыкпай кете берет. Балким, андайлардын бири келечектин атактуу окумуштуусу, же композитору, а балким таланттуу жазуучусудур. Бир күнү эле аны тааныгандар баш чайкап, көз жашылдантып калганын көрөсүң. Эмне болду? «Эң сонун кишиден айрылдык!» «Кантип?» «Төшөктө онтоп жатып өлсө да мейли эле, арак ичип, ууланып өлүптүр!» – деп кайдигер жооп беришет. «Ким менен ичишиптир? Качантан бери ичет экен?..»

Акелер, мени биринчиден, силердин келгениңерге кубанып кетип ичкен вино, экинчиден, айтайын деген нерсем кызытып баратат. Силерге сөз бербей эле сүйлөп жатам, кечиргиле. Булардын баарын эске салып отурганым. – Балкыбек тууралуу. Ошонун өлүмүн эстегенде, эл арасында болчу андайлардын баары топтолуп башыма

келет, жанымы кейитип жиберет».

Марат кебетеси, кириш сөзүн бүттү көрүнөт. Эми негизги пикирин ага жардана тиктеп диванда кыймылсыз отурган экөөбүзгө чуурутмак болду бейм, ордунан туруп барып, столдон дагы бир папиросту оозуна тиштеп, ширенке жандыргыча аны мас кишидей, бир ууртунан экинчисин карай бултаңдатты. Анан жанагыдай форточкага жакын барып, бир колун боз шымынын чөнтөгүнө салган бойдон, терезенин текчесине арты менен жөлөнүп турган калыбында сөзүн улантып:

– Балкыбек үчөөбүзгө тең жакындыгы бирдей киши, акелер, ушундай эмеспи?

«Ооба» дегендей биз баш ийкедик.

– Мага караганда силер аны менен көбүрөөк жолдоштук доорун сүргөнсүңөр, ыраспы?

– Ырас.

– Силерге кандай экенин билбейм, мага ошонун жылаңайлак бутуна эски галош кийген жай саратанда жакасы кир калың сары кителчен, жаагынын сөөгү оркойгон кебетеси ар убак көз алдыма келип туруп алат. Мен аны акыркы жолу ушундай абалда көргөнмүн да.

Көңүлүңөргө албасаңар, Балкыбектин турмуш жолунда суу үстүнөн баскандай из калтырбай кетишине силер менен биз окшогон достору себепкер болбодукпу дейм. Менимче, Балкыбек баралына жеткиче оң жолдо барса, сөзсүз, жанагы мен айткан аты эл оозунда калчу таланттардан болмок. Же силердин оюңар ал жөнүндө башкачабы?

– Жок, сен ойлогондой.

– Азырчы? Балкыбектин атын арак ичкендер гана атабаса, адептүү кишилер жийиркенүү менен гана эске салышы мүмкүн. Анткени, ал кийинки кездерде өзүнүн жүрүш-турушу менен баарынын көкөйүнө көк талкандай тийген. Же жалганбы?

– Чын.

– Аны ошентип, элге жек көрсөткөн эмне болду? Албетте, ичкилик. Ичкиликке ким үйрөттү? Силер менен мага окшогон – анын көңүл кыялгыс теңтуштары. Үйрөтүшүп

үйрөтүп алып, таштатууга белсенип эч кимибиз киришкенибиз жок. Чынбы?

– Чын. Андан кийинки жылдары жийиркенип каччу болгонбуз.

Көздөрүн аңтарып, колдорун далдактата, буттарын чалыштыра ал тыяктан көрүнгөндө, биз жолдун экинчи тарабына өтө качып жүрдүк.

Ооба, туулгандан кийин өлмөк бар. Аны турмуштун аксиомасы катарында моюнга алууга тийишпиз. Мен талантуу кишилер жөнүндө сөз кылып жатам. Талант деген жаратылыштын айрым кишилерге гана берген ыйык жана сейрек шыбагасы эмеспи. Демек, таланттуулар дүйнөгө чанда келет. Аны, кээде ээси да, башкалар да байкабай калышы ыктымал. Алтынды көрбөй, темир-тесекке кошо аңга ыргытып жибергендей, көпчүлүктүн шарында таланттын таанылбай кетиши чыныгы трагедия деп ойлойм.

– Менимче Балкыбек жөндөмдүүлүгү жагынан башкалардан өзгөчө жаштардын бири эле.

– Биз анын ырдаган ырына, черткен күүсүнө мас көңүлү ого бетер чардатканды ыракаттын чокусу деп эсептөөчүбүз? Чынбы?!

– Чын. Күн аралатпай ичкен арактар Балкыбекти келечекте турмуш жолунан тайдырып жибererин ойлодукпу ошондо?

– Жок. Андайда келечек эске келеби?

– Эске келтирүү дайыма керек тура. Келечекти убактылуу жыргалга далдалап алып, жол жүрүү кандай калтыс иш экенин ар убак жаштардын эсине сала жүргөнүбүз парс милдет көрүнөт. Айрыкча, силер менен биз окшоп, өмүрүн жаш муундарга билим, таалим-тарбия берүү ишине багыштаган кишилердин бул иш уктаса түшүнөн кетпеси керек экен. Кандай дейсиңер?

– Эң туура.

– Анткени, Балкыбек сыяктуулар эл арасында азыр да жок эмес. Андайлар мындан ары да туулат, демек, алар менен кол кармашып, келечектин жолун туура басып өтүү ар бир акыл-эстүү кишинин ардак иши. Кечиресиңер,

силерге мораль окуп жибердим көрүнөт. Мунун баары жанагы Балкыбектен улам чыгып отурбайбы.

Балкыбекти жакшы билебиз. Ал биздин – азыркы аңгемеге катышып отурган үчөөбүздүн тең жердешибиз. Марат аны менен коңшу. Экөөнүн үйүн кеңдиги бир канча метрге созулган чоң суу гана бөлүп турат. Жашы жагынан да ал Балкыбекке бизге караганда жакыныраак. Ошондуктанбы, тиги тууралуу күйүп-бышып, сөз козгоп отурбайбы. Чынын айтуу керек, Балкыбек эске салууга арзый турган жигит эле. Курбалдаш кишилер топтолгон жерде, айрыкча, оюн-шоок кечелеринде анын аты, сөзсүз, эске түшөт. Үлпөтчүлүктө комуз чертилип, ыр ырдалса анын орду бош тургансып, дайыма жоктолот. Бирок бүгүнкүдөй анын өмүр жолун дискуссияга айландыруу эч жерде болгон эмес.

Ооба, Балкыбек сөз кылууга татыктуу жигит. Ал согуштан кийин биздин райондон институтту туңгуч бүтүргөндөрдүн бири. Саргыч бронза түстөш, узун жаак, калбыгый эрин, арык чырай Балкыбектин биздин райондон экендигине ал кээде баарыбыз сыймыктанчубуз. Инстигутту өзгөчө диплом менен бүтүп келгенде, далай күндөр аны коноктоп колун бошотпой койгонубуз да эсте. Каникулга келген сайын кудай билет, анык үйүндө канча түнөгөнүн. Дайыма мейманда жүрчү. Өзү кыдырмак беле. Анын урматына кечелерди биз уюштурчубуз. Балкыбектеги бизди кызыктырган жалаң гана анын көптү билгенинде эмес эле. Баарынан да кол ойнотуп черткек комузу, арак менен бозого жибиген көңүлдү эриткен коңур добушу.

Балкыбектин жакшы мугалим экенин бирге иштеген жолдоштору, андан окуган балдар билишчү. Эл болсо, аны чебер комузчу, ырчы катарында биле турган. Аны комузчу катарында атагын чыгарып кеткен мындай бир окуяны баарыбыз унута элекпиз.

Жайкы каникул мезгили эле. Айылга концерт менен филармониянын артисттери келип калат. Алардын арасында атактуу комузчу Кара Молдо өзү да бар экен. Эл ошол кишинин сыноосунан Балкыбекти өткөрүшмөк болушат. Өнөрпоздорду беттештире коюп, алардын тамашасына

батуу кыргыздын башынан келаткан салты эмеспи. Ошентишет. Айылдын активдери, болбосуна койбой отуруп Балкыбекти жетелеп, артисттердин үстүнө кийиришет. Андан кийинкиси белгилүү да. Башкарма өзү Балкыбектин ичке билегинен орой кармап, Кара Молдого табыштабайбы: «Молдо аке, биздин айылдан комузчулукка далалат кылып жүргөн жаштардын бири ушул жигит. Күү кайрытып көрүп, өз насаатыңызды берип кетсеңиз деп, качканына болбой мында алып кслдик. Илгертен сиздей өнөрпоз кишилердин артындагыларга калтырчу мурасы – насаат кеби, анан өнөрү го».

Атактуу комузчунун сүрүнөн калтаарыган Балкыбек жаш баладай жалтаңдай берип, комузчу өз жанынан көрсөткөн орунга башын өйдө көтөрбөй, араң олтурду.

Кош жаздыкка чыканактай отурган эткел, кара тору киши обдула берип, малдаш уруна кетти да: «Уялба, кагылайын. Талант деген уялчаактыкты жактырбайт. Өнөрлүү киши элди көргөндө эргип турганы жакшы. Кана, чертчи, угалы. Кеңеш айтуудан мурун ырасмы, өнөрдү көрүш керек. Мында менден башка да комузчулар отурат. Алар да өз билгенин айтып, жардам кылышар», – деди дубалга жөлөп койгон маңдайына күмүш чегерилген комузун тигинин колуна кармата.

Чок кармагансып Балкыбек анын колунан коомай алды да, кыпкызыл өрүк комузга суктангандай тепкесинен өйдө бир сыйра көз жүгүртүп чыкты. Анан бутун кайчылаштыра коюп, оң колдун сөөмөйүн кылга тийгизе, төмөнкү кулакты бармак менен сөөмөйдүн ортосуна алды эле, бармагы чаяндын жонундай ийиле берди. Анан үч кылды алма-терме серпип көргөндө, үй ичине алда кандай жагымдуу шоокум толо түштү. Балкыбек Токтогулдун «Тогуз кайрыгын» чертип, артынан «Колхоз камбарканды» безелентти. Анан оң колунун бармактары менен кылдарды коомай баскан бойдон токтой калганда, күүгө уюганынанбы, же жаш комузчунун калтыс черткен жерлерине кулак түрүп калганбы, айтор кол куушуруп, көз жума отурган жеринде каалгый баштаган Кара Молдо:

«Дагы бирди черт кагылайын!» – деди да, уйкудан калган кишиникиндей кызарган көздөрүн кайра жумду. Балкыбек эми Атайдын «Ак тамак, көк тамагын» кол ойното чертип таштады. Ал күүнүн аягына чыкканын билдиргендей капкакты тарс эттире бир коюп токтогондо, бериде былк этпей тыңшап отурган артисттердин бири: «Бали»! – деп кыйкырып жиберди.

Көздөрүн чоң-чоң ача Кара Молдо аксакал да ыраазы болгондугун жашыра албады. «Чоң комузчу турбайсыңбы, кагалайын! Кайдан үйрөнүп жүрөсүң?»

Балкыбек чекесинен тепчип чыккан терди бет жоолугу менен шыпырды да, пас добуш менен жооп берди:

– Биринчи күүнү өз атаман үйрөнгөм. Кийин патефондун пластинкаларынан үйрөндүм. Он жашыман бери комуз кармап келатам.

– Комузчу болгонуң ушул, балам. Талант дегенге шек жок. Аны кичинекей эле тизгинден алга тартып койсоң, ары жагына өзү жол таап кете бере турган нерсе. Сен өз жолуңу таап калгансың. Эми уялбай эл алдына чыга берсең болот. Өзүң чыгарган күүлөрүң да барбы?

– Бар.

– Кана, чертип көрчү?

Балкыбек түшүрүп алган жеңин кайрадан түрүндү да, өзү чыгарган «Жайлоо жели», «Аркыт көркү» деген күүлөрүн өтө берилгендик менен аткарды. Кара Молдо аксакал ого бетер жайдарыланып: «Өнөрүң өркүндөй турган экен, кагылайын. Бизге кошулсаңчы?» – деди. Балкыбек баш чайкады.

– Жок, аксакал, менин негизги кесибим – мугалимчилик. Комузду жоро-жолдоштор менен отуруштарда гана чертип жүрөм. Артист болуу колуман келбейт.

Муну уккан Кара Молдо айласы түгөнгөн кишидей кош кабатталып турган кежигесин тырмана кеп салды: «Албетте, балам, ар ким көңүлү каалаган ишин кылганы жакшы. Кесибиңи жакшы көрсөң, аныңы таштабаганың оң, бирок комузду барк албай кете көрбө. Биз окшоп эл кыдырбасаң да, өз калкыңа эрмек болсоң, ошол да чоң

иш. Талант тарбияны сүйөт. Аны баркташ, бапестеш керек. Антпесе, ал сенден алыстап качат. Безип кетиши да мүмкүн. Сенде нукура талант бар. Эми ошонун баркына жете бил балам. Менин сага кеңешим ушул. – Анан отургандарга карап: – Талант деген неме элден чанда чыгат. Аны барктай билиш керек, балдар. Баркына жетпеген талант – кынында туруп дат баскан бычак шекил. Барктайт деген ушул экен деп, колунда бар кишинин оозу-мурдуна арак-бозону куя бермей биздин жаштарда адат болуп баратат. Ошондойдон мына бул сыяктуу шыктууларыңарды сактап калгыла. Мындайлар – элдин, билсеңер, сыймыгы. Айрыкча, дагы айтарым, жанагы ичкиликтен этият боло көргүлө. Талантты жеп түгөтчү неме ошол, балдарым».

Ушундай насаат кебинен кийин: «Илгертен келаткан салтыбыз ушул, балам, ырчы-комузчулар жактырган кишисине ыр арнап, же комузун берет. Сага мен комузуму тартуулайын. А дегенде... – деп, өзү эткел манчаларын жай кыймылдатып, «Камбарканды» чертти. «Күүнүн башы ушул «Камбаркан», балам, а дегенде дайыма ушуну чертип жүргүн», – деди да, элдин дүркүрөгөн кол чабуусу астында Балкыбекти баласындай беттен сүйүп туруп, колуна комузун карматат. Мына ошол окуя Балкыбектин баркын комузчу катарында биротоло эл көзүнө бийикке көтөрүп салган. Ошондон тартып, анын ысмы комузчу катарында, райондун бир бурчунан экинчи бурчуна дүңк эте түшпөдүбү!

Марат отурган жеринен чоочугадай шамдагай тура калды да, Балкыбек жөнүндөгү эскерүүсүн дагы улантты:

– Өзүңөр билесиңер, мен Балкыбектен эки жаш кичүүмүн. Эгер ал тирүү болсо, быйыл отуз алтыга араң чыкмак. Ушундайбы?

– Ооба.

Жаш жагынан мындай айрымабызга карабай экөөбүз теңтуш элек. Уруш маалында ал жетинчи классты бүтүп алып, бизге сабак да берген. Балким, анысын билбессиңер, анткени, силер анда согушта эмес белеңер. Ооба, ал жетинчини бүтүп алып, кайра ошол эле биз окуган (өзү

окуп бүткөн) мектебинде жетинчиге дейре сабак берген. Агайлардын көпчүлүгү кан майданга кетип калды. Калп айтпасам, эркектерден карылыгына байланыштуу менин атам гана калса керек. Башкалардын баары катын-калач. Бир кезде ликбезде окуп, сабатын араң жойгон келин, кыздар да үч айлык мугалимдерди кайра даярдоо курсунан келишип, сабак бергенин айтсам, силер азыр күлөсүңөр. Ооба, так ошондой эжекелерден да билим алганбыз. Айла канча? Андагы шарт ошондой болгон. Бирок, Балкыбекти мен андай эптеп-септеп журнал көтөрүп, класска кирип, колтугуна кыса келген китебинен бир нерселерди окуп берип кетчү кокуй эжелерге кошо албайм.

Балкыбек жетинчи класска чейин эсептен сабак берип жүрдү. Ишенгиле, ошондо эле окуткан балдардын материалды жакшы билиши менен таң калтырчу. Мен анда алтынчы класста окуп калганмын. Кичүү экендигиме карабастан, эмнегедир ал мени теңтушу катары көрчү. Эми мамилесин өзгөртөт го деп ойлодум. Аны менен ойноо да, сыр алышуу да мен үчүн чоң ырахат эле. Китепканабыздагы (аз болсо да) китептердин баарын окуп чыкканын кийин билип жүрөм. Мен агайлардан укпагандарды андан укчумун. А дегенде, чынын айтуу керек, ал сабакка киргенде башымы жерге салып олтурдум. Өзүмүн уялганымбы, же аны уялтпайын дегенимби, билбейм. Жок, Балкыбек менден окчундап кетпеди. Сабактан кийин дагы эле мени жанына чакырып алып, окуган китебин, андан улам башына пайда боло калган оюн мени менен бөлүшүп жүрдү. Бирок, мурдагыдан салмактуу тартып калды. Сырттан аны аз көрөм. Сабакка даярданыш керек тура. Уяттуу неме кээ бир агайлар, же эжекелердей китебине ишенип келе берүүдөн намыстанса керек.

Балкыбектин зиректигин, тырышчаактыгын, билимин үйдө атам менен апам да көп сөз кылышчу. Аны ошолор окуткан эмеспи. Агайларына балдарынын сыры беш колундай маалым да.

Ошол эле жылы Балкыбек педагогиялык окуу жайына сырттан окуучу болуп кирди.

Балкыбек менен менин достугум чынында мындай окуядан кийин башталган.

Ал жетинчиде, мен бешинчиде окуп жүргөн кез. Тил алгычтыгыманбы, же тартиптүүлүгүм үчүнбү, айтор, балдарга көп илешпеген Балкыбек мени өзүнө үйүр кылып алды. Мен буга башкалардын алдында дердейип, сыймыктана бой көтөрчү болдум. Антпегендечи, аты мектептин дубал газетасынан түшпөй мактalып жүргөн бала менен достошуу оңой ишпи! Ооба, буга ата-энем да кубанып жүрүштү. «Жакшынын шарапаты, жамандын кесепети» дейт, эстүү-акылдуулардан дос күтсөң, эч качан уятка калбайсың», – деген алардын кубаттаган сөзүн уккандан бери ого бетер мурдум чарыктай. Окуудан тарагандан кийин көп өтпөй үч бала тоого чыктык. Билесиңер го, тиги Афлатун суусу алдастап акчу сайды өрдөп жүрүп отуруп, Уул-Табардын башына чейин бардык. Кыргыз жеринин кооздугуна ошондо а деп суктансам керек эле. Айлана толгон гүл. Аңкыган жыт. Тизеге чейин оролушкан шибер. Толгонтокой куштардын үнү алиге чейин кулагымда. Алардын түркүн добушуна карап, аттарын бирден санап Балкыбек айтып берди, азыр эсимде жок. Капталга тырмышып кожогат терип жеп жүргөнбүз. Жайлоонун жамгыры ыйлаак кыздын жашындай кабак үстүндө турат көрүнөт. Котур койдун даакысындай ар кайдагы майда булуттар заматта туташа түшүп, атайлагандай биздин үстүбүзгө келгенде себелей баштаса, корголой турган жамгыр эмес. Тамчылары жылуу, нары жумшак. Мен колум менен биринчи жолу тоо жемишин үзүп жаткандыктанбы, кызып кетсем керек, улам калыңыраагына жүткүнүп отуруп, жогорулап кетипмин. «Коркпо жамгырдан, Марат, тере бер. Идишиң толгондо бери түшөрсүң деп, Балкыбек бир жалпак таштын үстүнө жана боорго тырмышканда чечип, эки жеңинен мойнуна байлап алган көйнөгүн эми башына жаздады да, чалкасынан жата кетти. «Ах, жайдын жамгыры кандай сонун!» – деп, буттарын сунуп, боюн керди. «Марат, жаандын шыбырын тыңшаганды билесиңби?» – деп жаткан жеринен мага кыйкырды эле: «Угуп жатам», – десем, ал:

– «Кулагың керең эмес экенин билем», – деп каткырды. Демек, мен анын суроосуна түшүнбөй туруп жооп берсем керек, уялып кеттим. «Суунун агымына, көктөн түшкөн тамчынын шыбырына жүрөгүңдү төшөй билсең, далай күүлөрдү угасың. Эки суунун кошулган жерине там салып, атам байкуш куп кылган экен да. Түндө ал суунун шоокуму кулак түбүндө чертилген укмуш комуз күүсүнө окшоп кетет. Терметет. Ошону тыңшап жатып уктоо менин түнкү ырахатым. Эгер Шевченкодой атактуу акын болсом, ал сөөгүмү Днепрдин жээгине койгула деп керез калтыргандай, мен да өлгөнүмдө ушул Ит-Агар менен Афлатун суусунун кошулуп, капчыгай ичин жаңырткан жерине койгула демекмин артымдагыларга» – деп эртең менен биз бу жакка жөнөгөн кезде, суунун үстүндөгү нарыдан бери эптеп жасалган солкулдак көпүрөнүн жарымына келгенде айткан сөзү эми эсиме түшө калды. Демек, табияттын көркүнө суктанып, анын жүрөккө гана угулчу мелодиясына кулак тута билүү да ар кимдин колунан келе бербей турган иш экенин кийинчерээк байкабадымбы. Ошондо Балкыбектин көөдөнүн кытыгылап, көңүлүн дегдеткен жаратылыштын керемет чырайын мен сезбей жатыпмын.

Ошентип, Балкыбек жамгырга төшүн тосуп жатып алды. Берки жолдошум экөөбүз бирибизден сала бирибиз кожогаттын улам калың түбүн кууп, жогорулай бердик. Экөөбүздүн аралык анчалык алыс эмес. Кызып кеткеним ошончолук, нары жактагы Сарыбайды бир кезде таптакыр унутуп калыптырмын. Аңгыча өйдө жактан корум таштын шагыраганы угулуп калды. Сарыбай өтө чыкса керек деп, башымы көтөрө берсем, төмөн жакка толгоно карап чоң күрөң аюу турат. Тоо айбандарын китептен көрүп жүргөмүн. Эми минтип, күп-күндүз... маңдай-тескей... Менин өңүмү ошондо көргөн киши ак кагазга салыштырмак. Колумда күзгүм болбосо да, аны өзүм сезип турам. Бир жолу зың эте калып, кулагым чым бүттү. Далортомон, маңдайыман чыпылдап муздак тер чыгап турат. Колумдагы баштыгым жерге түшүп кеткенин бир билем. Буттарым муздап, тиземен бүгүлүп бараткансыды. Ачылган оозуму жумууга

чама жетпей жатты – эриндерим карышып калган өңдөнөт. «Кайсы кара көпөлөк айдап мында келдим экен... Баарын кылган Балкыбек. Ушул балекеттен аман-эсен кутулсам, экинчи аны ээрчибей калайын» – деп, кичине тилиме чейин кургап бараткан жаагымы карыштырам. Сарыбай жакты кароого корком. Башым башка жакка кылт этсе эле, тиги мени көздөй атырылып жөнөчүдөй. Мени гана качырып тиктеп тургансыйт. Таш үстүнө чөгөлөп калдым. Как тиземин көзүнө туш келген таштын борчугу бир сезилсечи. Аңгыча аркаман бирөөнүн колу урунду. Аз жерден бакырып жибере жаздадым. «Коркпо, Марат, менмин», – деди. Көзүмдү жумган бойдон ачалбай жаттым. Ошентсе да добушунан тааныдым – Балкыбек. «Ал быякка кантип келип калды?» «Үнүң чыгарба, аюу тийиштик бербегенге тийбейт. Коркпой отура бер. Азыр кетип калат, – деп шыбырады ал менин жаныма көчүк баса берип. – Жамгырга ырахаттанып жата берип, көрбөй калыпмын, силердин узап кеткениңерди. Сарыбай энтелеп жетпесе, сенин бул абалыңды билмек эмесмин», – деди ал эч нерсени көрбөгөн кишиче кебелбей жай сүйлөп.

– Ал кайда жүрөт? – дедим мен эми араң эсими жыйнап.

– Тиерде. Мен жаткан жердеги карагайдын түбүндө. Кудай урган неме, кыргыз туруп, тоо-таштын айбандарынан ушунчалык коркорун билген эмесмин. Аюуну көргөндө кийин эле карагай-шакка далдаланып төмөн кача бериптир. Сага белги берүүдөн корккон имиш. Тоодо мурда болуп көрбөгөн неменин жүрөгү түшүп калбасын деп ошол замат сени карай жөнөбөдүмбү. Киши өзү тийиштик бербесе, тоо айбандары адамга батынып кол сала албайт. Кана карайлычы, кеткендир алигиче – деп, ал ордунан тике тура бергенде, мен анын шымынан тарттым. Борсулдап күлгөн бойдон: – Карасаң, тээтигинде бaратат. Бизди эмне кылсын. Экөөбүздөн көрө ага ачуу алма артык, – деп чоң кишидей мени соорото сүйлөдү.

Жамгыр күчөй баштады. Биз Балкыбек экөөбүз ээрчише түшүп келсек, Сарыбай сайдын тамaнына тушап койгон атын эчак минип алыптыр. Менин каны качкан

ireңими көргөндө ал кытмыр күлкүсүн чыгарып: «Кудайы айттыңбы? Агай менен апайга бүгүн барарың менен ак сары башыл кой сойдурчу. Сенин аюудан аман-эсен калгандыгың үчүн сорпого бир тоёлу», – деди.

Балкыбектин ачууланганын ошондо биринчи жолу уктум. «Акмаксың, Сарыбай. Адам болуп мында бирге келгениң кайсы да, коркунуч туулганда өз башыңды далдаага алып, кача бергениң кандай? Достор баарысын тең көрүү керек да».

Сарыбай күлкүсүнөн ошол замат жаңылды. Ат жалын тиктеп, дулдуйган бойдон үндөбөй туруп берди. Ал да мурда Балкыбектин мындай кыялын билбегендей, чамасы. Же тигини сыйлагандыгынандыр, иши кылып кеп кайтара албады. Жашы араң он бешке келгени менен Балкыбек бирге окуган балдардын арасында, өзүнүн оор басырык мүнөзү менен бөлөкчөлөнүп турар эле. Жолдошторунун ар кандай тамашасына катаал кишидей салкын мамиле кылганынанбы, балдар андан айбыгышчу. Мен өңдүүлөргө тоң бийлик кылып жүрчү Сарыбайдын бу сапар ага каяша айталбай туруп бергенинен улам, менин көз алдымда Балкыбектин аброю дагы бийик көтөрүлө түшкөнсүдү.

Күнөөсүн жуугусу келдиби: «Кечирип кой, Марат, мен чын эле акмакчылык кылсам керек. Баягы жомоктогу жолдошун таштап, дарактын төбөсүнө чыга качкан коркок бала мен болдум. Муну эч ким укпасын. Шылдыңдашып акмагымы чыгарат. Кел, менин артыма учкаш», – деди оң бутун үзөнгүсүнөн чыгарып, ат жалын карай солдойто суна берип Сарыбай.

Быякка Балкыбек менен учкашып келгенмин. Азыр Сарыбайдын түрүн көрүп туруп, жанагы жек көргөн сезимим эми аяныч менен алмашып кеткенсиди. Мен Балкыбекти карадым. Ал мейли дегендей башын ийкеп койду.

Бул аттарды тиги сай таманында, суунун жээгинде отурган малчылардан Балкыбек сурап алган. Тегизге түшкөндөн кийин аларды ээлерине тапшырып, андан ары жөө кетмекпиз. Айлана-тегерегин адам бою келген караган-шак, ыргай, шилби, четин каптаган кыядагы жылаан

издүү бир таман жол менен ылдыйлап отуруп, суунун эки өйүзүнө орношкон малчылардын айлына жетип келдик. Айылды аралап, жана биз айран ичип, аттанган үйгө жакындаша бергенде, биздин ат мөңкүй баштаганы. Эки арткы бутун тең көтөрүп, артына шилтегенде эле, мен бир жагыма оогон бойдон Сарыбайды кучактап калды. Ал ээрге өбөктөй ыкшып күлө баштады. Экинчи жолу аттын көчүгү өйдө көтөрүлгөндө короодогу койдун кыгына башым бата түштү – аттын соорусунан ары ыргып кеттим. Колумду белинен чыгарып жибергенсиди. Айылдын балдарынын чурулдап курчап алганынан уялып, өлбөдүмбү! «Чоң эле бала экен. Аттан жыгылганын кара. Уят! Уят!» – деп кол чапкылап күлгөндөрүн коё кал. Сарыбай болсо дагы эле ат жалына эңкейип жатып кыт... кыт... Мен балдардын курчоосунан бир жакка качып кутулуу үчүн, кийимиме жармашкан кыкты кагынып ордуман тура келгенимде, Балкыбек атынан үзөңгү теппей ыкчам секирип түштү да, көзүнүн жашын сүртө кулкүсүн токтото албай жаткан Сарыбайды жакадан алып, бир булкканда, ал алдына суналып калды. Жакасын коё бербей туруп, шак-шак эттире эки жаагына эки жолу чаап жиберди. Кудай жалгап мени курчап алган жанагы балдардын баары ошол жакка жалт бурулуп кетишти.

Мен бул уруштун себебин түшүнбөй калдым. Ат мөңкүдү. Мен жыгылдым. Буга эч ким күнөөлүү эмес да. Сарыбай мурдунун суусун колунун арты менен сүртө берип, күңк эткени кулагыма жетти. «Татардын баласына болушуп жана сөккөнүң аз келгенсип, эми урдуң. Мунуң эч качан эстен чыкпайт. Сендей жоон билекти көрүп турам!» – деп атынын тизгинин ээрдин кашына илип коюп, ал үйгө кирбей ачуу менен жолго түштү. Бизге айран берген үйдүн кемпири ары жактан: «Кокуй, Балкыбек, сага эмне болуп кетти? Куюн тийгендей ботом, айылдын арасына келгенде эле кыйсыпыр боло түштүңөр да?» – деп чебелене бери чуркады.

Балкыбек мурчуйган бойдон менин жаныма басып келди да, жүзүмө карабай туруп кийимимдеги кыкты күбүдү.

– Сарыбайды эмнеге урдуң, Баке? – дедим, жолдо келе жатканда. Жанагы кемпирге да, эмнегедир, тигини урган себебин айтпай койгон.

– Сени атайлап жыкпадыбы. Жана тиердеги уккан сөзүнүн өчү, же айылдын балдарына шылдың кылдыргысы келген акмак.

– Кантип, атайлап жыкты? Ат мөңкүгөнүнөн жыгылдым да, – дедим мен.

– Атты мөңкүткөн өзү. Мен көрүп келаттым. Оң бутун үзөгүсүнөн чыгарып алып, аттын ач колтугуна тээп коюп жатты.

Ошондон тартып ал жалаң гана отличник окуучу, оюнзооктун чордону эмес, мыкты дос да экендигине көзүм жетти. Сыйлоом мурдагыдан да арта баштады. Ал эмне десе, ошону аткарууга ичимен ант бердим.

Ооба, Марат туура айтып жатат – Балкыбектин кишиликтүүлүгү, боорукердиги сөзсүз мактоого татырлык. Менин да бир окуя азыр эсиме түштү.

1946-жылдын июнь айынын аяк чени. Жалал-Абадды карай бараткaнбыз. Согуш бүткөнү менен, анын каары дагы эле байкалып турат. Машина жок. Темир жолго чейинки алтымыш чакырымдан көбүрөөк аралыкты жалаң ат араба менен эртеден кечке дейре араң басканбыз десек, башкалар эмес, азыр өзүбүз араң ишенебиз. Бирок ал кезде ошондой болгону чын. Арабызда комузу менен кошо Балкыбек. Он алты кишибиз: алды жыйырма үч, арты он алты, он жетилердеги өспүрүмдөр. Демек, уруштун азап-тозогун өз көзү менен көргөндөр да, ал тууралу кулагы менен гана уккандар да бар. Баарыбыздын кесибибиз бир – мугалимдик. Согуштун кесепетинен бирибиз жетинчини бүтүп, дагы бирөөлөрүбүз сегизинчини, же тогузунчудан согушка кетип, билимди өксүтүп койбодук беле. Бирок согуштун каары билкмибиздин кемтигин байкатпай, балдарга сабак берип жүрдүк. Мына, уруш бүтөрү менен бөксө калган жерди толтуруу зарылдыгы туулду. Жабыла окууга жөнөп баратабыз. Азырынча, сырттан болсо да окуп туралы, андан аркысын көрө жатарбыз деген ар кимибизде ой бар.

Наманганда түнөөгө туура келди. Биз антип-минтип жеткиче поездибиз кетип калган экен. Балкыбектин пайдасын мында да көрбөдүкпү. Анын комузу менен добушу болбосо, үстүнө пахта таар ташталган тактанын үстүнө жатып, уктап көрчү. Чай ичип, чыгып кетчүлөргө гана арналган жайда түнөө керек. Жайдын кыска таңын Балкыбек, анан анын «шекирти» Исанын тамашасы менен атырмак болдук. Ал Балкыбек менен бир мектептен. А да жетинчини бүтүп эле мугалимдикке аттангандардан. Шыгы бар неме далайдан бери тигинин этегине жармашып, андан комуз үйрөнүп келатат. Залкар күүлөрдөн чертип жатып жоргосунан жаңылган тайдай бөжөңдөп калат да: «Бу жери болбой баратат го, Баке» – деп, кара көздөрүн ойното берип, тык токтойт. Балкыбек андайда колуна кайра комузун алат да, кулагын алмак-салмак бурап, тигинин жүзүнөн жүзүн албай туруп, алиги күүнү жай кайрып чертип чыгат. «Й-и-и эми эсиме түштү» – деп, Иса анан күүнүн башынан түшөт.

Куудулданып сүйлөгөндү жакшы көргөн Иса өзү уккан акындарды туурап: «Бакем кунан болсо, мен таймын. Бакем бышты болсо, мен кунанмын», – деп башын чулгуй, көздөрүн кыбыңдатып, анан жеңин чыканагына чейин түрүп коюп, үйрөнгөн күүсүн кол ойното чертип чыкканда, кол чаап койсок, кырдач мурдунун үстүн ого бетер тер каптап, кичинекей таноолору дердее кубанып калат.

Иши кылып, ошол түндү Балкыбек менен Иса күзөтүп чыгышты. Кыргыз комузун мурда такыр укпаган экен, чайханачы жерди токулдата басып, бизге чай ташып бүткөндөн кийин тизесинен ылдый жыгач бутун тактанын үстүнө сырайта сунуп таштап, күү менен ыр укту. «Чайыңызды эртең менен бекер берчү болсоңуз отуруп угуңуз, болбосо жоолук менен кулагыңызды байлап, жайыңызга барып жатыңыз» – деп, Иса куудулданды эле, чайханачы тигинин балалык шоктугу али тарабаган неме экендигине суктангандай гана тирмие карап, тамашага чалып койду: «Үкөм, силердин ырыңар менен күүңөргө менин сары чайымы самовары менен берсем деле арзыбайт. Чай силерге окшогондон айлансын».

Тигинин мээримдүү жообуна дымагы көтөрүлө түшкөн Иса ого бетер жаагын жанып, чайхананы башына көтөрүп жөнөбөйт бекен. Ошентип, түн көңүлдүү өттү. Балкыбек менен Исанын бары бизге сонун болбодубу. Терезеден таң шооласы башбага берип, шыпка асылган чырактардын жарыгы пастай баштаган кезде, чапанын башына жазданып, бир жагына кыңкая берген чайханачынын көзү илинип кетиптир. Муну Иса байкап отурган белем: «Чайханачы ака!» – деп кыйкырып коё берсе: «Лаппай!» – деп тиги да ошол замат элпектигин билдире ордунан ыргып тура калды. «Маңга хам битта чай» – деп, тааныш китептин сөзүн айтып, биздин Иса дагы куудулданганда, кең чайхананы башка көтөрө дуу күлүп жибердик. Ошол күлкү менен бойдогу уйкунун курушу тарап кетти көрүнөт, баарыбыз жабалактай сыртка жөнөдүк. Эшик алдынан өткөн кол арыктагы күндүзгү жылуу суу түндүн илебинен бир аз муздап калган экен, ага жүз чайгандан кийин ныксырагандык биротоло бойду бошотуп кое берди.

Ошол түнү Иса менен кезектешип, Балкыбек көп ырдап, комуз чертти. Ошондогу бир ыры али эсимен кетпей жүрөт.

«Жар боорунан учурган
Жашыл ала кептерим.
Жайы-кышын бир жүрүп,
Жалдыратып кетпегин.
Кыр боорунан учурган,
Кызыл ала кептерим.
Кышын-жайын бир жүрүп,
Какшатып таштап кетпегин»,

Бул ыр кимдики экенин билбейм. Бирок ага чыгарган обонду кийин Балкыбектен башка эч кимден укканым жок. Муну классикалык ырлардын катарына коюудан кудай сактасын. Бирок ушул ырдын обонун кулагыман, Балкыбектин аны аткарып жаткандагы абалын көз алдыман эч качан алыстата албайм. Аны азыр Иса аткарып жүрөт. Ошону уккан сайын айланасындагыларды унутуп, кыялы менен алда кайда сызып жөнөгөн Балкыбектин

күү ыргагына жараша термелген тааныш арык тулкусу оропара боло калат...

Жалал-Абадга чейин Андижан аркылуу поезд менен кетүү керек. Кудай жалгап эртең менен чайыбызды ичип эле темир жол станциясын көздөй куржун, чемодандарыбызды артына жабалактап жөнөсөк, алдыбыздан көгүш көйнөк, жеңин каруусуна чейин түрүп алган, көкүрөгүнө дейре күнгө күйгөн узун бойлуу неме алаканын майлуу чүпүрөк менен сүртө утурлай чыкты да: «Кайда барасыңар, жолдоштор?» – деди, эми – маңдайындагы терин жүндүү жылаңач билеги менен шыпыра берип.

Баарыбыздан мурда озунуп, Иса жооп берди:

– Артиспиз, концерт бергени Жалал-Абадга баратабыз. Жумушуң эмне сенин бизди тергеп? – деди ал орусча чантыр-мунтур. Майлуу чүпүрөгүн мыжыга кармаган шофер тигинин жообуна терикпей жылмайганда тегиз тиштери кашкая калып, кир өңүнө жагымдуу түс бергенсиди. Колундагы чачыгы чубалжыган өрүк комузун карап туруп, ал артистпиз дегенге ишенип калды көрүнөт. «Кааласаңар, машина бар Жалал-Абадга чейин. Түндө бу жердеги район аралык базага облпотребсоюздун жүгүн жеткирип келген элем. Эми бош кайтып жатам. Тигине машинам, жаңы, демек, жолдо калбайсыңар» – деп, биздин башкаруучубуз ошол окшоп, ал дагы Исага карады.

Машинаны кечетен бери сөз кылып жатканбыз. Андижанга дагы бир түнү чайханада чаңга бөлөнүп жаткандан көрө, албетте, машина менен кеткенибиз оң. Бүгүн Жалал-Абадга жетип барабыз.

– Кеттик, жолдош шофер! – деп Иса аны колтуктап алды.

Кузовго шофер өзү чыгып, баарыбызды анын чанагынын төрт жагына тизип отургузду. Кузовдо бакал бар экен, чамасы ал базадан чыкканда эле бошогон машинасын жүргүнчүлөргө даярдап койгон көрүнөт. «Жүрүп бараткanda өйдө турчу болбогула», – деп эскертти ал кой санаган койчудай сөөмөйүн соройто бизди бир сыйра эсептеп болгондон кийин. Бизди санаганы, акчасын санаганы эмеспи.

Үч-Коргондон өткөндөн кийин атактуу Фергана каналын бойлоп жүрдүк. Машинанын дөңгөлөгү ундай опурулган топуракка тегерчегине дейре батып баратты. Каналдагы суу селдикиндей кара кочкул, бирок мелмилдеп жай жылат. Балакет аяк астында деген ырас бейм, аз жерден ошол каналдын боюнда машина астында кала жаздабадыкпы. Жолдун өңгүл-дөңгүлүн карабай тез жүрүп келаткан. «Ысыкка калтырбай шаарга жеткирип барсаң, акыңан тышкары сыйлык аласың бизден», – деп жана кабинага башын эңкейте ага Исанын кыйкырганынан уламбы, төтө жолго салган. Ылдам баратышы да ошондон го деп, биз күлүп келебиз. Шашылганы ушунчалык, бурулчу жерден да өтө чыгыптыр. Бул жол менен мурда жүргөн биздин бир шеригибиз кабинаны тарсылдата баштады. «Эмне болуп кетти?» – деп, шофер аны жактырбагандай кабинадан башын соройтуп, чеке терисин бырыштырганда: «Өтүп кетпедиңби? Тигине, көпүрө тиякта калды», – деди ал жигит чамбыл ала бойдон тура келип. Шофер моторду өчүрдү да, жерге түштү. Машинанын дөңгөлөктөрүнүн эки жагына өтүп, тээп-тээп койду. Анан жүз метрче жерде калган көпүрөгө жөө басып барып, аяк-быяган арытып карап келгенден кийин гана кайра кабинасына кирип, стартёрду басты. Жаңы мууздалган койчо бир аз кырылдап туруп, анан мотордон күркүрөгөн добуш чыкканда, баарыбызды солкулдатып жиберди. «Отургула!» – деди ал дагы башын кабинадан бери чыгарып. Жабалактап туруп алган биз бул команда боюнча ыкшала кайра отура кеттик.

Каналдын бери капталы – терең аң. Анын үстүндө да көпүрө.

Каналдагы көпүрөгө өтүүдөн мурун машинанын артын ошол аңдагы көпүрөгө тушташтырыш керек.

Машинаны кетенчиктете баштады. Кабинадан чыккан башын шофер кайра тартып алган жок. Дөңгөлөктөрдү карап келатат. Биз да жолдон көзүбүздү албайбыз. Аңдын үстүндөгү көпүрөгө машинанын арткы дөңгөлөктөрү туш келсе го дурус, аз жерден тиги жаңылышып кетсе, машина аңга кулайт. Демибизди ичке тартып алганыбыздын себеби

ошол. Кабинада отурган аксакалыраагыбыз шоферго өз кеңешин беримиш болду эле, ал ызаланып кетти: «Силер, жүргүнчүлөр, шофер эмессиңер мени үйрөткүдөй. Кудайга шүгүр, он алты жылдан бери эч кимдин жардамысыз ушул машинанын артынан күн көрүп келе жатам. Билгиңер келсе экинчи класстагы шофёрмун. Кам санабай эле кой-гула. Силерди аман-эсен каалаган жериңерге жеткирүүнүн кепили менин мойнумда», – деп корстон сүйлөгөнүнөн, башка эч кимибиз ага акыл кошо албадык. Машина акырын артына жылууда. Биздин кишинин айтуусуна консо, ушул бойдон көпүрөнүн тушунан ары кетип барып, анан алды менен каналдын үстүндөгү көпүрөгө коркунучсуз өтмөкпүз. Шофер бизге чеберчилигин көрсөткүсү келди бейм. Мына, машинанын арты акырын тигинин каалаган жагына бурула берди. Анан токтоло калып, денеси алга бир жүткүнүп алды да, солкулдаган бойдон бир жагана жантайгансып кетти. Аңгыча: «Секиргиле!» – деген шофердун чарылдаган үнү чыкты. Ал кебетеси тормоз менен алек болуп калды көрүнөт. Башы кабинага кирип, жок... Балдар камынып алгандыктан, жанагы кыйкырык чыгары менен команданы уккан суучулдардай көпүрөнүн үстүнө жапырт секиришти. Машинада согуштун эки майыбы, анан бир кыз калды. Балкыбек шамдагайлык жагынан тигилерден кем эмес эле, эмнегедир секирген жок. Өтө тездик менен ал машинанын чанагын тырмалап шашып калган кызды колтугунан ала ыргытып жибергендей туюлду бизге. Көз ачып-жумгуча, машинанын көпүрө кырына илинип турган бир жак дөңгөлөгү да түшүп кетти көрүнөт, аңды көздөй күп этти. Өйдө көтөрүлгөн чаңдан анын тулкусу көмүлө берип көптөн кийин гана көрүндү. Аңдын кырында туруп биз Балкыбектин жанагы эки майыпты тең кучактаган бойдон кулап бараткан машинанын чанагында калганын көрүп, көздү жумуп жибердик. Чаң тарагандан кийин карасак, эки кишибиз кузоздогу куржун, чемодандардын арасында онтоп, араң үн катытат. Балкыбек сулкуюп, жардын жээгинде жатыптыр. Машина аңдын капталына урунганда, аны ыргытып жиберген тура. Жана Балкы-

бек ыргыткан кыздын көздөрүндө жаш. Машина кантип көмкөрүлбөй калганына таңбыз. Бир жак капталы менен жантайып жатат Шофер болсо, баранкасына колдору карышып калган бойдон, биз сыртка чыгып, эс-учубузду жыйып алгандан кийин гана мас кишидей сенделе басып жаныбызга келди. Балкыбектин бетине кайра-кайра суу сээп отуруп, эсине келтирдик. Он алты кишинин ичинде жалгыз ошол башкалардын өмүрү жөнүндө жанагыдай коркунучтуу минуталарда кам көрүптүр.

– Кызык! Балкыбектин дагы бир окуясы эсиме түшүп жатат, – деди Марат жаагын таяна көпкө ойлонуп отургандан кийин жайдарылана берип. – Жанагы мен айтып берген тоого барып, анда аюудан коркуп, ал аз келгенсип, Сарыбай мени аттан жыккан жылы болгон бу дагы. Согуштун үчүнчү жылы. «Немецтер акыры чегинди. Биздин аскерлер алардын артынан сая кууп, кыштактын артынан кыштак, шаардын артынан шаарларды бошотуп жатат» – деп, мен атам менен апаман угуп калчумун. Сабактан кийин, бир топ балдар суу жээкке барып, топ чапмай ойноп жатканбыз. Балкыбек адатынча жай чайпала басып келди да, четтен сөөмөйү менен мени өзүнө чакырды. Олуттуу бир нерсе айтарында ал дайыма ушинтип, үн чыгарбай жаңсап чакырчу. Эмке болуп кетти? Топту чабуу менин кезегим болгондуктан, колумда жаман сүрүлгөн таяк бар. Аны артымда турган балага кармата берип, тигинин алдына чуркап келе койдум.

– Оюнуң кангандыр, жүр быякка, кеңеше турган бир иш бар – деп, мени ийинден кармай суу боюна жетеледи.

Айланакын чөбү эчак куурап бүткөн. Сентябрь эмеспи. Бирок, суу жээгинде жашаң чөп али да бар. – Олтур, – деди Балкыбек желкемен төмөн баса, сунсаң бутуң жетчүдөй сууга жакын келгенде. Анан сары күрмөсүнүн көкүрөк чөнтөгүнөн төрт бүктөлгөн «Кыргызстан пионери» газетасын сууруп чыкты да: «Муну окучу, ичиңен, – деди анын бүктөмүн жазгандан кийин, экинчи бетиндеги чоң кара тамгалар менен басылган «Партизан-пионер» деген жазууну колу менен сайып коюп. Бадырайган ачык жа-

зуунун түбүндө бажырайып, жагоо тагынган жылдыздуу баланын сүрөтү таанышымдай мени жылуу тиктеп турду. Мектепте окуп жүргөн кезинде түшкөн сүрөтү экен. Андан ары баланын кыскача өмүр жолу, күжүрмөн иштери тууралу баяндалыптыр. Атасы партизан отрядына кетип, апасы немецтердии бомбасынан каза болгондон кийин өзү атасын издеп жүрүп, партизандарга туш келет. Алардын тапшырмасы боюнча бир нече жолу кыштакка барып, душман жөнүндө баалуу маалыматтар алып келип турат. Акыркы жолу күжүрмөн тапшырманы аткаруу учурунда ал колго түшөт да, сырды айтпай жатып, даргага асылат.

Тиги буйругандай макаланы мен ичимен окуп чыктым. Баланын тагдыры зээними кейитип жибердиби, өңүм өзгөрө түшсө керек, Балкыбек жүзүмө карап туруп: «Эмне болду?» – деп сурады. Мен унчуга албадым. Көзүмө жаш толуп турган. Үн чыгарсам балким чууруп кетет беле. Муну тиги да байкады окшойт, өз оюн айтууга өттү: «Мына, Марат, бизден кичүү балдар тыякта кандай ишке жарап жатышат. Көрдүңбү, бар болгону он эки гана жашта экен. Кандай оор тапшырмаларды аткарган. Андан улуу биздин колдон мындай жумуш келбейби? – деди ал мени сынагандай бүтүгүй көздөрүн кадап. Жооп күтпөй, дагы өзү сүйлөдү. – Мен бир план ойлодум, эгер сен макул десең...»

– Кандай план, айтчы?

– Айтсам фронтко кетиш керек. Тиги он эки жашар баланын колунан келген биздин колдоп кантип келбесин. Орус тилин анча-мынча деги билебиз. Мен он бешке келдим. Сен болсо, он үчтөсүң. Коркмок белек. Балким аерден агаларымын бирин таап алармын (анын эки агасы согушта экенин билчүмүн). Бул тууралу экөөбүздөн башка бир да жан билиши керек эмес. Кыскасы, качып кетиш керек. Островскийди билесиңби, кантип кызыл аскерлерге кошулуп кеткенин? Антип согушка бараткан аскерлер үйүбүздүн эшигинен өтпөсө да, биз аларды издеп барышыбыз керек. Өлсөк да минтип атыбыз газетке жазылып калат, көрдүңбү? Военкоматка барабыз а дегенде. Адамдарды аскерге жөнөтүүчүлөр ошолор. Мен акемдерди узатканда

комиссар дегендин өзүн көргөнмүн. Ошого барабыз түз эле. Жашсыңар десе, мына бул газетаны көрсөтөбүз, түшүндүңбү?

– Түшүндүм.

– Макулсуңбу?

– Макулмун. Качан жөнөйбүз?

– Дагы төрт күндөн кийин. Эртең дем алыш деген күнү жолго чыгабыз. Шылтообуз аңчылык болот. Тоого барабыз, анда түнөп келебиз – деп, жылуураак кийинип, эки-үч күндүк оокат алыш керек. Ишибиз оңолуп, военкомат уруксат берсе, кайда барып жолугарды, жолдогу тамак-ашты өздөрү айтып бсришет. Поездге эле жетсек, андан ары өлбөйбүз. Коркпо. Мен баягы тапанчаны аламын, – деди ал.

– Менин куралым жок, кантем?

– Куралды ошол жактан берет да. Ага чейин экөөбүзгө ошол тапанча жетет.

Балкыбектин тапанчасын Уул-Табар жайлоосуна барганда биринчи жолу көргөнмүн. Атасы басмачыларга каршы күрөшкөн ыктыярдуу отрядда командир болгон экен. Ошондон калыптыр. Боорунда жазуусу бар эле. Көрсө сыйлыкка алган тура. Анын барабаны жок, сүмбөсүнүн үстүндөгү калпагы ачылып, ошондон жалгыз гана ок салынат. Анын бир жакшы жери – монтикрис мылтыгынын огу ага чак келчү. Тапанчаны колго кармагандыи өзү кандай сыймык эле а кезде. Аны менен жоону атабыз деген ой пайда болгондо кыялдын оболоп учканын айта көрбө: «Айда, кеттик!»

Жайкы каникул мезгилинде Балкыбекти ээрчип мен далай тоолорду кыдыргамын. Жанагы айткан тапанча менен боз таркылдак атып алгандагы кубанганым али эсимде. Балкыбек өзү кемде-кем жаза атчу. Мына эми ошол тапанча менен баскынчыларды атканы барат турбайбызбы. Балкыбек укмуш план ойлоп тааптыр! Азамат! Көрөсүң, бир нече айдан кийин биз экөөбүздүн да сүрөтүбүз минтип газетага чыгып: «Марат, Балкыбек деген кыргыз пионерлери өз каалоолору менен майданга барып,

чоң эрдик көрсөтүшкөн», – деп жазышат. Көрөсүң, так ошентип жазышат, Ата-энебиз да а дегенде ээнбаштыгыбыз үчн кейип-кепчишер, эрдигибиз тууралу кабарды укканда сөзсүз кубанышат, а түгүл сыймыктанышат.

Балкыбектин жанагы пикиринен улам, менин башымда заматта ушундай таттуу кыял пайда боло калды. «Тоого мергенчиликке барабыз» деген сайын ушинтип дарбычумун.

Ошол күнү таттуу ойдун тамашасына батып, экөөбүз тең суу жээгинен каш карайганда араң туруп кеттик. Атам: «Кол – кудайдын мөөрү» дечү, келе колуңду, ант бузбаска, – деп ордубуздан тургандан кийин Балкыбек мага ишенбегендей карады. Мен буйдалбай ага колумду суна бердим эле, ал кысып койду. «Эч кимге оозуңан чыгарба, кокус бул оюбуз ишке аншай калса, баарыга уят болобуз». Ушинтип эскертти да, Балкыбек иңирдин койнуна кирип кетти...

Болжошкон күнү экөөбүз тоого чыкканда кийчү кийимдерибиз менен жолго чыктык. Үйдөгүлөрдү шек алдырбас үчүн, адегенде түз эле Бозбунун бооруна тырмыштык. Далдаага өткөндөн кийин гана кыялап отуруп, райондун борборуна барчу кан жолдун таманына бут койдук. Отуз чакырым жол жүрсөк, районго жетмекпиз. Кудай жалгап жолдун жарымын басканыбызда артыбыздан май куйчу бочкаларын калдыратып, араба жете келди. Кол көтөрүп тура калсак, кайыш тизгиндерин чалкалай тартып «тыррр» деди.

– Кайда жөнөдүңөр, дубанадан бетер артынып-сартынып? – деди тиги киши узун сары сакалын жайпалта, чыккыла дегендей ишарат бергенден соң, артына бурула берип.

– Районго, – деди Балкыбек.

– Чакырыптырбы, силерди чоңдор? – деп чал кытмырланды.

– Окууга бара турган болуп калдык, шаарга.

– Кайсы колхоздонсуңар?

– Коммунизмден.

– Ата-энеңер барбы?

– Бар.

– Журт минтип чайпалып турганда, силерди мурдуна эле жыт кылып отурушпайбы. Окуу кийин деле качпас. Баладан тойгон немелер го ата-энеңер?..

Бар бешенеме бүткөнү эки уул эле. Экөөн тең бир жылда урушка атказдым. Кенжесинен кат келип атат, а чоңунан жети айдан бери дарек жок. Кана, силердей жаш балам болсо... Үйгө кирели-чыгалы караанын көрүп турганда да, мынчалык мукабайт белем. Бир үйдө кемпир экөөбүз тиктешип отуруп калдык. Бул арабаны тун уулум минип жүрчү. Ал кеткенден кийин раистен өзүм сурап алдым. Күндө бир маал районго барып, тракторлорго май алып келем. Быякты карай жөнөгөндө дайыма кандайдыр, бир үмүт жетелегенсип демдүү да, бачым да келем. Балдарымын эч болбосо бирөө алдыман чыкчудай: «Мына, кемпир, сүйүнчүңү бере бер, уулуңу алып келдим!» – деп күн бата үй жанына барып, кыйкырып тургансыйм, назарымда. А кайра бери тарткандачы? Жок... Оңкулдайм. Алданган кишидей шылкыям. Оюмдагыны билип турушкансып, аттарым да илкий араң бут шилтеп калышат...»

Чалдын аңгемеси андан чочулаганыбызды жокко чыгарды. Военкоматтын тушуна келгенде, биз арабадан секирип түштүк. «Ыракмат, ата, биз жеттик».

Ал киши «айтайын дегеним али түгөнө элек болучу» дегендей божусун чалкалай тарта берип, артыбыздан бир аз карап турду да, кайра жүрүп кетти.

Военкоматка киргенибизде оозгу бөлмөдөгү отурган арык лейтенант бизге чүңүр көздөрү менен таңдана тиктеди. Балкыбек көкүрөк чөнтөгүнөн сууруп алып, сунган арызга бир аз тигилди да, ачуусу келген кишидей сурдана түштү:

– Силерди ким үгүттөп жүрөт?

– Эч ким, – деди Балкыбек.

– Өзүңөр эле жаздыңарбы?

– Өзүбүз.

– Майдан деген силердин топ ойноочу жериңер эмес.

– Аны билебиз.

– Билсеңер эмне минтип жүрөсүңөр? А дегенде мурунду тазалап алыш керек, – деди ал ордунан тура келип,

таптаза эле турган Балкыбектин этеги кененирээк кырдач мурдунун чүлүгүнөн сөөмөйү менен жана берип.

Балкыбектин кара тору өңү кызарып чыкты. Туталанып, ачуусу келе түшкөнүн мен байкап турдум. Мындайда орой сүйлөп коюудан тайманбайт. Бирок тиги сүйлөтпөдү.

– Силердей эне сүтү оозунан кете элек балдардан башка күчүбүз деле немецтерди кыйратыш үчүн жетишет. Кайдан келсеңер, ошол жакка азыр кайта жөнөгүлө. Антпесеңер ата-энеңерди чакыртабыз...

Жанагынын бул сөзүнөн кийин аргасы түгөнө түшкөн Балкыбек башка чөнтөгүндөгү баягы партизан бала жөнүндө жарыяланган газетаны сууруп чыгып, тигинин алдына жайып жиберди. «Бул эмне?» – деп жаак эттери кыбырап, сүйрү көздөрүнүн кычыгана жаш толуп чыкты.

– Бу баланын жөнү башка. Мунун жери душмандын таман астында калган. Андагылардын баласынан-чакасына чейин партизан, түшүндүңбү, жигит? – деп тиги дагы шылдыңдагандай уйчукту. Балкыбек ага каршы бир нерсе айтайын деди эле, тигил алдын тороп: – Силердей мадыра баш балдарды аскерге алуу үчүн бизде жогору жактан эч кандай буйрук жок, түшүндүңбү? Эми сөздү көбөйтпөй, тез кеткиле. Дагы жарым сааттан кийин бизде комиссия башталат. Силер менен акыйлашып отурууга менин убактым жок – деп, ал бизди эки колу менен желкебизден кармаган бойдон сыртка узатып койду. Тиги офицер бир бутунан сылтып жүрөт экен, согуштан келген неме көрүнөт. Эшикке чыккандан кийин: «Бу кыргыз экен, биздин ата-энебизди аяды көрүнөт. Эшикке чыгып калса, комиссардын өзүнө учурайбыз» – деп, Балкыбек көшөрүп, намаздигерге дейре военкоматтын имаратын акмалап, алыс кетпей койду. Бирок ал тааныган комиссар чыккан жок. Баягы чал да бочкаларынан жылтырата майын агызып, бешим ченде өтүп кетти. Мен аны көрөрүм менен Балкыбекке: «Тигине, араба, ошону менен кайра кетип калбайбызбы, баары бир жибербейт көрүнөт» – десем, ал мени жеп жиберчүдөй акырая тиктеди эле, жер карап тим болдум. Менин үйгө кетким келип калган.

Айылга эл аягы басылганда жетип келдик. Жолубуздан эч кандай унаа жолуккан жок.

Үйдөгүлөрдүн: «Түнөп келмек эмес белеңер тоого», – деген суроосуна: «Тоо суук болуп калыптыр. Анын үстүнө кечке кыдырып эч нерсе жолуктура албадык. Жадегенде кекилик да кезикпеди», – деп Балкыбек жолдон тапкан жообун берди.

Ошол бойдон эле Балкыбек тынчып калган жок. Мени менен кош айтышып жатып: «Эртең кичүү агама кат жазам, ал мугалим болуп иштеген эмеспи, баарын түшүнөт. Бизди чакыртып ал деймин».

Эртеси күнү жазган катын мага окуп берип, анан мектепке жакын жердеги почтого алып барып салды. Анын жообун экөөбүз чыдамсыздык менен күттүк. Бир айдан ашып калды, жооп жок. Күн сайын почтага барабыз. Биздин адреске келгеи каттарды мектепке жибербей мында калтыра бериңиз деп андагы иштеген аялга эскертип да койгонбуз. Балдар билбесин дегендин амалы.

Ошондон эки айча өттү белем, бир күнү Балкыбек мектепке келбей калды. Ал эч качан себепсиз сабак калтырчу эмес. Чоң танаписте анын үйүн көздөй чуркадым. Солкулдак көпүрөгө жеткенимде карасам, алардын үйүнүн эшигинде бир топ ат байланып туруптур. Адамдар ары-бери чуркашат. Аңгыча өкүрүк чыгып калды. Жүрөгүм оозума капталган бойдон тызылдап жетип барсам, кишилердин четинде бооруна таяк таянып: «Эсил кайран акем оой» – деп, Балкыбек да ыйлап жатыптыр. Мен эмне кыларымды билбей, тигини көргөндө жашым ага баштаган көздөрүмү ушалап, катарына туруп калдым. Көрсө, ошондо биз кат күтүп жүргөн агасынан кара кагаз келген экен.

Ошентип, ал жактан да бизге жардам берчү киши жок болуп чыкты. Ошол агасы жөнүндө көп сөз кылар эле. Демек, айрыкча жакшы көрсө керек. Анын өлүмүнөн кийин далайга жаак эти шылынып, кабагы түйүлүп, суз тартып кетти. Мурдагыдай дем алыш сайын мени ээрчитип, суу жээгине отуруп, комуз черткенин, ыр ырдаганын тыйып салды. Балкыбек өтө боорукер экенин ошондо дагы бир жолу байкадым...

Айылдаштары Балкыбектен, сөзсүз, келечекте бир атактуу киши чыгат деп үмүттөнгөнбүз. Же калпы?

– Чын.

Үмүттүн алданышы кандай аянычтуу. Башканы билбейм, мен Балкыбектен катуу алданып калганымы эч качан кечире албайм. Ал мугалимдер институтун бүтүп келген жылы мен онунчуну бүткөнүмү айттым. Ата-энем бир жыл эс алып, анан жогорку окуу жайына барасың дегенден улам, азыраак саат менен мектепте иштеп калбадымбы. Балкыбек да ошол мектепте эле. Менин анда билимим да, сезимим да өсүп калган кез. Онунчуну күмүш медаль менен бүттүм го. Ошого карабастан, Балкыбек мага дагы эле кол жеткис бийиктиктей сезилчү. Ишенсеңер, музыка, живопись дегендерди мен эми түшүнүп жатам. Анда Леонардо да Винчи, Рафаэль деген чыгармалары менен адамзаттын тарыхын түбөлүккө коошдогон художниктер бар экенин, музыканын тарыхында ультрапианисттер Лист, Рубинштейн, Рахманипов дегендер болгонун, ал эми скрипкада ойноо жагынан италиялык кыякчы Паганини эч кимди алдына салбаганын, композитор Иосиф Гайндын бир жүз төрт симфониялык чыгарма жазганын биринчи жолу ошондон уккан элем. Турмуштун бардык жагы менен кызыккан кишинин кантип өзүндө бир угут болбосун. Балкыбекте анын бар экендигинде менин шегим жок. Жыйынтыгы эмне болду? Кумга куюлган суудай анын артында эч кандай из көрүнбөйт. Ушундайбы?

– Ооба.

– Бир жылдан кийин ушул Ташкенге окууга келдим. Каникул сайын айылга барганда аны менен жолугушуп турдум. Жыл өткөн сайын анын духовный жактан чөгүп баратканын көрүп, ичимен сызып жүрдүм. Мурдагыдай илим, адабият, искусство жөнүндө сөз кылганды коюп, ойноп-күлүү, үлпөт куруу, ичкилик жагын көбүрөөк сүйлөөчү болуп кеткен экен.

«Билемин, Марат, сен да мени ичиңен сөгүп жүрөсүң. Сен гана эмес, өзүмү өзүм жаман көрө баштаган кез азыр. Себебин сурасаң айтып бере албайм», – деди кийинки

бир жолугушканыбызда. Ошол жылдан тартып, мектептен-мектепке которула баштады. Себебин сураштырсам, ичкиликтин айынан экен.

Баятан бери тигинин аңгемесин куйт этпей угуп отурган менин шеригим Мамат эми сөз кезегин алды. Ал сүйлөөдөн мурун куш тумшук мурдун бир жанып койду да, анан чакан боюн дивандын кырына чалкалата берип, салмактуу кеп салды.

– Марат, сенин Балкыбектей жигиттин тагдырына күйүп-бышканыңын жөнү бар. Ал бир жагынан айылдаш, экинчи жагынан мектептеш болучу. Сен айтып отурган андагы жакшы сапаттар, демек, мага да маалым. Ошондой сапаттары үчүн аны айылыбыз менен сыйлаганыбыз чын. А түгүл комуз күүсүн уккан сайын дайыма менин эсиме ал түшөт, тамагымы жаш бууйт.

Ооба, сен айткандай ал институтту ийгиликтүү бүтүп келген жылы силердин мектебиңерде бир жыл иштеген соң, райОНОдон суранып жатып, аны өзүм иштеген мектепке алып келдим.

Балкыбекти мен өз үйүмө тургуздум. Экөөбүздүн мамилебиз ошентип, жалаң гана бирге иштеген кишилердикидей эмес, бир туугандардыкындай ширелише түштү. Анын сабырдуу жүрүш-турушуна биздин үйдөгүлөр ыраазы. Балекеттин баарын жарым жылчадан кийин байкадым. Аны конокко чакыруучулар көбөйүп кетти. Барбагын деп тыюу салганга башканын ашын кызгангансып, ылайык келбейт экен. Түшүнөт го деп, өзүнө кыйыта бир нече ирет айтып көрдүм. Унчукпай кутулуп жүрдү. Элдин конокко чакырган себеби белгилүү да. Аны кызытып коюп, ырын угуу, күүсүн тыңшоо. Үйгө кеч кайта турган болуп кетти. Кээде чакырылган жеринде түнөп калат. Апам аны өз баласындай жакшы көрчү. Бир күнү тамак үстүндө жемелеп кирди: «Сени Маматыман кем көрбөйм, Балкыбек. Акылэстүү бала деп мындагылардын баары аваз кылышчу сага. Эмне болуп баратасың? Жакындан бери пейлиң бузулду, балам. Оокатка убактысында келбесең, барган жериңде туноп калсаң. Карачы күзгүгө, өңүң кантип баратат. Чал-

дардыкындай көзүңүн асты калталанып, бетиң керсары тарта баштады. Он гүлүңөн бир гүлүң эми ачылганда бейчеки жүрүп кеткениң уят, балам. Көңүлүңө алсаң да, мен энелик насаатымы айтып коёюн. Ызаатыңан тая электе тизгиниңи тарт. Жаман атты болуу оңой. Жакшы болуу кыйын...» Жерден үн чыкса чыкты, Балкыбектин тили байлангандай бир сөз менен да жооп берип койбоду.

Апам калыс сөзүн айтып жатты. Менин оюм деле так ошондой болучу. Бирок мен эмнегедир батынып, бул пикирими ага билдире албай жүргөнмүн. «Үйүмө алып жүрсөм, анан жактырбаган кишинин мамилесин кылганым жарабас», – деп ойлочумун.

Балкыбек үндөбөй этегин кагына туруп кеткен бойдон ошол күнү үйгө дагы келбей калды. Эртеси бир бала биздикиндеги анын чемоданын, китептерин алып кетиптир. Ошентип, ал жарым жылдан кийин башка кишиникинде тура баштады. «Бизди да, өзүңү да элдин алдында уят кылба, Баке, кайра келгиниң биздикине», – дедим аны мектепте жолуктуруп.

Балкыбек кеткен себебин айтты: «Жок, Маке, эми аерге барганым – өлгөнүм. Апамдай сыйлап жүрчү энемин көзүнө жанагы сөздөн кийин кантип көрүнөм? Ал киши баарын билип койгон тура. Сен мага таарынба. Менин сага таарынычым жок. Жолдоштугубузга бул иш жолтоо болбос. Энемин сөзүнөн кийин комузду кечээ бирөөнүкүндө конокто отуруп, отко салдым. Мени үйдөн үйгө кыдырткан ошол эмеспи. Көңүлү кургур жумшак экен. Жалдырап келип туруп алса, кантип барбай коёсуң. Мындан ары токтотулат, Маке, кадырың жам боло берсин», – деди. Мен кубанып кеттим. «Үйгө барбаса деле мейли, иши кылып ичкенин таштаса болгону. Улуу кишинин жемеси катуу тийген экен го», – деп ойлодум ичимен.

Ушул сөздү укканыма бир ай өтпөй: «Балкыбек комузу колунан түшүп калганга чейин ичип, ырдаган имиш», – деген жаңы кабар угулду. Комузун өрттөп жибербеди беле? Айылда андай комузчу болбогону менен, аныкындай комуз кармагандар көп. Баарыныкын ким жок кылмак эле. Бал-

кыбегим ал күнү сабакка келбей калды. «Оорумун», – деп балдардан айттырып жибериптир. Сыркоолосо, колдон келген жардамды көрсөтүү менин жолдоштук да, кызматтык да парс милдетим. Директор эмесминби. Сабактан кийин бардым. Башын таңып жаткан экен. Чын эле оору.

Ошол айдын ичинде үч-төрт жолу «ооруп» сабакты үзгүлтүккө учуратты. Билмексен болуп жүрүп, акыры чыдай албадым, бир күнү кабинетке чакырып, суроону чукулунан койдум:

– Балкыбек, эмне болуп баратасың?

– Эмне болуп бараткanымы өзүм да сезбей калдым, Маке. Бир гана нерсени байкадым, келерки жылы бул мектепте иштөөм уят. Эки ай калыптыр окуу жылынын бүтүшүнө. Ошого дейре чыдап тур. Анан башка жакка кетпесем, сенин алдыңда, коллективдин алдында маскарам чыгып калгыдай. Кыскасы, ишеничиңерди аткара албай жатам.

– Башка жакта деле ушундай мектеп, ушул жердегидей балдар окушат. Ушинтип жүрсөң, эки айга жетпей аерде да суук тумшук болуп калышың сөзсүз. Көчүп жүрүп из жашыруу кыйын. Кеп эркти бийлеп, ооздон чыккан сөздүн ээси боло аласыңбы, жокпу, ошондо.

Менин бул насаатыма ал «ырас айтасың» дегендей баш ийкеп гана койду. Өкүнүп жаткандай туюлду мага. Мен жаңылыптырмын. Жылдын акырына чейин ал дагы бир-эки жолу мас болуп, айыл аралап кыйкырып ырдап жүргөнүн балдар да көрүп коюшуптур. Ал турсун, бир марта түн ичинде, барар үйүн таппай темселеп жүргөн жеринен эки окуучу таяп жөлөп араң жеткирип койгонун мага бир карыя колхозчу айтып берди. «Дурус неме көрүндү эле мунуңар жаңы келгенде. Менин андан окуган неберем да мактап келчү, агайыбыз эң жакшы окутат деп. Эми: «Агайыбыздын оозунан сүйлөп жатканда арак, бозо жыттанып турат», – деп жамандап келчү болду. Ортого алып, жакшылап жемелеп койбойсуңарбы: качан көрсөм, ичкич жигиттер менен жүрөт. Ал – жалгыз, силер – көпчүлүксүңөр. Кантип бир кишини жолго салып коё албайсыңар?»

– деп мени уяткарып таштады. Аксакал кишинин бул сөзү сөөккө өтүп калган белем, кийин анын жүрүш-турушун педсоветте да карап көрдүк. Күнөөсүн мойнуна алат, кечирим сурайт, кайталабайм деп убада берет. Мындай кишиге кантип жанын кейите мамиле кыласың? Убаданын аткарылышын күттүк. Чогулуштан соң он-он беш күнгө дейре ал укмуш жүрдү. Сабакка учурунда келет. Чачын күндө жууп, маңданынан сол жагына карата кайрып таштап, үстү-башы менен баарыбызды суктандырат. Балдар, жолдоштору кубанып калдык. Анан бир күнү эле жок жерден пайда болгон жамгыр булутундай түнөрүп, Балкыбек кабинетке өзү кирип келди: «Кечирип кой, Маке, мени дагы кара көөлөк айдап, кече ичип койдум. Баланча келип, «комуз чертип, ырдап берсең жетишет. Ичкиликти кыстап ичириш деген менде жок, өзүң билесиң» деп отуруп алып барды эле, дагы мас болуп калыпмын. Өзүм айтып койбосом деле эл жеткирет тура. Мындан ары чакырган жерге барууну такыр токтотуп койбосом», – деп өзүнө өзү кейиди. Эмне дейм? Эркин колдон чыгара баштаганына көзүм жетип калды. «Окуу жылынын аягына жетсе, жолун тоспоюн. Каякка кааласа, ошол жагына кете берсин» – деп, ичимен чечимге келгенмин. Так ошондой болду. Август кеңешмеси жүрүп жаткан мезгилде, анын которулуу жөнүндөгү арызын райОНО канааттандырганын угуп, чынында сүйүнүп кеттим. Ал биздин мектепке жиберилгенде ушундай кубандым эле. Кетерин угуп эми сүйүндүм. Артык баш жүктү ким көтөрүп жүргүсү келсин. Ыраматылык Райкан айткандай, Балкыбек «ашка жүк, башка жүк» боло баштаган. Андан аркысын мына бул Жапар акеңен сурайсың. Ушул директор болуп иштеген мектепке которулган. Калп айтпасам, Жапар өзү аны суранып алып кетсе керек эле, чынбы?

– Ооба, чын. Мектепте али окуу бүтпөй жатып, Балкыбектен мага кат келди. Ошондон бери оозуман чыгара элек болчумун. Ал каттын сырын, эми айтууга аргасыз кылып отурасыңар. Маматка наразылыгын билдирген. «Жаш кезден бир мектепте окуп, бир айылда чоңойгону-

бузга карабастан, Мамат бийлигинен пайдаланып, мени кысып жатат. Анын жөнү жок чокчоңдогону менин өзүңө белгилүү шыгымы мокотуп жибере турган. Анча-мынча араздашып да калдык. Сен да көңүлү жакындардын бири элең. Жардам кылып, келерки жылы өзүң башкарган мектепке алып кетсең. Кызмат боюнча сени уятка калтырбасына көзүң жетсе керек. Эгер буга жарабасаң, мен башка районго кетүүгө аргасыз болом. Институтту чогуу бүткөндөрдөн силерге окшоп мектептин, же райондун кожоюну болуп иштеп жаткандар азыр көп. Ошолордун бирине барып, баш калкалоого туура келет».

Мына ушундай мазмундагы катты алгандан кийин ага ошол замат жооп жаздым. Өтүнүчүн орундатуу үчүн бар күчүмдү жумшай турганымы билдирдим.

Август кеңешмесинде Балкыбек ал мектептен кетүү себебин мага жашырбай сүйлөп берди.

– Чынын айтсам, Жапыке, мен Маматка таарынып кетип бараткан жерим жок. Айып менин өзүмдө. Жыл ичинде бир-эки жолу ичкиликтин айынан ошол жердегилерге уят болуп калдым. Сага кат жазганда ал жагын жашырып, Маматты гана себепкер катарында көрсөтө койдум эле. Бирок сен коркпогун менден. Али аягына чейин бузулуп бүтө элекмин. Үмүттү үзбөгүлө азырынча. Тарбиялап алсаңар болот, – деп корсулдады. Ошондо да оозунан арак жыттанып турган.

– Сен тарбияланып бүткөн кишисиң. Эми өзүң башкаларды тарбиялашың керек да?

– Аның туура, Жапыке. Мына, эки-үч жыл иштеп да койдум. Бирок, азырынча өзүмө өзүм ыраазы болгудай жумуш аткара элекмин. Институт мага билим да берди, бузган да ошолор болдубу деп жүрөм. Себеби дебейсиңби? Мени ашыра эркелетип, башкалардан өзгөчөлөп мамиле кылышчу. Аларды менин комузум менен ырым айрыкча кызыктырды окшойт. Бир жылга жетпей бүт институтка таанылдым. Сабакты мыкты билгенди балдар деле, мугалимдер деле сыйлары анык дечи. Мен жалаң гана бул жагынан эмес, комузчу, ырчы катарында да даңаза-

ланып кеттим көрүнөт. Кийинчерээк агайларым конокко чакырышчу болду. Кайда барсам стол жайнаган ичимдик. Агайларым а дегенде: «Винодон азыраак ууртап койсоң эч нерсе болбойт, көңүлдүү отурганга жакшы. Сен эми орто мектепте окуган бала эмессиң, студентсиң. Аудиториядан башка жерде биз менен жолдошсуң», – деп коюшчу. Мындай сөз, албетте, кулагыма барган сайын жакшы угулуп калды. Бара-бара винодон аракка өткөрүштү. Айыл чарба жумушуна барганыбызда студенттер пахта терсе, мен агайларымын, колхоз активдеринин кечки үлпөттөрүндө көңүлүн ачыш үчүн көлөкөдө отуруп күндүз күү, ыр даярдоочумун. Мунун аягы эмне менен бүтөрүн байкаганында, комуздун кылын үзүп, капкагын сындырган учурум да болду. Эл экен, кайдан тапканын билбей каламын, эртесинде эле кайра бирөө комузун колдойтуп: «Баке, мына жаңы комуз таптык. Чертип койсоң» – деп, маңдайында арбап туруп алса, кантип кыясың аны? Үлпөтчүлүк кайра башталат. Чынын айтсам, өзүм окуу жайынын алдындагы комсомол уюмунун секретары экендигиме карабастан, убактымын көпчүлүгүн агайларымын, досторумун кечелеринде жүрүү менен өткөргөнүмү эстесем, азырга чейин бетим кызарат. Алардын сыйлаганына кантип наараазы болоюн. Бирок, ошолордун ичинде турмуштун ысык-суугун мага караганда көбүрөөк көрүп, башы кагылган кишилер деле бар болучу. Эмне үчүн алар деле жондон таптап, ичире бергенине түшүнбөйм. Бир жагы – бул, экинчи жагынан жаралганда ушундай көңүлкеч, эрки бош жаралганмынбы, айтор жетелеген жакка эле сенделе басып кете берген менин өзүмдө башкы айып. Болбосо эмне? Комуздан көрүп, аны нечен жолу талкалап, нечен ирет кайра кармадым. Ким аргасыз кылды дейсиң? Эч ким мени соттомок да, өлтүрмөк да эмес. Жолдоштуктан деле өздөрү опузалагандай кечип жиберишпейт эле. Баарына а дегенде мен өзүм күнөөлүмүн. Бала кезден үйдөгүлөр бозо үзбөй салышчу. Же ошондон ууланып калганмынбы, айтор, башынан ичкиликти жаман көрбөйм. Жаныке. Муну сенден жашырбай айтып коёюн.

– Андай болгондо, тиги мектептегиңи бизге баргандан кийин барат экенсиң да?!

– Кайталабоого тырышам деп жатпаймынбы, Жапыке! Бул жерде иштөөгө балдар да байкап калышыптыр. Алардын алдында барк кеткенден кийин мугалимдин кайсы касиети калат?

– Бул пикириң эң сонун!

Кайсы мектепке барба, баарында бала. Алардын бир тобунан качып, экинчи тобуна барыш – жакшы максатты гана көздөгөнү дурус. Мени билесиң, достугуңа достук менен жооп берүүгө жараймын. Бирок анын кызматка тиешеси жоктугун унутууга тийиш эмессиң. Экөөбүздүн достугубуз балдардын тарбиясына жакшы жагынан таасир этсе сонун. Кылмышыбызды жашырып-жабыш үчүн багытталса, андан экөөбүз тең эле пайда таппайбыз. Өз кемчилигиңи өзүң сезет экенсиң. Демек аны жоюунун жолун издөө да а дегенде сенин өзүңөн башталышы керек. Иштешиң үчүн зарыл шартты түзүп берүүгө мен милдеттүүмүн. Анан ишти, үлгүлүү жүрүш-турушту сенден талап кылуу да, биринчи кезекте, менин милдетим.

Балкыбек экөөбүздүн арабыздагы бул аңгемелешүү кеңешме жүрүп жаткан кезде болду. Ал эми кеңешменин ишине катышып отурган райкомдун пропаганда жана агитация бөлүмүнүн башчысы чыгып сүйлөгөндө, анын бети даана-ачылып калды. Ичип жүрүп, жыл ичинде бир топ сабак калтырганын, педсоветте сөгүш алгандыгына карабастан, мектептин ички тартибин бузууну кийин да улантканын ал элдин баарына жарыя кылды. Башын салаңдатып, жер тиктеп калган Балкыбекке залдагылардын жүзү бурулган сайын, анын карааны кичирейип бутунан төмөн жерге кирип бараткансып турду. Уят!..

«Салиевдей мугалимдердин балдар арасында мындан ары калышы зыяндан башка эч нерсе бербесин, райондук эл агартуу бөлүмү эсине алышы зарыл», – деп бүтүрдү ал сөзүн. Мына жаза! Мына чечим! Бул кишинин пикири – райкомдун пикири. Ага көлдөлөң туруп көрчү. Алигиче эсимде. Мамат өзү баш болуп, ошол кеңешмеде Балкыбекти

актоого аракет кылып, үч киши сүйлөп чыкты. Райондук эл агартуу бөлүмүнүн башчысы эткел сары жигит да өзүнүн корутунду сөзүндө, тигинин адепсиздигин айтып келип, бирок ал окуткан сабактан мектеп боюнча жетишпеген окуучу жок экендигин билдирди. Бул Балкыбектин күнөөсүн бир топ жеңилдетип кетти. Мен да кепилдикке өттүм ошондо. Ошентип ал биздин мектепке жиберилди.

Жанагинтип өзүнүн моюнга алгандарынан, анан чогулушта уккандарыман кийин чынында андан чочулай баштадым.

Жок, Балкыбек берген убадасында бек турду. Ичкендиктин белгисин канчалык аңдып жүрсөм да, байкай алганым жок. Азамат! Уяты бар неме да. Айтылган сөздөр аябай таасир этсе керек. Сабагы бүткөндөн кийин деле мектептен кетпейт. Тамактанып келип, мектептин ички жумуштары менен алек. Дубал газетанын оформлениеси, расписаниени жаңылап жазуу, ар кандай иш пландарын коздоп жазып-илүү сыяктуу майда-чуйда жумуштарды андан артык аткарчу киши жок.

Анын шыгы бул жердеги төрт колхоздун элине да теэ эле билинип калды. Күз башынан өзү уюштурган өздүк көркөм чыгармачылык коллективи менен аларды бир сыйра кыдырып чыкканда: «Колуң дарт көрбөсүн!» – деп аны чын ыкластан алкап, күүсү менен ырын дагы бир угууга зар болуп жүргөн мындан көп. Иши кылып, Балкыбектин бул жерге келиши биздин мектептин кадырбаркын эл алдында дагы жаңы тепкичке көтөрүп таштады окшойт. Кубанып жүрөбүз. Ал турсун Маматка: «Сенин колуңан келбеген ишти биз аткарып койдук. Балкыбек ичкилик деген немеден жат болуп кетти. Ишенбесең келип көр», – деп тамаша-чындан бир күнү кат да жазып жибергеним эсимде. Ушул эле пикирди райОНОнун, райкомдун кызматкерлерине да барган сайын айта берип, анын оңоло тургандыгына тигилерди биротоло ишендирип таштадым.

Мезгил – февраль айы. Кар ала-чокул болуп кете баштаган. Жол таманы ылай. Шайлоо участкасына бараткан-

мын. Участкалык шайлоо комиссиясынын председатели болгондуктан, ага күн сайын мектепте жумуш бүткөндөн кийин барып турчумун. Кечетен бери Балкыбек ошерде райондон жакында алып келинген кызыл матага ураан жазып жатат. Аларды бүгүн илмекпиз. Пайына чейин ылайга батып араң бут шилтеген менин атым кырга көтөрүлө бергенде, кулактарын тикчийте кошкуруп, артына кетенчиктей берди. Мына кызык! Жыйырма метрче жерде мектептен бараткан үч-төрт бала бирөөнү колтуктап жерден тургузуп жатат. Ал болсо, телчиге элек тайлактай калтаңдап, ылай манчаларын арбаңдата, тигилердин желкесине таяна калат да, кайра эле тизеси бүгүлүп, чөгөлөй түшөт. Ким болду экен? Балдарды тааныдым – экинчи сменадан тараган жогорку класстын окуучуларынан. Тигилердин күчүркөнүп аракет кылганынан денеси өйдө боло бергенде, бир өңүрү чылага малынган кара шинель көзүмө чалынды. Балакет баскан тура – Балкыбек! Оонаган ат жабуусундай ылай өңүрү калдайып барып, көтөрүп жаткан балдарын бирөөнө тие берди эле, ал коё берип, булганган кийимин аяп тиктеди. Балкыбектин колу шылый чабылгансып, төмөн көздөй салбырайт. Көргөн көзүмөн өзүм уялып, ошол замат атымы башка жакка буруп кеттим...

Ошондон кийин үч күн катары менен ал сабакка келбей калды. Себеби белгилүү да. Чыдап күтө бердик. Төртүнчү күнү көзүнөн жашын көлдөтүп, менин кабинетиме аялы кирип келди: «Агай, жардам кыла көрүнүз. Балкыбектин үч күндөн бери эти ысып, наар кылбай жаткан эле, бүгүн кан куса баштады. Тез доктур чакыртпасаңар чатак», – деп шолоктоду.

Бардым. Башын суу сүлгү менен таңган бойдон жатат. Сур өңү кара көк тартып, бүтүгүй көздөрү чанагына кирип кетиптир.

– Эмне болду?

Жооп берүүнүн ордуна кино кинокамерадан жүзүн качырган айыптуу кишидей бетин дубалга карата үйрүп кетти. Билип турам, жаны алкымга келип турса да, андан уят күчтүүлүк кылды.

Ошол күнү араба менен райондук ооруканага жеткирдик. Аяктан шаарга анализден өтүш үчүн жиберишиптир. Жыйынтыгы – врачтардын корутундусуна ылайык ага балдар арасында иштөөгө тыюу салынды. Отузга жетпей инвалид болуу албетте аянычтуу. Айла канча...

Сөз кезегин кайра Марат алды.

– Мен Балкыбекти акыркы жолу төртүнчү курсту бүтүп барганда жолуктурдум. Каникулга келгеними укса керек да. Айбан алдына илинген бет жуугучка самын сүртүлгөн мойнуму тосуп турсам, жылаңач жонума бирөөнун муздак алаканы тийди. Анан күлкүсү угулду. Тааныш күлкү. Жонуму акырын чапкылап эркелете баштады. Мурдуман төмөн көбүктөгөн сууну чуурутуп бурула берсем – Балкыбек. Менин жанагыдай абалыма карабастан адатынча кучактап, бети-башымы өпкүлөп жиберди. Кызуу. Жаак сөөктөрү оркоюп, береги Бозбунун кырынан жаңы гана четин кылайткан кызыл жүздүү күндүн али күчсүз нуру терезенин пардасынан көрүнгөндөй анын кансыз кулактарынын көнчүгүн агыш кызгылт нур менен боёп турду. Жай саратан экендигине карабастан, үстүндө бир кездеги калың сары диагоналдан тигилген кител күрмө. Анын ички ак жакасы качан кадалганын ким билсин, айтор, ал кара чүпүрөккө эчак айланып, четтери кырылып кетиптир. Бутунда эски галош. Бакалдан батек салып алган экен, туш-тушу жагынан анысы эрбейип-сербейип чыгып турат. Менин колуму али коё бербеген анын арык манчалары жер астынан чыгып келген кишиникиндей муздак эле. Кебетесин көргөндө зээним кейиди. «Бул айылда биринчи жолу галстук тагынып, утюгдап кийим кийген сен эмес белең! Ушунчалык басынып кеттиңби? Кантип өзүңөн өзүң жийиркенбей жүрөсүң?» – дедим ичимен.

Менин эч кандай сөзгө келбей таңдана тиктегекими эми гана казарына алды бейм, колуму силке берип, бет терисин жыйрылта борсулдап күлдү:

– Эмне, мени таанибай турасыңбы? Балкыбегиң эмесминби? Сенин бир кездеги агайың, маскөйүң! – деп ого бетер каткырды. – Таңданба, кагылайын, Марат, оору

пилди чиркейге айландырат деген ушул экен. Оорукана болуп калды менин экинчи үйүм. Бир жумача болду андан чыкканыма. Өлгөнчө ойноп-күлүп калалы. Кандай дейсиң? Дагы күлдү.

«Эмнесине кубанып күлөт?» Бир кездеги тиштерин бадырайта күлгөнүндө сыр да, маани да бардай жагымдуу угулчу. Азыркы күлкүсү менин кыжырымы келтирди. «Кебетесин кара, күлкүсүн ук. Өлө албай жатып ат үркүтөт дегендей, мунун жөнү жок шайырлыгын карасаң. Ыйлоо керек да мындай кезде. Жолуң болгур десе».

– Сага келдим, Марат, үйгө жүр. Конок болуп, кел. Албетте мурункудай алдыңа тамак жайнатып меймандоочу чамам азыр жок. Пайгамбар барына азыр деген, бас, – деп мени ошол жерден жетеледи. – Менин абалыман жийиркенбей эле кой. Болгонум ушул. Жер үчүн жасангым келбейт. Жердин бир жакшы жери, Марат, эч кимди ылгабай керегинде койнуна жашыра бергенинде. Менимче, дүйнөдө жерден бөлөк адилеттүү эч нерсе жок. Падышаны да, генийди да, мага окшогондорду да ылгабай койнуна ала берет. Баарыбызды акыры тынчтыкка, адилеттүүлүккө ээ кыла турган ушул жер… Алмак-салмак жерди тээп койду эле, андан чаң чыкты. Кечирип кой, Марат, философствовать этип кеттим көрүнөт, – деп көк тамырлары тарсыйып чыккан чекесин бир колу менен капшыра кармап, делдектей тура калды.

– Үйго кир, тамактанып алып анан баралы, – десем тек ынабады. – Агай менен апайдын көзүнө ушул абалым менен кантип көрүнөйүн? Кийинип чык, мен тиерде күтүп турам, – деп бешенесин кармаган бойдон ары басты.

Үйүнөн аз жерден качып чыкпадым. Ичи көптөн бери акталбагандыктан акиташтары көчүп, саман шыбагы көрүнүп калыптыр. Сыз жыттанат. Мурун атайын шкафта сакталчу китептер текчелерде, жүк бурчунда, столдун түбүндө, ар жерде чаң басып жатканын көргөндө ого бетер көңүлүм айныды. Мээрептин бир жагындагы бөрктүү мыкта кылсыз, капкагы жарылган кыпкызыл өрүк комуз илинип турат.

Чачтары кулагынын үстүнөн баш аламан чыгып, саксайып жүдөгөн Балкыбектин бир кездеги нур жүздүү аялы кейиштүү мүнөздө, кир дасторконго каткан төрт нанды алып келип, акырын алдыбызга койду да, чүпүрөктөй болгон аянычтуу жүзүн күйөөсүнө буруп: «Башка эч нерсе жок да, эмне кылабыз?» дегендей суроолуу тиктеди. Мени ээрчитип келерин ага айтпаса керек.

«Кой десем болбой, жана сага баратканымда жолдон Сарыбай көрүп калып, жүз грамм арак ичирип койбодубу. Ал азыр дүкөнчү да. Кээде ошентип, пайдасын тийгизип турат азамат», – дегени эсиме түштү. Мени ээрчитип келатканда да улам магазин жакты кылчактап карай берген. Анын жанынан өтө бергенибизде «мен чуркап кирип, бир нерсе алып чыга коёюн» дегенинен кармап жиберген эмесмин. «Мен ичпейм».

Ошентип, бир кезде кирпигине чаң жугузбай бапестеген жарын жер каратты. Уялтты. Анын жети өмүрүн жерге киргизди. Кемсинтти. Турмушун барксыз, баасыз кылып жиберди. Баягы жылы аны машинадан ыргытып жиберип, өзү өлүп кала жаздабадыбы беле? Азыр менин жүзүмө тик карай албай уурудай жалтанган арык, жүдөө келин ошондогу сурмалуу көз, кырдач мурун, Балкыбектин өзүнө окшоп күлкүгө, комуз үнүнө, ырга ышкыбоз чабек бойлуу кыз ушул. Машина менен болгон окуяга чейин Сурма экөөнүн сүйүшүп жүргөнүн эч кимибиз байкаган эмеспиз. А Сурма ошондо жаңы гана он жетиге келип, биринчи жылы мугалим болуп иштей баштаган кез. Балкыбекти сүйүп жүргөнүн биз түгүл, ошол окуяга чейин кыз өзү деле сезбеген тура.

«Жар боорунан учурган,
Жашыл ала кептерим…»

деген ыр, балким, Сурманын дартынан ырдалып, ошонун кумары ага жаңы обон чыгарткандыр. Ачык мүнөздүүлүгүнө карабастан, Балкыбек сүйүү ишин ыйык сыр катарында сактап, көрүнгөнгө айта берчү эмес. Ошондуктан Сурма экөөнүн баш кошконго чейинки тарыхы бизге алиге чейин белгисиз.

Мен Балкыбектин үйүнөн көкүрөгүм толо жүк менен чыктым.

Суунун берки өйүзүнө чейин ал мени узатып келди. Эртең мененкидей эле бир аз нымшыган кан-сөлсүз, арык, муздак колун мага карматты да: «Кош, Марат, капа болбой кет. – Менин азыркы абалымы көрүп кетсин деп гана чакырганмын. Келгениңи укканда, чыдап тура албай жөнөдүм: Сарыбайга ыракмат, эгер ал жүз грамм куюп бербесе, уялып сага бара алмак эмесмин. Чынымы айтып жатам. Кебетеми көрдүңбү? Ушинтип жүргөн киши конок күтө алмак беле. Аны айтпасам деле өзүң түшүнөсүң. Сага окшогон жоро-жолдоштор кийин эске алганында менин жаман жагымы гана айта бербестен, жакшы жактарымы да эскере жүрсөңөр. Мындан бөлөк силерден эмне сурамак элем? Башка жардам колуңардан келбейт. Келсе: «Мени кайра жараткыла», – деп сурамакмын. Антүүгө кудуретиңер жетпейт деп анын үнү баягыдан бийик да, анан калтырагансып чыкты. Айдын жарыганан кителин тиреп оркойгон ийиндеринин солкулдап турганын көрдүм. Ыйлап жатыптыр. Чыдап тура албадым, колуму бошоттум да, шарт жүрүп кеттим. Анчадан кийин артыма бурулсам, Балкыбектин арык, узун денеси улам кичирейип бараткан экен. Мен жакты токтой калып карап коёт. Бир кезде Сурмасын ушул суу боюнда жолуктуруп, күү чертип, жүрөгүн козгоп ыр ырдап, анан коштошкондо ушинтип кыйылган чыгар. Сүйүшкөндөр адатта кол алышып коштошкондон кийин да ушинтип, бирин-бири кыя албай кылчакташа берет го. Биз ошентип жаттык. Суудан өттүм.

Кашатка чыгып карасам, Балкыбектин карааны илкип баскан кадамга ээрчип, улам нарылап бараткан экен. Афлатун суусу кирип калган. Анын түн ичинде алда кайда шары тигинин көкүрөгүнөн чыккан өкүнүч өкүрүгүнө окшоп, айбаттуу угулуп турду.

Мен ошол түндү көз ирмебей өткөрдүм. Эртең менен атам менен апама Балкыбектин абалы тууралуу төкпөй-чачпай, өзүм ачка калсам да, келерки жылы аны Ташкенге алып кетип дарылатам дедим.

Сентябрь айынан тартып, стипендиямын он сомун кассага сала бердим. Өзүм ачкадан өлмөк белем. Айына атамдар жиберчү жыйырма сом бар эмсспи. Болгону бир жыл бою Балкыбектин урматына театрга барбай коюуну чечтим. Балкыбек үчүн эч нерсени аягым келбейт. А түгүл өзүмөн улуу эки эжемин бирин ошол сүйсө экен деп тилечүмүн жаш кезде. Жок, алардын тагдыры, албетте, менин каалаганымдан башкачараак болуп чечилгенин силер билесиңер. Май айынын аяк ченинде кассадагы акчам жүз сомго жете түштү. Акча жөнүндө ага билдирбестен: «Сен ошол жердеги доктурларыңын корутундусун даярдай бер. Мен ошол жактагы тубдиспансер менен сүйлөшүп койдум. Жакында кабар беремин, келесиң. Каражаттан коркпо», – деп гана жазып койдум. Балкыбектен жооп кечигип жатты. Мындан бир ай өткон соң, Сарыбайдан кат алдым: «Балкыбек он бешинчи майда дүйнөдөн кайтты. Сенин катыңы кече аялы мага алып келип берди. «Жооп жазып кой, менин колум барбай жатат» деп. Мына, ошондуктан менин сага жазып огурганым».

Мына, биздин Балкыбектин мага, силерге белгилүү өмүр жолу. Аянычтуубу? Аянычтуу. Өкүнүчтүүбү? Өкүнүчтүү.

«Ким кечигип өкүнсө, ошол жаман киши», – дейт Шекспирдин каармандарынын бири. Өкүнүү азыр пайдасыз. Ошондой болсо да бул жөнүндө башкаларга жаап жашырбай айтып берсе, менимче пайда. Балкыбек сыяктуу турмуш жолун туура баштап, кийин андан тайып кеткендер арабызда азбы?...

## АШЫМДЫН АҢГЕМЕСИ

Эртең менен Жети-Өгүздүн көркүнө маашырланып, корпустун маңдайындагы аянтчада, чар тарапка суктана тиктеп, таягыма оорлугуму сала жөлөнүп турсам, корпустан үч кыз чыгып, тепкич аркылуу төмөн түшө башташты. Бирөө көз айнек тартынган. Ичинде бойлуусу да ошол.

Экинчиси маес, чап жаак, кара тору арык кыз. Мунусунун мойну да бир жагына кыңыр экен. Эң арттагысынын өңү ак саргыл, мүчөсү сындуу, бети толмоч, өрүлгөн чачын желкесине түрүп алыптыр. Өзбекче фасондо тигилген кыска жеңдүү карала атлас көйнөгү ак денесине куп жарашып турат. Колунда күндүн нуруна чагылышып, жалтылдаган кичинекей алтын саат. Биринчи тепкичте бул кыз бир аз аярдай калгандыктан, саатынын ичке чынжыры эткел билегине камырдын үстүнө түшкөн катуу немедей болорболбос батып турганына чейин көзүмө чалдыкты. Тепкичтерди санагансып, мунусу араң бут шилтейт. Берки экөө жарыша чуркап, төмөн жакка заматта түшүп кетишти.

Бул адепсиздик экенин түшүнсөм да, адегенде бир бутун, анан экинчисин коюп, аяр жылып бараткан жанагы өзбекче көйнөк кийгени тепкичти санап баратса, мен анын кадамын эсептеп тургансып, кадала тиктеп калыпмын. Мунуму байкап койду белем, кылчая бурулуп мен жакты бир карап койду. Ыңгайсыздана түштүм. Мени тиктеди, анткени аянтчада менден бөлөк ошол убакта эч ким жок болучу. Көз карашым менен аны узатып турганымды жаапжашырууга аракеттенип, ошол замат жүзүмдү нары бура бердим. Менин тигини ээрчий тиктегеними төмөн жакка түшүп, бери карап турган баягы эки кыз деле байкап койгонсуду. Бу болсо мени андан бетер уялтты.

Өңү-түсүнө, кийген көйнөгүнө карап аны «узбечка го» – деп ойлодум. Чамасы буту ооруйт. Басышы ошондой. Бирок, тик буттарынын толо, чың балтыры оорунун белгисин түк көрсөтпөйт. Кара амиркен, бийик такалуу туфлиси ак балтырын ого бетер ажарлантkансыйт.

Кадамын араң шилтеп олтуруп, ал тепкичтердин аягына бир маалда жетти. Мен эмне үчүндүр, аны аяп кеттим. «Оору болбосо экен, ушундай неме оорубай эле койбойбу» – деп жаттым, ичимде. Көрүнгөн кызга, же жашыраак жубанга, алар болсо, жигиттерге тушма-туш келе калганда көз кыры менен бирин-бири узатып коёру табигый зарылдык окшойт го. Мен деле ошол зарылдыктын айынан тигиле тиктеп койгондурмун да? Андай болсо, эмнеге ичим уйгу-туйгу болду?».

Эчак караандарын үзүп кеткен жанагы кыз, жок үчөө тең эмес, карала атлас көйнөк кийгени, тулку бою маралдыкындай сымбаттуусу, көзгө көрүнбөгөн сыйкырдуу жип менен жүрөгүмүн учунан байлап алып жетелеп бараткандай, оюм менен алардын артынан ээрчип олтуруп, мончого барууну да эсимен чыгарып коё жаздапмын. Эмнеси болсо да, көптөн бери көрүшпөй, кусадар болуп сагынган кишими ушул бүгүн, ушул жерден жолуктургансып, жүрөгүмүн башы ысып калды.

Кыздар көздөн кайым болгондон кийин, көпкө турбай кийим-кечелеримди алып, мончого барыш үчүн комнатама кеттим.

Мончого жуунуп чыкканга денем сергилең тарта түштү. Биздин түштүктүн жайкы аптабы белгилүү го. Июндан тартып, кээде майдан баштап эле күн чычаласын как төбөңө кармап тургансып, тулку боюң нымшыганы-нымшыган. Ошондой ысык жактан келгенгеби, мончодон костюмчан чыкканыма карабастан, шар сууну бойлоп өйдө карай бир аз басканымда эле, коюн-колтугума кирип келген тоонун муздак жели суунун шапатасы денеми ичиркентип жиберди. Улам нары баскан сайын кайра ысыдым.

Жайлоонун салкын колу маңдайыман тепчип чыккан терди жумшак сылап, аарчыгансыйт. Алда кандай толкуну күч сезим тышка жол издеп, көөдөнүмдү каккылайт. Бүткөн боюм жеңил тартып, эмнегедир көңүл кушубак.

Жети-Өгүз курорту чын эле күр жайлоонун өзү экен. Чатырап толгон малы, катар-катар тигилген үйлөрү жок болгону менен, бардык турпаты жайлоонукундай. Суусучу? Жеринин көркүн мактап ырдаган жаагы жок акындай анын күр-шары эртели-кеч кулагынан кетпейт. Түндө келгенде биринчи болуп, менин көңүлүмү өзүнө бурган ушул суу болду.

Комнатама кирип, мончодо чечилген кийим-кечемди койдум да, кайра сыртка жөнөдүм.

Аллеялардын аржак-бер жагындагы экме гүлдөр, чабуулга аттанган калың кошундай берегі сайдын өйүзбүйүзүндөгү шыпташкан карагайлар, жолдон чыга кал-

саң тушарга оролгон көк шибер чөп өзүнө чакырат. Көз жоосун коркү менен алек кылат. Кызыл шиш тумшугун өйдө көтөрүп, оозунан суу бүркүп турган узун бут илегилек, төбөсүн жапырайтып, көзүн тостойто суу чачып жаткан бака, качууга камынган тоо эчкисинин гипстен жасалган тулкусу – ушулардын баары тышта мени күтүп тургансып, сыртка ашыгам. Мен эшикти ача берсем, биздин тушубуздагы комнатанын каалгасы да ачыла берди. Баягы мен өзбечка деп жоромолдогон кыз. Эми орусча тигилген кайырма жака күрөң кызыл жүн көйнөк кийип алыптыр. Чачы эртең мененки мен көргөндөй желкесине түрүлбөстөн, жоон өрүмгө бириктирилип, оң көкүрөгүнүн үстүнөн төмөн карай тизесине жете чубалжыйт. Мени жалт карап алды да, колумдагы таягым таз маңдайыма барып бир тийгенсип, ал эшигин ошол замат тарс жапты. Муну мен: «Эртең менен баскан изиме чейин аңдыганың аз келгенсип, эми сыртка чыгышымды күтүп турдуң беле? Деги кандай арсыз немесиң? Тур нары» – деп, кош колдоп туруп көкүрөктөн ары түртүп жибергендей эле туйдум.

Эшик жабылгандан кийин, кыздардын комнатасынын ичи күбүр-шыбырга толуп кеткенсиди.

– Эмнеден качтың? Эмне үчүн өңүң бузулду? Эшикти мынчалык эмне катуу жаптың? – деген курбуларынын суроосуна:

– Баягы таякчан киши биздин каалганын алдында туруптур. Уятсыз неме го. Эртең менен буттарыбыздын ар бир кадамына чейин эсептегени аз келгенсип, азыр мында аңдып турганын кара. Деги бул эркектердин арасында бутунун таманы менен бетин баскан намызсыздар көп белем – деп, шылдың аралаш сөгүп да жаткандай угулду мага. Жок, эч нерсе деле угулган жок, ушундай туюлуп жатты.

Бирөөнүн артына кыяпат айтып, анан бети ачылып калган кишидей денем ымыр-чымыр боло түштү.

Ушинтпп, эртең менен тиги кызды биринчи көргөндөгү пайда болгон татынакай ой, ширин сезим, жок жерден чыккан тополоңдуу куюнга урунуп, багытын жоготкон мордун түтүнү сыңары, мүнөттө тымтыракайы чыгып кетти. «Текеберлүү

бул кыздын жүзүнө алыстан болсо да, экинчи тик багып карабайм».

Өзүмө-өзүм ушундай ант берип, али да болсо жабышып калгандай тутканы кармап турган колум бошоттум да, коридор аркылуу шак жүрүп кеттим. Ошондогу бутумун шилтенишине жараша бирде өйдө чыгып, бирде ылдый түшүп бараткан таягымын таманынан чыккан доошко карап, сезгич киши болсо, менин жүрөгүмүн ушул учурдагы жүгүн байкап коёру шексиз эле. Анткени, бардыгына күнөөлүү ушул таяк окшоп, аны тактайга аябай катуу ургулап бараттым.

Сыртка чыктым. Көзүмө эч нерсе көрүнгөн жок. Ал турсун, эртең мененки өзүнө суктанткан бул жердин коздугу да, азыр бетине кара көшөгө тартынып алгансып, мага суз көрүндү.

* * *

Кечки тамакка кирип бара жатып, баягы сымбаттуу кызды, көз айнекчен, бети сепкилдүү шеригин залдын орто ченинддеги столдон көзүм дагы чалды. Аны таптакыр тиктебейм дебедим беле, зал толо кишилердин арасынан аларды кантип издеп калганымы түшүнбөйм. Көз айнекчени эшикти карап олтургандыктан, кире бериштен, менин көзүм аныкына барып урунгансыды. Беркисинин бери жакка далысын салып отурганына кыжырым келет. Эмне үчүн? Өзүм түшүнбөйм. Менин өз ордум бар. Ошого барып олтурдум. Алар тарапка тиктебеске аракет кылам. Эркке көнбөй башым ошол жакка кантип бурулуп кеткенин байкабай калам. Тамакка да көңүл чаппайт. Бул эмнеси? Кечээ, эле ичтейим ачык эмес беле? Столдун үстүндөгү тамактардын бирде анысынан, бирде мунусунан чүпчүлөп, жебей олтурдум. Мунуму байкадыбы, каршымда олтурган орто жашап калган сулууча татар аял: – Нига ашамыйсыз? Алле ооруп турасызма? – деди.

– Жок, – дедим бир гана сөз менен.

– Ванна принимать эта башладыңызма? Алай булса, может быть реакция башлангандыр.

Менден жооп болгуча, тамагын жеп бүтүп, ал кагаз салфетка менен оозун аарчый баштаганда.

– Жок, ваннаны эртеңден баштап аламын, – дедим мен.

– А-а-а-, алай булса, бу ернын климаты действовать кылса керак, но всеровно ашарга керак, хоть через силу, – деп мага насаат айтымыш болуп, анан ал ашканадан чыга жөнөдү.

Ичимдеги сырды түрүмөн билип тургансып, тигинин берген суроолору мени ыңгайсыздантып койду. Тамагы чала-була желген тарелкаларымы иретке келтирип коюп, стакандагы муздап калган компоттон бир чоң ууртадым да, ага удаа жөнөдүм. Тигилерден мурдараак чыгып кетүүм керек. Кекерлүү кыздын ачуулуу кебетесин экинчи көрүүнү каалаганым жок.

Ошол күнкү түн да, жайкы түн экендигине карабастан, мен үчүн кыштын түнүндөй узун, нары машакаттуу болду. Кечке чейин кара жумуш кылып каржалган кишиникиндей оорлошуп калган денеми эртең менен кроваттан араң көтөрүп турдум.

Сүлгү, щётка, самындарымды алып, коридорго чыксам, анын баш жагындагы жуунчу комнатадан баягы кыз чыгып келатыптыр. Кечеги окуя ошол минутада эсиме кылт этти да, шилиме бирөө шок бир чапкандай, башымы төмөн шылкыйттым. Этеги согончогуна чейин чубалып түшкөн гүлдүү халат кийип алыптыр. Тизесине урунуп, ачылган халаттын өңүрүн эңкее калып кымтылайт. Халаттын ичинен мүчөсү мурдагыдан беш бетер сымбаттуу көрүнүп кетти. Бир колунда анын да сүлгүсү, кутусу менен самыны, кутулуу тиш щёткасы жана пастасы бар. Бош колу менен бирде этегин кымтылай койсо, бирде даки жапкандай аппак мойнун менден кызгангандай жакасы менен далдалай берип өтүп кетти. Канчалык башымды эңкейтсем да, анын ушул кыймылдарын көз жаздымында калтыра албадым.

Кантип жана канча убакыт жуунганымы деле билбейм. Бир маалда дагы баягы кыздар турчу комнатанын эшигине тушташ келгенимде, бир күч көкүрөгүмөн тиреп токтоткондой, буттарым ары шилтенбей калды…

Күн өткөн сайын менин эрким жаалдуу боло баштады. Тигини ар кыл жол менен оюмдан чыгарып жаттым. Эгер ушул курортко келбесем, бул кесирлүү кызды жолуктурмак эмесмин да? Биринчи көрүп жатканыма карабастан, кадыр-баркы көптөн бери сиңишип калган немедей, өтө кыйындык менен башыман четке жылат. Кээде анын маралдай сүлпөтү жаткан кроватыма чейин жетип келип: «Мени көрдүңбү? Ичиң күйсө, көөдөнүңө бычак ур» – дегендей кашкая тиктеп, камырабай туруп алганычы!

Жок, менин да көктүгүм кармады окшойт. Мүмкүн болушунча, анын караанын күндүз азыраак көрүүгө, түндөсү таптакыр ойлобоого чымыркаанып, бел байладым.

* * *

Курортко келгенде мен таанышкан кишилердин бири Бакир эле. Ал бир райондо керек-жарак союзунун председатели болуп иштейт экен. Бети жайык, эткел неме. Сүйлөгөндө үнү ташка темирди чапкандай. Жашы кырктан нары болсо да, тамашакөй киши экен, экөөбүз теңтуштардай болуп кеткенбиз. Бир күнү а киши көлөкөгө келип, жанаша отура бергенде:

– Баке, сиздин оюңузча дем алууну канткенде көңүлдүү өткөрө алам? – дедим, колумдагы окуп отургаи китептин келип токтогон жерине сөөмөйүмү ката, аны жаптым да. Сөзүмдү тамашаны байкадыбы, жокпу, билбедим.

– Ошону түшүнбөгөндөй жаш бала эмессиң го, иним. Башты сергитип ары-бери басыш керек. Жалгыз баспай көңүлдү кушубак кылыш үчүн, бирөөнү колтуктай басыш керек. Тигине, көрчү, эркектерге өздөрү тийиштик берип жүрбөйбү» – деди колтукташып аллея менен бараткан үч-төрт аялды сөөмөйү менен сая көрсөтүп. Алар алдынан чыккан бир эркекке тамаша сөз айтыштыбы, айтор, каткырыктары катуу чыкты эле.

– Мен тааныгандардан сен, анан дагы көз айнекчен өзбек кыз жүрбөйбү, анын жанында дагы бир казак кыз бар. Ушул үчөөң китепке акыңар бардай тирмилесиңер.

Курортко киши эс алам деп келет. Ошондой болгондон кийин, эптеп көңүл көтөрүүнүн жолдорун издеш керек.

Жоор аттын үстүнө токум салганда ал кандай жыйрыла түшсө, жанагы кыздын кабарын укканда, эмнегедир, жүрөктөн атып чыккан бир күч менин денеми дагы жыйрылтты.

Көз айнекчени өзбечка, ал эми мен өзбечка деп болжолдогонум казачка экенин мына эми билдим.

Аксаргыл бирөөлөргө түспөлдөш, бирок текебер кыз жөнүндө Бакир аксакал сөз кылганда гана ток тийгендей жүрөгүмүн бир булкунуп алганы болбосо, ал тууралу ойлогонум жок. Жайкы түндүн өзүндөй мен да бүгүн көшүлүңкү тартып, тынч жаттым. Эртеси Бакир аксакалды кымыз сатчу ларёктун жанынан көрдүм.

– И-и, жигит, кымыз ичкени келдиңби? – деп кеккендей кыйгач тиктеп өтө берди.

Жанында мен күндө көрүп жүргөн аял бар. Маңдайындагы күйгөн теридей бырыш-тырыш анын бир кыйлага барып калгандыгын күбөлөндүрүп турса да, эки бетинин ортосу чертип жиберсе, кан атып чыкчудай кыпкызыл. Бакир аксакал жалпаңдап мага колун бергенде, артынан удаа мунусу да быртыгый колун узатчу. Астыңкы ээгиндеги төрт калай тишин жаркырата калп эле жойпуланып:

– И-и, Ашым, ишиң кандай? Дени-кардың жакшыбы? – дечү жолуккан сайын.

– Ракмат, эже, ден соолук дурус эле, бир гана кемчилигим зеригип жатам. – Ошондо ал кыска каштарын серпе:

– Керели-кечке китеп тиктеп отура берсең, зеригесиң да, ары-бери басып, көңүл ачуу керек.

– Ары-бери баскандай эле болуп жүрөм, бирок эмнегедир, көкүрөктүн чери тарабай жатат.

– Басканда китеп колтуктап баспастан, анын ордуна кыз колтуктап басыш керек, чериң ошондо тарайт.

– Кыздарыңыз жолобосо, кимди колтуктайм?

– А-а-й Ашым, кызык немесиң го, жигитти өзү келип колтуктаган кызды кайдан көрдүң эле? Аларды имерип алыш жигиттен. Майы чыкчудай качан көрсөм, китептен

башыңды көтөрбөйсүң, анан кайдан жүрүп кыз жолосун? Же мен бирөөгө тааныштырып коеюнбу? – деген кечээ жолукканда.

Ээрчип жүргөн эркегине кошо бу киши да китепти көп карагандыгым үчүн мени тамаша аралаштыра жемелей жүрчү эле, бүгүн мунусу да оң саламга келбей калыптыр.

* * *

Кийинки үч күндү бош убактыларын Владимир Сергеевич менен өткөрдүм. Ал Кронштадттан келген моряк. Аскердик чини майор. Аны менен кошо Кронштадттан дагы үч киши мында эс алып жүрүшөт. Өздөрү шефке алган флотко Кыргызстан жыл сайын он путёвка берет тура. Ошол путёвкалар менен биздин республиканын ар кайсы курортторуна келип, ден соолуктарын чыңдап кайтыша тургандыгын Владимир Ссргеевич мени менен таанышкан күнү эле өтө ыраазылык менен айтып берди.

Владимир Сергеевич сулуу киши: өңү тунук ак, көздөрү күлүңдөгөн жана кош кабаттанып турат. Кирпиктери узун. Көөдөнү орус жолдоштор айткандай: «далысы жүк ташуучунуку, көкүрөгү моряктыкындай» дегенчелик бар. Моряктын формасы келишимдүү мүчөсүнө ого бетер жарашып турат. Курорттогу эс алып жаткан үч жүз-төрт жүз кишинин ичинен аял көзүнө токтомдуусу да, өтүмдүүсү да ушул болсо ылайык болмок.

Бирок, андай эмес болуп чыкты. Бар болгону ал кечке жуук гана бий аянтчасында аялдардын арасынан көрүнөт. Биринен сала бири менен бийлет. Ар бир аял анын келишимдүү денесине кынала бий аянтчасын айланып чыкканына маашыр.

Башка убактарда Владимир Сергеевич мени же бильярд комнатасына, же шахмат ойноого чакырчу. Китеп, газета үзбөй окуй турган.

Ал мага Ленинграддын буурул түндөрү, деңиздеги турмуш, Неванын боюндагы сулуу кечтер, шаардын коздугу, койчу, революциянын бешиги деп аталган атактуу шаар

менен анын бульварлары аркылуу колуман жетелеп жүрүп тааныштыргандай эле болду. Мен да анын алдында карыз болуп калбоого тырыштым. Сураган суроолорунун бардыгана толук жооп берүүгө аракеттендим.

Аны көп кызыктырган маселе, кыргыз элинин өткөндөгү үрп-адаты, салты болду. Кыргызстанга биринчи жолу келиши экен. Фрунзе шаарына, айрыкча Ысык-Көлдүн кылаасына ашык болгонун чоң ырахаттануу менен айтып берчү.

Күн батып бараткандa Жети-Өгүз койну өтө кооз. Сууну жээктеп чыккан ит мурут, бөрү карагат, шилби, чычырканакка чейин кечки мунарыкка бөлөнүп, бул тепшидей өрөөндүн чырайына чырай кошконсуйт. Уламышта Жети-Өгүз делип аталуучу бет маңдайдагы бөлөк-бөлөк болуп дүпүйгөн таш кырлар жошолуу болгондуктан, күндүн батып бараткандагы алоосу менен жабылып, уяттуу кыздын бетиндей албырат.

– И-и-й, Ашым, али да китептен тажай элексиңби, жаныңа олтурсак жолтоо болбойбузбу?

– Келиңиздер, келиңиздер. – деп мен скамейканын бир четине жыла берип тигилерге орун көрсөттүм.

Букеш эже.

– Бүгүнкү кечти биздикинде өткөрөлү, сени конокко чакырып келдик, – деп баштады ал. Жанында Бакир аксакал кошо жүрөт. Эже сөзүн бүтө электе тигиниси коштоп койду:

– Букештин туугандары келиптир бүгүн. Бир козунун жарым этин бышыра келишиптир, келде-башы менен, Ошону барып талкалайлы, Ашым – деди, тааныш аялынын кадыр баркына сыймыктангандай мүнөздө. Макул деп дароо жооп бере албадым. Мени кыйылтып турган булар болду: биринчиден, эт бар жерде, сөзсүз арак да болушу керек. Аны оозго албаган сопу болбогонум менен, артынан кууп ичкен да жан эмесмин. Үлпөттөрдө он жыйрылып жатып, аз-аздан ууртап жүрчүмүн. Экинчи корккон нерсем – оюмдан чыга жаздап калган баягы «өзбечка кыз» мени конокко чакырып жаткан ушул Букеш эжелер мекен чогуу турат.

«Тобокел» – дедим акырында ичимен: «эмне, андан корунгандай мен кыз белем?» Жактырбаса чыгып кетер. Мен өзүм бараткан жерим жок да, мени сыйлап чакырып жатышат». Ушинтип, кайрат байлаганым менен, олутту бир жолугушууга даярданып жаткандай шашылып, нары апкаарый түштүм.

Эмнеси болсо да, мойсопут кишилерди мустарап кылбоону ойлодум да, алар белгилеген саатты болжоп, кечки тамакка барбай, туура ошолордун комнатасына келдим.

Мени Букеш эже эшиктин улагасында тосуп алды. Комнатанын үч тарабында үч кровать, төртүнчү тарабында күзгүлүү шифоньер турат. Орто жерде стол. Комнатанын ичи коноктордун келишине карата бир сыйра каралып чыккандай сарамжал. Столдун үстүндөгү чачыктуу ак скатерть, булганбасын дешкенби, анын төбөсүнөн газеталар менен жабышып коюптур. Бышкан эт устукан бойдон тарелкаларга салынган. Андан башка алма, эки шише арак, эки шише «Ала-Тоо» виносу моюндарын койкойтуп, столдун үстүнө көрк беришкенсийт. Кыскасы стол коноктордун олтурушуна толук даяр экен.

– Сиз мында отуруңуз деп мага ак тыштуу бир орундукту жылдырды да, көз айнекчен кыз өзү столдун ары капталына өтө чыкты.

Мен биерге киргенде ордунан коомай турган казак кыз бет маңдайымда дагы эле статуядай кыймылсыз какаюуда. Шадылуу, бирок эткел манжаларынын учу менен өз орундугунун кырына болор-болбос салмагын салып турат. «Маданиятту кишинин өз үйүнө келген коногуна көрсөтүп жаткан сыйы го» – деп түшүндүм анын минтип турушун.

«Олтурбайсыңбы, – Салтанат, – деди мен жайланышып олтургандан кийин, Букеш эже бирөөнүн атайылап суранышын күткөндөй селдее тиктеп турган алигини карап. Ушуну гана күтүп тургансып, орундуктун кырынан кармай аны бир аз артка кетенчиктетти да, каалгый келип олтурду. Жибек көйнөгүнүн тегерек чети гүлдүү этегин өтө чебердик менен башкаларга, ал турсун, ага катарлаш олтуруп калган мага да байкатпастан, эки капталынан

акырын чымчый кармап өйдө көтөрүп, анан орундукка отурушу менин көзүмө канатын жая келип, көл үстүнө конгон ак кууну элестетип жиберди.

Олтуруңуз деп эң оболу аял кишиге орун көрсөтүш мындай учурда эркектердин парс милдети экенин түшүнүп турсам дагы, баягы жоругу эсиме түшүп, анте албай койгонума, азыр бушайман жеп калдым.

Көңүлүм будуң-чаң боло түштү. Өзүмдү айыптуу кишидей ыңгайсыз сездим. Көңүл оорутуп, жоолашкан кишим эмес го? Андай болсо, эмнеге саламдашпадым? Мында киррерим менен мага орундук көрсөтүп, чебелектеген тиги камкор кыз буга жолтоо болдубу? Жок, буга ак саргыл кыздын так өзү күнөөлүү. Биринчиден, анын сүрү, экинчиден менин жүрөгүмдү оорутуп жүргөн баягы ызалыктын каргашасы.

Аты Салтанат экенин мына, бүгүн биринчи жолу угуп олтурам. Өгүнү Букеш эженин оозунан уккан анча-мынча ала качма сөздөрүнөн башка бу кыз туурасында эч нерсе укпаганым да, угууну каалабаганым да ырас. Бүгүн болсо, аны менен катарлаш олтуруп бир столдон даам татканы жатам!

– Букештин, мобереки тотудай кыздардын, анан кала берсе баарыбыздын ден соолугубуз үчүн, ушуну ичип таштайлы – деп Бакир аксакал кырдуу стаканга кылкылдата куюлган арагын оң колуна кармап, өйдө тура калды.

Аракты Букеш эже өзү куюп жатканды кармай мен өйдө боло бергенимде, эки кыз да жарыша орундарынан турушту. Алардыкы вино, бирок үймөлөнө куюлгандыгы жагынан биздикинен кем калышпайт.

Эженин колундагы да арак. Ошентип мында олтургандардан үчөөбүз арак, экөө вино ичмек болду. Жүрөккө жеңил деп кысталыш жерде кичинеден вино ичип жүрсөм да, бу жолу мага вино куюңуз деп айта албадым. «Вино ичкидей кыз, же аял белең» – деп мындай кепке оозу шок Букеш эже, тигилердин көзүнчө сындырып коюшу мүмкүн. Өйдө турганыбызда Салтанаттын бою менин кулагыман келди.

Биринчи болуп стаканды Бакир аксакал бошотту. Анын соңунан эже мени кыстап кирди. – «Эркектерден келсин, кыздар эч жака качпайбыз». Эженики туура дегенсип, тигилер да күнөөсүз наристелердей жоодурап мага тигилишет. Буларды күттүргөнүм айып болор.

Мунун баарын бир жолу иче албайм. Олтуруштун аягына чейин түгөтүп берсем болот го, эже, – дедим кампаниянын уюштуруучусу ошол киши болгондуктан, түз эле ага кайрылып:

– О койчу, Ашым, бул айтканың жигит кишинин сөзү эмес да. Аял башым менен деле ошончо аракты ичкени жатпайымбы, – деди менин өтүнүчүмө бир жагынан чоочугансып, бир жагынан нааразы болгондой түр менен, колундагы стаканын столдун үстүнө коё берип. Тигинин көңүлүн улады көрүнөт:

– Ишиңиз, агай, ишип жибериңиз» – деди Салтанат.

Добушу кандай сонун! Өз кулагым менен анын сөзүн да, добушун да биринчи угушум!

Кармап турган стаканын оң колунан сол колуна өткөрдү да, столдун үстүндө жайнап жаткан алмалардын ичинен бир кызыл алманы тандап, бошогон оң колуна кармады.

– Ишип жибериңиз, агай – деди жанагы сөзүн дагы канталап – биздин эжебизди таарынтканы турасыз гой – деп кошумчалады. Үйүр алыша түшкөнгөбү, карай салсам, мурдагы жек көрүүнүн белгиси эми анын жүзүнөн байкалбады. Анын ордуна көздөрүнөн күлкү, татынакай ууртунан жылмаюу көрүндү. Узун кирпиктери ылдый салаңдабай, тикеленип туруптур.

Мунун добушу кулагыман кирип, жүрөгүмүн тереңине сүңгүдү.

Андан бөлөк эч кимдин сурануусу мага керек эмес болучу, ичип жибердим. Стаканга столго койду да, бычак менен жанагы алманы жара бөлүп, Салтанат жартысын мага узатты. Менден кийин өзү ичти, бирок мага атандашкансып, стаканын аз бөксө бойдон коюп койду. Анан жанагы алманын калган жартысын алып тиштей бергенде кагылган чегедей тегиз ак тиштерине назарым түштү.

Бир оокумда эже:

– Ыр баштайлыбы, Баке? Эй, Ашым, сен кандай дейсиң? – деп анан мага кайрылды. Менден мурун оозундагы этине чакала Бакир аксакал жооп берди.

– Жаштар билишсин. Экөөбүздүн сунушка булар макул болобу, жокпу.

– Пойте, пойте вы, агай, только русскую, какую-нибудь, а мы подпоём», – деди, көз айнекчен кыз Бакир аксакалдын жанагы «жаштар билсин» – деп сала салып жаткандарынын атынан жооп бергенсип.

– Кой, карындаш орусчаңды билбейм. Мен кыргызмын, ошондуктаи кыргызча ырдоого тийишмин. Сөзүнүн аягына чыкпай жатып, ал орундугуна чалкалай отурду да, озоңдоп коё берди.

«Кең колдун башы четинди,
Керкимдин мизи кетилди.
Керилип барып бир өпсөм,
Кебездей аппак бетиңди».

Добушу ача-буча болуп, чыңкылдап жагымсыз чыкты. Ошогобу, же «өпсөм» деген сөзгөбү, айтор тиги эки кыздын беттери тамылжый түшүп, баштары төмөн карай шылк этти.

Эже болсо кетиреңдеген тааныш күлкүсү менен, бул ырды кубаттап жатты.

«Талаадан тердим тезекти
Жылдызханга бердим кезекти»

деп аксакал стаканды көз айнекчен кызга сунду.

– Нет, агай, я не умею петь, пусть Букеш эже споёт (эжеке деген сөздү ушул жерде, ушул үйдө үйрөнгөн болуу керек.)

– Койчу эми, Жылдызхан, өзбекче эле сүйлөчү. Мындагы олтургандар баарыбыз эле мусулманбыз го. Ырдап койсоң? Кантип эле бир куплет ыр билбейсиң! – деди эже таарынгандай мүнөздө.

– Мен ашулла билмайман да ахири, бирар мартаба ашула айтганим эшитганиңиз марми, эже, а? Хуп гапурар экенсиз да? Ишанмасаңыз мана, Салтанаттан хам сураң, амма вахт биз билла юрияпмиз кү. Гапурсаңчы, Салтанат

– ман ашулла биламанми? – деп көз айнектин ичинен үкүнүкүндөй тегерек көздөрүн күлмүңдөтүп, Салтанатка жайдары тиктеди.

Кезектин жакындап калганынан кысталып олтурду көрүнөт, бул убакта Салтанаттын ак саргыл бетинде кан ойноп турган эле.

– Юк, эшитмаганман – деди Салтанат өзбекче таза акцент менен. Курбусу үчүн арага түшкүсү келди бейм.

Жылдызхандын өзбекче ыр билбесине мен шек кылганым жок. Баятан бери орусча таза сүйлөп олтурбады беле. Анан «мы вам подпоём» – деп Бакир аксакалга кайрылганы да эсимде турду, ошондуктан «өзбекчеден көрө орусчаны жакшыраак билет ко» – деген тыянакка келдим. Кийин бул оюм анык болуп чыкты. Жылдызхан биринчи класстан артып, жогорку окуу жайын бүткөнгө чейин орусча окуган экен.

– Орусча ырдасаңыз деле мейли, – дедим мен, эми сөзгө аралашып.

Бул сунушка макул болду көрүнөт, ал унчукпай калды. Салтанаттын стол үстүндө жаткан колуна өзүнүкүн коё берип, шаңк этти:

– Давай, вдвоем?

Салтанат менен Жылдызхан «Москванын кечтерин» ырдашты. Мен дагы муну билчүмүн. Бирок дароо тигилерге кошулуп кете албадым.

– Агай сиз да косылсаңыз бизге – деген Салтанаттын сунушу боюнча ошол замат аларга кошула ырдап, аз да болсо, бетими ачып албагандыгым үчүн кийин олтуруштун аягына чейин өзүмү жемеледим.

– Билчи эмес элем – деп ага калп айтып салдым.

Ырдалып жаткан ырдын маңызына жете түшүнбөгөнү менен, эки кыздын жымсал жана аргендей уккулуктуу үндөрү делебесин чертип өттүбү, же болбосо ичилген арактын күчүнөнбү, баятан бери орундугунда кыйшайып, энесине таарынган эрке баладай терс бурулуп олтурган Бакир аксакал, ырдын аягына жетип, тигилер тык токтор замат шап түздөлө калып, кыйкырып жиберсе:

– Бали, карындаштарым! Үн эмес бекен! – Келте мурунун бир жанып койду да, жүзүн бери буруп, оңдоно олтурду.

– Агай, кезек энди сиздики, – деди Салтанат, өзү бир оор жүктөн кутулгандай жеңил гана жайдаңдай берип.

Жылдызхан менен Салтанаттын обону ого бетер сүрдөнтүп таштагансыды. Консерваторияга кабыл алуучу комиссиядан өтө турган студентче жанатан бери ичимен обон издеп» ыр тандап, убараландым эле.

Бакир аксакал менен Букеш эже гана болсо, мүнөткө аялдамак эмесмин. Берки экөөнөн ийменем. Ырдоого туура келди. Көңүлдөн качкан өзүмдүн ырларымды издөөгө азыр убакыт жок.

«Жарк этпес кара көңүлүм не кылса да,
Асманда ай менен күн чагылса да.
Дүйнөдө эч бир сендей мага жар жок,
Сага жар менден артык табылса да.

***

Шордуу ашык сагынса да саргайса да,
Жардан тайып жакшы сөздөн жаңылса да.
Чыдайтко көңүл тоюп жар ишине
Кордук менен шылдыңга кабылса да».

Бул Абайдын ыры, Токжанга арналган эмеспи. Мындагылардын бири дагы муну менимче, байкаган жок. Сүйүлгөн жүрөктөн, сүйгөн жүрөккө арналган ыр эмес беле! Добушум өзүмө маалым – уккандардын курсагын тойгуза турган добуштардан эмес. Ошентсе да, бул жолу ал салмактуу да, ыргактуу да, демек, жагымдуу да чыккансыды.

Ырдаганга чейин эле нымшып калган чекемен азыр жайдын заарkы таңы бүрккөн чөп сабагындагы шүүдүрүмдөй тер тамчылары мөлтүрөдү. Чөнтөгүмөн төрт бүктөм ак бет аарчымды алдым да, маңдайымдагы терди шыпырымыш болуп жатып, Салтанатка көз жиберсем, ал таңкалгандай кейипте мени карап калган экен. Бакырайган көздөрүндө: «Дагы не деп ырдамакшы боласыз» – деген суроо туруптур.

Жок, башка эч нерсе деп ырдамак эмесмин. Айтайын деген ырымы айтып бүткөн элем.

Таштуу кыядан тырмышып отуруп, акыры анын кырына чыккан кишидей, тыныга түштүм.

Табышмактын жообун таппай маң болгон адамдай, Салтанаттын өңү ой пардасына далдалана берди.

Ыр кесеси түнкү саат он бирге чейин үч айланды. Биз эки стакандан башка ичпей көшөрүп олтуруп алгандан кийин да, Бакир аксакал менен Букеш эже жарымдан үч жолу стакан бошотушкан. Ошондуктан, экөө анчеле серпилишип калган болучу.

Эже Бакенин сол колун өз мойнуна артылта кармап, далай, секетпайларды, күйгөндөрдү эч кимибизге кезек бербей ырдап таштады. Үнү каргылданганда гана: «Ох, кайран жаштыгым!» – деп башын Бакир аксакалдын көкүрөгүнө шылк эткизди.

«Жарайсың, Букешим, дагы ишке өзүң жарайсың» – деп «агабыз» эңиле калып, «эжебиздин» бырыштуу маңдайынан чоп эткизе өптү эле, Жылдызхан эшикти карай тыз койду. Анын артынан куба чыгып кетишке бизден ыйба кылдыбы, Салтанат желкесинен бирөө баскандай төмөн карап тим олтуруп калды.

Канткен менен Бакир аксакал эстүүлүк кылды. Биздин ыңгайсыз бул абалыбызды дароо байкады көрүнөт, өздөрүнөн алда канча жаш кишилердин алдында уят-сыйыт деген бир уруу журтту барк албастан жаңы табышкан жаш жарлардай моюндашып отурушу өөн учурап кетти окшойт, дароо Букеш эжени башынан жөлөп-таяп ордуна отургузду да, сыртка жөнөдү. Коридордо жүргөн Жылдызханды колунан жетелеп кайра алып кирди. Арак менен уятка кошулуп кызарган тултук беттерин кыбырата Бакир аксакал адегенде кыздардан кечирим сурап, анан ырдап бергиле деп кыстады.

«Калп айткан менен болобу, обонуңар укмуш экен, кыздар. ырдап бербесеңер, агайлыктан кечем», – деп олтуруп алды.

Бу жолу кыздар көп зарыктырган жок. Эми алар казакча ырдашты. Казакча ырларды Жылдызханга мында келгенден кийин Салтанат үйрөткөнүн таанышкандан соң билдим.

Кандай муңдуу ыр эле! Менин жашыктыгым кармап, аз жерден ыйлап жибере жаздадым. Сүзүшүүгө камынган уйлардыкындай көзүнүн агы айланып олтурган эже да, бул ырга кулак түрүп калды. Ошол кечтен тартып, бир нече күнгө чейин менин кулагыман ал обон такыр алыстабай койсо болобу. Ыңгайлуу учур келе калганда Салтанаттын оозунан ал ырдын текстин блокнотума жазып да алдым.

«Ай, кыздарым, – (капысынанбы, же аяп кеттиби) – мунуңар кишинин ыйлагысын келтирет го. Кандай муңдуу неме эле, – деди Бакир аксакал аңырайган оозун кымтый берип, шилекейин чуурта.

Тышка чыгарбасак да, бул ырга байланыштуу бизднн башыбызда пайда болгон суроону Салтанат жазбай тапты – ырдын тарыхын айтып бере баштады.

– Баягы өткөн заманда бир шал болгон экен. Оның тогыз улы, бир кызы бопты. Шалнын элин бир күн жау шауп кетеди. Сонаң тогыз улы мен шал согыска аттанган экен. Туган элин коргоу жолында шалнын тогыз улдары да өлгон болады. Сонда жалгыз кызы Зауреш дусманың колуна тусип, туткун болып өлгенше, элимди коргоуга катысып өлейин» – деп аттанып шыга. Бирак, жау шалның элин шауып жеңалмапты. Жауга карсы аттанган кызды – Заурешты элдин арасынан шыккан дуспандар көрө алмай жауга кармап бермек болады. Сонда Зауреш уу ишип өледи экен. Журт Заурешти жерлеп оны мен соңгы ирет костасып турган кезде, азган-тозган шал аскери мен жетип келеди.

«Бу пе жыйылыс? – деп сураганда журт оны танымай айтып койгон болады. Сонда шал аттан сулай түсүп, Заурештин мазарын кушактап, айткан аталык зары экен».

Эки кыздын солкулдаган назик, муңдуу обону, анан Салтанаттын ал ыр туурасында айтып берген кайгылуу аңгемеси комнатанын ичине капалыктын суусун чачкандай, олтуруш салкын тартып кетти, Муну байкаган Салтанат аңгемесин бүтөөрү менен, бизге кайрылды:

Сиздерге не болду? Же биздин өлөң сиздерге жакпадыма?

– Жок абдан сонун, бнрок муңдуураак экен» – дедим өзүмдүн жана тиги экөөнүн атынан жооп берип.

Түнкү саат 11 болгондо олтурушту токтоттук. Мен ордуман тура:

– Көрсөткөн сый-урматыңар үчүн ракмат – дедим, эмне үчүндүр кыздарга карап.

– Рахметти эжемизге айтыңыз. Сизди конакка шакырган сол киши гой. Бизге айтатын рахметиңиз болса, сактап жүрө турыңыз. Соң аган да кезек келип калатын шыгар, – деп Салтанат баарынан мурда озунуп сөз айтты да, артынан эмнегедир, жылмайып койду.

«Спокойной ночи» – дешти экөө жарыша. Мен да аларга ошону каалагандыгымды билдирдим да, койнум толо кубаныч кучактап, өз бөлмөмө кирдим.

Өгүнү ушул кыз бир көз карашы менен ызалантып койгондуктан, кордонуу сезими түн бою кирпигимди ирметпей, шыпты тиктеткен. Бүгүн болсо, анын бир жылмаюусу, чын ыкласы менен айткан: «Бизге айтатын рахметиңиз болсо, сактап жүрө турыңыз» – деген тамаша сөзү жүрөгүмү кубанычка ороп, белгисиз бир үмүткө жетелетип, рахаттын көлүндө чабак аткызкандыктан, бу түнү да шыпты шыкаалап уктай албай койдум.

***

Кечээ түшкү тамак учурунда: «Эртең шаардан кассир келет, самолётко билет алуучулар саат онго экинчи кабаттагы сегизинчи бөлмөгө келгиле» – деп кулактандырышкан. Эртең мененки тамакты жеп алгандан кийин, мен ошол жерге келдим. Салтанат менен Жылдызхан да мында экен. Самолётко билет сатыла баштаптыр. Билет колго тийгенден кийин мындагы жумушум бүтсө да, эмнегедир аякбыягына кылчактай берип, кетпей туруп калдым. Менден кийин Жылдызхан эки билет алып чыкты. Тигиден өзүнүн билетин алды да, Салтанат аны саамга карап туруп алды.

– Неге орны көрсөтүлмеген? – деди билеттеги жазууга бир сыйра көз чаптырып чыккандан соң. Жылдызхан чочуп кетти.

– А-а-а, меникн хам юкку? – деди өзүнүн билетин бир

карап алып. Салтанат мени карай эки кадам шилтеди да:
– Агай, сиздикинде барма? – деди.

Ак кителимин көкүрөк чөнтөгүнө карабай эле, бүктөп салып койгон билетими сууруп чыктым. Салтанат ушунчалык жакын келе түштү, жаагы жаагыма тийип кетчүдөй, дем алганына чейин билинип турду.

– Бар экен, – дедим. Ишенбегендей Салтанат ого бетер кынала берип, билетке үңүлдү. Бетим албыра түштү. Жагымдуу жыт менен кошо анын денесинен от чачылып тургансыды...

Жылдызхан эки билетти алып кассага кайра кеткенде, экөөбүз калдык.

– Сиз бизден кийин келип, илгери кетер экенсиз да?

– Ооба, ошондой болуп жатат. Себеби биздин райондогу мугалимдердин кеңешмеси 25-августка белгиленген болучу. Секциялык иштердин мезгилинде жасаш үчүн, мага доклад тапшырылган эле. Ошого шашылып жатам. Глав-врачтан араңдан-зорго руксат алдым деп, сөзүмү бүтө электе Жылдызхан келип калды.

– Куруп кетсин, номер коюуну эсидан чиказип коюпти да. Мана, Салтанат ханум, жайиңгиз хам энди таёр, фаххат ошолётко чиккншиңиз колди – деди ал шыңкылдап, күлкүсүн тыйбай.

Салтанат үндөбөй колуна билетин алды да:

– Жумусыңыз зарыл болмаганда бир күндө кеткен болар экенбиз – деди мага карап.

Менин сөз кезегими Жылдызхан жула качты.

– Сиз Оштан болор экенсиз а-а? Нимага өзүңүздү шу вахтгача таанитмадиңиз? Бул киши Ташкентлик болади. Эч бомаса, Фрунзегача билла-билла кетканмизда Салтанат хан биз блан шерик болар эди. Енди бизди ташлап, өзүңүз кета берар экенсиз да, – деди Жылдызхан дагы күлкүсүн төгө, Салтанаттын сол колтугуна өз колун кыстара берип, анын билегинен жумшак кармай.

Салтанат кызарып кетти. Шок Жылдызхандын сөз төркүнү каякка алып баратканын түшүнүп турду көрүнөт.

* * *

Кечки тамактан кийин аллеяда жалгыз басып жүрсөм, Салтанат менен Жылдызхан артыман жете келишип, катарлаша түшкөндө Жылдызхандын тааныш үнү шаңк этти.

– Друзья ваши не обидятся, если мы вас пригласим сегодня в кино? – деди орусча таза акцент менен.

Мен шашып калдым.

– Киного силерди мен чакырайын деген элем. – Бирок... аягын айталбадым...

«Батына албай жатамын» – дегенди купуяда калтырууну азыр оң таптым.

– Ишенбесер мына, – деп, пиджагимдин тыш чөнтөгүнөн үч билетти сууруп чыктым. Бул билеттер жөнүндө экөөнө кантип билдиришимин айласын таппай ары-бери жалгыздап басып жүргөнүмдө, өздөрүнүн мындай келип калышы ырас болбодубу!

Ошентип, үчөөбүз бүгүн биринчи жолу чогуу киного кирдик.

Залга кирип, биз катар отура кеткенибизде али жарык өчө элек болучу, көп көздөр таңдангандай, нары ишенбегендей бизге кадалып жатканын берки экөө да, мен да сезип турдум. Бирок аларды эч кимибиз таназарга албадык. Тескерисинче, сыймыктуу бир сезим башыбызды жогору кармап, чар тарапка тайманбай тиктеп олтуруга чакырып жаткансыды. Ушинтип, күтпөгөн жерден биздин тааныштык башталды.

Ошол күндөн тиртып күн сайын үчөөбүз киного чогуу кирии жүрдүк. Бирипчи күнкүдөй бизге таңыркоо менен кароочулар да азайып, анын ордуна ичкүйдүлүк менен тиктөөчүлөр көбөйдү.

Бир күнү эртең мененки тамакка Жылдызхан жалгыз келиптир. Бир шактагы кош алмадай ар убак Салтанат экөө бирге жүрчү. «Балким, анысы бир иш менен буйдалып калган чыгар?»

Жок, тамактын акырына чейин Салтанат ашканага келбеди. Мен сыртка чыгып Жылдызханды күттүм. Сал-

танаттын келбей калган себебин билүү керек да.

Менин ким жөнүндө сурарымы ал айттырбай эле түшүндү. Демейкисиндей жайпаңдап: «Чем я могу быть полезной?» деп алдыма какайып тура калды.

– Ким жөнүндө сурарымы билип турасыз го?

– А-а билмагандачи? О киши бүгин тоби айнип ятипти, хабар хам омайсыз? Азыр борсангиз хам болади. Комнатада өзү як. – Ушуну айтып коюп, курташтан секирип ойногон улактай тепкичтен тепкичке ыргып, төмөн кетти. Мен Салтанатты көрүш үчүн жогорку кабатка көтөрүлдүм. Эшикти акырын такылдатсам, жооп болбоду. Кыңай ачык турган эшиктин жылчыгынан көйнөгүнүн жеңи көрүнүп турат – баягы мен биринчи көргөндөгү карала атлас көйнөк. Эшикти абайлап ачып, башпактым. Чалкасынан түшүп, Салтанат кыязы уйкуда. Жалгыз өрүм чачы керебеттен ылдый чубалжып, учу полдун үстүндө эки имерилип жатат. Акырын басып келип, керебетинин баш жагында турган орундукка олтурдум. Көкүрөгү жууркандын астында. Тамагы ачык. Кырдач мурдунун кичинекей таноолору билинер-билинбес кыбырагансыйт. Кирпиктери күлгөндө жайнап кетчү көздөрүн далдалап, төмөн карай төгүлүп турат.

Жердеги чачын тутамыма толтура өйдө көтөрүп, көкүрөгүнө суналта бергенимде ушуну гана күтүп жаткандай, кирпиктери тикеленип, мөлтүрөгөн көздөрүнөн жүзүмө от чачырай берди…

– Эмне үчүн жатып алдыңыз? Кай жериңиз ооруйт?

– Хабар алганыңыз үчүн ырахмет, – деп жаткан себебин айтпай койду.

Чачын тутамдаган колума акырын оз колун тийгизе: «кеширип коярсыз, эже келсе, жана сөз кылып жүрмөсин, мен сизге ыраазымын», – деди да, «эми бара бериңиз» – дегенсип, эткел манчаларын менин алаканыма кыналыштырды. Изоляцияланбаган электр өткөргүчүнө капилеттен кол тийгизип алгансып, жүрөгүм денемди бир булкуп таштады.

Ошол күнкү кечки тамактан кийин күндөгүчүлөп киного баруу жөнүндөгү менин сунушума Салтанат терс жооп

айтты: «Капа болмасаңыз бүгүн сиз Жылдызхан бен барып келиңиз, мен жалгыз жүрүп, хочу немного помечтать» – деп суз жылмайып койду. Мен бул кептин жөнүн ошол замат аңдаган жокмун.

«Лучше, помечтайте вдвоём, а я пойду в кино одна» – деп Жылдызхан алиги сөзгө же таарынганын, же адатынча тамаша аралаш бизди чымчып койгонун билдирбей, так секире чуркап кетип калды.

Ошентип, ал күнү эл кинодон чыкканга чейин Салтанат экөөбүз бул курорттогу аллеялардын дээрлик бардыгын каалгый басуу менен кыдырып чыккансыдык. Бир оокумда «Сиз неге Жылдызхан бен киного бармадыңыз?» – деди тиги, күтпөгөн суроо менен мени оюман тык токтотуп.

– Сизди жалгыз калтыргым келген жок.

– Олай болсо, кеше неге жалгыз калтырдыңыз?

– Качан?

– Кеше, унуттуңузба?

Мен ойлонуп калдым. Чынында эсимде жок. Түшүнбөй жаттым. «Кечээ күндүзгү бош убактыны да, үчөөбүз чогуу өткөрбөдүк беле? Киного да бирге киргенбиз. Анан кайдан жүрүп бул жалгыз калат?..»

Ушундай суроого жооп издеп, башымды ылдый салаңдата ого бетер илкий басып калдым. Канчалык аракеттенсем да жообун табалгыдай эмесмин. Башымды көтөрө берсем, Салтанат мени жымыя тиктеп келе жатыптыр.

– Эсиңизге түстүмө?

– Жок!

– Какие вы невнимательные – деп, дагы сустайды. Мен андан бетер каадаланып, күнөөмдү эске түшүрүүнү аракеттенип калдым.

Акыры Кыйнабайынчы – дедиби, – кинодо кеше сиз кай жерде отурдуңыз? – деди.

– Сиздин катарыңызда...

– Неге өтүрүк сүйлөйсүз?

– Анан кайда олтурдум? Эгер жаңылбасам, сиз менен бир катарда олтургванмын.

– Жок, дурустап ойлаңыз – деди.

– Кечке чейин төшөктө жатып, мени кыйноонун планын түзгөнсүз го?

– Тосоке жаткырып, мени кыйнаган, балким өзүңүз шыгарсыз?

– Кантип эле?

– Суйтип.

– Жок, менин эсимде, сиз менен олтургамын.

– Олай болсо, Жылдызхан кинодон шыксын, содан сурайлык – деди. Ошондо менин оюма кылт этип келе калды: – Да! – дедим да күлүп жибердим. «Эстедиңизба?» – деп, а да мага карап жылмая берди.

Эмнегедир Салтанат биз олтуруучу катардын бир жагынан, ал Жылдызхан экөөбүз экинчи жагынан кирип калдык, ошентип, экөөбүздүн ортобузда кечээ Жылдызхан олтуруп калган болучу. Менин оюмда турса да, «Сиз бул жакка өтүп алыңыз», – деп өзүмдүн Салтанат жакка олтурууга дилгирлигими билдирүүдөн ийменип, үндөбөй калгамын. Жана: «Бүгүн Жылдызхан менен барып келиңиз» – деген какшык иретинде айтылганын мына, эми сезип олтурамын.

Мен күлгөндө ал да кошо күлүп: «Мен осундай иши тар кисимин, кеширип койгайсыз. Только Жылдызханга айтпаңыз. Мен оны өтө сыйлаймын, жаксы кыз. Кешегиге ол күнели эмес, сиз күнели» деди.

Салтанаттын бул кызгануусу мени ого бетер дегдетип салды.

Салтанат менен таанышкандан бери көңүлүм көтөрүңкү, делебем козголуу. Ооруган жерим деле мурункудай билинбейт.

Жети-Өгүзгө ушу менен үчүнчү келишим. Согуштан калган жараттын жанды жабыркаткан салдарын жоготуш үчүн бул жердин суусу шыпаа болуп жатканын, эч качан быйылчалык сезбегем.

***

Көл үстүндө кайык минип жүргөн саатгар Салтанат менен Жылдызхапга өтө жакты. Күн аралатып мында келип турбаганга өкүнүп да алышты. Айрыкча, Жылдызхандын жарпы жазылгандай болду. Кайыктын үс-

түндө да шоктук кылып, бирде мага, бирде Салтанатка суу чачып ойнойт. Салтанат экөөбүз аны бекем кармап, кайыктын капталын уй тилиндей шырылдатып жалап бараткан сууга башын малууга канчалык аракеттенсек да, анибыз текке кете берди. «Экөөңдү тең көлдүн түбүнө чөктүрүп жиберип, кете берейинби» – деп, кайра биз менен жулкулаша кетет. Кайыктын моторун башкарып бараткан тултук бет, кара тору кыргыз жигит: «Ай, карындаш, акырын, кайык оодарылып кетиши мүмкүн» – деп мыңк этсе:

– Огдарилип кетса, сиз жовап берасиз. Бир инженер, эки укутивчини чөктүрүп юбарип, сиз тирик калмакмисиз? – деп көз айнектин астынан сустая тиктеп, анан каткырып жибергенде, алиги жоруктарына, анан сөзүнө чындап эле ачуу келип сурдана түшкөн жигит, өзгөргөн өңүн жылмаюуга бастырып, тим болду.

Ошол күнү төрт жолу кайыкка түштүк. Көл үстүндө Салтанат экөөбүздүн бири-бирибизге болгон кусалыгыбыз канчалык артканын көз карашыбыз айгинелеп турса да, оозу шок, кала берсе колу да шок Жылдызхандын алдында тамашалуу сөздөрдү тарта сүйлөштүк.

«Ашулла айтып бериң?» – деп көл көркү кыз делебесин кытыгылап койгон белем, Жылдызхан кайыктын үстүндө бара жатып да, мени ырдатып алды.

Мен да өз кезегимди кетирген жокмун, ырдап бересиң – деп аны да бекем кармадым. Адатынча: «Мейли, только Салтанат кушилсин» – деп, анын желкесине башын коюп, колун колтугуна кысты, бул жолу алар өзбекче ырдашты.

Салтанат өзбек тилин таптаза сүйлөй турганын ошол күнү билдим. Көрсө өзбек шаарында туулуп, ошол жерде мектепти, анан институтту физмат факультетин да өзбек тилинде окуп бүтүрүптүр.

«Барча саңга корашади,
Бул гүл ким деп сурашади,
Озгаларга иарва кылмай
Ярым болсаңг ярашади».

деп үндөрүн созгондо, ырдан жараланган каркыралар көл

үстүндө желеге тизилип, алда кайда баратканын көрө койгондой, кайыкчы жигит экөөбүз көктү тиктей бердик.

Түнү менен жамгыр жаагандыктан, тушардан келген шибердин сабагынан мөлтүрөгөн шүүдүрүм күндүн нуру тиери менен бетке келип токтогон көз жашындай даана. Караганда күн аптабына кактанып, шүүдүрүмдү үстүнөн силкип, кагынып жатты. Чоң шашке болгонго чейин чөптү аралап басуу мүмкүн эмес эле. Бут кийимди сууга салынган чийки теридей былбыратып ташташы шексиз болучу.

Биз үчөөбүз «жарылган жүрөктү» карай бастык. Айлана биздин азыркы көңүлүбүздөй чаңкаят. Бу болсо, көөдөнгө кубаныч шилеп, экилентет, бактылуу кылат. «Жарылган жүрөккө» – жетпей суу боюна олтура кеттик.

Мына ушул учурду мен али кулагыман кетпей жүргөн «Заурешти» жазып алуу үчүн ыңгайлуу деп эсептедим. Чөнтөгүмөн блокнотуму, автомат ручкамы алып чыгарым менен, Салтанат да мага жакын келип отурду. Караан калгыр, ручкамын сыясы түгөнүп калыптыр. Калемим жок болучу. Мунун айласын Салтанат өзү тапты. «Маган бериңиз» – деп, ручканы колуман алды да, элпек тура калып, суу жээгине барды. Көп аяндабай кайра келип, аны колума карматты эле, учундагы көздүн чолок жашындай мөлтүрөгөн сууну силкип таштап, кагазга тийгизсем, жаза баштаганы. Мындай кезде суунун жардам берерин, чынында, мурда билчү эмесмин. «Рационализартордук мындай табылгаңыз үчүн чоң рахмат» – десем ал жымыйып жер тиктей берди. Тиземе бир колун коомай койгон калыбында ал обону кулагыман түк кетпей койгон «Заурештин» тексттин ырдын кайгылуу илебине жүрөгүн каптаткандай оор ыргак менен сөздөрүн терип айта баштады. Андагы суз сезим тиземин үстүндө жаткан анын колу аркылуу мага да өтүп жаткансып, ручканы кармагаи колум билинер-билинбес калтырайт, тамгалар өз ордуна түшпөй буйдаланат. Демими ичиме тарта жаза баштадым:

«Ах, Зауреш, сенин ушин елден келдим,
Баягы өзүң тувган жерден келдим.
Сен неге мен келгенде тевренбейсиң?
Искелеп бир суейин деген едим.

***

Кайыңнын жастан көрдүм жапыраган,
Куланның шөлдөн көрдүм шокурагын.
Сен калган тогуз улдап едиң, Зауреш,
Бир уыс буюрмады топурагың.

***

Эки дос бир-бирине сыр айтады,
Акеси баласына шын айтады.
Айрылып мен Заурештен калган соң,
«Коке» – деп еми мени ким айтады.

***

Кайыңнын тур жапрагы жерге тийип,
Бир кадым жатыр Зауреш жерге сыйып.
Капкара эки көзү куралaдай,
Көмди екен кандай адам кези кыйып?

***

Сакталмас болот канжар кын болмаса,
Өтирик неге керек шын болмаса.
Зарланып мен Зауреш деп келгенимде
Басыңды бир кетерши тым болмаса»...

Сакалынан ылдый жашын буурчактатып, жалгыз кызынын мүрзөсүндө зар какшап турган атанын аянычтуу элеси көз алдыма тартыла берип, анын тагдырга таарынып, өксүп тургандагы зары кулагыма угулгандай бүткөн боюм оорлоно берди. Тигинин өзүнө да айтып жаткан ырынын мазмуну таасир этти көрүнөт, жана эле төбөбүздөгү көк бетиндей ачык паанайы бүркөлө түшүп ырдын акыркы жолун мен жазып бүтөрүм менен, ал көкүрөгүн кере терең бир үшкүрүп алды.

Экөөбүздүн арабызда Заурештен улам заматта пайда боло калган суздукту Жылдызхандын кезектеги тамашасы алда кайда айдап таштады. Кайра эле мурунку изибизге түшүп, шаттыктын коштоосуна алынып, отурган жерибизден тура жөнөдүк. Заурештин мүрзөсү, аны кучактап жатып боздогон атанын жүрөк мыкчыган муңдуу үнү, биз отурган жерде калып калды окшойт, кайра ал тууралу биздин арабызда сөз болгон жок.

Таңтамаша, оюн күлкүгө мас боло, түшкү тамакка араң жетип келдик.

Бүгүн киного дем алыш. Демек, убакытты өзүбүз каалагандай өткөрүүгө тийишпиз. Кечки тамактан кийин адатынча эл, аллеяларга толуп чыкты. Бий аянтчасындагылардын таман астынан чыккансып, асфальт жол менен агылып каршы-терши баскандардын бут алдынан, шырр-шырр эткен жумшак-жумшак шоокум угулат.

Мен ашканадан мурдараак чыгып, сыртташ жол боюна катар коголгон скамейкалардын биринс олтурдум да, тнги экөөн күттүм. Алар деле көпкө аяңдабай үч кабат корпустун бет маңдайындагы тепкичтерден шынаарлаша басып түшүп келишти. Үчөөбүз көпчүлүктүн агымына кошулуп, көпкө жүрдүк. Сөзүбүз барган сайын азая берди. Айтайын деп жаткан керектүү сөз алкымга такалып калгандай саамга үнсүз боло калабыз. Салтанат экөөбүз көбүрөөк сөзгө такалып жаткансыдык. Муну түкшүмал Жылдызхан байкап койду белем, бир убакта: «Третья личная» – деп адатынча шак эттире бир койду да, биз сөз кайтаргыча, чуркаган бойдон таманына дарак арасынан самсаалаган электр лампочкалары жолборс терисин төшөп жаткан аллеянын мүйүшүнө жеткенде бурулушка булт этти да, башкалардын караанына сиңип жок болду. «Мен да өзүмө шерик издеймин» – деп нары жактан бурула берип, шаңк этти. Андан ушуну күткөнсүп, биз да каршылык кылганыбыз жок.

Күндүз ваннага баруу үчүн берегi шар суунун үстүнөн салынган жыгач көпүрөдөн өтөбүз. Салтанат экөөбүз бирге баскан кечте ар дайым ушул көпүрөдөн артыбызга кайтчубуз. Аянтка алып чыгып, бийдин ыктарып үйрөтүп жаткан кишидей, Салтанат көпүрөгө жетерибиз менен мени акырын бир жагыма бура, артка кайтарчу.

Мына азыр дагы ошол паккайибизге жакындап калдык. Илкий баскан кадамдар дагы бир нече ирет шилтегенден кийин, артына бурулмак. Мен көпүрөдөн ары өтүүнү, суунун аркы өйүзүндөгү жалгыз кайыңдын түбүнө коюлган жалгыз скамейкага олтуруп, маектешүүнү самап баратам. Бирок бул жөнүндө Салтанатка кантип айтуу керек? Көпүрөдөн ары бут койсок эле кылмыш зонасына өтүп

кетчүдөй ар убак экөөбүз ушул жерге келгенде кылчактап калабыз. Анткени, түп ичинде бул көпүрөдөн ары өтүп жүргөндөрдү көрө элекмин. «Көпүрөдөн ары өтүп барып, бир аз отуралы» – деген сунушту айтпоого чечим кылдым. «Адепсиздик кылып, эч нерседен капарсыз жүрөктү чочутуп албайын».

Жок, менин купуядагы оюм Салтанаттын башында да болсо керек, көпүрөнүн үстүнө ал биринчи болуп, ишеничтүү бут койду.

Суунун агымынан сыр тыңшагансып, бир нече аял жана эркектер баштарын төмөн салаңдата, көпүрөнүн өйдөңкү жыгачына жөлөнүп турушуптур. Бизге алар кылчайып карашкан да жок.

Көпүрөнүн аркы башына жете бергенде, Салтанат мага суроо менен карады:

– Осы көпирени не деп атарын билесизбе?

– Жок.

– «Мост влюбленных» – десер экен го? Али еситкениңиз жокпа?

– Жок, биринчи жолу угуп олтурам.

«Баш оорусу барларга врачтар ушул көпүрөгө эртеликеч келип, баштарын суунун шапатасына тосууга сунуш кылышат экен» – деп уккан элем. Ошондуктан, мен жанагы тургандарды врачтардын кеңеши боюнча дарыланып жаткандар деп түшүнгөм. «Сүйүшкөндөрдүн көпүрөсү» деп аталарын мына бүгүн биринчи жолу угуп олтурам.

Менин оюмдагыдай болуп чыкты, Салтанат баягы мен болжолдогон скамейкага келип: «Осында бир аз отырайыкшы» – деди. Көк бетинде шыгыраган жылдыздардын гана күңгүрт жарыгы болбосо, айлана караңгы. Аер-биерге аллеяны бойлого илинген электр шамдары биз олтурган жерден алыс калды. Тешиктен тиктеген көздөй карагай, шактын арасынан жылтылдаган алардын нуру анда-санда көзгө чалдыгат.

Мен ушундай ээндикти каалаадым эле. Экөөбүздөн башка жан бу чөлкөмдөн көрүнбөйт. Туйлап аккан суунун алкымынан чыгып жаткан күр-шардан бөлөк мында

биздин маектешибизге жолто болучу эч нерсе жок. Бирок ушу маектешүүнү баштоо кандай кыйын болгонун эстесем, азырга чейин чекеми тер тепчийт. Биринчи мартаба жолугушуп олтурган өспүрүмдөрдөй экөөбүз тең озунуп сөз баштоого даабай олтурабыз.

Эркек эмесминби, акыры сөздү мен баштадым. А деп мугалим болгон жылкы сабакта сүрдөгөндөрүмү, балдардын уу-чуусуна көнө албай, аз жерден кесипти өзгөртүп жибере жаздаганымы сүйлөп бердим. Бул аңгеменин мында келип ээндеп олтурушубуз менен, эч кандай тиешеси жок болуп жатты. Эмнеси болсо да, дулдуюп олтура бергенден көрө сөз башталып калды. Эч нерсе таппай, анан ушул аңгемени баштап олтурганымы Салтанат калетсиз байкады. Бирок, мени сөзгө жыккысы келген жок. Көңүлүмдү улады. Ал дагы отуз-кырктан баланын көзүн өзүнө тигилтип коюп, сабак берүү а дегенде кыйын иш экендигин, өз башынан өткөндөр менен ырастады. Кесиптеш эмес белек, бу маселеде оюбуз бир чекиттен табышкандай болду.

Эмнегедир Салтанаттын айтып жаткандары да меники сыяктуу эле өзүнө да, мага да, көңүл бурарлык таасир этпей койду. Экөөбүз тең бул олтуруштан мындай майда-барат сөздөрдү эмес, олуттуураак нерсе күткөнсүп, коомай сүйлөп жаттык. Эмне, үчүн, күндөгүдөй копүрөгө жеткенде артка буруп кетпей, мени ээрчитип, түн койнунан алыска көрүнбөгөн мына бул жалгыз скамейкага алып келди? Демек, менден мугалимдик кесипке тиешелүү жомокторду эмес, башка маанилүүрөөк нерсе тууралу сөз козгошуму күтүп олтурат. А мен болсо, аңгемени алыстан баштап коюп, керектүү чыйырга кандайча кайрылып түшүүнүн айласын таппай, алдастап жаттым. Бул кыйынчылыктан да Салтанат өзү чыгарып кетти.

– Сиз бүрсүкүнгө кайтасызбы? – деп сөз төркүнүн чукулунан башка жакка буруп.

– Ооба, бүрсүгүнү эрте мененки саат жетиде жөнөйбүз. Курорттун автобусу менен аэропортко чейин жеткирип коюшат экен. Узатууга чыгасызбы? – дедим сөздүн кезеги өзүмдө тургандыгынан пайдаланып.

– Албетте.

Ошентип, биздин ортобузда бирге өткөрүлүүчү дагы эки гана күн калып олтурат. Бир жумадан бери бирге жүрүп келе жатабыз. Салтанаттын тарыхы толук болбосо да, мага маалым. Пединститутту бүткөнүнө бир жыл болуп калыптыр. Шаардагы орто мектептин биринде иштейт тура. Атасы согуштан кайтпай калгандыктан, азыр энесн экөө гана жашап турушат экен. Мени кызыктырган, чынында Салтанаттын өмүр жолу эмес.

– Не үндемейсиз? Сөзүңүз түгенип калдыма? Балким экинши мындай олтурууга мүмкиндик болмас, кызык бир нерсе айта отурсаңыз – деп, оң колтугума сол колун кийре, мага карап ыктай олтурду. Салтанаттын денесинен тутанган от анын капталына тийип турган колум аркылуу менин денеме жагылгансып, тулку боюм ымыр-чымыр болуп жатат.

* * *

Эки күндөн кийин жүрөгүмдүн тушундагы, чөнтөктө самолёттун эки билети жатты. Анын бири айтпасам деле түшүнүктүү болуп турган чыгар, Салтанаттыкы болучу. Тармал жалбырактуу кайыңга жөлөнө кыналышып турган түндө Салтанат ак салааларын чачына аралатып туруп: «Ашым, ссни кандай сүйүп калганымы билбейм. Баягы аянтчада турган кезиңде биз үч кыз болуп төмөн түшүп бараткандагы кадала тиктегениң эсиңдеби? Ошондо мен да сага алдыртан көз жибергеними унута албайм. Андагы сенин көздөрүңөн сүйүүнүн жебелери атылып, менин жүрөгүмө сайылгансыды. Ошондон кийин өзүмү сенден канчалык алыстатууга аракет кылсам да, эркимди бийлей албай калдым. Бул жөнүндө Жылдызханга айтсам: «Үй-бүлөлүү эмес бекен» – деп чочулады. Менин да күмөн санаганым ошол эле. Сен байкадыңбы, жокпу, «эжебиз» аркылуу ал жагыңды да, алдыртан изилдеп, билип алдык. Мына эми менин тагдырым өз колуңда» – деди, башын ийниме жөлөй, от чачкан денесин денеме ого бетер кынай берип.

Эртеси күнү Пржевальскийге барып Салтанатка өзүмкүнө окшош билет алып келдим.

## КҮТҮҮ

### 1

Супа. Анын үстүндө эне. Караганы жол. Күткөнү баласы... Сергил апаны кайрадан ушул супага отургузуп, жок баланын жолун караткан мына бул окуя болду.

Күтпөгөн жерден Баймат келип калат. Мына кызык, өлгөн киши да тирилет тура! Андан кара кагаз келип, карыган ата-энеси ырым-жырымына чейин өткөрүп койгонуна жыл маалынан ашып кетпеди беле.

Баймат келиптир деген кабарга адегенде эч ким ишенген жок. Анан кантип ишенишсин, тирүү кишиден кудай уруп, үч жылдын ичинде бир гана кат келсин. «Өзү кат билбесе, аерде жалгыз эместир го. Эки эли кагазды ким жазып бербесин» – дешип, айылдагылардын баары таң. Чындыкты кантип жокко чыгарасың – Байматтын келип калганы ырас. Мурунураак барып аны өз көзү менен көрүп келгендер, тиги кабарга ишенбей баш чайкагандарды колдон ала шаштырышты: «Жүрсөң, ишенбесең өзүм ээрчитип барып, кучакташтырып коёюн. Баягы Баймат эмес. Сөзү чыгып, сүйлөгөнү тың. Ал түгүл төшүндө ордени жүрөт. Дит багып жүзүнө тиктей албайсың – сүрдүү болуп келиптир. Оозундагы чөбү да жок. Немистерди көргөндө коркуп кетип, түшүрүп жиберген окшойт анысың. Атасы байкуштун сүйүнгөнүн коё кал – кашынан жылбай отурат. «Сени өңүмдө көргөнүм чынбы, кагылайын Байматым?» – деп, көзүн ирмебей тиктегени-тиктеген. «О, ата, ишене бериңиз, өңүңүздө эле көрүп отурасыз. Мен Байматыңызмын» – деп, мурункудан бир аз кубара түшкөн иреңине кызыл жүгүртүп, анысы барбаландайт. Деги эле жапакеч болуп кетиптир. Баргандын баары менен кучакташып көрүшүп жатат. Эл-журтту катуу сагынса керек, мурда үйүнөн карыш чыкпаган неме. «Жүрсөң, өлгөн кишинин тирилип келгенин өз көзүң менен көрүп ал» – дешип, бирин-бири сүйрөп отурушуп, тиги намашамда келсе да, эл жатпай Болотбек чалдын үйү кары-картаңга, бала-бакырага толуп чыккан.

Чынын айтуу керек, Байматтын согушта курман болгонуна ата-энесинен бөлөк эч ким деле кейиген эмес. Бар болгону, андан кара кагаз келгендиги тууралуу кабар ошол кездеги шарт боюнча, электр тогундай бардык үйгө бир эле мезгилдин ичинде жетип барганда, айылдаштарынын көз алдына дайыма оозуна чөп тиштеп жүрчү дүлөй кебетеленген, тултук бет, чыйкандай кызыл ирендүү, жагымсыз жылмаюу ар убак ууртунан кетпеген чарчы бойлуу неме ошол кебетесинде бир тартылып, жанып өчкөн сыңар тал ширеңкедей кайра жок болгон. Андан бери эки кишинин башы бириккен жерде жорук-жосуну кеп болчу курмандардын арасынан анын ысмы угулчу эмес.

Он бир жыл бою араба минип, тракторлорго май ташыды, керек болгондо талаадан колхоз сарайына чөп тартты. Тамеки деле чекчү. Ошондо эч болбосо, бир бочка майды, же бир араба чөптү күйгүзүп-өрттөп жиберсе, ошондон улам, балким, эл эсинде аты калар беле. Жок дегенде ошол да колунан келген эмес, анын. Өрт жөнүндө сөз козголсо, сөзсүз, эскеришмек да.

Байматтын арбагына куран окушканы барган айылдын аксакалдары бери тартканда, эки абышканын ортосунда гана ал тууралу мүнөткө созулган пикир алмашуу болгон эле: «Байматтай баёо немелер урушка барбаса деле, көрүнгөндүн бут алдында тебеленип жүрүп күнү өтмөк да. Андайлардын барынан жогу эмеспи. Тирүү жүргөндө ага окшогондун кимге пайдасы тиймек?» – деп тигинин өлгөнүн табалагандай Семет карыя көк эшегинин ыйыгына кыска таягынын атайын жасалган шиш учу менен бир сайып, кыдыңтаткан бойдон алга чыга бергенде Карып мурап чыдабай кеткен: «Ай, Семет, карыганча сен кишинин кадыр-баркына жетпес болдуң го. Билсең, бу дүйнөнү төбөсү менен тиреп тургандар Баймат өңдүү ак ойлоп, ак иштегендер эмеспи! Аларсыз тигил асмандын төбөсү оюлуп, ааламды, ага кошуп адам туруп адамга ок аткан айбан немисиңи, анан сени, силердин кесепеттериңерден бизге окшогон мээнеттен башканы билбеген ак пейилдүү адамдардын баарын жексен кылмак, түшүндүңбү, акмак!...»

Карып карыянын бул адилет пикирин көрүстөндөн кайткан кишилерге окшоп куйт этпей баштарын ылдый салаңдатып келаткан беркилер да колдоп кетерине түшүнгөн Семет аксакал башка сөзгө келбей эшегинин кытыгына дагы бир сайып коюп, узак кете берген.

Адилетсиз айтылган жанагынан пикирине ачуусу келип калган Карып мурап тигинин карааны үзүлүп кеткиче Баймат жөнүндөгү өзүнүн оюн уланта берди. «Бечара, десе, мээнеттин кишиси эле да. Тиштеп жүргөн бир тал чөпке гана зыяны тийбесе, кимге залал кылды эле? Он жылдан ашык араба айдаптыр, бир күн үйүндө тынып отурганын көрдүңөр беле? Чоңубу, кичинеси жумшайбы: «Куп, барам, аткарам»– дегенден бөлөк сөзүн уктуңар беле? Жок! Же ичкилик ичип маскара болгонун, же акарат кылып бирөөнү сөккөнүн эшиттиңер беле? Жок! Калп айтып кызаңдаганын, же эки жүздүүлүк кылып, бирөөлөрдү ушактаганын байкагансыңарбы? Жок! Анан анын эмнеси жаман?! Немистин кызын боозутуп коюптурбу? Жем Семетей кекечтин арпасын кам орду беле, анын өлүмүн табалагандай. Акмак десе!...

Ооба, Баймат көзгө комсоо жигиттерден болучу. Аны келин-кесек, тели-теңтуштары «чөп жээр» деп коюшчу. Ал, эмнегедир ар убак чөп тиштеп жүрөр эле. Анысын кээде курбулары: «Чөп жебесең, курсагың кампайбайбы, сенин» – деп жулуп таштаса, кепке-сөзгө келбей, ошол замат жерге эңиле калып, туш келген чөптүн башын чырт эттире жулуп алчу да, дароо калбыгый эриндеринин арасына кыстара коё турган. Элдин эсинде калган андагы бир өзгөчө белги ушу.

Ушул Баймат өлүп, кайра тирилди. Буга да анын жоош-момундугу, нары тартынчаактыгы себеп болгон тура. Бир урушта оор жарадар болуп калат. Эки күндөн кийин гана аны согуш талаасынан башка бөлүктүн кишилери кансырап жаткан жеринен жолуктурушуп, госпиталга жеткиришкен экен. Он алты ай дарыланыптыр. Денесинин тамтыгы жок – снаряддын чачырандысы он жети жерине тийиптир, өздөрү да таң калган имиш. Болгондо

бир ичегисине гана доо кетиптир. «Ой, эмне үчүн кат жазбадың, тирүү экенсиң, ботом!» – деп аны «өлгөн» себебин тезирээк билүүгө ашыккандарга көзүнөн жашы чыкканча ыкшып күлүп: «Сабатсыз экенимди билчү элеңер го. Кат жазбаганымын себеби ошол. Баргандан кийин келген жалгыз катты да, он күн ойлонуп жатып, бир улгайган казакка араң жаздырган элем. Андан кийин ал окшогон мойсопут мусурман туш келбеди. Жаштарына кат жазып бер, сабатсыз элем десем, ушунча жылдан бери отуз алты тамганы тааныбай кайсы бурчта жаткан немесиң, байкуш» – деп шылдыңдайбы деген кооп менен оозум барып айта албадым. Өзүңөр билесиңер го, лекбезде эки жыл окуп, тааныганым эки тамга болбоду беле – А анан Б. Бул эки тамгадан кат куралбайт экен да. Госпиталдагылар таңыркашчу: «Ой сен, деги кат жазып, кат албайсың да? Же эч кимиң жокпу?» – дешип. Андайларга берер жообум бирөө гана: «Менден кат күтө турган жек-жааттан эрте айрылган экенмин. Көрүп жатасыңар го, мында жатканыма канча ай болду, бир жолу да кат келген жок. Тумалай жетиммин». «Андай жооптон кийин ичимен тобо келтирчүмүн» – деп сөзүн бүтүрдү.

Мына, Байматтын «өлүп» кайра тирилишин бар тарыхы ушул экен. Ушул окуядан бери жакындарынан кара кагаз алып, көксүн суутуп калган ата-энелердин көбүндө кайра үмүт пайда боло баштады.

Анын үстүнө ага учурашканы барган өксүк кемпир, чалдар: «Кана эми, сага окшоп биздин балдардан деле жаңылыш кабар келген болсо. Алардын деле сабаты сеникинен артык болбосо керек эле. Калем эмес, орок, кетмен кармап жүрүп эле кетишпедиби. Ылайым сага окшоп жаңылыш кабар болсун» – десе, тигилердин жүрөктөгү сары зилди көрө койгонсуп, Баймат үмүткөр кылчу кепти айткан: «О кокуй, келген кабардын баарын эле чын экен деп ишене бербегиле. Бу уруштун сыры көп. Тирүү деген кишинин өлүк чыгышы, өлдү дегендин тирүү табылышы опоңой. Чабуул деген немесинде, эки тарап тең кээде аралашып кетип, тополоң-тозу чыгып, баш көргөндү көз көрбөй ка-

лат. Андай кезде өлгөнү ким, тирүүсү ким ажыратып отурууга убакыт кайда. Ошондой тополоңдо эс учунан танып, колго түшүп калгандар андан көп. Тирүүлөрдүн арасынан көрүнбөсө эле, кээде командирлер, «Баатырларча курман болду» – деп быякка кабарды айдап жиберише берет» – деп койбодубу. Байматтын мына ушул жоболоңдуу окуясынан бери жок балдарынан жолун кайрадан кадала тиктеп калгандар көбөйүп кетти. Ошолордун бири Сергил апа.

* * *

Сергил апа чынында эле баласы Эшенкулдан үмүт үзө баштаган болучу. «Айлам канча? Жалгыз менин Эшеним болсо экен, жаштайынан минтип жаздыгы кууураган. Бу каргыш тийген согуш кимдердин тилегине кылыч чаап, өмүрүнө бүлүк салбады? Ушул алакандай айылдан эле канча киши кайтпай калды. Керим бозокордун төрт уулу, Айдар старчындын уулу менен жалгыз кызынын күйөөсү, Тоту кара жаактын эри менен жаңы үйлөнгөн баласы...» – деп эки колунун манжалары бир жумулуп, кайра ачылганча эсептечү да, андан кийин тажаган немече, көк тамырлары көрүнүп, териси сөөгүнө жармашкан оң колун кош көңүл серпе, таягын бооруна такай көздөрүн жумуп отуруп калар эле.

Чын да, бул төрт жылдын ичинде алардын алакан отундай айлынан кандуу сапарга аттангандардын теңинен көбү кайта элек. Көбүнөн кара кагаз келип, эчак ырымжырымдары өткөрүлүп, жан күйөрлөрү: «Кантели, жаамы журттун башына түшкөн мүшкүл экен. Ыйлаган менен табылбаса, кайда калсада, эми жаткан жайлары жайлуу болсун» – дешип, аргасыздан көксүн суутуп калышкан болучу. Алардын ар биринин үйүнө Сергил апа да барып, кыбыланы тиктей отуруп:

«Кылычты кыя чапкандар,
Душманын мээлеп аткандар.
Бейиште болсун жайыңар
Бейкутта болсун айлыңар» – деп тигилердин жакындары менен кошо жоктоп ыйлаган.

Баласы Эшенкулдан кара кагаз алганда, айылдын кары-жашынан бери түп көтөрүлө келишип, ушул төрт паксалуу коргонду бир жолу дүңгүрөтүп, таштапшады беле. Айрыкча, Айтилла кыздын ошондогу өңгөч үзүлтө чыккан мундуу добушу күнү бүгүнгө чейин Сергил апанын кулагынан кетпей, тамагын бууп келатат. Ошого чейин ал кыздын ички сырын билбеген эне дагы эле түшүндөгүдөй, же бирөөнүн оозунан уккан керемет жомок сыяктуу болгон окуяга ишенип, ишенбей – маң.

Айтилла ким? Жетим кыз болучу. Ата-энесинен ажырагандан бери абасынын колунда жүрүп чоңойгон. Сергил апага анын эч кандай жакындыгы жок эле. Уруш чыккан жылы жетинчини бүтүп, ошондон бери колхоздо иштеп калган. Кээде эртели-кеч Сергил апаныкына келип, казантабагын кармалашып, кири-кушун жууп бергенин: «Жетим болуп, ата менен эненин мээрине чаңкоо байкуш боор тартып жакшы сүйлөгөнгө үйүр алып жүрсө керек» – деп, Сергил апа аны айылдын боорукер, жапакеч кыздарынын гана бири катарында эсептечү.

Аксаргыл бетин албырта казанга нан жаап жатып, Сергил апанын суз өңүнө тик карабай:

– Кадыр кулуңуздан кат келдиби, эне? – деген акыркы жолу үйүнө келгенде.

– Ооба, кагылайын, келди. Кудайга миң мертебе шүгүр, урушка барбай турган болуптур, аным. Жакында уруш бүтөт дешип атат. Биз ага жетпей калат экенбиз, кап! – деп өкүнүп жазыптыр, чунак бала. Согушка барбай калат экенмин деп, арман кылганын карасаң, бала да. Эл андан кантип кутуларын билбей, мазасы кетип жатса, тигинин өкүнгөнүн карабайсыңбы. Ай, балам ай, балам ай! «Урушка барсам эле, апа, баатыр боломун мен» – деп, жиниме тийчү биерде. Ажап болуптур, анын кечиккени. Эми андан көңүлүм кадыржам болду. Иштен киши эч нерсе болбойт, тени-жаны соо болсо. Душмандар кыйратып кеткен шаарларды калыбына келтирип жатабыз дептир. Ошонусу эп, мага. Бүт өмүр бою ошентип, жай курсун. Эгин эгип, суу сугарсын. Өзүнө, элге нан берсин. Мен эмес,

мендей энелердин баарында эле ушул тилек болсо керек. Уруш болсо, ага уулум, же кызым катышып, баатыр деген атак алса – деп эңсеген энени төгөрөктүн төрт бурчун кыдырсаң да таппасың дейм, Айтилла кызым? Же калп айтып жатамбы? – деп, кемегедеги отко жүзү албырып, кирпик-кашы төгүлө жер тиктеген немеге караган.

– Сөзүңүздүн калети жок, эне. Ким жакшы көргөн кишисин өлүмдүн өртүнө ыраа көрсүн. Ылайым уруштун аты өчсүн – деп, кыз Сергил апанын буга удаа берилчү суроосунан качкандай, ошол замат ордунан тура калып, кийиз туткуч менен кара казандын кулагынан кармай айыгып келаткан жарадай чоктун табына жыйрылып калган нандарга карап, күлүмсүрөп койгон.

Аны көргөн сайын, эмнегедир Сергил апанын жүрөгүнө жакшынакай сезимдер пайда болуп, өз кызындай тигинин саамайынан сылай эркелеткиси келип кетер эле. Ал эми Айтилла болсо, купуя сырынан тынчсыздагандай мээримдүү эненин алдында жакшылыктуу кепке келе албай, тайсалдай берчү.

Эненин көз алдында азыр да Айтилланын акыркы ушул жолугушуу мезгилиндеги уялыңкы кебете-кешпири. Бир нерсени айта албай тайсалдаганы. Мындан кийин булардын ортосундагы мурункудай жылуу кезигишүүлөр болгон жок.

Андан бир жума өтпөй Эшенкулдан кара кагаз келди. Бул каргашалуу кабар гана Айтилланын ким экенин Сергил апага аягына жеткире айтып берди.

***

Эшенкул эки катты бир күндө жазат көрүнөт, анткени Айтилла жумуштан келатып, колхоздун шифер чатырлуу конторасынын эшик жагындагы бөлмөгө орношкон почтого кирип, кат сураганда, андагы жаш орус кыз буга дайыма эки кат сунчу. Бири – өзүнө, экинчиси – Сергил апага. Сергил апага жазылган кат ар убак: «Кагылайын апа, күүлү-күчтүү жүрөсүзбү?» деп башталчу да: «Менден кам санабаңыз, душмандын сазайын колуна берип атам. Жакында алар жок болот. Биз жүз көрүшөбүз. Көкүрөк жытыңызды сагындым, апа. Ушул катты жазган эрке

балаңыз Эшенкул» – деп колун коёр эле. Ал эми Айтиллага арналган каттын тегерек чети гүлгө оролуп, жолдун ортосуна куш кат менен бадырайта: «Жүрөгүмүн кубанычы Айтилла!» – деп башталар эле да – «колуна автомат кармап, сенин сүйүүңү жоодон коргоп жүргөн жоокериң Эшенкул» деп бүтөөр эле.

Бирок Сергил апа бул кат тууралу түк билген эмес. Баласынан келген өзүнө тиешелүү үч бурч катты Айтилла окуп берип жатканда орок оруп, машак терип, чөп чаап жүргөнүнө карабастан, сынынан бузулбаган кыз колунун болор-болбос титиреп турушу жана почтодон алары менен контордун киши көрбөс далдасына өтө калып, ар убак эки барактын төрт бетине толтура жазылуу өзүнө тиешелүү катты бир саатча отуруп, кайра-кайра окугандан кийин, кара күрмөсүнүн жүрөк тушуна өзү жасап алган чөнтөктүн ичинде дайыма жүрчү Эшенкулдун сүрөтү менен кошо жаткан сыйкырдуу каттын күчүнөн экенин Сергил апа кайдан билсин!

Ошентип, Эшенкулдан келген эки катты тең биринчи болуп окуган, анан экөөнө тең жооп жазган – Айтилла. Бирок эне көзүнө көрүнгөнү да, жазылганы да бир гана кат. Кат окулуп бүткөндөн соң, Сергил апа адат болуп калгандай ыйлачу. Анын жанында олтуруп, Айтилла да жоолугунун учу менен көздөрүнүн жашын тымызын сүртө ордунан тура жөнөсө, анысын да Сергил апа: «Байкуш эмне кылсын. Жетим неме жашык, нары боорукер болот эмеспи» – деп, кыз жүрөгүндө өзүнүкүндөй эле түйшүктүн бар экенин билбей, тескери жоруп коёр эле.

Айтилла тууралу башкача ойлоого анын негизи да жок болучу. Аскерге кеткенге дейре Эшенкулдун кыз-кыркынга тамаша айтып тайраңдаганын башкалардан да укпаган, өзү да көрбөгөн. «Эрке өскөн неме ушундай болобу? Бу жашта илгеркилер бир-эки балалуу болуп калчу эмеспи. Атасы мени менен баш кошкондо он жети гана жашта эле го. Жигиттин артынан ээрчиген жаштык сөздөрү болчу, эл арасында, анысын деле укпайм. Же кыз-келиндерге суук көрсөткөн, мен байкабаган бир айыбы бар бекен?» –

деген бушайман ой менен алек болуп жүргөн эне бир күнү баласы эркелеп киргенде сүйлөдү:

– Ээ, Эшен, эркелегеңди коюп, мени качан кара казандан куткарасың? – деди.

– Келиниңиз даяр, апа! Бирок шаштырбаңыз. Азыр үйлөнүш силердин заманыңардай эмес, апа. Анын көп жагы бар. Билим алуу да зарыл, үйлөнүүдөн мурун. Азыркы заман билимдүүлөрдүн заманы. Биз адегенде ошого ээ бололу дедик. Апа, – десе, Сергил апа чоочуп кеткен.

– Кокуй, дагы эмненин окуусу, сага? Жети жыл мектепке тынбай каттадың. Анан тиги Ош деген жагыңан барып дагы бир жыл чыпчаң окуп келдиң. Мына эми болсо, бир колхозду кыймылдатып турган бугалтырсың. Башыңда сый-урматың бар, жаштыгыңа карабай… «Балаңыздын башы иштейт, Сергил жеңе. Билими да баарыбыздан жакшы» деген сөздү раистин өз оозунан укканмын. Мындан артык дагы кандай окуу болот, сага? – дегенде Эшенкул санын чапкылап жатып күлгөн.

– Кагылайын апа, али түшүнбөйсүз да. Бүгүнкү раис менен сизге көп керүнгөн билим эртең эле аз болуп чыга келет. Төрт-беш жылдык окууга барайын деп жүрөм. Сизди дан, кийим менен үч-төрт жылга камсыз кылып койсом, келерки жылы кете бермекмин. Алар түгөнгүчө Кадыркулуңуз да бой жетип, андан аркысын өзү улантып кетер дейм. Мен институтту бүтүрүп келген соң, аны жиберебиз. Келиниңиз да окумак. Демек, тойго дагы төрт-беш жыл бар, апа…

Ошондон жарым жыл өтпөй калк башына күтүлбөгөн жерден жайдын ачык күнүндөгү алда кайдан келген токумдай дейди кара булуттан төгүлгөн мөндүрдөй жанагы каргаша туш болгон согуш башталган. «Деги келиним ким болмок? Келип, казан-табагымды кармап бербесе да, жок дегенде аты-жөнүн билип турайын. Ыман-салабаттуу немеби?» – десе, Эшенкул апасынын кулагына жакын барып шыбыраган: «Чырайын сурасаңыз көктөгү ай. Назиктигин билгиңиз келсе – бактагы гүл. Көздөрүн көргүңүз келсе – жер алдында сууга чайылган кара чараз жүзүм. Каштарын

сурасаңыз – учуп бараткан калдыргачтын канаты. Боюн билгиңиз келсе, тоонун ышкынындай солкулдак. Күлкүсү болсо, таптагы куштун канат алдындагы коңгуроосун уктуңуз беле – так ошонун өзү. Дагы эмнеси калды, мен сүрөттөп айтпаган?» деп Эшенкул коюу кирпиктерин ирмеп-ирмеп көктү карай ойлоно калганда, баласынын кезектеги тамашасы экенин сезген эне, каткыра күлүп койчу.

– Эшен, тамашаңы кой, мен чындап эле сурап жатам, ким деги, атын айтып койсоң, эч болбогондо. Чырайын сурап жатат дейсиңби. Акыл-эсин айтсаңчы адегенде. Эси жок немеге алтын чаптап койгонуң менен деле, көздү кубантып, жүрөктү жылыта албас, балам. Чырай бергенче, жараткан пендесине акыл берсин – деп, баласы чындап эле кокусунан жолуккан бирөөнүн сырткы көрүнүшүнө азгырылтып, ушул азырда ээрчип кетип жаткандай Сергил апа карбаластай түшкөн болчу.

Ошентип, анда баласы азил-оюн менен жадегенде атын атабай койгон Сергил апанын болочок келини, Эшенкулдун тымызын сүйүп, келечекке өмүр шерик кылууга шерттешип жүргөнү Айтилла тура. Муну эне баласынан кара кагаз келип, бети-башын тыткылап, кыбыланы карап, ыйлап отурган күнү гана билбедиби. Кап!

Сергил апанын Эшенкулуна жаратылыштагы эң кооз нерселерди элестетип, делебесин козгой жүргөн ар убак анын алынан кабар алып, «боорукер кыз» атанган аксаргыл, узун бойлуу, чап жаак, ымандуу неме турбайбы. «Кап, ушундай кызды Эшеним эмнеге байкабай калды экен!» – деп ал кеткен сайын эне ичинен шыпшына жүрчү эмес беле.

Бардыгын эне байкуш кеч түшүнүп калды! Болбосо, аны түндө койнунан, күндүз кашынан кетирбей бапестебес беле. Жашынан ата-энени мээрине канбай жеңенин колунда кагуу-силкүү эшитип, чоңойгон Айтилла бечара эмне үчүн мындан, болочок кайын энесинен сырын жашырды экен? Анын уялчаактыгы ай! Бир дасторкондон нечен ирет бирге отуруп даам татышкан эле. Ошондо бири кайын эне, экинчиси ага келин экенин жалгыз Айтилла гана билчү

да. А Сергил апачы? Тигинин жылдыздуу, нары адептүү кылык-жоругуна, кылган ишине карап: «Эшенкулума ушундай кызды туш кыла көр, жаратканым» – деп, ичинен тилек кылып тим болор эле.

Сергил апа бардыгын кеч түшүнүп, кеч билди. Айтилла делбе болуп кеткенден кийин гана, ага аз мээр төккөнүнө өкүнүп жүрбөйбү. Ооба, Айтилла бир күнү эле акылынан ажырап, көчөгө чыгып кетет. Антип кетишине себеп ал, Эшенкул болуп калды. Андан кара кагаз келип, элдин баары Сергил апанын коргонун түп көтөрүп жатканда, Айтилланын мында келгенин эч ким байкабай калат. Жоолугун жая салып, тытылган бетинен ылдый канга аралаш жаш төгө, бөйрөгүн таянып катындардын катарында боздоп ыйлаган Айтилла экенин андагылар кийин байкашып калды. Ошондо гана эски салттын туткундары аны желкелеп жүрүшпөйбү.

«Укпастан таттуу сөзүмү,
Көрбөстөн жаштуу көзүмү,
Кара таш беле жүрөгүң,
Тоскудай окко өзүңү».

– Оо-уу-оох! – деп, өңгөч үзүлтө улуп-уңшуганда ыйын токтотуп, бериде дубалга жөлөнө отурган аялдар жаалап: «Ой, шерменде десе! Сен анын алып койгон катыны белең, минтип озондогудай? Жогол мындан, элде жок жорукту баштабай!» – дешип, а жерден желкеден ала сүйрөп чыгарышат. Ошондон бир жума өтпөй, айыл арасына: «Баягы Айтилла делбе болуп кеткен имиш» – деген каңшаар тарады. Бир күнү эле Сергил апа карага чулганган арык тулкусун араң сүйрөп, дарбазасынан чыкса, анын тушундагы чоң жолдун жээгинде чачын жазып, аны боз топурак менен шыбап Айтилла отуруптур...

Ага эми ким карамак эле. Жаман болсо да, абасы Бекташ, анан Сергил апа күйүп-бышты: «Эки киши бир өлөт – деген кандай шумдук ботом!»

Сергил апа үстүндөгү кара көйнөгүнө карабай, Айтилланы кулагы уккан көздүү-жарактуунун баарына алып барды.Тиги Өзбекстандагы бир атактуу молдонукуна алып барып, бир жумача түнөп да келди. Бирок жардам болбоду. Бакшыларга көрсөттү. Алар деле айыктыра албаган соң,

анан доктурга алып келген эле. Мындан да арга табылган жок, болгондо кагаз жазып беришти – «Коконго алып барасыңар, жиндилерди ошол жакта дарылашат» – дешип.

Колхоздон араба сурашып, темир жол станциясына чейин ошону менен жеткиришмек болду. Айтилла күндө эртең менен чыгып отурчу чоң жолдун таманына келип, алар арабынын токтоткондо тиги учтары жерге төшөлүп жазылган чачын топурак менен шыбап алып, салаасы менен тарап отурган болучу. Сергил апа аны айланып-кагылып, адаттагысындай бир жакка алып барарында айтчу: «Кагылайын Айтилла, мына бул арабага түш, Эшенкул келаткан имиш, тосуп келели» – деп, ага биринчи болуп жакындай бергенде, тиги ордунан ыргып тура келди да, Сергил апанын мойнунан кучактай, жалынып жиберди: «Кагылайын эне, мени алып кетпесең, ушерден. Бүгүн Эшенкул келет! Алып кетпесең, эне! Бүгүн Эшенкул келет! Алып кетпесең, эне! Бүгүн Эшенкул келет!» – деп соо немече өксүп-өксүп ыйлап жиберсечи! Уккан кулагына ишенбеген эненин тула бою зыркырап, көзүнөн мончок-мончок жаш чууруду. Анан заматта шалдая туруп калган кыз эненин жүзүнө таанybаган кишисиндей таңдана тиктеп турду да, ботола болгон бетинен ылдый салаалап аккан жашын да сүртпөй каткырып коё берди. Акылынан ажыраган кишиге айла жок тура. «Сергил, сен да кээде жаш бала болуп кетесиң. Эмнесине карайсың жиндинин! Ошонун кебине ишенип калдың беле, балам келет экен деп. Мындайдын колу-бутунан кармап, арабага ыргыткандан жөнү барбы. Каягына алып барып болсо да, ушундан кутулалычы. Айылдын ичи да тынчысын. Баарыбызды шерменде кылып бүтмөй болду, бу жинди. Уругубузда жок ооруну кайдан жуктуруп жүргөнүн билбейсиң, бу кара беттин» – деп, тигинин минтип калган себебин моюнга алгысы келбеген шоро көз, орой, нары элге кежирлиги менен маалым болгон абасы Бекташ андан тажаганын билдиргендей Айтиллага карап тап койду. Он колунан кармап бурай берейин дегенде, кыз колун шарт сууруп алып, аны бет талаштыра коюп жиберсе, көзүнө аралаш

тийди белем, алакандары менен бетин баскан бойдон ал жол четине отура калды. Айтилла күүлөнгөн бойдон барып, отурган жеринен тигини акыректен ары тепти эле, Бекташ чалкасынан жыгылды. «Жоголгула, мындан! Азыр Эшенкулум келет, бу жолдон. Жоголгула көзүмө көрүнбөй!» – деп, жол таманындагы бортулдап жаткан боз топурактан чеңгелдеп чача берип экөөн тең кууп жиберет. Ошондон кийин аны бир жакка алып барып, көздүү-жарактууга көрсөтөлү деген аракеттерин, Сергил апа да, абасы Бекташ да токтотушкан.

Айтилланын отурган жери Эшенкулдардын үйүнүн тушундагы чоң жолдун бою. Ал кыштакты тең жарып өтөт. Күн бою киши үзүлбөгөн бул жолдун четинде отуруп анын кылар иши бирөө – чачын жазып, чач тароо. Жолоочунун ким экенине карабастан, тушуна келгенде, мас кишиникиндей кызарып, кейпинен кеткен көздөрүн жайдаңдата тура келет: «Менин Эшенкулумду көрдүңбү?» Анын сырын билген киши болсо: «ооба, көрдүм, артта келе жатат, күтө тур» – деп, сооротуп өтөт. Мындай жооптон кийин тиги шаңкылдап бир күлөт да, өрүмдөн жазылган чачын тизесине чейин жайпалта жанагы жолоочу айткан жакка бар күчүн жумшап чуркап жөнөйт. Туурулган жыңайлак бутунун башмалдагына илинип далдалынан кеткен багалегине чалынып, акыры жыгылат. Бир күндө бир эле жолу ушинтип чуркаса экен.

Аны тааныган жолоочу жалгыз эмес да. Анын үстүнө айылдын жаш балдары деле сырын билип алгандан соң, жанына келишип: «Айтилла, Эшенкулуң келатыптыр, чуркабайсыңбы?» – деп, аны шылдыңдашчу болуп кеткен. «Кана?» – деп, чач тараганын токтото калып, балдар сөөмөйүн сырайта көрсөткөн жакка чуркап жөнөйт. Акыры куру бекер жүгүрө берип, чарчабайбы, жеткен жерине колдорун дерейте жайып жиберип, бир топко дейре топурактуу жол үстүндө кыймылсыз жата берет. Тура калып кылар иши дагы баягы – чач жазып, чач тароо. Кайра жазып, кайра өрүп, отура берет. Топурак шыбай бергенгеби, же күнгө кактанып отургангабы, көмүрдөй кара чачы саргыч түстөнө баштаган.

Аны билбеген кишинин иши барбы, чаңга бөлөнүп ботола болгон кебетесин көрөр замат итиркейи келе түшөт бейм, тушуна жеткенде: «Менин Эшенкулуму көрдүңбү?» деп демейдеги татынакай сурмалуу көздөрүнүн катыбын бузуп тура келгенде, үрккөн атынын тизгинин тарта берип: «Эшенкулуңду мага кайтартып койдуң беле? Ары тур, албарстыдай арбайбастан! Атты үркүтөсүң» – деп камчысын төбөсүнө үйрүй, док кылышат. Андайлар Айтилланын каарына калды дей бер, жерге чапчаң эңиле калып колуна эмне тийсе ошону алат да, буту жеткен жерге чейин ал жолоочуну кууп барат. Анан чамбыл ала болгон бетин да сүртүнбөстөн, арыган жеринде, кан жолдун ортосуна көмкөрөсүнөн жата кетип, улуп-уңшуп ыйлай бермей. Андайда алдап-солдоп, дагы Сергил апа үйүнө алып келип жаткырып койчу. Качан эсине келсе, ошол замат күндөгү ордуна барып отуруп калат. Эрмеги чач тароо, чач өрүү.

Мурдагы тели-теңтуш кыздары кээде боор оорушабы, нан-пан алып, анын отурган жерине келишет да, бир нерсе жедиришкенден соң, тийиштик кылып, андан тил уккандары дагы көп. «Айтилла, дейм, эртеден-кечке эле чачыңы өрө бересиңби, күйөөсү келчү кызга окшоп?» – дешсе, тигинин кулагына жакшы угулабы, кебетеси кетип калган өңүнө кайрадан чырай чыгарып, аппак тиштерин бажырайта шаңкылдап күлөт: «Акмак десе, күйөөм келерин билбейсиңби? Эшенкулум келет, Эшенкулум! Ишенбесең тиги жолоочудан сурап көрсөң, тигине» – деп, сүйлөшүп отурганын желкеден ала өйдө тургузат да, эчак карааны үзүлүп кеткен жолоочунун багытын көрсөтөт. «Эшенкулум келет, азыр. Жогол мындан! Аны тартып алганы келсең керек, а-а? Жогол!» – деп, тигинин алып келген тамакашын башынан ашыра ыргытат да, өзүн кууп жөнөйт.

Бир күнү эле Айтилла отурган жеринде жок болуп калды. Дагы бирөөнүн жалган кебине ишенип, «Эшенкулун тоскону кеткендир» деп, Сергил апа элебей койду. Абасы Бекташ болсо, баягы таяктан бери анын жанына басып келгенди токтоткон. Бирок, кечке чейин кайтып ордуна келиш керек эле да. Каш карайганга дейре, Сергил апа

супасына чыгып карап отурду, келген жок. Көчөнүн о башы менен бу башын кыдырып, баарынан сурап чыкты, эч кимиси көрбөптүр. Анан Бекташка келип, бу кабарды айтты эле, ал корс этти: «Жиндини жин урат дейсиңби, дагы бир жерде темселеп жүргөндүр да. Аны каадалы адам көрүп, артынан издеген сенин да келдең соо эмеспи, деп калдым, Сергил!». Сергил апа түнү менен уктай алган жок. Эрте туруп айылды дагы бир сыйра кыдырып чыкты, дареги жок. Анан кыштактын этек жагынан өтчү канал эсине түшө калганда жүрөгү шуу дей берди. Иле чалып ошол жакка жүгүрдү. Көзүн жай агып жаткан каналдагы киргилт суудан албай, арыкты бойлоп кете берди. Аны жээктеп, Айтилланын чуркаганын өзү да нечен ирет көргөн эле. Эки чакырымча жүргөндөн кийин Айтилланы тапты. Ал жаңылышпаптыр, күмөндүү жерден чыкты. Каналдан суу бурулган жердеги кум ойногон көлчүккө чалкасынан түшүп, анын денеси жатыптыр. Чачтары жазылган бойдон кумдун астында. Ссуга чайылганга ал кайрадан кундуздай жылтылдап кетиптир. Өңү да таптаза. Бардык кир-кушу кетип калганга тунук бети аркан бою көтөрүлүп калган күндүн нуруна бөлөнүп, кызгылт, бирде саргыч түскө алмашып, кубулуп турду. Осмо коюп койгондой каштары чийилип, кара. Алдыңкы эрдин кесе тиштеп калыптыр. Жарымы кумга көмүлүп жаткан денеси калыбынан чыгып, жоонтумак тартып калган. Колдору эки жакка дерейип, керилип жаткандыктан, суроосуна натуура жооп берген кишини кууп барып, күчтөн тайган жеринде ушинтип жатчу эмес беле деген кыязда Сергил апа үн чыгарса эле ал айкырып тура келчүдөй үн-сөзсүз тура берди…

* * *

Ошентип, Сергил апа эки айга жетпей эки бирдей кишисинен ажырап, муңкүрөп жүргөндө Байматтын келип калышы анча эле өбөк болбодубу. Албетте, анын Эшенкулу Байматтай жоош эмес болучу. Анын үстүнө айылда кат-сабаттуулук жагынан алдына түшөр башка киши да жок эмес беле. Райистин өзү мактаган неме оңойбу! Эне

канчалык аракет кылып, баласынын Байматка окшош жактарын издесе да, таба албады. Ошентсе да, «уруштун сыры көп, тирүүнү өлдү деп, өлүктү тирүү деп жаңылышып кеткен учурлар көп болот» – дебедиби.

***

Ошондон бери Сергил апа эртели-кеч супанын үстүндө. Тиктегени жол. Күткөнү Эшенкул.

Кош канаттуу чоң дарбазанын оң капшытынан нары кеткен төрт пакса дубалга такай жасалган бул супа жердин тоңу эрий баштаганда тегерек чети жибишип, урай баштайт да, күн ысыгандан тартып эне колунан кайра бүтөт. Саман шыбак менен зымылдата шыбап койсо, күн бою андан көк булоо чыгып, кечке жуук тоборсуп калат, демек отура берсе болот.

Бул супаны Сергил апанын тун уулу Эшенкул жасаган. Анда ал колхоздо бухгалтер болуп иштеп калган кези. Күн сайын кечке маал үйүнө кайтып келатканда дарбазанын сыртына чыгып, дубалга жөлөнгөн калыбында коңшусу Ашыркүл менен апасы көчүктөрүнө чапандарынын өңүрлөрүн төшөнүп, чаңга батып отурганын көрөр эле.

– Апа, отурган жериңерге супа жасап берейинби? Нары бийик, нары тазараак отурасыңар, – деди бир күнү керели-кечке кагаз тиктеп карыккан көздөрүн кыбыңдата, жумуштан кайтып келген соң.

– Андай кылсаң, кана! Ашыркүл экөөбүз жыгач керебеттин үстүнө чыгып отургансып, оңуп калбайт белек! Андан көрө колуңан келер бекен? – деп күлгөн болучу. Ошонун эртеси күнү эле контордон демейдегисинен эртерээк келет да, эски коргондун ордундагы дубалдын кесектеринен жыйнай коюп, ушул супаны жасаган.

Ушул супанын жанынан Эшенкул колхоздун англодон деген күрөң тобурчагына минип, аны менен мындан төрт жыл илгери кош айтышпады беле. «Кагылайын апа, кайратыңызга мен ишенемин. Көзүңүзгө жаш алчу болсоңуз, менин энем эмессиз. Көп болсо дагы жарым жылга жетпей душмандын ташын талкан чыгарабыз» – деп, пайгамбарлык кылган баласы али жок. Келмек турсун «Львов деген шаарды душмандардан бошотууда баатырларча курман болду» деген

кабар алганына жыл айланып баратканда, Баймат «тирилип келип» көптүн көңүлүнө үмүт жаратып таштабадыбы. Ошолордун бири Сергил апа. Ошондон бери Эшенкулдун али эсинен кете элек элестери күн санап, көз алдынан бир сыйра чубап өтөт.

Жүрөктөн тараган кан тамырындай төгөрөктүн төрт бурчуна кетчү сансыз жолдун башталган жери – эне кыялында ушул супа. Түгөнгөн жери – Эшенкулдун буту кай жерге жеткен болсо, ошондо. Анын кыялында ушул жол бу кыштактан ары чыккан соң, созолонуп отурат да, тиги Чаткал тоолорунун жыйылган кереге сымак кайчылашкан кырларынан ашып, артуу-артуу бел кесип, чытырман токойлорду аралап өтөт да, албан-албан дайраларга барып куйругу үзүлөт. Эшенкулдун алдындагы тобурчак (бул атты баласы районго чейин гана минип барса да, согушка ошону минип кеткен деп эсептөөчү, эне эмнегедир) ошол жолдор менен жүрүп, жомоктогудай бирде кең дайраны кол арыктай кечип өтсө, бир туруп, түнт токойдун үстүнөн сызып учкан бойдон, тоо-ташка да бир илинбей: «Апа, дагы эле баягы супада отурасызбы? Үйгө качан киресиз? Менден кам санай көрбөңүз, тирүүмүн. Жоону кууп жүрөм. Кат жазууга чамам келбей жатат», – деп көздөн кайым болот.

Эшенкул эмнегедир, эрке өскөн. Киши-каранын тиктеп турганын деле таңазарына албай, эркелегиси келсе, жогжоңдоп эркелей берчү. Жыйырма эки жашында согушка кетти. Ушул куракка келген чейин эле колу энесинин мойнунан түшкөн эмес. «Кагылайын апа, сагынып кеттим, көкүрөгүңүздөн жыттатып коюңузчу» – деп, апасынын жалгыз топчулуу жакасынан шиш мурдун салып жиберер эле. «Ах! Кагылайын апа, сиздин жытыңыздай жытты ааламды кыдырсам да таппасмын. Көкүрөгүңүздөн бир жыттап койсом, жыл маалына кубат алгансыймын» – дечү көздөрүн ойноктотуп.

Апасынын көкүрөгүн ачып, олжоңдогонун көргөн коңшу-колоңдор кыраан-каткыра күлүшүп калар эле. Ачык-айрым, шайыр-шайдоот жүрүм-туруму үчүн Эшенкулду ичтеринен сыйлаган алар анын мындай жоругун эрөөн көрүшчү эмес.

Сергил апа болсо, ал эркелеп киргенде эмчеги ийигендей мемирей түшчү. Тигинин пешенесинен жай сылап: «Эми койбойсуңбу, Эшенкул, жаңы жолго кирген балача менин көкүрөгүмү ачып тайраңдаганың. Илгерки убак болсо, бир-эки баланын атасы болуп калмаксың эчак. Уят эмеспи, минте бергениң. Келин-кезек да күлүп жатышат, «Сергил жеңемин эмчектеги баласынын эркелегенин көргүлө» дешип. – Эненин ага кылган бар каяшасы ушул гана болучу.

Мына, Сергил апа ошол баласынын караанын кайрадан кууп калды. Тоо-таштарды, касабалуу тоолорду, чычкан жорголоп өтө алыс жыш токойлорду аралап жүрүп, заматта аны таап алат да, кадимкисиндей, пешенесинен сылап, көйнөгүнүн жалгыз топчусун өзү чыгарып берип, ага көкүрөгүнөн искетет. Эне жүрөгү үчүн аралык деген жок тура. Толгоо тарткан аялдын жүзүндөй кызарган күндүн чыккан жеринен батканына чейинки аралыкты кыялы менен бир паста басып коёт. Бирде баласын шибери белден буралган жайлоонун жадыраган жеринде жолуктурса, бирде туу чокунун кур ташында камалып калган каргадай караанын башынан жоолугун түшүрүп жатып, араң карайт. Кээде күн нуру тешик таап өтө албаган түнт токойдун арасынан: «Апа, мен адашып кеттим го. Кайдасыз? Сизди таппай зар болдум!» – деп кыйкырган алсыз үнүнө кулак түргөндөй болот. Дагы бир туруп, ок көзөп кеткен жүрөк тушун мыкчый кармап, чала араланган теректей баш жагы ошол замат оюнан чочуган эне супасынан ыргып тура келет. «Эй, Ашыркүл, бери келчи, койчу нары, ошол тиричилигиңди. Өлмөйүнчө кишинин тиричилиги бүтмөк беле. Андан көрө бери бас, адатыңча калп айтып болсо да, бир күлдүрүп койбосоң, чыракка айланган шайтан көпөлөктөй алда немелер дагы башымы тороп калышты. Жете көрчү, тезирээк!».

Сергил апа менен Ашыркүл эже – экөө бул айылга бир жылда келин болуп келишкен. Анын үстүнө күйөөлөрү да тууган немелер. Ошондуктан, үйлөрү да босоголош. Ашыркүл тигинден эки жаш кичүү эле, анысына карабастан булар бирин-бири атынан аташып, абысындардай эмес, эже-сиңдидей ынтымак күн кечирип келатышат.

Шылкым сөздүү Ашыркүл эженин боорун тырмап күлүп жатып эле, уруштан бери кээде ыйлап жибермей адаты бар. Керек болсо, жок нерсени таап күлдүрүүгө айылда анын алдына түшөр аял жок.

Ашыркүл эженин эри Жумакан иш фронтуна кеткен. Улуу баласы Медет эки жылдан бери согушта. Кенжеси Садык быйыл жетинчи класста окуп жүрөт.

Сергил апа мен Ашыркүл эже согуш жылдарында башка катын-калачтардай эле үйгө кирсе аялдын, тышка чыгышса эркектин жүгүн көтөрүштү. Төрт жыл бою жаз алды менен кышта чөп жетпей арыктап, жамбаш сөөктөрү каржайган өгүздөрдү сокого кошуп, соп-соп дешип кош айдашса, сугат маалында, түн ката эркекче белге кур байлашып, ага эки өңүрдү кайрып таштап, багалектерди тизеге чейин түрүп коюшуп, суу сугарышты.

Алышты ачып жиберип, кетмен сабын боорго такай арык жээгинде туруп, алар кандай ойлорго кетпеди дейсиң. «Өз түйшүгүбүз аз келгенсип, эркектердин түйшүгүн кошо тарттырган душмандын тукуму асты экөө болбосун» – деп түндүн караңгылыгына чылап, жокко каргыш-наалат жиберсе, адам деген ыйык наамды алып жүрүүчүлөр экендиги эстерине түшө калганда: «Ээ адам кылып жаратканыңа миңмертебе шүгүр. Оорду көтөрүп, жеңилди ыргытып, ачуу менен таттууну, жумшак менен катуунун ылгай билүүгө, бакыт менен азапты өлчөп алууга жөндөмдүү кылып жаратканыңа кайылбыз» – деп, жаман ойдон шалдырай түшкөн денелерине кайрадан кайрат топтоп алышар эле.

Ашыркүл эже нарыдан бери үй жумушун бүтүрө салып, абысынына шашат. Ушар неме тигинин кирпик кыймылынан ичиндеги бушайманын байкап, аны дароо алаксытуу менен алек болот.

– Сергил дейм, баягы эсиңдеби? Мурап акем көлдөлөң тартып тукта жылаңач жаткан сени көргөндө, башындагы эски ак калпагы менен бетин жаба салгандагычы?

– И-ий-и ушундай балакетсиң да. И-й айтсаң, кандай эле? – деп Сергил апа тырыштарга тилингенууртуна

күлкү уялатса, эми эле айланасын каптай баштаган кара тумандан арып калчу.

Мурда нечен ирет эске салышкан бир жагынан кызыктуу, экинчи жагынан көзгө жаш толтурчу бул окуяны кайра башынан тиги Ашыркүл эже айтып түшөт.

Эки абысын уруштан бери бригадир болуп жүргөн Асылкан деген аялды кандай жумуш болсо да, экөөн бирге жиберүүгө эптеп көндүрүп алышкан. Сугат мезгили болучу. Түздө тизеге келип, кара көк тарткан отуз гектардан ашыгыраак буудайды сугаруу экөөнүн шыбагасына тийген. Сугаттын үчүнчү күнү болсо керек эле. Күн шашке болуп калганына карабастан, арыктын жээгиндеги жашыл гүлдүү калың нокетекти аралап бассаң, түнкү жамгырдан чөп сабагында калган мөлтүр суулар балтырыңы өлдөп жиберет. Аңыздан жем издеп жүргөн илегилектей, буттарын жай таштап, буудайдын этегине жеткен Ашыркүл эже колун көтөрө берип, жогору жактагы арыктын шагында, көкүрөгүнө кетмендин сабын кадап турган Сергил апага кыйкырды. «Быяктын пээреби чыгыптыр, байлай бер алышты. Ушул команданы гана күтүп турган Сергил апа кетменди ийинине арта таштап, ары басты. Ашыркүл эже жанагысындай жай аттап, кайра мында келгенде, тиги алыштын эки жээгине бут коюп, эркекче колтук кере кетмен чаап жаткан эле.

Арыктын жээгинен кетмен менен томуруп алып, бут арасындагы алышка таштаган чымдары чулп-чулп этип сууга чөгүп жок болот да, киргилденип эңишке умтулган суунун агымы токтобойт. Улам таштаганын, улам эле агызып кете берди. Жазы мандайынан тамчылаган терге арбып бараткансып, бут арасынан кетип жаткан суу ектөм. Бу кезде ичкерип калган кош өрүм чачты желкеге бүктөй, кулакты кошо таңган башындагы көгүш жоолугу болбосо, арт жагынан келип таңыркай тиктеп турган Ашыркүл эжеге абысыны эркектей айбаттуу көрүндү. Анткени менен, анын кылган мээнети текке кетип жатпайбы. Түк байланбай кала турган, чамасы, Көрсө түнкү жамгырга башынан көбөйүп алган суу алышты биротоло жеп, түбүн

оюп кетиптир. Сергил апа да эрегишкендей, кайра-кайра кетмен шилтөөдө. «Кап. Кантсек да, бала төрөп, бели мертинген катынбыз да. Анын үстүнө мунун жашы да элүүгө таяп барып калбадыбы» – деп эми тигини аяп, Ашыркүл эже ичинен муңайып алды.

Буудайдын сабагынан шылбыраган чапан өңүрлөрүн Сергил апаныкындай белиндеги курга кыстыра салып, берки да тигиге кол кабыш кылууга киришти. Бир саатча урунганы менен экөөнүн да алы жеткен жок. Суу кадимкисиндей эски атыш менен жашыл буудайдын арасына жайылып кирип жатты...

– Эми эмне кылуу керек? – деди бир кезде айласы түгөнгөн кишиче, кетменин арыктын жээгине ыргыта берген Сергил апа, тереӊ үшкүрүп. Бул үшкүрүктөн Ашыркүл эже, «Эркексиз катындын тиричилиги курусун. Ар кимисин кудай өз иши менен кыйнасын. Эркек киши болсо, эни бир метр араӊ келген ушул арыкты бууп ташташ кыйынбы» – деген өкүнүчтүү сөздү уккандай, бели бошой түштү.

– Билбей турам, эмне кылышты – деди ал нугун улам тереӊдетип жеп бараткансыган киргилт суунун өкүм шарынан көз албай туруп. Анын бул кезде кызылдуу өңү каракөк тартып, кирпигине чейин нымдалышып калган эле. Сергил апа кашатына кыстарып койгон көйнөгүнүн этегин бери чыгарып, терин аарчыган соң, кубакай өңү ого бетер бышаргансып, таӊоолору бирде керилип, бирде кыпчылып турду. Экөөнүн азыркы кебетесин көргөн киши корооздорчо тытышып, жаңы гана ажырашкан урушчаак катындарды элестеши сөзсүз.

– Таптым! – деди бир оокумда, Сергил апа. Ошол замат ал чечине баштады. Сыны эчак бузулуп, бирок кебездей түсүнөн жаңыла элек денесине күндүн нуру жабыла бергенде, андан боюн ала качкансып, ич кийими менен жанагы кетменден ташталган этектей чымдарга кармооч бербей жулунган сууга келдөлөңүнөн жата кетсе: «Жиндей баштадыбы, чак түштө жылаңачтанып» – деп, ичинен ар ойго кетип аӊырайган Ашыркүл эжеге: «Ташта, эми чымды менин капталыма таштай бер. Кана эр болсо, бул

сууң мени агыздырып көрсүнчү!» – деп кыйкырды. Күндүн алсыз илеби түнкү жамгырдан муздаган сууну али жылыта албаган эле, ошондуктан Сергил апанын тулку бою суугa тиери менен ичиркенип кеткени үзүлүп, нары калтырап чыккан добушунан сезилип турду.

Кетмен менен тегерете аё чаап, анан көкүрөгүнө көтөрүп келген биринчи чымды Ашыркүл эже тукка таштабай, эмнегедир, саамга кабак чытып ойлоно калды.

– Болбойсуңбу, аңкайбай. Суу сай-сөөгүмдү сыздатып баратат – деп, тиги экинчи жолу кыйкырганда гана ал шалп эттире чымды таштап жиберди. Чөп-чары арка этин сайгылап жибергенинен улам, тигинин таштаган чымы өзүнө урунуп, токтоп калганын Сергил апа даана сезди.«-Тезирээк! Дагы! Дагы!» – деп кыйкырыш жатышы беркини бирде шаштырса, бирде иши оңунан чыгары белгилүү болуп калган кишиче, көөдөнүнө көңүлдүүлүк шилеп турду.

Сергил апанын сөөктөрү билинип калган эки ийнинен, капталынан ашкан суу, ак мрамордун үстүнөн жайылып аккандай акырындап калган кезде, суунун көпчүлүгү ок арык менен ары кете баштаган эле.Муну көргөндө кайраты арта түшкөн Ашыркүл эже кыймылын тездетип жиберди.

Нуктун түбүнөн өйдө көтөрүлгөн чымдардын катмары Сергил апанын каптал кырына жетип калган болучу. «Ашыркүл балам, бул эмне кылганыңар?» – деген тааныш үн аны чоочутуп жиберди.

Аны келин-кесек тергеп: «Мурап аке» деп коюшат. Теңтуштары үчүн гана ал Карып. Анын баласын да «Мурап акенин баласы», кемпирин «тиги Мурап акемин» кемпири» – келиндерин да «Мурап акенин келиндери» – деп айтыша турган.

А кишинин эс тарткандан берки кесиби – мурапчылык. Жетимиштен ашканда гана такымынан кетмен түшүп, минген атын, кармаган камчысын улуу баласына: «Сен элди суугa карк кылсаң, калк сени алкышка карк кылат» – деген осуятын кошо тапшырган эле. Уруш башталгандан бери ат үй-жайлуу болуп калган үч баласын тең кан майданга аттандырып, өзү кайра колхоздун мурабы болуп

калган. Бир жолу да балдарын сөз кылып муңайбаган, далбаардай чоң, кабагы салыңкы бу кишинин кайратына айылдагылар айран таң. Ашыркүл жалт караса, эски калпагын бетине каптаган бойдон аргамжы бою жерде шалпак кулак тору атынын үстүндө балпайып ошол киши турат. Чамасы ал жанталашып, жерден чым омуруп, кучактай көтөрүп улам алышты карай чуркаган тигини көргөндө жардам берейин деп, кайрылса керек. Анан жакындап келгенде колдорун башына жаздап, албууттанган алыштын суусун жылаңач денеси менен богоп жаткан Сергил апаны көзү чалганда артына качып кетишти билбей, калпагы менен бетин баса калган көрүнбөйбү.

– Бара бериң, Мурап аке, биз алыштын суусун бура албай жатабыз – деди бир жагынан шашкан, нары уялып кеткен Ашыркүл эже жүзүн бери үйрүй берип.

– Барбай калайын, силердин ушул абалыңарды көрүп туруп. Тур де, кокуй, наркы келинди. Жанынан кечкенби, ботом суруга жатып. Тургуз, батыраак!...Мураптын мындай жан тартып кейигени тиги экөөнүн кайратын жандырып жибермек болду. Атынын башын артына бура берип, Мурап дагы күбүрөдү: «Толгоо тартып, белдери мертингени аз беле, бу бечаралардын. Жүзүн курган согуш, элге эмнелерди көрсөтпөдүң!...»

Сергил апа калтырап-титиреп ордунан араң турду да, сан этине жабышкан ич кийиминен ылдый суу шорголото, арык бойлоп нары басты. Суу сугарганда бир кезде эри кийчү, пыязы чепкенди кие келген эле, аны жамына отуруп, дамбалын сыкты, көйнөгүн кийди.

Бул убакта нарыга барып атынан түшкөн Карып карыя жүзүн ары үйрүгөн калыбында, берки экөөнө окшоп, чымды арык жээгинен албастан, такымына ар убак кыстара жүргөн чоң кетменин унгусуна чейин батыра чаап, бери жактагы дын жердин чымынан тегеретип оюп жатты.

Сергил апа менен Ашыркүл жеңенин өздөрүнчө күймөнүп калганын байкаганда гана биринчи чымын тизе бүгө көтөрүп, жанагыларды кыйнаган, суу жырып кеткен алышка келгенде, ал эчак буулуп, чымдардын арасынан

гана сызылып ылай чыгып жатканын көрдү. Эки аялдын өжөр ишине таң калгандай чымды кучактаган бойдон туруп калды да, анан беркилерге кайрылды: «Баргыла, эми бара бергиле, үйүңөргө. Тук байланыптыр, эми калганын бүгүнчө мен карап турам. Ысык-жылык ичип жылууланбасаңар ооруп калышыңар мүмкүн. Кемпириме айтып койсоңор болгону – эртең мененки белиме байлап берген загарасы түгөнө элек. Оокат жеткирейин деп убара болбосун. Бара койгула» – деди балдарына жалооруган атача, мээримдүү үнката. Жана эле бөксө ок арык, тук бөгөлгөнгө жээгине чейин мелт-калт болуп, ичип жаткан чынысындагы сууга малынган кишинин мурутундай арыктын кырындагы жашыл чөптөр суунун багытын көздөй калкып турат. «Жок, сизге караганда биз али жашпыз. Жөн эле коюңуз, жайдын күнү суу эмне кылмак эле. Заматта кургайбыз. Өзүңүз бара бериңиз» – деп каяша айткылары келгендей тиги экөөнүн кылчактай бергенин байкаган Карып аксакал, экинчи сөзгө келтирбеди: «Жөнөгүлө, келиндерим. Менин тилими алгыла, суу деген неме бала төрөп бели кеткен силердей катындарды эмес, чучугу толо, бели бүтүн жигиттерди суй жыгып жүргөн. Муну менен тамашалашпагыла. Жөнөгүлө, кылчактабай».

Бирок, мурап акесинин бул боорукердиги, Ашыркүлдүн тоок шорпосу Сергил апаны дарттан сактап кала алган жок, ошол эле күнү түн жарымы оогон ченде эти ысып, жөөлүй баштаган аял, бир жарым ай дегенде араң төшөктөн турду. Ошондон бери жумушка бир күн чыкса, эки күн сыркоолоп жүрдү. Кичине эле суук тийсе күрс-күрс жөтөлүп, денесинен ысык чыкчу болуп кетти. Өңү да кер сары тартып, беттериси кагаздай жукарып калган. Бойлуу неме ого бетер узарып, эки ийнинин сөөктөрү чапанын тиреп, эртели-кеч супанын үстүндө эңкейип отурганын көргөндөр аны аяп кетишет.

* * *

Супа. Анын үстүндө эне. Караганы жол. Күткөнү баласы.

Сергил апалардын эшигинде ушул супа пайда болуп, ага эртели-кеч эң жакын коңшусу, нары абысыны Ашыркүл экөө чүңкүлдөшүп отурганын көргөн бу жамааттын көпчүлүгүндө азыр мындай супалар бар.

Супа үстүндө отурган айрым карылардын кашында моюндарын кучактап, эркелеп турчу неберелерин көргөн Сергил апанын ичи намекеп ичкендей ачышат: «Эч болбосо бирөө жарымынан тигинтип туяк калса да, минтип жалгызсырабайт белем». Кайра бул оюнан чочуп кеткен эне ак аралап кирип келген башын чулгуй берип, өзүн-өзү жемелейт: «Эмне деп алжып атам, мен? Балдарым келет да. Мындай неберелердин али нечонин эркелетер экемин. Нары барчы, жөө тумандай каптабастан, жаман ой. Сенден качан кутулар экемин» – дейт, жыгылып тура калган кишиче эки жагын элеңдеп карай берип.

Согумга байланган карт бээдей ушул супасынан алыстабай калгандан бери санаасы менен дүйнөнү чалып чыгуубир жагы ал үчүн эрмек болуп калды. Наша чеккен баңгидей көздөрү тунуп, денеси чайпала, заматка жеке болуп калса эле, кыялы менен жер кезип жөнөйт. Баласынын изин кууйт... Элестер... Элестер... дагы элестер...

Тигине, Эшенкулу үйгө жетпей сол жамбашына асынган капчыгынан көк тыштуу дептерин сууруп ала: «Апа, мына бүгүн агай эсептен эң жакшы деген баа койду!» – деп, мектептен алып келген алгачкы жеңишин билдирүүгө, аны апасы менен бөлүшүүгө ашыккан, бети-башы чаң менен терге чамбыл-ала болуп кубанган жылаңайлак баласы оюн салган кулундай мурдун эдиреңдетип, дептерин сунган бойдон жадырап турат...

Мойнунан ылдый кызыл жалын агылып бараткандай жагоо тагып: «Билгиңер келсе, Павлик, Кычан дегендер да, пионер болушкан экен, мен эми ошолордун жолундамын» – деп, алдынан чыга койгон апасынын көйнөгүнүн жака топчусун чыгарып жиберип, мамасынан соруп, денесин болкулдаткан кез да, тигине, алыстыгы каш менен кабактын арасындай.

...Жетинчи ноябрь күнү эле. Эшенкул бухгалтер болуп иштеген колхозго күзгү айдоону, кышка карата камылга көрүүнү үлгүлүү аяктагандыгы үчүн байге, көк бөрү кылууга уруксат берилген. Ал турсун, райондун жетекчилери да бүгүн ушул колхоздо.

Көк бөрү кыштактын бир четиндеги беде аңызда болуп жатат. Кыз келиндер, бала-чакаларга чейин каз катар турушуп, бийик кашаттан тамашаны жардана карашат. А кезде машина кайда, кемпир-чалдар мында арабаларга түшүп келишиптир. Жүгөрү паянын үстүнөн басышкандай, кишилердин бут астындагы арабалар кычырайт. Сергил апа да бир арабанын үстүндө. Алдында тургандын желкесине кош колдоп таяна берип, ал чаң тозонун асманга буратып жаткан улакчылардын тарабына үңүлүп тиктейт. Баласынын кезегин ал чыдамсыздык менен күтүп жатты.

Эшенкулдун улак чапканын ал бүгүн биринчи жолу өз көзү менен көрөт. «Балаң атасындай улакчы болуптур. Өзү теңдүүлөрдү бурчамга келтирбей аттан эңип кетет имиш» – деген элдин каңшаарыны угуп жүргөнү менен, өзү көрө элек болучу.

Эшенкулдун бир-эки күндөн бори олуттуу бир сыноодон өтчү немедей, ээлигип жүргөнүн ал байкаган. Анын үстүнө өзү да кечээ сыр ачып койбодубу: «Апа, баягы атамын пызы чепкени кайда? Сиз уруксат берсеңиз, эртең майрамга ошону кийип чыксамбы деймин» – деп, борсулдап күлгөн.

– Койчу нары, эл сый кийими менен чыкса, майрамга сен ошол тер жыттанган чепкенди киймек белең. Анда атаңын деле акысы калган эмес, алты жыл сүйрөгөн.

– Жок, апа, эртең атамдын арбагын кубантып улак чапсамбы деп турам.

Анын атасы ушул жаматтын атактуу улакчысы болгон.

Эшенкулдун сөөк-саактуулугун, колдорунун барбайган-барбайган жоон, нары узун шадыларын көрүшкөн сайын, айылдаштары: «Куду атасы, мурункудай аш-той көп болсо, жазбай атасын тарткан улакчы болмок. Атка чапчаңдыгычы. Бир майрамдагы тенге эңмейде, тим эле ителгидей илип кетпедиби. Атты түк коркпой чабат экен.

Улакчынын бир белгиси ушул эмеспи» – деп кеп кылышчу. Анткени менен, Сергил апанын көкбөрүдөн чочулай турган жөнү бар. Эшенкулдун атасынын мезгилсиз өлүмүнө ошол улакчылыгы себеп болгон. Кууп келаткан кишинин ат жатынан тай торпок, шалак эте жерге түшкөндө, толорсуктан кармаган бойдон ат жалына жапмалап кеткен ал, кар тозоңун артына уюлгутуп. Куугандарга жеткирбей бараткaнда алдынан кош арык туш келет да, аты куйругун көтөрө, кулагын жапыра берип секиргенде, өңөргөн улагы менен кошо аттын кулак учунан нары кетет. Мойну кайрылган бойдон ат түбүндө калып, жан берген болучу.

Ошол эсине түшө калдыбы, жанагы сөздү укканда Сергил апанын ак жуумал өңүндөгү каны ичине тартылып, кубара берди.

– Атаңын арбагы кубанбаса турар. Бизди эле кубантып, жыргатып койду беле өзү. Улакчылык ошол атаң менен эле кошо кетсин. Байгесинен кечтим ошонун. Ач кулактан тынч кулак дейт, Эшен. Шойконсуз олтуралычы – деп, ынабай койгонуна болбой адатынча апасынын мойнунан кучактап, кокүрөгүн жыттагылап жатып, араң көндүргөн. Анысына деле көкбөрүдөн оозу күйүп калган апасы маакулдугун бермек эмес. «Эртеңки улакка райондун чоңдору да катышат. Алар өздөрү менен кошо милициясын ала келишет экен. Башка колхоздордон да улакчылар чогулат. Намысты колдон кетирип ийсек, уят болор, апа. Коркпой эле коюңуз апа, а кездегидей жүздөгөн киши жабыла чаап, биринин үстүнөн бири ат салуу мындай болбойт. «Көк бөрү балбан ашы» деп коюшчу экен го ал убакта. Азыр андай эмес. Жаштарына жараша улакчыларды ондон, же сегизден кылып бөлүп чыгарышат. Ат салып, камчы толгоо, бири улакты топтон алып чыкса, жүзү артынан кууп алмай, толорсуктан ээрдин кашына илип коймой сыяктуу кыянаттыктарга жол берилбейт. Атайын түзүлгөн комиссия карап турат. Кыскасы, апа, бул ишке мен эртең биринчи жолу катышканы олтурганым жок. Сиздин ушинтип тыюу саларыңызды билип, айтчу эмесмин. Үч жыл болду, бул ишке аралашып жүргөнүмө. Баягы ма-

газинден сатып келдим деген саат, самовар, патефондор, апа, ошол көкбөрүдөн алган сыйлыктарым болучу да», деп борсулдап күлгөн.

Ошондон кийин гана он бир жылдан бери жүк түбүндөгү сандыкта жатчу суу сугарганда гана өзү кийген күйөөсүнүн тер жыттанган чепкенин алып, жууп, түнката отко кактап кургаткан эле. Ошол чепкенди кийип, даке менен атайлап ороп койгондой төрт туягынын тең байынан төмөн жагы аппак англодон атты минип, жылаңбаш Эшенкул он кишинин бири болуп, ортого чыкканда эненин көзүнөн жаш дыр этти. «Ат үстүндө балаң куду атасы» – деп эл айтканга ал көп ишене берчү эмес. Тиги камчысынын бөрү кулагынан тиштеп, чепкенинин эки өнүрүн куруна кыстыра, алакандары менен ээрдин кашын ныгыра басып зыңгыраган неме Кабылдын так өзү эмеспи.

Кезек ошого келсе керек, милиция формасында бирөө башкалар өңөрткөн улакты мерчемдүү жерге жеткирипташтаганда, беридеги турган он киши ошол жакка чаап жөнөштү. Эшенкул биринчи болуп жетти, бирок катуу күүлөнүп алган аты жерде эки бүктөлүп тизеден кесилген шыйрактары мултуюп жаткан торпокко эңиле бергенде, манжалары жер чийген бойдон өтө чыкты, жаза кармап калды. Аңгыча аны менен куюшкандаша келген жигит сыңар колдоп, улакты толорсуктан ала элди көздөй сүйрөп жөнөдү, ушул кезде Эшенкул да атынын оозун кемечтей тартып, бери кайрылып калган болучу. Тиги жигит аттын экинчи капталына жата калып канчалык керилип кош колдой тартканы менен, тулкусу жерде сүйрөлүп бараткан торпокту көздөй Эшенкул качырып сала берди. Көпкө узабай аттын капталында салаңдап кетип жаткан улакты ал кучактаган бойдон жулуп кетти. Жүнү тармалданган торпоктун үстүнөн эки бутун артылта берип, үзөңгү боосу менен анын белинен баса, обдула кайра отурганда кайкалай берген астындагы аты заматта узара калып, кулагын жапырган бойдон бериде көз ирмебей карап турган калың элди көздөй атылып жөнөдү. Марага жеткиргенде улакты кош колдоп ыргытты. Ошондогу аны жарданып карап турган элдин: «Бали, кучүңө!» Улакчы болсоң ушундай бол!

Өзүнүн черин да, карап тургандардын черин да бир жазды! Ата баласы мына ушундай болсун, ар кимде!» – деген андагы дуулдаган алкыш сөзү, азыр да эненин кулагында. Ишенбесең, оң колун жүрөк тушуна коюп, ойго батып супада отурган Сергил апанын кулак түбүнө келип тыңшасаң, көмөкөйүнөн ошол сөздөр кайталанып жатканын жазбай угасың!...

## 2

Эшенкулдар машыгууда беш ай гана жүрүштү. Ошол мезгилдин чени менен өлчөгөндө бу да көп болучу. Жоо жакадан алып турган кезде согуштук өнөрдү эжелеп үйрөнүүгө убакыт кайда. Жаштайынан чың денелүү Эшенкулду тылдагы бу кыска, бирок машакаттуу даярдык жүдөтө алган жок. Мындагы иштеген иштерин ал балдардын оюндай көрүп, алтурсун алымсынбай жүрдү. Тезирээк эле чыныгы жоонун өзү менен беттешип, перзенттеринен ажырап мөгдөп калган айлындагы ата-энелер үчүн, жоокер жарларынын жолун тиктеп зарыккан жеңелери үчүн, өзү көкүрөгүнө көтөрүп бетинен сүйө коштошкон бөбөктөр үчүн, «Өзүңөрдөн ылайым турпак буюрсун» деп калган апасы үчүн, кан менен ойногон жыйырманчы кылымдын кыянатчыларына тезирээк эле беттешсем экен деп, көнүлү кызуу кармашты дегдеп жүргөнүн ал жолдошторунан деле жашырган эмес: «Ай жетпедиби, ушул окуусу деле. Тыякта эл кырылып жатса, бизге кайдагы жалган душмандын сүлпөтүнө ок короттуруп не кылышат, мында? Мылтык атууну болсо мурунтан билебиз. Керек болуп калган учурда баш калкалагыч казып алууну деги үйрөнүп койдук. Бомбадан кантип сактанса болот, пулемет ата баштаса, андан кантип коргонуу керек, замбирек ок үзүп жаткан учурда өзүн көздөй жүгүрүү зыянсыз болоруна чейин билип алдык го. Эми жөнөтө бербейби, керектүү жерге» деген эки жарым айча машыгууда жүргөндөн соң, айрым жолдошторунун чеке терисин тырыштырып.

Ошентип, Эшенкулдун тилеги көпкө кечикпей ишке ашты – лагерден бери он жети күн марш менен жүрүштү да, бир түндө согуштун кан жыттанган чегине кирип келишти.

Согуштун адам алдын ала биле албай турган сыры көп эмеспи. Анын ертүн аралап ким канча жүрөрүн эч ким билбейт. Ажал бүрккөн отуна жетпей жатып, жарым жолдо мерт болгондор да аз эмес. Дагы бирөөлөр «бисмилла» – деп анын кан жыттанган талаасына бут койгон жерден кайгып учкан бир дейди, октон көз жумат, же бир жерин жулдуруп алып, ошону менен жоокердик карызынан калас болуп кете берет. Ал эми төрт жыл бою өлүм менен теңтайлашып жүрүп, айлына алты саны аман кайтып келгендер андан көп.

Эшенкул бир жарым жылдан бери алдыңкы линияда. Азыр кырсыктан соо. «Ажал жинденген жерден алыс жүрөт, ошондуктан али окко денесин чырпыта элек деп айткандай ал, замбирекчи деле эмес. Танкалардын артынанжоонун чегине качырып кирип барчу, же «Алга!» – деп командирин өкүм кыйкырыгы угулары менен окоптон биринчи атылып чыкчу автоматчы-аткыч. «Айылга аман-эсен кайтып барсам, тели-теңтуштарга, апама, кала берсе, карып бараткaнда бу согушту кызыктуу жомок катары угууну каалаган бала-бакырага ушул эки окуяны айтып беремин го» – деп, бош убактысы боло калганда ошол окуяларды ичинен кайталап айта берет.

Ошонун биринчиси.

Эшенкул кызмат кылган бөлүк душманды кууп да, кээде андан чегинип да жүрдү. Бирок аткан огу тийген немецти али да өз көзү менен көрө элек. Анан кантип, андан кек алган болуп эсептелет. Эшенкул дегдеген мындай учур кийинчерээк туш келди.

Алардын батальону 3… кыштагына күтүлбөгөн жерден кирип, дүрбөлөңгө түшүрүү жолу менен душманды кууп чыгуу керек эле. Мына, ушул кыштакта Эшенкул Батыш Европаны бүт канга батырып, анан эсирген бойдон биздин жерибизге кирген жоонун желдети менен теке маңдай жүз көрүштү.

Эшенкулдун отделениеси, белгиленген жактан тиги кыштакка биринчи кол салган болучу. Автоматын алга сунган бойдон чуркап баратып, үстүнөн кара түтүн бүрк-

көн үйдүн жанынан өтө бергенде: «Мени ат, мени өлтүр! Кызыма кол тийгизбе!» – деген аялдын алсыз, бирок ачуу үнүн укту да, ошол жакка шарт бурулду.

Оозгу үйдүн ачык эшигинен чоочун формадагы немец офицери, анын маңдайында карышкырдан корунуп аркасын жарга такаган бодо малча далысы менен дубалды тиреп бир кемпирдин турганын көрдү. Анын буурул чачтары уйпаланып, тырыштуу жаактарынан ылдый самсаалап кеткен. Кемпирдин далдасына мойнун ары кежигелентккен кыска чачтуу кыз турат. Кемпирдин териси салбыраган арык колдору тарамыштары чыңалган бойдон офицердин көкүрөгүндө. Ал болсо, бирде сол тизеси, бирде оң тизеси бүгүлө калып, тигинин артындагы кызга умтулуп жатат. Буттарынан абалына караганда мас. Шапкеси кежигесинде. Тапанчасы кабы менен салаңдап, киндигинин тушунда жүрөт. «Согушта бир секунд да тагдыр чечет. Ошондуктан, кысталыш учурда, тездик менен чечим таба билгендик, ыкчамдуулук, тайманбастык – жоо бетиндеги жоокердин улуу сапаттары ушулар» – деген командирдин тылдагы окуу-машыгуу кезинде айткан осуят кеби эсине заматта кылт этти. Бет маңдайында секундага ойлоно туруп калган кийими тааныш солдатты көргөндө кыз бакырып коё берсе болобу! Андан ары ойлонуп турууга болбойт эле. Эки аттоо менен тытмакташып жаткан тиги үчөөнө Эшенкул жете түштү. Буттарын алчайта берип, кызды энесинен ажыратууга жанталашып жаткан немецтик офицердин так кара куш мээсин туштап туруп, сүмбөсүнөн кармаган автоматын күч менен шилтеп алды. Мойнунан шыпка аеылган кишинин жибин кыркып жибергендеги абалын элестете, тиги немецтин адегенде башы көкүрөгүн көздөй шылк эте калып, эки тизеси бүгүлв түштү да, анан оң капталына кыйшая берди.

Көз алдыларында укмуштай тездик менен болуп өткөн бул сыйкырдуу окуяга али ишенбегендей алиги кемпир менен кыз дубалга аркаларын такап турган калыбын бузушкан жок, кубангандарынан эстеринен танып калган көрүнөт.

Өзү жалгыз иштеген бул жеңишине эрдемсине түшкөн Эшенкул да, тигилерге сөз катуудан мурун, башынан тумагын алып, булоолонгон терин аарчыды. Сыртта бет каарыган суук экендигине карабастан, ал тердеп кеткен болучу. Саамдан кийин гана сөзгө келди: «Эне, эмне турасыңар? Өлүмдөн кутулдуңар го, жылбайсыңарбы эми ордуңардан?»

Эшенкул баштаган жакты көздөй бара жатып, алиги кемпир жанагы немецке кантип туш болгондорун айтып берди:

«Силердин капысынан басып кирериңерди байкашып калган беле, бүгүн таңга маал каргыш тийген немецтердин тынчы кетип, адатынча айрым үйлөргө бензин чачып, от коюп жатышкан. Биздин үйдүн сыртынан алардын кобураган үнү чыкканда төркү үйдө жаткан бу неберем шашканынан ич көйнөгү менен оозгу бөлмөгө чуркап чыгат. Мен ошондо тыштан киргем. Бизди үйгө кошо өрттөмөк болгон немелер силердин шарпаңарды сезип калган белем, бет алдынан качып жөнөштү. Аларга башчылык кылып жүргөн окшойт, мунусу, нары өлөрүн билип ичип алганбы, кызуулугунан, нары бул кызды көзү чалып калды көрүнөт, түз эле кол салды. Мен антип-минтип кийинип, эсими жыйгыча ал ит кызымы, көтөргөн бойдон ичкери үйгө алып жөнөдү. Тытмакташып отуруп, жанагы ооздогу белмөгө келгенбиз. Кудай жибергендей, сенин келип калганыңы карабайсыңбы, мен эмне деген ыйык жанмын. Мендейлердин башын мылтыгынын түздүгүн сынап көрүүчү бута катарында пайдаланышкан мыкаачылар тирүү коймок беле. Курсагына түшүп кеткен тапанчасына колун жеткирбөөгө аракеттенип жатканмын, Анын мастыгы мага жардам бергенсиди. Колдорумун каруусу кетип калган, дагы эки-үч минута тытмак-ташып, анан өзүм эле жыгылып бермекмин. Кудай анын бетин нары кылды. Анда Светланамын күнү эмне болмок? Ушул кыз үчүн апасы да, ошол иттердин огуна учпадыбы. Кызынын абийрин сактап калам деп, бир ок менен жай бол-гон. Атасы, согуштун биринчи күнүнөн бери майданда. Жарым жылдан

бери бейкабар» – деп Елена Дмитриевна үшүк урпагандай карамтыл тартып, кесилген эриндерин бүлкүлдөтүп, көзүн аарчыды.

Эки жарым айдан бери душмандын таман астында онтогон биердеги тирүү калган кары-жаштары чогулган жерге Эшенкул бул эки аял менен келди.

Экинчиси:

Ал кызмат кылган бөлүк кезектеги чабуулга даярданып жаткан. Мурунку күнү-түн ичинде буларга тылдан толуктоо келип кошулган эле. Анын үчөө Эшенкулдун отделениесине тийди. Аларды бардыгы урушка мурда кирип чыккан жоокерлер экенин билгенде, ал кубанып калды. Согуш талаасында бир-эки жолу болгондор менен чабуулга баруу, албетте, командир үчүн жакшы. Бирок жанагы үчөөнүн ичинен Эшенкулга кытмыр карап суроо бергени үчүн гана эмес, бүткүл кебетеси менен жат көрүнүп кеткендей болду.Жолдош старший сержант, сизге бир суроо менен кайрылууга болобу? – деди тигинин жанына жайчылыктагы кишиче кенебей келип. Ушул кенебестиги эле, Эшенкулдун куйкасын куруштуруп таштагансыды, зекип унчукту:

– Кысталыш кезде кычаган кандай суроо?

– Эртеңки чабуул биздин жеңиш мене аяктар бекен?

– Эмне, анда сенин күмөнүң барбы?

– Дегисин айтам да. Укканга караганда бир жумадан бери күн сайын чабуулга чыгып, кайра эле ушул траншеяларга кайтат имишсиңер го. Чоң жоготууга учурасаңар керек, мында? – деди, дагы жай кыбырып, күрөгүн капталына жылдыра берип.

– Мындай маалыматтарды сен кайдан алып жүрөсүң?

– Эски жоокерлериңиз айтты, жолдош командир.

– Муну менен эмне демекчисиң? Кырылып да жатабыз, кырып да жатабыз. Согуштун закону ушундай экен. Анын эмнесине таңданасын?

– Жок, жолдош старший сержант, менин сизден билейин дегеним башка. Сиз көптөн бери урушту аралап жүрөт турбайсызбы, балдарыңыздан уктум. Канткенде душманды

өлтүрүп, киши өзүн сактап кала алат? Сизден билейин дегеним ушул, командир эмессизби?

– Келжиребе, солдат. Мен сенден душманды жок кылууну талап кылам. Кантип? Аны эжелеп айтып отура турган биер чала сабат өспүрүмдөрдүн мектеби эмес. Бу жерди майдан дейт. Тылдан үйрөнгөндү колдоно турган жер, мен ошону сенден талап кыламын. Ордуңа барып, алдыдагы чабуулга даярдыгыңы жакшылап текшерип ал, андан көрө. Сени урушта болуп чыккан жоокер дейбиз. Мындан башка сага айтар насыятым жок. Баргының, ордуңа!

Ал атасына таарынган баладай башын шылкыйткан бойдон өз ордуна барды да, мылтыгын окоптун кырына жөлөй коюп, душман тарапка мойнун созо бир тиктеп, ошол замат кайра башын тартып алды. «Балакетке эски жоокерминби, эки саатча урушта болгонмун. Таңга жуук алдынкы линияга эптеп жеттик. Душман тарабынан атылган снаряддын сыныгы түшкө жетпей чыканагымды чырпып кетиптир. Талаа госпиталына кеттим. Доктурларың укмуш экен, көп жаткырган жок. Бир айга жеткирбей полкто жүрдүм. Анан кийин эле мына, сизге туш болгомун. Менин жоокердик тарыхым ушул» – деп, Эшенкулга айтайын дегени анын ичинде кала берди.

Жер солкулдаткан артиллериялык атуулар токтоору менен чабуулдун башталышын билдирген ракета атылып, ага удаа командирлердин: «Алга!» – деген буйрук-чакырыктары траншеялар аркылуу окоптон окопко жеткенде, Эшенкул: «Отделение, Родина үчүн менин артыман алга!» – деп, өзү биринчи болуп, окоптон суурулуп чыга бергенде баягы курсагы бөксөрбөгөн күмөндүү жоокер жакты жалт карап алды. А болсо, бу кезде иттен корунган мышыкча белин дүңкүй-ткен бойдон окоптон муну тиктеп турган болучу. «Алга!» деген чоң командирлердин буйругун кайталаган ишаарат катарында, Эшенкул автоматын төбөсүнө көтөрө берип, алды жагын көздөй шилтеп койду. Биринен сала бири эңкее чуркап, анан жата калган жеринен Эшенкул артына дагы кылчак этип, бир карап алды. Баягы солдаты

кашкулакча олдоксон, кыймылдай, кайра окопко түшүп кетти. Аңгыча ийри-буйру траншеянын ичинен учуна кагаз илген мылтыктын найзасы тездик менен жылып жөнөгөнүн көрдү. Мындайда ойлонуп отурууга болбойт. «Саша, отделениени сага тапшырдым, баягы качты! (ким экендигин түшүндүрүүгө пурсаты келбей калды) Мен...» – деген бойдон сөзүнүн аягына жетпей жоонун пулеметтору ок жаадырып турганына карабастан, ордунан шарт тура, окко тонолуп шойдогон күн-караманы аралап, Эшенкул эңкейген бойдон артын көздөй чуркады. Семиз тиги, суурдай ботолоңдоп көпкө узай албасына көзү жетти белем, Эшенкул ишенимдүү жүгүрдү.

Найзанын учунда бараткан кагаз душмандын түн ичинде самолеттон таштап кеткен чакырык-үндөө кагазы. Каш карайгандан тартып, алар кезектеги үгүт-насыятын орус тилинде түнкү абаны жаңыртып беришкен эле. Андайларды Эшнкулдар далай жолу угушкан эмеспи. Азыр качып бараткан неме ошондо оозун ачып туруп, кулагын түрө уккан болучу. Өз ыктыяры менен өткөндөргө немецтер адатынча «бейишти» убада кылып жатканда, Эшенкул менен көптөн бери бирге согушуп келаткан Саша алардын чакырыгына жооп кылып окоптон: «Бахтунг! Бахтунг!» Биз эртең барабыз, тосуп алууга даярдана бер, фриц!» – деп, тигилерге угулбасына көзү жетип, кыйкырганда, алиги жоон солдат аны корккондой, нары таңдангандай тиктеген.

Жанагыны темир жол өткөн дөңсөгө жеткирбей кармаш, же жайлап ташташ керек, антпесе темир жолдун ары жагы душман зонасы. Эшенкул траншея менен эңтиге чуркап, жетишине он метрче калганда тиги артына шарт бурула берди. Тултуйган эткел беттеринен тер агып, ирейи көгүш тартып кетиптир. Найзасына кагаз илинген мылтыгын беркиге карата бергенде, Эшенкул алдына сунуп келаткан автоматын басып жиберди. Ошентип, темир жолго элүү метрче калганда тиги чыккынчынын буттары басуудан биротоло токтоду...

Эшенкул кыска-кыска чуркап отуруп, алга өтө кыйынчылык менен жылып бараткан (жамгырдай жааган

октун алдында) жоокерлерине келип, жата калары менен, катарындагы аскерлер аркылуу оң флангадагы взводдун командиринен буйрук келип жетти. Буйрук буйрук да. Аны аткаруу керек. Боору менен жылып отуруп, командирге жетти да, катарына жата кетти.

Кайда качып барып келдиң?

Эшенкул жооп бергиче болбой, жаак сөөктөрү оркойгон, кансыз өңүндөгү терге жибиген чаңын жеңи менен сүртө, командир каардуу тиктеди: «Кап, траншеяга түшө бергениңде көрүп калбадымбы. Болбосо, иттин баласындай сулатмакмын. Эмне, кайттың? Аракетиң оңунан чыкпай калдыбы? Кана, мага жакында!» – деди колдорун бери суна берип, жака-белине чуп-чуп этип түшүп аткан окторду таңазарына илбегендей. Эшенкул күрөгүн капталына жылдыра берип, аны көздөй боортоктоду. Шарп-шарп эткизе эки ийниндеги пагондорду жулуп алды да, баарына так ошолор күнөөлүү окшош, командир мыжыгып туруп, асты топуракка бөлөнүп жаткан шымынын чөнтөгүнө салып койду.

– Коркок!...

– Кечиресиз жолдош гвардия лейтенанты, мен качканым жок, качканды...

Эшенкулдун сөзүн үзүп жиберди ал.

– Анан эмне, даарат кылганы бардыңбы, аякка? – деди коюу каштарын жыйрылтып, сур бетин түктөйтө. – Чабуулдан кийин сүйлөшөм, сени менен. Дайыма менин жанымда жүрөсүң. Отделениени башка киши алып барат. Жарым метр артта калчу болсоң, сенин энчиңе тиери мына бул – деп, жыланачтап оң колуна кармаган тапанчасын Эшенкулдун мандайына такады.

– Уруксат этпейсизби, докладывать эттүүгө. Күнөөм болсо, ушул жерде атып таштаңыз, мен өлүмдөн коркпойм – деди берки да кумсара калып. Эми мунун да ачуусу келе түшкөн эле.

Бул командир менен Эшенкул биринчи жолу урушка кирип жатат. Эгер өгүнү бир салгылашууда курман болгон лейтенант болгондо, жарым жылча бирге согушуп жүргөн Эшенкулдан мындай күмөн санабас эле. «Каармандыгы

үчүн» медалын да ошол командири экөө бир күнү алышкан болучу. Эми болсо, бети шабдалыдай түктүү немеден уккан сөзү бул. Эшенкул ызаланып калды. Муну тиги да байкадыбы, башка сөз катпады, болбосо, бул чатактын аягы эмне менен бүтөрүн ким билсин.

– Качканым жок, качканды өлтүрүп келдим! – деп, Эшенкул кыйкырып жиберди.– Эгер аны өз көзүңүз менен көргүңүз келсе, алыс эмес. Тигинде, траншеянын ичинде мылтыгын жазданган бойдон жатат. Көрүп келсеңиз болот.

– Эмне дейсиң?... Атып дейсиңби?... Кимди?

– Чыккынчыны!

– Кандай чыккынчыны?

– Душман тарабына өтүүнү каалаганды.

– Коё турчу, мен сени түшүнбөй жатамын... – деди командир ак чел каптагандай бозомук көздөрүн жүлжүйтө. Ал сөзүнүн аягына жеткиче «Алга!» деген рота командиринин буйругу угулду. «Менин артыман алга!» – деп тиги тапанчасын төбөсүнө өйдө кармаган бойдон жерден биринчи болуп көтөрүлө бергенде, Эшенкул андан бир метрче алга чыга түшкөн болучу.

«АЛГА» деген команда менен үзүлүп калган булардын чатагы немецтерди коргонуу чебинен кууп чыккан соң улантылды. Эртең мененки артиллериялык даярдыкка «Катюшанын» катышканы жоонун шайын кетирип койгон белем, бүгүн алар күндөгүсүндөй өжөрлүк менен каршылык көрсөтө алган жок.

Тиги экөөнүн ортосундагы чатакты бир жарым жылдан бери Эшенкул менен бир отделениеде жүрүп, согушуп келе жаткан Сашка чечип кетти. Бардыгына күбө ошол эмеспи.

Бирден-экиден болуп, өңүп чуркоо менен алга жылып бараткан солдаттарына жаткан жеринен кылчайып карай берген жанагы бети түктүү, нары заардуу командир атылган октой шок барып, траншеяга секирген бойдон жок болгон Эшенкулду көрүп калат да, эч кимден ал тууралу сурабастан, тымызын каардана берген болучу. Антипминтип ал бул жаман оюнун акырына чейин ылгап бүтө элегинде Эшенкул жумушун бүтүрүп, жетип келбедиби.

Жайчылык боло калганда Сашканын кийлигишүүсү менен иштин жөнүнө түшүнгөн соң, алиги ачуулу неме, өңүнө түк жарашпаган жылмаюуну берип, күнөөлүү кишидей Эшенкулдун жүзүнө тике карабай барып, кучактап өптү да, анан али орду билинип турган ийнине пагондорду кайра такты...

Эшенкул мындан бөлөк эрдик көрсөтүүгө үлгүргөн жок. Кезектеги, бир чабуулда, биринчи болуп ордунан тура: «Алга!» – деп, отделениесине кыйкырганда жалгыз ок келип, так маңдайына кадалды...

«Апа!... Айтилла!» – анын акыркы деми менен тышка чыккан ушул эки сөз болду...

* * *

Супа. Анын үстүндө эне. Тиктегени жок. Күткөнү баласы.

Төрт жылы бою эл эңсеген жеңиш жөнүндөгү Сергил апалардын айлына жетип келгенде, Батышка кеткен балдары ошол кабар менен кошо кайтышын, аларды күтүп отургандай ата-энелердин баары колхоздун конторун көздөй чуркашкан.

Уруш башталгандан бери кохоздо почточу болуп, кан майдандан келген жакшы, жаман кабарларды мындагыларга жеткирип турган буурул сакал, бүкүр абышка арык тору атын желдире жүрүп, айылдын баш аягына:

– О, журт! Кулак сал! Жеңиш келди! Эми балдарыңардан үмүт кыла бергиле! Тойго камынгыла! Жеңиш! Жеңиш келди! Конторго барып өз кулагыңар менен бу жакшылык кабарды уккула! О журт, тышка чыккыла! – деп ар бир үйдүн жанынан чаап өткөндө дарылдаган тигинин үнүнөн улам, колундагы ишин таштап, чал-кемпирлер гана эмес, жаш балдар да оюндарын токтотуп, конторду көздөй чу коюшту. Алардын ичинде, Сергил апа да камыр жууруп отурган жеринен колун да жуубай, почточу айткан жакка ашыга жөнөйт.

Контордун алдындагы аянтка заматта эл толуп кетти. Бардыгынын көзүндө жаш. Бул – улуу кубанычтын да, эч нерсе менен бөксөрбөс кайгынын да жашы болучу.

Атүгүл митинганы ачкан колхоздун председатели Балбек да, райондон келген өкүл Султанов да тамагын бууган жаштарына чакалып, жарытылуу сөз сүйлөй алышпады.

Сергил апа митингиден келген соң эки челекке суу көтөрүп, Айтилла жаткан көрүстөнгө барды. Анын мүрзөсүнүн эки башына былтыр өз колу менен тигилген эки тал бүчүрлөрүн жазып, жалбырак чыгарып калган эле. Кылда учунда эки чымчык конуп отуруптур. Эне мүрзөгө жакындап, ийнинен баканды ала бергенде, чымчыктар учуп кетишти. Сергил апа талдардын түбүндөгү чуңкурга челектеги сууну куйду. Анан ары жактагы жалпак кара ташка барып олтурду да, тырыш тордогон чекесиндеги терин жең учу менен аарчынып, так маңдайына келип калган күнгө карап, көздөрүн жумуп, жука эриндерин бүлкүлдөтө саамга турган соң кош колдоп бетине бата тартты. Куран окуду көрүнөт. Күндүн нурлары анын жүзүнө тике сайылып тургандыктанбы, оң колун чекесине тосо берип: «Кагылайын касиеттүү күнүм, бүгүн мынча жаркып чыккансың?! Төрт жылдан бери сенин кубарсыз жүзүңү биринчи көрүп отурам, баарына күбө күнүм! Былтыр ушул көрүстөнгө Айтилламын денесин коюп жаткан учурда жүзүңү булутка жашырып, түнөрүп турганың али эсимде. Эмне үчүн ошенттиң? Бизге кошо Айтилламын тагдырына ошончо кайгырдың бекен? Же ээ, чабал пендем, болор-болбос кайгыга туруштук бере албай, өзүнү-өзүң өлтүрдүң. «Сендей жүүнү боштордун эртерээк ушинтип өлгөнү жакшы» – деп, каарыңы бетиңе чыгарып, табалап турганың беле? Жок, антип ойлогудай менин Айтилламын эч кандай кылмышы жок. Анын алдында күнөлүүлөр көп! Аларды айтпасам деле өзүң билип турасың. Адам туруп, адамзатты жок кылууга аттанып чыккан желмогуздарды жер бетин канга боётпой эмне үчүн оттой нуруң менен ошол замат куйкалап таштабадың? Буга сенин кудуретиң жетет эле го, касиеттүү Күнүм! Менин минтип наалып отурганымын жөнү да өзүңө маалым. Мына, күткөн жеңиш да келди. Балким, сен да ошого бүгүн ушундай жаркып турган чыгарсың. Эми биздин Батышка кеткен балдарыбыз

кайтат. Алардын ичинде менин Эшенкулум да келет. Буга мен ишенем. Ал, «Айтиллам эмне болуп өлдү, апа?» – десе кантип жооп берем, бардыгына күбө Күнүм?

А да биерге, сөзсүз, келет. А балким сүйгөнүнүн мүрзөсүн кучактап ыйлаар. Ыйласын, Айтилла ар кандай ыйга арзырлык эле. Соолукан соң, мына бул талдарга суу куюп, мүрзөгө гүл терип коёр. Ошондон кийин а дагы менчилеп ушул ташка көчүк коюп, сага наалышын айтар. Ошондон жүзүңү жашырбай, так бүгүнкүдөй жаркып турсаң, кагылайын Күнүм! Ашыкча кетсем, кечир, жаркын күнүм, мен кеттим...» Сергил апа жоолук учу менен көздөрүн сүрттү да, бошогон челектерин ийнине сала үйүнө жөнөдү. Түштөн кийин дагы ал баягы супасына чыгып отурду. Караганы жол... Күткөнү баласы...

# АҢГЕМЕЛЕР

## НАН

Мындан үч-төрт күн илгери Жаныбек жаңы таамил алма багынын бир четинде чычкан кулагындай бариктерин эртели-кеч жүргөн желге жалмалатып турчу жалгыз түп талдын көзүнө карабай, эки түз кадасын кыйган болучу. Кабыгын аарчып таштаганга тез кургаса керек, кечинде жакшылап чыңдалган эки кетменди аларга аштап кийгизди да, бүгүн күн али нурлуу жүзүн ааламга көрсөтө элек маалда, биринин артынан экинчисин удаа тамдын төбөсүнө ыргытты.

Жан жыгачы күнгө күйүп, эскиси жеткен шатыга бут койгондо майланбаган арабанын күпчөгүндөй андан «кыйыч-кыйыч» эткен жагымсыз добуш чыгып турду. Белгилүү Бозбунун заркы жели...

Эрте менен кечинде ал тараптан соккон сыдырымга жылаңач көкүрөк тосуп, ооз ачып туруу өзүнчө ырахат!

Тамдын төбөсүнө чыгары менен ушул желге кабылган Жаныбектин бою сергелең тарта, жеңи каруусуна чейин түрүлгөн колдорун капталына өйдө көтөрө берди эле, учууга камынган илегиликтей далдая түштү.

Түн ичинде алыстан көрүнгөн өрттүн алабындай мала кызыл тартып тыктана баштаган күн чыгыш тарапка саамга тиктеп турду да, ал маңдай жагы терге маңарланган чий калпагын кайруусунан кармап, пешенесин көздөй басып койду.

Мына, ал отуз төрт жылдан бери өмүр кечирип келаткан жер – Жайылма айылы. Алакандын отунда жайлашкандай анын бүт турпаты азыр мунун көз алдында.

Бир канаты тээтиги өзбектин бак-дарактуу кыштагынан тартып, береги Бозбу тоосунун этегине чейин созулган бул кыштактын айлана-тегереги көл бетиндей тегиз. Этектеш толкундардай жерге ыкшала ыргалган буудай массивинин

арасынан атылып чыккан торгойлор заматта асман бооруна асыла калат да, канаттарын дирилдете алда немелерди күүгө сала безеленет... Үй жанындагы кол арыкта суу шылдырт... шылдырт...

Кетмен сабына жөлөнгөн Жаныбек кыштагына көз чаптырды. Эки тарабына окшош жаңы үйлөргө толуп келаткан мобереки түптүз жол «Жаңы-Көчө» деп аталат. Анын көз жоосун алып жаткан ушул көчөнүн боюндагы жаңы үйлөр. Баксыз короо жок. Айрым үй ээлери колдоруна бак бычагын кармап, дарактагы бейпайда өскөн шак-бутакты торой кесип жүрсө, дагы бирөөлөр короо ичине эгилген пал-пал пияз, сабиздеринин жөөгүнө суу жылжытуу менен алек. Жаш балдар болсо, чүрмөктүү челек алышып, короо ичиндеги жыпар чачкан гүлдөргө «жамгыр жаадырып» жүрүшөт.

Жумушка кеткенге чейин үй тиричилигин бүткөрүп коюуга көнгөн колхозчу калк эрте турат эмеспи. Бүгүн таң заардан там башында турган Жаныбектин көзүнө биринчи болуп Карабай урунду. Чөп чапкандарга жөнөсө керек, ал эки жагын аңдабай сопол куйрук карегерин капталга катуу теминип баратат. Аны карап туруп, Жаныбек эмнегедир бырс этип күлүп алды.

Ал азыр суктана тиктеп турган «Жаңы-Көчөнүн» бир четинде өңчөй жаштардын арасындагы мойсотуп кишидей, көзгө комсоо көрүнгөн үй ушунуку – Карабай акеники. Аны уруштан бир жыл мурун тургузган эле. Ал кезде Карабай аке райондогу бакандай чоңдордун бири. Ошондой болсо да, акыры өз кыштагына келерине көзү жеткен билем, ушул үйдү тургузган болучу. Учурунда кимдер ага суктанбады дейсиң. «Бу дүйнөгө устун болуп калбагандан кийин, жарым күн болсо да, Карабайдыкындай үйдө жашаганга не жетсин! Асты такта, шыбы фанер, туш тарабы терезе... ичи-тышы аппак. Кирген кишинин баары ачылат. Үй болбосоң кое кал. Колунан иш келбесе да, Карабайдын зайыбынын ырысы бар неме экен».

Карабайдын ушул үйү бүткөндө анын какондосуна барып келген күнкү таңдана айткан апасынын бул сөзү

азыр анын кулагында да угулгансыды. Баардык нерсеге оор салмактуу карап башканын жакшы нерсесине көз артканды жаман көргөн, тармал сакал атасы ошондогу кемпиринин тигинтип, шилекей чууртканын этибарга албай, өз оюн билдирип гана тим болгон эле: «Ээ, кемпир, антип суктанганыңы кой бирөөнүн мүлкүнө. Катындыгыңа барат экенсиң да. Башканын жаңы көйнөгүн көрсөңөр да силердин тукум туталанып кетмей адатыңар бар. Эмне, Карабай алтын сарай куруп койду дейсиңби. Бир үй да. Акча болсо, жаңгалда шорпо», – дейт өзбек тууганлар. Аның сыңары андагы акча болсо, мен мындан он эки эсе артык үй тургузууга акылым жетип турат. Эңкеми кесип турган эле акча. Колхоз ушинтип эле туруп алат дейсиңби жарды болуп? Бизге да кезек келер. Ошондо бул Карабай менен мелдешип көрөрбүз. Мына, кудайга шүгүр, үч чүрпөбүз да биринин артынан бири ишке жарап келатат. Бизге жомоктогудай алтын сарайды ушулар салып берет, кемпир, кеп чыдап күтүштө».

Энеси менен атасынын бул сөзүн ошондо угуп турган алардын кенже уулу ушул Жаныбек карып бараткан тигилердин алдында кандай карызы бар экендигин анда биринчи жолу ойлободу беле.

Бүбүш эне эле дейсиңби? Чакырылбаса деле, Карабайдын бул үйүн көрүш үчүн дасторконуна эки нан болсо да ороп алып, өрүлүктөбөгөн катын бул айылда калбаган чыгар. Үйлөрүнө кайтып келгенден кийин алардын өз эрлерине сес көрсөткөнүн кое кал. Дасторконду ашкана жака ыргытып жиберип: «Сызда туулуп, сызда жатып өлөт экенбиз да. Сат, уйду. Жетпесе, тиги эки эчкини кошо сат. Кара катык аш ичсек да, жарыгыраак үйдө олтуруп ичеличи, тирүүлөй көргө камалбай. Очокко от жаксаң, мурдуңан башка жериң жылыбаса. Сандалга отурсаң, бутуң ысыйт да, мурдуң какшайт. Ушул да турмушпу?» – деп, болбогон жерден буркан-шаркан түшкөн ичи тар аялдарын күйөөлөрү араң жоошуткандыгы тууралуу Жаныбек көп уккан.

«Карабайдыкындай үй салыш үчүн оболу Карабай болуш керек. Андай болуш керек дегеним, ошондой ра-

йондун бир жак тизгинин өз колуна кармаган чоң болуш керек, эси жок. Алган айлыгы канча экенин билесиңби? Биздин жарым жыл иштеп тапканыбызды ал бир айда алат имиш. Андан башка чоңдордун элден канча аларын ким билсин. Биз эмнебизге там салабыз? Макул, уйду саталы. Ага кошуп эчкини деле пулдайлы. Ошол эле жетип калат дейсиңби? Жыгачыңа, дубалыңа жетсин дейли. Шифер деген неменин канча турарын билесиңби? Аны магазинден таппайсың. Колдон алган буюм ар убак кымбат. А макул, ага деле жетсин дейли. Уста акысына эмнени беребиз? Көп оолукпа, катын! Ар нерсенин өз убактысы бар. Колхозго да доор келер. Азыркыдай жыл маалына иштесең, бирок эмгегиңе алганың тамагыңан артпаса, анан Карабайдыкындай үй салыш тууралуу ойлогонубуз чекилик болоор, төшөккө жараша эле бут сунганыбыз эле жакшы. Жалгыз уйдан, же эки эчкиден ажыраганда, кышында кар жеп, жайында жамгыр суусун ичип олтурабызбы?» – деген камбыл эркектер.

Койчу, ошол жылы Карабайдын үйүнүн арзавасы жыл маалына созулду. Согуштун ааламаты гана элдин көз артканын тыйып, көңүлүн өлүм менен өмүр маңдай-тескей тура калган жакка буруп кетти.

Мындан он беш жыл мурун айтылган элдин сөздөрүн мойнуна алып, бүгүн Карабай ошол «даңазалуу үйүнөн» аттанып чыкканда Жаныбектин бырс күлгөн себеби ошол.

Бир кезде ошентип, Карабайдын бул үйүнө сугун арткандар азыр анын жанынан күлүп өтүшчү болду. Кимди шылдыңдамак эле? Карабайдыбы? Жалгыз аны гана эмес, өздөрүн кошо шылдыңдашып жатпайбы. Тиги Батыш Европаны колуна мылтык кармап, жөө басып чыккан элдин тагдырын коргоочу кыргыз жигиттери да далайларды көрүп кайтпадыбы. Карабайдын үйүн адегенде шылдыңга айландыргандар да ошолор болду.

«Ушул үйдүн эмнесин аваз кылдык экен, ошондо. Пайдубалын кара. Жерди ойбой-нетпей эле кирпич кое берген тура, кайран неме. Азыр көрчү, жайлоонун шүүдүрүмүн аралап мал издеген кишинин чапан этегиндей нымданга-

ны-нымданган. Ичине киргендер болсо, ышка карайып эски талдын кабыгындай дал-далынан кеткен фанерлерин, такыр жуулбагандыктан, жерге айланып калган тактайын көрүшөт да: «Байкуш Карабай далай жыл чоң болуп жүрдү эле, шып менен тактайды эч болбосо жыл аралатып майлатып койгонду билген эмес экен да. Зайыбычы – зайыбы. Тактанын үстүндө жатканды билген киши, аны жууп-тазалаганды эмне үчүн үйрөнүп албады экен?» – деп анын өзүн жана үйүн аяп, сөз кылышат.

Азыр колхоздо тоют бригадасын башкарып жүргөн Карабай акенин теңтуштары көп. Алар жүздөшө калган сайын ага шылкым аралаш азил ташташат: «Каке, үйүңү тезирээк оңдобосоң, түбүндө каласың го. Баягы жылкыдай жер каарына алып, бир силкип койчу болсо, түбүнөн заги кетпеген немең туруштук бере албас».

Карабай буурул мурутун кулагын көздөй баш бармак менен сөөмөйдүн арасында чыйрата кармап, андай азилге терикчү эмес, кайра шакабага өзү кошулуп: «Мен бул айылга жаңы типтеги үйдү биринчи болуп тургузгам. Эми элдин эң акырында курайын деп чечтим. Башкармага да менин үйүм тизменин этек жагында боло берсин десем, күлдү. Коендун териси жарым жылга чарыкка чыдаптыр дейт, дагы бир жылга урабас. Уулум армиядан кайтаар жылы киришем. Дагы бир жылдан кийин анын мөөнөтү бүтмөк. Күлбөгүлө, досторум, менин үйүмө. Силердин ата-энеңердин бир кезде шилекейин чуурта суктандырган үй ушул. Ар нерсе өз учурунда кооз. Убакыттын жылышы менен сулуулук да жашы өткөн кишидей көз кумарын кандырбай калат. Көрөм, силердин азыр макталып жаткан үйүңөрдү дагы, он беш-жыйырма жылдан кийин. Шаарларда газ менен ичи ысыган, өзүндө мончосу бар, ысык, муздак суусу үзүлбөй аккан үйлөр пайда болуп атыптыр. Гезит окуйсуңарбы, деги? Мына ошол үйлөр бул айылга келгенде силердин көзүңөргө алтын сарай болуп көрүнгөн мобереки үйүңөр менин бул үйүмүн кейпин кийип калаары жөнүндө ойлодуңарбы?» – дечү теңтуштарынын ичиндеги жаштарына шылдыңдуу карап.

Кетмендин сабын бооруна такап, бүгүн өзүнүн көз алдындагы кыймылга келген кыштагына суктана тиктеп турган Жаныбектин оюн анчага дейре алагды кылган Карабай акенин карааны үзүлө бергенде гана анын үйү тууралуу ою токтоду. Жаныбек тогуз жылдан бери ушул колхоздун тамеки бригадасын башкарат. Айылды аралап бригадирлерден бөлөк ким жүрөт? Бирок кыштагынын көркүн бүгүнкүдөй суктанып караган эмес.

Кийинки жети-сегиз жылдан бери нугу ачылган арыктан аккан суудай айылына кирип берекеге а да эли менен кошо маашыр. Антпегендечи! Кыйынчылыктын, талаш-тартыштын баары жетишпегендиктен тура. Эл башкаргандарды суук тумшук кылып, калкы менен аларды ачуу-аразга алып барган да турмуштун ошол өңгүл-дөңгүлү эмеспи. Колхозчулар эмгегине тонналап эгин, тутамдап акча алгандан бери маңдайы жарылып, паанайы жарык. Кайсы үйгө кирбегин – дасторкон толо нан, дөбөлөнгөн мөмө-чөмө, үй жаңылаган киши. Короосуна кирсең бут алдың шибер, төбөңдө саябан. Баксыз короону көрбөйсүз. Жаныбекти колхозчулары «чуруш маңдай» дешчү. Ал аты деле азыр калып кетти. Анын да азыр маңдайындагы тырышы жазылып, күлкүсү көбөйүп калган кез.

Үй куруунун максаты февралдын башында жылдык жыйынтыкка карата өткөрүлгөн чогулуштан кайтып келген күнү болгон. Дасторкондун четинде олтуруп, Жаныбек, жеңеси Айсалкын болуп, бул үй-бүлөнүн өткөн жыл ичинде тапкан кирешеси дагы бир сыйра эсептелип чыккан болучу: үч миңден ашык акча, төрт тоннага жакын эгин. Чекене киреше эмес да!

Кеч күздө буларга келип кошулган Жеңишбекти эсептебегенде бул үч кишинин гана иштеп тапканы. Жаныбек аялы менен, жеңеси Айсалкын – үчөөнүкү.

– Менин сыйлыкка бүгүн алган алтын саатым буга кошулбасын, – деп күлдү Айсалкын. – Аны эчак эле сандыкка салып койгомун. Жеңишим үйлөнгөндө колуктусунун колуна тагамын.

Баарынан төмөн жагына олтуруп, буларга чай сунуп жаткан Жеңишбек апасынын бул сөзүн укканда кулагына чейин кызарып, башын эңкейтип, желкесин кашынды.

– Жок, жеңе, саатыңызды кирешеге кошконум жок. Ансыз деле жетет экен, жаңы үй тургузууга. Анча-мынча даярдап койгон курулуш материалыбыз деги бар, – деп Жаныбек жадырап койгон.

Эки күндөн кийин колхоздогу курулуш бригадасы кезек боюнча булардын үйүнө келмек. Ошондуктан, Жаныбек менен Жеңишбек бүгүн эски үйдү бузуш үчүн жумушка барбай калышкан.

Жеңишбектин тамдын төбөсүнө чыга келиши тигинин жанагы желеленген оюн үзүп койду.

Жеңишбек – Жаныбектин улуу агасы Сарымсактан калган жалгыз туяк. Майкечен ал там башында мизи өйдө карап жаткан экинчи кетменди ала койду да, күнгө күйгөн билек булчуңдары түйүлө калып, ары-бери тултуңдады. Көөнөргөн кара кепкасынын алдынан көрүнгөн жазы маңдайы, коёндукундай бакыракай көздөрү, оң кашын жаап уюлгуган тармал кою чачы куду атасыныкындай. Анын кебетесине алдыртан тиктеп турган Жаныбектин көз алдына агасы Сарымсактын элеси тартыла берди...

Жеңишбек армиядан күздө кайтып келди. Азыр колхоздо ошол жактан үйрөнүп келген кесиби боюнча монтёр болуп иштеп жүрөт. Онунчу классты бүткөндөн кийин армияга чакырылгандар кайткан соң көпчүлүгү окууга, же шаарга жумушка орношуп кетишкен.

– Муну деле ошентет го, азыркы жаштар ата-эненин, ага-туугандын тилин алчу беле, – деп анын армиядан келер тушун болжол менен билишкен жакындары салкын мамиле кылышканы ырас. Жок, Жеңишбек антпеди.

– Эми, окууга кетерсиң, Жеңиш? – деп апасынын сынап берген суроосуна:

– Жок, апа, силердей колхозчу эле болоюн деп турам. Атам колхозчу, апам колхозчу экенсиңер. Мен да колхозчу болууну чечтим. Баарыбыз эле шаарды көздөй кете берсек, колхоздо ким калат? Керек деп тапса, окууга колхоз өзү деле

жиберет. Иши кылып окууга барсам да, колхоз аркылуу барам, апа, – деп тигилердин санаасын тындырып койгон.

Атасына окшоп, оор басырык сүйлөп, сабырдуу жүргөнүнөн апасы менен агасы андан үмүттүү. Жеңиш колуна кетменди алары менен «бери бас» дегенсип, Жаныбек үйдүн бир четин көздөй кадам шилтеди.

Далистин тушуна барып, арык колдорунун тарамыштарын түйүлтө, кетменин төбөсүнө көтөрдү да чаппастан Жаныбек кайра жерге койду. Эмне үчүн? Анын маңдай териси жыйрыла түштү, кырдач мурдунун таноолору керile берди. Ким билет, балким, ичинде ата-энесинин өмүрү өтүп, агалары төрөлгөн бул үй азыр жаш балапандардын уясындай ыйык көрүнүп, бузууга дити барбай жаткандыр. Мындай болушу да ыктымал. Баягы жылы бир актив чыкма жигит атасынын эски имаратын бузганда, Жаныбектин апасы кыйын наараазы болгон:

– Ботом атасынын жайын бузат деген кандай шумдук? Ата жайын байлуканага айландырып таштап, жаңы үйүндө камыр-жумур жашаганын көрүп турабыз го. Арбак ыраазы болмоюн, тирүү жан жарыбайт. Атасынын колу менен курулган жайды бузганы – арбактарды безиткени.

Балким, аны ыргылжың кылып турган апасынын ушул сөзүдүр. Андай болсо, кийинки беш-алты жылдан бери жыл сайын бул кыштакта он беш-жыйырмадан эски жайлар кулап, ордуна үстү шифер, тунуке же черепица менен жабылып, пайдубалы жарым метрче цементке отургузулган, кош терезелүү үйлөр курулуп эле жатпайбы? Жаныбек жеңеси Айсалкын экөө да ошондой үй тургузууну көптөн бери дегдеп жүрүшпөдү беле? Антпегенде бүлө көбөйүп да баратат. Эки үй, бир далис кимисине калкалагыч болсун?

Бети-башын жалмалап өтүп жаткан зааркы желден ичиркенгендей Жаныбек далысын куушура бир жыйрылып алды да, таңданган мүнөздө өзүнө карап турган Жеңишбекти көрө коюп, уялып кетти көрүнөт, ошол замат кетмендин сабына колдору ороло түштү.

Өмүргө өмүр кошомун деп, мунарыктана көз учуна араң урунган горизонттун тээ береги четинен, ааламга

күлө карап шаша чыккан күндүн нурлары менен Жаныбек төбөсүнө бийик көтөргөн кетмендин пеши кездеше калды окшойт, айнекке күзгү тоскондой ал жарк эте берди. Соңунан лакыйган кетменден ыргытылган топурак тамдын арт жагына барып күп этти да, чаң-тозоңу абалап жөнөдү.

Жеңишбектин кетмени да ушул көрүнүштү кайталап жатты. Түшкө дейре бир үйдүн төбөсүн тизеден келген кара чирик саман аралаш топурактан экөө араң арытышты. Экинчисинин үстүн жарымдаган кезде, Жаныбек кууш маңдайынан мончоктогон терди жеңи менен шыпыра аарчынып, анан тамеки тутантты. Топурактан арыган торсундун бирине көчүк басып, экинчисине узун буттарын тирей отура кетти да, жаак этин капшыра папиросун соро баштады. Кебетеси ишке берилип кетип, ага кумары аша түшкөнбү, кайра-кайра тартып, оозунан, мурдунан көгүш түтүн булатып жатты. Бул дем алыштан пайдаланып Жеңишбек шатыны кайчылдата, суусун ичип келейин деп төмөн түшүп кеткен.

Дароо эле катуу кагазына жете түшкөн папироско чырт эттире тиш арасынан түкүргөн Жаныбек аны бут арасынан ылдый чертип жиберди. Өзү эмнегедир, жаш балачасынан анын кайда барып түшөрүнө көз салды. Үстүн жука топурак каптаган тегерек нерсенин үстүнө барып бир тийгенде гана папиростун күлгө айланган жагы үзүлүп кетти.

– Тегерек нерсе эмне болду. Кичинебизде апам бизге аш куюп берчү кара аяк эмеспи? Аякка окшобойт. Те тамдын төбөсүнөн түшкөн кесектин калдырканы бекен?..

Кандайдыр бир сезим Жаныбектин жүрөгүн жанып өттү:

– Нан!.. Баягы нан!..

Муунган кишидей анын добушу каргылданып чыкты. Додолонгон топурактын үстүнө тик секирген Жаныбек алигини кош колдоп ала койду да, бетиндеги топуракты үйлөп жиберип, бооруна кысты. Чын эле нан экен!..

– Муну Айсалкын жеңем кантип унутуп койду? Бул үйдүн акыр-чикирин өзү баш болуп жыйнаштырбады беле? Кантип нанды унутуп калды? Же «ырымдалганы менен не пайда берди, андан көрө топурак алдында тапталып кал-

ганы артык эмеспи» деп атайлап таштады бекен? Андай болууга тийиш эмес эле. Далай жылдан бери ушул үйдүн шыбында ак калтага илинип турчу бу нанды бапестеп, бетин жөргөмүштүн желесине бастырбай, маңар байлатпай апам өлгөндөн бери сактап келаткан өзү эмес беле?

Жаныбек азыр бооруна кысып турган нандын четинен үч жери кетилген. Анын экөө улуу агаларынын тиши тийген жер. Үчүнчүсү – өзүнүкү.

Бу нанды Бүбүш апа өзү жаап, өз колу менен биринчи жолу тун баласы Сарымсак кан майданга жөнөп жатканда ат жалына сунган:

– Четинен тиштеп кой, балам! Ылайым туз-насибиң өз үйүңөн буюрусун!

Ушул тилек менен экинчи уулу Асылбекти, кийинчерээк Жаныбегин атказган. Жок, ененин тилегениндей болбой калды. Ал тилек кылгандай Сарымсак менен Асылбек кайрылып келип, эне колу сунган алиги нандан тиште-ей калышты. Урушка жетпей кенже баласы Жаныбек гана кайрылып, бул үйдөн кайра даам татты, бирок аны эне көрбөй калды. Жеңиш жылы төрт жыл бою тиктеген анын көзү түбөлүккө жумулган болучу.

Агалары менен энесинин ал эстелиги бут астында тепселип калганын көргөн Жаныбектин каңырыгы түтөй түштү: апасынын, уялаштарынын жыты ушул нанда сакталып калгандай аны бетине кармап жыттай берди эле, көз жашы чаңдуу жүзүнөн төмөн көздөй из салды. Ушул кезде нары жактан суу ичип чыккан Жеңишбек агасынын тиги абалын көрүп селт этти...

Эки жарым айдан кийин ак калтага салынган нан жаңы үйдүн шыбынан кайра орун алды...

1956

## ӨКСҮК

...Мен анда он эки, он үчтөгү курагым. Бөксө жайлоодобуз. Алысыраак абаларыбыз Бекбай дегендики менен биздин үй жанаша тигилген. Бекбай абабыз кары киши,

чачынын качан агарганын биз билбейбиз. Каштарында да бирин-эки агы бар. Тулку бою сакадай чакан. Бети жайык. Колунан аса таяк такыр түшчү эмес. Анын бети жар боорунан таралып аккан жамгыр суусунун изиндей тарам-тарам майда тырыштар менен жык толгон. Сүйлөгөндө тамагынан бирөө кысып тургандай үнү кырылдап, үзүлүп-үзүлүп чыкчу. Тиштеринин жоктугунан бир нерсе чайнаса, сынын буза элек кырдач мурдунун учу ээгине тийип кетчүдөй көрүнөр эле.

Булардын Саткынай деген келини бар. Иреңи аксаргыл, көздөрү бакырайган кой көз. Бетинин ортосу тандыр нандын четиндей бөрсөйүп, наардуу. Кыскасы, буралган жаш жубан болучу. Деги түйшүктөн чарчачу эмес. Биздин үйдүн тиричилигинин көбү да ошонун мойнунда: сүт бышырып, айран уюткан ошол, күбө бышкан ошол. Апам камырын жасап коюп: «Саткынай балам, келе гөр», – дечү. Ал ошол замат чуркап келип, нарыдан бери тулга асылган очокко тезектен калап, казан какшытып, нанныбызды жаап берчү. «Чапчаң урунат бечара, бир жеринен дагал көрбөйсүң, ар кимдин келини ушундай эле болсун!» – деп, аны нечен жолу апамын алкаганын уккам. Кызыл иларс көйнөгүнүн этегин кыстарынып коюп, казандын бирде тигил, бирде бул кулагынан, оттун табына карай жылдырып, анан ага зубала жапшырып, тез күймөнгөндүктөн, нары тезек отуна какталып албыра толукшуган Саткынай жеңемин ошондогу сүйкүм жүзү алиге чейин көз алдымда...

«Алганың менен кошо кары, балам! Кудай этегиңен жалгасын», – дечү апам, ар убак бир жумушун Саткынай жеңеме бүтүртүп алгандан кийин. Ал болсо, жаңы эле ыйлап басылган баладай улутунуп тим болчу.

Менин чоң акем Кымбаткул үй-жайлуу болуп, өзүнчө тиричилик кыла баштаганына анча жыл болуп калган. Ал үй-бүлөсү менен чөлдө. Мында сегиз жашар Тазабек аттуу иним экөөбүз апама кол-кабыш кылып жүрөбүз. Биздин атабыз да биерге ара-тородо бир келбесе, көчтү жеткиргендин эртеси чөлгө кеткен. Чамасы жайлоо маалында эркектер үчүн чөлдө жумуш арбыныраак болсо керек.

Мындагы жан-малга баш көз болгондор – кемпирлер. Айдап кел, байлап келине жарачулар биз өңдүү мадыра баш балдар. Ишке жарагандардын дээрлик бардыгы чөлдө суу сугарып, чөп чаап, эгин отоп жүргөн кезде Саткынай жеңемин чал-кемпирлерге аралашып, мында жүрүшү мен үчүн белгисиз.

Ал тууралу бар болгону муну билем: жанагы абабыз Бекбай, энебиз Канымкүл кенже баласы Токторбекти үйлөнтүптүр деген шарпаны укканбыз. Анда ала-шалбырт мезгил болуш керек эле. Апам чоң акемин зайыбы экөө Токторбектердин тоюнан келишкенде дасторкондорун биздин алдыбызга жайып коюшуп, мындай деп кеп кылышкандары жадыман чыкпаптыр: «Жылдызы ысык неме экен, акыл-эси, баскан-турганынан, кеби-сөзүнөн эле байкалып турбайбы, бою-башы келишимдүү, жаш кишинин жары сулуу эле болгону жакшы эмей. Көрсөң көңүл тоёт, карасаң көз кубанат. Ажар байкуш кыздардын тонун жакшы бычкан экен», – деп мен анда билбеген Саткынайдын апасына ошондой кызды төрөгөндүгү үчүн ыраазы болгондой сүйлөшкөн.

Анын кайненеси кечти көбүнчө биздикинде өткөрчү. Чайдан коюу демдешип алып, апам экөө кара тулганын эки жагында олтуруп, ортодогу тезек отту аташ күрөк менен улам ичкериштирип коюшуп, кайдагы өткөндөрдү сөз кылышып күңкүлдөшөр эле. Тезек отундай алардын айткандары да ачык эмес, күңүрт-күңүрт угулчу.

Үкөм эрте эле уктап калат.

Мени болсо: «Бар, жеңеңин жанына барып, эрмек боло тургун», – деп Саткынай жеңемин жанына жөнөтүшөт.

Ал үйдө Саткынайдан башка Эргеш деген алты-жети жашар чамасында бала бар. Аны жеңем «жээн бала» деп тергейт. Эргеш – Канымкүл эненин небереси. Өлгөн кызынын кичине баласын алып келип, багып жүрөт. Кыскасы, кечинде бул үйдөгүлөрдүн элөөрөгү Саткынай, андан кийин мен. Олтурган жеринде үргүлөп жыгылган Эргешти көтөрүп, эрте эле салынып коюлган төшөктүн бир четин ачып жаткырат да, Саткынай жеңем анын эки

жагын кымтылап коюп, кайра кемегенин жанына келчү. Жомогубузду, же чүкө менен ойнолчу «Вазир-паша» деген оюнубузду улантабыз. Мен утулуп калсам, кулагымды чойгулап, анан мойнуман толгой кучактайт да, бетимен, маңдайыман чоп-чоп дегизип өөп алат. Өзү утулуп калса: «Кана, алиги бала, эми сен да өп», – деп бетин мага тосот да, батына албай тургандыгымды байкап, өзү эки жаагымдан кармай берип, оозумду бетине тийгизе кызаңдар эле: «Жеңеми өптүм деп, эч кимге айтпа, түзүкпү?» – дечү, кумардуу көздөрүн жалжылдата. Менин тердеп-тепчип акырын өпкөнүмө алымсынбагандай анан үшкүрүп, ордунан тура этегин кагынып, бирөөнү күткөндөй эшикке оболу мени чыгарып, анан биздин үйдөн аса таягына жөлөнө бөкчөңдеп келе жаткан кайын энесин тосуп алчу.

Күндө эртең менен мен эки үйдүн жыйырма чакты улагын, он бешке жакын козусун айдап, төшкө жөнөйм. Көгөндөн аларды Саткынай жеңем агытышат. Колуна бир чыбыкты кармап, короодон нары айдашып да барат. Бүгүн да ошондой кылат го дедим. Ал койлорун саап болду. Күндөгүсүнөн да бүгүн Саткынай жеңем жагалданып, көзүмө суйкайып, өтө сулуу көрүнөт. Мен шишеме айран куюп чыкканча, ал козу-улакты агытып, айдап калыптыр. Үстүндө тегерек-тегерек көк гүлү бар ак арин көйнөк. Көйнөктүн жукалыгынан аппак болуп билек эти билинип турат.

Жумуру мойнуна оролгон шурусунун жиби үзүлүп, азыр эле жерге чачылып кетчүдөй тырсыят. Жеңи жок кара кыжым кемсели толук мүчөсүнө кептелип, ак арин көйнөгүнө куп келишип калыптыр. Бир колунда көтөрмө бар. «Жүр, алиги бала, мен да бүгүн сени менен козу-улакты кайтарышып келмек болдум», – деди.

Эмнеси болсо да, жеңемин мени менен бара турганына сүйүнүп кеттим. Кийинки күндөрдө анын эркелеткенине, тамашасына көнүп калгам. «Кайын эиеси биздикине эртерээк келсе экен, мен Саткын жеңемин жанына эртерээк барсам экен», – деп эңсечү болгонмун.

«Ий, кагылайын кайним ий», – деп бооруна кыса кучактап, эки бетимден өпкөндөгү анын денесинин бурук-

суган жагымдуу жыты мурдумдан кетпей, көңүл күзөтчү болдум.

Мына, бүгүн ошол жеңем менен бирге тоого баратам.

Айылдын үстүндөгү жан боорго чыккандан баштап калың арча, бирде шилби, добулгу болуп, токой коюуланып кетет. Арчалардын коюу жерине жеткенибизде эле Саткынай жеңем колуман кармап, эңишти карай чуркады. Козу-улактар бетегелүү капталга жабылып, ширелүү чөптүн четинен чыртылдата кертип калышкан эле. Чыңкылдый жүгүрүп келе жаткандыктан соктугуп калган экенбиз, болжогон булактан өтө берип токтодук. Саткынай жеңем булактын суусунан кочуштап мага чачты... Тамашасына тамаша менен жооп берип, мен дагы чачтым. Жука көйнөгү этине жабышып, чачтары сууланып, али артына тартыла элек талчыбыктай майда өрүмдөр жаагына жабыша, ого бетер аны чырайына чыгарды.

– Эми кууп жетип алчы, алиги бала, – деп башынан жоолугун ала коюп, жылга ылдый Саткынай жеңем дагы жүгүрдү. Көпкө чейин байлоодо туруп буулуккан кулундай анын элириши мени бир жагынан таң калтырса, бир жагынан кызыктырат. Оюнга чакырат черими жаздырат.

Көп узатпай кууп жеттим. Кемселинен кармайын дегенмин, аңгыча болбой, бөжүп бараткан жоргонун желге сапырылган жалындай калың чачы тутамыма толо түштү. Аптыгып калганмынбы, уялуу да эстен чыгып кеткен көрүнөт, кайра оңолгуча шап кармап калдым.

Саткынай жеңемин тааныш жагымдуу жыты каңшарыма дагы өрдөп кетти. Мойнуна ороло калган колумду ошол замат чок тийгендей дароо тартып алдым да, качып жөнөдүм. Уялып кеттим. Уялганда да бул жолу өтө катуу уялдым.

Чуркаган бойдон андан алыстадым да, бир арчанын түбүнө энтиге-энтиге жетип, жата кеттим.

Менин уялып калганымы сезе койгонбу, эч нерсени көрбөгөн, билбеген кишидей бир оокумда жаныма жакын келди да: «Тур, алиги бала, арчанын тээтиги бутагына мага бул жипти байлап түш, селкинчек тебебиз», – деди эртеден бери колунан түшүрбөй ала жүргөн арканын мага карматып.

Оор жүгүмдү үстүмөн бирөө алып таштагансып, чоң арчанын ал көрсөткөн бутагына жалаңайлак бир паста чыгып бардым. Жипти ортосунан бутакка артылта салдым. Жерге карай салаңдаган эки учун Саткынай жеңем өзү түйүп, анан айлантып олтуруп түйүндү бутактын үстүнө чыгарды.

Анан туюк жиптин эки жагын эки колу менен кере кармады да, анын ортосуна тикесинен турду.

Мен жерге түшкөндөн кийин: – «Кана, алиги бала кичине күүлөп койчу», – деди. Жиптен кармап, жеңемдин анча деле оор эмес денесин артка кетенчиктетип барып коё бердим. Бирде отура калып, бирде тура калып, андан ары өзү катуу күүлөнүп кетти. Өтө бийик күүлөнүп алгандыктан, үлбүрөгөн шалпар жоолугу жогорку шакка илинип калды. Алга карай кеткенинде далысын жайпаган чачы желге сапырылып, кайра артына кайтканда келишимдүү далысына жабыла калып жатты.

Анан мени күүлөнтүп көпкө тептирди. Убакыт билинбей өтө берди... Кемселин чечип, жиптин ортосуна арта салды да, өзү ага олтурду. Бутумду анын эки капталынан соройтуп чыгарып жиберип, мен ага бет маңдай олтурдум. Ал бут учу менен кадалана өйдөгө аз-аздан жылып барып, жерден көтөрө бергенде экинчи жакты карай учуп жөнөдүк. Кайра артыбызга кайтканда жип асылган бутак карс этти...

Жеңемди баса жыгылдым. «Эч жериң ооруган жокпу?» – деп Саткынай жеңем өзү туралбай жатып карбаластады. «Жок, өзүңүздүкүчү? » – деп мен анын үстүнөн ыргып туруп кеттим.

Саткынай жеңем бук болуп калган белем, а кырга, бу жылгага мени менен куушуп, көпкө ойноду. Бир оокумда жалпак таштын үстүнө кийиктей элпек секирип чыгып, анын жаракасынан сербейип чыгып турган гүлдү эңкейип жулуп алды да, кырдач мурдуна тийгизип, соро-соро жыттады. Анан үнүн бардыгынча созолонто ырдап жиберди... Көп убактан бери ичиндеги толо жүргөн желин үйлөп, тышына ушул ыры менен чыгарып жаткансыды.

Ырдын мазмуну жаштык жөнүндө эле. Ошондогу ырларынан бирөө-жарымын жаттап калбаганыма али да ачынам.

Мен аны тиктеген бойдон, оозумду ачып, делдейип туруп калсам керек. Чуркап келип, тааныш жытын каңшаарыма каптата, адатынча маңдайыман өбө бергенде, узун кирпиктери биригише түшүп, андан тунук жаштын мөлтүлдөп, төмөн карай сарыкканын көрүп калдым.

«Эмне үчүн ыйлайт? Эмнеге бардык үнү менен бүт денесин солкулдатып ырдады? Өксүкпү? Эмнеден? Кийимденби? Оокаттанбы? Кайын энеси, кайын атасы катаал кишилерби? Жок, анысын байкаган эмесмин»...

– Эмне ыйлайсыз? – дедим, өзүмдү араң токтотуп.

– Тим эле кагылайын, алиги бала, эмне үчүн көзүмөн жаш чыкканын өзүм да билбей турам... Сагынам...

– Кимди?

Башымды көкүрөгүнө тарта күлүмсүрөп тим болду:

– Билбейм.

– Көзүндө толо дагы жаш турду. Аны аяп кеттим. Эмнеликтен аны аяганымды ошондо бирөө сурап калса, себебин түшүндүрүп бере алмак эмесмин. Анын бир нерседен өксүп жатканын жүрөгүм туйгандай болду. Көзүмдү ирмебеске канчалык аракет кылсам да, ирмелип кетти...

«Мени аяганыңдан айланайын, түшүнгөнүңдөн кагылайын!» – деп жеңем көкүрөгүнө дагы кысты. Анан кемселинин чөнтөгүнөн атлас бет аарчысын алып, адегенде менин, анан өзүнүн жашын аарчыды.

– Биерде көргөндөрүңдү эч кимге айтпа... Эми сен тиги көлөкөгө барып отура тур, мен дароо жуунуп ала коёюн, – деди. Беш мүнөт өтпөй шок бала чакадагы сууну шапшыгандай, жана экөөбүз көзүндө отуруп ойногон булак тараптан «чулп-чулп» эткен суунун шоокуму угулуп турду. «Көз жашыңан гана эмес, ичиңдеги кириңен да арый көр, жеңе!..»Анан ал сууга түшүп жатканда мен арканга таңып койгон как бутактарды көтөрүп: «Козу-улагыңды айдап, артыман барарсың», – деп чак түштө Сааткынай жеңем менден мурун үйгө кетти.

Жанагыдай суроолорго башымы маң кылып, ал кеткенден кийин мен да туралбадым, удаа жөнөдүм.

Бир күнү айылга Токторбектер келип калышты. Токторбек акем сельсоветте секретарь болуп иштөөчү: «Көк каттоого келишиптир», – деди Саткынай жеңем, биздикинен казанды алганы келгенде.

Июнь айы болуш керек. Айлана жашыл түскө чулганган кез. Токторбек акем менен дагы эки жигит бар, алардын өздөрүн таанычумун, бирок аттарын билчү эмесмин. Мылтык ала келишкен экен. Капталга бута коюшуп, көпкө атышты. Токторбектин үстүндөгү сары шым, гимнастерка, ошого өңдөш шапкеси бар. Белиндеги эндүү кемери шыңга боюн ого бетер келиштирип тургансыйт. Ал толмоч келген, кырдач мурун, эки таноосу кеңирээк, нур жүздүү, салабаттуу неме экенин ошондо жакшылап байкадым. Өзүмчө: «Саткынай жеңеме ылайык жигит экен», – деп ойлодум. Менин ошол күнү аңдыганым эле эки киши болду: бири – Саткынай жеңем, экинчиси – Токторбек акем. Жеңемин бүгүн таманынан үн чыгып калганын оңой эле байкадым. Бая казанга келгенде мурдуман чымчый кармап: «алиги бала, өптүрүп койчу» деп, адатынча үңүлдү эле, үркүнчөк тайдай жылт берип, буйтап кеттим. Өңүнөн кубанычтын белгиси даана билинип турду. Ага кошулуп ичимен мен да эмнегедир сүйүнүп жүрөм. Токторбек акемин өңүнө назар салсам башкача: кабагы салыңкы, бир нерсеге наараазы болгондой. Канчалык тырышсам да, анын Саткынай жеңеме көңүл агытканын байкай албадым.

Казанга этти салып коюп, кайын энесинин айтуусу боюнча жеңем каттама кылып жиберди. Үйдүн көлөкө жагына салынган ала кийиздин үстүндө Токторбек акемдер чай ичип отурушат. Алардын катарында мен, апам, анан Токторбектин энеси. Тигилерден эки кемпир эгиндин, чөптүнсуунун абалын сурашат, бири: «суу тартылган жокпу» десе, экинчиси: «Эгиндин болуму кандай?» – дейт.

Суроого жооп берип жаткан берки эки жигит. Токторбек акем каттамадан айранга тийгизип жеп, чайдан ууртап, сөзгө анча аралашпай олтурат. Бошоп калган чайнекти

алып, кургак чай салдыруу үчүн үйгө кирсем, Саткынай жеңем туурдуктун тешигинен сыртты тиктеп жатыптыр.

– Кимди карап жатасыз? – дедим чайнекти жерге койбой туруп.

– Секин! – деди башын тешиктен дароо алыстата берип.

– Кимди карайт элем, акеңи да. Арыктап калыптыр байкуш, ошого боорум ооруп тиктегеним. Бүгүн мында калабыз дешип жатабы? – деди ыгын таап, мага.

– Аны айтышкан жок. Калышат да, жатышканы келгендир да, – дедим мен, айткан сөзүмө анчалык маани бербей.

Менин бул сөзүмө шектенгендей башын ийкеп жеңем билинер-билинбес үшкүрүп койду. Чайнекке бир чымчым көк чай салды да, эшиктеги таш очокко келип, чоюн кумгандагы кайнап турган сууну куюп: «Бир аз дем жесин», – деди чоктун үстүнө чайнекти коюп. Башына бош салынган даки жоолугунун бир учун өйдөрөөк кылып, үйдүн тигилер олтурган капталын көзүнүн кыры менен тиктейт.

Мага чайнекти карматып өзү үйгө карай басарда, ал жакты дагы бир карап алды.

Көк каттоого келгендер этти жеп бүтүп, колдорун жууп жатканда күн бийик зооканын аркы жагына ысык илеби менен кошо кулай баштаган эле.

– Асыке, аттарды алып келбейсиңби, биз жөнөйлү? – деди, Токторбек акем мага карап.

– Койчу, атты алдырып, күн батканда каякка барат элеңер? Жатып алгыла, – деди энеси, кырылдак үнү менен, башын калтаңдата.

– Жок, апа, кечки салкында жете барып, эртең менен мал короодон чыга электе эсептеп калбасак болбойт. Эртең кечке кайтууга тийишпиз. Балким, келе жатып дагы тие өтөрбүз.

Токторбек акемдер, ошентип, күн батканда чоң жайлоону карай жүрүп кетишти. Алар аттанып жатканда Саткынай жеңем баягы туурдуктун тешигинен дагы шыкаалап турганын мен көрүп калдым. Бул жерде эч кимиси, эч нерсеси калбаган эмедей Токторбек аке тиги экөөнүн алдына

түшүп алып, кыядагы жол менен тумшукту имерилгенге дейре анча жол болсо да, артына бир бурулуп койбоду. «Саткынай жеңем, сөзсүз, ыйлады» дедим ичимен.

Чын эле ыйлаптыр. Козусун жерип, эмиздирбей качып жүргөн чунак кулак көк токтуну кармай албай кууп жүрсөм, үйдүн арт жагында Саткынай жеңем шолоктоп ыйлап туруптур. Баягы тоого бирге чыккандагыдай анын көз жашын көрүп, менин дагы зээним кейиди, өпкөм көбө түштү. Көзүмө жаш толду. Жанына келип токтой калганымы көрүп: «Кой, айланайын, алиги бала, биерге турба, бара бер, кийин өзүм айтам», – деди менин андан эмне жөнүндө сурай турганымды билгенсип.

Токторбек акем өзү айткандай эртеси деле биерге кайрылып келген жок. Энесин гана нараазы кылгысы келбей, тийип өтөм деп койсо керек.

Ал эми Саткынай жеңемди назарына илбей кетип калган себебин кийин гана билдим. Мени кээде койнуна алып жатып, жаш баладай эркелетип ойногонуна да кийин түшүндүм. Көрсө, Саткынай жеңемдин ошондо оюнга кумары канбай, сүйүүгө, жаштык ышкына зар болуп, эркелөөнү эңсеп, бирок булардын баары андан атайлап качып, жүрөгү өксүп жүргөн тура! Мунун баары мага кийин маалым болбодубу!

Токторбек акемдер келип кеткендин эртеси Саткынай жеңем көзү-башын шишитип, суз жүрдү. Күндө бир нече жолу биздикине келип, казан-аяк кармалашып, оңу келе калса, менин мурдуман чымчый кармап, эркелетип кетчү жеңем, а күнү такыр баш бакпай койсо болобу!

Эртеси түшкө жакын куурай терип жүргөн жеримде сайдын таманы жактан түйүнчөк көтөрүп, баягы мага тааныш арин көйнөгүн кийген Саткынай жеңем көрүндү. Өгүнкүдөй мени менен бирге селкинчек тээп, суу чачышып ойногону келатса керек деп жорудум. «Ыйлап-ыйлап бук болгон жеңем байкуш, ээндетип дагы ойногусу келген тура. Азыр эле жете барып, мойнуна колумду оролто, кучактап эркелеймин деп, адыраңдап алдын тосо чуркадым. Жок, мен ойлогондой болуп чыкпады. Жеңемдин мостойгон суз

көз карашы, күнгө түсү оңгон кызыл сатиндей кубарып шапайган өңү, мени көкүрөгүмөн итерип токтоткондой, ага бир кадамча жетпей какайып туруп калдым.

– Бери басчы, алиги бала, – деди төбөсүнө кармап жаткан түйүнчөгүн колуна ала, сай четиндеги арчаны көздөй басып. Андагы көлөкөгө отура кетти да: – Мен эми кетип баратам, атайы сени көрөйүн деп гана быякка кайрылдым. Энем силердикинде. «Тезек терип келейинчи» десем, ал мейли деди. Мен эми ал үйгө экинчи кайрылбас болуп баратам, алиги бала, өзүң көрдүң го, акең мени жакшы көрбөйт. Келген күндөн бери анын буту али менин төшөгүмү баса элек. Кечээ көрдүңбү? Күн батканына карабай, аттанып кетип калды. Кайын эненин, кайын атанын көөнү деп жүрө бергеним болбос. Менин да өз теңим табылып калар. Ал да каалаганын алып, максатына жетсин. Көңүлүм өксүп жүргөндө сен чоң эрмек болдуң. Менин тамашаларымы, сага кылган мамилеми, шылдыңдап күлүп жүрбө, кийин... – деп ордунан козголду. Эриндерин жарып чыккан үшкүрүк, кой көздөрүндөгү көлкүлдөгөн жаш, калтырак ыргак, эми эч нерсе менен басаңдатууга болбой турган ызалыктын ташкынын элестетип турду.

– Мен сени эч качан унутпайм. Дайыма жакшы көрүп жүрөм. Менин абалыма сен азырынча түшүнбөйсүң. Ошондуктан, аралжы да боло албайсың. Бир элденбиз го, мындан кийин да көрүшүп жүрөрбүз, кагылайын...

Чымчып мурдумун учунан кармады да, анан башымды ийип маңдайыман өптү. Нес болгон кишидей мен эч нерсе айтууга жарабадым. Жеңем кырдан ашып кеткиче жерге кагылган казыктай былк этпестен бир орунда тура бериптирмин...

Саткынай жеңемин кеткенин кечинде мал короого келгенде билишти. Кайын энеси муну билери менен чыйпыйы чыгып, кейийт го дегемин. Жок, ал очоктун боюнда жатчу койдун бөстөгүнүн үстүндө күндөгүсүндөй бөкчөйүп олтуруп алып, апама: «Бир эсептен кеткени да ырас болуптур. Башың өскөн баламда айыптын баары, келинди алып келгендин эртеси эле, таң ирең-баранда туруп баратып,

далистеги жаткан экөөнөн ичим муздаган. Ортолоруна жуурканды бүктөп коюшуп, экөө төшөктүн эки бурчунда жүздөрүн тескери буруп жатышыптыр. Андан кийин да жаңы баш кошкон жаштардай бири-бирине карап жаркый күлгөнүн байкай албадым. Жакада калса, жаш неме бирөөнүн тилине кирип кетип калбасын деп, муну жайлоого алып келгеним да ошондон улам эле. Карабайсыңбы, башың өскүрдү, бир жарым айдан бери кербөгөн уудай жарына бир бурулбай кетип калганын. «Карабаса катын кетет, бакпаса мал кетет» – деген ушул. Бир жолу үйлөнтүү ата-эненин акыреттик карызы, анан кийинкисин өзү билет деп, атасы экөөбүз өжөрлүк менен үйлөнткөн элек...

Ошол бойдон Токторбек акеми көрбөдүм, аскерге кеткен бойдон ал кайрылып келбеди. Саткынай жеңем бир балалуу болуп калыптыр. Күйөөсү Жорокул деген өңдүү-түстүү, колхоздогу билерман жигиттерден экен.

Фрунзеден артисттер келиптир дегенинен улам, клубга барыш калсам, Саткынай жеңем баласын жетелеп жүргөн жеринен дем алыш учурунда кезигип калбадыбы. Күйөөсү ар жакта бир таанышы менен сүйлөшүп кетти эле, мурдуман чымчып коюп:

– Баягылар эсиңде барбы? – деп жылмайды. – Анда менин тентек эрким менен гана болуп, тердеп-тепчип уялган бала элең, азыр болсо зыңкыйган жигит болуп калыпсың, аларды унутуп койгонсуң го?

– Жок, баары эсимде, – дедим,

Азыркы турмушуна ыраазы экендиги Саткынай жеңемдин жасалгалуу турпатынан, жадыраган жайдары жүзүнөн сурабасам деле билинип турду.

Эс тартып калган убагым. Саткынай жеңем менен болгон окуяларды бирден текшеп-ылгап карап чыгууга жарапкалдым. Бир кезде эмне үчүн ыйлаганын, менин ошондогу камгактай жеңил көччү балалык жоругумду жаштыгына медер кылып, ошону менен өзүн-өзү убактылуу сооротуп жүргөнүн эми калетсиз түшүндүм. Көрсө, анда ал өксүк турбайбы. Колундагы кушун качырган мүнүшкөрчө элеңдеп, жаштык кумарын издеп жүргөн кези экен го.

Токторбек акенин жайлоого баргандагы ар нерсеге суз тиктеген сумсайыңкы өңү, бирок жылдыздуу жүзү али эсимде. Бармагын кесе тиштеп, бир нерсеге купуя өкүнгөндөй, аянычтуу элеси алигиче таңды-кеч көз алдыман оолактабайт. Көрсө, а да өксүк тура, анын жүрөгүнөн орун алган Саткынай эмес, башка экен да! Ушуларга көзүм жеткен соң, мурда жек көрүп жүргөн Токторбек акеме, анын тагдырына боорум ооруду. О, балким, ал азыр аман болсо, Саткынай жеңеме окшоп, өз сүйүүсүн – өз теңин табат эле, балтыр бешик бала ээрчитип, арабызда жүрмөк да...

1956

## АЧЫК КАТ

Сабира, катыңды алдым. Анын көп нерселерди эске салды. Ошол жылдарга, мында 25-30 жыл мурдагы күндөргө дагы бир сыйра көз жүгүртүп, аларды жаңыдан жүрөк элеги аркылуу өткөрүүгө мажбурлады бул катың. Экөөбүздүн жаштыгыбызга байланышкан окуялардын баары – майда-чуйдасына чейин эсимде. Алар дилге келген сайын бир жагынан балалык назиктик, ошону менен бирге кээде ээ жаа бербей ой чегин бузуп-жарып чыгып кеткен албуут жаштыгым кылчак этип, мени карап, өзүнө чакырып кол булгагансып алда кандай таттуу сезимди тартууласа, экинчи жагынан иренжитчү.

Дени-карды соо адамда ички сапат – өткөндү учуру келе калганда эстеп, ал аркылуу жанын кубантып, же жүрөгүн жүдөтүп кайышып алуу сапаты сакталып кала берет көрүнбөйбү. Ошол сапат сенде да, менде да азырынча жоголбогонун, ушул катыңы, отуз жылдан кийин да колуңу мен жазбай тааныган катыңы алгандан кийин дагы бир жолу түшүнүп отурам.

...Кеченин аягына чейин алдыртан тиктеп отурдум, бар кыймылыңы байкап отурдум, бирок сен бир жолу да мени жакшылап карап койгонго, бир кездеги мен үчүн терең сырдуу көздөрүңү кадалта тиктеп, жүрөгүмө жаш кездеги

тааныш жалынды чачып койгонго жараган жоксуң. Беш жылга созулган биздин ынактык, менин жүрөгүмдө калган из боюнча эсептегенде өмүрдө бир гана жолу болчу ынактык кантип бир марта көкүрөгүмөн көзөп, өпкө-бооруму аралап, найза учундай дал ортомон шиштейип учу чыгып калгандай кадала карап койгонго арзыбасын?.. Мен, билсең, абдан уялдым, ошондогу сенин суздугуңан, кабак чытканыңан. Мен үч-төрт курдай сөз катып, сени сүйлөшүүгө чакырдым, ошондон да сен менин жүзүмө түз тиктебей туруп, кыска-кыска гана жооп берип койдуң. Андай жоопту ошол стол четинде отуруп, ошол күнү гана таанышкан кишиге беришиң мүмкүн эле, мага эмес. Он беш жашыман он тогузга чейин жүрөгүм берген бардык татуу нерсемди өзүңө гана, жалгыз сага гана багыштап жүргөн мага андай мамиле кылууга тийиш эмес элең. Мен жалын ичинде отурдум ошол күнү билсең, сенин ал жерге келишиңи билген эмесмин. Каерде, качан болбосун сени менен жакын отуруп, жок дегенде дагы бир жолу баарлашууну, өткөндү эскерүүнү көңүлүмүн тиги тереңинде сактап жүргөнүм ырас. Бирок анын минтип, күтпөгөн жерден ишке ашары ишенсең, түшүмө да кирген эмес эле.

Сени көрөрүм менен шашып кеттим. Бетим албырып чыккансыды. Сен кол берип жатып бир карадың да, азыркы иреңимен (маңдайымдагы бырыш-тырыштан) жийиркенгендей дароо жер карап кеттиң. Ошол бойдон мени карабай койдуң.

Ошентип, ал күнү аерден жеген-ичкеним аш болмок турсун, ооруп кеттим. Үйгө келип, жүрөк тушуму мыкчый кармап, көмкөрөмөн жыгылдым. Ошондой дартка чалдыкканмын. Бир аз кейисем эле жүрөгүм кысылып, маңдайыман муздак тер чыгып кетет. Бу жолу да ошентти. Күйөөм байкуш бөйпөңдөп, үстүмө түшө калып, түнү менен жанымда отуруп, дары ичирип, суу ууртатып чыкты. Анын бу жолку мамилеси сени көргөндөн кийинби, олдоксон сезилип, жактырбай жаттым. Менин андай жоругума ал дагы таң калды, бирок себебин сураган жок. Сураса да ага чындыкты айтмак эмесмин, Сагынбек. Эми баарысы орус

жолдоштор айткандай артта калды. Бирок, эмнегедир мен сени көңүлүмөн биротоло чыгарып таштай албай келатам.

Сенин бул күтпөгөн жерден жолугушуң, мени ого бетер кыйнап койду. Менин алиге дейре аягына чейин түшүнбөгөн бүдөмүк ойлоруму, шектенүүлөрүмү ого бетер салмактантып таштады. Күнөөм (эгер ал бар болсо) сенин алдыңда дагы оорлошуп калгансыды. Менден кол үзүп, тескери басып кеткен себебин алиге чейин мага табышмак эмеспи? Ошондон бери кепке, сөзгө келбедиң. Сен согуштан келгенден кийинки жылы эле окууга кеттиң. Ошондон бери четтесиң. Быйылкы отпусканы айылда өткөрүүнү чечкен турбайсыңбы? Жакшы кылган экенсиң. Жылына бир жолу көрүшүп туруу да каниет. Эми экөөбүздүн түтүнүбүз эки жерден түбөлүккө булап калган кез. Ал эч качан эми бирөө болбойт. Сенин да, менин да бала-бакырабыз алды бойго жетип, өздөрүнчө үй-бүлө баштаптыр. Укканмын, сенин тун уулуң мындан эки жыл мурун институтту бүтүп үйлөнүптүр деп. Ал эми биздин Нурийла деген улуу кызыбыз былтыр турмушка чыккан. Буюрса, беш-алты айдан кийин неберелүү болобуз го деп кубанып жүрөбүз бу кезде. Дагы аскал-таскал эки кызым бар.

Ошентип, Сагынбек, азыр экөөбүз эки башка кишибиз. Бирибиздин тынчыбызды бирибиз алууга мындайынан алып караганда акыбыз да жок. Балким бу жолу Осмондун, бир кездеги классташыбыздын үйүнөн конокто жолугушуп калбасак, минтип тынчыңы да албас элем, Осмон атайлап жасаса керек. Ал экөөбүздүн бала кездеги мамилени билчү эмес беле. Ал эле дейсиңби, класстагылардын баары билчү да. Эсиңдеби, алардын кантип билгени? Унутуп калсаң, эсиңе салбай эле койгонум оң го. Ошондуктан үйүнө сенден башка дагы кимди чакырарын айтпаса керек, сен да сурабаган окшойсуң. Сенин андагы мамилеңен, көз карашыңан ошондой түшүндүм. Дем алыш учурунда жаныңа келип, сүйлөшөйүн деген ниетге ушунчалык аракет кылсам да, сен такыр четтебей койдуң. Тамеки тартамын деп эшикке чыктың да, аерде бирөө менен сүйлөшүп туруп алдың, такыр мен жакка карабай койдуң. Атайлап ошенткени-

ңи сезгенде ого бетер туталандым, ызаландым, ыйлагым келди. Чуркап кетип калгым да келди, бирок Осмондун аялынан, башкалардан намыстандым. Чыдоого туура келди. Аялың менен сүйлөштүм. Биринчи жолу анын үнүн уктум. Үнү да жагымдуу, сөзү да жугумдуу экен. Сени алдыртан тиктеп отурганымы байкаган болуш керек да, ошондуктан анын ичинде сага карата шек калбасын деп, (көрдүңбү, кантсең да дагы сени аядым) ага өзүмү жакшыраак тааныштырууга тырыштым. Сагынбек менин классташым дедим ага. Биздин райондон кеткенден бери мындай жакындан көрө элек элем. Абдан өзгөрүптүр. Эки чыкыйынан ак аралап, маңдайындагы чачы өйдө түрүлө баштаптыр. Көзү, үнү гана баягысындай. Жашы улгайса деле, киши балалык кездеги бирге окуган, бирге жүргөндөрдү көргөндө башкача болуп кетет кенсиң. Мен бүгүнкүдөй сүйүнгөн эмесмин. Анткени Сагынбек класстагы эң тартиптүү, эң мыкты окугандардын бири эле. Ошондуктан аны баарыбыз жакшы көрчүбүз, сыйлачубуз. Мен айрыкча анын жардамын көп көргөнмүн. Начар окугандарды отличниктерге бөлүштүргөндө дагы бир бала экөөбүз ушул Сагынбекке бекитилгенбиз. Үч жыл бою ошентип, андан сабак алганмын. Эми ошол бала, кыздар жанына келип тийишип сөз сүйлөсө, кызарып-татарып уялган бойдон мулуя жер карап басып кетчү Сагынбегибиз бүгүн ойлоп отурсам, элүүгө жакындап калган салабаттуу адам. Ошого ичимен жымыйып күлүп отурам. Сиз да, балким байкагандырсыз. Класcташ деген кыйын тура. Парта талашып, кагаз, калем талашып-тытышып ойноп жүргөн мектептеги курак эсиңен чыкпай туруп алат экен. Менин алиге көз алдымда андагы кыздардын, балдардын кебете-кешпири кылык-жоругу. Сагынбекти да ошол бойдон деп элестетчүмүн. Бүгүн көрүп, анын натуура экендигине ичимен күлүп отурдум. А түгүл уялып отурдум. Мен буга чейин Сагынбекти каерде жолуктурбайын, анын тартынчаактыгына карабай жулкуша кетемин го деп жүргөнмүн. Ошонуму ойлоп уялып отурдум. Ал эми жулкулдашмак түгүл, жанына жакын баруудан уялып атам. Окууга кетип, анан ошол жактан

эстүү, өңдүү-түстүү кызга үйлөнүптүр деп укканбыз. Ошол сиз турбайсызбы. Биздин Сагынбек ошондой кызга татыктуу эле деп сыртыңардан кубанганбыз. Укканыбыздай бар экенсиз, мага маселен, абдан жактыңыз. Чырайыңыз да, сөзүңүз да – десем, аялың күлдү. «Сүйлөшпөй, мамилелешпей жатып, менин жакшылыгымды кайдан билдиңиз? – деп күлдү. «Жакшы адамды мен сүйлөшпөй туруп эле билемин» – деп, мен да күлдүм. Туура айтыптырмынбы? Сени аядым, биздин бала күндөгү мамиледен ошентип, ага шек билдиргеним жок.

Сагынбек, эми экөөбүздүн ортобузда тоодой бийик, граниттей бекем чеп бар. Ал чеп биздин эки башка үй-бүлөбүздөн турат. Демек, эзелки окуялар, окумуштуулар айткандай, тарыхка айланып калды. Ошентсе да кээде менин жүрөгүмү эски дарттай сыздатып койчу бир сезим сакталып келет. Сени менен жолугушкандан, бери ал күч алгансып калды. Менип кылмышымы, күнөөмү алиге чейин сен ачык айта элексиң да? Мен аны түшүнө элекмин. Демек мойнума ала элекмин. Мына ушул сезим денеде калган октой кээде тынчымды алып, кыйнайт. Турмушума көлөкө чүшүргөнсүйт, аны күңгүрттөнтүп жиберет. Балким, эми ачыкка чыгарасың ичиңдегини, Сагынбек? Баарысы өттү-кетти. Ошентсе да ичибизде бири-бирибизге кара так калбаса деймин. Тагдыр буйруп, мындан ары да жолугушуп калсак, сага окшоп кабак чытпастан, жаркылдап көрүшүп, жаштык кезибизди ачык эске салып күлгүдөй кубангандай арабызды тазалап койсок деген ак ниет менен ушул катты жазып отурганым, Сагынбек. Биздин бир кезде класссташ экенибизди, анын ичинен үч жыл бою бир партада «отличник жана начар окуучу» аталып отурганыбызга чейин балдарыбыз да билишсин. Балким, биздин аягы оңунан чыкпай калган андагы жакындыгыбыз балдарыбызга өтөр. Мен муну жан-дилим менен каалар элем. Мени туура түшүнөсүң го деп ойлойм, Сагынбек. Бул үчүн, баарыдан мурда сен экөөбүз кам көрүшүбүз керек. «Анын эмне кереги бар?» – дээрсиң. Анткени бир кезде экөөбүздүн өксүп калган, бөксө бойдон калган жаштыгыбызды ошолор толтуруп ке-

теби деген ой пайда болду менде сени менен көрүшкөндөн бери. Сен шаардасың, мен райондомун, бирок азыр аралык адамдардын жакшылык мамилесине жолто боло албай калды го. Арабыз самолёт менен жарым сааттык жол. Силер бизге, биз силерге мурдагы классташтардай, жердештердей катташа баштасак, үй-бүлөбүз жакындашып, балдарыбыз жакындашып кетсе, менин тилегим ишке ашар беле деген ойго такалдым. Муну дагы кайталайм, сен экөөбүздүн мындан аркы мамилебиз чечет. Сендеги суздук мага карата болгон суздук, а балким жек көрүү жоголуп, анын ордуна бири-бирибизди сыйлоо, бир кездеги сырдаштар катарында, жер бетине жаңы чыккан көк майсадай жаштык эми гана өз кереметин көрсөтө баштаган кездеги сырдаштардай жолуккан сайын чын пейилден кол кыса көрүшүп, терибизге батпай кубансак гана мен жогоруда жазгандай мамилени жарата алабыз. Ушуга жетишүү үчүн сен тараптан умтулуу болобу, Сагынбек. Сенин кабагыңдагы капалыкты мен пайда кылган болсом, миң жолу кечирим сурап, алдыңа жыгылууга даярмын. Менде шоктук, анча-мынча шайкелеңдик бар эле. Бирок сенин мага болгон тунук сезимиңе доо кетиргендей иш кылбаган элем го? Экөөбүздүн эки башка үй-бүлө күткөнүбүздү мен тагдырдын иши деп гана жүрөм. Согуштун кесепети деп гана жүрөм. Ал нечендердин жакшы тилек-оюн ойрондоду. Ошолордун бири болдук го деп гана жүрөм... Менин жүрөгүм кайрадан сыздап ооруй баштады. Ошону аясаң, Сагынбек»...

...Мына, Сабира, сенин катыңын мазмуну. Биздин сен эске салган жаштык күндөрүбүздү, андагы мамилебизди эми баарыга жарыя кылууга туура келип отурат. Антпесек, менин да ушунча жылдан бери жүрөгүмүн бир жерин кара чекитке айландырып келаткан нерседен кутулгудай эмесмин. Баары окушсун, баары билишсин, анан жыйынтыкты өздөрү чыгарышсын.

Сен олуп-чолуп айткандарга мен ирети менен, кенирээк токтолууга аракеттенип көрөйүн.

...Ооба, мен анда отличник аталып, сен начарлардын тизмесинде жүргөн кез. Ошол жагдай кийин ойлосом,

экөөбүздүн мамилеге башкы себеп болгон экен. Ал кезде агайлардын ошондой адаты бар эле, өздөрү сабактан алып калып, начарларга жардам берүүнүн ордуна, мыкты окугандарды калтырып, жанына начар окуучуну отургузуп эсеп болсо: «Биерден – биерге чейин чыгарттырасың, эне тилинен болсо, эрежелерди, көнүгүүлөрдү көрсөтүп: «Ушуну жаттатып, муногуну иштеттиресиң». Ал эми башка сабактардан болсо, беттерин айтып коюп гана кетише берчү эмес беле. Агайдын сөзүн эки кылчу белек. Анткени эртеси сурашат да начар окуучудан. Эгер ал эң жакшы деген баага жооп берсе, ага жардамдашканга да эң жакшы, эгер жаманга жооп берсе, экинчи «агайына» да жаман деген баа коюлар эле да. Андагы баа үчүн эрегишүүнү, кудай салбасын, өзүң билесиң. Сен үчүн жаман алгым келген эмес. Үч-төрт курдай экөөбүз тең орто деген баа алып калганыбыз эсимде. Менин өзүмүн жообум үчүн эмес, сенин жообуң үчүн. Мага дурус эле жооп берчүсүң. Мугалим сураса эле, эки бетиңин ортосуна кан дүргүп, алдастап калчусуң. Арык, назик манчаларың партанын үстүндө ары-бери кыбырай берчү. Ачылып турган китепти издечүсүң. Кулагыңы мага түрчү элең. Бирок мен китептин керектүү бетин ачып бергенге да, же шыбырап айтканга да жарачу эмесмин. Эки көзүм мугалимде турчу. Анын көздөрү мага кадалгансып туюлчу. Ошондон ийменер элем... Кийин институтта окуганымда деле «шпаргалка» дегендерден пайдалана албадым. Ошондогу корунчактыгым, тартынчаактыгым, азырга чейин бар... Сен жалгыз калганда тултуңдап менин башка балдардай андай кезде эпчилдик көрсөтө албагандыгым үчүн жектегендей мамиле кылчусуң. Бирок, айлаң канча, кайра эле ийниңи ийниме тийгизип: «Сагын, айтсаң, көрсөтсөң» – деп жалынгандай жалооруп калчусуң. Бара-бара экөөбүз үйрөнүшүп кеттик.

Жетинчи класска келген кезде экөөбүз мугалимдердин буйругун күтпөй эле, башкалардан бөлүнүп калчу болдук. Сен анда бирөөнүн жардамына деле муктаж эмессиң. Жакшы, орто деген баалар менен окуп калгансың. Анда «өз ара жардамды» өзүбүз ойлоп таба турган болгонбуз.

Тогузунчуда окуп жүргөндө мен старший пионер вожатый болуп калдым. Бир нече отряд вожатыйлары бар эле. Алардын бири сенсиң. Сборлор өткөрүү жагынан сен башкарган отряд дружина боюнча ошондо биринчи орунга чыкканы эсимде. Эмнегедир, сен аны көп өткөрчүсүң башкаларга караганда. Ар бирине мени чакырчусуң. Мен өзүм да андай шылтоону таппай турчумун да. Сени менен көбүрөөк болууну каалап калган кезим. Сборлордун темасын жок жерден тапчубуз. Эгер белгилүү даталар түгөнүп калса, бир күндө ошол класстын төрт баласы катарынан эң жакшы деген баа алдыбы, ошого арнап деле сбор өткөрө берчү эмес белек, эсиңдеби?

Майдын аяк чени. Төмөнкү класстар тарай турган убак жакындап калган. Ошого карата пионерлерди тоого экскурсияга алып чыгууну чечтик. Дружына советинде мурда экөөбүз сүйлөшкөндөй ал сунушту сен киргиздиң. Советке катышып отурган директорубуз да советтин башка мүчөлөрү чуулдашып колдоп кеткен жанагы демилгеге маакулдугун билдирди.

Дем алыш күнүн пайдаландык. Мен ошол жылкы жаздай – жазды, ошондогу чыккан гүлдөрдөй – гүлдөрдү, ошондогу күндөй кунарсыз ачык күндү андан бери такыр көрө элекмин. Булбулдардын үнүчү... Жата калып, өзүбүз баш болуп, чаңкаган козу, улактай шимире ичкен булак суусунун даамычы!

Согуштун ным жыттанган окобунда жатып жүрүп да ошол күндү эстесем, айланамдагынын баары түш сыяктуу сезилип кетер эле. «Учкан октордон жер тыгылып, снаряддардан, бомбалардан бут алдың солкулдап турганы калп, анын баары өңүндө эмес, түшүңдө, көзүңдү ачсаң, анын бирин да көрбөйсүң да, сезбейсиң. Анын ордуна тушарга келип көйкөлгөн шиберди аралап, кыз менен куушуп; булбул үнүнө мас болуп, бейкут жерде, өзүңө тааныш тоо койнунда жүрөсүң ойгонсоң!.. Көзүңдү ачсаң» – деп кандайдыр бир купуя сезим саамга кыял бешигине бөлөй калып, терметип жиберчү... Мунун баары алдамчы гана ой-кыял экенине көзүң жеткен соң гана көкүрөктү оор

кусалык өйүп, ушундай күнгө туш кылган жоону тезирээк жер бетинен жок кылгың келип кетер эле.

...Эмне үчүн ал күн менин жүрөгүмө ушунчалык из калтырганын мен сага согуштан келгенден кийин айтып бере албадым. Каттарда атайын жазган эмесмин. Кан майдандагы жүүнү боштук деп эсептегенмин аларды кат аркылуу эскерүүнү. Жигиттин иши эмес дегенмин аларды сагынып, аларды эңсеп, арман кылууну. Жолугушканда сөзсүз айтам, аны гана эмес, башкаларын да жүз көрүшкөндө бирге эске түшүрөбүз деп жүрчүмүн. Сени сынамакмын. Менин жүрөгүмө из калтыргандар сеникине кандай таасир эткенин ошентип билмек элем. Менин элиме-жериме болгон сүйүүмдү гана эмес, сага деген назик, таза сезимимди окко сынатып, ажалга сынатып келген соң, анан сынамак элем. Бирок андай болбой калды... Эмне үчүн?.. Буга кийинчерээк жооп берейин.

Азыр эмне үчүн ошол майдын бир күнү, анын жарашыгы, ошондогу таасири менин дилимен чыкпай келаткандыгын эсиңе салайын.

Тообуз жакын эмес беле. Үч саатка жетпей болжолдогон жерибизге жете бардык. Дем алыш жарыяладык. Пионерлер белден буралган жашыл чөпкө бата отурушуп, мурунку күнү биз эскерткендей шишелерге куя келишкен айран, сүтүнөн ичишип, быштак, нандарын жей баштады. Вожатыйлардын бардыгы – жогорку класстардын окуучулары. Төмөнкү классты окуткан эки эжеке (аттарын унутуп калдым) биз менен кошо барышкан. Балдар өздөрүнчө болуп калганда эмне кеңеш беришер экен деген кыязда жанагы экөөн өңчөй вожатыйлар тегеректеп тура калсак: «Силер, эмнеге турдуңар? Булар эс алгыча андан көрө тигиндей барып, ышкын, кымыздык терип келбейсиңерби? Тоого чыгып, алардан жебей кетсек болбос» – дешти көздөрүнөн тезирээк эле бизден кутулууну каалагандыктарын жашырбастан. Мен тайсалдадым. Анткени эркек балдардан жалгызмын. Төртүнчү отряддын вожатыйы Осмон ооруп, келбей калган. Үчөөңөр кызсыңар. Менин кылчактаганымы байкаган тиги экөөнүн бири:

– Эркек эмессиңби, Сагынбек, сен баштап барып кел кыздарды. Буларды биз карап турабыз – деди.

Ошондон кинин мен алдыга түштүм. Силер ээрчий бастыңар. Эки-үч чакырым нарыга кеттик. Адегенде силер гүл талашып тердиңер. Ышкынга жеткенде ар кимибиз ар жакты карай кеттик. Ышкындын ышкы ошондой эмеспи. Кантип экөөбүз кереге таштын түбүнөн беттешип калганыбызды билбейм. Мына так ушул жерден биринчи жолуккан немелердей, ошондуктан бири-бирибизден чоочугандай, мүнөткө кирпик ирмешпей тиктешип калдык. Сенин ак саргыл бетиңде кан ойкоп, көздөрүң жайнап кеткен экен. Менин да эки бетимин оту жалындап чыкты. Секунддар өттү белем, шап эте түштү. Сенин колдоруң менин мойнума оролуп калыптыр… Ысык эриндериң чолпулдап бирде оң бетиме, бирде сол бетиме тийип жатты… Мен заматта мас болуп кеттим. Көздөрүм жумулуп, денем термелип тургансыды. Бул мүнөткө да созулган жок. Хи-хи-хи… Күлкү чыкты. Так кулагыбыздын түбүнөн чыкты. Каныш деген күлгөндө тиштери аппак болуп, аны чырайлуу көрсөтүп жиберчү кыз, бир тутам солкулдаган ышкынды көкүрөгүнө кармаган бойдон кереге таштын как төбөсүнөн бизди карап туруптур. Экөөбүз селейип катып калдык. Оозубузга сөз кирбейт. Дагы тиктешип туруп калдык… Сенин бетиңдеги кызыл боёк ого бетер коюуланып, жанагы укмуш сүйкүм көздөрүңөн эми коркунуч учкундары чачырап турду…

Каныш кыйкырып күлгөн бойдон арыга кетти. Биз дагы ордубуздан жылбай саамга селейип турдук. Анан сен ыйлап жибердиң. Мен кармап сооротукча болбой караган-шакка чалынып-чулунуп, сен дагы чуркап жөнөдүң. Уялып кеттиң окшойт. Же коркуп кеттиң. Каныш элге жайып жиберет деп чоочуладың. Мен, тескерисинче анын көргөнүнө кубанып калдым. Тулку боюма алда кандай ишенич пайда болуп, ошол минуталарда боюм да, акылым да өсүп чыккансыды. Сендей кыз мени жакшы көрөрүн, эми Каныш аркылуу башкалар да биле тургандыгын эстеп, ошенттим.

Так ошондой болду. Эки күндөн кийин мектепке келген Осмон мага кереге таштын түбүндөгү болгон ишти айтып,

далыма чапкылады. «Азаматсыз, Сагынбек, ошентсин, кыздар өзү кучактасын бизди, азаматсың», – деди. Мен андан ким айтты деп деле сураган жокмун. Билемин да ким айтканын – Каныш. Анын жазган катын мага бир нече жолу көрсөткөн Осмон. Ошондон он күнгө жетпей жогорку класстын окуучуларынын көбү билиптир экөөбүздүн ал ишти. Алар сени көрсө да, мени көрсө да жылмайып өтүшчү болбоду беле.

Он жетиге караган курагыбыз. Ошол курактагы, сезимдин канчалык наристе канчалык таза, канчалык ыйык экендигин азыркы жаштын бийиктигинен сезип жатпайбызбы. Ошондогу сенин жытың (мени кучактагандагы), бетиме тийген эриндериңин ысык илебин алиге туюп турамын… Каныштын ошондогу күлкүсү да жылаажын үнүндөй алиге кулагымда… Таш деле гүл, ит караган деле гүл, шилби, добулгу, табылгылар деле гүл… Айлананын баары гүл менен безеленген, булбул үнү менен шаңданган.

…Биз онунчуну бүтүп жатканда согуш чыкты. Силерди шаарга педагогиялык окуу жайына жиберишти. Биз, эркек балдар, аскер жашында болгондуктан, атайын буйрук күтүп калып калдык. Мага, Осмонго дагы биздин классташ жети балага бир күндө повестка чыкты. Үч күндөн кийин жөнөөгө тийиш экенбиз. Осмон экөөбүз ошондо шаарга барып, Каныш экөөңөрдү көрүп, коштошуп келүүнү чечтик. Анда азыркыдай жолго чыксаң эле машина кайда. Жүк ташыган араба, машина болуп, беш жолу которулганда жолдун жарымынан көбүрөөгүн араң өттүк. Силер окуп жаткан шаарда мурда болгон эмеспиз. Аралыгын укканбыз – жүз жетимиш сегиз километр. Калганын жөө басууга туура келди. Түнү менен жол жүрүп, таңга жуук шаарга кирип келдик. Чөнтөктөгү катыңардан адресиңерди билебиз. Көп кыйналбай эле таптык. Жатакананаңарды, мектебиңерди сурап билип алгандан кийин, экөөнүн ортосунда ары-бери басып жүрдүк. Жатакананаңарга түз басып кирүүгө экөөбүз тең батынбадык. Осмон өктөмүрөөк эмес беле, ага да менин тартынчаактыгым таасир эттиби, «бара беребиз» – деп бу сапар ал дагы мурдагысындай жулунбады. Же чоочун

шаардын сүрүнөн корундубу, билбейм. Жол четинде сары жалбырактары сабалып түшүп аткан теректердин түбүндө басып турдук. Китеп колтуктаган кыздар, балдар улам көбөйүп, жаныбыздан өтө беришти. Бизге көңүл бурушкан жок. Эки кабат жатаканадан чыгып, үч кабат мектептин имаратына кирип кетишип жатты. Аңгыча силер көрүндүңөр. Үч кыз, эки бала болуп, жатакананын мүйүшүнөн чыкканыңарда эле биз силерди тааныдык. Экөөбүздүн оозубуздан: «ана, Сабира, ана, Каныш» – деген сөздөр бир убакта тышка чыкты. Утурлап баспадык. Бирок көзүңөргө көрүнүп коюшубуз керек эле. Жолдун ортосуна чыктык. Каныш биринчи көрдү. Сени ийинге түрттү да, башын биз жакка ийкеп койду. «Сагынбек! Осмон!» – деген сөздөр силердин оозуңардан да бир убакта чыккансыды.

Силер кайра жатаканага кирип, колтуктаган китептериңерди таштап чыктыңар. Сабакка ошентип, ал күнү барбай койдуңар. Күндүз шаарды көрдүк, кечинде театрга кирдик. Өзбекстандын бир областтык театры ал шаарда гастролдо жүргөн экен. Ошонун оюнуна кирдик. Эсимде, «Гүлсара» музыкалык драмасын көргөнбүз. Осмон экөөбүздүн ортобузда отурган силер оюндун башынан аягына чейин ыйлап отурдуңар. Эртеңки коштошууга байланыштуу (ал тууралу биз силерге оюнга кирердин алдында, театрдын маңдайындагы ашканадан тамак жеп чыккандан кийин гана айткан элек) пайда болгон жүрөктөгү түпөйүл сезимден улам муунуңар бошошту көрүнөт. Гүлсаранын теңсиз замандагы тагдыры эмес, менимче ошондо силерди ыйлаткан жакындап калган коштошуу сааты, белгисиз убакка чейин коштошуу сааты болду.

Күндүз кубанычыңарды кантип батырарыңарды билбей алдастагансыңар. «Ой, кантип келдиңер?» эмнеге келдиңер? – деген суроођорго.

– «Силерди көргөнү келдик. Сагынып кеттик. Эч кимге айтпастан жүрө бердик,– деп жооп бергенбиз да. Балким күндүз эле биздин коштошууга келгенибизди жашырбай айтып, чөнтөгүбүздөгү военкоматтын чакыруу кагаздарын көрсөтсөк, силер ошол замат ыйды баштамаксыңар.

– «Эмнеге ыйлайсыңар? – деп оюндан чыккандан кийин деле сурасак, сүйлөшүп алгандай.

– «Байкуш Гүлсара сүйгөнүнө жетпей кадбадыбы» – деп ого бетер шолоктодуңар.

Гүлсара байкуш, ошентип, силердин ошондогу көкүрөк тиреген бушайман сезимиңерди жаш аркылуу тышка чыгарууга шылтоо гана болгонсуду...

Биз чайханада түнөп чыктык. Түнкү саат он экилерде жатакананаңардын бурчунда: «Биз таң түңкөйгөндө жүрүп кетебиз, коштошконубуз ушул болсун. – Каякка жиберишсе да, жетерибиз менен кат жазабыз... Тез-тез жооп берип турсаңар»,– деп кол алышып кеткенбиз.

Ным жыттанган кир чайхананын таар төшөлгөн такта үстүндө ары-бери ооналактап уктай албадык. Анын катуулугунан эмес, мойнубуздан кучактап көпкө чейин коё бербей ыйлаган силерди элестеп, силер жөнүндө кеп салып жатып, пас чайхананын көчө тараптагы төө көзүндөй үч терезесинен бир аз шоола киргенде эле, акчасын жатарда берип койгондуктан, чайханачыны да ойготпой, эшиктин илгичин акырын ачып сыртка чыгып кеттик.

Машина, араба жүрчү жолго жакындай бергенибизде нарыдан эрбеңдеп эки караан кол кармашкан бойдон бизди көздөй чуркап келатыптыр... Токтой калдык. Тааныдык – силерсиңер – Каныш экөөңсүңөр. Силер да түнү менен уктабай чыкканыңарды айттыңар. Биздин колубузду кармаган бойдон бирге кеттиңер. Осмон экөөбүздүн сөзүбүздү уккуңар да келбеди. «Эки күн окууну калтырат деген эмне?» «Тааныштардан көрүп койсо кантебиз?» – деп чочуп да көрдүк. Бирок силер колубузду коё бербей койдуңар. Түшкө чейин ошентип, бирге жол бастык. Өткөн бирин-серин машинага, арабага түшүрбөй койдуңар. Күн батарда араң кайра жатакананаңарга жете турган маалда кайттыңар. Дагы ыйлап калдыңар. Биздин караан үзүлгүчө жол четине чыгып карап турдуңар. Биз жигиттик кылдык ошондо. Көздөрүбүздөн жаш көрсөтпөөгө тырыштык. Бирок кылчак-кылчак арт жагыбызды карай берип, андан аркы жол арбыбай койду. Намаздигер ченде алдыбыздан бир жарым

тонналык машина чыкты. Мен кол көтөрө койсом, токтой калды. «Кыздарыбызга дагы бир барып келбейлиби?» – дедим жанатан бери жылдызы өчүп, шылкыйып үн-сөзсүз келаткан Осмонго карап. Анын жүзү албыра түштү.

– Кеттик! – деди ал күлүмсүрөп.

Ошентип, биз силерге шаардын четинде кайрадан жете келдик. Экөөң аябай кубандыңар. «Көргөнү эле келсеңер керек. Бизди коркутуш үчүн эле жанагы кагазды жаздырып алгансыңар го» – деп чындыкты атайлап жалганга чыгарууга аракеттендиңер. Ал күнү түнкү саат бирге, чейин дагы ары-бери басып калдык. Дагы коштоштук. Чайханабызга келсек, эшигин ачпай койду. Ичкериден гана уйкусу келгенгеби, кечеги мойну узун арык чал: «Жок» – деп добуш кылды.

– Кечеги түнөп кеткендербиз – дедик.

– Бизде түнөп кеткендер көп болот – деп кайра башын жаздыкка койгонсуду. Ошентип, түндөп жүрүп кетүүгө туура келди. Кийин бизге жазган катыңардан билсек, ал күнү да таң заардан баягы жерден узатууга келип шашкеге чейин күтүп, анан чайханалардын баарын кыдырып чыккан турбайсыңарбы.

Осмон экөөбүз бир согуштук окуу жайына туш келдик. Түркмөнстандын Кушка деген чек арадагы шаарында кызмат өтөдүк. Биринчи айдын акырында эле экөөбүз тең дем алышта уруксат алдык да шаарга барып, сүрөткө түштүк. Боз тумак, боз шинель маңдайыбызда жылдыз, белибизде кур, күлүп турабыз. Атайын силер үчүн ошентип түштүк. Силерди кубантыш үчүн атайлап күлүп түштүк. Кийин кат алган сайын ал сүрөт тууралу эскерүүнү сен унуткан жоксуң. «Сен эсиме түшкөндө ар дайым өзүм менен кошо алып жүргөн сүрөтүңү карайм, бетиме басам»...

Андан кийин антип сүрөткө түшүүгө мүмкүнчүлүк болбой калды. Төрт айдан кийин кенже лейтенант наамын беришип, жаңыдан түзүлүп жаткан аскер бөлүктөрүнө жиберишти. Осмон менен ошондо ажыраштык.

Бир жарым айдан кийин пулемёттук взводдун (пулемёттук окуу жайын бүткөн элек да) командири катарында жоо

менен беттешүүгө туура келди. Ошондон тартып каттар жазылып калды. Менин чолом тийбей жүрдү.

Үч айдан көбүрөөк алдыңкы линияда жүрүп, акыры жеңил жарадар болдум да, эки жарым ай госпиталда жатып чыктым. Мындан кийин да окууга жиберишти... Бу жолу чалгынчылардын мектебинен машыгууга туура келди. Одюл учурда экөөбүздүн ортобузда ары-бери каттаган каттар дагы көбөйдү. Окуу жайы майдан эмес да. Мында андайларга убакыт табылчу...

Ошондо биринчи жолу менин жүрөгүмү солк эттирген, аны шексинткен кат келди. Анын мазмуну мындай эле, алиге унутпаганмын:

...«Мен сенден эч нерсени жашырган эмесмин. Сагын туурабы? Сегизинчиде окуп жүргөн кезимде тарыхтан сабак берчү агай мага кат жазганда аны өзүмөн мурда сага окутканым эсиңдеби? Анан ошол мугалим мен экиүч күн сасык тумоолоп окууга барбай калсам, ошонуму шылтоолоп, үйүбүзгө келгенин (ал биздин класска жетекчи эмес беле), анан атам, апамдар менен ал сандалда отурганын (кыш эле да) ага деп атайлап мен чай чайнатканымы, анан өз колум менен куюп бериш үчүн мен да сандалдын бир көзүнө отура калганым, анан муздак үйдө колум үшүп кеткендиктен, сандалга сала койсом, агайымын чеңгелине кантип туш болгонуна чейин айтып бербедим беле?

Жакында дагы бир кызык окуя болду, Сагынбек. Жогору жактагы Үч-Булак айлынан Кожомкул деген жигит келиптир армиядан. Анын сол колунун так алакан отуна ок тийиптир. Ой, тобо издеп жүрүп таап тийгендей колуна, оң колуна эмес, сол колуна, болгондо да так алакан ортосуна тийиптир. Ушундай да акылдуу октор болот экен ээ, Сагынбек?.. (Сени күлсүн деп айтып атам муну). Ал да мурда мугалим экен. Келери менен аны башталгыч мектепке башчы кылышыптыр. Январь кеңешмесинде тааныштык аны менен. Төмөнкү класс мугалимдеринин секциялык ишине ошол жетекчилик кылып калды. Бизге айта турганы, көрсөтө турганы жок экенине көзүбүз жеткенден кийин, өңчөй кыз, келиндер (арабызда жалгыз

эркегибиз ошол эле) тамашага азгырып кеттик аны. «Агай согушка барганыңызды айтып берсеңиз» – деп сурансак, өзү да сүйүнүп кетти окшойт, кийин аны токтото албай эсибиз ооду. Чыканагын столго коюп, манчалары күйгөн тооктун бутундай бүрүшүп ичине ийилип калган жарадар колун сырайта көтөрүп, жеңии ылдыйга тарта сүйлөп кирди дейсиң. Кантип жоо менен беттешкеиин айткан жок, ок алакандын каягынан тийип, каягынан чыгып кеткенин, талаа госпиталына кантип качып жеткенин, канча күн анда жатканын, аерде жаткандардын кылык-жоругун, кантип госпиталда көбүрөөк жатууга болорун (жаратын тырмап жаңыртып алат имиш), кантип температураны жогорулатып коюуга болорун (термометрди чертип отуруп) айтып, бизди күлдүрдү. Баарынан мен көп күлүп, ага көп суроо бердим окшойт.

Ал аңгемебиздин аягы эмне менен бүттү дебейсиңби? «Мен ичиңерден Сабираны жакшы көрүп калдым. Ачык мүнөз кыз экен. Тийсе бүгүн алып кетер элем» – десе болобу жанагы Кожомкул.

– Мен да сиздей жигитти таппай жүрөм – деп күлдүм… Менин бул тамашамы ал байкуш чындык деп түшүнсө керек. Ал ошондон тартып үзбөй кат жазып жүрөт. Эмне дейин, Сагынбек?»…

Мына ушундай мазмундагы катың, чынымы айтсам, мага жаккан жок. Мурдагы агайың менен болгон окуя мага башкача таасир эткен эле, эми алыста жүргөндө, экөөбүздүн бири-бирибизге болгон сезимибиз сыноодон өтүп жаткан кезде тигиндей жеңил-желпи, белгилүү даражадагы шайкелеңдик менен жазылгак катың мага эч кандай кубаныч берген жок, тескерисинче иренжитти, жүрөгүмө шек уялатты.

Мен эмне деп жооп жазарымы билбей эки-үч жума ойлонуп жүргөнүмдө бизди шашылыш тапшырма менен бир түндө счмолётко отургузду да, парашют менен душмандын тылына таштап коюшту. Мен ал жактан он төрт айдан кийин гана кайра «чоң-жерге» келдим. Ошол мезгилдин ичинде албетте, сени менен да, үйдөгүлөр

менен да, кат-кабар алышпай калдым... Мен чалгында жүрүп, душмандын буктурмасына кабылдым. Ошол кагылышта жарадар болдум. Бир көздөн ажырап калдым. Граната жарылганда анын чачырандысы тийген экен. «Чоң жерге» госпиталга келген соң, ата-энемен мурун сага өзүм жөнүндө кабар кылууга шаштым. Кат жаздым. Жооп келе бербеди. Тынчсыздана күттүм. Беш айдан кийин гана сагынып жүргөн катыңы алдым. Аны кантип колума кармап, кантип, ачканымы албетте, сен билбейсиң. Анткени ал тууралу жазган эмесмин. Катыңы окугандан кийин аны жазууга болбой калды.

Ал катыңын мазмуну мындай эле «Сагынбек, кечиресиң, менин жоопту кечиктиргенимин себеби бар. Сенден бир жарым жылча кат-кабар келбей кетти. Нечен кат жаздым, бирине да жооп келбеди. Кат-кабарсыз кеткендер тууралу ар кандай сөз тарады. Алардын биринен-бири жаман эле. Жүрөктү үшүтүп, үмүттү үздүргөн кабарлар. Сен тууралу да ошондой суук кабар тарап кеткен. Эмне кылуу керек эле. Күтөм дегеним эсимде. Сен бир катыңда жазган «Күт мени» деген ырдын мазмуну да эсимде жүргөн. Бирок шарт ошондой болуп калды, мен жаза басып алдым. Аны азыр гана, сенден кат алганда гана сезип отурам. Шашылганымы, балалык кылганымы эми гана түшүнүп отурам. Кыскасы, эрге тийип чыктым. Баягы Кожомкул дегенге. Жаздым эле го сага? Бир жыл бою ал тындырбай кат жазды. Сенден болсо кабар жок. Согуштун аягы көрүнбөйт. Өмүр өтүп жатат. Аялы өлгөндөрдөн, ажырашкандардан жуучулар көбөйө берди. Эмне кылышым керек эле? Ошону менен качып кетүүгө туура келди. Бирок ал сен эмес экенин баргандан кийин бир айга жетпей сездим. Сүйүүсүз барганымы түшүндүм. Кайра баса бердим. Азыр айылда өзүңө белгилүү мектепте иштеп жатам. Бардыгына күнөөлүү, албетте согуш. Ал болбосо, сен жаныман алыс кетмек белең.. Мен Кожомкул окшогон чала ачыган камырдай немеге башымы байламак белем? Менин оюм-көңүлүм, жүрөгүм дагы

эле сенде. Бирок күнөөлүү болуп калдым алдыңда. Аны кечириш-кечирбес эми сенин ыктыярындагы иш. Эгер сен бир жарым жыл дарексиз кетпегениңде, мен эч жакка бармак эмесмпн. Туурабы, Сагынбек? Эми өзүң чеч. Бирок сен менин көңүлүмдө түбөлүк сакталып кала бересиң. Башка сөзүм жок» депсиң.

Эмне кылышым керек эле. Таза сүйүү, сеникиндей болууга тийиш эмес да. Менин дарексиз кеткеним ырас. Бирок он жыл эмес да, бар болгону бир жылдан саал көбүрөөк. Ушунчага туруштук бере албаган сүйүүнү кантип чыныгы сүйүү дейбиз?..

«Сагынбек, сен текстин жазып жиберген «Мени күт» деген ырды ошол күнү эле жаттап алдым. Аны Симонов эмес, сен өзүң жазгандай, мага карата жазгандай кабыл алдым. Андагы сенин өтүнүчүңү (көрдүңбү, сеники деп кабыл алын атам) тирүү турсам сөзсүз аткарам. Эч ким күтпөй калганда да сени мен күтөм, мен келер жолуңу зарыга карап жүрөм. Ишен, Сагынбек. Өзүңө кандай ишенсең, мага да ошондой ишен деген» мен биринчи жолу госпиталга түшкөндөгү жазганың эсимде жүрчү да. Сенин ар бир катыңдын мазмуну жүрөгүмө үтүр, чекитине чейин печаттай басылып калчу да. Баары жадымда. Жогоркудай мазмундагы бул катыңы алгандан кийин, наристедей ал жерде жүргөндө оозуңан чыкканга, быякка келгенден кийин катыңа ишенип жүрүп, куру бекер жүрөгүмү калбыр кылганымы эстеп, ызаландым. Абдан жаман ызаландым. Жаш баладай алданганыма ызаландым. Эмне деп жазышым керек эле? Колума калем кармай албадым. Байкоостон башыма таяк жегендей бир нече күнгө кереӊ тартып жүрдүм, уйгу-туйгу сезимдердин күрөшүнөн тажап да кеттим. Акыры кол шилтедим да мындай тыякакка келдим. «Мени сүйгөнү калп экен. Ачык мүнөз гана десем, ал шайкелең дагы турбайбы. Ошондой неме үчүн ушинтип, отко-чокко бойду урганым болобу? Жок, болбойт. Андайга арзыбайт Сабира сыяктуулар»...

Үч айга жакын ал катың жоопсуз жатты. Сен да башка жазбадың. Жазууну каалasaң да уялдың окшойт. Үч айдан кийин чыдай албастан мен кат жаздым. Жогоркудай тыянагым жүрөгүмү тынчыта албады. «Сабира, сенин катың жүрөгүмө тийген ок болуп, ушул убакка чейин эсими жыя албай жүрдүм. Эми гана колум кагаз, калем кармаганга жарады. Коркпо, жарадар экен деп. Колу-бутум соо эле. Ок башка жагыма тийген. Жүрөгүмө тийген сенин огуңан колдорум, иштебей жүрдү. Ойлонуп-ойлонуп, акыры кайра сенден кат алгандагы чыгарган жыйынтыгыман башкача иш кылып отурам... Сенден биротоло кол үзүп кете алгыдай эмесмин. Ойлосом, менин дарексиз кеткеним сенин жаза басышың үчүн негизги себеп болсо керек. Жаңылганымы байкаган соң кайра тарткан турбайсыңбы? Кечирет окшоймун. Өзүң жазгандай мени сен түбөлүккө унута албай турган болсоң, мен кантип унутайын. Кантип сени көкүрөктөн ары түртөйүн. Кел, Сабирам, элдешели» – деп жазып жибердим. Мына ошондо өзүм эч качан кечире албай турган жаңылыштык жибергенними кийин, госпиталдан келгенден кийин түшүнбөдүмбү. Ошондон тартып каттар агылып бара баштады... Менден да...

Тогуз жарым ай дегенде мен госпиталдан чыктым. Айылга эмес, поезд келчү акыркы станциядан түшүп алып, райондун борборун коздой жол тарттым. Жонумда солдаттын капчыгы. Жолдон такыр машина жолукпай койду. Үч-төрт араба чыкты, бирок жүгү менен. Ошентип, отуз чакырымча жерге жөө басып келдим. Сен кийинки бир катыңда: «Мени жакында көтөрүштү, райондук эл агартуу бөлүмүнүн башчысы кылып дайындашты» – дегенсиң да. А дегенде сени көрүп, сени менен кол алышууну дегдеп, тердеп-тепчип, кызмат бүтүүгө жарым саатча калганда жетип келдим. Сен жок экенсиң. «Командировкага кеткен»– дешти райондогулар. «Каякка?» – десем айылды айтышты. Кубанып кеттим. Менин жолуму тосуп жүргөн турбайбы деп түшүндүм. Райондон жыйырма чакырымча алыс

эмес беле биздин кыштак. Ошол жакты карап жүрүп кеттим. Эл жатарда жеттим айлыма. Кимден сурамак элем сени. Эл жатып калыптыр. Үйгө келдим. Атам эшикте жүрүптүр. Сарайга кирип уюна, торпогуна, мага атап байлаган коюна, чөп салып чыгып келаткан экен. «Сагынымсыңбы?! – деди ага метрче калганымда. Басышыман тааныды окшойт да жарыктык, эки колун тең жайды да анан мага карап арбаңдап чуркады. Атамын үнүн үйдөгү апам уккан экен, жалгыз канат эшик тарс ачылып, а киши айланып-кагылып атылып чыга келди. «Мен жакында барып каламын» – деп сага кат жазганда буларга да жазганмын да. Кап, «атанын көөнү балада, баланын көөнү талаада» деген ырас экендигине ошондо дагы бир жолу ишендим. Дагы бир эшиктен: «Сагынбек, келдиңби?!» деген кыйкырык менен сенин чыкпаганыңа ичимен ыраазы болбой отурдум. Ата-энемин, инилеримин, карындаштарымын жабыла төшөктөн тура келип, ороп калганына карабастан, бирөө жетишпей тура келип. Ал сен элең... Көрсө, атам менен апам тигиндей кат алгандан кийин бир нече күндөн бери түн жарымына чейин алмак-салмак сыртка чыгышып, мал-келди карамыш болушуп, менин жолуму тосуп жүрүшкөн тура. Сени да ошондой түшүндүм. Айылга командировканы шылтоолоп атайлап мени тоскону келген деп түшүндүм да. Сенин бир кездеги иренжиткен окуяларың да ошол түндө эсимен чыгып кетиптир. Таптаза байдон элестеп, сагынтып, кумарымы арттырып жаттың.

Таң ошентип, ал түнү таң мен үчүн өтө кыйынчылык менен атты...

Эрте менен биздин үйдү ал кездеги салт боюнча эл басып калды. Көпчүлүгү катын-калач, бала-бакыра. Мен сени издеп чыгуу оюмда турса да, анте алганым жок. Уялдым ата-энемен, келгендерден. Өзүңү күттүм. Атайлап бу жакта үч-төрт күндөн бери жүрсө, кабар алар, же бирөөдөн угат, демек өзү келет деп күттүм. Жаңылбапмын. Түшкө жакын бул сельсоветте согуштан бери иштеп калган аялдын коштоосу менен келдиң. Сен кучактап калсаң, кан-

тем деп чоочулап отургам, ичимен. Экөөбүздүн кантип учурашарыбызды элестетип, жылмайып да, уялып да отурганмын. Босогодон көрүнөрүң менен тура калдым. Шашып кеттим. Бетим да кызарып чыкты көрүнөт. Жанында сельсовет аялдын жүргөнү мени ого бетер уялтты. Бирок баарысы тескерсинче чыкты. Сен суз гана кол сунуп, а түгүл менян жүзүмө жакшылыктуу тиктегениң да жок. Чала тааныш немедей тил учунан аман-эсендикти сурадың. Корккондой, үрккөндөй, эки-үч курдай алдыртан менин кыймылсыз бир көзүмө, салкын тартып калган, мээримсиз көзүңү кадагансыдың. Кайра эле жер карап калып жаттың.

Көзүм тууралу сага да, үйгө да жазган эмесмин. Чынын айтсам, ал биздин мамилеге кедерги, жолто болот деген нерсе оюма да келбептир.

Нан ооз тийип, бир пияладан чай ичип гана чыгып кете бердиңер. Мен узатуу үчүн бирге бастым. Он кадам нарылабай туруп: «Сагынбек, сага эл келип атыптыр учурашканы, ушерден кайта бер, мен дагы үч-төрт күн боломун биерде, көрүшөбүз го» – деп колуңу сундуң. Сенек болгон немедей аныңын манчалары да ийилген жок. Менин аны кармаган колум кубанбастан, уялып калды...

Эртеси издесем, сен ошол күнү эле районго кетип калыпсың. Андан бир жумага жетпей мен учётко турамын деп, райвоенкоматты шылтоолоп районго бардым. А дегенде сенин конторуңа бардым. Өзүңдө экенсиң. Мен киргенден кийин дагы аман-эсендикти сурадың. Дагы эле жүзүңдө баягы суздук. Мен сөзгө келгенче болбой эле сен минттиң: «Кечирип кой, Сагынбек, мени райисполкомго чакырышкан эле. Сен киргенде жөнөгөнү тургам, жакында дагы айылга барам го командировкага. Ошондо кенен-кесир сүйлөшөрбүз» – деп ордуңан турдуң. Жүзүмө дагы тик карабадың.

...Мен айылга кеттим. Бирок сен жарым жыл бою ал жакка келбей койдуң. Мен баарын түшүндүм...

Кийинки жылы окууга кеттим да, мен да айыл менен биротоло коштошкондой болдум. Жыл сайын бир жолу гана каникулга келип, анан отпускага барып жүрдүм.

Сени менен жолугушпоого тырышчу элем, бу жолу кокусунан кезигишип калбадыкпы. Баарына Осмон күнөөлүү. Ал атайлап иштеген тура. Анысы, албетте акылсыздык.

«Отуруштун аягына чейин бир жолу да мени жакшылап тиктец койгонго жараган жоксуң» – деп таарынасың. Кантип карамак элем. Сен да бир кезде ошентип мени тике кароодон жийиркенгенсиң да. Менин кыймылсыз жасалма көзүмөн жийиркенип ошенткенсиң. Ошондогу сенин көз карашың мага өтүп калганын эми байкадыңбы? Мен сен каалагандай бу жолу тигиле тиктегеним менен да соо көзүмөн өзүң эске салгандай «терең сырды», жүрөгүңү өрткө каптаган «жалынды», көрмөк эмессиң, тескерисинче андан мелт-калт болуп турган жек көрүүнү гана көрүп, мындан бетер туталанмаксың, мындан бетер таарынмаксың.

Ушул ачык катты окугандан кийин биздин балдарыбыз жөнүндөгү сенин «камкордугуңа» менин пикирим кандай болорун түшүнөрсүң го деп ойлойм. Кош, ушул кат экөөбүздү сүйлөштүргөн акыркы кат болсун.

1958

## БЕКИШ, САГА ЭМНЕ БОЛДУ?

Бектен минген ат үйдүн эшигине куптан ченде келип токтоду. Колу-буту карышып калган ал кылчактап эки жагын каранды. Эч ким көрүнгөн жок. Жадегенде тиги фронтто жүргөн кезинде үйүн, жерин эстеген сайын жакындарына кошо көз алдына тартыла берчү Мойнок да алдынан үрүп чыкпады.

Жолдон кыйналганбы, ансыз деле арык денеси ого бетер кичирейип, куту качып келаткан ал бу кезде жоокерди укмуштай тосо турган болгон айылдын кары-жашы дебей жабалактап чыга келсе, кантмек. Алардын ар бирине кол сунуп, жакшылап салам айтып, алик алганга азыркы абалында жарабайт. Ошондон улам айыл четине жакындагандан бери көөдөнүн тиреген шаттыкка бушайман ой кошула калып, бир аз түйшүктөнгөн Бектенге, кудай жалгап, өз үйүнө жеткенге чейин эч ким жолукпады.

Бектен арт жагына ичке мойнун араң буруп, кылчайды. Батырбекти карап жатты. Ал кыштакка жакындай бергенде: «Бастыра бер, Бекиш! Мен, азыр» – деп даарат ушатканы аттан түшүп калган эле.

Бекиш атка өзү эле минген. Бирок азыр Батырбектин жардамысыз түшө алгыдай эмес.

Кыштын күнү айылдын кебетеси ушул да. Кечки суук түшкөнгө чейин бар тиричилигин бүтүрүп алышып, анан очок боюн качырмай. Малдары сарайга, иттери күпкөсүнө кирип, кыштын узун түнүн жылуу өткөрүүнүн камын көрүшөт эмеспи.

Мойнок да Кайнар эртелеп жасаган суюк аштан калган жугундуну ичип алган соң уйкананын бурчундагы күпкөсүнө кирип, атайлап төшөлгөн бакалдын үстүндө тумшугун колтугуна каткан бойдон уйкуга кеткен эле. Бирөө атайлап чакырбаса, анын бак-дараксыз жылаңач бул айылдын азыр баш-аягына эч токтоосуз жортуп, бети-колду каарып өтүп жаткан кыш суугуна чыгуу оюнда жок.

Ат үстүнөн кантип түшүрөрүн билишпей кучактарын кең жайып карбаластаган ага-энесин, жары Кайнарды элестете берип ичинен бушайман жеген Бектен төрт паксалуу коргондун дарбаза тушуна жетип, карышкан колу менен чарчаган аттын тизгинин акырын тарта бергенде жакындарынан эч ким чыкпаганы үчүн ошентип таарынбастан, кайра эсин жыйып калды.

Батырбек келип, ошол аттан түшүрөт.

Бектен дагы кылчайып артына тиктеди. Өзүнүн семиз атын буга берип, жолдон арык ат минген Батырбектин «Чүчүлөй» капталга темине катуу жүрүп келатканын эми укту.

Бектен госпиталдан келатат. Он бир ай дегенде чыкты. Өпкөсүндөгү осколканы алууга мүмкүн эмес экен. «Эки-үч жылдан кийин операция жасалат. Ага чейин эс ала бер. Өпкөсүндө эмес, жүрөгүндө осколкасы менен жүргөндөр азыр көп» – деп госпиталдын врачтары сооротуп коюшкан аны.

«Кечки суукка калбайлы, Батыке, – деп үйүнө шашылган Бектен тиги кишинин аты жорток экенине карабастан, өзү жоргону жаздырбай катуу жүрүп келгенине жарым

жолдон бери өкүнүүдө. Осколка жылгансып, өпкөсүнүн улам бир жери ачышып, деми кысыла баштады.

Бектен акыркы темир жол станциясына келип, ашканага киргенде ал жерде тамактанып отурган Батырбекке жолугат.

Батырбек – Бектендердин колхозунун председатели. Согушка чейин эле башкарма болчу. Элүүлөргө жакындап калган орто бойлуу толмоч ал, а дегенде боорукердиги, кайрымдуулугу менен элге жаккан.

Эшигинен тышка көк буу агылып чыгып жаткан ашканага кирип келген Бектенди улага жактагы столдо эми гана алдына коюлган лагманды сыр кашык менен козгой бергенде Батырбек көрүп калат. Бирок Батырбек ага бир топко чейин таңыркагандай, бейтааныш кишидей тиктеп тургандан кийин гана кашына келип жылмая берген Бектенге кучагын ачып, эки бетинен өбөт.

Бу кезде арабалар айылдагы кабыл алуу пунктунан шаардагы кабыл алуу пунктуна пахта ташуучу. Мына ошолорду болжолдоп келген Бектен. Кимдин арабасына түшпөсүн, суранса өз айлына чейин жеткирип коеруна көзү жетет. Жоокерди ким жолго таштасын. «Араба десең, араба деле табылат. Тааныштан көп неме жок биерде. Бирок ат жалы жеңил болот. Нары тез жетебиз» – деп Батырбек өзүнүн атын ага тартат ашканадан чыккандан кийин.

Ат мингенди сагынып калган Бектен бул күтүлбөгөн жолугушууга жаш балачасынан мулуңдап кубанган. Батырбек болсо, бир чакырымча жөө басты да, жол боюндагы колхозго кайрылып, көп аялдабай ат минип чыкты.

Батырбек Өзбекстанга дан сурап келген карызга. Бу маалда мындагы колхоздорго мамлекет пахта үчүн эгин бере баштачу.

Согуш башталгандан бери Батырбек гана эмес, алардын районундагы көп колхоздордун башкармалары ушинтип, өзбек туугандарынан кышында эгин сурап кетип жүрүшөт. Алар жайында кыргыздардын жайлоосуна малын чыгарышат, же күздө барып, эгин-тегин жыйналган маалда бергенин кайтарып алышат.

Бектен госпиталдан чыккандыгы, качан үйүнө келери тууралу эч нерсе билдирген эмес. Карып калган ата-энесин бүлүндүрүүнү каалабаган. Өзүнүн удаасы Самарбек да эки жылдан бери армияда. Ал жөнүндө айылдан келген каттан билет.

Арык дене кечки суукка кайыга түшкөн. Оң бутун үзөңгүдөн араң чыгарып, сол колу менен ээрдин кашын таяна денесин көтөрүүгө аракеттенип көрдү эле, буту бериге ашпай койду. Жаштык дем гана калып, анын күч-кубаты тулку боюнан эчак кеткенин эми сезди. Бектен ошондон кийин гана маңдайынан муздак тер чыпылдай, жалдырап артына кылчактай берген.

Батырбек ага эки-үч метрче жетпей атынан түштү. «Кайнар!... Садык аке!..» – деп кыйкырып жиберип, Бектенге жакындады. «Т-с-с» – деди Бектен тигинин шоокумунан чочугандай. – Бекер кылдыңыз, Батыке. Өзүбүз эле кирип барсак жакшы болмок» – деп шыбырады ал көгөргөн түйрүк эриндерин араң кыбырата. Анан ат жалына энкейип Батырбектин эткел ийнин таяна бергенде тиги колтуктан ала жаш балачасынан Бектенди өзүнүн кекүрөгүн көздөй тартты.

Жоокердин бири-бирине коошпой шойдогон арык буттары мындан үч жыл мурда акыркы жолу баскан жерге кайрадан тие бергенде, дарбазаны тарс ачып, биринчи Кайнар чыга келди. Узун бойлуу, шинелчен, тумакчан арык карaанды көрүп, ат чоочуп кетти. Тынымга сөз катпай, бут да шилтенбей бир орунда селейди.

– Бектенди алып келдим! Эмне аңыраясың? – деди Батырбек тигинин бул турушун жактырбагандай катуу үн ката.

– Бектен?... Бекиштиби?...

Аңгыча Бектендин атасы менен энеси жетип келишти. Алиги шоокумдан улам чочуп ойгонгон Мойнок күпкөсүнөн чыгары менен үч-төрт жолу шоңк-шоңк этип үрдү да, жай басып, анан ал дагы дарбазага келди. Азыр Мойнок чочоюп отурган калыбында биринен сала биринин кучагына кирип жок болуп жаткан жаш ээси менен учурашуу

үчүн кезек күтүп турду. Бектен энтиге бошогондо гана ал анын бут арасына кирип, жоокердин таяктай кожойгон буттарына шалкы келип балбыраган эски керзовый өтүктүн муздак кончторунан жалап-жалап алды, анан куйругу менен өтүктүн биринен сала бирин жумшак ургулап эркеледи. Бирок жаны кыйналып, чекесинен муздак тер тепчиген Бектен ага назар салган жок. Атасы менен энесинин коштоосу астында, коргонго кирип кетти. Ээсинин бул мамилесине нааразы болгондой Мойнок ошол жерде отуруп кала берди.

Бектен он мүнөтчө да отура алган жок. Чекесинен тер чыбырчыктай берип, таноосу кериле акыры башына жаздык суранды. Өпкөсүнүн өйүшкөнү эми ого бетер күчөгөн эле. Жаш жарынын, ата-энесинин кучагы аны жеңилдетпестен, тескерисинче, жолдо башталган оорусун күч алдырып, жанын жабыркатып жиберди.

Чалкасынан түшүп буттарын суна жатары менен, акталбаган, жалгыз чыракка ичи күңүрттөнгөн ным бөлмөнүн шыбын тиктеп, терең үшкүрүп алды.

Ата-эне коргонго толуп чыккан кубанычты коңшуколоңдору менен азыр эле бөлүштүргүсү келип турса да, Бектендин абалын көрүшүп, үндөбөй отуруп калышты. «Үч жылдан бери ат минбегенгеби, бир аз кыйналып калдым. Анын үстүнө силерге тезирээк жетели деп, Батыкем экөөбүз катуу жүрүп койдук окшойт».

Бектен азыркы өңүнө жарашпаган жылмаюу менен чалкемпирдин катарында коомай отуруп, өзүнө чочугандай тиктеген Батырбекке карап акырын көз кысты.

– Ооба, ооба, мен булардан сүйүнчү алууга шаштым, – деди Батырбек да тигини тууурагандай жылмая.

Жоо бетинен кайтып келген уулу менен ата-эненин жүздөшүп отуруусу ошентип, бир саатка да созулган жок. Кайнар кайнаткан чайдан бир-эки пыяладан ичкенден кийин эле, Бектен кыңкыстай берип, бүгүн өзүнө кошуп бул үйдүн башка мүчөлөрүн да жаздыкка эрте баш коюуга аргасыз кылды.

* * *

Бектен сыртка чыгып келгиче, Кайнар төшөктү салып койгон. Жууркандар Бектенге тааныш. Чети көрүнүп турган ак шейшептин үстүндө Кайнары менен мындан төрт жыл мурда биринчи жаткан эле. Жайдаңдаган Кайнар төшөктүн аягына келип токтой калган Бектенге кыналыша түшүп, жароокерленди:

– Эмне, Бекиш?...

Чачынан сылап Бектен жарын өпкөнү эңкее берди эле, өпкөсү тешилип кетчүдөй сайгылашып чыкты. Башын көтөрө коюп, таноолорун кере энтикти. Өңү бузулуп бараткатканын төшөктүн баш жагына коюлган чырактын алсыз шооласынан байкай койгон Кайнары күйөөсүнүн моюнуна арта берген колун кайра бериге тарта шашкалактады.

– Алсырасаң жата гой, Бекиш. Жолдо урунуп калгансың го?... «Мени жаш баладай көкүрөгүнө кысып, кыядан көтөрүп чыккан Бекиш ушубу?» – деди Кайнар ичинен ак дамбалчан, ак көйнөкчөн төшөк четинде отуруп калган күйөөсүнүн кебетесине карап туруп. Көздөрүнө жаш толуп чыкты. Ары карап чечинди да, жууркан астына булт койду. Сол капталына, жалынга каптап жакындаган Кайнарга көздөй бурулуп, Бектен кучагына толтура аны көкүрөгүнө тартты эле, көздөрү тунарып, эриндери титиреп кетти. Секундага алкымы буулуп калгансыды. Дароо чалкасынан оодарылды. Саамда барып эсин жыйнаган Бектен: «Какиш, оң жагыма өтүп жатчы» – деди энтиккенин билдирбөөгө тырышып.

Күнөөлүү кишидей анын үнү пас чыкты. Алиги бооруна кыскысы келип, кыналышкан муздак дене өзүнө тааныш денеге окшобогонго чочугандай жыйрылып алган Кайнар тура калып, күйөөсүнүн аяк жагы менен өтүп, анын оң капталына жатты.

Бектен эки-үч курдай жарын кучактап, бооруна кыноого аракеттенди. Бирок энтигип кетип, кайра эле коё берип жатты. Жараатынын оордугун, алсыздыгын эми сезген Бектен ар жолку аракетин укмуштай күч сарп кылуу менен жасап жатты. Акырында чалкасынан түшүп

жатып калды. Ушундай жатса гана эс алгыдай. Кайнар чыканактай катып, анын маңдайынан өйдө чачын сылады. Сөөгү саналып турган Бектендин арык төшүнө бетин койду эле, ал тер экен, кайра башын көтөрдү… Бектен дагы күч жыйнап, ага карай оодарылууга кам урду эле, анын бейалдыгына эми биротоло көзү жеткен Кайнар акырегинен акырын төмөн баса: «Бүгүнчө эс алчы, Бекиш. Тердеп кетипсиң. Жол келгенге кыйналып калгансың го» – деп жоошутту.

Анын үстүндө кызыл шайы көйнөк. Ушул көйнөгү менен Бектенге баш кошкон күнү жаткан болучу. «Көйнөктөрүңүн ичинен ушунуң сага өзгөчө жарашат» – деп Бектендин айтканы эсинде. Муну, чамасы, азыр эле далиске чыгып кийине койду окшойт.

– Баягы көйнөгүңбү, Какиш? – Эсин жыйган соң жарын алаксытуу үчүн Бектендин биринчи берген суроосу ушул болду.

– Ооба, тааныдыңбы?

– Кантип таныбайын, үч жылдан бери жырта албадыңбы?

– Сен кеткендин эртеси эле сандыкка салып таштаган элем.

Бектен үшкүргүсү келгенин тышка чыгарбас үчүн эриндерин бекем кымтыды. Кайнар тигинин башынан колун артылта барып, чырактын билигин басаңдатты. Көйнөгүнүн жеңи жыйрылып калгандыктан, анын эти чың билеги агарып, Бектендин кумарын козгоду. Анан Кайнары артка чегине берип, көкүрөгү өз көкүрөгүнө туш келгенде ал кучактай калып, ошол калыбында оодарылайын деди эле, алкымына бир нерсе тиреле түшкөнсүдү. Шыпты тиктеп жатып калды, Тымтырстык… Мүнөт… эки… үч… Сөз баштоо керек да.

– Кайнар…

– Ия…

– Бастатпай эле койбодуң да чыракты?

– Эмнеге?

– Жарыкты жакшы көрүп атам.

– Андай болсо…

Кайнар чырактын билигин кайра көтөрдү. Саамга жымжырттык. Терезени бир көзүндөгү айнек сынган көрүнөт, үйдүн ичине муздак аба урулуп жатты.

– Кайнар дейм?

– Ия.

– Сүйлөбөйсүңбү?

– Эмнени сүйлөйүн?...

– Биринчи жолу кантип таанышканыбызды унутканың жокпу?

– Кантип унутайын.

– Унутпасаң айтып көрчү.

Тымтырстык... «Анын азыр эмне кереги бар?». Кайнар ушул ой менен эрине жүзүн бурду. Ал болсо кара чүйкөлөнүн шыпка телмирүүдө. Үч жылдан кийинки жолугушуунун мындай суздугуна жүрөгү муздай түшкөн Кайнардын көздөрүнө жаш толуп чыкты. Сезими ызалана түшкөн. Ошентсе да мунусун билдирбөөгө аракеттенди. Саамдан кийин ал сөз баштады.«... Орок маалы болучу. Мен айылдан алтынчы классты, сен райондогу орто мектептин сегизинчи классын бүткөн жылы эле, классыбыз аз болсо да, өзүбүз бой жетип калганбыз.

– Ооба, сен анда он алтыда, мен он жетиде курагым. Бектен ушуну айтып терең дем алды. Бу Кайнарга эстеп жаткандай туюлду окшойт.

– Бекиш, дем албайсыңбы? Жаштык күндөрүбүздү эскериш үчүн башка күн деле жетишер.

– Жок, Какиш, уйкум келер эмес бүгүн кубанычтан. Айта бер, кулак сенде.

– Эмесе, эстебей угуп тур. Жайык-Талаанын эгини эрте бышчу эмес беле. Биринчи орок ошондон башталды, анда колхоздо комбайн кайда?

– Ырас. Эгин кол менен орулчу.

– Сен анда каникулда жүргөндүктөн, бригадага табелчи болуп бекитилгенсиң.

– Ооба.

– Биз өңчөй кыздар бирге иштөөчүбүз. Ичибизде Мейизкан деген долу кыз бар эле. Бир күнү сен алчынынды

ийнине арта салып, орулган аңызды өлчөш үчүн адатыңча кечке жуук биздин топко келдиң. Мейизкан ошол убакта үч боо буудайды көлөкө кылып, түбүндө жаткан. Сени көрө коюп ал ордунан атылып турду да, колуңан алчынды жулуп алды.«Мен өзүм өлчөйм!» – деп.

Ошентип, оргон жерин Мейизкан өзү өлчөдү. Сага ишенбей берки кыздарга жаздырды. Өзү кат билчи эмес да. Алар «Торт сотук» дешти. Берки үч кыз да тигинин жолун жолдошту. Алар бүткөндөн кийин сен алчыныңды мага сундуң. Мен албадым.

– Сага ишенем. Өлчөй бер, – дедим. Сен таңдангандай мага карадың. Анан ууртуңан күлүмсүрөгөндөй болдуң. Өлчөдүң. Эсептеп чыгардың.

– Сеники он бир сотук экен, – дедиң.

Экөөбүздү карап турган Мейизкан тер менен чаңга чамбыл ала болгон бетин тултуңдатты.– Кандай эле Кайнардыкы көп чыга берет? Анын эмне, төрт колу бар бекен? Келе берчи алчыныңды, мен өзүм өлчөйм, – деп сенин колуңдагы алчыныңды ал дагы жулуп алды.

Тиги өлчөдү. Берки кыздар жазып турушту. Чыгарышты. Сеники туура экен. Бирок, эмнегедир Мейизкан аларга деле ишенген жок. «Өзүңдү карап көз сүзгөндөрдүкүн көбөйтө бересиң! Мен раиске барам. Арызданам» – деди да, орогун орула элек буудайдын арасына ыргытып жиберип, кетип калды. Ошол бойдон ал кайтып келген жок. Анын айылга кеткенин жатарда гана билдик…

Биз аялдар менен бирге талдын бутактарынан жасалган, үстү бүргөн менен жабылган алачыкта түнөчүбүз. Сен кырманчылардын жанында. Кечки тамактан кийин жатканбыз. Күндүзгү Мейизкандьга чатагын эстеп күлкүм келет… Башка кыздар бат эле уктап кетишти. Менин көз алдыма ууртуңан жылмайган бойдон сен келесиң. Мен ылдый карайм, уялам. Эмне үчүн экенин өзүм билбейм.

Аңгыча бизге тамак бышырып берчү Сейдана деген катындын чырылдаган үнү чыкты. Ал калган-каткан тамагын көрүп, ооз жакта жатчу. «Ой, эл-журт, барсыңарбы? Карышкыр!».

Мен биринчи турдум. Анан калгандар дуу көтөрүлүштү. Биздин алачыктын тегереги ошентип, заматта катындардын ызы-чуусуна толуп кетти. Бир убакта көйнөкчөн, дамбалчан эки кырманчы менен сен жетип келипсиң. Алардын бири шырыктай узун Салмурат аке болсо керек эле, барк-барк этти.

– Ой, Сейдана, кана карышкыр? Кимиңерди жара тартты? Сейдана жеңе чебелектеди:

– Тигине, кырдан ашып баратат. Көзүң көрбү? Ал бирөөнү жара тартмайын сага эсеп эмеспи?

– Казанында калган-каткан тамагын көрүп Сейдана бечара сыртта жатчу эле, ошону жара тартып кеттиби деп жүгүрүп келе койбодукпу. Соо эле турбайсыңбы, карышкыр экенин кайдан билдиң?

Салмурат акенин бул шакабасын тиги байкабады окшойт.

– Буудай пая шытыр-шытыр дейт. Көзүмү ача койсом, алачыкты көздөй боору менен акырын жылып келатыптыр. Тумшугу кара. Өзү боз экен. Кыйкырып жиберсем, тура качты. Куйругун такымына кыпчып алыптыр. Желкесиндеги жүнү типтик, карыш келет, дөбөт окшоду.

Салмурат аке шакабасын дагы жөнөттү:

– Э-э айтканыңдын жөнү бар, Сейдана. Дөбөт карышкыр болуш керек. Анткени бүгүн биердеги эркектердин баарысы эртең базарга барабыз деп үйлөрүнө кетишпеди беле. Алачыкта өңчөй аялдар калганын билген какең түн катып жеткен турбайбы».

Чочуганынан көздөрү умачтай ачылган аялдар бул сөзгө каткыра күлүп жиберишти. Биз, кыздар уялганыбыздан катындардын далдаасына жашындык.

– Тилиңе күйдүргү чыксын, – деди Сейдана жеңем тигини кемегесин көздөй басып. Силер менен келген экинчи аксакал киши карышкырдан үрккөн эчкилердей топтошуп турган бизге карап жай унчукту:

– Жата бергиле, кыздарым. Кудай алсын Сейдананы. Анын көзүнө дайыма кош көрүнүп жүрөт. Карышкырга бышырып коюптурбу буерде. Же силер короодогу кой

белеңер. Сейданадан артты бекен деп тамак аңдып келген ит да.

Алар кайрылып жөнөй берди. Сен да ээрчий бастың. Сени Сайра жеңем токтотту.

– А, Бекиш, сен ушул жерде эле жатып калчы. Кыздар коркобуз дешет. – Антип Сайра жеңемин кулагына мен шыбыраганмын. Коюңузчу, Сайра жеңе, тамашаңызды, – деп сен ары бастың. Сайра жеңе айтканынан кайтпаган неме го, эки бут шилтөө менен кулагыңан кармады.

– Ушундай да макулук болосуңбу? Кыздар сурап атса, тескери басканың кандай? Сен ушу жерде тур. Биз Кайнар экөөбүз барып кырмандан төшөнчү-орунуңду алып келебиз, – деди. Сен желкеңи кашынып туруп калдың. Биз барып чар каптын түбүндөгү сенин жууркан-төшөгүңдү, анан фуфайканы алып келдик. Төшөгүңдү Сайра жеңем алачыктын оозуна салып берди. Биз алачыктын ичине жаттык. Сайра жеңем болсо: «Мен силерди Бектенден, ал бизди карышкырдан коруп жатат – деп күлдү. Ошентип, ал өзү сен тарапка жатты.

Сени ичимен көптөн бери жактырып жүргөнүмү, анан бүгүн биринчи жолу сөз алмашканыбызды, сырдуу көз карашыңан ого бетер жүрөгүм ысып калганын ага айткан элем да.

Башкалар коңурукка киргенден кийин ал мени сенин жаныңа өткөрдү. Өзү менин ордума жылды. Сен нары карап жаткан экенсиң. Жаныңа өткөнүмү билдиң беле ошондо?

– Билгенмин.

Кайнар аңгемесинин ушул жерине келгенде бир аз токтой калып:

– Жигиттер куусуңар, ээ? – деди Бектенди сөзгө көбүрөөк аралыштырууга аракеттенип.

– Руставели айткандай, силерден кырк эсе азыраак.

– Ха…ха…ха…хи…

Экөө тең күлдү.

– Билсең, эмне үчүн ошол замат бурулбадың?

– Сүрүңө даай албаганмын.

– Хи…хи…

– Айта бер, Какиш, андан ары эмне болду эле?

– Сен жакка өтүшүн өтүп алып, суукка үшүгөн мышыкча тиземи боорума кысып жаттым. «Бери бурулса эмне дейм? Колу-колума тийсе кантем? Кыздар туюп калсачы?» Эки бетимен от чыгып жатты, бирок сен былк этпедиң. Ийин аңдыган аңчыдан бетер демиңи ичиңе тартып жатканыңы сездим, ошентсе да сага кол тийгизүүгө кыз башым менен акым жок эле. Көңүлүмдө мойнуңа кол артып эркелей бердим. Сен ошондо антүүнү каалабадың беле, Бекиш?

– Кантип каалабайын? Сенден артыгыраак кааласам керек эле, бирок уялып жаттым, бирдекиде кызга сүйлөбөгөн жаным, көл-шал терге маалынып кеттим, сен мен жакка өтөрүң менен. Анын үстүнө тили шок Сайра жеңемен чочуладым. Өзү жардам кылып жатып, эртеси өзү менин кулагыман чойгулап уялтмак да. Кайнар кайра баштады:

– Мен ошол түнү кирпигими какпадым.

– Мен да.

– Жаман алачык ошол түнү мага жомоктогу алтын сарайдан көрүнүп кетти.

– Мага да ошондой көрүнгөн.

– Кийин деле алачык көрсөм, ошол укмуш түн көз алдыма келе калчу.

– Андай алачык согушта да менин көзүмөн уча жүрдү.

– Таң тыяктан, түң коё баштаганда карасам, үстүңө жамынган фуфайкаң жылбышып ийниңен ылдый түшүп кетиптир. Мен аны майланышкан жакасынан акырын кармап өйдө тарттым. Ошону сездиң беле?

– Сезбегендечи? А түгүл ошондо сенин колуң тийген жер ысый түшкөнү али да эсимде.

– Мына, тааныштыгыбыз ошентип башталган. Сен күздө мектебиңе кеттиң, мен айылда калдым. Сен кат жаздың, мен жооп бердим.

Экөө тең унчукпай калды эле сырттагы кар бороонунун сүйлөгөнү угулду. Ысык үйгө киремин дедиби, ал төрт көз терезени баягыдан катуурак ургулап жатты…

– Бекиш, сен үшүгөн жоксуңбу?

– Жок. Үч жыл бою сыз төшөнүп, ок жамынып жаткан кезде үшүбөгөн Бекишиң, эми сенин жаныңда үшүмөк беле. Андан көрө сүйлөсөң, Какиш.

– Эми кайсыны айтайын?

– Экинчи жолку кездешүүнү айтчы!

– Макул... Анда май айы. Мен бир топ балдар жана кыздар менен отличниктердин райондук слётуна бардым. Башка мектептерден да бизге окшогондор келишкен экен. Стадиондо адегенде, парад болду. Анан райондук эл агартуу бөлүмүнүн башчысы – жапалдаш бойлуу, ак жуумал кишисөз сүйлөдү. Андан соң мектептерден келген окуучуларга кезек беришти. Мен да сүйлөдүм. Агайымдын жазып бергенин араң окуп бердим. Үнүм өзүмөн башкага угулган деле жок көрүнөт, баары бир кол чабышты.

– Башкасын билбейм, мага даана угулган. Мени көрсө, сүрдөп кетпесин деп башымы өйдө көтөргөн эмесмин ошондо. Сен байкадың беле?

– Кантип байкабай калайын. Эптеп убактылуу жасалган жыгач трибунага көтөрүлөрүм менен сени издедим. Спорттук кийимчендердин орто ченинде башыңы жерге салып турупсуң. Атайлап жер тиктегениңи билдим. Кийин колумдагы бир барак кагаздан башымы көтөргөнүм жок.

Ошол күнү кечинде силер окуган мектептин окуучулары клубда слеттун катышуучуларына оюн көрсөтүштү.

– Кайсы оюн эле?

– «Алтын кыз», Жоомарттыкы.

– Ооба, «Алтын кыз» болучу. Сен ошондо Жапардын ролун аткардың. Чынардын ролун Ширин деген кыз аткарган.

– Ошол кыздын ордуна бул ролду Кайнарым аткарса кандай сонун болор эле деп ойлогонуму байкадың беле?

– Жок, аныңы байкай албадым, бирок ошол Шириндин ордуна мен болуп калсамчы деп, күнүлөштүк кылганым ырас. Хи... хи...

– Андан кийин эмне болду эле?

– Пьесадан кийин концерт бердиңер.

Ошентип оюн бүттү. Барыбыз жабалактап сыртка чыктык. Бизди баштап жүргөн агайыбыз мурун эскертип койгон эле, оюн бүткөндөн кийин клубдун эшигине топтолосуңар, анан интернатка барабыз, ошерден жай беришмек болду деп. Биз чыга бериште агайыбызды күтүп турсак, сен келип кулагыма шыбырадың: «Кайда түнөмөк болдуңар, Какиш?»

– Силердикинде.

Сен кубанганыңдан жер тээп жибердиң. Агайыбыз келди да, биз жүрүп кеттик. Интернаттын кыздары бизди колтуктап алышты. Артыбыздан балдар жете келишти, ичинде сен да барсың. Чынардын ролун аткарган Ширин деген кыз силерге карап: «Кана, балдар, ырдап басалы» – деди. Саамга тымтырс боло калды. Таш төшөлгөн жолдо тең шилтенген буттарыбыздын гана шартылдаган шоокуму. Бир кезде менин кулагымдын так түбүнөн сенин коңур үнүң угулду. Көрсө эчак жетип менин колтугуман алган турбайсыңбы.

«Жаш курбулар, жашаткыла өмүрдү, Өмүр чиркин, өмүр кандай көңүлдүү!...»

Бозбу тараптан агылган сыдырым маңдайыбыздан сылап коёт да, туташ чыккан үнүбүздү коштоп алып, артка жөнөйт. Интернатка чейин бир чакырымча жүрдүк көрүнөт, жеткиче ырдадык. Ал кезде «Алтын кыздагы», «Ажал ордундагы» ырды билбеген окуучу болбосо керек.

Жатакананын алдынан баарыбыз кол алышып коштоштук. Колуму кое бербей сен кылчактадың. Кыса-кыса кармадың. Мен да ошенттим. Байкадың беле?

– Кантип байкабай калайын?... Анда колуң эмес, кирпигиңдин бир талы былк этсе сезмекмин. Бөлмөгө барып жаткандан кийинки түйшүктү айтпайсыңбы. Бирде оң колуму сеники десем, бирде сол колуму сеники деп кармалайм. «Тургула» деген сурнайдын созолонгон үнү коридордон угулганда гана түн бою сеники эмес, өз колуму кармалап жатканымы билдим.

Кайнар Бектендин мунусуна да кыткылыктады. Бектен болсо үшкүрүп алды.

Чырак күйүп турганына карабастан ага үйдүн ичи барган сайын күңүрттөнүп баратты.

– Какиш?

– Ия...

– Чарчадың го дейм?

– Сен уккандан тажабасаң, мен айткандан чарчабайм.

– Суу бересиңби?

Кайнар элпек тура калып, далистеги бети каймактаган челектеги суудан алып келип, жаздыктан башын көтөрө берген Бектенге сунганда анын мандайынан мончоктогон тер чыгып, таноолору кыпчылып турганын көрдү. – Бекиш, башың ооруп турабы? – Жок, Какиш, чочулаба, жолдо кыйналып келгендики го. Силерге эртерээк жетейин деп, атта катуурак жүрүп койсом керек. Таң аткыча аңгеме айтсаң, айыгып калармын, – деп жылмайды эле, бет териси кулагын карай жыйырылып, өңүн ого бетер бузуп жиберди.

Бектендин бул кезде өпкөсүндөгү осколкасы өйкөшүп, алкымын кысып жаткан эле. Анысын билдирбөөгө аракеттенди. Бир күн болсо да өзүн жыл бою зарыга күткөн ушул үй-бүлөнүн кубанычын каалайт. Кайнар атайлап бейкапар унчукту.

– Бекиш, бир катында ыр жазыпсың, өзүңдүкү беле ошол ыр?

– Кандай ыр?

– Эсиңде жокпу? Айтып берсемчи?

– Анда эсиме түшөт.

Анын эсинде эле турган, бирок эмнегедир ал бүгүн баарын Кайнарынын оозунан угууну каалап жатты. Муну байкаган тиги ыр саптарын издей баштады...

– Мм.. Мм.. Башталышы эсимен чыгып турат... мм...м... азыр... и-и-... таптым! Таптым!

«Мына эки жыл булбул үнүн укпадым, Ок жамынып, сыз төшөнүп уктадым. Октон безип качкан булбул добушун, Сен ук, жаным, ошо менин укканым. Мына эки жыл комуз күүсүн укпадым. Ок добушун тыңшап жатып уктадым Алыс калган коңур күүсүн комуздун. Сен ук, жаным, ошо менин укканым.

– Сеникиби?

– Ооба, меники, – деди Бектен колуктусунун кылы буралып жаткан комуздай улам барган сайын бийиктей берген добушуна бериле эргий баштаган кыязда.

– Өзүң жаздың беле? – деди Кайнар жаш балача күйөөсүнүн жаак сөөктөрү оркойгон бетине капталынан тиктеп.

– Анан ким жазып бермек эле?

– Анда акын болуп кеткен турбайсыңбы, Бекиш?

– Сенин сүйүүң акын кылды көрүнөт?...

– Хи...хи...хи..Жок, Какиш, – деди Бекиш энтиге саамдан кийин. Бул ырды ошол жактан бир досум жазып берген. Аты Сабыр эле. Өзү Жалал-Абад тараптан. Согуш талаасында аны менен жарым жылча бирге болдук. Сонун жигит. Согушка чейин мугалим экен. Бош убактысы боло калса анын кылар аскердик баштыгынан кармала берип, четтери кырылган, кирдеген блокнотун сууруп ала тизесине коё салып, жазып кирчү. «Уруш бүткүчө ушул баштыгымды, сөзсүз ырга толтурам, Айсалкыныма алып барчу белегим ушул» – дечү.

– Айсалкыны ким экен?

– Сүйгөн кызы тура.

– Аты сонун экен ээ, Бекиш?

– Мен үчүн сенин атыңан артык дүйнөдө ат жок...

– Үйлөнүшпөптүрбү?

– Үлгүрбөй калышыптыр. Айсалкын медициналык окуу жайынын акыркы курсунда окуп жатканда Сабыр армияга чакырылып калат. Тойду кыздын бүтүшүнө болжоп жүргөн экен. Андан үзүлбөй кат барып турчу. Өз кыштагында медпункта иштеп жүрүптүр. Кызы: «Тойго карата көбүрөөк ыр жазып келегер» – деп суранса, Сабыр: «Ырдан кам санабай эле гой, кечтен таң атканча окуса түгөнбөй турган ыр жазып барамын. Кеп сенин сүйүүң жоо огунан сактап калышыңда» – деп жооп берчү.

Кийинки кезде силерден барган каттарды ортого салчу болгонбуз. «Менин Айсалкыным ырды менден да жакшы көрөт» – деп ал шырыктай узун боюн солкулдата күлө турган.

– Анда бул ырды өзүнүн кызына арнап жазган го?

– Жок, муну менин тапшыруум боюнча жазган. Алдыңкы линиядан кетип, үч күндүк тыныгууда жүргөнүбүздө жазып берген. Өзүнүн кызына арнаган ырлары мунсуз деле көп.

Эмнегедир, ал келечеги жөнүндө көп тынчсызданчу. «Бу жерде өлүм менен өмүр моюндашып жүрөт экен, көрдүң го, Бекиш? – дечү. – Ошондуктан бир нерсени макулдашып алалычы. Дене ачыкта кала көрбөсүн. Аны менен кошо эски касканын ичине кыздарыбыздын каттарын, сүрөттөрүн салалы да, көмкөрүп туруп, өлгөнүбүздүн башына жаздап коёлу. Бул согуш албетте бүтөт, бүткөндө да биздин жеңиш менен бүтөрүнө ишенем. Совет бийлиги орногонго бир жыл болбой он төрт мамлекет кол салганда ташын талкан кылган биздин эл эми кантип жеңбей койсун, жеңебиз сөзсүз, бирок жеңиш тоюна чейин кимдер өлүп, кимдер каларына пайгамбардык кыла албайм. Мына ошондуктан ушуну эсиңе ала жүргүн, Бекиш, денебизге кошулуп сүйгөндөрүбүздүн эстелиги да чирип кете бербесин. Жер алдында калган нерсе качан да болбосун жер үстүнө чыгат. Адам канына семирген бу жерге эгин айдаш, же жемиш өстүрүш үчүн жакшы ниет менен келген жаш тракторчу сокосунун тишине илинип чыккан каскадагы каттарды окуп, сүрөттөрдү көрүп, сүйүүгө кумары канбай жалбырттаган эчен жүрөктөр ушинтип мезгилсиз кара-жердин кучагында муздаганын эстеп, адам канын издеп бүт Европаны жойлоп чыккан жайырманчы кылымдын жырткычына наалат айтсын!»

Бектен сөзүнүн ушул жерине келгенде бир аз токтой калып, күрс-күрс жөтөлдү.

– Анан эмне болду ал жигит – деди Кайнар тигинин тагдырын тезирээк билүүгө ашыкканын жашырбай.

– Коркпо, өзү ойлогондой дейди ок анын жүрөгүн да, мээсин да таба алган жок. Бир урушта колун осколка жулуп кетти.

Андан бир ай өтпөй мен да жарадар болдум. Ошентип, бир жарым айдан кийин мен аны Куйбышевдеги госпитал-

дан кездештирдим. «Ээ, дос, колдон ажыраганга эч кандай кайгырбайм. Жанды курман чалып жиберүүгө даяр эмес белек» – деди мага жолуккан күнү ал. – Айсалкындан жакында кат алдым. Кандайча жарадар экенимди жашырбай жазган элем да. «Андай жарадар азыр жалгыз сен эмессиң. Ыр чыгарчу мээң менен жүрөгүң бүтүн болсо-болгону» – дептир. Ошол эле күнү доктордун тыюу салганына карабай, шаарды бир кыдырып чыктым. Мына дос, сүйүүнүн күчү!

Сабыр менден бир ай мурда үйүнө кетти. Баргандан кийин эки айдан кийин кат жазам, ага чейин сен да Кайнарынын жанына барып каларсың – деген. Жакында кат келиш керек андан.

Бектен унчукпай калды...

Кайнар колун күйөөсүнүн маңдайына койду – муздак тер. Андан көкүрөгүнө жылдырып келди, анда да муздак тер. Бул тер кол аркылуу өз денесине электр тогундай тездик менен өткөнгө Кайнардын тулку бою да муздай түштү. Кайнар колун төшөктүн ичине салды. Бектендин буттарын сылады эле, алар да тердеп жатыптыр. Бектен жарынын бир колун өз колунан чыгарган жок. Андан ал муздап ба-раткан денесине жылуулук алып жаткансыды.

– Баары жогуң эле тер да, Бекиш? Үстүңү жеңилдетейинби?

– Чоочуба, Какиш, жолдун эле азабынан. Андан көрө аңгемеңи улантсаң! Ошол күндөргө кайра баргандай, көңүлүм көтөрүлө түшүп атат. Сүйлөсөң, Какиш?

– Эми кайсынысын айтайын?

– Үчүнчү жолку кезигүүнү айтсаң?

– Июнь айы эле. Менин окуум мурда бүтсө да, кат алгандыктан, сенин келешиңи күттүм. Мен абамдарыкында калган элем. Он экинчи июнда кечинде келдиң, таңга жуук жолго чыгалы деп убадалаштык. Экөөбүздүн тең ата-энелерибиз малчы болгондуктан жайлоодо. Ошол жакка барып, он-он беш күн эс алып кайтмакпыз. Таң түңкөйгөндө болжошкон жерден табыштык да, жөөлөп жүруп кеттик. Тоо этегине чейин мелмилдеп жаткан эгин талаасы. Тегизбаш алып бел курчоого чаба желге ырга-

лып турган буудай арасындагы жолго салдык. Кишинин караанын көрүнсө эле буудайдын арасына кире качабыз. Эми ойлосом жаш турбайбызбы.

Кашка-Булактын кыясына жеткенде мен чарчадым. Асты шибер, жагымдуу жыт чачкан тегерек арчанын түбүнө барып отура кеттим. Сен жаныма келгенде «чаңкадым» дедим. Суу кайда. Биз аастында турган кыядан чыксак гана ичсең тиш какшатчу булак бар, аны билчүмүн. Ага жетишке али алыс. «Мен ышкын терип келе коёюн» – деп, сенкараган-шакты аралап, ары жактагы кур таштарга тырмышып кеттиң. Арадан көп деле өтпөй, бир кучак ышкынды көтөрүп жетип келдиң. Экөөбүз жедик.

– Чаңкооң басылдыбы эми? – дедиң.

– Басылды, – деп жылмайдым.

– Чарчаганыңчы?

– Жок, – деп дагы жылмайдым. Сенин эмне жөнүндө ойлоп турганыңы билген эмесмин, бир кезде көзүмү жумуп, кайра ачсам, колуңда турам. Жерден кантип көтөрүп кеткениңи байкабай калыпмын.

«Чарчаганың басылбаса, ушул кыядан көтөрүп чыгам» – дедиң, мени жаш баладай көкүрөгүңө бекемирээк кысып. Мен уялып, сенин бетиңе карай албай жаттым. Жигит кызды колуна көтөргөнүн биринчи жолу көрүп жатсам, кантип уялбайын. Эркек ыйык дегенди улуулардан укчумун. Ошол ыйык эркек – сен мени көкүрөгүңө көтөрүп турдуң. Буттарымы тыбырчылата: «Түшүр, Бекиш, түшүр жерге» – деп жалындым. Сен болсо кайра бекемирээк кысып койдуң. Салмактуу бут шилтеп кыяга чыга баштадың. Жыйырма кадамча баскандан кийин жол таманы менен алдыбыздан жөжөлөрүн ээрчиткен сурмалуу көз кекилик койкоңдоп чыга келди. «Кекилик» деп кыйкырып жибердим. Ага алаксып мени таштап жибересиң го деп ойлодум эле. Жок, кайра бекемирээк кучактадың, бизге таңыркагандай алиги кекилик кичинекей башын оңго-солго койкоңдотуп бир аз тиктеп турду да, анан «пар-рр» этип учуп кетти. Артынан балапандары кичинекей канаттарын тез-тез каккылашып, кайкып учуп жөнөштү, аркы капталга мурун учуп кеткен

энеси бир жалпак ташка коно калып, шакылыктап сайрап жиберди. Балдарына: «Мен быяктамын» – деп кабар кылганы го. Учуп бараткан балапандарды: «Бир, эки үч... тогуз» – деп эсептедиң да. – Биздин балдар да ушунча болсо ээ, Какиш? – деп менин жүзүмө карап жылмайдың. Ошентип, мени дагы уялттың. Жооп бергеним жок, бетими көкүрөгүңө катып тим болдум.

Кыянын жарымына жеткенде, маңдайыңан чыккан тер менен бетиме таамп кетти. «Эми өзүң чарчадың көрүнөт, түшүр» – деп тыбырчылай баштадым. Жок, түшүрүүнү каалабадың. Өргө умтула бердиң. Ошондо мен башымдагы жоолугуму алып, териңи сүртүп бардым. Кыядан чыгып, булактын өзүнө жеткенде гана бутум жерге тийди. Суу ичтик, чачышып ойнодук. Капталдан капталга жүгүрүп, гүл тердик. Заматта мен чарчаганымы унутуп койдум.

Оюн менен жүрүп, түшчүлүк жерге иңир киргенде жетип келдик. Айылдын четинен коштоштук. Үйгө киргенимде апамдар кечки тамакты эми жеп бүтүшкөн экен. Мени көрүп чочуп кетишти.

– Түндө кантип келдиң балам, жалгыз?

– Бектен акем менен келдим.

– Ошентсе да жолго эртерээк чыкпайсыңарбы?

– Бектен акемин жумушу бар экен, түштө араң бүттү – деп калп айтып салдым.

– Эмне болду, Бекиш?

– Эч нерсе болгон жок. Госпиталга түшкөндөн кийин эки айча күнү-түнү онтоп, үшкүрүнүп жаттым эле. Ошо адат болуп калса керек.

– Жаратың каерде, Бекиш?

– Жарадар эмесмин, Какиш. Эки суткага жакын курчоодо калып, сазда жатканбыз, ошондо өпкөмө суук тийип калыптыр.

Эми Кайнар да акырын үшкүрүнүп койду. Айтып жаткан аңгемеси менен күйөөсүн оорусунан алаксытам го деген жары.

– Эми кайсынысын эске салалы, Бекиш? – деди.

– Бүгүнкү ушул жетишет го дейм, Какиш. Анча-мынча эртеңкиге калтырбайбызбы?

– Уйкуң келдиби?

– Ооба.

Бектен дагы калп айтты.

Сен да эс ал, Какиш керели кечке үрөн тазалайбыз дейсиң, а да оор жумуш. Эртең триердин кулагын кармаган бойдон уктап калып жүрбө. Уктай кой.

– Эртең жумушка барбайм, сенин тоюңу беребиз дешти энемдер.Бектен үшкүрдү…

– Үй ичи жымжырт боло түштү… Экөө тең шыпты карап жатышты. Ар кимиси өз ою менен убара. Бектен онтобоого тырышат. Кайнар көкүрөгүн көтөрүп бараткан букту тышка чыгар албай азаптанууда. Үй ичи улам күңгүрттөнүп бараткандай туюлат экөөнө тең. Саат өттүбү, а балким андан көбүрөөктүр. Кайнар акырын башын жаздыктан көтөрүп Бектендин жүзүнө үңүлдү… Анын ар бир кыймылын жүрөгү менен сезип жаткан Бектен көзүн жумуп, уктамыш болуп калган. Кайнар колун акырын күйөөсүнүн көкүрөгүнө салды. Анан жылдырып отуруп бутуна жетти. Аны акырын алмак-салмак сылай баштады… Бектен былк эткен жок. Кайнаар анчадан кийин колун тартып алды. Кайра шыпка тигилди… Мүнөттөр өттү… Анан капталына оодарылып, кайра Бектенге көз чаптырды. Мына, бир кезде алп көрүнгөн Бектени эми бет сөөктөрү оркоюп, көз чанагы ичине карай жемирилип, кунарсыз карааны жууркандын алдынан араң билинип жатат. Өрттүн арасынан чыккан кишиникиндей анын өңү керсары. Кайнар ага бир топко тигилип тургандан кийин жууркандын ичине башын катып алды. Көзүн ачып, эми башын ал жакка бура берген Бектен энесине таарынган баладай төшөк ичиндеги Кайнардын солкулдап жаткан денесин көрүп турду. Ага карай оодарылууга дагы бир жолу аракет жасады эле, ого бетер көл-шал терге түшүп, алкымы буулуп кетти. Араң оңдонуп жатты.

Ошол бойдон төшөктөн башын чыгарбастан Кайнардын күндүз жумушка каржалган денесине түн жарымынан

кийин уйку бийлик кыла баштады... Июнь ... Табигат жарашыгын жер бетине чыгарып турган кез. Жайылма айлынын «Жеңиш» деген касиеттүү сөздүн аралай чаап жүргөнүнө бир айдан ашып баратат. Эл батыштан көзүн албай кеткендерин күтүүдө. Анаркүл апанын үй-бүлөсү, ошонун ичинде Кайнар да кандуу сапарга кеткенинин жолун акмалашып жүргөн.

...«Бүгүн күндүн бетин челдей жука булут далдалап турганына карабастан Кайнар үчүн айлана жарык. Ал жумуштан шашып келе жатат. Көөдөнү кубанычка жык. Кийинки күндөрү жеңиш жетелеп бул айылга кайтып келгендердин саны көбөйгөн.

Бектен бүгүн келчүдөй. Сүйүүдөн өксүп калган жүрөк кантип алдасын! Тоялынын тамынын жанынан өтө бергенде мурдуна жийде бурагынын жыты бур этти. Кайнар мулуңдай берди. «Бардык гүлдүн жытынан мен жийде бурагынын жытын артык көрөм» – деп Бектендин айтканы эсине түшө калды.

Кайрыла келип, дубалдын кырына чыкты да, жийде бутагынан бир тутам сындырып алды. Шашып баратат... Кайнар куру бекер кубанбаптыр. Жакшылык, жамандыкты жүрөк күн мурунтан сезет деген чын тура! Үйүнө жакындай берди эле, алдынан кең көкүрөгүн орден менен медалга толтурган, башында жылдыздуу кызыл кыргак шапкеси бар, белин жазы кур менен курчанган, алтын погондуу офицер – Бектен кучагын жайган бойдон чыга келди. Кайнар кандайча жетип, анын мойнуна асылганын билбей калды... Тутамдаган гүлү жерде чачылып жатты. Бектен алкымынан жыттагылай бергенде эркелей түшкөн Кайнар эчкирип ыйлап жиберди. Өз кыйкырыгынан өзү чоочуп ойгонгон Кайнар селт этти. Чын эле Бектенди кучактап калган. Башын көтөрө берип ал Бектендин көздөрү ботонукундай жайнап, эриндери кеберсип, маңдай тери мончоктоп турганын көрдү:

– Чочуба, Какиш, чочуба!

Таноолорун керип-керип андан кийин араң унчукту:

– Суу... суу, Какиш. Ичим күйүп баратат... Суу!... – Терезени чапкылай баштаган бороондун шоокуму да Бек-

тенди коштоп: «Суу! Суу» – деп кыйкырып жаткандай Кайнардын кулагы туна түштү...

– Бекиш, сага эмне болду?!

1959

**ӨРГӨӨ**

Ушул өргөөнүн, бул айылга келген чоочун кишинин көзүнө биринчи урунуп, кызыгуусун туудурчу өргөөнүн тигилгенине быйыл жыйырма тогуз жыл толот. «Самарбектин үйү».

Сууну бойлоп жайлашкан бир ат чабым жердеги бул кыштактагылардын баласынан-чакасына чейин аны ошентип аташат. Ал өргөө кышын-жайын бүгүлбөйт. Бирок ушул жыйырма тогуз жылдын ичинде анын үзүк-туурдуктары, курчоолору төрт жолу жаңыланды. Төрт жолу анын ичинде отурушуп ушул үйдүн колу-коңшулары, урук-тууганы ак дасторкондон даам татышты. Төрт жолу Самарбекти чогуу отуруп эскеришти. Төрт жолу анын аман-эсен келип калышын тилеп беттерине бата тартышты. Анткени ар бир жаңырганда үйдүн ээлери той беришет. Аны той деп аташкан да өздөрү. Элди чыкырып келиш үчүн балдарын жибергенде да ошентип айтышат. «Самарбек акем үй көтөрдү, ошого тойго чакырып атат сизди дегин». Мындай кабарга а дегенде чочулап, нары таңданып мамиле кылгандар акыры көнүп кетишкен. Анткени бул короого качан келишпесин, андагы жашагандар: «Быякка жүрүңүз, Самарбектин үйүнө кириңиз» – деп а дегенде ошол ар убак эшиги түрүлүп, ошондон улам бериден эле караган кишиге анын төрүндөгү эки кертим жүк түндүк ушундагы кемеге жанындагы казыкка байланган желбоо, төрдөгү узуи шайы көрпөчө көрүнчү. Башыңды бир аз эңкейте берип ачык эргенчектен ары босогону аттаганыңда башка жасалгаларын көрөсүң. Уук менен керегени бириктирип, каршы-терши тартылган сызмалардагы саймалар бир башка. Кереге башына тегерете тартылган боо, жапсары баштыктар, аяк кап, чыны кап, ылдый салаңдаган түлкү, суусар, сүлөөсүн терилери...

Сол капшытта ала бакан бар эле. Медет менен Салкын барында анын боорундагы илгичтерде туз баштык, чаначтагы сүзмө, калтадагы куруттар илинип турчу. Жерде кийиз, шырдак, анын үстүнөн үч жагына ар түрдүү түстөгү көрпөчөлөр жая салынган. Бул үйдүн ичи ар убак таза, сарамжалдуу. Мындагы буюмдардын баары өз ордунда. Эч кимдин колу тийбегендей алар көз кумарын арттырып турат.

Келген киши чыгып кетери менен үйдүн ичи шыпырылып, көрпөчөлөр кайрадан салынып, босого алды жаңыдан тазаланат. Ошондуктан бул үйгө качан кирсең, сен биринчи киргендей болосуң. Мындагыларга биринчи жолу сенин назарың түшүп, сенин бутуң, сенин колуң тийгенсийт. Бул үй, эмнегедир жаңы гана баш кошкон, али көздөрүн көздөрүнөн, колдорун-колдорунан тартып ала элек, баштарына койгон жаздыкты да, жамынган, төшөлгөн жууркандарын да, кармаган буюмдарын да атыр жыттантып, жаштык жыттантып турган жигит менен кыздын өргөөсүн элестетет. Ал чынында да тигилгенде өргө деп аталып, кийинки он-он беш жылдан бери гана ал аты жоголуп, эмнегедир башкалар «үй» деп гана атап жүрүшөт.

Ким боз үйдө баш кошуп, боз үйдө сүйгөнү менен алгачкы түнүн өткөргөн болсо, бул үйгө кирери менен ошол кези, алда кайда адашып калган кези, бүткүл жандүйнөсүн козгоштуруп, ал курагын сагынтып, кусасын арттырып жиберери шексиз. Этек жагы түрүлүп, кереге башына кыстарылган тегерек чети, тумарча гүл менен чегерилип (ар түрдүү түстөгү баркыттан) ортосу кызыл атлас көшөгөчү. Анын ары жагындагы эки жаш эми гана орундарынан козголушуп, таңдын мынчалык эрте атканына өкүнүшкөндөй бирин-бирн уялыңкы тиктешип тура келгендей, алар күндүн кайрадан батар мезгилин чыдамсыздык менен күтүшүп, ошого чейиң кол алыша коштошуп өз иштерине кеткендей, алардын жогунан пайдаланып, ата-эне жаңы үйлөнгөн уулуна арнап көтөргөн ушул өргөөнү көрсөтүш үчүн атайын сени ээрчитип киргендей туясың. Жаштык уялап калгансыйт бул үйгө. Жаштыктын куту көлкүп жат-

кансыйт анын төрүнөн босогосуна чейин. Мында киргендин ар бирин ушундан сезим ороп-чулгап алаарын кеп кылып жүрүшөт мындагылар. Алар гана билет бул боз үйдүн сырын. Ар убак аны көргөндө, айрыкча бир иш менен барып калып, аердегилердин адаты боюнча кыйылганыңа болбой жетелеп киргизгенден кийин, азга болсо да анда отуруп, нан ооз тийип, бир пыяла чай ичкенче тула боюң чымырап, кубанып да, кайгырып да чыгасың. Кубанганың – ушул үй аркылуу улуу сүйүүнү так башталышындай сактап келатышкан адамдарынын ыйык сезими, кайгырганың – жок нерсенин чейрек кылымдан ашык убакыттан бери жолун тосуп, эшигин түрүп, төрүн жасалгалап өздөрүн алдап, сооротуп жүрүшкөнү.

Ушул үйдүн босогосун мындан жыйырма тогуз жыл мурда сырдуу күчтүн жетегинде аттаган беш көкүл кыз азыр – кырк сегизде. Кундуз кара чачына ак аралап калды. Анысы жыл өткөн сайын арбып баратат. Бирок ушундай жарым өмүр курагында минтип кыярып кеткенине ал такыр наарazy эместей. Кандайдыр бир күч, башкаларга көрүнбөгөн, башкаларга сезилбеген купуядагы сыйкырдуу күч астыртан колдоп, сүйөп-таяп жүргөндөй анын жүрүш-турушунан, сөзүнөн такыр мөгдүрөгөндүк, ушундай өткөн өмүрүнө өкүнгөндүк сезилбейт. Күлгөн жерде күлүп, тамашалаган жерде тамашалап, эл шарынаи такыр четте калбай келет.

Эки жаагынан, кулак тушунан башталган буурул тал чачтар Сейилкандын кыз кезегиндеги кызылдуу өңүнө башкачараак түс берип, аны салабаттуу, нары токтоо көрсөтө баштады. Анын кебетеси ак жуумал тартып, тулкусу да жоонтумак корүнүп, толгонсуп баратат. Каш-кирпиги мурдагысындай эле кара. Ошондуктанбы, Сейилкандын азыркы турпаты, кебете-кепшири жаш кезиндегидей эле көргөндүн куштарлыгын арттырса арттырат, кемитпейт.

Жанагы үйдүн жыйырма тогуз жылдан бери жаштык көркүнөн, сүйүү кутунан ажырабай турушуна биринчи себепкер ушул Сейилкан. Экинчиси – анын кайын энеси, Самарбектин энеси Салкын. Өргөөнү баласына арнап а

дегенде жасаган Салкын. Кийин анын улам жаңыланып, улам жасалгасынын артып турушуна көмөктөшкөн Сейилкан.

Салкын боз үй жасалгасы боюнча айылдагы аты чыккандардын бири. Анын эшик алдынан жай бою кериле тартылган өрмөк кеткенин коңшулары билишпейт, же жип созуп, ийик ийрип, же жүн тытып кийиз басып жатканын көрүшчү айылдаштары. Салкынды ошентип, мындагыларга барктуу кылган а дегенде анын уздугу болду. Токтоолугу, эстүүлүгү айтылбастан, жааматтын зайып кишилери жөнүндө сөз кеткен жерде Салкындын а дегенде баса көрсөтүлчү, оозго алынчу жагы – ушунусу.

Самарбек – Салкын менен Медеттин экинчи уулу. Алардын тунгучу Кемел жаңы жолго киргенде ооруп көз жумган. Үчүнчү, төртүнчү перзенттери – кыздар. Анан дагы бир уулдуу болушуп, атын Касымбек коюшкан. Анысы бу кезде үй-жайлуу. Жогорку ак өргөөнү атайлап ортого алышкандай анын үч бөлмөлүү тамы бир жагында, чал-кемпирдик, Сейилкандын төрт бөлмөлүү үйү, экинчи жагында. Эртеликеч бири-бириникине кирип-чыгышып турат.

Медет менен Салкын өмүрлөрүнүн көбүн мал артында жүрүп өткөрүштү. Булар каякка көчсө, жанагы ак өргөө да беш жыл бою алар менен бирге көчтү. Тигилердин кенже уулу бойго жеткенден тартып, жеңеси экөө жакада калып, эгин эгишип, суу сугарышты.

Ошондон бери бул өргөө да жакада, Салкын менен Медеттин эски үйүнүн жанында тигилип калып жүрдү,

Колхоздору башка болгону менен сельсовети бир Сейилкан менен Самарбектердин жайлоо да тутумдаш эле. Кечкисин жогун издеп койчулар да, уйчулар да бири-бириникине жөө келишчү. Мал-келди жайгаштырып бүткөн соң «Ак чөлмөк! Ак чөлмөк!» – деп кайсы айылдын балдары мурда озунуп, дөң жерге чуркап чыгып барып кыйкырык салса, эки айылдын жаштарына тең угулар эле. Иттери да шоңкулдап алига шоокумдан улам бир убакта үрүп чыгышчу. Ай жарыгында, жайлоо башында оюн куруу кандай сонун! Бут алдың шибер. Беттен сылаган салкын

жел. Жаштык куракТын өзү эле айтып түгөткүс кооздук, сулуулук эмеспи.

Самарбек менен Сейилкан да ошондой оюн учурунда, жайлоо башында жүрүп, далай жолу «ак чөлмөк талашып, жоолук ташташып», – «сарай дүмпүлдөктө» бири-бирин эшилген кур менен токмоктошуп жүрүп табышкан эле. Алиге чейин Сейилкандын бар тулкусу менен сезип, кээде көңүлүн көкөлөтүп, укмуш дүйнөгө туш кылып жанын сергитип, моокумун кандырган ошол күндөр, ошол кечтер... Жайлоо маалы, ай жарыгындагы оюндар. Көк кашка тоо суусунун бою, арчалардын далдасы... Гүл бураган мезгил... Самарбектин колу... Самарбектин деми. Жигит сөзүнүн, мамилесининин түшкө гана кирчү, өңдө эми эч качан кайталанбас от үйлөгөн, чок шилеген илеби.

Бири-биринен ийменишкен, уялышкан, ошондон улам ачык сөз ката алышпай, буттарынын башын тиктеп, бош кармашкан колдору нымшып, чекелери нымшып, жүрөктөрү туйлап, кирпик кыймылдары, көз караштары менен гана купуя сүйлөшкөн мүнөттөр, сааттар... Сейилканды жыйырма жылдан ашык убакыттан бери коштоп келаткан, элестеген сайын көөдөнүнө жарык чачып, өмүр жолун шоолалантып келаткан ыйык нерселер – ошолор эсинде.

Самарбек согуш башталгандын экинчи айында эле кетет. Үйлөнүүгө үлгүрбөй калат. Мурунку жылы ата-энеси баласынын кимге кушу түшүп жүргөнүн келин-кезектен угушкан. Ошондо эле Салкын менен Медет болочок келин жөнүндө кам көрүшөт. Үй көтөрүүгө аракет кылышат. Салкын бөксө жайлоого көчүп барышаары менен эски үй жанына керилте өрмөк тартып, кийиз басып, ишке киришет. Керегe-уугун андан үч-төрт жыл мурда жасатышып койгон булардын Самарбекке арнаган өргөөсү согуш жөнүндөгү суук кабар булар жайлаган жайлоого жетип келген кезде даяр болуп калган эле.

Самарбек райондун борборундагы орто мектептен онунчуну бүткөндөн кийин райондук сотто секретарь болуп иштей баштайт. Бир жарым жылдан кийин аны Фрунзедеги эки жылдык юридикалык мектепке жиберишкен.

Согуш башталганда, ал биринчи курсун аяктап жаткан. Самарбек шаардан ары жөнөп кетет. «Ата, апа кечирип койгула. Өзүм сурандым кан майданга биринчилерден кылып жиберүүнү. Силерге барып келсем деле болмок, бирок атайын ушинттим. Силерди аядым. Ыйлатып-сыктатып жүргөндөн көрө мындан ары кете берүүнү туура таптым. Немистердии байкоостон кол салгандыгы тууралу билдирген чогулушта эле, өз ыктыяры менен барчулар тизмеге каттала башташты. Мен кантип калайын. Атам айтып жүргөндей «бак-таалайдын, мурунку жардылардын үйүн» өрттөп, күлүн сапырганы аттанып жоо келсе, кылчактаганым, же ата-энемин алдына барып, ошондон ары кетейин деп отурганым кандай болмок? Антүүдөн уялдым, чынын айтсам. Жоо жакадан алып муунта баштаса, мен үйүмү көздөй чу койгонум, жигиттик нусканы бузгандык болор, ардактуу ата-энем!

Анан силерге билдирип коё турган бир иш бар. Балким кулагыңар чалгандыр. Наркы айылдагы Кочөрбай деген өзүңөргө окшоп көптөн бери колхоздун жылкысын багып келаткан кишини билесиңер го? Сейилкан аттуу ортончу кызы бар. Экөөбүз былтыртаи бери сүйлөшүп жүрөбүз. Быйыл отпускага барганда ал жашырын сырды силерге билдирмек элем. Уруксат берсеңер жайында а түгүл баш кошуп алсакпы деп ойлогонбуз. Эми ал ишибиз кечигип ишке аша турган болду. Жеңиштен кийин, душман жери-бизден куулгандан кийин той өткөрөбүз. Сейилканга сыртынан көз кырыңарды сала жүрсөңөр. Азырынча сурарым ушул. Анын өзүнө да жазамын» – деген каты он алты күн дегенде буларга, жайлоодо мал артында жүргөн анын ата-энесине араң жетип барат.

Ошол эле күнү жакадан барган почточу, газета-журналдар менен кошо кыр артындагы Сейилкандардын айлына да Самарбектин экинчи катын алып барып тапшырат, Анда мындай деп жазылган: «Эсенсиңби, Сейилим? Көрдүңбү; тагдыр деген кандай катаал?.. Мындан тогуз күн илгери сенин акыркы катыңы алып, ушул быйылкы толукшуган жай, жашыл дарактуу, жыпар гүлдүү таза шаарды ого

бетер көркүнө чыгарып турган жай жалаң мен үчүн окшоп, териме батпай кубанганмын. Төбөм көккө жеткендей көңүлүм эргип, алда кандай шаттыкка бөлөнүп, мындан аркы өмүрүм дал ушул жайдай, жадырап сенин катың тартуулаган кубаныч эми эч качан, кайгы менен алмашпай тургандай сезимге оролуп өзүмдү коёрго жер таппай делөөрүгөн элем. Канат бүткөндөй оболоп калганмын. Сени тезирээк көрүп, өзүң менен баягы айлуу түндөрдү, ак чөлмөк ойноп өткөргөн, уялыңкы тымызын кол кысышкан түндөрдү кайталоону дегдеп жүргөн чакта, бул каргашаны көрдүңбү? Мына, ушундай, Сейилим, экөөбүздүн түзө жүргөн планыбыз ушинтип бузулмак болду. Качанга чейин? Муну эч ким билбейт. Бирок менин жүрөгүм жакынды самайт, сенин жүрөгүң да ошону каалларын билем. Кантип эле бнздин тилектер, бирин-бири сүйүүшкөндөрдүн, келечегин кошууга камынгандардын тилеги орундалбай калсын. Орундалат! Сезсүз орундалат! Биздейлер канча жер шарында! Миңдеп, миллиондоп саналат. Сүйүү менен согуш. Акыркысы биз менен сенин оозуңа такыр жарашпаган сөз, чынбы? Чоочун, жагымсыз, ата-бабалардан бери жек көрүндү болуп келаткан сөз. Аны бирок эми бардык сөздөрдөн кебүрөөк айтууга мажбур болуп отурабыз. Айла канча? Эми сендейлердин, мендейлердин милдети – ошол сөздү тезирээк сөздүктөн жок кылуу үчүн күрөшүү. Сүйүүбүздү сактап калуу. Аны душман колдуу кылбастан коргоп калуунуй ыйык шыбагасы бизге тийип отурат. Мен жигитмин. Андай улуу милдетти, демек мен биринчилерден болуп аткарууга аттанышым керек. Сейилим, мен аттанганы калдым. Ушул катты ат жалында бир колум турган кезде жазып отурам. Эки-үч күндүн ичинде жөнөгөнү калдык. Мен ыктыярым менен биринчилердин катарына кошулдум. Сен үчүн, ата-энем үчүн, бүткүл айлымдагылар үчүн, сени менен тааныштырган жойлоонун айлуу түнү үчүн, аттанмак болдум. Жоо алдын канчалык эрте тосуп чыксак, ал ошончолук тез жоголот да биздин жерден. Демек, экөөбүздун тогобуз тезирээк болот. Ошондой эмсспи, Сейилим!? Менин бул ишими сен да, ата-энем да

колдойт го, туура табышат го деп ишенгендиктен ушундай чечимге келдим. Баса, чал-кемпирге да бүгүн кат жаздым. Алар албетте ыйлашат. Түшүнүктүү. Ата-эне үчүн ак чач болуп картайса деле баласы наристедей көрүнүп туруп алат имиш го. Мен алар үчүн али бешиктен бели чыга элек бөбөкмүн, балким. Жок, мен жигитмии. Сейил. Сен туура түшүнөсүң. Ал эми жоо куттуу үйүбүздүн босогосун сагалап кирип келгенде, анын алдын тороп биринчи ким чыгат? Албетте, жигиттер. Эзелтен элибиздеги салт ушул экен го. Аны бузууга эч кимдин акысы жок!

...Коштошуунун алдындабы, баарысы майда чуйдасына чейин көз алдыман чууруйт. Баарысы эсиме түшөт. Жайлоодо элек. Эки айылдын биз курактагы балдары, кыздары каникулда. Ата-энелери малчы болгондуктан мында келишкен. Мал-келди жайгаштырып койгон соң силердин айыл менен биздикин бөлүп турчу белеске чыгып, адатыбызча бирибизди-бирибиз кыйкырып отуруп, тез эле жыйналып калдык. А дегенде «ак чөлмөк» ойнодук. Анан барып жоолук таштамай. Сен эмнегедир, биринчи мага таштадың. Мен билдим, эшилген жоолуктун капталыма акырын тийгенин. Бирок турганым жок. Билмексен болуп отура бердим. Куйт этпей отургандарды бир тегеренип сен менин тушума жакындаганда тездеп бастың. Жоолукка жетишиң керек да мен байкаганча. Мен болсо, башкаларды тиктемиш болуп отура бердим. Бул «аңкоолугум», албетте сага жакты. Өзүмө да жагып турду аным. Анткени сенин колуңдан таяк жегим келип турган. Ошону каалаганмын. Жоолукту жерден шарт алып, бир шилтегениңен кийин гана ордуман тура жөнөдүм. Балдар, кыздар кыраан каткырып күлүп калышты. Менин колдоруму арбаңдатып а дегенде башымды корголоп, анан гана малдашымы жазып, ордуман тура калганыма күлүштү. Чындап качсам, албетте жеткирмек эмесмин сага. Бирок сени көбүрөөк урсун деп, абайлап жүгүрдүм. Үч-төрт жолу урдуң. Экөөн сездим. Калгандары жумшак тийип жатты. Аядың го. Оорубасын, таарынбасын дедиң окшойт. Аныңы да байкадым. Мага кезек келгенде жоолукту биринчи сага таштадым. Сени байкап калып, мени дагы куусун, дагы

урсун деп эңсегенмин. Сен ошентиң. Жоолук жыландай ийрилип, арт жагына коомай түшөрү менен эки кадам алга бут шилтегенче оң колуң менен аны шап кармадың да, чап-чаң туруп, кууп жөнөдүң. Бул жолу да кашаңдык кылдым. Үч-төрт жолу урдуң сенин ордуңа жетип отруганымча. Катардагылар дагы күлүштү. «Сага эмне болгон Самарбек? Бутуң тушалып калгайбы? Кыздан таяк жегениңе жол болсун?» – деп балдар кыйкырса, кыздар кытмыр тийишип жатышты, «Жону кычышып калган го Самарбегиңердин».

«Сарай дүмпүлдөктө» да экөөбүз бир топко туш келиптирбиз. Биздин топ жатканда корукчу болдум. Аргамжынын учун жаткандардан сен кармадың. Мен силердин тегеренип чуркап, беркилерге урдурбаска жан талаштым. Сага таяк тийгизбөөгө аракеттендим. Анда менден күлүк киши жоктой сезилди. Сага таяк тийгизбеймин деп, ошондо көл-шал терге түшкөнүм эсимде. Силерди уруш үчүн жоолуктарын эшип алып, ал эми кээлери аларынын уч жагына атайлап таш же кесек ороп койгон учурлары да болот эмеспи, ошолордон сактап чапан-чапкыт астында тизелеп жаткан силерда уруп кетүүгө жулунгандардын бирине кол, же бут тийгизишим керек эмес беле, аны көп узабай эле ишке ашырдым. Ошондон кийин ар жолу жерге жатуу кезеги биздин топко келгенде аргамжынын экинчи учун кармап, жаткандарды тегерене муркап коргоого мени сен биринчи атап жаттың. «Самарбек акем корукчу болсун».

Сенин оозуңан чыкканда гана менин атым жакшы угуларын, бардык сөздөн ушул сөз гана сенин оозуңа жарашып тургансып сезилген ошондо мага. Ал эми мен: «Аргамжынын экинчи учун Сейилкан кармасын, бекем кармайт экен» – деп айтканымда сенин атың да, менин оозуман башкача жаңырык менен чыгып аткансып туюлган. Сенден кийин ошол түн, ошол минуталардагы сезгениңи суроого батынганым жок. Кыз сүрү кыйын экенине ошондо биринчи жолу көзүм жетти. Сүйүүнүн алгачкы даамын ошондо татып, алгачкы сүрүн да ошондо биринчи туйгансыдым. Дайыма ошондой сезимдин туткунунда жүрсөм деп тилеп келем андан бери.

...Анан баягычы?.. Сотто иштей баштаган жылым эмес беле. Дем алыштын алдыңкы күнү кызматтан кийин жайлоого чыгып бардым. Райондун борборунан жайлоо төрт сааттык жол. Эл жатпай барып калдым. Жайдын күнү узун эмеспи. Таң атары менен баягы «ак чөлмөккө» бирибирибизди чакырыш үчүн чыгып келчү белеске шаштым. Белеске чыктым. А дсгенде аттан түшпөй туш-тушка көз чаптырып мыш болдум. Жок издеген кишидей көрүнүүгө тырыштым. Үстүмдө галифе шым, гимнастерка, ага өңдөш шапке башымда. Андагы жаштардын көбү ошондой кийинишчү эмес беле а кезде. Бирок мени жазбай тааныйт го дегенмин. Сени мен кандай кийим кийсең да жазбай таанымакмын. Басканыңан таанымакмын. Мурунку жылдагыдай эле алты үй жанаша тигилиптир. Эшикте уй сааган, кемегелер жанында күймөнгөн аялдар. Сен көрүнбөдүң. Он мүнөткө аяк-быякты көзөмөлдөмүш болуп, ат үстүндө туруп калдым. Бирок эки көзүм силердин койлор, уйлар жатканга чөбү саргайып, кыйы көрүнүп калган айлыңарда. Кирип-чыккандардан сенин басканыңа окшошу азырынча жок. Аттан түштүм, Тизгинди ээрдин кашына илип коюп, чылбырдын учунан кармай ары-бери бастым. Бир кезде кызыл көйнөк, анын үстүнөн жашыл чыптама кийген сен чыктың ортоңку үйдөн. Менин көзүмө айлыңарга эми гана күн нуру тийгендей жарык боло түштү. Ушул сезимимди да сен жолукканда даап ачык айта алган эмесмин. Бетиколуңу жуундуң. Көйнөгүңүн кең жеңин огургандан кийин чыканагыңы карап жылдырдың эле, аппак болуп булайган билегиңе чейин мага көрүнүп тургансыды. Колдоруңун кыймылынан кумган кармап, суу куйган колдоруңун кыймылынан ошондой элестеп жатты...

Мен ары-бери бастым. Дагы эле жок издегендей төрт тарабыма көз чаптырдым. Бирок көзүмө урунганы силердин гана айыл, анда азыр сен улам эңкейе калып, муздак сууга бетиңи чайып жаткан жер. Кызыл көйнөк, жашыл чыптама. Акан сен да уй саaганга отурдуң үйдөн челек алып чыгып. Сенин милдетиң ошол көрүнөт. Көк түтүн көккө булатып, кемеге жанында жүргөн энең экенине, сен

көрүнгөндөн кийин түшүндүм. Арадан ошентип жарым саатча убакыт өттү. Мен атымын жанына келдим да шапкеми башыман алып туруп, өйдө көтөрүп кайра кийдим. Өткөндө бир жолу сени ушинтип чакырып албадым беле. Ошонум эске түшө калды. Сен челек көтөрүп үйгө кирип кетип, кайра чыкканыңда ошенттим. Карап калдың. Кадам шилтебей эшиги түрүлгөн үйдөн үч-төрт кадам бери баскан бойдон селейип туруп калдың. Менин жүрөгүм түрсүлдөп сого баштады. Сени көрдү деп түшүндүм да. Атка миндим. Теминип жүрүп баратканда дагы бир жолу жанагы белгами кайталадыш. Сен да башыңдагы ак жоолукту оңдомуш болуп калдың. «Жетти!» дедим кубанганыман үн чыгарып. Тегеренип олтуруп, силердин айыл суу алчу жылгадагы суу боюна жакындай келип, капталдагы бир арчанын түбүнө отурдум. Жайдын эрте чыкчу күнү тоо башынан кылтыя бери аша берип калды аңгыча. Жарым саат деле күтпөдүм окшойт, эки чаканы бакаига илип, ийниңе көтөргөн бойдон мойноктон сен көрүндүң. Атым да эсимен чыгып кетиптир, суу боюна чуркадым. Сен да жүгүрдүң. Челектериңи таштап жиберип жүгүрдүң. Сени мен ийрибуйру болуп агып жаткан ичке суунун бери жагынан тосуп чыктым. Кучактап гана тим болбостон, жерден буттарыңы үзүп кеттим. Көкүрөгүмдө тургансыды. Беттериң албырып, көздөрүң жайнап кетиптир. Ошондогу жүзүңү алиге чейин суктана элестетип жүрөм. Ал эми менин ошол минуталардагы ал-абалын сага гана, жалгыз маалым.

Менин колдорум сенин ичке белиңе, сенин колдоруң болсо менин мойнума оролуп калыптыр. – Мүнөт өткөндүр ошол убакта… Бирок анын менин жүрөгүмдө калтырган керемет кубаты өмүр бою бөксөргүдөй эмес. Ойлонсом, бүткөн боюму алда кандай касиеттүү сезим ового көтөрүп алып чыгып кетет. Сонун-сонун иштерге шыктандырып туруп алат.

Ошондон тартып, экөөбүздүн бетибиз бир аз ачылып, жолугушкан сайын ачык-айрым сүйлөшүүгө өтпөдүкпү. Ошондон үч ай өтпөй мен окууга жөнөдүм. Сен биринчи эле катыңды үч аптага чейин түндө-түндө эч ким көрбөй турган убакта, жалгыз жатканда, түн койнунан сени из-

деп, ойлоп, ыйлап жүрдүм деп жазыпсың. Аныңы окуп алып, аз жерден окууну таштап кетип кала жаздаганымы кышкы каникулга баргада айгып бербедим беле? «Же келе берейинби?» Азыр деле кеч эмес таштасам, жарым жылы эми өттү, дагы бнр жарым жыл четте жүрүшүм керек десем: «Жок, эми мен көнүп калдым. Бир жарым жыл деген бир паста эле өтүп кетет. Канча болсо да күтүүгө эми жараймын» – дебедиң беле, Сейилим. Мына, эми ал мөөнөт белгисиз убакка чейин дагы узармак болду. Бирок, мен сага ишенем. Күткөндөн тажабайсың, чарчабайсың. Башына мындай күн түшкөн жаштар азыр экөөбүз гана эмеспиз да, Сейил. Буга сен жакшы түшүнөсүң.

Коштошор алдында экөөбүз таанышкан күндөн берки айрым окуяларды атайлап эске түшүрдүм, Сейилим. Көңүлүм ушуну каалап туруп алды. Каякка барсам да, жетерим менен үйгө да, өзүңө да кат жазам»...

Самарбектин экинчи каты айылга үч жарым айдан кийин барды. «Бүгүн эшелонго отурдук. Кыргыз, казактан түзүлгөн жаңы дивизиядамын. Батышты көздөй жол тарттык. Кайда барарыбыз белгисиз. Мен полкто комсомол иштери боюнча командирдин жардамчысымын. Демек, алдыңкы линияда болууга тийиишмии. Үлгү көрсөтүү а дегенде коммунисттер менен комсомолдордун милдети эмеспи. Меп кызматым жөнүндө мактаныш үчүн эмес, мойнумдагы милдеттин канчалык жооптуу экенин эске салып отурганым. Муну сен, Сейилим, туура түшүнөсүң го. Ата-энеме булар жөнүндө жазмак белсм. «Эл бараткан жакка биз да жөнөдүк: Менден кам санабагыла», деп гана тим болдум. Андан артык эмне дейм.

Согуш башталгандан экинчи жылынын күзү эле. Эл жайлоодон жакага түшкөн маал. Колхоздогу башкаруу жумушунун көбү аялдардын, кыздардын колуна өткөн кез, анткени аскер жашындагылардын дээрлик бардыгы кан майданга кетип, алардын ордун мында калган жарлары, карындаштары, энелери аткара баштакан.

Сейилкан төрт айдан бери жылкы фермасына башчы. Бир күнү ал башкарманын чогулушунан кеч кайтты.

Андан атайлап жалгыз аттанды, себеби Самарбектердин кыр артындагы айлына тийип өтүүнү чечти. Баягы каттан кийин Салкын менен Медет тишлердин үйүнө барып, «Сейилканга сырга салып коюшкан эле». Ошондон тартып ал эки үйдүн тең бүлөсүндөй, оңу келе калганда беркилерден да кабар алып турчу.

Бир аптача болгон аларды көрбөгөйүнө, учурашып кетүүнү ойлоду. Ар дайым ал мында караңгы киргенде, келген-кеткенди коңшу-колоң байкабай, көрбөй кала турган маалда келип жүрчү. Эл эмеспи, аны Медеттикинен көрүшсө ар нерсеге токуй бериши мүмкүн да. Ошондон чочулар эле. Анын келиши Медет менен Салкын үчүн айтып түгөнкүс кубаныч. Салкын аны отургузарга жер таппай, берерге тамак таппай шашылчу. Эки колу менен эки жагынан сылай кармап, а дегенде маңдайынан, анан бетинен өпкүлөгөндөн, айланып-кагылгандан тажачу эмес андайда. Медет болочок келинине тигинтип кол тийгизбегечи менен бирдемелерди күңгүрөнө берчү ичинен. Алкоосу, тилеги болуш керек да. «Качан экөөңөрдүн ушул үйгө ээрчишип кирип, ээрчишип чыкканыңарды көрөр экенбиз» – деп чалынын сыртка чыгара албай көмөкөйдөн күңгүрөнгөнүн Салкын угуздура айтып таштар эле.

Сейилкан босогого отуруп, босогодон ары кетет. Салкын колтугунан ала тор жакты көрсөткөнүнө карабай ал кымсына отурат да, уялыңкы жер тиктейт. Жоош Медет тигинин уялып-кысталып атканынан улам, мындайда тезирээк үйдөн чыгып кетүүгө кам урчу.

Сейилкан болочок кайын энеси менен эки-үч айда эле үйүр алышып кеткен. Ошондон ал-авалды сурайт, анан Салкын жайган дасторкондон шаша бир нерсе ооз тиет да, коштошууга кол сунат.

Мындай жолугушуулар учурунда жарым жылдан бери Самарбек жөнүндө эки жак тең ооз ачпай келатат.

Беш айдан ашып баратат андан кат-кабар келбей калганына. Аны бир жамандыкка эки жагы тең жоругусу келбейт. Анын үстүнө жарым жылдан, сегиз-тогуз айлап дарек чыкпай калгандар айылда көбөйүп кетти. Талаада жумушта

же мал артында жүргөндөрдүн бири-биринен сураганы эле ошол алыстагы жоокер жарлары, балдары: «Сеникинен кабар барбы?» – деген суроого жүрөк үшүтчү: «Жок!» – деген тиги тереңден оргуган үшкүрүк менен кошо чыкчу жооп көбөйүп баратат. Салкын менен Сейилкан да андай жүз көрүшкөн учурларда аман-эсендикти сурап гана тим болушуп жүрөт.

Сейилкан кыр таяна бергенде артынан аттын дүбүртү угулду. Куптан болуп, жер бетин караңгылык толук каптаган маал. Барар жерине эки чакырымча калган. Өздөрүнүн айлы андан да алысыраак.

Жолдон чыга берди. Алиги дүбүрт улам жакындап келет. Сейилкандын алдындагы аттын кулактары тикчие түштү. Кыз тизгинди жыя тартып, артына кылчайды. Аңгыча алиги караан жете келип, а түгүл өтө чыгып токтоду. Өңөргөн улагы түшүп калып, ошого кылчактагаы улакчыдай киши тизгинди кош колдоп чойгон бойдон үзөңгүнү чирене тээп, араң бурду атынын башын. Анан ал Сейилкандын атынын алдына көлдөлөң тура калды. Кыздын атын жүгөндөп кармады.

– Тааныйсыңбы мени? – деди аты эмес, өзү чуркап келгендей тиги эми ынтыга үн чыгарып.

«Добушу тааныш. Ким эле?». Сейилкан секундга тил тартпай калды.

– Тааныдыңбы деп атам? Сейилкан жайдары унчукту.

– Үнүңүз тааныш, бирок ким экенңизди эстей албай турам.

Ал караңгыдан теше тиктеп, кишинин кебетесин көрүүгө аракеттенип жатты.

Октябрдын башы экендигине карабастан, тиги түлкү тебетейди баса кийип алыптыр, караңгыга кошулуп, анысы үксүйүп, ого бетер анын жүзүн жашыргансыды.

– Мен Чоробай эмесминби? Сен чанып, тийбей койгон Чоробаймын да, унутуп калдыңбы?

Бул сөздөн кыз денеси үркту.

Чоробайды кантип тааныбасын, айылдашы, бирге окуган. Эки жаш мындан улуу экендигине карабастан, булар менен жетинчини бирге бүткөн.

Чоңоюп калган неме класстагы өңү-түсү дурус деген кыздардын баарына бирден кат жазып көрөт. Алардын ичинде ушул Сейилкан да бар эле. Эч кимисинен оң жооп алган эмес. «Силердин бирөөңөрдү күчтөп болсо да аялдыкка албасан, Чоробай атымы башка коёмун» – деп ичинен кекенген ал айрыкча Сейилкандын артынан көп убара болот.

Мектепке баратканда, андан келатканда далай ирет жолун тосуп, жалынып-жалбарат, коркутуп да көрөт. Анысынан эч нерсе чыкпаган соң ата-энесине айттырып, орточу аркылуу максатына жетүүгө аракеттенген. Сейилкан ошондон кийин аны менен беттешип бир жолу көңүлү муздагыдай сөз айткан: «Чоробай, сени классташым, айылдашым катарында сыйлайм. Бирок сүйүү менен сыйлоо эки башка экенин түшүнө турган куракка келдик экөөбүз тең. Мен он жетиден он сегизге карадым, сен болсо жыйырмага кеттиң. Ата-энени мындай иште ортого салган убак эчак өтүп кеткенин окуп жүрбөйбүзбү. Анын үстүнө менин убадалашып койгон жигитим бар.

– Ким? – деп ороң этет Чоробай.

– Анын атынын сага кереги жок. Сага окшогон эле ушул айылдагы балдардын бири.

– Менден кандай артыкчылыгы бар анын?

– Аны деле азыр айта албайм.

– Мени сүйбөйм дечи, кыскасы?

– Сүйбөйм!

Мына ушул сөз азыр денесин калтырак баскан Сейилкандын дилине кылт этти.

Чоробай ошондо: «Эрге тийгениңде да көзүңө бир көрүнүшүм бар» – деген арабадагы чөп үстүнөн аттарына узун камчысын үйрүй берип. Анан катуу айдап жөнөп кеткен.

Ал кезде Чоробай колхоздун арабасын айдап калган кези эле. Андан көп өтпөй согуш башталды. Айылдын жигиттери кан майданга жөнөй башташты. Бирок алардын ичинде Чоробай көрүнгөн эмес. Ал курактуу жаштарга повестка келе баштаганда эле анын бир түндө ата-энеси

менен жок болгондугу жөнүндө сөз тарайт. «Өзбекстанга качып кеткен имиш. Мал баккандарды аскерге жиберишпейт имиш аякта» – деген каңшаарды укканда Сейилкан: «Качкан экенсиң да кайран Чоробай. Жигит болбой жерге кир. Ушундайда мышыкты көргөн чычкандай ийинге качыргандар кийин кантип жер бетинде басып жүрүшөр экен?» – деп аны ого бетер жек көрүп калган. Бу кезде аны унутуп койгон болучу. Айлылда, өзү менен бир класста жети жыл бирге отуруп, таалим-тарбия алган Чоробай аттуу бала болгону эсинен да чыгып кеткен эле.

Ошолордун баары үчүн өч алууга аттанып чыккандай азыр боз чепкендин сыртынан жоолук курчанып, түлкү тебетейди баса кийинип, керзовой өтүгү менен үзөнгүнү аттын кулагына көздөй чирене тепкен Чоробай салабаттуу да, айбаттуу да көрүнүп кетти.

– И-и-и, Чорошсуңбу? – деди Сейилкан тигиден коркмок турсун мындай ээн жерде, түн ичинде жолукканы үчүн сүйүнүп кеткендей тигини эркелеткенсип,

– Ооба, Чорошмун.

Эркелеткендей угулган бу сөздөн көңүлү эргип кетти белем, ал атын алга темине ээрден обдулду да, оң колун Сейилкандын мойнуна артылта берди.

– Койчу, Чорош, ушундай да тамаша болчу беле? Мен башка экен деп коркуп кетсем, өзүмүн классташым турбайсыңбы, жаным эми өзүмкү болбодубу – деди, тулку боюн бийлеп алган алда кандай коркунучту билдирбөөгө тырышып, кыз колу менен тигинин муздак жеңинен нары акырын гана түртүп.

Сейилкан мунун жинине тийгиси келген жок. Кыйкырган менен азыр эч жакка добушу жетпейт. Жини келсе, ал азыр муну атына улактай жапма салат да, түн койнуна кирип, каалаган жагына кете бериши мүмкүн. Алпатандай немеден Сейилкан чындап коркуп турду. Ошондуктан ага жылуу-жумшак мамиле кылуу менен гана кутулуп кетиши мүмкүн эле.

Чоробайдын жели чыга түштү. Сейилкандын эркелегендей жасаган мамилеси аны жумшартты.

Чоробай ата-энеси менен бу кезде кыштоодо жашоочу. Баккан жылкысы өзбектердики болгону менен, жердеген жери – кыргыздыкы.

Булардын айлы Өзбекстан менен чек аралаш. Чоробайлардын барып баш калкалаган колхозу мындан болгондо отуз чакырымча гана этек жакта. Ал райондогу колхоздордун дээрлик бардыгынын кыргыз району менен алакасы бар. Ошентип, алардын малы жайында кыргыздын жайлоосунда, кышында, кыштоосунда кошо жайлашат. Аларды баккандардын көпчүлүгү кыргыздар. Чоробайдын аталаш туугандарынын бири да көптөн бери ошол жакта иштөөчү. Согуш башталганда эл арасынан күн санап жүздөгөн жаштар кете баштаганынан чоочуган Кулмат төрт кыздын ичинде көз карегиндей аспиеттеген ушул жалгыз Чоробайын ошонукуна алып качат. Мурунураак сүйлөшүп алган туугандар бара турган колхоздун башкармасынан араба сурап келишет да, ага үй-ичин жүктөшүп, өздөрү атчан, жөө-жалаң эл жаткандан кийин жолго чыгышат. Колу-кошуналар тигилердин көчүп кеткенин ошентип, эртесн күнү гана билишет.

Алар барган колхоздун бул сельсоветтеги колхоз менен эчактан алакасы бар эле. Кулматтын тууганы аркылуу түзүлгөн ал байланыш. Чоробайлар ошентип, «Өзбекстанга качып кетти» аталышканы менен ушул тегеректен алысташкан эмес.

Бу кезде Чоробай атасы экөөнүн баккан жылкысы алакалаш колхоздун кыштоосунда. Ал жер биерден жети-сегиз гана чакырым нарыда, быткыл-быткыл боз адырдын бир коктусунда. Чоробай деле, атасы деле бу кезде айылды аралап келип жүрөт. Бирок күн баткандан кийин келишип, мындагы жумуштарын бүтүргөндөн кийин кайра киши көзүнө чалынбай турган маалда кетип калышчу. Чоробай мындагы таякесиникине кечээ эл жатарда келип, ошол бойдон үйдөн чыккан эмес. Таежеңеси бозону жакшы чыгарчу. Жуманын ар бир бейшембисинде келип, жекшемби түнүндө кетип жүргөн Чоробай бул жолу да ошенткен. Жылкы багып ээн талаада бир коктуда жалгыз үй отуру-

шуп бук болгон, бир жакка чыкса эле, аны кармап-байлап алып кетчүдөй корккон Чоробай ошентип, аптада бир-эки күн чардап алмайы бар. Оорукчан, элүүдөн ашып калган таякеси мындайда эшик-эликте жүрүп, бирөө жарым булардыкына келаткан болсо, күрс-күрс жөтөлүп калар эле. Бул шарттуу белгиси... «Бекин! Адам келатат!» – деген белгиси. Ичкериде күчтүү бозодон ичкенге кара көздөрү моймолжуп, кылгырган кырктардагы эткээл таежеңеси сунган кесесин жерге коё калып, андайда жээнин дароо далистеги үстү атайлап тешилген бир кезде жүк түбүндө турчу сандыкка жашырат да, өзү үй ичин жыйнамыш болуп калат.

Өгүнчөрөөк келгенде бозого кызыган таежесине Чоробай көптөн купуяда багып жүргөн сырын тышка чыгарат. «Зеригип өлмөк болдум, таежеңе. Сыртка чыксаң одур-будур боппоз адыр. Алдында жылкы, алардын артында укуругун сүйрөп жалгыз өзүң. Кемпир-чал, мен маңдайында жүрсөм, жалгыз үй канча болсо деле жашай беришкидей. Мен жаман болуп атам өзүмү-өзүм түрмөгө салып» – деп андан ары дудуктана калганда эткел Жаңыл тегерек оттуу көздөрүн ого бетер кылгырткан.

– Шерик тап дейсиңби, жээним? Ток этер жерин эле айтсаң. Азыр эмне көп, кыз көп элде. Сендей жигит эмес, чал табылса, үндөбөй ээрчип кетчү кыздар четинен чыгат. Танда. Жеңе болуп берүүгө мен ар убак даярмын.

– Бир кыз бар, таежеңе, жеңеликке жарасаң. Бала кезден ошону жакшы көрчүмүн. Анын жигити бар эле, анысы согуш башталары менен кетиптир, тиги Фрунзеден нары. Эми кантер экен ал кыз, билбейм.

– Кайсы кыз?

Жаңыл колундагы бозо куюп отурган калай чөмүчүн көк кострюлдун кырына жөлөй берип, жээнине карай жылып отурду.

– Сейилкан.

– Сейилкан?

– Ооба, Сейилкан.

– Жигити ким эле?

– Самарбек, Медет койчунун уулучу?

– Билем, билем. – Жаңыл бир аз ойлонуп отургандан кийин: – Ал турса, албетте сага тиймек эмес кыз, жээн бала. Ачыгынан эле сүйлөшөлү, – деген чала кызып калган Жаңыл, – Самарбек менен сени салыштырууга болбойт да. Билими, өңү-түсү да, акыл-эси да дегендей. Аиын үстүнө ал окуган неме. Азыркы кыздар ошол жагына көбүрөөк карап жатышпайбы? Азыр бирок, убак башка. Кыздар ата-энесинин төрүндө отуруп калабызбы деп корко баштаган убак. Уруш канчага созуларын эч ким билбейт экен. Анын үстүнө жаштардын баары кетип калды. Аракет кылсаң, азыр сага үрдүн кызы деле жок дебесе керек, – деп Жаңыл аппак тиштерин кашкайта, кайрадан бозо куюп, кыз тууралу сөз козголгонгобу, тултук бети ого бетер албырып, оолжуй баш таган жээн баласына сунуу үчүн чөмүчүн кармаган.

Бүгүн да Сейилкан тууралуу сөз болгон. Анткени жаңыдан сүзүлгөн бозону жылытыш үчүн отун алып келүүгө сыртка чыккан Жаңыл ушул үй жанынан өтчү жолдо аттуу бараткан аны көрүп калат. Сейилкан атынын башын тарта калып, ага салам айтканда, эми эле сөз кылган кыздын минтип күтпөгөн учурда жолугушунан Жаңыл бир жагынан чоочуласа, экинчи жагынан сүйүнүп кетти. Чоочулаганы – үйгө кирип чай ич десе, ал кирип келсе, Чоробайды кантет?

– Жакшысызбы, Жаңыл эже? Бүгүн ишке чыкпадыңызбы? – деп жайдаңдады, Сейилкан.

– Жакшымын, кагылайын, ишке чыкпаганыма он беш күнчө болду. Акең дагы сууктук ичип калды эски оорусу кармап. Ошондон чыга албай атам. Түш, чай ич.

– Ыракмат, эже чогулуш бар контордо, ошого шашып баратам, – деп кете берген.

Ошондо убакыт намаздигерге жакындап калган. Жаңыл эшикте керкиси менен итаяк чаап отурган эрине «Көз кырыңы сала отур. Сейилкан кайра быякка отөрдө мага айтып кой, ишим бар» – дейт. Каш карайганда кайра атын катуу темине жалгыз өтүп бараткан Сейилканды көргөндө

Алымбек, этек-жеңин кагынып, көп отурганга уюп калган тарбайган арык буту-колун кысырата туруп үйгө кирип, аялына айткыча кыз өтө чыккан эле. Эмненин жумушу болсун Жаңылда. Шашымыш болуп кайра кирет. «Өтүп кеткен турбайбы? Койчу нары! Кыйкырып койсоң, атылып чыкпайт белем. Бир сөзүм бар эле, кап! Тааныдыңбы деги? Сейилкан бекен? Азыр ат минген актип аялдан көп неме жок колхоздо» – деп анан күйөөсүнөн кыздын жайын Жаңыл жээнине угуздура тактап сурайт.

– Көзүм соо азырынча. Көчөрбайдын перме кызыбы акыры? Жана сүйлөшүп турганыңда көрбөдүмбү, минген атын, башындагы жоолугуна чейин? Кандай экенин, анан кантип таанибай калайын, – деп ачууланды, Алымбек күрс-күрс жөтөлүп.

Ошондон көп узабай Чоробай атттанып, Сейилкандын артынан түшкөн.

– Оңу келип турат, жакшылап аракет кыл. Жигитсиң го. Кыз анча-мынча кыйылса, назданганы, анысына караба, – деп шыбыраган Жаңыл аны аттандырып жатып.

Сейилкандын жагымдуу күлкү аралаш чыккан сөздөрү Чоробайды үмүткер кылып таштады.

– Сен дебесем, Ссйил, азыр өзүң билесиң, кыздан көп неме жок. Баягыда кагып-силккениң деле эки кадам баскандан кийин унутулуп калган. Жүрөгүм сен эсиме түшкөндө элирет да турат. Бир жакшы сөзүңү угууга зармын. Билсең, өзбектердин малын багып кеткеним да сен үчүн. Көкүрөгүм окко тосуп баргыдай акмак эмесмин да быякка сени таштап. Чынбы?

Сейилкан үндөгөн жок. Оор улутунуп гана койду. Эки жагын каранды. Эч кандай шарпа угулбайт. Аргасыздан дагы калп жароокерленди. Тигинин жинин келтирбестин амалын кылып жатты.

– Чорош, ыракмат, ичиңе кек сактабаганың үчүн. Сени ак көңүл деп классташтарың баарыбыз мактап жүрчүбүз. Жаңылган эмес экенбиз. Алиге чейин мени жакшы көрүп жүргөнүң үчүн да ыракмат. Бирок өзүң билесиң, менин жигитим бар да? Аны тааныйсың. Жолдошуң, же агаң. Анын

үстүнө айылдашың. Ошону күтүшүм керек да. Экөөбүздүн классташтыгыбыз деле жетишпейби? Минтип, жолугушкан сайын жылуу саламдашып, жылуу коштошконубуздун өзү да каниет эмеспи. Андан көрө үйгө келип-кетип турсаң. Экөөбүздүн бирге окуганды элдин баары билет, андан эч ким шек санашка акысы жок. Жүр, азыр деле үйгө тийип, чай ичип чык – деди, Сейилкан атын теминип.

Чоробайдын үмүтү ого бетер артып чыкты. «Менин жигитим бар эмеспи» – дегенин жана аттандырып жатып Жаңыл таеженеси айткан: «Анча-мынча кыйылганы – кыздын назданганы, анысына караба жигиттик кыл» – дегенине ыйгарып койду ичинен. Чоробай тигини ат тизгининен ала токтотту.

– Мындайда буюргандыкы да, Сейил. Болсо-болгондур жигитиң, эми жок да? Бүгүн барың – эртең жок. Азыр ушундай заман. Аякка кеткендин кайра келиши кыйын окшойт го? Бир жылдан эми гана төрт ай өттү. Кара кагаз келгендер канча? Биздин бир колхоздон отуз чакты кишиден келди андай кагаздар. Үч-төрт киши кайтып келди эле, баары жарым жан. Андайды күтөм десең өзүң бил. «Күндүк өмүрүң болсо, туштүгүнө жорго мин» – деген элдин акылман сөзүн билесиң. Азыр ойноп-күлгөнүң калат. Жаштык деген кайталанбайт экен, кетирген катаңы түзөтүп алгадай.

Чоробай баягыдан акыл менен кызды жибиткиси келди окшойт. Эгер анын бул акылман кеңешине макул болбосо, өзүнө гана кыйын болорун, кийин өкүнөрүн, бирок анда кеч болуп каларын билдиргенсиди. Сейилкандын денеси дагы жыйрыла түштү. Бирок билдирбей жатты.

– Тагдыр таңуулаганын көрөбүз да, Чорош. Келечекти сөз кылбайлычы, азыр. Жүрсөң, андан көрө үйгө чейин жеткирип кой. Караңгыдан өзүм жалгыз коркуп келаткамын. Сенин жолукканың сонун болбодубу – деп чын ыкласы менен тигинин минтип турганына кубангандай, эми анын ат тизгининен тарта Сейилкан өзүнүкүн чу деди.

Чоробай дагы сүйүндү. Үмүтү дагы артты. Бирге басырышты. Сейилкан Самарбектин ата-энесиникине кайрылбай

кетти. Колукту жандап бараткансып, аны менен жанаша ат бастырганы үчүн эле жетине албай келаткан Чоробай кыштак четиндеги а кезде чачыранды үйлөрдүн карааны караңгыдан үлдүр сүлдүр көрүнө башгаганда атынын башын тартты.

– Эмне токтодуң? Жүр, жакын калдык биздикине, чай ичип чык.

– Ыракмат, Сейил. Мен ушул жерден эле кайтайын. Эки жумага жетпей чай ичүүгө бир жолу камынып келебиз. Ата-энемдер да келишет. Мен качырып, уурдап кыз алчулардан эмесмин. Бардык жол-жосуну менен күйөөлөп келемин. Макулбу?

– Ал тууралу сүйлөшпөйлү, Чорош, мен сага айттым го жигитим бар, аны күтөмүн деп. Жүр, чай ичип чык андан көрө, мынчалык келип калдың. – Кыз дагы тигини тизгинден ала алга тартты. Эми Чоробай чоочулай баштады. Сейилкан баятан бери ага бал тилин салып жатып, аны алдап, бирөөлөрдүн колуна салып берчүдөй туюлуп кетти. Ал атынын башын кежигеленте тартты. Кыздын атын эми ал тизгинден алды. Астындагы аты семиз, нары чапчаң эле, эки капталына үзөнгү менен кошо эки согончок катуу тийгенде ордунан атырылып жөнөдү. Сейилкан муну күткөн эмес, ээринде чалкалай берип араң оңолду. Аты тигинин жетегинде арымын эми гана арбыта баштаганда эсине келди бейм, тизгинди чирене тартты.

– Чорош, бул эмне кылганың?

– Алып кетем!.

– Каякка?

– Үйгө.

Коркуп кеткен Сейилкан дагы амал ойлоп таба койду.

– Эми эле бардык жол-жосуну менен алып кетем дебедиң беле? Айныдыңбы?

– Сен айнып атпайсыңбы? – деди Чоро атынын башын тарта берип.

– Эки апта деп атпайсыңбы, убакыт бар го, ойлонуп көрөйүн.

Кыздын бул сөзүнөн тиги дагы жакшылыкты уккансыды.

– Үмүт кылсам болобу?

– Ойлоноюн дедим го. Чорош. Күчтөгөнүң жакшы эмес да.

Муну да таежесинен «кыз назданат» – дегенине ыйгарып, кубанды.

– Эки аптадан кийин күтө бер, Сейил – деди Чоро эми кыздын тизгинин коё берип. «Эшик-төрдү көрүп, чай ичип чыксаң болот эле да?» – деди Сейилкан жигитинин кыйылганына өкүнгөндөй.

– Чайды ошондо ичебиз. Куру кол кантип кирейин чал менен кемпирдин үстүнө?

Мына ушул окуядан алты күн өткөндөн кийин Сейилкан Самарбектердин үйүнө ата-энесинин коштоосу менен эл жатарда кирип келет. Эки күндөн кийин Медет, Салкындар келип той» өткөрүшөт.

Бул окуяны, салтта жок окуяны ар ким ар кандай жоруп, эки-үч жылга чейин дуу-дуу кеп болуп, анан басылган. Ошол жылы көтөрүлгөн жанагы өргөө. Ошол жылы илинген анын кыбыла тарабындагы кызыл шайы көшөгө. Ошондон бери анын далдасында Сейилкан күйөөсүн күтүп жалгыз жатып келатат.

Өргөөгө да, Сейилканга да бу кезде айылдаштары, тааныгандар өзгөчө сый менен карап калышкан.

Ал жакка кеткен баласынын келер-келбеси эми арсар экени, ал барган кан майданда күн сайын эмес, саат сайын жүздөгөндөрдүн, а балким миңдеген адамдардын өмүрү кыйылып турарын ата-эне такыр моюндарына алышкысы келбеди. Эмнегедир, алардын көзүнө согуш деген бозого тойгондон кийин ат чабыш, улак тартышып, анан эки жаатка бөлүнүп алышып, кызыл чеке болгонго чейин мушташкан боз балдар элестөөчү. Андайда баш жарылып, көз чыгып, буту-колу сынышы мүмкүн, бирок жаны аман калат да.

Жигит киши үчүн андай кармашта денесине так түшкөнү – ага атак, абийир гана алып берет эмеспи. Алтын баш аман болсо, жарылган, сынган бүтөлөт да. Медет менен Салкындын уруш жөнүндөгү түшүнүгү мындан ары кетчү эмес.

* * *

1942-жылдын аягында булардын айлына звакуациялангандар келишет. Райондон он төрт үй-бүлө ушул колхозго бөлүнүптүр. Эки бөлмөдөн ашык үйү барларды конторго чакырып, башкарма өзү сүйлөшөт.

Медетке кезек келгенде кабинети суук болгондуктан сары тончон, сүлөөсүн тебетейчен отурган кара мурутун жаңы черттирген арык раис: «Кана, Медет аке, сөздү түшүндүңүз. Сиз эмне дейсиз?» – деп чоң үмүт менен тиктейт.

– Аламын бир үй-бүлөсүн. Буларга жардам бербегенде кимге жардам беребиз? Тили башка, өңү башка болгону менен өзүбүздүн кишилер да. Бүтүн жебесек, жарты жээрбиз. Мурда эки адам жатчу жерге эми төрт киши жатарбыз. Биздики элдикинен да шарты жагынан ыңгайлуураак. Өргөөбүз бар эмеспи, Самарбекке атап көтөргөн. Анда келинибиз эле да. Коркпосун деп биз кошо жатып жүрөбүз. Жашыраак кыз-келиндүү үй-бүлөсү болсо, эрмек болушат бири-бирине. Жаз чыгары менен биз дагы талаалап кетет эмеспизби. Үй дагы бошойт. Каалашса, биз менен кошо көчүп жүрүшсүн – деген. Ошентип, булардыкына Василенко Варвара деген украиналык кемпир Даша аттуу келини менен келет.

А дегенде алар Медеттин эки комнаталуу, далистүү, эски үйүнүн бир бөлмөсүнө жайгашты. Жаңы кошунаны Медет бир коюн союп коноктоду. Күндүз бөлүштүрүп, күн баткандан кийин башкарма орун басары менен аттанып чыгат да, көчүп келгендер жиберилген үйлөрдү кыдырып журүшүп, акырында ушул Медеттикине киришет.

Ак өргөөнүн ортосуна чоң кылып тезек отун калашыптыр. Тулгадагы чоң кара казанда эт кайнап атканын көрүп, башкарма, орунбасары – экөө абдан кубанышат. «Ой, Медет аке, сиз сонун коноктоп атыпсыз го? Жакшы адамга айла жок тура».

– Булар кайда эле, биз кайда элек. Тагдыр экен, минтип баш кошуп калдык. Салтты кантип бузайын, конок келгенде ага баш тартыш керек да. Самарбегим күндүз

келеби, түндө келеби, жыга тартканга деп, эки шишек байлап жүрчүмүн кар түшкөндөн бери. Ошонун бириы сойдум. Бечералар, өңү-түстөн да ажырап калышыптыр, жол азабы, көр азабы деп кыйналышып калган көрүнөт, ысык-жылык да ичишпейт – деген. Анан барс-барс күлгөн: «Башкармам, бир нерсебиз жаман болуп атат. Тилибиз. Сөөмөйүбүз менен сайып көрсөтүп, жаңсап араң сүйлөшүп атабыз. Келип калганыңар жакшы болбодубу. Жок дегенде бүгүн тамагыбызды жакшылап берип алалы, андан аркысын көрө жатарбыз. Дүлөйлөр деле күн көрүшүп жүрбөйбү, сүйлөшө берсек акыры үйрөнүшүп кетербиз» – деп Медет тигилердин келгенине аябай кубанат.

Согушка чейин бир жыл севеттик-партиялык мектепте Фрунзеден окуп келген башкарма орус тилин анча-мынча биле турган. Тамак-аштын аягына чейин ал күнү ошентип, ал тиги эки үй бүлөнүн ортосунда тилмечтин милдетин аткарды..

Сейилкен бат эле Даша менен жакындашып кетет. Булар жашы жагынан гана эмес, эми тагдырлары боюнча да жакын. Даша жыйырма экиге толуп, жыйырма үчкө караптыр. Турмушка чыкканына сегиз ай болгондо согуш башталып, күйөөсү Петро колхоздогу биринчи трактористтерден деп эсептелген, элүү төрттөгү атасы менен фронтко кетет. Өзү балдар үйүндө тарбияланып, ошол жерде үйрөнгөн кесиби боюнча райондук турмуш-тиричилик комбинатында тигүүчү болуп иштеп жүрүптүр. Петро болсо, ошол эле комбинатта шофер болуп иштеп, экөө ошол жерде таанышып, ошол жерде баш кошот.

А дегенде Даша менен Сейилкан буюмдарды сая көрсөтүшүп, аны бири орусча атаса, экинчиси кыргызча атап жүрүштү. Ошентип, экөөнүн тил үйрөнүүсү тең жүрүп жатты. Даша менен биерге антип, жаңсап көрсөтүү менен сүйлөшкөндөр көп болгондуктан, ал жергиликтүү тилди тезирээк үйрөнүп кетти. Бош жаткан капты сайып көрсөтүп күлүмсүрөсө, Сейилкан аны туурагандай жылмая: «кап» десе, тиги аны кайталап :«кап, кап-кап» деп үч-төрт жолу кайталайт. Жерге жазылган супуранын четинде отуруп ун

элеп жаткан Сейилканды көргөндө Даша дагы тизе бүгүп отура калып, а дегенде электи саят: – Элек-элек?.. А понашему «сита», анан ал унду көрсөтүп: понашему, это «мука» десе, Сейилкан «мука-мука» деп эки-үч кайталаган соң, бизче «ун-ун» деп кыргызча Сейилкан кайталап күлөт.

Ошентип, Даша күнү-түнү кыргыз сөзүнө кулак түрө жүрүп, жарым жылга жетпей кайын энеси менен мындагылардын ортосунда тилмечтикке жарап кетти.

Варвара менен Салкын тилмечтик кылчу тиги эки келини жокто бирине-бири оюндагысын түшүндүрө алышпай, акыры сандарын чапкылашып, көздөрүнөн жаш чыккыча күлүп калышар эле.

Медет эмгек фронтуна кеткенде анын үй-бүлөсү жайында да жакада калып, колхоздун талаа жумушуна катышып жүрдү. Варвара, Салкындар да иштечү. Жайында алардын баарысы Самарбек менен Сейилкандын өргөөсүн тигишип, ошондо жатышып жүрдү. Бара-бара Дашаны Сейилкан көшөгөсүнө кийирип, өзү менен жанаша төшөк салып берип жүрдү.

* * *

...Медет кайтып келген жылы. Ал Салкын экөө мал менен жайлоодо жүргөн. Бир күнү Медет жакадагы Сейилкандан, аны менен кошо калышкан мектепте окуучу кыздарынан, Касымбектен, жаңы коңшулары Варвара, Дашалардан кабар алыш үчүн коюн Салкынга таштап, эки күнгө тоодон түшүп келет. Кургаткан, эт, май, сүзмө, курут, кымыз артынып келет. Өгүздүн көтөрүшүнчө жүк алат. Жакада отун да тартыш. Өгүздүн эки жагына как арчаны теңдеп артып, ортосуна жанагыларды коюп, өзү жөө жетелеп келген. Кайрадан анысына туз жүктөп кетиши керек койлоруна.

Эртеси башкармаиы издеп конторго барды. Ал жок экен. Эгин оруу-жыюу башталып калган кез. Күндүз буудай оргондорду кыдырып, кеч киргенден кийин кырмандарды кыдырчу Ашыр башкарма. «Ар бир тоголок дан – душманга атылган ок! Жерде бир дагы баш буудай калбасын» – деген ураан астында күнү-түнү чапкылашып жүргөн кез анда.

Башкарманы Медет төртүнчү кырмандан эл жатар маалда араң тапты... Ага тоодогу ал-авалды түшүндүрөт да, кампачыга карата туз жөнүндө андан кагаз жаздырып алып үйүнө келсе, Даша менен Сейилкан сыртта боз үйдүн жанында жүрүшүптүр. Бир нерсени талашып, улам бири төбөгө жакындан калган айга тосо калып шыкаалашат. Үч паксалуу коргон ичинде дарбазадан кирип, төрт-беш кадам баскандан кийин тигилерди көрүп, Медет токтой калды. «Кордүцбү? Көрдүңбү?» – дешет тиги экөө биринен сала бири сурашып. «Бул эмнеси? Күзгүгө көрүнүшүп атабы?». Медет жөтөлдү. Экөө селт этишип бери карап калышты.

– Медет аба, келдиңизби? Бери бассаңыз, сиз караңызчы, Соня көрбөй жатат, эмнегедир. Балким сизге көрүнөр» – деп селейип нарыда туруп калган немени Даша жанына чакырды. Дашанын бул ачыктыгынан уялып кеткен Сейилкан жер тиктеп үн дебей туруп калат.

Алардын биринен бири жулуп алып, айга тосуп карап жатышканы – алтын шакек болучу. Бүгүн талаада жумушта жүрүп, эвакуацияланып келгендерден бир еврей кемпир түшкү дем алыш маалында чалапка загара, кээлери арпа нан малып жеп отурган катындардын арасынан Дашанын кубарып туурулган чаңдуу колунан ушул алтын шакекти көрүп:

– «Даша, күйөөңөн кат-кабар барбы?» – деп сурайт.

– Биерге келгенден бери жок. Биздин кайда кеткенибизди билбейт да. Мен кат жаздым үч-төрт жолу, бирок жооп келе элек. Башка бөлүккө өтүп кеткенби, же жарадар болуп госпиталга түшүп калдыбы, билбейм. Жакында ал кызмат кылган бөлүктүн командирине жаздым. Жооп келиш керек.

Кемпир дагы суроо берди.

– Күйөөңүн аман-эсендигин билгиң келеби? Даша тигинин бул суроосуна таңдаигандай саамга аны тиктеп турат да.

– Албетте – дейт жаш баладай сүйүнүп.

Анын беттери тамылжып, көкмөк тунук көздөрү жайнап чыкты. Күйөөсүнүн тагдыры ушул кемпирдин колунда

окшоп анан тура калып, анын ийнинен баса жанына барып олтура кетти.

– Билгим келет, Ева Самойловна. Айтсаңыз, кантип?

– Мынабу, шакегиңи көрүп бир кезде укканым эсиме түштү. Никелешкенде күйөөңүн кийгизген шакеги го?

– Ооба, ооба. Эмне экен?

Ева Самойловна келин колундагы шакекти, арыктаганга го, бир аз шалкы турган шакекти ары-бери тегерете минтти:

– Кыз кезимде уктум эле. Сүйгөнү алыста жүргөндө анын берген алтын шакегин түн ичинде ай жарыгына тосуп караса, эгер аман эсен болсо, анын кейпи, сүрөтү шакектен керүнөт имиш деп.

Даша ошону текшерип жатышканын Медетке түшүндүрүп, анан ага да суроо берди.

– Сиз уктуңуз беле, мындайды?

– Жок, Даша, биринчи угуп атам... Силерди кантер экен деп гана айтып койгон го? Кантип шакектен алыста жүргөн адам көрүнсүн. Андан көрө, жаткыла. Жумушка таңга жуук кетебиз деп айтпадыңар беле,

Медет тигинин сөзүн, экөөнүн жоругун этибарга албаган кишидей көрүнүүгө канчалык аракеттенсе да анын үнү калтырап чыкты. Эки жаштын жүрөк түйшүгү мунун да жүрөгүнө өтүп, аны мыжыга баштаган эле. Арыга басып кетти.

Эмгек фронтуна барып келгенден бери Медеттин ички кооптонуусу артып калган. Ошентсе да анысын Салкынга билдирбөөгө тырышчу. Баласынын тагдыры, башка миңдеген, а балким миллиондогон ал курактагы жаштардын тагдыры – өмүрү кыл учунда экенине түшүнүп келсе да, ал тууралу аялына ооз ачпай келет. Өзү да жаман ойду дилине жолотпоого тырышат. Самарбек келүүгө тийиш. Качан да болбосун, ал тиги ансыз көтөрүлгөн өргөөгө кирип, андагы көшөгө артында азырынча жалгыз жатып жүргөн Сейилканы менен, атайын экөө үчүн жасалган жаздыкка баш коюп, бир жууркандан бут чыгарууга тийиш. Ата-эненин тилеги да, күткөнү да ушул. Сейилкандын тилеги да, күткөнү да ушул.

– Мына, мына, менин Петром! Аман экен! Аман экен! Мына, мени карап турат! – деп кыйкырды бир оокумда Даша.

– Кана? Кана? Мен да көрөйүнчү – деп андан Сейилкан талашты.

– Жок го эч нерсе? – деди бир оокумда Сейилкан бош гана.

– Менин күйөөм сага көрүнмөк беле? Өзүңкүн издебейсиңби?

Бул Дашанын үнү.

– Өзүмкүн издеп атам да. Эч нерсе көрүнбөйт го? – деп Сейилкандын ого бетер шагы сынгансыды.

– Келе, берчи, мен дагы көрөмүн Петрому – деп тиги кайрадан шакегин тартып алгандай болду.

Мунун баарын даараткана жакка кетимиш болуп, өргөөнүн ары жагында туруп угуп аткан Медеттин зээни кейип кетти. «Келини» ыйлап жибергендей туюлду ага. Үнү ошондой чыкты. «Тигинин күйөөсү көрүнсө, мунуку эмне үчүн көрүнбөйт?..»

– Кой, кыздарым, жаткыла. Ал кемпир силерге оюна келгенин айтып койсо керек. Ырымчыл неме болуу керек. Тамаша кылса, силер аны чын көрүп алган турбайсыңарбы, жаткыла – деди тигилердин козголуп калган делебесин атайлап басынтыш үчүн, эми Медет орой үн катып.

Кийинчерээк Даша дагы бир түндө ошол шакегин айга тосуп көпкө чейин тыягына-быягына шыкаалайт да, акырында: «Петром жок!.. Көрүнбөйт!» – деп эчкирип ыйлаган бойдон шакегин ыргытып жиберет. Аны үч күн издеп жүрүп, Сейилкан согуштан бери жүгөрү айдалчу отуз сотыхча жердеги огороддун ичинен таап берген. Ошондои кийин алар шакек менен ырам ачканды коюшкан.

Дашалар 1945-жылы кетишти.

Петросун ал 1947-жылы таап алыптыр. Эки бутунан, эки колунан ажырап, ал госпиталда жылдан ашык жаткан имиш. Андан кийин «Эч кандай жакыным жок, урук-тууганымын баары душман колдуу болуп өлгөн» – деп инвалиддер үйүнө өтүп алган жеринен Даша, энеси экөө издеп

жүрүп, акыры табышканын, үйлөрүнө алып кетишкенин жазган. Ошондон кийин булардын ортосундагы байланыш үзүлүп кетет.

Алар чейрек кылым жакын убакыттан соң Москвада колхозчулардын бүткүл союздук съездинде жолугуп калышат. «Соня!», «Даша!» Кремлдин дворецинде танапис учурунда фоеден жолугушуп кучакташып калган экөө баамчыл фогограф ошол замат сүрөткө тартып алат. Ал сүрөт «Сельская жизнь» газетасына «Соня – Даша» аттуу очеркке кошо басылып чыгат.

Даша Василенко Украинанын Харьков областындагы бнр совхоздо он төрт жылдан бери дирехтор экен. Айыл чарба институтун бүтүп алыптыр. Ал эми он сегиз жылдан бери жогорку түшүмдүү тамеки звеносун башкарган Социалиспик Эмгектин Баатыры Сейилкан республиканын жогорку Советинин депутаты экендигинен башка бул очеркте алардын кайдан, кантип жолугушуп калгандыгын, а түгүл алардын күйөөлөрү тууралу да баяндалыптыр. Дашанын жолдошу Петро Василенко бу кезде республикадагы көрүнүктүү жазуучулардын бири экен. Ал эми Сейилкандын күйөөсүнүн акыркы тагдыры тууралу анда эч нерсе айтылган эмес. «Экөөнүн тең эр жүрөк жолдоштору ал кезде жоо бетннде жүргөн. Сонянын (Даша койгон ат) жигити ошентип, Укрина жерин бошотууга катышат, ал эми Петронун сүйгөн жары Даша болсо, кыргыз жерине барып, анъш жары менен бир төшөктө жатып, оор жылдарда бир нанды бөлүп жеп, эгин оруп, суу сугарышкан» – деп гана айтылыптыр, очеркте.

Антип Самарбек жөнүндөгү маалыматтын толук болбой калышына Даша күнөөлүү. Анын өтүнүчү менен ошондой жазылып калган.

Газетанын кабарчысы алардын мейманканадагы номерлерине келип жүрөт. Үч жылдын ичинде кыргыз тилпн таза билип алган Даша аны дагы эле унута элек экен. Сейилкан менен жолугушкан күнү эле, аны чогулуштан кийин номерине алып келип, анан ресторанга ээрчитип кирип, тамак үстүндө анын өзүнөн экөө ажырашкандан кийинки өмүр баянын толук билип алат.

Көрсө, алиге чейин Сейилкан Самарбекти дарексиз деп жүрөт экен.

Ал эми андан 1944-жылдын күзүндө эле кара кагаз келгенин Даша билчү да. Башкарма Дашаны чакырат андай кагаз колуна тийгенден кийин. Даша а кезде колхоздо секретарь болуп иштеп калган.

– Кана, сен айтчы, Даша, эмне кылабыз? Сейилкандын күтүп жүргөн жигитинен билдирүү келиптир. Ошону деп салттагы жок ишти кылып, анын үйүнө өзү кирип келсе жыйырмага жетпеген курагында. Анан бүгүн аны өлдү деп угузсак, кандай болор экен? Сени менен кеңешели дедик, сен аны менен бир туугандай болуп калдың. Мына, үч жылга барат бир үйдө жашаганыңарга, – деп үшкүрүнөт.

Даша саамга тил тартпай отуруп калат. Анан ыйлайт. Шолоктогон бойдон кабинеттен чуркап чыгып кетет. «Кайда барасың, Даша?» – деп, аны азыр эле чуркап жетип Сейилкандарга кабарлап жибереби деп коркуп кеткен башкарма артынан кошо тура жөнөйт.

– «Жок, Ашыр аке (Дашалар мындагыларды ээрчип башкарманы аке дешчү). Мен эч жакка барбайм. Кире бериңиз. Мен бир аз ыйлап, анан киремин» – дейт.

Жарым саатчадан кийин көзү көнөктөп кызарган Даша кайра башкарманын үстүнө кирип: Мен чечтим – деди. – Бул кабарды угузгандан көрө аны атып таштаган оң болот. Эки сөзүнүн бири эле Самарбек. Муну укканда ал кантип чыдайт? Эми калыбына келбейт, жакшысы билбесин. Ушундай кылууга болобу, Ашыр аке? – деди ал дагы көздөрүнө жаш толтура.

– Эмне үчүн болбосун. Бул жөнүндө азырынча эки гана киши билет – мен, анан сен. Тытып таштасак болду, эч ким билбейт да, көрбөйт.

Тытыңыз! – деди Даша чаңырган бойдон ордунан тура калып. Бардык күнөө чеңгелине мыжыга кармап турган ушул жарты барак кагазда окшоп, ушундай эле буйрукту күтүп тургансып Ашыр алигини тытып-тытып жиберди. «Эми мага бериңиз, тыякка алып барып өрттөп таштайм» – деп, аны анан Даша алды.

Ал күнү Даша үйгө шишип-көөп келди. Жумуштан чармап-арып келишкендигине карабастан кучакташа көрүшүп, бирин-бири жулмалай кечтү экөө бу сапар суз көрүштү. Ага карап кучагын жая берген Сейилкан тигинин каканактаган көздөрүн көргөндө токтой калат?

– Эмне болду, Даша? Эмнеге ыйладың?

– Эмнеге ыйламак элем. Петром эсиме түштү бүгүн кайрадан – деп, Сейилканды мойнунан кучактай калып, дагы ыйлайт. Сейилкан аыы араң соороткон. Өзү да көздөрүнөн жаш чуурта жүрүп сооротот. Тигиге боору ооруп ыйлайт.

Газетанын кабарчысына Даша мына ушулар тууралу өзүнүи номеринде айтып берген эле.

Андан бери дагы бир нече жыл өттү. Бирок Самарбек менен Сейилкандын өргөөсү али бүгүлө элек. Азыр ал бул айылда Медет биринчилерден болуп салган төрт белмө, үстү тунукелүү тамдын жанында бактын ичинде. Бу кезде туурдуктары, боолору күнгө күйүп, эскире баштаган. Кышында тамда, жайында анда Касымбектин бир уул, бир кызын багып алган Сейилкан дагы эле жашоосун улантып атат. Кызы быйыл институтка кирди, уулу Мурат тогузунчуда окуп жатат.

Чал-кемпирдин каза тапканына беш-алты жыл болду. Азыр төрт бөлмөлүү үй да, он беш сотых жердеги бак да Сейилкандын карамагында. Башкарма Ашыр пенсияга кетип, жаңы раис келгенден бери Сейилкан колхоздогу парткомдун секретары. Беш жылга аяк басты. Аны күн сайын таңга жуук жеңил машина келип, боз үйлүү короодон алып кетет да, эл жатарда кайра алып келип коёт. Кайниси Касымбек баш болуп, анын бала-бакырасына чейин аны ата ордуна да, эне ордуна да карманып калышкан. Сейилкан бир жакка чогулушка барып кайтканда Касымбектин кичинекейлери Сейилдин мойнуна асылышат: «Энем келди! Эмне алып келдиң?» – дешип, чогулуштан кайткаида туш-тушунан тосуп чыгышат. Сейилкан болсо аларга алып келген белекбечкегин таратып бүтөөрү менен боз үйгө шашат.

Азыр жаңыча жасалгаланган (жыгач керебет, чоң күзгү, керегелеринде килемдер жана сүрөттөр илинген) боз

үйгө, көшөгөсү түрүлгөн бойдон турган боз үйгө шашат. Ошону сагынып келет...

1959

## АТА

Бюро ар бир айдын ушул күнүндө, ушул саатында башталат. Анын башталышы менен бүтүшүнө чейин ар кандай кырдаал өкүм сүрүшү мүмкүн. Иштин тагдыры. Адамдардын тагдыры. Бүтүндөй бир райондун тагдыры. Ошондуктан анын башында турган адамдын – Ашымовдун жоопкерчилиги баарынан жогору, баарынан татаал. Демек бюрону башкарган киши баарынан акылдуу, баарынан адилет, баарынан билерман, баарынан сезгич жана баарынан тажрыйбалуу болушу керек. Ашымов жогорку сапаттардын өзүндө толук болушу үчүн дайыма аракеттенгендерден.

Бюрого Ашымов кылдаттык менен даярданат. Анын күн тартибине коюлган ар бир маселе боюнча алдын ала даярдалган документтерди дыкаттык менен өзү карап чыкчу. Бюронун башка мүчөлөрүнөн да ошону талап кылар эле.

Бу жолу да ошенткен. Кечээ түнкү саат ондордо гана үйүнө кайтты. Ошого чейин кабинетинде бүгүнкү бюронун материалдарын карап отурган. Бирок алардын ичинде бул кызды, анын бардык оюн асты-үстүнө оодарып таштаган кызды, элестеткен эч кандай кагазды жолуктурган эмес.

Саат онго беш минута калганда жанатан бери Ашымовдун кабинетинде аркы-беркини сүйлөшүп отурушкан бюро мүчөлөрү аны ээрчип, заседание залына кириштиІ. Залдын бир башына коюлган узун стол. Мында бюро мүчөлөрү отурушат. Столдун терезе жактагы башында кафедра. Андан кишилер сүйлөшөт. Эшик жанында стол. Аерде отургандар да райкомдун кишилери. Секретардын жардамчысы, бөлүм башчылары, инструкторлор. Каралуучу маселеге жараша алар алмашып турат. Залдын чоң терезелериндеги тактайга жетип чубалжыган көгүш узун пардалар ачылып коюлган. Күн көтөрүлүп калганына карабастан, алиге илеби салкын

эртең мененки жел терезелерден залга агылып кирүүдө.

Ашымов алдындагы күрөң папканы эки жагынан арык манжалуу колдору менен кармай берип, бирок ачпастан али-ги жагымдуу жел агылып кирип жаткан жакты карады эле,алыстагы чокусу аппак тоо кырларын күн нуру сылап-сыйпап турган экен. Бул көрүнүш секретардын көөдөнүн алда кандай көңүлдүүлүк шилеп, курсантчылык тартуулады.

Бул эки кабат имарат Ашымовдун тушунда атайын райком үчүн курулган. Бир жылча болду ишке киришкенине.

Ашымов анан күрөң папкасынын үстүңкү бетин бери кайрып таштап: – Жолдоштор, күн тартиби боюнча кимде кандай сунуш бар? – деди жанатан бери өзүнүн ички сезими менен буйдалып калганын беркилер байкап койдубу дегендей, ар бирине алдыртан тиктеп.

– Бекитилсин деген сунуш бар, – деди биринчи болуп, тигинин оң жагында отурган экинчи секретарь.

Ашымов башкаларга назар салды.

– Бекитилсин, – дешти анан үч-төрт үн удаасы менен.

– Анда ишке кирише берели. Биринчи маселе партияга кабыл алуу. Кана, чакыра бериңиз, – деди Ашымов, ал күн тартибин макулдашып жатканда эшик жанындагы дубалга такай коюлган стол четинен тура келип, азырынча жабык каалганын туткасынан кармай калган арык аялга карап. Бул партиялык - уюштуруу бөлүмүнүн инструктору. Бөлүм башчысы да ушунда. Партияга өтүүчүлөр ушул бөлүм аркылуу даярдалат эмеспи.

Партиялык уюмдун секретары колуна кармай кирген делону ачат да, берки жакта отургандардын жаңсоосу менен алдыңкы катардагы орундуктун бирине көчүк баскан жаңы өтүүчүнүн анкеталык маалыматын окуй баштайт.

Бюро мүчөлөрү анан өтүүчүгө каалагандай суроо берүүгө акылуу. Программа, устав боюнча гана эмес, өмүр баянына, кызматына, окуусуна тиешелүү суроолорду да беришет. Кыскасы, партияга өтүүчү кишини бардык жактан текшерип көрүш керек. Татыктуубу, жокпу? Иште да, жеке турмушунда да башкаларга үлгү көрсөтүүчүлөрдүн,

коммунист деген улуу наамды алып жүрүүчүлөрдүн катарын толуктаганы жатпайбы. Ошого арзыйбы, жокпу? Жаңылбоо керек. Адамды баалоодон кеткен жаңылыштык – башка бардык жаңылыштыктан оор. Муну айрыкча, бүгүнкү бюрону башкарып отурган Ашымов жакшы билет. Он беш жылга жакындап баратат анын жалаң биринчи секретарь болуп иштегенине.

Педагогикалык окуу жайын согуштун алдыңкы жылы бүтүп келип, бир жарым жылча мугалим болуп иштейт. Анан комсомолдун райондук комитетинин экинчи секретарлыгына көтөрүлөт.

Анан согуш…

Эки жыл майдан. Жеңил жарадар. Отпуска. Дагы согуш. Дагы кызмат. Улам бир тепкичтен жогору. Ашымовдун: «Адамдардан жаңылуу, демек өзүңөн жанылуу» – деген жыйынтыкка келгенине көп болду. Ошондуктан, партияга өтүүчүлөргө, кызматка көтөрүүчүлөргө анын бу кезде өзүнчө талабы бар.

Бардыгы өз нугу, өз тартиби менен өтүп жатты. Алтынчы болуп киргенди бюро кабыл алуудан баш тартты. Колхоздо башкы инженер экен. Эки жыл болуптур иштеп жатканына.

– Үй-бүлөң барбы? – деп сурады Ашымов адатынча жай гана коюу кашын бир аз жыйрып, тиги таржымалын айтып бүткөн соң.

Жигит эмнегедир шар жооп бербестен, мукактанып калды.

– Болгон, бирок…

– Бирок дегениң кандай?

– Ажырашып кеттик эле.

– Ажырашып?…

– Ооба.

– Бала барбы?

– Бар.

– Нече?

– Экөө.

– Алар кайда?

– Энеси менен.

– Эмне себептен ажыраштыңар?

Жигит кежигесин кашына бутунун башын тиктеп, дагы саамга буйдалып калды.Бул жерди бюро дейт. Андан эч нерсени жашырууга акың жок, эгер коммунист болууну кааласаң, деди баятан берки тигинин жообуна алымсынбай отурган экинчи секретарь ага карап.

– Партиядан жашыра турган эч нерсе болууга тийиш эмес, – деп кошумчалады Ашымов, экинчи секретарь анын оюндагысын айтты белем.

Жигит эми гана башын көтөрүп, өзүнө жабалактай тиктеп, жооп күткөн бюро мүчөлөрүн сыдыра карап алды. Анан жооп берди.

– Мунаса кыла албадык. Мүнөзүбүз келишпей калды.

– Өзүңөр баш коштуңар беле, же бирөө күчтөп үйлөндүрүп койду беле?

Бул суроону райондук аткаруу комитетинин председатели, ар убак күлүмсүрөп сүйлөгөн, кырктардан жашы ашкан кубакай киши берди. Анын көзүнө тиктеп турган жигит тигинин күлүмсүрөгөн өңүнөн а дегенде тамашабы деп да ойлоду. Анан бюродо экени эсине түшө калдыбы, суз тартып салмактуу жооп берди.

– Ким зордомок эле. Өзүбүз табышып, өзүбүз үйлөнгөнбүз. Адегенде мен автодорожный техникумда окуганмын. Ал да ошерде окуучу. Аны бүткөндөн кийин, мен автобазада, ал ДЭУда иштеди. Бир жылдан кийин мен политехникалык институтка кирдим. Ал төрөп калып, бара албады. Анын үстүнө бирөөбүз иштеп, акча табышыбыз керек эле. Мен институтту бүттүм. Кызматым жогорулады. Демек акчам да көбөйдү. Картаң ата-энем бар. Анын ата-энеси жок. Башка райондо жүрөбүз. Айына аларга 20-30 сомдон акча салып турууну чечтик. Адегенде макул болгон аялым, жарым жылга жетпей жаңжал салды, ошол ырбап отуруп, акыры ажырашууга алып келди.

– Балдарчы? – деди Ашымов тигинин айтып жатканы жүйөлүү экенине ынанып турса да, тирүүлөй жетим калган балдарды элестеткендей кабагын чытып берип.

– Балдарга алимент төлөп атам.

Демек, бул районго аялыңан, балдарыңан качып келген экенсиң го? Бул суроону да райондук аткаруу комитетинин председатели берди. Анын жылмайганы эми каарданганга окшоп кетти.

– Жок, качканым жок, арызым боюнча которушкан.

– Азыр үй-бүлөң жокпу?

– Бар, бир жылча болду үйлөнгөнүмө.

– Эки баласы менен аялын таштап... Дагы партияга өтөт имиш.

Бул сөз бюро мүчөлөрүнүн кимиси тарабынан айтылганын өз ою менен болуп калган Ашымов байкабай калды. Бирок анын салмагын сезди. «Чын эле ушундай кишини, жашы отузга жетпей жатып, эки баланы жетим калтырууга үлгүргөн кишини партиянын катарына алууга болобу?»

– Дагы суроо барбы? – деп адегенде оң жагындагыларга, анан сол жагындагыларга тиктеген Ашымовго анын оюндагысын окушкандай баары:

– Жок, – дешти.

– Анда сунушум бар, – деди биринчи болуп, райондук аткаруу комитетинин председатели. – Менимче, Байматовду партиянын катарына алууга болбойт. Моралдык жагы шектүү экен. Окууну бүткөнчө гана эптеп жашап, бүткөндөн кийин таштап жүрө берген турбайбы. Беш жыл бою аялы багыптыр муну. Бүтүп алгандан кийин жанагыдай жок нерседен шылтоо таап, жолго салган турбайбы. Мен, маселен, ушундай деген жыйынтыкка келип отурам. Ошондуктан мунун партияга өтүшүнө каршымын.

– Менин пикирим да ушундай, – деди экинчи секретарь, баятан бери бир нерселерди күрөң папканын ичинен алган актай баракка чиймелеп жатканын токтото калып.

Ашымов жыйынтык сөзүн айтуунун ордуна дагы суроо берди:

– Балдар тууралу ойлодуңбу? Байматов селт этип башын көтөрдү.

Секретардын көздөрүнөн бир деме издегендей секундга тигиле тиктеген жигит анан акырын күңк этти.

– Ойлогондо эмне кылмак элем? Тиешелүү акчасын төлөп атам.

– Акча эмес, а дегенде балдарга ата-эне керек, түшүнөсүңбү ушуну? – секретардын үнү бийик чыкты.

Байматов кайрадан бутунун башын тиктеп калды.

– Партияга өткөрүүнү сурап арыз берүүдөн мурун жаман-жакшы жактарыңы таразага салып өлчөп көрүшүң керек эле. Кыскасы, татыктуу эмес экенсиң азырынча анын катарына өтүүгө. Бара бер, – деди Ашымов башка мүчөлөрдүн пикирин жана эле уккандыктан, экинчи аларга кайрылбастан.

Залга киргендин ар бирине бюро мүчөлөрү таңыркагандай жабыла жалт карап алып жатышты. Бул көз караш менен партияга өтүүчүнүн өңү-түсүн гана эмес, ойдогусун, башкача айтканда, улуу партиянын катарына кандай максат менен кире турганын да билүүгө аракеттенгендей алар сырдууда, сүрдүү да эле. Киргендерди адегенде буйдалтып, жалтанткан да ушул көрүнүш.

Эми жанагы кара костюм, ичинен ак кофта кийген аялдын ачкан эшигинен сымбаттуу кыз көрүндү. Мезгил күзгө таянып калгандыктанбы, ал кара жүн көйнөк кийиптир. Анысынын кыйма жакасынан көкүрөк жагын көздөй беш агыш сызык жатат. Анысы ак жумуру моюнга түстөшүп, алиги тоо чокуларын аймалап турган күндүн нурларын элестетип жиберди, эмнегедир аны кадала тиктеп калган Ашымовдун көзүнө. Башкалар адатынча бир жалт карап алып: «А сенсиңби?» – дегендей кайра эле баштарын бурушуп, алдыларындагы кагазга үңүлүп калышты. Ал эми Ашымовдун көздөрү кызга кадалды да калды... Жазы маңдайы бирде жазыла калып, бирде тырышка толуп турду.

Алиги кыз бюро мүчөлөрү отурган узун столдун орто ченине келип, так Ашымовдун маңдайына токтоду. Сол колунда кара сумка. Билегинде кичинекей саат. Биринчи секретарь терезеден түптүз тийип турган күнгө байкабастан карап алгансып, анан көздөрүн чылк жума саамга тунжурай түшүп, кайра ачты. Анан тигинден далдалангансып, алаканын көз үстүнө калканч кыла астындагы кагаздарга карап, тымтырс

отуруп калды.Жанагы кыздын алдында он колуна эки делону (демек ал секретарь болуп иштеген баштапкы уюмдан бүгүн партияга өтчү эки киши экен) кармаган бойдон кирген толмоч, элүүлөр чамасындагы киши үстүңкү күрөң түстүү делону ачып, мурдагыларды тууралгандай окуй баштады.

«Жолдош бюро мүчөлөрү, № 2 автобазанын алдындагы баштапкы партиялык уюмуна автобазанын диспетчери Дурусбекова Жумагүлдөн партиянын кандидаттыгына кабыл алууну өтүнгөн арыз түштү. Ага рекомедация бергендер – деп андан ары алардын партиялык стажын, Дурусбекованы качантан бери билишерин айтып, анан жалпы чогулуштун бир добуштан кабыл алгандыгын билдирди да, делону жаап, биринчи секретарга сунду. Ашымов делогу колун сунуп жатып да, алиги кыздан көзүн албады. «Качан, кайдан көрдүм эле?...»

Боолголоп жатты. Көөдөнүн алда кандай жагымдуу нерсе аралай чаап жөнөдү. Көптөн бери кийилбей калган эски кийимди ийнине сала койгондо мурунга урган эчакы атыр жытындай бул сезими жүрөккө ушунчалык жакын, нары жагымдуу эле, Ашымовдун жан дүйнөсүн козголтуп жиберди... Кыздын бутунан тартып, башына чейин сыдыра тиктей берди... Көздөрү да, каштары да, бети тамылжып уялыңкы жер караганы да, болор-болбос ууртунан күлүмсүрөгөнү да, мурду, оозу, а түгүл бою да тааныш. Болгону үстүндөгү кейнөгү, бутундагы бийик такалуу кара туфлиси, күрөң байпагы башка. Чач түргөнү башкача. Болбосо, бул кызды таанийт.

«Ким эле? Кайдан көрдүм эле?»...

Ашымов чарчаңкы, бирок акылга, мээримге толо көздөрүн дагы жумуп, кайра ачты. Дагы эле ошол кыз... Ошол кебете-кешпир... Таанийсыңбы? Мени дегендей эми кыз аны тиктеп турду. Анын көз карашынан жалтангандай секретарь алдында жаткан кагаздарды ары-бери оодарыштырып, анан өйдө карабастан:

– Өмүр баяныңы айтчы, кызым, – деди. Акыркы сөз кантип тил учуна келе түшкөнүн Ашымов байкабай калды. «Уулум», «кызым» – деп отургандай бюро үйү эмес да.

Ар убак баштапкы уюмдун секретары өзүнө сунган делону ачып, андагы кишинин атын, фамилиясын дагы бир жолу тактап алган соң, аты-жөнүнөн айтып гана кайрылчу. Ошондуктан бюронун башка мүчөлөрүнө Ашымовдун оозунан чыккан «кызым» деген сөз өөн учурады окшойт, ага жалт караштьı. Бирок тиги көңүл бөлгөн жок. «Туура» – дегенсип, кебелбеди. «Мен, Дурусбекова Жумагүл, бир миң тогуз жүз кырк бешинчи жылдын төртүнчү мартында ушул районго караштуу Кашка-Суу кыштагында мугалимдин үй-бүлөсүндө туулганмын»...

...Кыздын оозунан чыккан фамилия да, район да, кыштак да Ашымовго тааныш. Жана укканда «Окшош фамилия азбы» – деп анчейин этибарга албаган эле. Кыздын өңү-түсүн бирөөлөргө окшоштуруп, баятан бери кимге экенин эстей албай чалды-куйду ойго чырмалган Ашымовдун тынчсыздануусу ого бетер күч алды. Эртеден берки таттуу сезим мына ушул минуталарда бузулгансыды...

Ашымов эки колу менен чеке терисин түрүлтө кармаган бойдон кызга дагы телмире тиктеп отуруп калды.

Кыз өмүр баянын айтып бүттү. Эмненин өмүр баяны анда. Жети жашында мектепке кириптир. Он сегизинде аны бүтүрүптүр. Турмуш жагдайы андан ары окуусун улантууга мүмкүндүк бербептир.

Ашымов эми оң колунун көк тамырлары көрүнгөн муштумуна жаагын таянган калыбында карап отурду. «Добушу да тааныш. Муну укканмын. Бирок качан? Каерден? Кимден?...

Өмүр баянын айтып бүткөн кыз баягыдан өзүн токтотуп алды көрүнөт, сол тизесин аз бүккөн калыбында оң кашына келип сеңселе берген биртал самаайын ак көпшөк манжалары менен кулак артына кайрып сылап койду да, биерде отургандарга эркин көз чаптырды. Ансыз деле наардуу бетинде кызыл ойноп турду.

Дагы Ашымов сөз башташ керек эле. Ал болсо, жаагын таянган бойдон үн-сөзсүз. Анын ич туйгусун сезгендей, экинчи сектретарь суроо берди.Партиянын биринчи уставы, программасы качан кабыл алынган эле?

– 1903-жылы РСДПРнын экинчи съездинде.

– Кандай газет, журналдарга жазылгансың?

– «Ленинчил жаш», «Комсомольская правда» жана «Кыргызстан аялдары», «Ден соолук» журналдарын алам.

Үчүнчү суроону райаткомдун председатели берди.

– Үй-бүлөң тууралу айтпадың го?

– Атам жок, согушта курман болуптур, мен көргөн эмесмин аны. – Жумагүл башын төмөн салды. Кыздын өңү эмнегедир кубара түштү. Жашыгансып кетти. Муну байкаган председатель тигинин көңүлүн көтөрө сөз кошту.

– Андай ата менен сыймыктанууга тийишсиң. Биз да сыймыктанабыз алар менен. Демек, азыр апаң экөөңөр жашайт турбайсыңарбы? – деди ал дагы ушул ичине сыр каткандай ойлуу кыздын тагдырына кызыкканын жашырбай.

– Жок, өзүм эле… Апам да мени төрөгөндө каза болгон экен. Он бир жашка чейин таенем баккан. А киши өлгөндөн кийин балдар үйүндө тарбияланганмын.

Алиги оң жак жаак терисин муштуму менен улам өйдө карай түрүп бараткан Ашымов эми гана эсин жыйгандай акырын үшкүрүнө, так өзүнүн тушунда турган графинге кол узатты. Подноско көмкөрүлгөн жука стаканды алды да, ага суу куюп ичип жибергенден кийин ак бет аарчысы менен оозун сүртүп жатып, оң жагында отурган экинчи секретарына шыбырады: «Сиз уланта бериңиз». Анан чыгып кетти. Коридордун ары жагындагы кабинетке кирди. Кабыл алуу бөлмөсүндө бир нерсени машинкага басып жаткан толмоч татынакай кызга: «Менин үстүмө эч кимди киргизбе, телефонго да кошпогунуң», – деди. Секретардын өңүн көрүп, кыз чочуп кетти. Жүзү купкуу эле Ашымовдун. «Ооруп турасызбы?» – деген суроосу кыздын тил учунда калып кетти. Ашымов кара дермантин капталган бийик каалганы ошол замат бекем жаап алган эле.

Креслосуна отургандан кийин бир ак, бир кара телефон турчу чакан столдун четиндеги графинден дагы суу ичти. Эми стаканды толтуруп ичти. Чалкалай олтурду. Мындагылардын бардыгы ушул имараттын бүтүшү менен кошо

алынган буюмдар: береги сол жактагы дубалга жакын эки жагына күрөң кайыш капталган жөлөнгүчтөрү бийик он беш чакты орундук коюлган стол, кабинеттин оң канатына коюлган китеп шкафы, а түгүл тактанын үстүндөгү бүт бөлмөнү ээлеп жаткан өңдөш эки палас дагы жаңы. Ушул буюмдардын баары, төрт дубалы жашыл менен боёлгон, шыбы аппак кабинеттеги тазалык, жымжырттык да босогодон аттаары менен анын көөдөнүнө кандайдыр бир жагымдуу сезим тартуулаар эле. Көңүлүн көтөрүп, сергитчү демейде. Демилгесин, жоопкерчилигин арттырып, албан-албан иштерди аткарууга чакыргансып турчу. Азыр болсо, алардын баары жупуну тартып кетти.

Көчө тараптагы үч чоң терезенин ар бириндеги экиден бөлүнүп чубалжыгын агыш жибек пардалар да азыр бөлмөгө демейде агылып кирип турчу жарыкты, желди тосконсуп, кабинет караңгы тартып, абасы да жетишпей баратканcыды. Ашымов ансыз деле ичке мойнуна кыушпай турган ак көйнөк жакасын сөөмөйүн сала төмөн басып койду. Тамагы кысылып турду. Чөнтөгүнөн сигарет алып чыкты. Анын түтүнүн калың эриндерин чормойто берип жогору үйлөгөндөн кийин бөлмө ичи ого бетер суз, ого бетер күңүрт тарткансыды. Шадылуу арык колдорун креслонун жан жыгачтарына бош таштап, алды майда тырыштар менен тордолгон көздөрүн жума, башын жөлөнгүчкө бекем такай отуруп калды. Бул кебетесинде ал ой түбүнө сүңгүгөн окумуштуууга, же жазуучуга окшоп турду. Сигаретинин боз күлү узарып отуруп, өзү түштү. Бир жолу соро тарткан бойдон ага ооз тийгизген жок. Сөөмөй менен ортонго кыстара кармалган ал акыры өчүп калды. Жанагы кыз көз алдында...

...1943-жыл эле. Ашымовго госпиталдагы комиссия үч айга үйүнө отпуска берет. Ал убакыт бүткөндөн кийин райвоенкоматтын алдындагы комиссия аны дагы бир жылга калтырат. Буга райком кийлигишет. Анткени Ашымов согушка кеткенге чейин комсомолдун райондук комитетинин экинчи секретары эле. Ал отпускага келерден мурдараак биринчи секретары согушка кетет. Ошонун ордуна киши

таппай жатышканда тигинин келип калышы партиянын райондук комитетин кубандырган. Советтик Армия чабуулга өткөндөн кийин райондогу комиссия да согушка бир жолу барып келгендерге мурдагыдан жумшагыраак мамиле кылып калган эле.

Ошентип, Ашымов райондун белдүү активдеринин бири катарында атка минет да, колхоздон-колхозго, айылдан-айылга чапкылай баштайт. Госпиталдан кармай келген балдактарын ал үч айга жетпей таштаган.

Эстүү-акылдуу жигит аз эле убакыттын ичинде элге таанылып, оозго алынып кеткен.

Кенжеканга ал күтпөгөн жерден жолугат. Райондун борборунан он чакырымча жердеги колхозго комсомолдук чогулуш өткөргөнү барганда көрөт. Андагы жети жылдык мектепте ВЛКСМдин эки гана мүчөсү болгондуктан колхоздогу уюмга карашчу. Кенжекан ошол уюмдун секретары экен. Колхоздо, мектепте иштеген жаштардан ал орунга андан ылайыктуусу табылган эмес. Педагогикалык окуу жайын бүтүп жатканда согуш башталып, Кенжекан ушул мектепке туш болгон. Өзүнүн айылы башка сельсоветте.

Ашымов катышкан чогулушту, ошентип Кенжекан башкарат. Чогулуштан кийин ага катышкан колхоздун председатели конокко чакырат. Кыз каңырылып: «Ырахмат, менин ишим бар эле, эртеңки сабакка» – деп сөзүнүн аягына чыга электе председателден мурда озунуп, Ашымов сылык гана сүрөп койду: «Сабыр аке көп кармабайт го. Мен да районго кайтмакмын. Эртең саат ондо бюробуз бар».

– Тамак даяр болуш керек, айтып келгем үйгө. Жүрө бер, Кенжекан, көп отурбайсыңар, – деди председатель.

Кенжекан тиги экөөнүн ортосунда баш көтөрбөй уялыңкы басты.

Ашымов а кезде иччү эмес. Муну председатель билчү. Мурда да аныкында бир курдай болгон. Райкомдун бюро мүчөсү Ашымовдун жаш экендигине карабастан, кайда барбасын, чарба жетекчилери өздөрү тосуп алып, өздөрү узатып жүрүшөт. Анын үстүнө оор басырык, кеби-сөзү орундуу бул жигитти алар ичтеринен жактырышчу.

Сабыр өзүнө арак куйду да, берки экөөнө вино сунду. «Жок, агай, мен ичпейм» – деп Кенжекан тиги унчукпай эле анын алдына коё койгон стаканды бериге жылдырды.

– Такыр ичкен эмессизби? – деди Ашымов жагымдуу жылмайып.

– Такыр ичкен эмесмин.

– Бүтүрүү кечесинде да ичкен эмессизби?

– Жок, – деди Кенжекан катарында отурган Ашымовду жалт карап.

– Биз деле ичпей коёлу, Сабыр аке.

Ашымов муну чындап айтып жатты. Кыздын көзүнчө ичүү адептүүлүк эмес да. Анын үстүнө биринчи жолугушуп жатпайбы. Райондогу жаштардын жетекчиси деген аты да бар. Муну да унуткан жок секретарь. Жана эле алтымышка жакын кыз-уландар катышкан чогулушта жалаң гана алардын колхоз өндүрүшүнө катышуусу тууралу сөз кылбастан, жаштардын жүрүш-турушуна тиешелүү акылнасыят айтканы да эсинде.

Анын баарын азыр булардан уялгандай, ийменгендей дасторкон четин сөөмөйү менен акырын-акырын сайгылап, башын көтөрбөй отурган Кенжекан да уккан. Ушуну түшүнгөн, нары ичкиликтин үстүнө түшө калганды билбеген Ашымов чындап эле баш тартып жатты.

– Мейли, Кенжекан ичпесе-ичпесин, кыз эмеспи, экөөбүз аз болсо да ичели. Ансыз жеңеңи таарынтып коебуз. Бизди келет деп эртеден бери күймөнүп, баарын минтип камдап отурса, ооз тийбесек, экинчи жолу коноктобой коёт. Жеңеңердин сырын айтып коёюн. Кана, эсенчиликке, – деп, Сабыр өзүнүн стаканын Ашымовдун бери жылдыра берген стаканына кагыштырып токтотуп калды.

Ашымов тиги кишини кыя алган жок. Ооз тийип, кайра койду. Көп өтпөй Сабырдын узун бойлуу, бети түйшүктөн албырган кой көз аялы кирди. Ал эринин жанына тизелерин жупташтыра, көйнөк этегин шыйрагына жеткире тартып отураары менен, үйдүн ичи жандана түштү.

– Куп болбодубу келгениң, Кенжекан синдиң мындай немени алиге чейин оозуна албаптыр. Дурусбек кайниң

да ичпейм дейм. Эми быягың өзүң билчи, – деп Сабыр оор тулкусун артка жылдырып, чарадагы этти устукандоого киришти. Бурул кыйын экен, берки экөөн ичирди. Өпкө-боорун чапкылап отуруп, Кенжеканга да отуруштун аягына чейин жарым стаканды ичирип койду.

Ашымов бир маалда Кенжеканга жагып калганын байкады. Кыз купулуна толуп отурганын сезген сайын, ал дагы орундуу, дагы орундуу, дагы салмактуу, дагы маанилүү сүйлөөгө тырышып жатты.

Кечки саат тогуздарга тараштты. Мезгил кеч күз болгондуктан, түн эбак өз өкүмүн жүргүзүп калган булар сыртка чыкканда. А дегенде Сабырга, анан Бурулга кол сунган Ашымов мындай деди:

– Сабыр аке, сиз эми убара болбой кала бериңиз. Кенжеканды, колхоздун секретарын аман-эсен үйүнө жеткирүү милдетин мен мойнума алайын. Ат сарай ошерге жакын эмеспи. Андан ары өзүм аттанып кете берем.

Дурусбек менен Кенжекан жанаша басып кетишти.

Коштошууга Дурусбек эшик алдында кол сунду эле, кыз шашкандай колун узата салды. Тиги бир топко кармап, кадала тиктеп туруп калды. Кенжекандын алаканы нымшып чыкты.

– Таанышып алдык, көрүшкөндө саламдашып туралы?

– Макул…

«Ушинтип жооп бериш керек беле, же башкачараакпы» – деген кыязда кыз жер тиктеди.

– Мен эгер сиз ойлогондон көбүрөөк көрүнүп, көбүрөөк салам берсем, капа болбойсузбу?

– Жок…

«Бул жообумчу» деп Кенжекан ичинен, тигинин эмне үчүн а деген жерден ушул суроолорду берип жатканына бир жагынан таңыркаса, экинчи жагынан жүрөгү ысыды.

– Эч кимди таарынтпайымбы, ары-бери каттаганда мектебиңизге, же үйүңүздү көрүп алдым, биерге тийип салам берип өтсөм?

– Кимди таарынтмак элеңиз?

– Анда көрүшкөнчө кошуңуз. Жакшы түш көрүп жатыңыз. Кийинки жолугушканда айтып бересиз, макулбу?

– Макул...

Эми биротоло тердеп чыккан колун бир азга коё бербей турса экен деп тилеген Кенжекан ошентип, Дурусбектин жанагы суроолоруна туура же натуура жооп бергенин сезбей калган. Бирок ал жоопторду ошол күнү, андан бир нече саат мурда пайда болгон купуя сезим айттырып жатканын кийинчерээк билди.

Андан бир ай өтпөстөн Дурусбек мектепке келди. Башка колхоздон келатыптыр. Кенжекан иштеген мектеп жол боюнда эле. Бу сапар мындагы комсомол жана пионер уюмдарынын иши менен таанышуу үчүн кайрылыптыр. Кенжекан менен аңгемелешти. Аны колхоздун конторуна чейин, анан өзү менен бирге алып кетти. Ал башкарган уюмдун ишине тиешелүү кагаздарын баары ошол жерде эмеспи. Демек шылтоо жүйөлүү. Эч кимдин шек саноого акысы жок. Бүгүн ал Кенжекандын жүзүнөн, кыймылынан, сөзүнөн мурункудай кысылгандыкты, ийменгендикти байкаган жок. Тескерисинче, ал мунун тамашасына тамаша менен жооп берип жатты. Бу жолу да Дурусбек аны үйүнө узатып койду. Кенжекан мектепке жакын жердеги бирөөнүкүндө өзүнчө бөлмөдө жашачу. «Баягыда үйгө кириңиз дегенден уялдым. Эми жакшы таанышып калдык, кирип даам татып чыгыңыз. Эшикке келип, үйгө кирбесеңиз, салтты бузгандык болот» – деп Кенжекан тигини чыканактан ала өзү жетелеп кирди бөлмөсүнө. Ошондон тартып, Ашымов бу колхозго, айрыкча мектепке көп келчү болду. Келген сайын Кенжекан жашаган узун тамдын четки бөлмөсүнө кирбей кетчү эмес.

Алардын таанышканына беш ай толбой, жогор жактан келген жаңы көрсөтмө боюнча Дурусбекке окшогон жеңил жарадарларды кайрадан комиссиядан өткөрүштү. Дурусбек ошентип, экинчи жолу 1944-жылы согушка кетет. Биринчи катында мындай дептир: «Кенжеш, мен кайрадан жоокерлердин сабындамын. Польшанын жерине келдик. Кайрадан минометтук взводду беришти, офицер

эмесминби. Буйрук экен, күтпөгөн жерден тааныштык эле, күтпөгөн жерден кайра ажыраштык. Бүгүн минтип кат жазып отурам, балким эртең... Жок, андайды оюма да алгым келбейт. Сени менен кайра жолугушууга тийишмин. Ошол күнү той өткөрөбүз. Ага чейин сагынбай коё тур, Кенжешим... Келечектен тезирээк көрүшүүнү тилеп, Дурусбегиң».

Ушул катты алганда Кенжекан эки күн мектепке барбай ыйлады. Ооруга шылтоолоп, үйүнөн чыкпай жатып алды. Дурусбек кеткенде да үч күн ыйлаган. Үйдүн кемпири араң сооротkon. «Жалгыз сен эмессиң, кызым, эркегинен ажырап аткан, сабыр кыл. Аман болсо келип калар, уруш бүтөт имиш го жакында».

Түркөй кемпир тигини Кенжеканга биротоло эр санап калган. Анткени жайдары жана ынамдуу Дурусбекти алар мында келген сайын көрүшчү. Кенжекандын коштоосу менен бул үйдүн босогосун аттар замат ал а дегенде карыларга салам айтып, анан кыздын белмөсүнө кирер эле. Ал болочок күйөө экенин Кенжекан а дегенде кемпирге билдирет, ал болсо чалына.

Ошол бойдон кат-кабарсыз кеткен Дурусбек 1946-жылы Ыраакы чыгыштан демобилизацияланып келет...

...«Андан бери мына, жыйырма бир жыл өтүптүр» – деди Ашымов, эсин эми гана жыйгандай креслосуна түз отура калып.

* * *

Кенжекан боюна бүткөнүнө толук көзү жеткенден кийин, апасын, жалгыздыгын, оорукчандыгын шылтоо кылып, окуу жылы бүтөрү менен райондон өз айлындагы мектепке буйрук алат.

Жесир апасына ал болгон окуяны жаап-жашырбай, төкпөй-чачпай айтып берет. Апасы адегенде кубанып, «Согушка кайра кетип калды» – дегенде: «Бактысыз кызым, ай, жаштыгың ошол да, болбосо мени чакырбайсыңбы, никеңерди кыйдырып коёт элем. Эми келсе го дурус аман-эсен. Кокус келбей калсачы? Анда кантесиң? Ким ишенет, эрге тийген элем десең?» – деп ыйлаган. Ага кошулуп

кызы да бар күнөөсүн ошондо сезгендей, көпкө шолоктоп басылган. Анан Кенжекандын эсине Дурусбектин алыстан жазган каты түшөт. Ошону менен энесин, өзүн сооротуп: «Мына, каты анын. Буга да ишенбейби эл? Ишенет. Мен болсо ага өзүмө ишенгендей ишенем. Жер каратып кетүүчүлөрдөн эмес да. Аты Дурусбек, апа. Аты жакшы бекен? – деп анан ийинден ала жаркылдаган.

– Жакшы экен аты, жакшы экен, кызым. Эми бактыңа келип калса болгону. Ата-энеси бар бекен?

– Бар. Ага-туугандарым да бар деген.

– Жакшы экен анда, кызым. Өнүп-өскөн жер турбайбы. Сенин жалгыздыгыңа жараша күйөөң канат-бутактуу болсо экен деп тилечүмүн. Кудай тилегими берген экен. Кеткен жагынан аман келсин ылайым, эми экөөлөп ошону тилейли жараткандан, – деп күйөө баласына жалынып-жалбарып алган.

Кенжекандардын айылы борбордон алыс турчу. Анын толгоосу күтпөгөн жерден башталат. Төрт колхозу бар сельсоветте жалгыз фельдшер иштөөчү. Ал ары чуркап, бери чуркап, колхоздон бир унаа тапкыча күн батып, түн кирет. Түштө толгоосу башталган Кенжекан ошентип, таңга жуук көз жарат. Бала жерге түшкөндөн кийин эки саат өтпөй, кан көп кеткендиктен, өзү жан берет.

Ошентип, Жумагүл атасын да, апасын да көргөн эмес. Алардын аттарын гана таенесинен угуп жаттап калган эле. «Атаң согушка кетип, келбей калды. Энең сени төрөгөндө көз жумган» – деген ал небереси жети жашка толуп, мектепке барар жылы. Кайгырганды да билбесе керек ал курагында бала. Же ата менен эненин мээримине чулганбай өскөн перзент ошентип калабы. Кыз болпоюп бир чекитке тиктеген бойдон саамга отурат да, кайра эле ойноп кетет.

Ал үчүнчү класста окуп жүргөн кезде таенеси да каза болот. Ошентип, кыздын калган өмүрү он биринчи класска чейин балдар үйүндө өткөн. Андан ары окууга барбастан, шартка жараша өз районуна келип, автобазага ишке орношкон эле.

Эки жылдан ашып баратат Жумагүлдүн мында иштегенине. Бирок ушу районду башкарып жаткан киши атасы экени анын түшүнө да кирген эмес.

Кенжекандын өлгөнүн Дурусбек келгенден кийин билет. Андан кыз калганын да билет. Бирок аны издеп табууга, али жүз көрүшө элек кайын энесине көз көрсөтүп, кызын алып кетпесе да «Атасы менмин, жардам берип турамын» – дегендей адамгерчилик талап кылчу сөздү айтууга жараган эмес. Ата-энесине, ага-туугандарына да билдирген эмес.

Мына ошону эстеп азыр дал ортосунан, маңдайынан муздак тер чыгып, өзүн-өзү күнөөлөп отурду. Кылмышы көптөн кийин мойнуна коюлган кишидей кыжаалат тартып отурду. Отуз бир жылдан бери элден, мамлекеттен көргөн сый-урматы, азыркы кызматы да ал кылмышынын алдында өз маанисин жоготуп, башы айланып, көздөрү тунарып, шылкыя берди... Ушул убакка чейин, ар убак дилин тазартып, көңүлүн көтөрүп, золобосун бийиктентип жүрчү өзү жөнүндөгү ишеним сууга тийген кесектей бир жагынан урай баштагансыды.

Дурусбек согуштан кайткандан кийин бир гана жыл райкомдо бөлүм башчысы болуп иштеген. Анан Фрунзеге эки жылдык партиялык мектепке барат. Аны бүткөн соң райкомдун үчүнчү секретары, кийинчерээк ошол жерде райисполкомго председатель болуп иштейт. Ал кызматка көтөрүлгөнүнө төрт жылга жетпей районго райкомдун биринчи секретары болуп барат. Эки район кошулуп, ирилешкенде аны ушул өзүнүн районуна жиберишкен. Ошентип, жалаң гана секретарлык кызматына он беш жылга жакындап калды. Анын ортосунда Москвадагы жогорку партиялык мектепти бүтүп алган. Кайсы районго барса да, иши оңунан чыгып, макталгандардын, сыйлангандардын тизмесинен түшпөй жүрөт.

Ушулардын баарын өтө тездик менен көңүл чотунан өткөрүп, тулку бою менен сезип отурган азыркы Ашымовду уят эки ийининен, төбөсүнөн төмөн ныгыра басканга, көөдөнү ого бетер алоолонду. Креслодон бери жүткүнө берип графин-

ден дагы суу куюп ичти. Тезирээк күнөөсүн мойнуна алып, ушул кыжаалат ойдон кутулгусу келди. «И, сиз менин атам турбайсызбы?... Эмне үчүн жашынып жүрдүңүз?»...

Жанагы кыз, Дурусбекова деп өзүнүн атын фамилия кылып алып жүргөн кыз, эми ушул суроо менен өзүнө тике карап туруп алды...

Ашымов кайра залга келди. Он мүнөтчө жоголуп кеткен секретардын өзгөргөн өңүнө кудай жалгап бюро мүчөлөрүнүн эч кимиси караган жок.

– Жанагы Дурусбекова деген кыз эмне болду? – деди өзүн токтотуп алган соң Ашымов экинчи секретарына акырын шыбырап.

– Өттү, – деди берки да пас добуш менен.

Бюронун бүгүнкү күн тартибиндеги он бир маселе кечки саат жетиде барып араң бүттү. Ашымов жанагыдан кийин да эки-үч жолу кабинетине барып суу ичип келди. Алдында турган графинден кайра-кайра ичкенден уялды. Үч-төрт жылдан бери Ашымов катуу ачууланса, бир нерсеге капаланса, жүрөгү кысылчу дартка чалдыккан. Бүгүн да ошонусу кармады. Үйүнө барып, дарысын ичип, жатып алды. Аялы Салый бул жолу да күйпөлөктөп, алды-үстүнө түштү. Тиги түнү менен уктаган жок. Кечээ партияга кабыл алынган тааныш кыздын элеси көз алдына келе берди, келе берди... Жүрөгүн мыкчыган ойдон тезирээк кутулуунун жолун издеп, түн бою алдастап чыкты.

Секретарь эртеси кабинетинде көпкө буйдалган жок. Аяк-быякка телефон чалып сүйлөштү да, анан машинасына отуруп түз эле автобазага барды. Көптөн бери анда боло элек. Базанын начальниги өзүндө экен. Аны ээрчитип алып, ремонт цехтерине кирişти. Рейске чыкпай турган машиналарлы кыдырып көрүштү. Короонун ортосунда туруп, анан ал базанын кем каржысы, адамдары тууралу сурамжылады начальниктен. Ушундан кийин гана мында келген негизги жумушун тышка чыгарды.

– Кечээ партияга бир кызды кабыл алдык силердин базаңардан, билесиңби?

– Дурусбекованы айтасызбы?

– Ооба.

– Билбегендечи, диспетчер, былтыртан бери комсорг. Баада үч киши болсо, ошолордун бири да ал. Эң активдүү кыз.

– Кайда жашайт?

– Квартирада. Бир орус кемпирдин үйүндө.

– Азыр бу жердеби?

– Ушу жерде.

– Кана, жүрчү көрөлү, партияга өткөндөн кийин кандай болуп калды экен кызыңар, – деди Ашымов кечээтен берки суз өңүнө бир аз жылмаюу жиберип.

Кезектеги шоферго путевка жазып жаткан экен Жумагүл булар киргенде.

– Кандай, кызым, («кызым» деген сөз кечээтен бери дилинде нечен жолу кайталагандыктанбы, тил учунда эле) партияга өткөндөн кийинки маанайың?

– Жакшы, агай, – деп Жумагүл ордунан тура келди.

– Атайын сени куттуктайын деп келдим, кызым. Кечээ мен бир жумуш менен кабинетиме кирип, кайра чыкканча кетип калган экенсиң.

Кыз уялыңкы жер тиктеди.

– Ишиң жагабы өзүңө?

– Жагат.

– Окууну кантесиң?

Бул суроону кызга кечээ да беришкен. Бирок Ашымов аны уккан эмес да.

– Келерки жылы кетсемби деп турам.

– Кайсы институтка?

– Политехникалык институтка.

– Сөзсүз барыш керек. Жардам кылабыз.

Ашымов кыздан көзүн албай сүйлөшүп жатты. Кечээгилерин кайра тактап алгысы келди. Баарысы: уялыңкы күлгөнү, жылмайганда көрүнгөн тептегиз аппак тиштери, ак жуумал өңү, добушуна чейин Кенжеканга окшош экен. «Так өзү...» Ашымовдун чыныгы аталык мээрими ашыпташып чыкты. Өзүнө ийменип, бирде бери карап, бирде жерди тиктеп суроосуна жооп берип жаткан келбеттүү

кыздын колунан чап кармай: «Сен менин кызымсың, жүр эми, кеттик үйгө» – деп ээрчитип жүрө бергиси келип, өзүн араң токтотту, акырын гана коштошуп, артына жөнөдү.

Кечке жуук үйүнө келатканда мындай чечимге келди.

«Жетишет муну жарыя кылуу керек. Эл билсин. Ушул убакка чейин аны издебегеним үчүн алар мени сөзсүз ачык да, купуя да жемелешет, айыпташат, күнөөлөшөт. Алар туура кылышат. Мен ошондой адилеттүү жемеге татырлык жаңылыштык кетиргеними азыр түшүнүп олтурам. Жумагүл – менин кызым. Демек, бүгүндөн баштап менин эки кыз, бир уулум эмес, үч кыз, бир уулум бар. Бул тууралу а дегенде үй-бүлөм билүүгө тийиш. Баарынан мурда жарым Салый билүүгө тийиш».

Аны менен Фрунзедеги эки жылдык партиялык мектепте окуп жүргөн кезинде баш кошкон. Экөөнүн тун кызы Москвадагы бир институтка кирди быйыл. Салый орто мектепте мугалим. Ашымовдун түшүнүгү боюнча ал мугалим гана эмес, ыймандуу жар, мээримдүү эне да. Ошого баарын айтат, өзүнө күнөөнү алып отуруп айтат. Ал туура түшүнөт. А дегенде чоочуйт, демек өзү ойлоп жүргөндөй, ал Ашымовдун биринчи аялы эмес, экинчи аялы экенин билгенде, сөзсүз чочуйт, өгөйлөйт. Ыйлап алышы да мүмкүн, анан барып жоошуйт. Анан көздөрүн аарчып алып, өңү кубара анын чечимин күтүп отурган күйөөсүнө карап: «Кызда күнөө жок. Сен күнөөлүсүң. Апасы күнөөлүү. Бирок экөөң үчүн кыз жазалануга тийиш эмес», – дейт. «Ананчы? Анан билбейм...»

Аялы менен бүгүнкү беттешүүнү жогоркудай элестеткен Ашымов каш карайганда келип, машинадан түштү да, терезелеринен тышка жарык мөл төгүлүп турган үйүнүн босогосунан чечкиндүү аттады...

1960

## АВАЗ

### 1

Жайлоо дегендин тегизинен кокту-колоту, жылга-жыбыты көп эмеспи. Алардын баарында эл. Мал баккан эл.

Биздин колхоздун малчылары ээлеген конуштар тегизде. Анткени, учурда бу колхозго бириккендердин көпчүлүгү ата-бабаларынан бери ушул конуштарды ээлеп келишкен экен. Бул айылдын дагы бир артыкчылыгы – Ак-Башат деген булак да ушул аймакта. Койчулары бир бөлөк, жылкычылары өзүнчө, уй баккандары да алардан обочороок үй тигишкен топ-топ айылдын өйдөрөөк жагындагы бетегелүү капталда ал булак. Эл мында көчүп келээри менен ошол булактын көзүнө барышып, торпок союшуп, ар жылы түлөө-кудайы өткөрүшөт. Анан ары капталдагы калың арчанын жашыл үрпөң бутактарынан кесип келишип, анын үстүн жабышат. Мал тепсеп, булганбасын үчүн ошентишет. Тегерете чети таш менен короолонуп, үстү жаңыланып жабылган анын суу алуу үчүн калтырган бир четиндеги ачык жери ботонун көзүндөй болуп ого бетер тунук, ого бетер муздак.

Мына ушул булакка бул жайлоонун биерге жакын жердеги коюн-колтугуна жайланышкан башка айылдардын да кыз-келиндери сууга келише турган. Эмнегедир, алар жасанып келишчү. Жакындашсаң тулку бойлорунан упанын, атырдын же бетмайдын жыты каңылжаарыңы каптап, мас кылар эле.

Ар бир айылдын өзүнүн жаштары бар: кыздары, келиндери, жигиттери. Биздин жанагинтип төрт түлүк малга жараша топ-топ болуп ар-ар жерге конушкан он беш чакты түтүн айылдын да андай жаштары, албетте, бар. Бирок, мындагы бой жеткен кыздар деле, балдар деле эмне үчүндүр, башка айылдын көзгө көрүнүп калган өздөрүндөй жаштарына көз арткандарын байкачубуз. Көбүнчө жигиттер коңшу айылдардын кыздарын, келиндерин жолдон-белден токтотушуп, сөзгө алгандарын көрөр элек. Кээлери аларды буйдалтып сөзгө келтириш үчүн башка шылтоо табыша албайбы, челектериндеги сууларын төгүшүп же ага тезек салып коюшуп, тамашадан бейбаштыкка чейин барышканына да күбөбүз. Бирок, тигилер андай тийишкенде жактырышабы, урушуп кеткендин ордуна шыңкылдап күлүшүп, жигиттер менен жылмаңдашып, сүйлөшө кетишчү.

Биздин балалык көрөгөч көздөрдөн, уганак кулактардан эч нерсе жаздым калчу эмес да. Бирибиз жаздым кетирсек экинчибиз бар. Көргөндү, укканды ошол замат ортого салабыз. Биздин бул артыкчылыкты алиги «жигит», «бийкеч» атангандар өздөрү артка калтырып кетишкен балалыктарынан улам билишет көрүнбөйбү, жакшылап пайдаланышчу. Башкача айтканда, керегине жаратышчу. Күнбү, түнбү ага карабастан бизди жумшашат. Кат ташыйбыз. Сөз ташыйбыз. Жигиттен – кызга. Кыздан – жигитке. Ошентип, бизди эки жак тең пайдаланат. Жигиттер да, кыз-келиндер да. Көрсө, чоочун айылды аралап кыз-келин издеп баргандан жигиттер уялышат экен. Кыз-келиндер болсо, алардан бетер. Ал эми биздей мадыра баштарга эч ким көңүл бурбайт тура. Чөнтөгүндө каты же тилинде жигит менен кыздын эки-үч ооз аманат сөзү бар экени менен эч кимдин жумушу болбойт тура. Ошондуктан, биздей балдар тигилер өздөрү алдын ала үйрөтүп коюшкан «шылтоолор» менен айылдан-айылга, үйдөн-үйгө аралай чаап жүрө беребиз. Эмнегедир, андай «милдетти» аткаруудан өзүбүз да ыракат алар элек. Айрыкча, тил учунда алып барган сөзүбүздү укканда же сунган катыбызды шашыла окуп чыкканда көздөрү моймолжуп, жүздөрү албырып чыккан кыз-келиндерге карап туруу биздин балалык сезимге да ыракат тартуулар эле. Андайда адырaңдап сүйүнгөнүбүздү коё кал.

Бир күн намаздигер ченде бийик тоо чокуларынан капталга калдайган көлөкөлөр түшүп, жайлоонун кечки муздак жели кол-бет аркылуу денени салкын тарттыра баштаган маалда адатынча өз чатырынын жанында отуруп, китеп окуп жаткан Рыскул акенин үнү чыгып калды: «Сагынбек! Жапар!» – деген. Сагынбеги – менмин. Жапар – дагы бир жылкычынын баласы. Экөөбүздүн аталарыбыз туушкан. Ошондуктан үйлөрүбүз да босоголош. Жапар экөөбүз дайыма биргебиз. Ал менден жарым жашка улуу болгону менен окуган классыбыз да бир.

Рыскул акенин үнү чыкканда Жапар экөөбүз акыркы сааны бүткөндүктөн желеден агытылган кулундарды, кыска

куйруктарын чычайта көтөрүшүп алып, энелеринин ары-бери жагына өтүп оюн салган үйүрдү түнкү жайытын көздөй айдап коюп, эми гана айылды карай кайра тарткан элек.

Ага энтелеп жетип бардык. Анын чакырганына дайыма ошентип, дилгир жооп берчүбүз. Анткени, анын «агай» деген чоң-кичине дебей урматтап айтчу аты бар. Экинчиден, ал да бизге эки-үч атадан барып кошулган кишинин баласы. Ошондуктан, аны биз элчилеп «агай» дебестен, «аке» деп жүрөбүз.

– Силерге бир тапшырма бар, – деди ал көздөрүн тээ арыдагы жашыл каптал менен өтчү ийрелеңдеген бир таман жолдо бараткан топ кыз-келиндер жактан албай туруп. – Тээтиги кыздарды көрдүңөрбү? – деди эми сөөмөйүн окуп жаткан жерине кыстара китебин жапкан бойдон капталына кармай берип.

– Көрдүк, – дедик жарыша. – Анын берчү тапшырмасын түшүнө койгонгобу, добушубуз кубанычтуу чыккансыды.

– Ырды угуп атасыңарбы? – деди анан бизди алмак-салмак тиктеген ал. Биз тыңшап калдык. Эми уктук.

– Уктук! – дедик адатыбызча дагы жарыша.

– Авазы жагабы? Тыңшагылачы дагы, – деди анан Рыскул аке ал жакка кайрадан жүзүн буруп.

Буга чейин биз укпаган аваз. Былтыр да, мурдагы жылдарда да уккан эмеспиз андай авазды. Ушунчалык бийик, ушунчалык жагымдуу аваз экен! Бир туруп кыздыкына, бир туруп жигиттикине окшоп кетип жатты ал үн.

Жол четиндеги жайкалган көк шиберди узун көйнөк этектери менен сылай басышып, анда-санда гана бут шилтешкенсиген кыз-келиндердин бирөө гана ырдап баратат.

Рыскул акем баш болуп, биздин аларды карап, нары кулак тешөп калганыбызды көрүштүбү, алиги обон жанагыдан да бийиктегенсип, кечки закымдын коштоосу менен дагы алыска кетип жаткансыды.

...Бул жайлоодогу конуштун жакшысы – биздики. Анткени үйлөрүбүз өйдө-ылдыйы жок тегизде дебедимби. Тай чапканыбызга ыңгайлуу. Табарсык тепкенибизге жакшы. «Ак чөлмөк», «Чики» ойногонубузга оң. Анын үстүнө ай-

лана-тегереги ак чополуу, майда таштуу Ак-Башат (ушул ак чоподон улам ушундай аталып калса керек да) аттуу булак да биздин окнушубузга тиешелүү эмеспи. Буга да сыймыктанабыз. Биздин конуштун дагы бир артыкчылыгы – баш аягы бир ат чабым келген алиги алакандын отундай тегиз жердин этегирээк жагында чакан көл да бар. Улуулардын айтуусуна караганда бул көл касиеттүү көл. Анткени, кокту-колот сайын күмүштөнүп агып жаткан туптунук суулар турса, бу чөлкөмдөгү жылкылардын баары келип ушул көлдөн суу ичишет. Тегерек чети кара чыла болуп жатчу бу көлдү кечип жүрүшүп, омуроолорун жайпай түшкөн суудан ичиркенгендей тиктеле түшкөн кулактарын «былк-былк» эттире мунун киргилт суусунан ичишмейин, акан жата калышып оонашмайын моокулары канбайт дешчү. Ооба, аны биз оөүбүз да көрүп жүрөбүз. Али бул айылдын, али тиги айылдын жылкылары желеге кулундарын байлануудан мурун, анан агытылгандан кийин азынаган айгырларынын кулак чимирип үйрүүсү менен буга дүркүрөп келишип, ичтери чандайгыча коюу киргилт суусунан ичишип, анан оонашкандыктан, жал куйруктарына чейин көл түбүндөгү кара чыладан чабыл ала болуп кетишет. Көлдүн дайыма киргилт түстө болушу көрсө, ошо жылкылардын үзүлбөстөн келип кечкенинен, чапчып-шапшыганынан.

Эликтердин чаарчыктарындай көздөрү тостоё корккондоруна карабастан, энелерин ээрчишип, кулундар да бул көлгө кечип кире беришет. Биздин үйлөр жакын болгондуктан, анын жээгинен тамаша кылып карап турабыз.

Чоң кырма кара аяктай тептегерек бу көлдү көргөндө эле кубанып кетишеби, жакындап келгенде айгыры үйүрүнө, энелери кулундарына карабастан даң салып, дүпүрөп жөнөшөөр эле. Айрыкча, бизди кызыктырган төрт аягы төрт жакка тартая чуркаган кулундар. Алиги көлдү кече баштаганда муздак сууга буту тийген наристе балдардай алардын чабек тулкулары калтырагансып, таакы жүндөрү түктөйө түшүп, кулактары ого бетер тикчие берет. Ичиркенгендери ошол түрүнөн көрүнүп турат. Анысына кара-

бастан, алар деле кичинекей тумшуктарын көтөрө алсыз буттарын аста-секин коюу менен жондоруна суу жайпап, ээктерине тийгичекти энелерин ээрчип көлдүн ортосуна чейин бара беришет. Арылап тереңдеп барган сайын а дегенде алдыңкы эки буту, бара-бара төрт буту тең жерден көтөрүлүп, алары менен эми алиги коюу киргилт сууну артка шилегилеп сүзүп баратышкандай көрүнөт.

Кулундардын мындай абалын адеп көргөндө: «Кокуй, чөктү!» «Чөгүп баратат!» «Келгиле!» – деп чоңдорду жардамга чакырган учурларыбыз да болгон. Көл биз антип корккондой терең эмес экенин түшүнгөндөн бери гана жанагинтип аларды карап туруп, ыракаттанганга өткөнбүз. Бир топко барып алиги кулундар сулуу денелеринен суу шорголотуп, аркы жээкке чыга келишкенде кол чаап турабыз.

Түнү менен кай жерде жайылып жүрүшпөсүн, эртең менен укуругун ат үстүнөн өйдө көтөрө берген ээси көрүнөөрү менен ошону эле күтүп турушкансып топтоло калышкан, анан ушул көлдү көздөй дүпүрөп жөнөгөн жылкылардын артынан акырын ат бастырып келишчү жылкычыларга учкашкан өзүбүз куражтуу балдарды да көрүп жүрөбүз. Башка айылдардын балдары булар. Ушул көлдү көрүш үчүн келишет. Мындай чоңдорго учкашып, кээде тиги Ак-Башаттан суу алыш үчүн да келишет башка айылдын балдары. Мындай сонун конушту жайлаган кишилердин биздей балдарына суктанышарын алардын көздөрүнөн көрөбүз. Алар менен сүйлөшүп калсак, конушубуздун артыкчылыгын атайлап сөз кылып, мактангандан уялбайбыз. «Жинибизге тийсеңер булагыбызга өзүңөрдү, көлүбүзгө жылкыңарды келтирбей коёбуз» – деп аларга сес көрсөткөндөн да тартынбайбыз...

Мына ошол касиеттүү булак жана касиеттүү көл бизди далайлар менен тааныштырган. Азыр мен сөз кылганы отурган кыз менен да мына ушул Ак-Башат тааныштырган десем болот.

– Мына, Сагынбек, сен мына бул китепти алып кач. Сен, Жапар, муну кууп жөнөйсүң. Тиги кыздарга жете

берип чарчаган болуп отура каласың, Сагынбек. Сен, Жапар муну баса жыгыласың. Алар көңүл бурушпайт силерге. Анын үстүнө алардын бар дити азыр ырда, теребелди терметип бараткан авазда. Ошол аваз кимисиники, ошону билип келесиңер. Бою кандай, кийими кандай. Айрыкча башындагы жоолук түсүн байкап калгыла. Анан мага биерден туруп көрсөтө алгыдай болгула. Ушул силерге берилчү бүгүнкү тапшырма, – деди.

Рыскул акенин ак жуумал жүзү кымызга тойгон кишиникиндей тамылжып чыгыптыр. Көздөрү да, эмнегедир, күлүңдөйт.

– Эгер бул тапшырманы жакшылап аткарсаңар акыңарга бирден калем, дептер берем, – деди.

Андан аркысы Рыскул аке айткандай иштелди. Айылдан бир чакырымча арыдагы каптал жол менен дүйнө бейкапар ырдап баратышкан кыз-келиндерге жетпей токтодум мен. Өпкөм көөп, андан барып ачышып чыкканда, чыдабай отура кеттим. Тизелерим калчылдап, муундарым титирейт. Рыскул аке жакты карап отуруп калдык. Ал биздин мунубузду кандай жоруп атты экен дейбиз. «Кыздардан коркушуп, алыстан токтошту го суу жүрөктөр» деп жаткан болуш керек деп ой бөлүштүк Жапар экөөбүз.

Рыскул аке билген экен, тиги кыз-келиндер бизге карап да коюшкан жок. Демек, биздин «максатты» алар баамдашпады, тээтигиндеги чатыр жанынан бир жигит буларды ээрчий тиктеп отурганынан да бейкабар.

Ушул ой башка келери менен мен ызаланып кеттим. Тура калып, кайрадан «качып» жөнөдүм. Жапар «кууп» жөнөдү. Дагы бир топ алыстай түшкөн жанагыларга жакындап барып калдык. Алар дагы эле бизге көңүл бурушкан жок. Бизге берилген «тапшырманы» байкабагандарына эми биротоло ишендик. Аңгыча ыр токтоп калды. Көрсө, булакка жетип калган турбайбызбы. Кыз-келиндер бакандарын ийиндеринен алышып, челектерин жерге коюшту. Жоолуктарын оңдогулашты. Көйнөк жакаларын ачышып, бой түзөштү. Булардын кимиси келин, кимиси кыз экенин чачтарынан гана билүүгө болот. Төртөөнүн

капкара чачтары кош өрүмгө бириктирилип калыптыр, демек, булар келиндер. Берки үчөөнүн ак кебез менен учтукталган майда өрүм чачтары айдалыларын каптап, анан жаактарынан төмөн төгүлүп турат. Булар, демек, кыздар. Бирок, бой жеткен кыздар. Бойлору тиги келиндер менен чамалаш. Айрымдары, алардан да кабалтаңыраак. Жапар экөөбүзгө булардын кыз-келинин ажыратуу эмес, ырдаганы кимиси экенин билүү тапшырылбады беле. «Жанагы сонун аваздын, айлананы шаңга толтуруп, биздин Рыскул акени китебин жаптырып, ордунан тургузган аваздын ээси кайсынысы булардын ичинен? ». Биз антип-минтип, экинчи жолу чуркап отуруп жетип келгиче ал добуш токтоп калбадыбы.

Обочороокто отуруп алып, булардын кийим-кечесине гана эмес, өңү-түстөрүнө чейин карап жаттык. Биринен өткөн бири сулуу көрүндү, эмнегедир. «Жанагы сонун аваздын ээси кимиси?» Алар болсо, дагы эле бизге көңүл бурган жок, Мунун да себеби бар. Башка айылдардан ушинтип, ырдап-чордошуп, комуз кагышып шаракташып, ушул сууга келишкен сайын биздин айылдын майда-барат балдары, а түгүл кыздары да тигилерди көрүш үчүн чуркап келишип туш-туштан жабалакташып тиктеп отуруп алышат. Ошолордун бири деп коюшту окшойт бизди да. Атайын «тапшырма» менен жүргөнүбүздү билишсе, бир нерсе дешмек. Булактын көзүнө отурушуп, тигилер андан кочуштап суу ичишти. Анан жүздөрүн чайышты. Ар түрдүү кол жоолуктар менен аарчынышты. Чөнтөктөрүндө кичинекей күзгүлөрү бар экен, аларга каранышты. Бир нерселерди айтышып, анан шаракташып күлүп да алышты. Бирок, биз тарапка дагы эле тиктешкен жок. Анан арыдагы капталды көздөй эки-үчтөн каалгый басып кетишти. Андагы арчаларды аралап, бир топко чейин жүрүп калышты.

Булакка жеңил келишип, андан жүк менен кетишет эмеспи. Эки челек сууну ийинге көтөрүп, эки-үч чакырым жерге жеткирүү оңойбу. Ошого өздөрүн даярдап жатышкансыды. Жапар экөөбүз болсо, алардын бар кыймылын

ээрчий тиктеп делдейебиз. «Булардын кимиси жанагы укмуш овондун ээси?» – экөөбүздүн тең башыбызда ушу гана суроо. «Рыскул аке да кызык экен. Ал аваздын ээси ким экенин билип барганыбызда эмне кылмак? Өзү эле басып келип, билип албайбы? Кызык», – деп ара-торо кейип да коёбуз.

Булар жолду карата алмак-салмак ырдап келишкендей, бирок биздин Рыскул акеге бирөө гана ырдагандай угулушу мүмкүн да. Балалык баамыбыз боюнча ушундай жыйынтыкка да келип жаттык. Ошентсе да жок дегенде булардын бирөөнүн үнүн угушубуз керек. Ансыз биерден кетишке акыбыз жок. Тыякта Рыскул аке күтүп жатпайбы. Анын тапшырмасын аткарбасак, уят да.

Аңгыча булакты көздөй кайра басышып келаткан алардын ичинен баарынан узун бойлуусу бизге карап, шаңк этти: «Ай, кыздар, тиги эки «жигит» баятан бери эле бизден көздөрүн алышпайт, кимибизге ашык болуп калышты экен? Деги бери келгилечи, кебете-кешпириңерди көрөлү. Балким, бизге да жагып каларсыңар!» – деп коё берсе. Күтпөгөн жерден мындай сөз укканыбызда уялып, жер тиктеп калдык. «Койчу, наристелер менен тамашалашпай» – деп, экинчи бирөө аны какнансып койду.

Анан булак көзүнө кайрадан отурушуп, кезек менен челектерине суу куя башташты. Бирок, араларындагы сөз, күлкү дагы эле токтогон жок.

Минтип, айлынан алыска сууга баруу, же тезек тергенге чыгуу андагы айыл кыз-келиндеринин эркинче сүйлөшүп, ойношуп-күлүшүп алышы үчүн ыңгайлуу учурлардын бири экенин, башка убакта ар ким өз тирилиги менен алек экенин да кийинчирээк түшүндүк.

Баятан берки булардын жорук-жосундарын көрүп отуруп, өзүбүзчө эле кубанып жаттык. Ушулардын чырайлуу өң-түстөрүнөн, жарашыктуу кийим-кечелеринен, жанагинтип каалгый басышкандарынан, арчадан-арчага куушуп ойногондорунан, шатыра-шатман күлгөндөрүнөн, баарынан да алиги укмуштай аваздарынан ушул кооз жайлоо дагы кооз, дагы сулуу көрүнүп жаткансыды.

Жана капталдагы жашыл калың арчаларды аралап жүрүшкөндө эки-үчтөн үрпөгөй чырпык сындырып алышып, мурундарына тосо калып жытташкан эле, эми аларды челек толуп мөлтүрөгөн суу бетине таштаашты. Басып баратканда суу чайпалып төгүлбөсүн үчүн ошентишти. Анан белдерин бураңдата жүрүп кетишти.

Жапар экөөбүз да капталдап, алардын артынан ээрчип келе бердик. Бирок, биз күткөн аваз угулган жок. Жүк оорлогондо, чамасы, ырдабай калышат го. А бизге ошол ыр керек эмес беле. Мен чыдабай кеттим. Анткени, дагы бир аз басышса, булар колотко түшүп кетишет. Рыскул акеден караан үзүп кетишет. Ошондонбу, бир карасам ал да орду-нан тура келген экен. Биз жакты карап туруптур. «Ээрчип жүрө бересиңерби? Ырда дебейсиңерби?» – дегендей туюлду мага анын азыркы турпаты. Ошондон улам чыйпылыктадым. «Эжелер, ырдабайсыңарбы? Биз ырыңарды угалы деп ээрчип жүрөбүз!»

Кантип аларга жакын барып калганымы да сезбептирмин. Баарынын беттери албырып чыгыптыр. Соку жанчышкан, тандырга нан жабышкан ургачылардын жүздөрү ушинтип, албырып чыкчу эле. Маңдайларында, мурун учтарында мөлтүрөгөн тер мончоктору... Мындан алардын өңдөрү ого бетер сулуу көрүнүп кетти.

– Эмне, ырыбыз жагып калдыбы? – деди баягы баарынан узун бойлуу, арык келин. Үнүнөн кытмырланганы билинип турду. Анысына карабастан эми Жапар экөөбүз тең жарыша жалынгансып жибердик.

– Ооба, жагып калды. Ырдасаңар, эжелер!

– Суубузду силер көтөрөсүңөрбү, биз ырдап берели, – деп дагы эле ошол кара тору келин токтой берип, биз менен сүйлөшүүгө өттү бир ийнинен экинчи ийнине бакандын өткөрө берип.Биз эки челекти көтөрө албайбыз да, – деп жибердим мен эми тиги бакандын бирөөбүздүн ийнибизге арта сала тургандай шашып.

– Суу көтөргөнгө жарабагандар ыр укканга да жарабайт. Безилдебей кеткиле келген жагыңарга. Булардын теңтуш боло калганын карасаң эми жашабай жатып.

Жөнөгүлө, үйүңөргө! Ыр уккучулдугун булардын. Ал куракка жете элексиңер али. Мурдуңарды тазалап алгыла андан көрө! – деп эми тиги бизди мазактоого өттү. – Суу көтөрүп баратып да ырдап берет турбайбызбы буларга. Ыр жандуулугун карасаң бешиктен белдери чыкпай жатып жубарымбектердин.

Муну башка бирөө айтты, добушунан байкап калдык. Мындай катуу сөз угабыз деп ойлогон эмеспиз. Кадамыбыз тык токтоду. Алиги шылдыңдаган сөздөр көкүрөгүбүздөн тиреп токтотконсуду. Карасак, Рыскул аке көрүнбөй калган экен. Биз тигилерди ээрчип, коктуга эңкейиштей берген турбайбызбы. Коктудан алар дагы бир чоң капталга чыгышат. Анан бел ашышат. Анан булардын айлы. Аер – Ала-Арча деп аталат. Жанагы бойчон келинден улам таанып калдык булардын кайсы айылдан экенин. Аны Жапар экөөбүз өгүнчөрөөк жоголгон козубузду издеп барганда көргөнбүз бу келинди түштөнгөнү келген койлорду саап отурган жеринен. Анан бизди ээрчитип жүрүп, башка үйлөрдүн көгөндөрүндөгү козу-улактарына чейин көрсөткөн эле, ошондон анын өңү-түсү эсте калыптыр. Ал бизди таанибады окшойт. Же тааныеа да таанымаксан болдубу, билбейбиз.

– Эжелер, эртең да келесиңерби сууга? – деп калды эми Жапар узай беришкен алардын арт жагынан. Бүгүн ишке ашыра албай калганыбызды эртең ашырууга менден жарым жашка улуу анын көзү жетип тургандыктан ушу суроону бердиби, же мен өңдөнүп, шашканынан эле берип таштадыбы, түшүнбөдүм.

– Мурдуңарды жакшы тазалап, анан күтө бергиле. Келебиз! – Жанагы ачык шылдыңдоого өткөн келин муну айткан да. Мунусу да шылдың, какшык экенине акылыбыз жетип эле турду. Ошентсе деле болбой мен да бир суроо узатып калдым. – Эртең ырдап бересиңерби?

– Силерге окшогон бок мурундарга ырдап бербегенде кимге ырдап бермек элек. Ырдап беребиз. Күткүлө! – Дагы эле ошол шылдыңчыл келиндин үнү.

Береги жуушап аткан койлордой боз таштуу белди ашышса, жанагы керемет аваз Рыскул акеге гана эмес,

тигилер баласынтып жатышканына карабастан бизге да жагып калган аваз да кошо кетээрине көзүбүз жеткенге апса-лабыз бир болуп, Жапар экөөбүз жол четине отура кеттик. Көңүлүбүз чөгүп калды...

* * *

...Үйүбүзгө каш карайганда келдик. Ата-энелерибизден жеме уктук. «Козу-улак байлап, кой саадырарда каякка жоголуп кеттиңер» – деп урушушту. Ал ишти биз үчүн аткарып коюшкан бөбөктөрүбүз кой-эчкиге кырча бастырышкан буттарын көрсөтүшүп, үңүрөйүштү. Бирок, кайда жүрүп, эмне кылганыбызды айтпадык алардын эч кимисине. Ушуга акылыбыз жетти. Ал эми Рыскул аке биз күткөндөй алдыбыздан тосо чыгып, тигилер жөнүндө сурамжылайт го дегенбиз, эмнегедир, антпеди. Баарын өзү көрүп турбады беле. Аваз биз жетип-жетпей токтогон бойдон кайра жаңырган жок да.

...Эртеси шашке ченде энелери узап кеткен козу-улактарды күндөгүдөй эле Жапар экөөбүз короодон айдап чыга бергенибизде, Рыскул аке жаныбызга басып келди. «Кечеги барган жагыңарга жайгыла, козу-улагыңарды. Баягылар бүгүн дагы суугa келишет. Тапшырма болсо, өзүңөргө белгилүү. Кечээ ала албай калган калем, дептериңер турат силерди күтүп» – деди мээримдүү жылмая берип. Демек, бизге таарынбаптыр бул жылмаюусуна караганда. Сүйүнүп калдык мунусуна. Бизге дагы эле ишенип жатыптыр.

– Макул! – дедик Жапар экөөбүз дагы жарыша. Кечеги аваз биздин балалык сезимибизди да дүүлүктүрүп таштаган болчу. Ошондуктан, жаңы тапшырмага дагы кубандык.

Жайлоо бийиктигинен күнгө жакынбы, ал бара-бара чакчайып катуу тиет. Ири малдарыбыз арча, кайындардынкөлөкөлөрүн качырышса, козу-улактарыбыз боз үйлөрдүн кереге-ууктарын кычыратышып, алардын көлөкө жактарын талаша башташат, Мына ошондой коюу ысык туш-тушуңан кысып кирген кыйгаз түштө жайлоодо да жол жүрүү кыйын. Ошондуктан мындагылар алыстагы жана оор жумуштарын эртең мененки, андан калганын

кечки салкында бүтүрүп алууга аракет кылышат. Суу алып келүү да келин-кыздар үчүн биердеги оор жумуштардан. Ага бараткында ырдап-чордоп, күлүп-жайнап жүрүп отурушканы менен кайтканда кечекидей сиркелери суу көтөрбөй калышат, Ийиндерине көтөргөн челектердин оордугунан го. Тамак-аш жасаганга, анан идиш-аяк жууганга ылаңдап үйдүн тегерегинен алыстабай калган козу-улактарга да суу керек. Ошентип, эки челек суу канчалык тырышып, үнөмдөшпөсүн, түшкө чейин араң жетет. Өзүбүздөн билебиз да. Биздин айылдагылар, бирок, сууну ысырап кылгандан коркушпайт. Булагыбыз жакын эмеспи. Керек болсо, төрт-беш жолу деле бара беришчү. Алыскы айылдардан эки жолу араң келил кетишет: шашке ченде, анан намаздигерге жакын. Демек, Рыскул аке туура айтып жатат, кечеги шарактаган келин-кыздар бүгүн да келишет. Сөзсүз, келишет. Бирок, кечеги ырдаганы бүгүн да ырдайбы, анысы белгисиз.

Түн бою көгөндө байланып жаткан козу-улактардын курсагы ачып калат да; курч тиштери менен кенен капталдын али чети оюла элек (жакында эле көчүп келгенбиз да) жашыл чөбүн «кырт-кырт» эттире кыркып жай жайыла баштаган эле тиги башына, бул башына бир чыгып катуулап айдап жөнөдүк. Баягылар көрүнгөнгө чейин алар өтчү жолго жакын барып жайышыбыз керек да. Аерге жеткенден кийин булардын өз эркине коёбуз, маа десе бир орундан жылбай коюшсун,..

...Бекер шашылбаппыз, аңгыча ыр угулуп калды. Бүгүн өздөрү көрүнбөй жатып ыр угулду. Козу-улактарыбызды өрдөтүп коюп, Жапар экөөбүз жолго дагы жакын келип отурдук. Бирок, бизге жакындай бергенде алиги ыр дагы токтоп калды.

Дагы ыр укканы келдиңерби? – деди биз менен туш-таша түшкөндө кечеги узун бойлуусу көздөрүн кытмыр күлүңдөтүп.

– Жок, козу-улагыбызды эле жайып жүрөбүз – деди Жапар менден озунуп. «Кокус бүгүн да шылдыңдай башташса, ушинтип айтабыз» деп маакулдашып алган элек да.

– Булардын куулугун карасаң, жер бетегедей болушуп туруп. – Муну да ошол узун бойлуусу айтты. Аны ичибизден жаман көрө баштадык.

Жапар экөөбүз бири-бирибизди тиктешип, отуруп калдык.

– Тээтиги селегейиңер ким? Кечээ да ошентип, селейип карап турду силерди быякка жиберип коюп. Бүгүн да уялбай карап турат – деп коё берди эми алиги келин.

«Баарынан улуусу да, тилдүүсү да ушу го» – деп ойлоп жаттык. Биз эми кадимкидей уялдык. Кечетен берки иши+бизди билип-байкап коюшкан тура. Оозубузга сөз келбей калды,

– Ким тиги сорогоюңар? – Алиги келин суроосун дагы кайталады.

– Рыскул аке, – деп жибердим мен шаша. Жапар капталыма түртүп калды. «Чеки айттың» – дегенин ушунусунан түшүндүм.

– Алиги маалимби?

– Ошол – дедим дагы озуна. – Рыскул акени булар да билишет тура. Ошого сүйүнүп кеттим.

– Кыз-келин көргөн немеби аныңар? – деп дагы бирөө каарып өттү. Бу сөзгө баары анан шарактап күлүп жиберишти.

Рыскул аке бу жайлоого мындагы сабатсыз жаштарды окутуш үчүн келген. (Малчылардын балдарынын арасында андайлар азырынча бар экен). Өзүнө алейне чатыр тиктирип алган айыл четине. Тууган эмеспи – тамак-ашты биздикинен, Жапардыкынан жеп турат. Жаткан жери – чатыры. Мектеби да – чатыры. Жумуштан бошогондо айылдын али сабатсыздыгын толук жоё элек бирин-серин жаштары ошол чатырга топтолушат. Рыскул аке дедиңерби? Айтып койгула ошол акеңерге, ыр уккусу келсе, биздин айылга барсын. Ошол жерден уксун.

Ушул сөздөрдү айтыш үчүн гана биздин тушубузга келгенде токтошсо керек, анан жүрүп кетишти. Алыстан барып кечеги аваз кайрадан жаңырды. Рыскул аке дагы эле ушул жакты карап туруптур. «Жарыктык бизди «бил-

дирбегиле», «байкатпагыла» деп коюп, өзүнүн тигинтип, булардан көз албай тиктегени эмнеси? Кечээ да ушинтпеди беле. Бизди быякка атайын «тапшырма» менен жибергенин ошонусунан байкап калышкан го булар. Жапар экөөбүз балалык маңыроолугубуз менен бекер эле «этияттана» берген окшойбуз го...»

...Булардын сөзүн төкпөй-чачпай Рыскул акеге айтып келдик. Алар Рыскул акенин ичин күйгүзүш үчүнбү, ырын токтотушкан жок. Жок, баары эмес, бирөө гана, кечетен бери авазы биздин кулакка жат болуп калганы гана ырдап жатты.

– Алар чакырбаса деле барамын. Мен сельсовет боюнча жиберилгенмин да биерге. Мындагы айылдардын баарын кыдырууга тийишмин жайлоо мезгили бүткүчө, – деди.

Рыскул акенин ireңине, эмне үчүндүр, кан тээп чыкты. «Тапшырмасы» аткарылбаса да, тигилерден сөз алып келгенибиз үчүн эле ичинен сүйүнүп атат го деп жорудук мунусун.

– Болуптур, мен өзүм табам ал аваздын ээсин. Тапшырманы аткарбасаңар да акыңарды берейин. Эмнеси болсо да мээнет кылдыңар кечээтен бери, – деп жайдаңдады ал. Маанайы көтөрүлө түшкөнүн көрүп турдук. Анан чатырына кирип, колуна эки дептер, эки калем кармап чыкты. Бизге бирден карматты. Сүйүндүк. Дептер, калем тапкыс анда.

– Азаматсыңар! Эми өзүңөрдүн ишиңерге бара бергиле. Бошсуңар, – деп коюп, Рыскул аке кайра чатырына кирип кетти.

**2**

Кийин билсек тегеректеги айылдардын жаштары биздин Рыскул акеден кабардар экен. Биринин артынан бири удаа эле мында көчүп келишкен алардын баарында ал болгон тура, «өспүрүм» аталгандардын тизмесин алганы кыдырып чыккан экен да. Ар бир конуштан эки-үчтөн болсо да мектеп жашынан өтүп кеткендер табылыптыр. Ошолорду айылдан-айылга барып жүрүп, окутууну жогортон Рыскул акеге тапшырышкан тура. Демек, жанагы сонун аваздуусу бар кыз-келиндердин айлына баруу да анын милдети экен. Андай болгондо Жапар экөөбүздү

эмне үчүн кечетен бери ары-бери чуркутып темтеңдетти? Түшүнбөдүк.

Кийин ойлосок Рыскул аке алигиндей конуштан-конушту кыдырып (аттуу бир жактарга барып келип жүрчү) өспүрүмдөрдү каттап жүргөндө эле айрым келин-кыздардын көрүнбөс кылтагына мойнунан илинип калган окшобойбу. Аны өзү деле сезбесе керек.

Жанагы авазы менен баарыбызды туткундап таштаган кыз ошол каттоо учурунда эле Рыскул акебизди жактырып калганын, ошондуктан ал жашоочу айылдын тушуна жакындаганда гана ырдап коё берерин да кийин билдик.

Биздеги мугалимдик мөөнөтү бүткөн белем, же жанагинтип буйтап «колго түшүп» бербеген керемет аваз ээсин тезирээк барып көргүсү келдиби, бир күнү эле кой-эчкилер жайытка кетип, кык жыттана баштаган короолор аңырап бош калган кезде Рыскул аке бош убактыларын дайыма бирге өткөрчү, нары өзү теңдүү Жанызак деген жылкычы жигит менен керүүдөгү ак чатырынын казыктарын сууруп-сууруп алышты да, эки башындагы жана ортосундагы тирөөчтөргө аны ороп жиберишип, бир атка артышты. Анан ичи бир аз бөкеерө түшкөн, оозу дайыма килиттелип, эң акыркы килитине кичинекей кара кулпу салынып чатырдын бир бурчунда жатчу курджунду экинчи атка салышып, (анда калемдер, дептерлер, китептер бар экенин билчүбүз) экөө жөнөп калышты.

«Ала-Арча айлына баруута кезек жетти» – деп коштошту Рыскул аке мындагылар менен.

**3**

Рыскул аке көчүп баргандан кийин деле Ала-Арча айлынын кыз- келиндери башкалар сыяктуу биздин Ак-Башатка суута келип жүрүштү. Ырдап-чордоп кетип жүрүштү. Бирок, баягы аваз эми угулбай калды. Бирөө анын ээсин уурдап кеткендей тыйылды да калды.

...Бир күнү ал аваз түндө жаңырды. Биз ай жарыгында ак чөлмөк ойноп жатканбыз айылдын четирээк жагында. Эртерээк жатып уктоочу улгайыңкы кишилерге жолтоо болбойлу деп обочорокко кетчүбүз да. Жапар биринчи угуптур алиги авазды. «Токто!» – деп туушардан келген

калың шиберди кош буттап тепкилеп ак чөлмөктү издеп жанынан өтө берсем «Баягы аваз!» Катуураак үн чыгарса алиги авазды бузуп жиберчүдөй ал акырын шыбырады. Кулак түрдүм. Ооба, ошол аваз! Ыргагы алиге кулактан кете элек аваз!.. «Балдар уксаңар!» деп кыйкырып жибердим мен из кууган машкелердей ак чөлмөк издеп чөп арасын тыткылашып жүргөндөргө. Толкундап кеттим көрүнөт алиги аваздан улам.

«Ч-и-и-ш-ш» – деп оозуму алаканы менен жаба салды Жапар.

Алыстан-алыстан Күкүк менен Зейнептин үн алышканы эле болбосо, башка «шырп» эткен шыбыш угулбай калды. Жандуулардын баары азыр демин ичтерине тарта тиги авазга кулак түрүшкөнсүйт... Асман да мынчалык чаңкайып ачык болчу эмес мурда. Тоо гүлдөрү да мынчалык аңкычу эмес мурда. Жайлоо түнү да мурда мынчалык бейкут мемиреген эмес... Ырдын, аваздын керемет күчүн кара! Теребел бүт ошонун бийлигинде термелгенсийт!..

Бир маалда Жапар мени колдон ала чуркап жөнөдү. Берки балдар, кыздар да бизди ээрчиди. Кайда жөнөгөнүбүздү алардын эч кимиси сураган да жок. Алиги аваз угулган жакка бет алганыбызды көрүштү да.

Ала-Арча айлын биздин айылдан бөлүп турган бир чоң кокту, анан жалпак кыр. Алиги аваз бизди ошол кырга алып келди. Он беш чакты жигиттер, келин-кыздар тегеренип отуруп алышыптыр. Ортодо малдаш урунуп отурган ак калпак жигит. Ал чертмек чертип атат. Бериден бир кыз ага үн кошууда. Жаагынан төмөн төгүлгөн майда өрүм чачтары макмалдай жашыл чөпкө малынып турат. Демек, бу кыз. Баягы биз убара болуп, биле албай койгон аваз ээси! Көк бетине атылып чыгып, анан ак нур болуп айланага агылып төгүлгөнсүп аткан аваздын ээси ушул кыз тура!.. Баягыда Жапар экөөбүздү узун арык келин сөз менен шылдыңдап жатканда татынакай ууртунан жылмаю төгүп үн дебестен карап турган кыз экен! Кыздын койкойгон мойнундагы ак маржаны ай жарыгынан даана көрүнүп турат.

Булардын бир жак капталына тобубуз менен отура кеткенибизге чейин керүп отурган Рыскул аке сүйүндү окшойт, көзүн кысып койду жанаша көчүк баскан Жапар экөөбүзгө карап. Башкалар байкаса, муну кандай түшүнүшкөнүн билбейбиз, ал эми Жапар экөөбүз анын көз кысышын: «Мына, баягы экөөң аткара албай койгон тапшырманы минтип өзүм аткарып отурам» – дегендей түшүндүк.

Рыскул акенин тулку бою ышкы менен кумарга толуп, бу укмуш овон калкылдап төбөсүнөн учкан күр жайлоодо өзү жалгыз, жок, жалгыз эмес, тиги эч кимди капарыкашына илбестен эркин үн созуп отурган кыз экөө гана оюн-зоок куруп жаткандай туюлуп жатты бизге.

Жанагы койкойгон мойнуна ак маржан жарашкан кыз-дан кийин башка эч ким ырдаган жок. Көрсө, ал акыры болуп ырдаган тура. Бизге башкалардыкы жетпей, баарыныкынан бийик ушунун гана авазы жетип, биерге чакырган тура.

...Биздин айылдык Калча деген куйма кулак кыз анын эки түрмөк ырын жаттап ала коюптур. Айылга жеткиче аны кайталап ырдап келди. Овонун да окшоштурууга аракеттенди эле, анысынан эч нерсе чыкпады.

Жайлоонун жашыл ыраңы,
Ышкырган тоодон улары.
Жүрөктү жүрөк таппаса,
Жазылсын кайдан кумары.
Көл жатат бото көзүндөй,
Көгөрүп көктүн өзүндөй.
Эсимде калды бир сөзүң,
Ант шерттин ыйык сөзүндөй.

Алиги кыздын атын да ошол кечте билип алдык. Бектору экен. Мындай атты да биринчи угушубуз. Бул тегеректеги айылдарда гана эмес, бир нече айылдын кыздары келип окушчу биздин мектеп боюнча да жок мындай ат. Бектору. Аты да, эмнегедир, авазындай кулакка жагымдуу угулду.

– Эртең да кечки жумушуңар бүтүп, оокат-ашыңарды ичкенден кийин ушул жерге келе бергиле. Ай жарык.

Топ чапмай, ак чөлмөк ойнойбуз. Чарчаганда отуруп алып, бүгүнкүдөй ырдашабыз. Ак-Башаттыктар да келип калышкан тура чакыртпай эле. Жапар, Сагынбек, силер Жанызакка айткыла, эртең андагы жаштарды ээрчитип келсин, – деди Рыскул аке анан Бектору жактан көзүн албай туруп.

...Ошентип, алиги жалпак кырдын тебөсүнө эртеси дагы келдик. Жанызак аке баштап келди бу сапар. Кебетеси, Рыскул акени бул айылга көчүрүп келгенде макулдашып коюшкан го.

Биздин айылда келин-кыз аз. Жанызак акеге окшогон жигиттер деле үч-төртөө гана. Калгандары улгайып калган эркектер, катын-калач, анан бизге окшогон он эки-он үчтөгү балдар, кыздар.

Алиги авазды уккандан бери дүрбөп калышкан биздин айылдын жаштары эртеси кубаньш барышты. Бизден андай аваздуу жок. Баса, андай жерде ырдаш керек, же чертмек чертип, комуз кагыш керек экен. Бул тууралуу да эскертти Жанызак аке айылдын жаштары топтолгондо. «Бара беребиз. Эки ооздон кантип ыр таппайлы. Чертмекти болсо сен чертесиң. Комуз какчу келин-кыздарыбыз деги бар» – дешип, анын теңтуштары жаалап кетишти.

Биздин айылдагылардан (жакадагыларын кошкондо деле) ырга, күүгө шыктуулар башынан аз экенин улуулардан угуп жүргөнбүз. Ал эми Ала-Арчаны жайлагандар илгертен шаңдуу эл аталышат экен. «Тойлордо, жоро бозолордо канча эркек отурса, бир чертмекти катарынан чертип чыгып кетишет. Жок, ар кимиси жок дегенде бир күү кайрыганга жарайт. Ал эми кыз-келиндеринен бирөө оозуна комуз алса, жанындагылар кезек күтүп гана турушат» – деп сөз кылышканын укчубуз.

Өздөрүндө андай шыктуулары аз айыл оюн-зоокко чаңкоо келерин да ошондо билдик. Ыр десе, оюн десе андай айылдын адамдары биринчи дүрбөшөт тура.

Ала-Арчадан сууга келишчү келин-кыздардан ырдагандар, комуз каккандар көп экенин мурунку жылдардан деле билчүбүз. Бирок, жанагы аваз алардан да быйыл гана

угулуп калды. Көрсө, Бектору буларга быйыл гана кошулуптур. Күздө өлгөн чабандын ордуна анын атасы чабан болгон экен да. Он сегизге карап калган Бектору апасы менен кошулуп, кой саашып, колхоз үчүн быштак жасашып, анан «өспүрүм» аталып, мында сабатсыздыгын башкалар менен кошулуп, биздин Рыскул акеден жоюп жүргөнүн да ушул жерден билдик. Өзү ыр жаратып, ага өзү овон чыгарып жүргөндүктөн айылдаштары аны «ырчы кыз» аташаарын да ошол күнү, ошол айылдын кыз-келиндеринен уктук.

Тээ береги чоң капталдагы булакка алып барчу жалгыз аяк жол менен күндө эки маал суугa келишчү ала-арчалык келин-кыздар Бекторунун Рыскул акеге көңүл кушу түшүп калганын өзүнөн билип алышкан соң, андан ары анын ою менен болушкан тура. Күн сайын ак чатырдын жанында бир нерсе жазып же окуп, кээде айланасына өңчөй жаштарды топтоп алып, бир нерселерди үйрөтүп жаткан Рыскул акенин карааны көрүнгөндө гана ыр кезегин Бектору өзү алат экен. Башкалары аерге чейин ырдашып, же комуз кагышып келишет. Мунусун да кийин өзүнөн уктук.

...Ошентип, Жанызак аке баштаган биздин айылдын жаштары, алардан калбай ээрчиген биздей балдары кечеги ай нуруна балкыган комуздактуу жалпак кыр үстүнө бүгүн биринчи болуп келиптирбиз. Ал эми Бектору, Казтору деген кыздардын бой көтөргөнү го өз айлынын келин-кыздарынан да кийин келишти. Казтору дегенин да кечээ укканбыз. Бектору экөөнүн аталары бир тууган немелер экен. Экөөнүн зайыптары да бир айда төрөшүптүр. Мындай аттарды Бекторунун атасы башка бир айылга тойго барганда угуптур. Алар союшка түшүп, анан түнөп калган үйдүн бойго жеткен Бектору, Казтору аттуу кыздарын көрүп суктанган экен. Мына ошондо пайда болот кыздуу болсо аттарын ошондой коюш. Ал эми иниси экөөнүн келинчектери бир айда, нары кыз төрөшкөндүктөн, өзүнүн дагы экинчи кыздуу болушун күтпей эле, экөөнө жакшы көрүп калган эки атты коё салган имиш. Муну да ошол айылдын кыз-келиндеринен биздин айылдан барышкан келин-кыздар сурамжылап билип алышыптыр.

Рыскул аке биердеги жаштарды деле өз айлындагыдай башкарып алгансыйт. «Сен ырда», «сен чертмек черт», «сен комуз как» деп, алардын четинен аттарын атоо менен ортону тезирээк эле Бекторуга жетсе экен деп жатканы билинип турду. Мунусу «топ чапма», «ак чөлмөк» оюндарын бат эле бүтүрүп таштаганынан да байкалып калган.

Биздин айылдан Саадат деген келин комуз какты. Жыгач комуз. Шарактатып сонун какты. Эриндери ушундай комуз кагуу үчүн атайын түйрүк жаралгандай азыр алары да жарашыктуу көрүнүп жатты. Эч кимди теңсинбегендей бой көтөрө отургансыган Бектору да ал жакка эки-үч курдай койкойгон келишимдүү мойнун бурганын көрдүк. Буга аябай сүйүндүк. Бекторудай кызга жакса, башкаларга жакканы да. Биз жактан ырга, комузга шыктуулар аз дебедимби. Четинен ырдаган, комуз каккан шыктуулардын айлына келгенибизде, бирөө-жарым болсо да Саадаттай башкалардын көңүлүн буруугa жараса экен деп бала болсок да, жанатан бери түйшүктөнүп отурганбыз. Айрыкча өң-түстөрү жагынан да, кийим-кечелери боюнча да башкаларды теңине алышпагансып отурушкан Бектору, Казтору деген аттары да башкалардан өзгөчөлөнгөн кыздардан көзүбүздү албайбыз.

Азамат экен Саадат, тим эле сүйлөттү комузун. Анын жан талашып кагып атканын көмөкөйдөгү кайрыктарынан, кол кыймылынан көрүп турдук. Биздин айылдын намысын талашып атпайбы.

Андан кийин бул айылдан бир кыз темир комуз какты. Жакшы кагат экен. Бирок, биздин байкообузда Саадатка жеткен жок. Андан ары кыз-келиндерди жигиттер, кайра аларды кыз-келиндер алмаштырышып жатышты. Алардын эки-үчөө ырдап же комуз каккандан кийин биз жактан бирөөнү атайт Рыскул аке. Бизде тигилердикиндей шыктуулар аз экенин билет эмеспи.

Жанызак аке да комуз чертип, ага үнүн кошту. Добушу анчейин жагымдуу болбогону менен, күүсүнө шайкеш чыгып атканы биердегилерге жакты окшойт, тынч отуруп угушту.

Рыскул аке менен Жанызак аке бош убактыларында айылдан алысыраакка барып алышып комуз чертишип, акырын-акырын үн чыгарып ырдашканын угуп жүргөнбүз. Бирок, бүгүнкүдөй ага кулак төшөгөн эмеспиз.

Жанызак акенин ыры да жагып калды бизге.

Каухардай жанып көздөрүң,
Балдай жагып сөздөрүң.
Меники болсоң деп тилейм,
Жары болбой өзгөнүн.
Бурала бассаң алыстан,
Карааныңы таанышкан.
Карап койсоң – аныңы,
Шам кылып ойго жагышкан.

Бул айылдын жаштары да кол чабышты буга. Демек, аларга да жакты. А түгүл аны жылмая тиктеп, Бектору да эки колундагы кош күмүш билериктерин шарактата кол чапты. Анын жылмайганы да сонун экен! Айдын көктөн төгүлгөн аппак нурунан анысына чейин көрүнүп турду. Биздин көзүбүз көбүнчө ошондо. Бул айылга алып келген да ошол эмеспи баарыбызды. Рыскул акени да. Иттеринин үнү угулуп турса да бул эки айылдын жаштары деле мурдаминтип баш кошушкан эмес эле. Түн жамынып, ай нуруна малынып отуруп, минтип ырларын, күүлөрүн, жаштык кумарларын ортого салышкан эмес. Бөлөк-бөлөк ойношчу. Бөлөк-бөлөк ырдап-чордошчу. Бүгүнкү баш кошууга Бектору менен биздин Рыскул аке себеп болуп отурушат. Буга биздей мадыра баштардын деле акылы жетип турду.

Жанызак акеден кийин көпкө чейин биздикилерге нообот тийген жок. Ала-Арчалыктар эле кезекти биринен бири жулуп алып ырдап, же чертмек чертип, комуз кагыша берди. Рыскул аке да башталышында үч-төртөөнө: «сен ырдап кой», «сен кагып кой» деген бойдон кийлигишпей калды. Тигилер эрегишип кетишти окшойт. Биздикилергеби, же өз арабы, анысына акылыбыз жеткен жок. Угуп жүргөндөй эле бар экен алар, катарынан ырдап же чертмек чертип, комуз кагып жатышты.

Арадан бир аз тыным боло калганда биз тараптан бир кыз темир комуз кагып жиберди. Жанызак аке ага карап көз кысып койгон. Ушул тынымды күтүп отурган го кебетеси. Бизден аз ырдап, аз комуз какканга ичинен ал уялып отурганын ошондон байкап калдык.

Ал токтоору менен тигилерге кезек бербей биздин айылдан барган Жибек аттуу сурмалуу көз, эткелирээк келин ырдап коё берди. Жанызак аке жолуккан сайын көз кысып, бир сөз болсо да азил айтпастан өтпөчү бу келиндин ырдаганын мурда такыр уккан эмеспиз. Жайлоого көчөөр алдында үйлөнгөн жигит бу жаш келинчегин мындагы Жанызак аке окшогон бой жигиттерге көз арттырып, мындагы уй бакчу ата-энесине таштап коюп, өзү кайда жүргөнүн да билчү эмеспиз. Анысынын бизге кереги да жок. Минтип, намыс талашканга жарап отурганына кубандык: үнү анчейин эмес экен. Мындай начар добуштуулар тигилерде деле бар экен. Укпадыкпы. Же Бекторунун авазынан кийин башкалардыкы ошондой угулуп жаттыбы, билбейбиз.

Жибек бизге мектептен белгилүү, анда кыздар хор кылып ырдашчу ырды ырдады.

Кызыл-кызыл козунун
Көрпөсү эдим о-о-й-дай,
Кыз да болсом бир үйдүн
Эркеси эдим о-о-й-дай
Эркеликке койгон жок,
Байга сатты о-о-й-дай.

Агайлар үйрөтүшкөн муну да. Жибек өспүрүмдөр менен окуп жүргөндө үйрөнгөн болуш керек. Аларды да биздин агайлар окутушат эмеспи.

Азыр Жибек ырдаган ыр кыргызчабы, же казакчабы, анысын деле билбейбиз. Деги сөздөрү биздикине окшобогон ырлар көп эле анда. Бизге, балдарга, маселен агайларыбыз: «Бу көрүнгөн топ дарак, кызыл аскер багудур» деген сөздөрү бар ырды үйрөтүшкөнү эсибизде. Бул ыр кыргызчабы, өзбекчеби, аны деле сурабаптырбыз. Өздөрү айтышпаптыр. Агайлардын оозунан эмне чыкса, анын баарын билип калууга дилгир жаныбыз, алар кайсы элдики, сөзү кимдики,

овону кимдики деп сураганга жарабаптырбыз. Ошондой курак го. Агайларыбыз айткандын баары жаңы. Баары пайдалуу. Ушуга акылыбыз жетчү. Ошондуктан аларды ээрчип, тамгаларды үйрөнүп, жазганды-окуганды гана билбестен, алиги айрым сөздөрдү, түшүнүксүз ырларды деле заматта жаттап ала турганбыз.

Жибек эмнегедир, бул ырын муңайып отуруп ырдады.

...Бир маалда Рыскул аке сөз кезегин кайрадан өзү алды: «Башкалар бүттү көрүнөт, эми Бектору ырдасын» деди. Мектепте балдарды, биерде төрттүлүк малды ата-энелери менен кошо багышуу милдетин алышкан өспүрүмдөрдү саатка карап окутуп, көнүмүшкө айланып калган беле, ал шым кашатындагы чөнтөктөн саатын алып, ай нуруна тосуп карады.

– Агай ырдасын. Анан... – деп андан ары сөзүнө какалгансып, Бектору айтайын дегенинин аягына чыкпай токтоп калды. Рыскул акени анан жылмая тиктеп койду. Ансыз деле чырайлуу өңүнө дагы кошумча чырай чачкансыйт алиги ууртунан төгүлгөн сырдуу жылмаюу..

«Агай» деген сөз да анын оозунан чыкканда башкача угулуп кетти. Баарыбыз эми Рыскул аке жакты карадык. Бекторунун Рыскул акеге минтип, биринчи жолу кайрылып атышы го. Тиги жаш баладай карбаластай түштү. Сүйүнгөнүнөнбү же сүрдөгөнүнөнбү, билбейбиз. Бирок, ушундай кайрылууну көптөн бери күтүп жүргөнү түнкү салкындын кубара түшкөн ак жуумал өңүнө тээп чыккан кандан билинип турду.

– Ырдаган эмес элем да такыр, – деди Рыскул аке Бекторунун жылмаюусуна жооп бергендей өзү да акырын жылмая берип.

Жапар экөөбүз бири-бирибизди тиктешип алдык. Мунубуз: «Бекторудай кыздын алдында «ырдаган эмес элем» деп отурганы кандай? Ушинтип кылчактаганы уят да?.. Бектору туруп алып, басып кетип калса кантет? Биз кантебиз?» – дегенибиз эле.

Жапар экөөбүз дайыма бирдей ойлойбуз. Туушкандардын балдары болгондуктан гана эмес, кышын-жайын

ирегелеш жашагандыктан жолго киргенден бери моюндашып бирге өсүп келатабыз. Ойносок да, козу-улак кайтарсак да биргебиз. Көп күндөрү алардыкында же биздикинде бир жууркан астында түнөп да келатабыз. Ошондуктанбы, ар убак сөзүбүз да, оюбуз да бир жерден чыгып жүрөт, Рыскул аке менен Бектору жөнүндө кийинки күндөрдө ойлогонубуз да окшош. Аны да ортого салабыз козу-улактардын артынан жүргөндө.

Рыскул аке – биздин айылдан чыккан биринчи мугалим. Муну менен да ичибизден сыймыктанабыз. Атүгүл мактанабыз.

Улуулардан укканыбызга караганда Рыскул акеге кыз жакпай жүрөт. Ошондуктан жыйырма экиге карап калганына карабастан үйлөнбөй келаткан.

Ал эми кечетен бери биздин байкообузга караганда ага ушул Бектору жагып калган. Жок, биздин түшүнүктө ага ылайык кыз ушу Бектору! Өңү-түсүн айтпаганда да, авазычы! Анан ушундай кыздын астында жанагинтип кылчактаганы жарайбы?

Ушинтип ойлой баштаганыбызда Рыскул аке: – Чынымы айтсам, мен деле ырдаймын анча-мынча. Бирок, Бекторунун авазын уккандан бери бу жайлоодо ырдабайын деп чечкенмин. Өзүмдүн жагымсыз добушум менен Бекторунун сонун авазын бузбайын деп чечкенмин. Ошондуктан, ырдабастан эле ырымы үн чыгарып айтып берейин, – деди.

Күкүк менен Зейнептей
Зарланып, бирок кол жетпей,
Калгандар бар тилеги
Талкаланган айнектей.

***

Заманын каргап зарлашкан,
Арылбай аккан көз жаштан
Өткөндөр болгон дүйнөдөн
Күлкүсү ыйга алмашкан.

***

Азыркы заман башкача,
Билип, аны барктаса
Жаштыкка жолтоо эми жок
Сүйүүнү сүйүү сактаса.

Рыскул аке ушул үч түрмөк ырды үнү кайра-кайра үзүлүп атып араң айтты. Агайларды биз эч кимден сүрдөшпөйт деп ойлочубуз. Биздин Рыскул акенин сүрдөп жатканын ушул үнүнөн байкап аттык.

Анан шымынын сол жактагы чөнтөгүнөн бет арчысын алып, жазы маңдайын сүрттү. Кызык, биз жайлоонун түнкү муздак абасынан ичиркене бүрүштөп отурсак, Рыскул акенин тердегенин карасаң.

Тиги ыр өзүнүкүбү, же көп окуучу газет, китептерден үйрөнүп алганыбы, билбейбиз.

Аңгыча Жанызак аке дагы чертмек чертип жиберди. Рыскул акеге тигилген көздөрдү, алиги сүрдү ошонусу менен өзүнө буруп кеткиси келди окшойт. Эмнегедир «Карагул ботом» деген күүнү чертти. Баятан бери орто толгон шаттыкка мындай кайгылуу күүнүн кандай тиешеси бар эле. Башына келген эле күүнү черте койду го.

«Көкөй кести», анан ушу «Карагул ботом» деген күүлөр – биздин айылдын жаштарына, айрыкча биздей балдарына кеңири белгилүү күүлөр. Мурдагы эле жылы дүйнөдөн кайткан Шатман деген абабыз чертчү буларды. Ушу эки элекүүнү билет дечүбүз а кишини. Анткени, колу иштеп бошоду дегиче айылдын четиндеги дөбөчөгө чыгып отуруп алып, ушу эки күүнү алмак-салмак кайрый бере турган. Комузун кармап, аны көздөй үңкүйө басып жөнөгөндө биз, балдар да, а кишини ээрчип алар элек. Аерге чыккандан кийин бир топко чейин энтиккенин баса албай кышылдап-күшүлдөп отуруп калар эле. Семиз киши, Биздин назарда а кишинин курсагы көмкөрүлгөн эле кичине казан. Отурганда анысы буттарынан бери ашып турчу. Ошо семиздигинен бат чарчайт көрүнөт. Биз чуркап келебиз биерге. Анибыздын себеби бар. Кимибиз бу дөбөчөгө биринчи жетсек, ошонубуз Шатман абанын комуз башын биринчи тиштейбиз. Буга Шатман абабыз өзү үйрөткөн. Биздин кезектешип мындагы кылар ишибиз ошо.

Шатман аба көк ала болуп калган коюу сакалын ары-бери сылагылап, барбайган мурдунун кең таноолорун керилте-кыпчылта ошентип бир топко чейин үн-сөзсүз түнөрүп оту-

руп калат. Анан мурдун эки-үч курдай «шор-шор» тартып артынан «шуу-шуу» эттире үшкүрүп алган соң капкагы менен тепкесинен башка жагы майга бышкандай күрөң кызыл чертмегинин кулактарын бурап, кылдарын семиз манжалары менен бирден терип кирет. Чермекти күүлөп бүткөндө дагы бир жолу терең үшкүрүп алат. Анан кол шилтенет. Ошентип, жүрөктү эзгилеген күү пайда болот. Муңдуу күү. Биздин али аңкоо балалык сезимди да муңайтып таштачу күү жаратат. Анан Шатман абанын семиз бетинен төмөн салалап жаш агат... Таңыркап өзүнө карап калган бизди көрбөйүн дейби, же жашын токтотоюн дегениби, көздөрүн чылк жумуп алчу андайда. Бирок, жаш токточу эмес. Куюла берчү, куюла берчү... Күү нарылаган сайын анын жашы да көбөйө берчү. Анысын аарчыбайт. Алиги көмкөрүлгөн кичине казандай курсакка чейин жетип, көйнөк болсо, көйнөгүн, желеткеси болсо, желеткесин нымдап жиберер эле.

«Аба, эмнеге ыйлайсыз?» – деп, а деп мунусун көргөндө ичибиздеги тапанырaак бирөөбүз андан сураган болчу. Акиши «Экинчи эч кимиң минтип сурабагыла. Мен айтпайм. Айткан менен силер түшүнбөйсүңөр. Чоңойгондо билип аласыңар» – деп койгон. Ошондон кийин эч кимибиз сурабайбыз. Минтип жашын көлдөтүп отуруп чертмек черткени биз үчүн кызык. Аёо сезимине караганда балалык кызыгуу көбүрөөк бизде. Мунусу – «Көкөй кести», мунусу «Карагул ботом». Ушул эки сөз анын оозунан чыкканы. Башка сөз айтпайт күү чертип жатканда. Биз кезектешип чертмек башын тиштеп отура беребиз. Андайда алиги муңдуу күүлөр зыңылдап түз эле мээнин өзүнө барып тиет.

...Бу кишинин үч уул, эки кыз перзенти болгонун, алар элди каптаган мубадан үч-төрт айдын ичинде өлүп калышканын, ошондон кийин Шатман абабыз ушинтип ыйлап калганын кийин билдик. Башка да көп залкар күүлөрдү чертчү экен мурда. Жанагыдай кайгылуу окуядан кийин ушул эки гана күүнү жалгыздап отуруп чертип калган имиш.

Бул турмуш жалаң гана ырдан эмес, ыйдан да турарын ошол Шатман абадан улам биринчи жолу сезгенбиз.

...Жанызак акенин азыркы күүсү ошону эске салды. Тоодой кайгыны көтөрүп жүргөн Шатман абанын аянычтуу турпаты көз алдыга тартыла берди. Муну да сөзү жок эле бири-бирибизге карагандан түшүндүк Жапар экөөбүз. Жүзүбүзгө суздук жабылды...

Кудай жалгап бу айылдан бир жигит Жанызак акени дароо токтотуп койду. «Кемпир-чалдарга черт мунуңу кемшиндешип ыйлашсын десең. Биердегилер өңчөй жаштар го, көрбөй турасыңбы? Ушундай жерде да кайгылуу күү чертчү беле? Токтот!» – деди да баятан бери өңтөйлөп кармап турган чертмегин өзү чертип кирди. «Күйдүм чокту» чертип жана ырдап жиберди. Үнү да дурус экен. Патефон аркылуу кийинки жылдарда элге кеңири тарап, айрыкча жаштар тынбай ырдашып жүргөн ырлардын бири ушу.

Жанызак акенин күүсү тартуулаган суздукту мунун ыры дароо жууп-чайып таштагансыды. Ал аягына жетээри менен жанында малдаш урунуп мурутунан мулундап отурган жигит анын колунан чертмекти алды да башка овон менен ырдап коё берди.

Саамайыңы сылаган
Жайлоонун тентек желин көр,
Көңүлгө көңүл улаган
Жаштыктын ыйык демин көр.
Шылдыры болуп булактын
Кулагыма угулсаң,
Жарыгы болуп чырактын,
Жүзүмдө ойноп, кубулсаң.
Сар жылдыз болуп таңдагы
Алыстан жанып көрүнсөң,
Боюмду чайып сергиткен
Ак жамгыр болуп төгүлсөң.

Бу арыкчырай кубакай жигит, ошентип, ортону дагы шаттыкка толтурду.

«Бектору эле калды бейм ырдабаган?» – деп Рыскул аке аны карап, экинчи жолу жылмайып койду. Агайынын экинчи жолу ушинтип өтүнүшүн күткөн беле Бектору азыр көп назданган жок.

Сагыныч каптап жүрөктү,
Саргайтып жаштык тилекти
Койбостон тагдыр бергенби
Далай бир сонун күн өттү.
Эсептеп саат, мүнөттү,
Эзилтип жаштык жүрөктү,
Тең өткөрсөк өмүрдү
Тагдырым берсе тилекти.
Кагазга түшкөн тамгадай
Сезимге түштү сөздөрүң
Чагылган болуп «жарк» этет
Көзүңө түшсө көздөрүм.

Ал көпкө ырдады. Эргип ырдады. Мунусу анын үн ыргагынан билинип турду. Баятан бери ырдагандардан өзүнө тең келчү жок экенине көзү жеткенгеби, кылчактабай, ийменбей, кысталбай, эркин ырдады. Анын ырларынын баары бир кишиге – андан көзүн албай алдыртан тиктеген Рыскул акеге арналып жатканын да сезип отурдук.

Коюн-колтугуна миңдеген төрт түлүк малды катып, ар убак чайыр бүркүп, арча жыттанып турчу жайлоо ушул экөө үчүн гана жаралгандай туюлуп жатты. Мында көчүп келип, кереге жайып, түндүк көтөрүп, уук сайып, анан ортого от жагып, чамгарактан өйдө көгүш түтүн булаткан малчы эл ушул экөөндөй бири-бирине жарашкан жаштар менен куттуу жана бактылуу экенин да биринчи ошондо сезип жаттык...

Ушул түнү, ырга, чертмек, комуз күүлөрүнө карк болгон түнү, баарыбыздын жашыбыз да улууланып чыккансыды...

Оюндан ошентип, кучагыбыз толо кубаныч, көтөрүңкү маанай менен тарадык.

Айлыбызга жеткиче Калча мындан жаттап алган ырла-рын ырдап жүрүп отурду. Ал да көбүнчө Рыскул аке менен Бекторунун ырларын эстеп калууга тырышкан тура. Калчанын мындай шыгына ыраазы болобуз... Башкаларыбыздын колунан келбейт бу,

...Бүгүн да Жапар экөөбүз бир жууркандын астында жатабыз. Кырыбыздан жаттык эле мен үчүн салынып

коюлган оң капшыттагы төшөккө экөөбүз тең баттык. Ортобузду сөз аралаган жок. Жанагы жалпак кыр, андагы уккан ыр-күү бийлигинде термеле бердик… Өзгөчө Бекторунун авазы жаңырат кулакта…

Бир маалда Жапар уктап кетти. Мурду бышылдап калганынан билдим муну.

Тып… тып… тып… эргенчекке жакын жерден чыгып аткан бул шыбырттамчынын шыбырты. Керегеге илинген чоң ак калтадагы бүгүн гана куюлган айрандан сарыгып чыгып аткан сары суунун тамчысы. Эки күндөн кийин ал сүзмөгө айланат. Андан курут жасайбыз. Эргенчекке улана жасалган сөрү бар. Апаларыбыздын жанына отуруп алып биз, балдар да, тоголоктошкон аппак куруттар ошондогу жайылган чий үстүндө жатып кургашат. Анан капка түшөт. Жайлоодон жолго алып кетчү жүктөрдүн бири ошо куруттар. Карындагы сары майга, каптагы куруттарга кышында гана кол тиет. Кой-эчкилер, уйлар байып сүт бербей, ак түгөнгөн кезде аларга кезек келет.

…Кайрадан Бектору келди көз алдыма. Айлуу түн… Короолордо жуушаган кой-эчкилер, курсактарын тарсайта жатышып кышылдай кепшеген уйлар, күн бою желеде байланып кууураган кулундарын ээрчитип капталдын бетегесине жайылган бээлер да баштарын көтөрүшүп, демдерин ичтерине тарта бизге окшоп алиги түндү түрө жаңырган керемет авазга кулак түрүшкөнсүйт… Кеңерсиген жайлоону бүт ээлеп шанданган кыз добушу жандуунун баарына эргүү жана жаштык тартуулап жаткансыйт… Жайлоонун касиеттүү чөбүн жеп, дары суусунан ичип, кудуреттүү абасынан жутканга мас болуп, өз үйүрүнө алымсынбай башка үйүрдү эңсеп көздөрүнө кан толгон айгырлардын жер титиреткен демейдеги кишенегендери да бүгүн угулбайт.

Алигиче оболоп асман-жерди каптап жүргөн алиги авазга орун беришкенсийт алардын баары…

Кызыл жоолук салынып
Кылактасам кыр менен,
Шуру, акак тагынып

Кылчактасам сыр менен
Келээр белең жаныма
Чок ыргытып каныма
Келбей койсоң кыйналам
Карааның издеп сагына...

Куйма кулак Калчанын жана жалпак кырда жаттап калган ырларын кайра-кайра кайталаганынан эсте калгандары минтип дагы дилге келет. Сыртка атылып чыгып, ушундай ырлар менен жанагы жан эриткен аваз көлкүгөн мейкиндикке боюмду ургум келет... Теребелди каптап, таңкы закымдай агылган авазга киринип, ары-бери кулач керип, чабак аткым келет...

...Кийин ойлонсом, ошондо биринчи жолу балалык кыялымын ойгонушу, дүүлүгүшү экен... Балалыктан, баягы «өспүрүм» деп аталчу күүлдөгөн-шарылдаган жаштардын айлын көздөй алгачкы шилтенген кадам экен...

**4**

Рыскул аке өзү айтып жүргөндөй мындагы айылдардын бардык өспүрүмдөрүн окутууга үлгүргөн жок. Баягы айлуу түндөн кийин бир апта өттүбү, өтпөдүбү, «Бекторуну алып качып кетиптир. Жолунан малчыларга согуштун башталганы жөнүндө билдиргени келаткан сельсоветтин өкүлү жолуккан имиш»деген эки кабарды тең уктук. Чоң-кичине дебей шалдайып отуруп калдык. Рыскул акенин Бекторудай кызды алып кеткенине кубандык дечи. Ал эми «согуш башталыптыр» деген сөз ал кабарга удаа ар бирибиздин жаагыбызга байкоостон чабылган шапалактай көзүбүздү карайлатты.

Бул эки кабарды тең сельсоветтин көздөрү кызыл, кырктарга келип калган өкүлү алып келиптир.

...Бир нече күн өттү. Жанагы «өспүрүм» аталгандарга кошуп, биздей балдарды да жакага алып кетишти. Эгиндин асты бышып калган тура. Мал менен жайлоодо чал-кемпирлер гана калышты.

Баарынан жаманы – мурдагыдай калың күлкү, ыр, күү эч жерден угулбай калды. Оюн-зоок деген токтоду. Кечээ эле бизге бу турмуш жалаң жаштардан, алардын оюн-күлкүлөрүнөн тургансып сезилген. Баары өзгөрдү да калды.

Буга чейин кой артында жүрчү койчулар деле, өспүрүмдөр деле, эгин басып талаада жүрчү дыйкандар деле ырдай беришчү. Ошондон айлана дайыма шаңдуу көрүнчү. Жашоо көңүлдүү сезилчү. Көрсө, анын баары бейкутчулуктун жышааны экен. Ошонун шарапаты тура. Жашоо кумарынын ашып-ташканынан экен.

Ай нуру чайкап асмандан,
Жамалың жайкап ашкандан.
Жалындым жаным сендик деп,
Ашыклык ашып-ташкандан.

Баягы куйма кулак Калчанын биз менен жолуккан сайын айтып берчү Рыскул акенин же Бекторунун ырларынан дилге келет. Бирок, эми алар мурдагыдай кубаныч сезимин тартуулабастан, арман сезимин күчөтөт. Жайлоо. Түн. Айнуруна жамынып отурушкан жаштар. Алардын ортосу толо ыр-күү. Бектору, Рыскул аке... Ыйлагыбыз келет, ошол учурду, ошол күндөрдү эстеп... «Кайда калдың, ал күндөр?! Кайрылып дагы качан келесиң?!» – деп үнүбүздүн барынча кыйкырып, ыйлагыбыз келет. Мектепке баратып, андан келатып, же жумушта жүрүп деле өз ара кеп салабыз да, андагы акыл-эсибиздин жетишинче. Биздин да балалык кыял-жоругубузга, таптаза тилек-оюбузга, чоңдордукунан кем эмес бүлүк түшкөнүн ошентип сезип жаттык.

**5**

Рыскул акеге чакыруу кагазы ноябрдын орто ченинде келди. Бектору жеңе менен Жапар экөөбүз да бардык аны узатууга. Биздин кыштак райондун борборуна жакын. Беш-алты эле чакырым.

Биз, эмнегедир, күйөөсү менен коштошкондо Бектору жеңени адегенде ыйлайт, анан кошуп ырдайт деп ойлогонбуз, андай болбоду.

...Күн батарга чукулдап калган маалда жөнөштү Рыскул акелер. Ичи толо үч машина биринин артынан бири жөнөп бергенде Бектору жеңе артына шарт бурулду. Аны менен кошо Жапар экөөбүз да бурулдук. Анткени, ал экөөбүздүн бирден колубуздан кармап турган эле. Жанагы көз кычыктарына толуп, сымаптай мөлтүрөгөн жаш эми

сыртка чыгыптыр. Аппак бетке жол салып, ал дайыма ак маржаны тагылуу жүрчү жумуру мойнуна көйнөк жакасынан сарыгып кирип жатканын көрдүк. «Коюңуз, жеңе, ыйлабаңыз» – деп бир жолудан айтып, «кайрат» көрсөткөнгө Жапар экөөбүз араң жарадык. Анан өзүбүз да ыйлай баштадык. Ийин кагып ыйлап бараттык. Тентек балдардан таяк жегенде алардын алдында алсыз экенибизди, ошондуктан аларга кол көтөрө албасыбызды билгенден ызаланып, ушинтип үн-сөзсүз ыйлаар элек. Бектору жеңем да ыйлап жүрүп отурду. Колдорубузду бирок, коё берген жок. Ыйдан анын бүткөн бою солкулдап бараткансыды. Биздин колубуздан кармаган анын колунан байкап бараттык муну.

...Өргө тырмышкансып, буттарыбыз анда-санда бир шилтенет. Күн да батты. Он бешине жакындап калганбы, четинде бир аз гана кемтиги калган айдын жүзү агарып, дааналана баштады. Каптап кирген иңирдин кара көлөкөсүн ошол айдын агыш шооласы өйдө-өйдө түрүп бараткансыйт. Андан биз өңдүү жакындарын узатып коюшуп, алардын келечегин ойлоп түнөрүшкөн адамдардын караанын алды жагыбыздан да, арт жагыбыздан да көрүнүп келатты. Кеч күздүн удаа-удаа жааган жамгырынан тапталып калган жол таманы деле билинип турат.

Ай жарыгы дагы баягы жайлоодогу айлуу түндүн сөөлөтүн эске салды... Бирок, кубантпастан, бу жолу жүрөктү мыкчып өттү ал сезим. Бир маалда Бектору жеңе терең улутунду да, анан минтип күңгүрөндү:

Аман бар, курбум, аман бар,
Аргасыз калды мында жар.
Алыста жүрүп сагынсаң –
Колуңда кагаз, калем бар.
Жазарсың салам катыңы
Биринчи коюп атымы.
Зарыгып күтөм – келе көр
Төктүрбөй кепкө жашымы.

Үнү араң чыгат. Муруңку шаң, муруңку бийиктик жок авазында. Тамагынан бирөө кыскандай каргылда-

нып, нары пас чыкты. Көңүлдүн чөккөнүнөн, маанайдын пастаганынан го.

Мурунтан даярдап жүргөн белем бу ыры, шыдыр чыкты. Согуш башталганына бир нече ай болуп калбадыбы, эртели-кеч кезек анын күйөөсүнө да жетээрин билет да. Ырчылык касиет дээринде бар немени дилине кантип андай кезде айтылып калчу коштошуу сөздөрү, уйкашканын жазбаган ыр саптары келбесин? Бизди жаттап калсын дедиби, жай күңгүрөнөт:

Сагынам, билгин, сагынам,
Сарсаана болуп сабылам.
Күн-түнү ойлоп жоругуң
Карааның издеп жалынам.
Таңды кеч тилеп жүрөйүн:
Келгин деп аман, түгөйүм.
Экөөбүздү айрыган
Талкала жоонун түнөгүн.

* * *

Жапар экөөбүз ал түнү бирибизди-бирибиз толуктап, кайталап чыккан ушу ырлардан кийин өзүбүз да, башкалар аркылууда Бектору жеңенин ырдаганын укпадык. Анын оозунан төгүлүп турчу (бизге ошондой туюлчу) ырын, сонун авазын Рыскул аке өзү менен кошо алыс-алыс жактарга, эл азыр жек көрүү менен көп айтчу болгон «Гитлер», «фашист» дегендер менен кармашчу жактарга, алып кетип калгандай укпай калдык.

...«Кара кагаз» деген келген жерге биз, балдар да, барчу болдук. Урушка чейин андай жерге балдар барышчу эмес. Улуулар тыюу салышчу да. Эми бизди чоңоюп калды дештиби, же күтпөгөн жерден калкты каптап келген оор кайгыны өздөрү гана көтөргөнгө чабалдык кылып калышкандан жол бериштиби, анысын билбейбиз. Чоң кишилердин бир четинде туруп алып, андай жерде биз да колдорубузду көзүбүздөн албай, чыйылдап ыйлай берчү болдук. Ар бирибиздин аяк ка кеткен бир жакыныбыз бар да: же атабыз, же агабыз, же дагы бир жакын тууганыбыз. Ыйлап жатканда ошолор

эске түшүп, ошолор көзүбүзгө элестеп кетчү. Ошондон го кээде чоңдор токтосо да, биз, балдар, токтобой ыйлай беребиз. Андайда улуулар жаныбызга акырын басып келишип: «Койгула, садагалар, койгула!» – дешип, баштарыбыздан сылагылай беришип, араң сооротчу болушту.

Ошентип, ый деген эмне экенин биз, балдар, ошол апаат жылдарда түшүндүк. Мурда көрүп жүргөндөй көшөгөнүн артында керилип жаткан өлүк жок болсо да алигидей «кара кагаз» келген жерге боз үй көтөрүп жүрүштү. Аялдар анын ичине кирип алышып, сөөктүн жанында отурушкансып, кыбылага карап ыйлашат. Эркектер анын сыртында туруп өкүрүшөт. Өлгөн кишинин гана жансыз денеси жок, калгандары мурункудай эле.

Ырдын да эми кошокко жол бергенин алиги «кара кагаздар» көбөйгөн сайын түшүнүп аттык. Эч бир заманда ошол төрт жыл ичинде айтылганча кошок айтылбаса керек деп жүрөбүз алиге чейин. Жапар менен жолугушканда азыр деле сөз кылганыбыздын бири – ошол жылдарда угуп, жүрөгүбүз эзилген кошоктор, Бектору жеңенин жүрөктү титиреткен авазы!.. Ооба, жүрөктү титиреткен авазы!

Баягыда гүл жыттуу жайлоонун айлуу түнүндө көңүлдү көккө эргиткен аваз эми жүрөктү эзгилеп, кыйнап, титиретчү болду. Ыр – ыйга айланганда ушинтет тура. Биз эңсеген, сагынып күндө уксак деп самаган ыр күтпөгөн жерден минтип кошокко айланып кетээрин эч кимибиз ойлогон эмеспиз.

...Бектору жеңенин кошогун биринчи жолу Жанызак акеден «кара кагаз» келгенде уктук.

«Мен болбосом, экөөң жүрмөксүң, Күкүк менен Зейнептей алыстан үн алышып. Рыскулду шаштырып, силердин айлыңарга көчүрүп барган менмин сенин кабарыңы уккандан кийин. Мына ошол акым үчүн мага да өзүңдөй ырчы кыз табасың. Ансыз үйлөнбөйм» деп жүрчү эле Жанызак аке. Жолуккан сайын эле: «Жеңе, (ал Рыскул акеден үчтөрт айлык кичүү экен да) таптыңбы?» деп тамашалай берчү» – деп муңайган Бектору жеңе бир жолу ал тууралуу сөз болуп калганда.

Ошол Жанызак аке курман болуптур. Чоңдорду ээрчип, аныкына да бардык. Алардын жанында туруп, жоктоп ыйладык. Бой жетет деген ушу го. Улуулар сени менен эсептеше баштагандан тартып, бой жеткениң ошол окшойт. Согуш башталгандан бери колхоздун табелчилеринен тартып, башкармасына чейин биз менен кадимкидей сүйлөшчү болду. Мурда чоңдор гана аткарчу жумуштардан эми биз окшогон бала-бакырага да тапшырыша башташты. Бригадир деген немелердин ооздорунан аттарыбыз түшпөй калды. Сабактан кийин ошолордун карамагындабыз.

Мезгил ошентип, бизди эрте жетилтип жаткансыды.

Жапар экөөбүз жанаша туруп ыйладык. Дайыма ушинтип туруп ыйлайбыз. Ал экөөбүз колхоздун жумушун да жанаша жүрүп иштейбиз. Талаада түнөп калсак да бирге түнөп, келсек да бирге келебиз. Согушка да бирге барабыз деп коёбуз анын дагы канчага созуларын билгендей. Моюн дашып андан да айлыбызга бирге кайтабыз. Бектору, Казтору өңдүү аттары да уйкаш, өң-түстөрү да окшош сулуу кыздарга үйлөнөбүз. Андайлар, сөзсүз, табылат. Биерден табылбаса башка жерлерден табылат. Экөөбүз издеп жүрүп табабыз. Балалык учкул кыялыбыз ушуларга чейин алып учуп жеткирет кээде.

Эркектер сыртта өкүрүп, аялдар ичкериде ыйлап жатышты.

...Акырында бардыгы токтоп, бир гана аялдын үнү угулуп калды ичкериден. Бектору жеңенин үнү, тыңшап турсак. Дароо тааный албаганыбыз – ырдагандагы аваз менен ыйлагандагы аваз башкачараак экен.

Бектору жеңе көпкө чейин жалгыз ыйлап калды. Биздин айылдын карыялары деле анын үнүн мурда угушпаган да. Анткени, жаштар топтолуп, ырдап-чордогон жерге алар барышчу эмес. Ошентип, анын авазын биринчи угушуп атты. Ырын эмес, ыйын-кошогун угуп жатышты.

Жапар экөөбүз жашка толгон көздөрүбүз менен дагы бири-бирибизди тиктешип алдык. «Ыйлап жаткан Бектору жеңе» дегенибиз эле мунубуз. «Тым-тырс» болуп калды айлана. «Шырп» эткен шыбыш жок. Ал түгүл эртеден

бери сырттан, ичкериден ыйлагандарды коштогондой «төрт көз» деген ит «ов-ов-ов» деп үрүп жатты эле, азыр ал да жашын кылгыртып, мойнун сунуп жатып калды. Чоңдорду туурап беридеги бир дөңгөчкө жанаша көчүк баса берген Жапар экөөбүз аны да көрүп турдук. Ал да эми бизге окшоп, үн-сөзсүз ыйлап жаткансыды. Ал да эми Бектору жеңенин ыйына кулак түргөнсүйт. Ал да мурда муун-жүлүндү аралап кеткен мындай муңдуу авазды укпаса керек. «Төрт көзгө» да бул ый алыста, белгисиз жерде түбөлүккө калып кеткен ээсин элестетти окшойт. Кай маалда, кайдан келбесин, аттан түшөөрү менен алдынан чыгып, уч жагы үрпөгөй куйругун шыйпаңдата, оозу-мурдун жалагылап эркелечү аны Жанызак аке ар убак балачасынан башынан сылап өткөнүн көрүп жүрчүбүз. Ээсинин ошол мээрбан жоругун эстеп атат го деп жорудук Жапар экөөбүз иттин жашка мелт-калт болгон көздөрүнө карап. Тигинде-мында үңкүйүп-үңкүйүп отурушуп, жер чукуп, жаш чуурутушкан мына бул адамдардын эсине да Бектору жеңенин ыйы көптөрдү салып жаткансыды... Жең учтары менен акырын-акырын көздөрүн сүртүшүп, «шорр», «шорр» эттирип мурундарын тартып коюшат. Ый күчөгөндөн-күчөй берди.

Жаштайынан эл деген,
Намысты колдон бербеген.
Азамат элең ары бар,
Алыска колду сермеген.

Кайда өчтү экен жалының,
Өмүрдүн өтпөй жарымын.
Айлыңа жетпей калгыдай
Ушунча кыска беле арымың.

Калк алкышы калкалап
Калбадыбы башыңы?
Көрбөдүбү жоо огу
Күлгүндөй курак жашыңы.

Сагынып күткөн кыз калды,
Саймасын бүтпөй уз калды.
Сага деп тиккен жоолугун
Суна албай ичте «тыз» калды.

Тамашаң турат жадымда
Таңда-кечте күлдүргөн.
Түндүгү түшсүн душмандын
Тилекти минтип бүлдүргөн.

Түгөйлөрдөй ээрчишип
Жүрчү элеңер эки дос.
Ажыратты жоо келип,
Келбесең, эми кайыр кош!

Сумсайып калды тоо-ташың,
Салаалап агат көз жашым.
Өлүмгө кантип көндү экен
Жашоого кумар жаш башың.

Мүрзөңөн жыпар гүл өнсүн,
Жаныңда пери түнөсүн.
Түбөлүк калат жүрөктө,
Жаштыктай жаркын мүнөзүң.

Асти Гитлер оңбосун,
Бөксөргөнү толбосун.
Ал дүйнө кеткен жан курбу
Эми периден болсун жолдошуң.

Ох-ох-ө-ө-у-у-ах!.. деп, Бектору жеңе эчкиргенде ыйдын салмагынан бут астыбыздагы жер майышып жаткансыды...

Көпчүлүк деген көпчүлүк экен да. Боз үй толо отурган катындардын ичинде да биздин Калча өңдөнгөн куйма кулактары бар го, алиги ыйдын бирден-экиденин ошол замат илип кетип, кийин биринен бири кураштырып отурушуп, андагы Бектору жеңенин оозунан чыккан бул кошоктун сөздөрүнүн көбү алар аркылуу элге тарап кетти.

Тараганда да «Бекторунун Жанызактагы кошогу» деген ат менен тарады. «Анын ырчы кыз» анан «ырчы келин» деген атынын «кошокчу келин» деген атка өтүшүнө да биринчи ушул кошок себеп болгонсуду.

Улуулар аңыз кылып айтышчу кошокчулар тууралуу да уккан элек. Айрыкча атак-даңктуу кишилер өлгөндө, эгерде алардын өздөрүнүн кыз-келиндеринен андайлар чыкпаса, башка жерден болсо да ат жиберип алдырышып, апталап кошок айттырышканын, ошол аркылуу дагы бир жолу аркы дүйнө кеткенди даңазалашканын укканбыз. Бирок, бизге алардын баары ошол эски заман менен кошо кайра келгис болуп кеткендей, кайталанбай тургансып сезилчү. Ошондуктан, андайларга мектепте агайларыбыз кайра-кайра түшүндүргөндөй «эскинин калдыгы», «өткөндүн саркындысы» катары кайдыгер мамиледе жүрчүбүз. Канча күн ыйлашса да үндөрү кардыкпаган, тескерисинче, ыйлаган сайын аваздары ачылган, бир айтканын экинчи кайталабаган ал кездин кошокчу катын-катачы да өз заманы менен кетип, түбөлүккө жоголгондой, ал эми биздин заман, биздин доор дагы эле ошол агайларыбыз сабактарда күн сайын чарчабай айта беришчү жалаң жыргалдан, оюн-зооктон, картайбас жаштыктан тургандай мээбизге сиңе баштаган эле да.

Бу жолу да өткөндүн ошол кошокчулары тууралуу кеп козголду. Буга Бектору жеңенин кошогу себеп болду. Анын ыйын уккандан кийин, кайсы айылдан, кандай уруудан экенин билип алышкан соң, башка коңшу айылдардан келген кишилер: «Түшүнүктүү, түшүнүктүү. Илгертен эле атактуу кошокчулар ошол уруудан, ошол айылдан чыгып жүрүшкөн, тегинде бар турбайбы» деп жатышты. Мындан улам биз дагы көтөрүлө түштүк. Андай оозго алынган келин биздин айылдык, а түгүл биздин жеңе болуп калганына көтөрүлө түштүк. «Ый – өлүктүн шааниси. Андан өлгөндүн баркы көтөрүлөт. Тирүүлөрдүн зыйнаты артат» дешип, өздөрүнүн айлында мындай кошокчунун жоктугуна өкүнүшкөндөй келгендер тамшана тарап жатышты.

...Кийин билсек, бу Бектору жеңенин биринчи кошок

кошкону экен. Жанызак аке анын күйөөсүнүн айылдашы гана эмес, жакын досу экенин ошол көмөкөй жарып чыккан ыйы аркылуу билдиргени тура.

***

Айлар өтүп жатты. Согуштун экинчи жайы да келди. Жумуш. Жумуш. Эгини бышып, дан жыттанган талаалардан ай жарыгында бир оокумга чейин шартылдаган чалгы оруктордун үнү угулуп турат. Орокчулардын көбү аялдар. Анча-мынча калган эркектердин көбү кырманда. Аларга жардамдашкан биз, балдар. Орокчулардын арасында Бек-тору жеңеге окшогон жаш келиндер, бойго жеткен кыздар да бар. Бирок, мурункудай аларды ээрчиген шатыра-шатман күлкү, бирин-бири чымчылаган азил-тамашалар жокко эсе. Биздин айылдын балдары мындагы кыз-келиндердин маанайын Бектору жеңеникине карап, билебиз. Төлгөбүз ошо. Анын каш-кабагы бүркөөбү, демек, башкалардыкы да ошондой. Аны көргөн сайын дагы эле баягы айлуу түн, теребел ак шоолага чайылып, ыр-күүгө магдырап, тоо-ташка, булак-сууларга чейин өз шоокумдарын токтото салып, биз тарапка, Бектору менен Рыскул акеге сук артып отурган биз тарапка, жаштык оту алоолонуп, жалыны көк төшүн аймалап жаткан тарапка кулак түргөнсүгөн учурду сагынабыз. Ага катышып калган балдар жана кыздар иш үстүндө жүрүп, дагы эле ошол кезди көп сөз кылабыз.

* * *

Жанызак акеден «кара кагаз» келгенине төрт ай өтпөстөн Жапардын агасы Алымкул деген атасындай чийкил сары жигиттен (Жапар атасына окшоп кара тору эле) «кара кагаз» келди. Биздин жакын тууугандардын урушка кеткен балдарынан биринчи келген «кара кагаз» ушу. Менден улуу перзенттери кыз болуп калышканына менин ата-энем согуш башталгандан бери ыраазы.

Алымкул менен Жапар эле – ата-эненин тапкан перзенттери. Арыктыгынанбы, мойну коркоюп узун көрүнчү алардын атасы Ысман аке да «иш фронт» дегенине кеткен.

Ошентип, Жапар энеси экөө эле калган болчу үйдө. Ысман акеден кат келип турат.

...Ал күндөрдө Жапар канча ыйласа, мен да ошончо ыйладым окшойт. Бу сапар экөөбүз тең чоңдордун жанында аларга окшоп борубузга таяк таянып туруп ыйладык. Эл басылса да Жапар экөөбүз басылбадык. Экинчи күнгө араң жетиптир үнүбүз. Анан добушубуз бүтүп калды. Тамагыбызды айрып алыптырбыз. Бирок, көздөрүбүздөн жаш токтогон жок.

Бектору жеңе экинчи күнү боз үйдөн сыртка чыкты. Бнздин чырылдаган үнүбүз угулбай калгандан улам кабар алганы чыккан го. Кыйылдап-чыйылдап таягыбызга салмагыбызды салып жанаша турган экөөбүздү алмак-салмак а дегенде башыбыздан сылады. Анан Жапарды бооруна тарта берип, кошуп жиберди:

Ыйлаба, Жапар, ыйлаба,
Жаш жаныңы кыйнаба.
Алымкулдай эрлердин
Аттары калды кыйлага.

***

Көз жашыңы аарчыгын,
Унутпайт эли баарчынын –
Керек кезде аянбай
Калкына берген жаштыгын.

Ошентип, биздин айылдын да четинен кетиле баштады. Жоо беттеп барууга жараксыз болгондуктан мында калышкан карыялардын эки колу жакаларында. Үрпөйүп кулак түрүшөт. Бүгүн бул. Эртең дагы кимиси: «Балам! Кулунум! Чырагым!» – деп боздоп турат эшик алдында? Дагы кимдин биз курактуу балдары чоңдорчулап белдерине белбоо байлашып, боорлоруна таяк таянып: «Акем ой, Акем ой! Эми кайдан көрөм ой» – дешип ушул согуш деген кесепет айыл аралап киргенден тартып, жашына азырынча ылайык эмес сөздөрдү айтып, чырылдап ыйлап турушат? Муну эч ким билбейт.

**6**

Согуш жылдарында биздин айылда «Баланча келиндин күйөөсүн узаткандагы ыры», «Түкүнчө кыздын уруштагы

жигитине жазган салам каты», «Курман болгон жоокердин жарынын кошогу» деген өңдүү аты да, мазмуну да башка ырлар, укканда көңүлдү муздатып, каңырыкты түтөткөн ырлар көбөйүп кетти. Кийин билсек, аларды жаратып жүргөн да биздин Бектору жеңе экен. Рыскул аке кеткенден бери ырдабай калды дебедик беле. Көрсө, аваз чыгарып, демейдегисиндей шаңкылдап ырдабаганы менен ыр жаратканын токтотпоптур. Анын бул жөндөмүн билип алышкан келин-кыздар талаа-түстө иштеп жүрүшүп деле өздөрүнө керектүүнү анын оозунан жазып алышат экен.

Уруш бүткөндөн бери далай мезгил өтсө да Бектору жеңенин ошол жылдарда жараткан андай «салам каттарынан», «кошокторунан» алигиче эл оозунан түшпөй жүргөндөрү бар.

Кат жазамын алыстан,
Уялам – издеп барыштан.
Эр аталып келе көр,
Кан күйгөн ошол Батыштан.

***

Кат жазамын алыстан,
Билесиң да, – Калыстан.
Эзелтен эле эрдердин,
Колунда найза карышкан.

***

Калк таламын талашып,
Тулкуна зоот жарашып.
Түпөктүү найза сунушуп,
Токой, суу, тоону тең ашып.

***

Бел чечпей өткөн жигиттер,
Жоо келсе басып жерине.
Баш кетсе – кеткен андайда,
Бирок намыс кетпеген.
Ошолордой боло көр,
Купулга элдин толо көр.

Бул Калыс деген өспүрүмдөр менен окуучу жылдызы төгүлгөн кара тору кыздын Жапаркул деген жигитине

жазган каты. Бул ыр эл арасына тарап кеткенге чейин тиги эки жаштын ортосундагы ынактык мамилени мындагылардын эч кимиси билген эмес экен. Бул «салам кат» да Бектору, Калыс менен ийиндешип, талаада чогуу иштешчү кыз-келиндердин өздөрү аркылуу тараптыр.

Согуш жылдарында кан майдандан жигитин, же күйөөсүн күткөндөрдөн бактылуу, жолдуу аталгандардын бири кийин ушу Калыс болду дешип жүрдү мындагылар. Анткени, кеткенине үчүнчү жыл дегенде каш-кабагы салыңкы, бирок эстүү-акылдуу деп эсептелген Жапаркул алты саны аман келгендердин бири болду. «Контузия» дегенге чалдыгыптыр. Жакын жерде жарылган бомбанын эпкини тийген имиш. Ошондон бир аз кекечтенип сүйлөп калыптыр. Башы да билинер-билинбес калтырап турат. Мунусуна карабастан Калыс ал келгенден кийин бир ай өтпөй аны менен баш кошуп алды.

Кошоктордон Бектору жеңенин «Жанызактагы кошогунан» кийин «Үрпашанын кошогу» дегени ушул убакка чейин айтылып келатат.

Баланы төрөп, убайын,
Энелер көрбөй калгыдай.
Айтчы, аларда не жазык,
Тирүүлөй өрткө жангыдай?

***

Кара жоолук салынып,
Карага дене малынып.
Калгыдай бизде не жазык,
Кайгыга эрте багынып?

***

Жапайы бекен элеси,
Китлер деген немеси.
Ким болду экен энеси,
Кара таш баскан денеси?

***

Ким болду экен атасы,
Каргыш бекен батасы.

Жежелмогуз бекен жети баш,
Жеген сайын карды ач?

***

Кантип эне эмизди,
Ошол аты жаман немисти?
Баскан изи кан болуп,
Далайга салган кейишти?

***

Аты өчсүн ылайым,
Жексен кылсын кудайым.
Жалгызыман айрыган,
Каптасын жоону убайым.

Жалгыз уулу Өмүркулунан айрылган Үрпаша эненин уруш башталгандан кийинки жоругун айтышып, айылдын кишилери азыр деле күлүшүп да, жашып да алышат. Анткени, эринен эрте жесир калган ал кызыл эт жалгызын бооруна баскан бойдон, башка эрге тийбептир. Ошонусу он тогуздан жыйырмага карап, колхоздун белдүү бир кишисине айланып калган. Жашына карап эртели-кеч баласы да кетээрин билген эне чакыруу кагазын алып келчү чабарманды жазгырыш үчүн күн сайын айылдагылардын бирөөнүкүнө баласын ээрчитип кетип калат экен. Үйүнө кулп салып коёт имиш. Энесинин бул жоругуна ичинен күлгөн баласы бирок, анын ыгынан чыкпаптыр. Кимдикине ээрчитсе бара бериптир. Энесинин айтканын башынан такыр эки кылбаган Өмүркул, андай жол менен «кутулуп» кетүүгө болбосун билген го, апасы ээрчитип барган үйдүн ээлерине мыйыгынан күлүп, көзүн кысуу менен андай «кыдырууну» өзүнчө түшүндүрүп жүрө бериптир. Ошентип, Өмүркул үч-төрт ай жүрүп калыптыр чакыруу кези жеткиче. Ушу мезгилдин ичинде апасы айылдын айрым үйлөрүнө (өзүнө жакынырaактарына) эки-үч жолудан баласы өзү айткандай «суук кабардан» качырып алып барганга үлгүрүптүр.

Өмүркул жөнөгөндө энелерден ошол гана барыптыр баласын ээрчип райондун борборуна чейин. «Үрпаша аскерге жөнөгөндөрдүн арабасы козголгондо боюн баласы түшкөн

арабанын астына урган экен, араң сууруп алышыптыр» деп айтканынан да укканбыз.

Ал эми Өмүркулдан «кара кагаз» келгенде тиги «Балам» дегенден башка сөз айтууга жарабаптыр. Эси ооп, эсине келгенде ошол жалгыз сөздү айтып коюп гана жата берген имиш чала өлүк жандай. Кошконду билбейт экен. Балам өлөт дегенди оюна да алган эмес го. Ошондо алиги айылдын салт-нусканы билген карыя катындары Бекторуну бир түнү менен анын жанына отургузушуп, тиги кошокту Үрпаша энеге үйрөтүшкөн тура.

Өзүнүн аялдык парзы деп эсептеп калдыбы же андай жерден көөдөнүн тиреген бугун чыгарып алганга көнүп кеттиби, айтор, Бектору жеңе да курман болгондордон кабар келген жердин баарына улуулар менен кошо бара берчү болду.

Бара-бара алигидей «кара кагаз» келген үйдөгү ызы-чуу акырындап басайып отуруп, аягында бир гана үн чыгып калат. Бектору жеңенин үнү. Табийгат ага канча ырдаса да, канча ыйласа да кардыкпай турган үн берген беле, анысы дайыма тунук, дайыма бийик.

Бектору жеңенин кошогун эки-үч жерден угушкандан кийин айылдын башка катындары да бирин-бири этектен тартыша, капталга нукуша: «Токто, Бектору ыйласын. Ошонукун угалы» – деgenге өтүшкөн. Сырттагы эркектер да ооз ачып-ачпай өкүрүктөрүнүн аягына чыгыша турган болушкан. Муну да алардын өз ара сүйлөшкөнүнөн билип алдык. Бардыгынын мындай жерде айтаарын ошол айтып бере тургансып, биздин Бектору жеңеге жол берип, өздөрү дем тарпай отуруп калышат.

Тууруңар мында, өзүңөр,
Кайдасыңар, баарчындар?!
Биз көрбөгөн, билбеген,
Жайдасыңар баарчындар.

***

Түнөк мында, өзүңөр,
Кайдасыңар, шумкарлар?!

Силерди күтүп кишенейт,
Мамыда туйлап тулпарлар.

***

Селкилер жолду тиктешет,
Силер кеткен сапарга.
Үмүтүн үзбөйт жеңелер,
Кайрылат деп катарга.

***

Энелер чачы агарды,
Сагынып жоокер балдарын.
Келсеңер экен өчүрбөй,
Үмүттүн күйгөн шамдарын.

Өлүмдүн да өлүмү болот тура. «Беймаал өлүм», «бөөдө өлүм» дегендерди да ошол жылдарда билдик. Ооруп-сыркап жүрүп же карылыгы жетип өлгөн менен дейди октон учкандын айырмасы асман менен жердей тура. Андай өлүмдүн күйүтү да күчтүү экен. Ооруса – багып, картайса – жөлөп-таяп жүргөнгө карабай көз жумса, анан өздөрү айткандай колдору менен жууп-чайып, ак кепиндеп жерге коюшса, көкшүндөрү сууп, ага акыркы жолу ата-энелик же бир туугандык кызматын өтөп койгондой жеңилдей түшүшөт тура. Ал эми «согуш»деген балакет адамдарга, айрыкча жаштарга алиги «беймаал өлүмдү», «бөөдө өлүмдү» алып келген тура. Чоңдор айтып жүрүшчү ок «жамгырдай жааган» жерде мерт болгондордун баары ушундай өлүмгө туш болгондор экен да. Андайлар туурасында улуулар: «Бу турмуштан көрөрүн – көрө электе, билээрин – биле электе, жашаарын – жашай электе тентек бала үйлөп жиберген чырак отундай «жалп» этип өчүп калса, алардын онтогон үнүн, акыркы сөзүн укпасак, мындан өткөн арман барбы!» – дешип, ооздорунан көк түтүн бүркүшкөнүн угуп, көрүп, биз, балдар да, жашык болуп кеткенсидик. Аларга кошо муңая берчүбүз.

Кийин билсек, Бектору жеңе уруш жылдарында жоо беттеп жүргөн күйөөлөрүнө же сүйгөн жигиттерине ыр менен салам кат, аякта мерт болгондордун жаш жарларына кошок жазып бербегени аз экен. Бирине жазып берсе, калгандары андан көчүрүп алып жүрүптүр. Тагдырлары

окшош эмеспи алардын. Демек, бирине ылайык келгени башкасына да жарай берет экен.

Каттарды көбүнчө биз, балдар, мектепке жакын жердеги почтодон алып, ээлерине жеткирип жүрбөйбүзбү. Келин-кыздардын аларга жазган жооптору да биз аркылуу почтага барат. Ошентип, алардын мазмуну менен биз биринчи таанышабыз. Мунубузду деле билишет болуш керек. Бирок, үндөшпөйт. Төрт-беш чакырым жердеги жалгыз почтага өздөрү барышмак беле.

Талаада жүрсөм ырдаймын,
Жок, ырдабайм, ыйлаймын.
Таап бер деп жарымды,
Тагдырды кыстап, кыйнаймын.

Төшөккө жатсам жалгызмын,
Түшүмдө далай баргыздың.
Ойгонсом мында, сен анда,
Көзүмдүн жашын агыздың.

Сагыныч каптап жүрөктү,
Коркунуч каптап тилекти
Кыйнаганда караймын,
Сен жиберген сүрөттү.

Ошол көп каттардын биринен эсте калган ырлардан бу саптар да. Биздин айылдын дагы бир жаш келиндин кан майданда жүргөн күйөөсүнө жазган салам катынан бу.

* * *

Кайгы көбөйсө, ага кишилердин көктүк менен көрсөтчү каршылыгы да күчөйт окшобойбу. Үчүнчү жылга баратат мындагылар айткандай батышта кызыл кыргындын жүрүп жатканына. «Кара кагаздар» көбөйдү. Бирок, ый азайгансыды. «Жаамы журт башына түшкөн мүшкүл экен. Ыйдан тапкан пайдабыз кайсы? Же андан «кара кагаз» азайдыбы? Жок ал кайра көбөйдү. Же өлгөнүбүз тирилип келдиби? Жок! Андан көрө кайрат кылалы. Акыры башта бир өлүм болгон соң, мындайда элдин керегине жарап, шейит коомунда кеткенге не жетсин. Кайрат кылалы» – дешип, адамдар,

айрыкча, ошол жоокер жигиттерди төрөп чоңойтушкан ата-энелер эми бирин-бири сооротууга өтүштү. Алардын тулку боюна кайрат бүтүп, кек жыйналып, ошондон кайра чыйралып жатышкансыды. Бектору жеңе да баягыдай ээн талаада энесин издеген бótодой жалгыз үн созгонун койду. Башкалар менен ыйын кошо баштап, кошо токтой турган болду. «Ылайым эле такыр ыйлабай калса экен» деп жүрдүк биз ичибизден. Анткени, анын жер жарып чыгып аткансыган муңдуу үнүнөн жүрөкзаада боло баштаганбыз.

Бектору жеңе Рыскул акеге жалаң ыр менен кат жазар эле. Жапар экөөбүздөн жашыруун анын эч нерсеси жок. Жазып жатканда үстүнөн чыгып калсак, анысын бизге окуп берчү. Кап, балалыкты карабайсыңарбы, антпегенде ошолорду көчүрүп алып жүрсөк, кийин өзүнчө китеп болмок экен. «Бектору жеңенин ырлары», «Бектору жеңенин кошоктору» деп атайын дептерлер ачканыбызда, азыр аларды жалпыга жарыя кылмак экенбиз.

Көрсө, жеңебиздин өзү деле бала тура. Жыйырмага жетип-жете элек курагы. Анын деле а кездеги акылы келечек жөнүндө ойлоого жетпесе керек. Антпесе, Рыскул акеге жиберген ырларын көчүрүп калууга өзү эринсе, Жапар экөөбүзгө тапшырбайт беле. Ар жолу анын жүрөгүнөн жаралган ырлары Рыскул акеден калган көп дептерлердин ортосунан чыгарылган эки барак ак кагаз бетине түшүп, алыска кеткен бойдон, кайрылып келчү эмес да. Ооба, Бектору жеңе дайыма эки барактын төрт бетине толтуруп жазчу ырды. «Эгерде Рыскул аке аларды катып жүрсө, согуштан кайткан айылдаштарыбыз көтөрүп келип жатышкан капчыктарга окшош капчыгы эчак толгон болуш керек» – деп сөз кылып калабыз кээде Жапар экөөбүз.

Бектору жеңенин бир жолку катын Жапар экөөбүз чөнтөгүбүздө үч-төрт күн алып жүрүп, анан жөнөттүк. Аны алмак-салмак окуп жатып, жаттап алган соң гана почтага салдык.

Аргымак минсең жарашкан,
Алды-артынан карашкан.

Эр болсо бизге кана деп,
Кыз-келин сени талашкан.

Талашса, мейли талашсын,
Карашса, мейли карашсын.
Аман-эсен келе көр,
Боюңа боюм жанашсын.

Суусарды кийсең жарашкан,
Суйсала бассаң карашкан,
Сук артып далай кыз-келин,
Сыртыңан сени талашкан.

Талашса, мейли талашсын,
Карашса, мейли карашсын.
Катылган жооң жеңилип,
Айлыңа кудай жол ачсын.

Талаадан жумуш кайнаган,
Торгойду көрсөм сайраган.
Өзүңөн кабар бергенсип,
Шаңданат дайым айланам.

Гүл ичинен жайнаган,
Булбулду көрсөм сайраган.
Сен жанымда жүргөнсүп,
Көңүлүм тынчып, жайланам.
Келе көр, жаным, келе көр,
Кайрадан колуң бере көр.
Кан издеп келген душмандын,
Энчисин эрте бере көр.

Таңды-кечти карытып,
Караймын келээр жолуңду,
Душманды жеңип келди деп
Кармасам экен колуңду.

* * *

...Жок, Бектору жеңенин да тилегин тагдыр бербеди. Көптөрдүкү сыяктуу эле төрт жыл бою анын да көкүрөгүн уялап, жүрөгүн жылытып келген үмүтү таш капты. 1945-жылдын март айынын аягы ченде Рыскул акеден «кара кагаз» келиптир. Биз Жапар экөөбүз шаарда окуп калган элек анда. Мында орто мектеп жок болгондуктан жетинчини бүткөндөн кийин эле бирибиз айыл чарба техникумуна, экинчибиз педагогикалык окуу жайына кирип кеткенбиз. Ошентип, келечекте мен Рыскул акемин жолун жолдоп, мугалим болмокмун. Ал эми Жапар зоотехник адистигин алмак.

Бектору жеңенин башына кара жоолук салынып, эрин жоктоп бир аптага жакын таң аткандан күн батканча тынбай ыйлаганын ошентип, Жапар экөөбүз укпай калдык. Экөөбүздү чакырышпаптыр окууларынан калышпасын дешип. Нары жол алыс да.

Кийин Бектору жеңе Рыскул акеден келген акыркы катын жайкы каникулга келген Жапар экөөбүзгө көрсөттү. Окудук: «Бекторум! Экөөбүздүн жүздөшөр күн да жакындап калды окшойт. Азыр солдаттардын, офицерлердин оозунан түшпөгөн сөз эле – Берлин. Ага биринчи болуп кирүү жөнүндө. Мен командалык кылган ротанын жоокерлеринде да ошол – тилек. Менин өзүмдө да. Бирок, атын укса бешикте уктап жаткан бала чочуп ойгонгон «фашист» дегендин уюгун басып кирүү, ошону менен анын урандысынын үстүнө көчүк басып отуруп, алыста-алыста калган элди-жерди, жакындарды, сендей сүйгөн жарды эстөө шыбагасы ошону эңсеп-көксөгөн миңдеген жоокерлерден, командирлерден кимибизге буйруйт, аны бир кудай өзү билет. Бирок, үмүт, тилек менен жашоо жанга тете экенин ушу согуштун жан кейиткен оор жылдарында айрыкча түшүндүм.

Согуш ошентип, бүтүп жатат, буга эртеңкиге ишенгендей ишенип калдык. Сенин ыр менен жазылган каттарың солдаттык баштыгыман артып, чөнтөктөрүмө, коюн-колтугума, өтүк кончторума чейин толуп кетти. Сага быяктан алып барар башкы белегим – ошол өзүңүн каттарың болот

го. Баягы жайлоодогу айлуу түн эсиңдеби?! Менин эсимде! Аман барсам, ал түндү дагы бир жолу кайталайбыз. Даярдана бер! А дегенде – авазыңа, анан өзүңө ашык болгон Рыскулуң» – деп коюптур каттын аягына. Катты Жапар үн чыгарып окуду. Аны угуп турган Бектору жеңем ыйлады. Бирок, көздөрүнөн жаш чыккан жок. Бети-башынын бырышып-тырышканынан гана көрүп турдук ыйлаганын. Үн чыгарып бир нерсени айткысы келди – үнү да чыккан жок. Анын ордуна шыбыш гана угулду.

Бектору жеңенин жашы да түгөнгөнүн, авазы да өчкөнүн ошондо өз көзүбүз менен көрүп, кулагыбыз менен уктук. Мындан мурда барган каттардан Рыскул акеден «кара кагаз» келгенде Бектору жеңе бир аптача таң тыяктан оок салгандан тартып, күндө ыйлап жүргөнүн, анан бир күнү эле үнү тып токтогон бойдон, экинчи угулбаганын, көрсө, күчүркөнө ыйлагандаи көмөкөйү түшүп калганын Жапар экөөбүзгө жазышкан эле. Бүгүн ага өзүбүз күбө болдук.

Баягы биз суктанчу Бектору эмес, азыр биздин жаныбызда сөлөкөттөй селейген арык келин турду. Аны тааныбай жаткансып, кайра-кайра бутунан башына чейин карай берип, анан Жапар экөөбүз ыйладык. Бектору жеңенин бизге кошулуп дагы ыйлагысы келди окшойт, бирок арыктаганга алайып чоңоюп кеткен көздөрүнөн дагы эле жаш чыккан жок. Мыңкылдап мурдунан чыккан сөздөргө да түшүнгөн жокпуз. Ошондуктан аны көрүп турган көзүбүзгө дагы эле ишенбей жаттык. Биз билген, биз көргөн Бекторуга такыр окшобой калыптыр.

...Бирок, эки айга созулган каникул ичинде анын Бектору жеңе экенине, өзөктү өрттөгөн күйүт аны ушинтип өзгөртүп таштаганына ишендик....Ошол-ошол болду, Бектору жеңенин ырын да, ыйын да уккан жокпуз. Алардын баары биз билбеген, биз көрбөгөн чоочун эл, чоочун жерде Рыскул акебиз менен кошо ок жеп, анан денеси менен кошо топурак астында калгандай сезилди...

Рыскул акеден башка перзенттери жок кайната, кайненесин аядыбы, же күйөөсүнө болгон аруу сүйүүсүн башка бирөө менен бөлүшкүсү келбедиби, Бектору жеңе

жыйырма экиге караганда жесир калган бойдон экинчи эрге тийбеди. Кайната, кайненеси өлгөндөн кийин коколой башы калып, алардын үйүндө турмуш кечирүүсүн улантып жүрүп, жакында өзү да көз жумду. Бу кезде кызмат өтөп жүргөн Жапар экөөбүз да а кишиге топурак салганы эки жактан келдик. Бектору жеңени, Рыскул акени, баягы жайлоонун айлуу түнүн, угулганда айлананы шаңдантып жиберчү авазды, катаал согуш окуяларын дагы бир жолу эске салдык. Анын натыйжасында мына ушул повесть пайда болду...

## ЖЕК КӨРӨМ

Ата-энеден жалгызмын. Шаарда туулуп, шаарда өстүм. Атам мен төрткө чыкканда, өз оорусунан каза болот. Ошентип, энем жыйырма сегиз жашында жесир калыптыр. Аялдын ошол жашта отуруп калганы сейрек учурарын чоңойгондо билип жүрбөймүнбү. Эри өлсө, зайыбы башка эрге тийгени, тескерисинче, аялы өлсө эри башкага үйлөнгөнү эзелтеден бери келаткан турмуш салты, тагдырдын буйругу экен го. Эмне үчүн менин энем күлгүндөй жаш курагын, атайылап суу куйбаган дарактай мезгилсиз солутуп алганына алиге түшүнбөйм. Аны аяйм. Кээде ачык эле: «Туура эмес кылгансыз, апа атамын арбагын сыйлап, эки-үч жыл отургандан кийин бирөөгө башпаанөк кылышыңыз керек эле. Мен үчүн дейсиз. Эмне, өгөй ата менен, өгөй эненин колунда чоңойгон бала азбы турмушта? Көп. Ошонун бири болуп өсмөкмүн. Өгөйлөрдүн деле кээде өздөй боорукерлери, мээримдүүлөрү кезигет экен го. Балким сиз менен менин бактыма ошондойлорунан туш келип калар беле. Мен чоңойдум, эртели-кеч бирөө менен баш кошуп кетишим ыктымал. Анда кантесиз? Сиз күткөндөй күч-күйөө болуп, биздин үйүбүзгө кирип келчү жигит табылса го жакшы. Табылбасачы? Андайды намыс көрчүлөр алиге бар да. Иши кылып бир күнү жалгыз каласыз деп корком» дечүмүн.

Мен деп үйдө аялдын, сыртта эркектин ишин аткаргандыктан тез картайып, тез мөгдөгөн апамын андан аркы тагдырын ойлоно баштаган кезимде, өзүмдүн турмушумда күтпөгөн окуя келип чыкпадыбы.

Кыз-келиндер институтунун үчүнчү курсунда окуп калган кезим. Албетте, бул куракта келечек, үй-бүлө, турмуш жөнүндө өзүңчө ойлонуп, өзүңчө түйшүктөнө баштайт экенсиң. Кандайдыр бир олуттуу окуя күн өткөн сайын сени көздөй кадамын тездетип келаткандай, сени сынаш үчүн, сени жакындан көрүп, жакындан тааныш үчүн келаткандай эсиңе түшсө, апкаарып-апкаарып алат экенсиң. Мен апам эскертип жүргөндөй аны менен кездешүүгө, «күйөө күтөр күн» менен кездешүүгө такыр шашылганым жок. «Институтту бүтөйүн адегенде. Анан калганын көрө жатармын» – дечүмүн жанагыдай ойлор күтпөгөн жерден көтөрүлгөн куюндай тулку-боюмду чулгап келгенде. Апам эс тартканымдан бери бир жолу гана сөз арасында: «Үстүбүзгө кирип келчү жигит туш болсо экен, эки балалуу эне аталып отуруп калсам» – деп тамаша-чындан көңүл тереңине камап келаткан пикирин тышка чыгарып жиберген, анчадан бери анысын кайталаган жок. Ичимен мен деле апамдын тилеги ишке ашышын каалар элем. «Жаттын кийимин кийгизип, ашын ичирбейм» – деп өзү айтып жүргөндөй, жаш өмүрдүн бардык жыргалынан мен үчүн кол үзгөн анын оюндагысы чындыкка айланса дечүмүн. Эми мен апамын камын көрүшүм керек эле да. Анын өткөн өмүрүн кайра бере албасам да, карылыган бактылуу кылгым келчү. «Миң жолку анын энелик мээриминин жок дегенде он жолкусун өзүнө кайтарып бере алар бекенмин», – деп ичимен бушайман тартып, сар-санаага бата жүргөнүм ырас.

Отуз жылдан бери фабрикада иштеп келаткан апамын маянасы да чектелүү. Анын үстүнө шаарда бардыгы сатык. Анан кантип, тамак-аштан өксүтпөй, кийим-кечеден жүдөтпөй эки баш адамды багып келатканына акылым да, эсебим да жетпейт. Же ата менен эненин колунда эл айткандай кут-береке бар бекен? Ошол калетсизби деп кал-

дым. Мен отуз сомдон ашык стипендия алам үч жылдан бери. Биринчи айдын стипендиясына апама арнап алты сомдук баш байлама, төрт сомго бир жибек байпак алып келип бергеним болбосо, андан бери үйгө эч кандай киреше кийире элекмин. Самын, бетмай, тиш жуугуч, упа, атыр. Ушуларга араң жетет алганым. Кээде гана мен алып келген эки билет менен ээрчишип дем алыш күндөрү киного барабыз. Ушул бир пайдам. «Бойго жетип калдың. Өзүңүн керегиңе жумша стипендияңы. Тамагыңы, кийимиңи жер сойлоп калсам да мен табамын» – деп институттан алып келген акчамы апам биринчи жолкусунан тартып албай койгон. Ошентип, мен алиге чейин бул жагынан да апама аралжы боло элегимде, «окууну бүтүп, шаардагы мектептердин бирине орношсом, анан чындап көмөк көрсөтүүгө өтөмүн» – деп өзүмү-өзүм сооротуп жүргөн кезимде азыркы айтайын деген окуям жолдон чыгып, баары-жокко бүлүк салып таштады.

Бизден бир короо нарыда Базаркул, Гүлкан аттуу кишилер жашап, алардын менден эки жашка улуу Өмүркул деген баласы боло турган. Алар менин атам-энем менен көңүлү башынан жакын эле. Катташып турушчу. Майрам сайын апам экөөбүз алардыкына чакырылчубуз. Атам раматылыктын адамдык жакшы сапаттарын, көп айтышып, нечен ирет апамы ыйлатышкандарына чейин эсимде. Эс тартканымда, апамын көзүндөгү жашты көрүп, ыйлагым келип, тышка чыгып кетчүмүн. Албетте, алар бизди атайылап ыйлатыш үчүн ошентишпесе керек. Анын артында калган жесири менен жалгыз туягына боору ооругандыктары үчүн, сөздөн улам сөз чыгып отуруп, жүрөктүн бир бурчун ар убак ээлеп жүрчү жакшы ойлору өзүнөн-өзү чыгып кетерин кийин байкадым. Ошондуктан, чоңойгондон бери алардын үйүндө болгондо, атам тууралуу эми бирөө оозун жасап келгенде мен колумду көтөрө тыйып калчумун. Сөз багытын башка нукка салып жиберүүгө аракеттенер элем.

Алардын жалгыз кызы, жалгыз ушул уулу бар. Мен кээде тигилердин кызы менен көчөгө бассам, Өмүркул

бизди ээрчип алчу. Оюн ким билиптир. Бирок ага карата менде ачык да, купуя да жылуу сезим жок эле.

Мен институтка кирген жылы Өмүркул университеттин экинчи курсунан армияга кетти. «Ленинграддан кат келип жатат» – деп ата-энесинен, карындашынан угуп жүрдүм. Жарым жылга жетпей мага да кат келди. «Эсенсиңби, Саламат, – деп башталыптыр каты, андан ары ал-абалды, окуумду сураптыр. – Алыска келгенден кийин силердин баркыңарды түшүнүп атам. Ыраактык тааным кишилердин жүрөгүн ого бетер жакындатып коёт окшойт. Сени карындашым катарында эсептеп, ошондой эле сагынчу болдум» – деп андан ары өз кызматы, Ленин шаары жөнүндө билдирген. Бул каттан шек санай турган эч нерсе байкаганым жок.

Жоопсуз калтырсам, адамгерчиликке жатпас деген ой менен мен да жазып койдум. Эки-үч эле сүйлөмдөн турса керек эле аным. А дегенде эске алып кат жазгандыгы үчүн, карындашы катарында эсептегендиги үчүн ыракмат айттым да, февраль айынын башы болгондуктан, келе жаткан майрамы – Советтик Армиянын күнү менен куттуктап, катымын аягына чыктым. Ошол-ошол болду, ортобузда ары-бери кат жүрүп калды. Анын алгачкы катыңа жооп бергендигим – жеңилдигим, кем акылдагым экенин кийин сезбедимби. А кезде кат аркылуу болсо да бирөөлөр менен сүйлөшкөндү каалап жүргөнүмөн ушул ишке барганым чекилик болгонуна түшүндүм. Ошол чекиликтен бүтүндөй турмушка бүтөлбөс жарака кеткен экен.

Өмүркул согуш-деңиз флотунда кызмат кылып жүрүптүр. Үчүнчү жылы ал отпускага келгенде түшкө кирбеген иш болду.

Анын урматына ата-энеси той өткөрүшүп, апам экөөбүздү чакырышты. Кантип барбай коёсуң. Дайыма барып жүргөн үй эмеспи. Бардык. Бирок өзүмдү Өмүркулдан оолак кармоого тырыштым. Салкын учурашып, андан алыс отуруп алдым. Атайылап ошенттим. Үстү дүйүм тамакка, мөмөчөмөгө толуп турган узун столдун ары башынан экинчи башында отурган мага ал алдыртан көп тигилди. Мен ал

жакка караганым жок. Суз отурдум. Ошонум менен, азыр эле тура калып, кетип каларымы билдиргим келди. Дем алыш учурунда тааныш аялдардын тобунан алыстабай койдум. Ошого да карабастан, ал мага жакын келип, турмуш-жайымы, окуумy сурамжылап сөзгө тартууга аракеттенди. Мен анын ар бир суроосуна кыска, жүзүнө тиктебей туруп жооп берип жаттым. Кыскасы, бар турпатым менен аны жактырбаганымы билдирип турдум. Сөз ээрчиткендигим үчүн, муну бир нерсеге үмүттөндүргөндүгүм үчүн өзүмдү жемелейм. Ич жылытарлык эч нерсе жазбаганым менен, кат алып, кат жазып тургандыгымын өзү эле үмүттөндүргөндүк эмеспи.

Ал да каттарында батынып ички сырын ачык билдире алган эмес. Мен дале өзү биринчи катында атагандай «карындашы» катарында гана аман-эсен аскердик милдетти өтөп, эл-жерине кайтуусун каалагандыгымды билдирчүмүн. Кайсы сабактар кыйын, кайсылары жеңил, семестрлерде кайсынысынан кандай баа алганымы, шаарда кайсы кинолор жүрүп, театрларда эмнелер коюлуп жатканын, каяктан кайсы артисттер келгенин, алардын кимисин барып, кимисин телевизордон көргөнүбүздү жазчумун. Башка нерсе оюмда болсо, эмне дейсиңер. Ал эми Өмүркулдун башында тышка чыга албай учур күтүп буккан ой бар экенин катынан да анча-мынча байкаган элем. Өзү менен жүздөшкөндө анысын ачык түшүндүм.

Апам экөөбүздү үй ээлери элдин эң артында узатышты. Өмүркул, карындашы, ата-энеси менен кошо чыгышты. Каякка узатып барат? Жүз метрге жетпеген аралык. Апам алардын короосунан чыгары менен токтой калды. Өмүркулдун энеси аны чыканактан ала токтотконун сөзүнөн байкап калдым. «Күмүш, саат эми он эки болду. Эртең ишке барбайсың, дем алыш да. Сен биз менен отура тур мында, жаштар өзүнчө бир аз басып келсин» – деди ал. Мен, эмнегедир селт этип чочудум. «Жок, биз кетебиз. Мен эртең менен эрте китепканага барышым керек, курстук иш жазамын» – деген алдын ала даярданган шылтоом – эге олтуруш дагы уланса, ушуну айтып чыгып кетемин

деген шылтоом тил учунда кала берди. Кыйылып, мүнөткө ордуман жылбай турдум да, анан Өмүрдулдун коомай гана сол колуман алган жетегинде басып кеттим. Гоголь көчөсүндөбүз. Тротуарлар караңгы. Ошону шылтоо кылып, мен эки жүз метр баспай артка тарттым. Өмүркул көңүлсүз бурулду. Тигилердин эшик алдындагы скамейкада отуруп калышкан ата-энелерибизге жакындаша бергенде, Өмүркул кайрадан артка баруугa кам урду эле, мен жана акта албай калган шылтоому айтып, түз бастым.

«Эртең, кечке бошорсуң, анда бирге киного же театрга кирели» – деди Өмүркул токтой калып, акырын шыбырай.

– Жок, мен бул күндөрү бош эмесмин. Зачеттор башталат жакында. Анан экзамендер. Ага чейин курстук иштер. Кечиресиз.

– Анда ушу бойдон көрүшпөйбүзбү? – деп үнү калтырады.

– Ким билет, – дедим мурунку эле суздугуман жанбай.

– Мындайыңы билгенде отпускага келмек эмесмин.

– Отпускага мен үчүн келдиңби?

– Анан ким үчүн?

– Ата-энең, туулуп-өскөн шаарың үчүн келишиң керек да.

Экөөбүздүн ортобуздагы мындай сөз алмашуу эки-үч мүнөткө созулгансыды. «Апа, жүрүңүз, кеттик, менин эртең ишим бар», – дедим тигилердин жанына барбай бериден эле.

Апам менин бул жоругумду жактырбагансыды. «Аскерден келген бала менен бир аз бирге бассаңар боло. Эмненин жумушу дем алышта?» – деди ордунан козголбой.

Мен Өмүркулга айткан шылтоомду эми үн чыгара кайталадым.

Анан артыма бурулуп, үйдү көздөй бастым. Эгер келбесе деле, өзүм кете берериме көзү жетти окшойт, апам ыңгырана ордунан туруп жөнөдү. Үйгө келгенден кийин деле менин өңүмдөгү суздуктан, тиердеги көрүнүшүмөн боолготуп отурганынын аягына жеткире түшүндү окшойт, апам эч нерсе дебей жатууга кам урду.

Үчүнчү күн дегенде, Өмүркул үйдөн чыга бергенимде жолуман торой тосту да, көздөрүнөн жаш кылгырта, өңүн кубарта туруп муну билдирди:

– Мен эки күндөн кийин кетмек болдум. Мына, билет, – деп көк жакалуу ак көйнөгүнө жарашып турган кара шымынын чөнтөгүнөн поезддин билетин көрсөттү.

– Себебин сураба, – деди андан кийин. – Ушинтсем туура болгону турат. Антпесем, биерде жүрө алгыдай эмесмин. Балким, түбөлүккө ошол жакта калып калармын. Силерди экинчи көрбөсмүн. Мунун да себебин сураба. Ошондуктан, сенден акыркы өтүнүчүм, вокзалга узатышып чык. Бала кезден кошуна жашап келаткандыгыбыз үчүн, ата-энелерибиздин достугу үчүн узатып коюшуңу, акыркы жолу узатып коюшуңду суранам,– деп жалдырады. Боорум ооруп кетти…

Узатууга чыгайын деп убада берип жибердим. Мерездик кылбайын деп чечтим. Андан бир нерсем кемип калмак беле? Өмүркул чынын айтып атат, кошуналыгыбыз үчүн деле, бала кезден бири-бирибизди тааныгандыгыбыз үчүн деле тосуп жана узатып коюга милдеттүүмүн да.

…Вокзалды билесиз го, дайыма жүргүнчүлөргө толтура. Бүгүн да ошондой экен. Мен атайылап жыйырма мүнөткө кечигип келдим. «Өзүм барам, силер күтпөгүлө» – дегенмин апама, институтту көздөй жөнөп. Вокзалдын бери жагында сатылчу гүлдөн беш-алты талын бириктире кармап алдым. Өмүркулга беришим керек. Муну деле адамгерчиликтин талабы деп иштедим.

Өмүркул эки жагына каранып туруптур. Мени көрүп сүйүнүп кетти окшойт, топтон бери бөлүнүп жөнөдү. Келбейт го деп ойлосо керек да.

Анын ата-энеси, карындашы, менин апам да ушул жерде. Сүйлөшүп алышсын деп бизге шарт түзүшкөнү болсо керек, Өмүркул мени көздөй басканда тигилер арыга кетишти.

Өмүркулдун колунда чоң китеп. Сырты ак калың кагаз менен тышталган. «Ушуну сага арнап жүрдүм эле алып койсоң» – деди аянычтуу үн менен. Мен китепти колума алдым.

– Ачып көрчү, – деди. Биринчи барагында менин сүрөтүм. Таң калдым. Андан ары дагы бир нече барагын кызыгып ачып көрдүм. Ар бир беттин башталышында чоң тамгалар менен коздолуп жазылган менин атым.

«Бул күндөлүктү төрт жылдан бери жазып келатам. Менин сүйүүмдү кабыл албасаң да, ушуну менин бактысыз сүйүүмүн күбөсү катары алып кал. Эми мен үчүн жашоонун кызыкчылыгы калган жок. «Өлөмүн» – деди. Карасам, көзүнө жаш толуп турат. Коркуп кеттим. Күтпөгөн шойкоңго себепкер болуудан коркуп кеттим. Жүрөгүм оозума капталды.

Коңгуроо кагылып, поезд жөнөрүнө сигнал берилди. «Кош!.. Мен ушул поезддин алдына өзүмү таштайм!» – деди Өмүркул мага колун суна берип. Өңү купкуу болуп кетиптир. «Мен анын мойнуна кантип асылып калганымы билбейм. «Кой, антпе, мен сени күтөм! Сени сүйөм!» – деп жатыптырмын.

Эки аял – менин апам менен анын энеси колумду анын мойнунаң бошотуп: «Поезд кетмек болду! Бол, тез!» – деп шаштырып жатышыптыр. «Мен ыраазымын, түбөлүк кулуң болоюн, – деп жиберди Өмүркул маңдайыбызда экөөбүздүн тең энелерибиз турганына карабай.

Поезд жөнөдү. Вагон эшигине Өмүркул колун булгалап кетип бара жатты. Аны менен кошо үмүт да кетип жатты...

Мына ошентип, ойдо жок убада берилип, тил учуна мурда такыр келбеген «Сүйөм!» деген сөз айтылып кетти. Касам ичкендей оюм каңылтыктап, башым айланып, көзүм тунарып, эки эненин ортосунда көзүмөн жаш агыза жүрүп кеттим.

Өмүркул жетери менен кат жазыптыр. Анын аер-биеринде карамтыл тактар. «Булар менин көз жашымын тактары. Бирок кайгыдан эмес, кубанычтан чыккан көз жашымын тактары. Жолдо катар ыйлап келдим. Байкаган жүргүнчүлөр боору ооруп: «Жакын адамыңыздан айрылгансыз го. Кайрат кылыш керек. Жаш адам андай жашык болчу эмес. Ар кимдин башына келчү иш ал» – деп кайрат айтышканда көзүмдү аарчып, күлөм. Алар түшүнүшпөй аң-таң. Келесоо немеби деп да ойлошту көрүнөт. Кубанычтан киши ыйлайт дегенге ишенчү эмесмин. Эми аны өз башыман кечирдим. Ага себепкер өзүң. Ошондой кубанычты, төбөмү көккө жеткирип, дүйнөдөгү бирден бир бактылуу киши кылган

кубанычты тартуулаганың үчүн сага кандай сездөр менен алкыш айтарымы билбейм. Ушул катты вокзалга түшөрүм менен күтүү залында, чемоданымы эки тиземе коюп алып жазып отурам. Көөдөнүм алда кандай шаттыкка толуп-ташып чатырайт. Сенин демиң, сенин «Сүйөмүн!» деген жалгыз сөзүң. «Бойго жеткенден бери сенден күткөн сөзүм ошол эле. Анын баркын, салмагын жалгыз мен гана сезип, мен гана туямын. Периштем, сени менен кайрадан жолугушканча жүрөгүм чыдай алар бекен?» – деген саптар жүрөт анда. Эмне кылуум керек эле. Жооп жаздым. Кыз башым менен жигиттин мойнуна өзүм асылып, өзүм жалындым го? Мунун баарысы көз ачып-жумгуча иштелди. Көз байлагычтын дубасына кабылгандай мен эмне иштегеними байкабай да, сезбей да калдым. «Бактылуу болгула, кагылайындар» – дешип, менин энем менен тигинин энеси, биринен сала бири чачыман сылап, вокзалдан үйгө чейин жетине албай келишти. «Биздин ойлогонубуздай чыкты, тилегибизди берди кудай» – деп жатышты. Атасы да мурутунан мулуңдай (а киши милиция тарабында иштөөчү) артыбыздан жүрүп отурду. Мен бир да сөз айтууга жараганым жок. Менин сөз катпаганымы алар «толук макулдук» деп түшүнүштү.

Апам көрсө мурда эле, Өмүркул отпускага келелекте эле анын ата-энесине: «Кызым каршылык кылбаса эле, мен жаным менен макулмун» – деген экен. Кийин билип жүрбөймүнбү анысын. Кызы болсо, каршылык көрсөтмөк турсун, ок тийген канаттуудай топ этип тигинин алдына түшүп бербедиби.

Ошол күнү менин наар тартпай ыйлап жатып алганымы да апамдар жакшылыкка жорушуптур. «Сүйүп калган жигитинен убактылуу болсо да ажырашуу оңойбу» – деп ойлошуптур.

Бир нече күндөн кийин гана апама ал ойлоп жүргөндөн таптакыр башка пикиримди билдирдим. Ал чочуп кетти. Бүткөн бою жыйрыла түшкөнсүдү уккан сөзүнөн. Ичип жаткан чайын коё калып, жаагын таянган калыбында жарым саатча мага тирмиле тиктеген бойдон отуруп калды... «Тамашасыбы, чыныбы?» – деп жатты көрүнөт.

– «Он уктасам түшүмө кирбеген иш болду го, апа? Өмүркулду өмүрлүк жар кылуу оюмда түк жок нерсе эле да? Эми кантем?» – дедим. Көздөрүмүн кычыктарына жаш толуп чыкты.

– Анда мени тирүүлөй өлтүргөн турбайсыңбы, кызым, – деди апам акырында.

– Эмне үчүн өлтүрөм?

– Кийим-кечеге чейин алып келишкенин чемоданга катып койгонмун. Мурунтан эле даярданып жүрүшкөн экен. Өмүркулду узаткандын эртеси эле жеткиришкен аларын. Экөөңүн кантип коштошконуңарды көрүп, мен дагы ичимен кубанып калбадым беле? Кайдагы балакетти чыгарып отурасың?

Эми анын көздөрүнө жаш толо түштү. Эмне себептен антип коштошконуму ага айтууну артыкбаш көрдүм. Мен деп, жаштыгынан кечкен апамы аяп кеттим. Ордуман тура келип, көздөрүмүн жашын чуурута, Өмүркулду кандай кучактасам, апамын мойнуна да ошентип асыла кеттим. «Тамаша кылам, апа. Сиз ойлогондой, сиз чечкендей болот баарысы, апа» – деп калп эле күлүмүш болдум.

Акыры ошондой бүттү. Бир жылдан кийин Өмүркул келди. Ошол жылы экөөбүз баш коштук. Биздин үйдө жашап калдык. Ата-энеси мурунтан эле менин апама ошондой убада беришкен экен. Өмүркул өзү айтты мага чечимин. «Биздин үйдөгүлөрдүн, менден башка дагы перзенти бар. Экөөбүз сенин энең менен эле туралы» – деди той жөнүндө сөз козголгондо. Бул чечимге мен да, апам да ыраазы болдук. Ошентип, апамын көптөн күткөн тилеги ишке ашып, өзү айткандай уулдуу да болуп алды.

Өмүркул окуусун улантып, үч жылдан кийин аны ийгиликтүү аяктады, Мен андан эки жыл мурда бүтүп, шаардагы мектептердин биринде математикадан сабак бере баштадым. Эмнегедир, менин кыз кездеги Өмүркулга карата болгон салкын сезимим бара-бара жылып отуруп, акыры ысып чыкты. Жуурулушуп кеткенсидик. Мамиле жыл өткөн сайын жакшыра бергенсиди, тереңдей бергенсиди. Ата-энелерибиздин да ынтымагы артып жаткансы-

ды. Өз үйүмдө жашаганыма карабастан, эртели-кеч бош убактыларымы эки үйгө тең бөлүштүрүүгө аракеттенем. Өмүркулдун ата-энесин да кызматым менен ыраазы кылуунун камын көрөм.

Өмүркул менин апама сылык мамилеси менен ого бетер жага берди. Эртең менен окуусуна баратып да, келгенден кийин да апама бетин тосуп өптүрөт. Апам байкуштун ан-сайын жүрөгү элжиреп, айланып-кагылгандан тажабай жүрдү.

Өмүркул бүткөндөн кийин бир жылча университеттин өзүндө мугалим болуп туруп, анан Ленинградга аспирантурага кетти. Баарыбыздын макулдугубуз боюнча кетти. Окуу жайын эң мыкты бүткөн анын келечегине жолтоо болууну эч кимибиз каалабадык. Жөндөмдүү неменин илимий иштен деле ийгиликке жетишериие шек санаганыбыз жок. Ата-энелерибиз келечектеги окумуштуу уулу, ал эми мен эки балам менен (бир уул, бир кыздуу болуп калганбыз а кезде) окумушту папабыз менен ичибизден сыймыктана баштаганбыз. Кандидат... андан төрт-беш жыл өтпөй доктор... демек, профессор. «Профессор Алымовдун аялы, балдары, ата-энелери» деген сөздөр туш-туштан тымызын угула баштаган.

«Мен бүтүп алгандан кийин сени окутабыз, Саламатым» – деп мени жондон таптап, мойнума колун артылта берип, көздөрүмөн сыр издегендей тиктеген болочок окумуштуу күйөөмө чын пейлимен берилгеними кебетемен көрсөтүп: «Бир үйдөн бир окумуштуу чыкса жетишет го, Өмүш, Анын үстүнө сендеги жөндөмдүүлүк жок да. Институтту алымча бүттүм» – десем, ага макул эместигин билдирчү. – Кеп институтту кандай баалар менен бүткөндүктө эмес, аракетте. Жалаң «үч» менен бүткөндөр да бар азыркы окумуштуулардын арасында. Кантип бул даражага жетишип атканын билебиз андайлардын. Ал жагынан кам санаба, Саламатым. Баарысы жайында болот. Өзүм мойнума аламын сенин илимий даражаңа тиешелүү нерсенин баарын».

Өмүркулдун бул айткандарына ынана бербесем да, мен жөнүндө анын кам көргөндүгү үчүн ичимен ыраазы болуп калар элем. Окумуштуу болуу – оюмда жок иш. Анын үстү-

нө балдарды жан-дилим менен жакшы көрөм. Алар менен аралашуу мага өзүнчө ыракат. Алардан айрыла алгыдай эмесмин. Эми бар өмүрүмү ошолордун арасында өткөрсөм деп жүрөм. Ошондуктан Өмүркулдун ишенимдүү айткан жанагы убадасына анчейин маани деле берчү эмесмин.

Ошентип, Өмүркулду экинчи жолу Ленинградга аттандырдык. Бул жолу окумуштуу болуп кайтууга тийиш, үч жылдан кийин. Анысына эч кандай күмөн санабай узаттык.

Кат келип турду. А дегенде айлап, кийинчерээк эки-үч айда бир жолу кат жаза турган болду. Улам кийинки жылдары андан кабар сейректей берди. «Диссертациям жакындап калды, кат жазууга да чолом тийбей жатат» – деп экинчи жылы үч-төрт жолу гана телефон чалды. Анысынан шек санаганыбыз жок. «Каттын эмне кереги бар, ушинтип кээде аман-эсендигиңи билдирип, телефондон сүйлөшүп койсоң деле жетишет. Алагды боло бербе. Ишиңди аткар» – дегенден бөлөк сөз айтпадык. Үчүнчү жылы такыр эле кабарсыз кетти. Бир айча биякка командировкага келген экен, ошол кеткен бойдон дайынсыз жоголду.

«Баланча күнү коргоймун, келгиниң» – деген телеграмманы күтүп жүргөнүмдө, андан мындай мазмундагы кат келди. «Саламат, мени кечир. Мен сен үчүн өлгөн кишимин. Бутум башка аялдын төшөгүн басты. Эмне үчүн ушуга барганымы билбейм. Анын азыр боюнда бар. Эгер бу жакка жазчу болсоң, аспирантурадан да айдап жиберет. Ага барсаң деле таарынбайм. Антүүгө сенин толук акың бар. Эми ал шаар мен үчүн арам болду. Экинчи аны аралабайм. Андан көрө Невага боюмду таштап өлгөнүм артык. Кантип ушул ишке барганымы түшүндүрүп жазууга кудуретим жетпеди. Ар кандай жазаңы көтөрүүгө даярмын... Өлгөн күйсөң Өмүркул», – деп бүтүрүптүр катынын аяган.

Албетте, бул кабар байкатпай туруп чокуга чабылган таяктай эстен тандырып, кулакты тундурду. Жалгыз мага гана эмес, бул кабар эки үйдүн так ортосуна тушүп жарылган бомбадай аларды да солк эттирди, тополоң тос түшүрдү.

Мен ал ойлогондой эч жакка арызданып кайрылганым жок. Ажырашууну, балдарыма алимент ыйгарууну деле талап кылганым жок. Антмек турсун, жанагыдай мазмундагы кат алганымы эч кимге билдирбөөгө тырыштым. Энемен, тигинин жакындарынан да ошону сурандым. Алгачкы шилтенген бейакыл кадамым үчүн өзүмү дагы бир жолу ичимен жекирдим да, кайрат кылууга бел байладым.

Иштеп жүрөм, тиричилик өтүп жатат. Азыр орто мектепте директормун. Бар оюм балдарда, мектепте. Ошол жерге келгенде жүрөктүн жүгү канчалык оор болбосун, жеңилдей түшөм... Бирок ыза болдум оюмда. Өмүркулду жек көрүп калдым. Деги эле эркек аттууга болгон аялдык табигый сезимиме доо кетирип койду ал. Бирок турмушка болгон сүйүүмү муздата алган жок. Жашап жатам, иштеп жатам. Өмүркулдун өлүү-тирүүсү менен азыр тыйынчалык жумушум жок. Шаарга келбей кетти ошол бойдон...

1961

## КАРААН

Бейшен бул айылда согуш ортолоп калган кезде пайда болду. Бирөөлөр баласын жаңы эле узатып жатса, бирөөлөрү мурдараак кеткен уулунан «кара кагаз алып» арманы аттан күч болуп, көзүнө жаш, көкүрөгүнө муң толуп, дагы бирөөлөрү кан күйгөн жакка эртели-кеч уулун, же бир жакынын жөнөтүүнүн кайгысын тартып жүргөнгөбү, бир бутунан сылтый басып, ошол жактагы колу да серейген сенек 12-13 жашар, шилекейи токтобогонго ар убак чапан көкүрөгү шакмарланып, оозу эми гана сүйлөөгө камынган неменикиндей аңырая ачылып жүрчү баланы мындагылар а дегенде байкашкан деле жок. Көргөнүн-көрүштү дечи, бирок ага көңүл бурушпады. Жаңы айылдын адамдарына тезирээк аралашып, тезирээк үйүр алышып кеткиси келгендей ал өзү аерден деле-биерден деле ар кимисине жолуга берчү. Жанагы сенек колун чыканагынан бүктөй бирөөгө учурашканы жаткансып, алдыга сунгансыган калыбында эки ууртунан арык, кир мойнуна, төшүнө шилекейин

агыза кеңкейген Бейшен мүйүштөн деле, жолдон деле ар кимисинин алдынан чыгып, жийиркентип жүрдү. Анын тили жок дудук экенин, акылы жок кеңкелес экенин деле а дегенде байкашкан жок. Сүйлөшпөсө, кайдан билишмек эле. Анын кебетесин көргөндө эле жүрөгү айланып, жандан өтүп кеткиче шашчу кимиси болбосун.

Бу баланы биерге алып келген – анын атасы менен туушкан эжеси Зейне. Бейшендин апасы мурдараак өлүп, атасы али үйлөнө элек кезинде согушка кетет. Ошентип, кароосуз калган тигини алып келүүгө Зейне аргасыз болгон. Анын үстүнө өзүнүн жалгыз уулу Эсенкул да андан үч-төрт ай мурда урушка кетип, анын аңгырап бош калган ордун эмне менен, ким менен толтурушун билбей алдастап турган кезде бул жалгыз калып отурбайбы. «Жинди болсо да караан эмеспи. Эртели-кеч үйгө кирип-чыгып жүрсө да эрмек. Колунан иш келбегени менен адам баласы эмеспи» – деп ичинен өзүн сооротткон Зейне бир жагынан аны эш тутса, экинчи жагынан боордошунун перзентине боору ооруп ушул ишке барган.

Бейшендин өзүнө жараша төшөнчү-орун белендеп, ага ылайык идиш-аягын даярдап жатып да ыйлап алган Зейне. Быртыйган эткел, кепшек, али кыска колдорун-буттарын тарбаңдатып, чакырганды, эркелеткенди туюп, ыржактап күлө баштагандан тартып эки бутуна, эки колуна көз мончок тагышып, мойнуна тумар байлашып өзү отуздан ашып, күйөөсү Мурат кыркка келип калган кезде араң көргөн жалгыз уулга, бар тапканын кийинтип, ичирип, куштун балапанындай бапестеп чонойтушкан Эсенкулга ушуну алмаштырып алганга ыйлаган. Эсенкул Зейне менен Мураттын туну да, кенжеси да эмес беле. Үйлөнбөй жайланбай туруп, онунчуну бүтөрү менен тигинтип кан майданга кетип калбадыбы. Сурап-тилеп алган баланын түйшүгү, күйүтү белгилүү го.

Мурат каза тапкан. Октябрь майрамына карата райондо өткөрүлгөн улак чабышта аттан жыгылып өлгөн эле. «Өл-өл! Бир өлмөктөн миң өл! Туф! Туф», – деп анын мүрзөсүнө түкүргөн күйүтүнө чыдабаган Зейне ал жерге коюлгандын

эртеси башына барып жоктоп, узакка ыйлаган соң ордунан тура келип. Табалагандыктан эмес, күйгөнүнөн. Тулку боюн өрттөп, жүрөгүн сыздатканга чыдабай ошенткен. Кошо барган катын-калачтын кой дегенине болбой ошентип, «табалоо» менен бүтүргөн ыйын.

Эсенкулуна айланып-кагылгандан, жалынып-жалбаргандан тажабаган Мураты атайлап өзүн-өзү өлтүргөндөй туюлчу ага. «Антпесе эмнеге улак чабат? Канча марта какшадым: бай болгур, кой-кой, ошол улагыңы! Кишинин өлгөн-тирилгенине, башы-көзүнө карабай чапкылайт экенсиңер, тытышат экенсиңер койгунуң, бай болгур» – деп нечен жолу жалынып-жалбардым. Аман-эсен ушул жалгызды чоңойтолу. Кудайдын казынасы кемип кала тургансып сурасак-тилесек да башка бербей койду го? Жараткандын ушунусуна да шүгүрлүк келтирейли. Ушуну үйлөп-жайлап алгачкы баласын сүйсөк, анан мейли, ээрчиштирип алып кетсе да жаратканга ыраазыбыз» – деп нечен какшадым, той-ашка камынган сайын. Жүрөгүм алдын ала бир жамандыкты билгендей ал аттанганда эле корко берчүмүн. Башкармага да барганмын бир марта. Эрим колхоздун айгырын чапчу эмес беле улакка. Ушуга ат бербеңиз деп барганмын. Барс-барс күлүп, анан жонуман таптап жөнөтүп койгон а киши: «Зейне, жамандыкты оюңа алба, жигиттин илгертен келаткан иши бу. Көз чыкса, бут сынса, ада жигиттиктин белгиси. Колхоз деген чоң уруу журт. Мураттай улакчыбыз жок колхоздун ар-намысын чоң топтон улак менен кошо ат жалына салып көтөрүп чыга турган. Кудай сактасын. Андан көрө жанагы жаман Эсенкулуңу да мындайда атасынын артына учкаштырып жиберип жүр той-ашка. Көрүп, көзү каныга берсин. Атасын тартып калса ажеп эмес» – деп жөнөтүп койгон. Өзүндө бар да. Башкарма урмак беле барбайм десе. Ушуну көрмөк. Чала болду өлгөнү. Бир өлмөктөн, миң өлсүн!» – деп. Мураттын өлүгү чыкпай жатып эле, солкулдаган ийиндерине колдорун коё, башка катындар анын ыйын араң токтотткондо кардыккан үнү менен Зейне ушул наразылыгын айтып мостойгон. «Жалгызыңын убайын көргүң

келбеди? Маа десең бир өлмөктөн, миң өл!» – деп бир-эки жылга чейин ыйлап жүрөт.

Ошол атасынын ордуна ата, эне болуп араң эрезеге жеткирип, өзү айткандай «ажалынан мурда өлүп калган Муратынын да кайгысын эми унутуп, жалгыз уулдун убайын көрүүгө энелик улуу тилек-максат ашып-ташып турган кезде жанагыдай каргаша чыгып, Эсенкулу кетип отурбайбы. Анын ордуна Бейшендей келесоонун караанына каниет кылып отуруп калган Зейнеге айылдаштарынын мамилеси ар башка. Бири аяса, бир айыптап жүрүшөт. Анын: «Жок дегенде караан эмеспи» дегенин уккандар: «Андайдан көрө улагасында иттин жатканы жакшы эмеспи». «Андайдын төшөк четинде жатканынан көрө көкүрөгүнөн кырылдап мышыктын жатканы өйдө эмеспи». «Жийиркенбей-нетпей ошого кантип кийим кийгизип, кантип тамак берет ботом. Туф, Туф! Кебетеси менен жерге кирсин. Байкуш энесинин эртелеп өлүп калганы жакшы болгон экен. Өмүрү бою ошондой уул төрөгөнүнө арман кылып жүрүп, өкүнүп жүрүп, ичкени – ириң, жегени – желим болуп жүрүп көзү ачык өтмөк бу дүйнөдөн. Ушундай бала төрөгөнгө эле арданып өлүп калса керек байкуш. Атасынын деле кеткени бир эсептен жакшы болгон экен. Мунусунун бары кайсы, жогу кайсы. Жүргөнүнөн өлгөнү артык эмеспи».

Бейшенди көргөн сайын, же Зейне менен беттешкенде ачык да, көмүскөдө да ушундай ойлорун айта беришчү болду мындагылар. «Мен жөнүндө сенин пикириң кандай?» дегенсип кимисине жолукса да Бейшендин оозунан шилекей агызып, аппак тиштерин бажырайта (тиши гана таза болчу анын) капкара көздөрүн жагымсыз кадалтып туруп алганына эмне бересиң. «Нары барчы ыржайбастан?», «Нары турчу, кишини жийиркентпестен» деген өңдүү суук, жаман сөздөрдү укканга курсант болгонсуп, ал ого бетер ыржайып, ого бетер кир шилекейин текенин көбүгүндөй шакмарланып катып калган чапан көкүрөгүнө агызып тура бере турган. Кээде андай кездешүүдө жанагы соо киши ага болгон жийиркенүүсүн ачык билдирип, түкүрүп басып кетсе, Бейшен соо колу менен соо бутунун

санын «шак» чаап, каткырып күлүп алат. Анысы эмнеси экенин ким түшүнсүн. Жиндинин соону шылдыңдаганы го кыязы.

Бейше келгенден бери Зейнеге да айылдаштарынын ыкласы сууй түшкөнсүдү. Ооруну алып келип, башкаларга да жуктура тургансып, ага салкын карап калышкансыды. А дегенде биердегилер жийиркенбесин дегендей Бейшендин кийимдерин Зейне тез-тез алмаштырып, (Эсенкулдун эски кийимдерин), эрте мененки тамагынан кийин оозу-башына чейин атайы ысыткан суу менен кир самындап таза жууп-чайып, анан сыртка чыгарып жүрдү. Түшкө жетпей эле баягы карала-торола, шакмарланып кирип келер эле. Тажадыбы, Зейне бара-бара аны жууп-чайганын, кийимкечесин алмаштырып кийгизгенин азайтып койду. Муну колу-коңшулары да байкады. «А байкуш оңолбосуна көзү жетти бекен коё берди жиндисин андалатып-сандалатып» деп калышчу болду.

...Бара-бара Бейшен «жинди» ушул айылдагылардын бир адамына айланып кетти билинбестен. Бир күн анын карааны биерден көрүнбөй калса, жоктоп калышчу болду. «Баягы Бейшен жинди көрүнбөйт да?» деп бири-биринен сурай турган болушту. Мындай сурамжылоодон: «бир нерсе болуп калбады бекен?» деген анын тагдыры үчүн кооптонуу сезилчү болду бара-бара. Келесоо немени казанга колун салып жиберген жеринен чөмүч менен башка коюп жиберген кемеге боюндагы катын деле өлтүрүп коюшу мүмкүн. Адамды аттан оодарып алчу иттери бар кээлердин. Сандалып ошол кебетеси менен чоочун короого кирип барса, ичин айра тартыштан таябы андай иттер. Башы ооган жакка басып кетип, ачкадан өлүп калышы да ыктымал. Жанагыдай анын маңыроо, аяр баскан карааны аер-биерден бир күн көрүнбөй калса эле, жанагинтип сурагандардын көздөрүнөн ушундай суроо билинип турчу болду.

Бу колхоздун контору, сарайы Бейшендин эжеси Зейненин үйүнө жакын. Эртели-кеч жумуштап, жумушсуз деле элдин топтолор жери ушер. Коргондун бир жагында узун аткана. Анда кеч күздөн тартып эрте жазда кошко

кошулуп, араба тартчу күч аттар багылат. Экинчи капталындагы узун там – эгин кампасы. Кана-канага бөлүнүп, аларда мамлекетке саткандан, элдин эмгегине бергенден калган, келерки жылдын үрөнү үчүн сакталган буудай, арпа, жүгөрү, таруу, конок турат. Коргондун оозунда машина, араба жүгү менен кире бергидей кош канат чоң жыгач дарбаза. Анын сыртында эки супа бар. Бекерчи кишилер ошол супаларга отуруп кеп-кеңеш куруша турган. Кээде талаага иш башына жөнөөрдө, же аяктан кайткан соң раис баш болуп, активдер да аркы-беркини сүйлөшүп, ошол супаларга отуруп калышар эле. Эртеден-кечке аңкая баскан Бейшен да акыры жүрүп ушу адамдар көбүрөөк топтолчу контордун жан-жакасына, анан алиги чоң коргон дарбазасынын жанындагы кыдырата кишилер отуруп калчу супаларга үйүр алып кетет. А дегенде анын көрүнүшүнөн жийиркенген айрымдар: «Кет! Жогол! Тур, нары, сенсиз деле ишибиз бүтөөр!» – деген какшык-катаал сөздөр менен кууп да жүрүштү аны. Сол бутунун согончогун көтөрө баскан, ал ошол жактагы колун жараттан кийин ак даки менен мойнуна асып койгон жоокер колундай сенейткен бойдон нарыга акырын басып барып, кайра эле бериге бурулуп карап тура берчү. Тигилердин жийиркенип жатканын түшүнгөндөй тандырга нан жабыштырганда кийилчү жеңчедей каткан соо колунун жеңи менен оозун ары-бери сүрткүлөп коюп, нарыдан үтүрөйүп карап тура бере турган.

Айланчыктап өздөрүнөн алыс кетпеген жүдөө балага акыры биердин адамдары билинбестен отуруп көнүп кетишти. Кийинчерээк «жинди» деген кошумчасын алып ташташып, анын атынан аташа турган болушат. «Бейшен, тигини алып келчи. Муну жеткирип берчи. Баланчаны чакырып келчи» – деп а түгүл аны жумшаша баштайт,

А дегенден аны өзүнө үйүр алдырган колхоздун эткел, сары балгыр раиси Бабакул болду. Эрте менен ушул дарбаза жанына аттанып, ушул дарбаза жанына ире-ширеде келип аттан түшчү ал бир жолу адатынча эрте келсе, сенек колун соо колунун жең ичине кийирип, эски көрпө тебетейин (атасыныкы эле, ошондуктан кулактарын

жапырып турчу) үрпөйгөн каштарына жеткире кийип Бейшен туруптур. Мунусу раиске ызаат көрсөтүп, кол куушургандай көрүнүп кетти. Бейшен тиги жакындаары менен түшүнүксүз үн чыгарып, сөзү жок, алиги колдорун ажыратып жиберип, соо колун ага узатты. Биринчи жолу кишиге кол сунганы ошол эле анын. Мында эртели-кеч жолуккандардын баары ооз кыбыратып, үн чыгарып, анан кол берише учурашып жүргөнүн көрүп келатпайбы. Ошолорду туураганы. Раис жылмая берип, жийиркенбей-нетпей эле колун сунду. А түгүл тигинин илмейген арык, нары муздак колун атайлап сыга кармады. Бейшен ийиле калды. Колу ооруп кеткен эле. Бирок ага таарынбастан, ошондой капшыра кармаганы үчүн кубанып кеткен эле, каткырыш күлүп жиберди. Ансыз деле тиштери кашкайып ачылып жүрчү оозун ого бетер аңырайта ачып, башын тизесине жеткире ийилип жатып күлдү. Аябай кубанганы, «Жиндинин» мынчалыкка жараганына: кол берип амандашып, анан тигинтип, кубана күлгөнүнө раис да ыраазы боло жылмайды. «Акылы бар окшойт го анча-мынча» – деп күңкүлдөп алды жээрде мурутун сылагылап ары баскан Бабакул.

Ал ачык дарбаза оозунан туруп кыйкырчу: «Атты алып келгиле!» – деп. Атканада эки атбагар. Раистин кайсы убакта келерин билген алар биринчи ошонун атын пайынан тартып жалына чейин адегенде тарак менен тазалашып, анан шыпыргы менен жүнүн жалтылдата шыпырышып, токуп, үзөнгүлөрүнө чейин чаң-чуңдан арытышып бүткөн соң тизгинди ээрдин кашына иле атты каңтара байлап күтүшө турган. Кээде аны кыйкыртпай эле өздөрү анын тааныш толо карааны дарбазадан көрүнөрү менен Сары кашканы жетелеп, алдынан утурлап чыгышчу.

Бүгүн да ошентип кыйкырыш үчүн, же адатынча ат багардын бирөө атканадан быякка карап турса ага өзүн көрсөтүш үчүн раис дарбазанын астанасынан бир бутун ашыра берип, эмнегедир артына кылчайды. Тиштерин кашкайтып жадыраган бойдон Бейшен карап туруптур, Раистин кол бергенине, бергенде да эң жакын көргө н

кишисиндей колун кыса кармаганга бар ыраазылыгын, кубанычын жүзүнөн көрсөтүп туруптур. Раис кайрадан бериге бурулду. Сынагысы келдиби: «Бейшен, менин атымы алып келчи атканага барып» – деди бөрү кулак, жылан боору камчысын эскибирээк калган хром өтүк кончунан сууруп ала, аны менен а дегенде аткана жакты көрсөтүп. Анан арт жагынан абаны чапкылай берип «чү»-«чү»-«чү»-«чү» деп кошумчалады. Тигинин дудуктугу, келесоолугу эми эсине түшкөндөй бир жагынан жаңсай, бир жагынан сүйлөй берип. Бейшен ушуну эле күтүп тургандай сыраңдаган бойдон чуркап жөнөдү. Чуркайт экен, акырын болсо да. Анын кубанганы – ушунусунан да көрүнүп турду.

Атканадын кире беришиндеги четки акырдын устунуна каңтара байланган аттын чылбырынан алды. – «Мм,-мм-м» – деп эшик жакты көрсөттү ат чунаңдай бергенинен тээп жибербесин деп анын жанына эки аттап жеткен узун сакал атбагарга.

– Болуптур, болуптур, жиндим. Мен өзүм алып барам. Түшүндүм, түшүндүм, бара бер эми. Кабар кылганыңа ыракмат, – деди ал да «жиндинин» бул ишине кубангандай жылмайган бойдон чылбырды устундан чече баштап.

Атканадан Бейшен да атбагар менен кошо тытмакташып, чылбырдын бир жеринен кармаган бойдон чыкты. Тиги карматпаганына болбой жатып, кармап чыкканын бериден раис көрүп турду.

– Керимбай аке, коё бериңиз Бейшенге, өзү алып келет, – деди, ал беркини кантээр экен деген кыязда. Бир жагынан анын аракетине боору ооруп чыккан эле.

– Коюңузчу, аксакал, жинди немеге да ат берип болобу? Атбагар нарыдан ушинтип күңк этти да чылбырды силкип жиберди эле Бейшендин колунан чыгып кетти. Аңырайып оозун ачкан бойдон умсунган ал ордунан жылбай туруп калды. Арык узун мойну ого бетер узарып чыккансыды. Раис карап турду. Андан ырайым, жардам күткөнсүп аңкайды тиги.

– Жок, Керимбай аке, ал жинди эмес, берип коюңуз, ошол жетелеп келсин, – деди раис эми өктөм үн катып.

Буга наааразы болгон атбагар ысык атканада түн бою туруп бук болуп калгангабы, Сары-Кашка муздак абага чыгаары менен таноолорун кере «бур-р-бур-р» эттире тышка көк буу үйлөп, анан күмүш жүгөндүү башын ары-бери чулгуй берип, ойногусу келди окшойт, анысын билген атбагар ооздук тушунан чылбыр менен тизгинди бириктире бурдап кармаган калыбында аттын башын эки-үч марта төмөн карай ныгырып-ныгырып койду. Билектей жалын дүңкүйтө Сары-Кашка өзүнө эртели-кеч жем-чөп берип, убактында беридеги обуздан суу ичирип, такасынан тартып жал-куйругуна чейин тарап-шыпырып, акырында көкүлүнөн тутамдай кармап туруп, анын түбүндөгү аяктын жаракасынан аккан сүттөй созулган тунук кашкасынан өөп койчу атбагардын эркине багынып тим болду. Тизгин менен чылбырды коштой кармап төмөн ныгыргандан баарып түшүндү. «Жөө бас, күн бою талааны кыдырасың, байкушум. Бугуң ошондо чыгып кетээр» дегени. Ошону кантип түшүнбөсүн, Сары-Кашка. Башын серпип, чылбыр-тизгинди жула качып чоң коргон ичине дан, салып, тайрактап ойноп кетсе деле болмок. Антпеди. Жок, ат багар Керимбай анттирбеди. Азынап-кишинеп жиберчүдөй таноолорун кере «дуу-дуу» эттире көк буу үйлөп тим болду. Жагымсыз жытынанбы, же булганыч апти-башарасынан жийиркендиби, тиги бир буту менен бир колу эпке келбей олдоксон басып, олдоксон кармаган баланы жактырбай Сары-Кашка ар убак тикчийип турчу кулактарын азыраак жапырып да койду.

Керимбай атбагар жактырбай сунду ат чылбырын Бейшенге. Күрөң чийбаркут көрпөчөнүн үстүнөн тоголоруна күмүш жаптырылган быштаң, күмүш куюшкан салынып, суук түшкөндөн бери үстүнө жаңы тердик жабылган семиз, сулуу, ошол жасалгага мактангандай, кубангандай мойнун койкойто көтөрүп, көкүрөгүн дагдайта наз менен баскан ат өз колуна тийгенге Бейшендин сүйүнгөнүн айтпа. Чылбыр толук колуна тийгенде раис колун сыга кармап койгондогудан бетер эки бүктөлүп атып каткыра күлдү. Жетелеп келди. Атты тиктейт, үстүндөгү жабдыгын

тиктейт. Ошондой атты ишенип мунун колуна карматып койгонго жетине албай жатты. Бериден раис жылмайып карап турду, Сары-Кашка болсо, жактырбагандай кулактарын дагы эле болор-болбос жапыра берип, баскысы келбегендей, кежигелене тартынгандай анда-санда бут коёт. Бери жактан кожоюну көрүнүп, үн катып турбаса, бу көрөңдөнгөн немеге ошол жетелетип атканын түшүнбөсө, Сары-Кашка тумшугу менен бир серпсе чылбыр, тизгинин жулуп алып, куйругун чамгарактата көтөргөн бойдон бошонуп дан салып кете бермек. Жанашып көрсүнчү анан. Артынан келсе тээп, астынан келсе тиштеп жолотмок эмес. Ээсинин буйругу болуп атпайбы тыяктан. Сары-Кашка түшүнүп турду муну.

Раис ошентип, ал күнү биринчи жолу эл арасында «Жинди» атанган баланын жардамы менен аттанды. Бейшен да биринчи жолу киши атказды. Болгондо да бир айылдын аксакалын атказды. Колхоз уюшулгандан бери башкарма болуп келаткан кадыр-барктуу кишиге кызмат өтөп койгонсуп дердейип, төбөсү көккө жете түшкөнсүдү. Раистин карааны кыштак четинен көрүнбөй кеткенге чейин узатып карап, ансыз деле ачылып турчу оозу ого бетер алжайып, күлкүгө толуп турду.

Раистен кийин бу сарай жакка келгендин баарына колу менен раис кеткен жакты көрсөтө, бирде сарайды көрсөтө («мен атын ошерден алып келип, атказдым» – дегени го) шилекейин агызып, булдуруктап, анын чечекейи чеч боло берди ошол күнү.

Болор-болбос тамагын нары-бери жей коюп эле кейкейип көчөгө чыкчу. Бейшен ал күнү күүгүм киргенде чоң дарбазанын оозунан сары тон жакасына, түлкү тебетейине, атынын жалына, кулак учтарына чейин агарып бубак турган раисти тосуп да алды.

Чоң дарбазадан күн бою кирип-чыккандардын изи суучу эмес. Эң керектүү нерселер ушул капкалуу коргон ичинде эмеспи – кампа, анан аткана. Кышында кампанын кары күрөлүп, ошондуктан даңгырап кургап калган аянтчасында катын-калач жемге үйүлгөн таран-

чылардай чуру-чуу болушуп отуруп, үрөн тазалашат. Жаз алды менен өгүзгө, төөгө, арабага, атка жүктөшүп, талаага себиш үчүн мындан урук ташышат. Аттар болсо андагы негизги күч. Активдердин мингени ошол аттар. Кош тарткандар – ошол аттар. Арабага чегилген ошол аттар. Аларды керектеп бу коргонго алиги кош канат дарбазалар аркылуу кирип-чыккандар таң азандан эл жатканга чейин тыйылчу эмес. Ошондуктан, быйыл кеч күздө бу колхозго ушул эле сельсоветтен, бирок башка колхоздон келген Бейшенге биердегилердин көбүнүн өңү-түсү тааныш болуп калды. Айрыкча колхоз активдерин, ошолордун ичинен баарынан жакшы кийинген, баарынан толороок, ак саргыл раисти, аты да, анын үстүндөгү жабдыгы да башкалардыкынан өзгөчөрөөк раисти жакшы билип калган эле. Кишилердин жасаган мамилесинен улам, ал биердин чоңу экенин да кирдичыкты акылы менен баамдап келген эле. Эрте менен кол берип учурашып, анан ага атын алдырганга Бейшендин жетине албай калганы да ошол себептен эле.

«Дагы ушуга бериптир мусулман. Нары турчу, сасыбай, адам түгөнүп жалгыз сен калсан, да бу кыштакта» – деп раистин келер тушун билген ат багарлардын бири көң жыттанган, аттардын тери жыттанган аткана оозунан аны тосуп алып, ал кармаган жерден эмес, чылбыр, тизгинди башка жеринен чап кармады да Бейшенди көкүрөктөн ары түртүп жиберди. Бейшен кетенчиктеп барып токтоду. Жыгылып кете жаздады.

Ал коюу каштарын үрпөйтүп, дайыма тердеп жүрчү кара тору ирени да түктөйүр ачуулуу келди, камчысын бүктөй өтүк кончуна салып жаткан раистин жанына. Шакмарланган жеңи менен шилекейин бир сүртүп таштап, аткана тарапты соо колу менен сая көрсөтүп, бир нерселерди булдуруктады. Ат багарга нааразылыгын билдирип жатты. Раис, бирок, аны өзүнчө түшүндү. «Жеткирдим атыңызды. Тиги атбагардын өзүнө карматтым» – дегендей мактанып атат го деп түшүндү. «Азаматсың! Азамат экенсиң, Бейшен! Бар эми, үйүңө бар, суукка үшүп кетипсиң», – деди көгөр-

гөн эриндерин, жулугунан басып, апкытын кыйшайтып таштаган эски өтүгүнүн кончуна чапкан суусун көрүп.

...Ошол-ошол болду, Бейшен раиске үйүр алды да калды. Эрте менен атын атканадан жетелеп келип, дарбазадан ага мингизген, кечинде аерден тосуп алып аттан түшүргөн, атканага атты кайра жеткирген ошол Бейшен болуп калды. «Раис бала болуп кеткен бейм, ушуну каадалы адам кылып жумшап. Мындай жинди түгүл, катын калачка карматпай жүрсөк бу аттын тизгинин, муну жигит кылып алганы эмнеси» – деп адегенде Бейшенди жанагинтип, түртүп-нетип, кагып-силкип жаман көргөн атбагарлар да акыры көнүп кетишти.

Ошентип, бара-бара Бейшен ишке аралаша баштады, Раистин жумшаганын көрүшүп, өздөрүнө карап: «бир нерсеге жумшаса экен, ушунун да бир ишине жарап берсем экен» – дегенчелик кылып, дарбаза жанынан, же контордун эшигинен жолукканда ыкласман тиктеген, анан бир нерселерди булдуруктай сүйлөгөн (саламдашканы, анан: «менин керегим барбы?» – деп сураганы го деп божомолдошчу болду кийинчерээк анысын) түрү суук немени кийинчерээк башка активдер да жумшай турган болушту. Көбүнчө: «Атты атканага алып бар, же менин атымды атканадан алып кел» – дегенди үйрөтүштү. Бара-бара Бейшен мындагы ар бир активдин минип жүрчү атын да таанып алды. Илеби ысык көгүш буу эшик оозуна барары менен «лап» этип жүзүнө урчу атканага кирип барып эле тиги дарбаза жанында туруп, өзүн жумшаган бригадирдин, же ферма башчысынын, же орун басардын атын чылбырдан алат. Эми ага көнүп кеткен атбагарлар токулган болсо, чечип беришет, жайдак турса дароо токуп жиберишип, тизгинди ээр кашына илип туруп, чылбырды ага узата берише турган болду.

Кышы менен активдердин көпчүлүгүнө жанагыдай кызмат өтөп чыккан Бейшенге жаз алды менен жаңы милдет жүктөлдү. Кыштактын жака белиндеги кош айдоого эшек менен үрөн жеткирүүгө коюшту аны. Бир жолу кампачы өзү бирөө менен ичкеридсн килейген капты колдошуп

чыгып, кампанын алдындагы чоң таразага тарткан соң, боз эшекке жаймалаганда анын бели ийилип барып түзөлгөнүнө чейин шилекейин чуурта оозун аңырайтып, ачкан Бейшен карап турбайбы. Бу чоң коргондун ичинде, сыртында кандай иш болсо да, ага эрте мененки тамагынан кийин эле чокураңдай басып келчү, ал кийлигише бере турган болгон да. Анан алиги капты ичкериден колдошуп чыккан киши эшектин эки капталында салаңдап калган капты арчындап жип менен бекем байлаган соң Бейшенге: «сен да мени менен жүр» – дегендей жаңсаса, ээрчип жөнөйт. Капкара болуп, каңтарылып жаткан айдоого жеткенде алиги киши жанагы капты түшүрүп алып, чыбыкты анын колуна карматат да: «Кампага айдап бар, Сен келгиче муну сээп бүтөбүз. Капты бошотуп коёбуз, Тыяктан кап алып келип, муну алып кайра барасың. Түшүндүңбү?» – дейт, соо неме менен сүйлөшүп жаткансып. Анан тигинин келесоолугу эсине түшө калгандай чыбык менен эшекти акырын сайып туруп, анан кампа жакты көрсөтөт. Аяктан быякты көздөй жаңсайт. «Кайра келесиң» дегенди билдиргени. Шилекей каптаган ээгин ийкеңдетет Бейшен. Бир нерселерди күңкүлдөйт. «Түшүндүм. Көп эзбечи. Жөнөй берейинби?» – дегени го. Эшек жалгыз өзүнө тийип, атпайбы. Буга кубанган неме кир буттарын тепең-тепең эттире эшекти капталга темине жүрүп кеткенге шашып атпайбы.

Ошондон тартып, Бейшен унаа менен үрөн ташыганга да көмөктөшүп калат. Ат жетелеп айдоодо жүргөн өзүндөй балдарды көргөндө көзү кызарып кеттиби, биринин жанына барып: «Мен жетелейин» – дегенсип, жаңсап, булдуруктайт. Кош айдоочунун боору оорудубу, же аңтарылган айдоого чалынып-чулунуп, эртеден кечке ат башын жетелеп энтеңдеген он эки жашар баласын аяп, эс алып алсын дегениби, ага карап: – Кана, уулум, берип көрчү, кантээр экен? – дейт сокосун жерге ныгыра басуу менен аттарды токтотуп.

Бир аттын тизгинин сенек колунун каруусуна илип Бейшен сүйүнгөн бойдон жөнөдү алдыга карай. Жетелеп кетчүдөй экен. Бирок буту жарабайт тура. Жанагы согончогу көтөрүлүп жүрчү буту кыскалык кылып, соконун тиши

оодарып таштаган борпоң топуракты басканда бата түшкөн анысы ого бетер кыскарып, биротоло чокурандап калды. Бир жолу айдоонун башына барып келгиче көл-шал терге түшүп кетти. «Ох!» – деп айдоонун четине отура калды аттардын башын коюп жиберип. Маңдайынан, жаагынан ылдый салаалап тер агып турду. Чеке-башын тырыштырып, кайра-кайра үшкүрүндү. Чабалдыгын, майыптыгын биринчи жолу сезип жаткандай кабак чытып анан жер чукуп отуруп, сүйлөнүп кирди. Эмне дегенин ким билсин, кабак-кашына караганда тиги өзүнөн кичине тепейген баланын аткарып жаткан жумушун аткара албаганына өкүнгөнсүдү, кейигенсиди. Ошондон кийин кош башын жетелегенден үмүт да үздү окшойт, башка жолободу.

Бара-бара Бейшен айылдын адамдарын сырткы белгилери боюнча ажыратканга үйрөндү. Сакалдуу кишини чакыртыш үчүн ага эки колу менен ээгинен ылдый сылагылап, чоң мурундуунун мурдун, кылый көздүүнү чакыртыш үчүн көзүн кылыйтып, майрык болсо, аны да ошондой туурап көрсөтүшчү болду. Аңырайып карап турган Бейшен анан «түшүндүм» дегендей көрсөткөн жакка чокураңдай басып, шаша жөнөйт. Барып эле колдон ала жетелейт. Соо колу менен контор жакты, же сарай жакты көрсөтүп, күңкүлдөй берет. Мунусуна да көнүп кетишти. Аны ээрчип жөнөшөт. Ким чакырмак эле, колхоздун чоңдору да.

Күч унааларга деп жай бою колхоздун даярдаган жем-чөбү да анда тартыш. Коргон ичиндеги жадыга кыркылган, кээде боолуктарын гана чечип, бүкүлү бойдон аттардын, өгүздөрдүн алдына таштап коюшчу чөптү, паяны, саманга ашталган теитти колхозчулардын күндүз агытып коё беришчү бирин-экин уйларынан, аттарынан коруп отуруу милдетин да кийинчерээк ушул Бейшенге тапшырышат кышкысын. Колуна узун чыбык кармап ал коргон оозундагы супага отуруп алчу болгон. Мал келип көрсүнчү, аны бир бутун сырактаткан бойдон алда кайда кууп жеткирет.

Бейшендин бул «ишмердүүлүгүнүн» баары раистин көз алдында өтүп жатты.

Бир күнү контордун эшигине келип аттан түшсө, биринчи алдынан чыгып жагымсыз күлүп ыржактаган (Бейшен сүйүнгөндө ошентип күлчү) ага чылбырды узата берип, өз кабинетине кирбей түз эле бухгалтерлер отурчу бөлмөгө кирип, мындай деп буйрук берет: «Бейшенге да иштегендердин катарында мындан ары жарымдан эмгек күн жазып жүргүлө. Колхозчуларга эмгеги үчүн эмне берилсе, ага да эмгегине жараша ошондон берилсин. Ведомостко киргизип жүргүлө мындан ары».

Ошондон тартып, анын ысмы колхоз китебине жазылат да, бул колхоздогу адамдардын саны бир кишиге артат.

Мындагы элдин ичин жылытып койгон Бейшендин дагы бир жоругу бу: жумасына болбосо да айына, сөзсүз, эки-үч үйгө кара кагаз келип ызы-чуу түшчү. Андай жерге аксаңдап Бейшен да жетчү. Көпчүлүктүн бир четинде туруп алып, ал да ыйлачу. Шилекейин сүрткөндөй эле кир жеңи менен көздөрүн аарчып коюп, кабак-башын чытый бир нерселерди кобурай берчү. Анан колу-коңшулардыкына кирип, андагы али суук кабарды укпаган катын-калачты, бала-бакыраны деле, көчөгө чыгып, өтүп бараткан жолоочуну деле жеңинен, колунан кармай алиги башына чоң кайгы түшкөн үйдү көздөй жетелей берчү. «Жүр, ыйла тиерге барып. Сен да кайгысын бөлүш анын», – деп түшүнчү болду анысын биердегилер.

Кан майдандан майып болгондор колун, же көзүн таңынып, же балдак таянып келгенде чоңдор гана эмес, балдарга чейин дарбышып, түп көтөрүлө жөнөшчү эмес беле. Андайдан да калбайт Бейшен. Андайда да көчөгө чыгып алып көрүнгөндү-жолукканды жетелеп алиги үйгө, жоокер баласы аман-эсен кайтып келген үйгө алып келе бере турган. Мунусун айылдагылар: «кубанычын бөлүш» дегени го деп жорушкан. Үч-төрт күнгө чейин андай үйгө каттап турар эле. Жоокердин колунан кармап, анан жонунан таптап коюп, арсылдап күлө берчү. Мүнөт сайын далай адамдардын өмүрү кыйылганын өздөрү көрүп жүрүп, адам атына сыйынганга купуя ант кылган жоокерлер анын кебетесинен чоочуркап, же жийиркенип боюн жыйрышкан

жок. Тигинин жоругуна жылмая карашып, жылуу жүз менен тосуп, жылуу жүз менен узатып коюп жүрүшчү. Куру чыгарышпастан, үйдөн колуна нан, же боорсок, кээде эт карматып чыгарышчу. Бейшен андайда ого бетер жайдары, ого бетер курсант. Арсылдап көчөгө чыкканда деле күлө берчү. Кубанычы койнуна батпай жатканы ошол.

...Бейшендин шорун эжеси өзү кайнатты. Үч айдын ичинде ал эки кара кагаз алат: инисинен, анан уулунан. Аз жерден жиндеп кете жаздайт, күйүттүн күчүнөн. Көңүл айтууга келген эл кеткенден кийин улага жакта отуруп (ошол жерде отурчу да демейде деле) бирде көздөрүндөгү жашын сүртүп, бирде төр жакта улуп-уңшуп ыйлап отурган эжесин жалдырап тиктеп, эмне айла табарын билбегендей көмөкөйүнөн бир нерселерди күңгүрөп өзүнчө сүйлөнүп аткан Бейшенге ызырынат: «Жогол, көзүмө көрүнбөй, өлүгүңү көрөйүн жинди! Жогол, дейм, касиетсиз жинди! Жогол!»... – деп келип, акыректен ары тээп жиберет. Көмөлөнүп кеткен бала байпастап тура келип, астанага чалынып-мулунуп тышка чыга качат. Кемегеде быкшып жаткан бир чычаланы кармаган бойдон артынан удаа чыккан эжеси: «Кебетеси суук өлүгүңдү көрөйүн, жогол көзүмө көрүнбөй! Жогол, дейм, кейпи суук желмогуз! Экөөн бирдей жедиң желмогуз! Сени эми башыма тартайынбы! Жогол, көзүмө көрүнбөй! Сага окшогон жинди-кындыны баксам кудайдын боору ооруп, кеткендеримди аман-эсен келтирет дебедим беле? (Кана, келгени?) Кана, кудайдын боору ооруганы? У-У-У кебетең көрдө соолусун! Жогол! Экинчи бутуң аттабасын бу үйдүн босогосун! Соолоруман ажырап деле минтип өлбөй отурбаймынбы, сенден ажыраганда өлмөк белем! Жогол, көзүмө көрүнбөй» – деп алиги башындагы кызарган оту өчүп көмүргө айланган чычала менен Бейшенди желкелеп жатып, коргондон тышкары чыгарып келет.

Түндүн бир оокумунда кеч күздүн түнкү муздак шапатасына ичиркенип, нары курсагы ачкан Бейшен кайра келип, эшикти түрткүлөп, анан тарсылдатып уруп да көрөт... Бирок ичкериден эч добуш, кыймыл угулбайт. Ээсинен

таяк жеген иттей кыңшылап, ийнин кыса ары-бери басып, буттары талганда кайра тамдын дубалында жонун такай тумшугун жакасына каткан бойдон отуруп таң аттырат да, эрте менен адатынча сарайдын эшигине барып турат. Кебетесинен ого бетер кетип, бир түндө эле арыктап кеткен Бейшен демейдегисиндей раис салмактуу басып дарбазага жакындарында атканаңы көздөй сороктоп жөнөбөстөн, аны күтүп туруп, жакындашканда колдон алат. «Бүгүн адегенде учурашайын деген экен го» – деп дагы жылмая колун суна берген раисти тиги колунан кармаган бойдон бериге тартат. Үйү жакты көрсөтөт. «Эмне болуп кетти» – деген ой менен мунун ар бир жоругуна кызыга мамиле кылчу раис анын жетеги менен ошол жакка басат. Кабак-кашын чытыган бойдон жол катар бир нерселерди кызуу «сүйлөп» барат Бейшен. Бирок, раис түшүнбөйт. Көздөрүн да эки-үч курдай ушалап алат. Ыйлаганы. Бу түрүнөн бир жамандык болгонун боолготот раис.

Бабакул тигинин жетегинде астананы аттары менен кемегенин күлүн чыгарып жаткан Зейне тура келет. «Оо кокуй, сизди да убара кылдыбы бу желмогуз? Коё бер бу кишинин колун, мунун тең ата болуп алганын карасаң, кол кармашып» – деп Бейшендин колун кагып жиберет. Зейне дагы ыйлап кирет: «Билем, сиз боорукер кишисиз, раис. Баарыбыздын башыбыздан сылагыңыз эле келип турат. Билем. Бирок, бу жинди аныңызды түшүнмөк беле. Бир жагынан караан деп, экинчи жагынан жаратканга жагынам деп алып келдим эле муну. Болбосо, нечен-нечен мен-мен деген жигиттер тыякта кырылып атканда, мындайлар талаада тентип жүрүп ачкадан өлсө, эмне болмок эле? Карыпка, жетим-жесирге жакшылык кылсаң, мээнетиң алардан кайтпаса, кудайдын өзүнөн кайтат дешчү эмес беле. Жакшы тилек, илгери үмүт менен муну алып келип, багып жүрбөдүм беле. Мындай кара жолтойлугун билгенде мунун төбөсүнө таяк менен бир чаап, өзүм эле өлтүрүп койбойт белем эчак. Көргүм келбейт, бу кара жолтойду эми. Кое бериңиз кайда барса-барсын. Өлөбү-тирилеби эми ишим жок. Кудайдын өзүнүн боору оорубаганга пендеси-

ники ооруп кайда бармак эле. Жоголсун көзүмө көрүнбөй кара жолтой желмогуз» – деп эчкирди.

Раис Зейнении бу түрүнөн акыл-кеңештин азыр бейпайда экенине көзү жеттиби, оозун аңырайта ачып, кабагын түйө эжесинин эмне деп жатканын түшүнүүгө тырышкандай андан көз албай кеңкейген Бейшенди колдон эми өзү ала артына кайтты.

Ошол бойдон жетелеп жанагы чоң коргондун ооз жак бурчундагы жалгыз бөлмөлүү, морусунан күнү-түнү көк түтүн үзүлбөгөн (анткени арык-торук аттарга, өгүздөргө биердин суусу алыс болгондуктан, кышында ушул үйдө чоң казанга кар эритип берише турган), ичи ар убак ыш жыттанып түтүнгө толуп турчу үйдөгү «кароол» деп аталган чал-кемпирдин үстүнө алып келет. Алардын уулдары жок, эки кызы эрде эле. Кемпир-чал согуш башталгандан үч-төрт жыл мурда талаа жумушу колдорунан келбей калганга ушул кызматка маакул болушкан.

– Эсен аке, Күмүш жеңе, – кемегеде быкшып күйгөн чирик самандын отуна курсактарын тосо, колдорун кактап отурушкан кемпир-чалга раис тең кайрылат:

– Ушул бала бүгүндөн баштап силердикинде турат. Күндүз өзүңөр көрүп жүрөсүңөр бу үйүңөрдү тарытпайт. Сыртта иш менен алек. Оокатын маалында берип койсоңор болду. Түндө улагаңарга жай салып бересиңер. Төшөнчү-орунду кампачы берет. Мунун тамак-ашы да мындан ары кампадан болот. Закирге (кампачыны айтып атат), бухгалтырга дайындап коём. Маакулбу? – деди тигилердин чоочулай тиктегенинен шектенген раис аларга сөз кезегин бербей эле. Бейшенге бурулуп, нарыдагы текчеден идишти, көк булоосу чыгып турган кемегедеги казанды, анан оозун көрсөтүп: «Бүгүндөн баштап ушерден тамактанасың» – дегенди түшүндүрдү. Анан башын кыйшайта, бир жак жаагына алаканын төшөй калып: «Ушерде уктайсың» – дегенди да билдирди. Бейшен эми аржалактап күлдү. Сүйүнгөнү эмеспи бу. Көчөдө калдым го деп коркуп кеткен го. Кайрадан баш калкаларга жай, кайрадан тамак болоруна көзү жетти окшойт, аппак тиштерин көрсөтүп, шилекейин агыза соо

колу менен сол тизесин «шап» эттире бир чаап ырсаңдады. Сүйүнгөндөгү белгиси ушу эмеспи. Биердегилердин баарынан да раис мунусун жакшы түшүнүп калган. Кийинки кезде экөөнүн ымаласы ого бетер ысык болуп кеткен.

Жанагыдай жоокери аман-эсен кайтып келген үйдө азыркыдай агылып-төгүлбөсө да, той өткөрүлчү. Улак болсо да союлуп, аш демделчү. Бир жагынан өлүмдөн келгенди көрүүгө кызыгышса, экинчи жагынан эт-аштан мукап, жоогансыраган эл, айрыкча, бала-бакыра ошол тамагы үчүн да аерге опур-топур болуп алда кайдан жетип барыша турган. Той ээлери да муну эске алышчу. Майы, эти азыраак болсо да, күрүчүн, сабизин мол кылышып, «маараке казан» деп аталчу чоң-чоң казандарга аш басты-рышчу. Арпа, жүгөрү унунан аралаштырып болсо да нанды да көп жаптырышаар эле. Тандыр-тандыр нандардан, казан-казан палоодон эч нерсе калчу эмес. Жешип, артып калса, коюн-кончуна катышып кете турган. Чалдар белиндеги курларына кошо ороп алышса, жаштары идиштери менен эле алып кетише берчү. «Тойдон шыбага» – деп үйлөрүндө калгандарга алып барышпайбы. «Жакшылыктын ашынан татсын – деп алып келдим» – дешип, ошондо да сыр беришчү эмес кээлери.

Андай жерде Бейшен да болчу эмес беле. Аңырайып ар кимисинин көзүн бир тиктеп, бирөө казан жанына чакырмайын четте тура бере турган. Мейли той, мейли аш болсун, аерге биринчилерден болуп раис келиш керек да. Эл башчысы эмеспи. Андай жерде раистин карааны көрүнөрү менен Бейшен каткыра күлүп, соо колу менен соо бутунун санын «шак» эттире бир чаап, алыстан эле сүйүнө берчү. Анткени, раис ага тамак бердирет.

Узун саптуу чоң кепкур менен чоң казандагы булоолонгон палоону үстүнөн сылап-сыйпап, анан четинен кертип, тосулган катар-катар табактарга (андайда келгендерге тамак тартыш үчүн атайын кишилер, айрыкча жаштардан бөлүнөт эмеспи) күрүч салчу ашпозчу андай немени оңою менен казан жанына жолотпойт да. Раис аны билет. «Тиги Бейшенди унуткан жоксуңарбы? Ошондойго бериш керек

аштын астын» – деп койгону жетиштүү. Бирөөлөр тигини колдон ала жетелеп, идишти өзү кармап, казан жанына келип: «Көбүрөөк сал, раис өзү айтып жатпайбы» – дешип аны «мейманчылап» кире турган болушкан.

Андай бака-шака түшүп элдин кабагында күлкү, шаттык ойноп турган тойлордо Бейшен идишин казан башына көтөрүп барып, дагы сурай турган болгон. Кандайдыр бир себеп менен андай жерге эжеси барбай калса ошентчү. Идишке эки-үч кепкир палоо салып берсе, аны көтөрүп эч кимге карабай үйүнө жөнөөр эле. Мунусуна да көнүп кетишкен биердегилер. Ай, бул жинди эмес. Жинди неме жакынына жан тартканды билмек беле» – дешип, ал жоругун баары жактыргандай үндөбөстөн тоскон кесесине же табагына аш же эт салышып бере турган болушкан.

Ал эми «кара кагаз» келип ый, өкүрүк чыккан жерден башкалар дасторконго отурушкан топ кишилердин бири кантээр экен дегендей ымдап чакырса, колун шилтеп коюп («силер натуура иш кылып атасыңар» – дегендей эле туюлчу мунусу) сырак-сырак эте тескери карап басып кетер эле. Тынбай ыйлаган ичкеридеги аялдардын үнүнө кулак төшөгөндөй оозун ачкан бойдон кууш маңдай терисин тырыштыра бир орунда отура берчү. Кенет-кенет алиги калдайган кир жең учу менен бетинен ылдый жылжыган жашын шилекейи менен кошо сүртүп коёр эле. Эл тараганда кошо тарачу. Эч ким карачу эмес аны. Жалгыз өзү башын шылкыйта жер карап, сорок-сорок этип келе берет. Андай жер алысыраак болуп, кээлер колхоздун бош арабаларына түшүп барганын көрсө, раис анда да Бейшенге жардам кылууну унутчу эмес. «Тигини да түшүрүп алгыла кетериңерде. Айтпаса, өзүңөр көрбөйсүңөрбү майып немени» – деп бир жолу араба айдап барган кишини элдин көзүнчө Бабакул жекирип койду эле, ошондон бери Бейшен арабага да түшүп калчу болду. Башкалардын жийиркенгенин өзү да сезеби, андайда арабанын чанагынын кырына окчун отуруп, соо колу менен бекем карманып алат.

Эртели-кеч раисти сарай алдынан аттандырып, кайра тосуп алган ошо болуп калгандан бери аны биердегилер

«Раистин атбагары» деген атка кондурушту. Куудулдары «Раистин жигити» деп да коюшчу болду.

Алдынкы колхозчуларга октябрь майрамына карата сыйлык бергенде раис ага да сыйлык бердирет. Бутуна керзовый өтүк, үстүнө фуфайка, пахталуу шым, башына коён тумак кийгизип коюшат. Сыйлык алган ар бир колхозчунун ишине кыскача мүнөздөмө берүү менен (алардын көбү согуш маалында аялдар, анан улгайгандар эле) куттуктап аягында сөз сүйлөгөн Бабакул Бейшенди да унуткан жок ошондо. «Жолдоштор, билгиңиздер келсе, Бейшендин эмгеги да зор. Кан майданга кетип орду толбой жаткан эр жигиттерибиздин биринин ордун толук болбосо да жарым-жартылай басып калдыбы деп жүрөм аны. Эртеден кечке, байкайсыңарбы, аягы менен тик турат. Колунан келгендин баарын иштеп келатат. Колхозчулардын китебинен атайын бет ачтырып койгонмун Бейшенге да. Башкача айтканда, бу да эми ушу колхоздун мүчөлөрүнүн бири. Азаматтарыбыздан. Силер менен кошо ыйлаган жерде ыйлап, күлгөн жерде кошо күлүп жүрбөйбү. Адамдыгы мына ошол. «Жинди» деп жээригенди койгула мындан ары. Катарыңардан калтырбагыла» – деп өзү азыр биердегилер менен коштошуп, бир жакка кетип аткансып, ошондуктан тиги байкушту буларга табыштап жаткандай сүйлөгөн эле раис ошондо.

Жанагы кийимдерди (алар жоолукка түйүлгөн эле), сенек колунун каруусуна илип алган калыбында Бейшен ошондо да эки бүктөлө берип, соо колу менен соо бутунун санын чаба катуу күлгөн. Кубанычы көөдөнүнө батпай баратканда ошентчү эмес беле.

...Кыш түшөөрү менен быйыл Бейшенге жаңы жумуш тапшырышты. Катуу суукта биердин обуздагы суулары тоңуп калгандыктан, күч аттарды береги коңшу өзбек кыштагындагы кышы менен көк буусу көккө көтөрүлүп жатчу кара суудан бир маал сугарып келүүнү ушуга ишенип беришти. Ат багарлар кезек-кезеги менен эки-үч күн Бейшенди ала барып жүрүштү. Анан өзүнө коюшту. Жоош бир атты токуп беришти. Жылуу сууга кынык алып

калган аттар чылбырларын мойнуна ороп, атканадан айдап чыгышканда эле эки жагында тизеден өйдө мелтиреп жаткан кардан өздөрү салган бир тамак чыйыр менен биерден төрт-беш чакырым жердеги үстү боз чаңгыл тартып мунарыктап жатчу кыштакты көздөй жөнөшчү. Алардын эң артында атбагарларды туурап: «чу-чу-чу-чулаган» Бейшен. Суу ичип курсактары кампайып чыккан аттар анан жылуу атканаы сагынып кетишеби, желеге байланган кулундардай жанагы катарын бузбастан бери кайтышат. Эң артында булардын жай кыймылына эч кандай таасир этпеген «чу-чу-чусу» менен Бейшен. Анын кандай неме экенин аттар да билип калганбы, такыр тоотушчу эмес. Басыктарын жазбай бир калыпта каалгып келе берише турган.

...Айлананы боз чалып, бүгүн өзгөчө суук эле. Бейшендин үстүндө күздөгү майрамда сыйлыкка алган: фуфайка, шымы, ошондогу тумак, өтүк. Баары кир, бирок жылуусу кете элек. Ысык булактан аттар суу ичип бери кайтып, кыштактын четине кирип келгенде улуу шашке болуп калган. Өкүрүк чыгып калды аңгыча. Бейшен ормондоп башын көтөрдү. Тумагынын шалпаңдаган эки кулагын да өйдө көтөрдү. Ат тизгинин тарта туруп, тыңшап калды. Аңгыча бир топ катын-калач сүрдүккөндөй дуулдап жолдон обочорооктогу коргон дарбазасынан кирип баратканын көрдү. Раистин коргону. Өкүрүк баягыдан көбөйүп, даанараак угулду. Бейшенге тааныш коргон. Тааныш дарбаза. Бир нече жолу келип-кеткен аерге. Раис өзү ээрчитип келип, оокат-ашка курсагын тойгузуп, балдарынын эски-нуску кийим-кечесинен кийгизип, узатып койгону эсинде... Ошол коргондон чыгыптыр алиги өкүрүк.

Бейшен аттан боюн таштап жиберди бир аз аңырайып алиги эл кирип чыгып жаткан дарбазаны карап турган соң. Тизесинен кар малтап араң жеткен Бейшен ызы-чууга толуп кеткен коргон ичине киргенден кийин да бир орунда туруп калды. Бейтааныш адамдардын арасына келип калгандай ыйлап жаткан, ыйлап басылып, аер-биерде үңкүйүп дубалга жөлөнө чочоюп отуруп калышкан киши-

лерди кыдырата тиктей берди. Ар бирине назар токтотуп, аңдый карап жатты. Бирөөнү издеген түрү бар.

...Бабакул жүрөк оорулу эле. Түн жарымында ал оорусу кармап, таңга жуук сол көкүрөгүн оң колу менен мыкчый кармаган бойдон бети-башын тырыштырып жатып жан берген. Колу-коңшулары, жакындары Бейшен делдейип, бир таман чыйыр кыштын ызгаарынан чыйрыккансып, жүндөрү үрпөйө түшкөн аттардын эң артында «Ысык-булакка» баратканда эле раистин үйүнө топтолуп калышкан эле. Бирок, айылдын аксакалы «чурр!» этип бир жолу тамды башына көтөрүп алган Бабакулдун бала-чакасынын, жакындарынын улам бирин кучактай калып, жалынып кирет. Чилденин чыкыраган таңкы суугунда ачылган эшик турумунун кычыраганы алда кайда угулат эмеспи, ал эми өкүрүк чыкса, кыштактын – баш-аягына бир маалда жетип, баарынын башын төшөктөн көтөрбөйбү. Анан бул жакка агылып жөнөшпөйбү. Ошону билген аксакал тигилердин ар биринин башынан сылай кармап, бетин бооруна баса калып, жалына берди: «Кагылайын келин, – деп бирде раистин зайыбына, «кагылайын, уулум, кагылайын кызым» – деп бирде балдарын баса калып жатты. – «Чуу чыгара көрбөгүлө, эл каптап келип калат. Азырынча үн чыгарбай ыйлап тургула. Аяк-быягыбызды ырастап алалы. Эшик-элик да күрөлгөн эмес. Отун даярдаш керек. Алыстагы урук-тууганга ат чаптырыш керек« Боз үй таап, тигиш керек. Нан-пан жаптырып, союш-моюшун камдап дегендей – али иш көп, кагылайындарым. Ыйлабагыла деп кантип айтайын, ыйлагыла бирок үнүңөр тышка угулбасын. Жаман болду, баарыбызга эле. Кантели? Кудайдын кылганы бу да. Пендесинин колунан эмне келмек эле. Тыякта өлүп аткандар аз келгенсип, муну карабайсыңарбы?» – деп улам биринин үстүнө түшө калып, сооротумуш болгон аксакалдын өзүнүн да буурул тартып калган сакалына тырыштуу бетинен ылдый жылжыган жашы сиңип жатты.

Ыйды укпаганы менен соо киши раистин чоң жолго жакын коргонуна таң заарда кирип-чыккандардын шашкан кыймылынан, бир жамандыктын болгонун сезмек.

Бейшен деле көргөн аларды, бирок кирди-чыкты акылы менен баамдаган эмес.

Жок... булардын ичинде ал издеген өңү тааныш, кийими тааныш киши жок эле. Аңгыча башындагы кулактары делдейип, кыры аппак кыроолонгон тумагын алып, күрөлгөн, бирок зыңылдап тоңуп турган жерге чапты да, бакырган бойдон үйдү көздөй жөнөдү. Астанадан бир буту аша бергенде арыдан чыгып келаткан киши аны көкүрөгүнөн түртө токтотту. «Ой, муногу жинди каякка жулунат» – деди алсыз нары майып немени катуу түртүп. Бейшен жыгылып калды. Араң ордунан турган ал дагы жулунду ичкериге. Далиске кирип катын-калач, бала-бакыра бирин-бири кучактай ызы-чуу түшкөн төркү бөлмөгө бурула берген жерден аны дагы бир катын ийинден апчый кармап, артка тартты. «Өлүгүңдү көрөйүн муногу жиндиге эмне жок, жулунуп. Кебетесин карасаң, жерде куурагырдын» – деп тили заар неме беле, же арстандай киши тигинтип төрдө керилип жатканга жаны кейигендиктенби, тигини астанага чейин желкелей келип, анан түртүп жиберди. Тумшугу менен жер сайып жыгылды. Бейшен ого бетер баркырап ыйлады. Бирок аны ордунан тургузган да, сооротон да киши болгон жок.

«Жаңылышып атамбы» – дегенсип, Бейшен анан муздак жерге отуруп алып дагы бир сыйра мында опур-топур болуп жүргөндөрдү назарынан өткөрдү. Жок, дагы эле издегени көрүнбөдү. Дагы ыйлады. Дагы эки-үч курдай үйгө кирүүгө, издегенин ошол жактан табууга аракет кылып көрдү. Ар жолкусунда Бейшен эркектен, же катындан түрткү жеп, чалынып, кайра тура келип жатты.

Ошентип, аны раис жаткан үйгө кийиришкен жок. Түшкө барып кары күрөлгөн коргон ичине боз үй тигилди. Үстүнө кымкап жабылган раистин өлүгүн замбилге салып, төрт кишилеп ичкериден көтөрүп чыгышканда сууктан жаагы карышкан күчүктөй эми кыңшылап нарыдагы эски дубалга жөлөнгөндөрдүн бир четинде шилекейин аарчый албастан, тиштери гана кашкайып ар кимисинен түрткү жегенге алдан кетип акырын кыңылдап ыйлап отурган

Бейшен «дүрр» этип коргондогу эл жарыла бергенде өлүктү көрүп калат. Аксап жөнөйт. Бар үнү менен өкүрүп кирет. Бирок, сөөктү ээрчиген эл менен кошо эшиги түрүлгөн боз үйгө жете бергенде дагы бирөө аны каруудан ала арыга силкип жиберди: «Ары турсаңчы, жинди. Сенсиз деле жетишет мындагылар» – деп үтүрөйөт муздак жерди таяна төрт буттап калган немеге.

Бейшен боз үйгө кайра-кайра жулуна берип, улам тумагын жерге чапкылай берип, биердегилерди тажатып жиберди. «Тиги жиндини аркы атканага камап койгулачы. Кебетесин көргөндөр эмне дейт? Башка колхоздордон да эл келет эмеспи бүгүн. Жоготкулачы көзгө көрсөтпөй» – деп буйрук берди раистин чокчо сакал ачуулу орун басары ушердеги аркы-берки жумуштарды башкарып жүргөнүнө ошол гана жолтоо болуп жаткансып. Эки буту менен жерди тең тээп кетенчиктегенине карабай бирөө аны желкеден аткый кармаган бойдон отунканага түртүп жиберип, тышынан чынжырын илип салды. Тепкилеп, муштагылап, бакырып-өкүрүп жатып, акыры чарчады окшойт, же үнү бүтүп калдыбы, Бейшен бир саатчадан кийин күчүкчө кыңшылап калды.

Өлүк чыгаарда гана «Ой, тиги Бейшенди да чыгарып койгула. Эл менен барып, топурак салып калсын. Көрүстөн жакын эмеспи. Анын шору куруп калды эми. Аны «жинди» дебей, биринчи атынан атап, адам катарына кошкон ушул киши эмес беле. Эми ким антет аны? Чыгарып койгула, барсын» – деп буюрду раистин тигиге болгон мамилесин жактырып жүргөн карыялардын бири.

Көрүстөндө да Бейшен эки-үч ирет тумшугу менен кар сүзүп жыгылды. Көр ичине эки киши түшүп, анан бериден кепиндеги раистин денесин аңырайган оозу ачык көрдү көздөй суна беришкенде кишилердин бут арасынан аларга жете түшкөн Бейшен колдорун тытып кирет. Көрдөн бери колдорун узаткандарды урат. Ошентип, дагы таяк жеп, кар ашайт.

Сөөк көмүлүп, кайрадан куран окулуп, эл бери тартканда күрөң топурак дodoлонгон жаңы мүрзөнүн жанында

жалгыз Бейшен шүмүрөйүп отуруп кала берет. «Тиги жинди кала берген турбайбы көрүстөндө, кечки суукка тоңуп калбасын түндө» – деп артына кылчая берген бир киши жанындагыларга күңк этти эле, эч ким унчуккан жок. «Арстандай раисибиз деле өлүп калбадыбы. Бир жинди өлсө, өлүп калар» – деди бир топтон кийин башын жерге салып салаңдаган кишилердин бири.

Эл көрүнбөй кетээри менен Бейшен көр үстүндөгү муп-муздак топуракты туш келди чачып кирди. Куйрук улаш кууп келаткан түлкүсү ийинге кире качкан иттей ал эки колдоп ыргыта баштады адегенде. Бир колу сенек экени деле билинбей кетти. Бирде тизелеп отура калса, бирде тура калып, кош колдоп ыргытып жатты кечки закымга ого бетер муздап, нары тоңууга жакындап катуулана баштаган топурактарды. «Бейшен! Бейшен, азаматсың!» – деп адатынча мунун жанталаша иштеп кирген ишине ичинен ыраазы боло жээрде мурутун кыбыңдата жылмайып тургань элестеп кеттиби, же «Бейшен, тезирээк ач! Ава жетпей баратат! Тезирээк! Тезирээк кыймылда, Бейшен!» – деп раис көрдүн ичинен үн салып, жардам сураганы кулагына угулуп жаттыбы, айтор ал бар күчү менен топуракты мыкчый кармап ыргытып жатты. Ыйлап да жатты, бир нерселерди күбүрөп «сүйлөп» да жатты. Шилекейи ого бетер көбөйүп, бирок демейдегидей көкүрөгүнө эмес, башын көтөрбөй иштеп аткандыктан жерге таамп атты анысы. Бир маалда, тумагын жерге чапты, өскүлөң чачынын астынан булоо көтөрүлдү. Кырдач мурдунун учунда мөлтүрөп тер тамчысы турду. Бети суу-тер, мойну суу-тер. Бүткөн бою чылпылдап сууга айланды – тер. Фуфайкасынын шакмар жеңи менен оозун сүрөт – шилекейи кайра эле куюлат. Маңдайын сүртөт – бирок тери кайра эле куюла берди. Сенек колу оорудубу, анысын бир маалда, соо колунун колтугуна кыса калып, кыңшылап жата калды. Кайра турду. Ого бетер тер куюлду денесинен. Эми алсыраганынан, ачкалыгынан куюлду. Барган сайын кыймылы акырындап жай тарта берди. Бирок токтоп, отуруп калган жок. Тыткылай берди топуракты. Тигини ачып алгысы

келдиби, же анын жанына түшүп жаткысы келдиби, аны эч ким билген жок.

...Эртеси эрте менен раис Бабакулдун – жаңы эле отуз төрткө чыккан зайыбы (өзү кырк бирге караганда өлдү) баш болгон он чакты катын анын башына келгенде бир жагы үңүрөйүп ачылып калган мүрзөнүн капталында кар басып, эки бүктөлүп жаткан бойдон тоңуп калган Бейшенди көрүштү... Нарыда калдайып, кар астында фуфайкасы, тумагы да жаткан эле. Ысып кеткенде чечип таштаган го. А балким, күйүттүн күчүнөн ансыз деле жарым акыл неме биротоло акылынан ажырап, кийимди ыргытып жиберип, аязга өзүн тосуп бергендир, ким билет!..

1969

## АЛАЧЫК

Айлыбыз тоо алкымындагы узун-туурасы эки ат чабымдай келген тегиздикте жатканы менен анын да өйдө-ылдыйы бар эле. Андай болбосо: «Узун кыр», «Ит эмген жар», «Көтөрмө-шак» деген аттар кайдан чыкмак эле. Ошол асты үстү бир жылы данга толгондо сөөмдөй баштары жерди карап ийилген таруу, конокко, экинчи жылы ичине аттуу араласа көрүнбөй калчу ак чачыктуу, жаш карагай сымал шамал жүрсө шуулдап турчу жүгөрү айдалчу кең талаанын орто ченинде күн батыштан күн чыгышка көздөй октой түз кеткен чоң арык – «Көтөрмө-шак» деп аталчу. Күздө, биердин эгин-тегини жыйылган кезде жайлоодон көчүп түшкөн айлыбыз ушул «Көтөрмө-шактын» алды-үстүнө конор эле. Ошентип, бир жылы таруу, конок, дагы бир жылы дүмбүл жыттанган бу жерге келип айыл конгондо биздин балдардын кубанычын айтпа. Көчүп баргандан кийин бир-эки айга чейин жашыл түсүнөн жанбаган жайлоонун чөбү саргайып, эл ылдый көчкөнү камынып, суутуш үчүн эки аптача мурун жай бою жайлоонун май жалбырагын жеп, өркөчтөрү жыгадай тикеленген төөлөр казыкка байланып калган кезде ушул күзгү конуш көздөн уча баштаар эле. Ал убак мөмө-чөмөлөрдүн төгүлүп-чачылып бышкан маалы

эмеспи. Коон, дарбыз, жүзүм, шабдаалы, алма, дагы-дагы дүйүм жемиш. Жай бою жайлоодо айранга, сүткө, кымызга, этке карк болгонубуз менен мөмө-чөмөгө өч балалык бышыкчылыкты алда кайдан сезип, каңылжаарыбызга тааныш жыттар өрдөп туруп алчу да. Козу-улак кайтарып, тоо-таштын арасында жүрсөк да, чөлдүн жемиши эсибизге түшкөндө аңчы иттей мурдубузду көтөрө абага тосуп (чөл жакты карап): «Ах! анделектин жыты келип атат» «Ах! Менин мурдума шабдаалынын жыты келип атат!», «Ах, жүзүмдүн жыты келип атат!» – деп катар туруп алып бирибизден сала бирибиз жок жытты барга айландырчыбыз да балалык кыял менен.

Айлыбыздын адамдары андай мөмө-чөмөлүү бак күтүшпөгөнү менен, коон-дарбыз эгишпегени менен, күздө коңшу өзбек кыштактарынан, арабага, эшектерге, аттарга жүктөп, андай жемиштерин ташыгандардын изи суучу эмес да. Данга сатышат; пулга сатышат; кээлери курут, майга деле алмаштыра беришчү. Ошентип, алардын бири кетсе, экинчиси келип, айылыбыздын бир четинен: «Коон, дарбуз келди-и!» десе, анын экинчи четинен дагы бирөө: «Шабдаалы, жүзүм келди-и!» – деп үн сала бере турган. Мына ушуларды эңсеп, сагынгандыктан жайлоонун акыркы күндөрү биз, балдар үчүн өтө көпкө созулуп кеткендей туюлчу. Чыдабай: «Качан көчөбүз? Төөлөр сууп калбадыбы? Тигине ичтери кыңкайып арыктап да кетишти», – деп чыйпылыктап, төөлөрдүн эмне үчүн суутарын өздөрүнөн билип алгандыктан чоңдорду шаштырчубуз.

Ошондуктан бир жылы ата-энебиз жайлоого чыкпай, бирин-эки малын инисиникине кошуп жөнөтүп жиберип, өздөрү коон, дарбыз эгишип, чөлдө калгандагы сүйүнчүбүз түшүнүктүү го дейм. Курсактарыбыз үйлөнгөн табарсыктай тарсая чыгып, кулагыбызга чейин шакмарга малынсак да такыр тойбогондой ачпейил жүрчү биздин эми өзүбүздүн коонубуз, дарбызыбыз болоруна гана кубанбастан, мурда «өзбек» аттуу кишилерден башканын колунан келбечүдөй жесең тилиңди жарган жемиштерди өстүрүү биздин атабыздын да колунан келерине да сыймыктанып жаттык.

Оңойбу, башка үйдүн, башка айылдын балдарынын көзүн кызарткан коон, дарбызды өз үйүбүздүн жанына өстүрүп алсак. Ары-бери өтүшкөндө, сөзсүз, көрүшөт да. Демек суктанышат. Балектеринен бөлүнүп сай ташындай болуп жаткан коон, дарбыздарга гана эмес, аларды качан кааласа, анан канча кааласа өз колу менен үзүп жечү бизге да суктанышат да. Көз артышат. Ичтери күйөт. Өздөрүнүн аталарынын колунан келбегенге өкүнүшөт. Уурулукка келип көрүшсүнчү. Алачык тигилет да андайда байкелдин бир четине. Өзбек кыштактарынан көрүп жүргөнбүз да. Аерде кезектешип кароол болобуз.

Жерди өгүз кош менен айдап, кетмен менен жөөк чыгарганын атабыз, апабыз, чоң агаларыбыз, эжелерибиз өздөрү аткарышты. Атабыздын өзбек ашынасы кетмен мизи менен жөөктөрдүн изин сызып берди эле, үч-төрт күндө беркилер арыгын чыгарып коюшту. Аларга суу коюлган соң, али ичи ылай жөөк ичинде жүрүп, күн мурунтан жибитиш үчүн сууга салынып коюлган ар түрдүү коондун, дарбыздын уругун али нымы кете элек жөөк четине сөөмөй менен ортоңку колду бириктире, чуңкур жасап, ага үч-төрттөн урук таштап, кайра топуракка көмгөнүнө биз деле катышып калдык. Кийин алар өнүп, жер бетине төрт-бештен көк жалбырактар пайда болгондо улууларды карап, нары ээрчип жүрүп жегенелегенге, чапканга да көмөк көрсөттүк. Кышын-жайын жыты мурдубуздан кетпеген коон, дарбызды тез эле жетилтип, тез эле бышырып жибере тургансып, ал жумуштарды берилүү менен аткарып жүрдүк.

Коон, дарбыздар түйүп, алды томпойдой болгондон тартып байкелди кайтарууга өттүк. «Жалпак-Кырдын» үстүнө алачык жасалды. Талдын жоон бутактарынын башы ийилип, бириктирилген соң, ноода чыбыктарынан, арабанын четинине окшотуп, токуп жасалган алачыктын эки жагынан эшик калтырылды. Анткени, аерге эки кароол отурушу керек экен. Бири кырдын ары жагын, экинчиси бери жагын карап отурушу керек экен. Ары жагында жарым гектарча жерге жүгөрү эгилген эле. Бери жагында

андан азыраак жерде биздин коон, дарбыз байкели. Ал жүгөрү мындан үч-төрт жыл мурда башка жактан көчүп келген Айткул деген кишиники. Бул айылга жээн экен. Анын алды бойго жетип калган үч уулу, жалгыз кызы бар. Кызынын аты – Саадат. Ошол кыз келгенден бери биздин үркөрдөй айлыбызга да, ал окуп калган мектептеги биздин класска да алда кандай жарашык кошулуп, көркү тарта түшкөнсүгөн. Он үчкө эми караган ал бойго жеткен немедей акылдуу, оорбасырык, мөлтүрөгөн көздөрү сырдуу эле. Күлгөндө эки уурту чуңкурая түшчү токтоо мүнөз бу кызды алгачкы күндөн тартып эле бу айылдын, анан үч жүзгө жакын окуучулары бар мектептин мугалимдерине чейин жакшы көрүп калгансыды. Баарыдан мурда алардын көңүлүн өзүнө бурган кыздын сырткы чырайы болгонсуду. Айрыкча аны менен айылдаш биздин, анан мектепте ал бирге окуган класстын окуучуларынын сыймыктануу сезими алоолонуп чыкты. Ал сүйлөшпөсе деле, жылмая тиктеп каштарын кагып койсо, гүлдесте сунгансып, кубанчу болдук.

Аны менен күн сайын төрт чакырымча жердеги мектепте жөө барып, жөө кайра бирге келип жүрсөк да, бирибизден-бирибиз тымызын кызгана мамиле кылгангабы, анын дидаарына тойчу эмеспиз. Мурдагы узак көрүнчү жол эми кыска көрүнүп калды. Ал көңүл бурабы-жокпу, жактырабы-жокпу, айылдан чогуу барчу кыздар деле, балдар деле ага тийиише беришчү. Бир нерсе деп сүйлөсө, жок дегенде жылмайып койсо деп ошентишчү. Мен болсом, (жок, башка балдар деле ошондой ойлорун көздөрүнөн байкачумун) ал жалгыз мени менен сүйлөшүп, мени гана карап жылмайса деп тилечүмүн. Ошону каалар элем. Кээ бир бейбаш балдар орой азилдешип, жөнү жок тамашага чалынганын көргөнүмдө туталанып, андайлардын кээлери менен өзүмөн чоң экенине карабастан шымаланып урушка киргим келип кетээр эле. Эмне үчүн экенин билбейм. «Биздин айылдын кызы; биз менен гана болуш керек. Анын сулуулугу менен, акылы менен биз гана сыймыктанышыбыз керек» – деп ойлогонмун го. Мен жөнүндө кандай ойдо

экени менен жумушум жок. Сөздөрүн, мамилесин, а түгүл караңгы түндө булуттан чети көрүнгөн айдай бажырая жылмайганына дейре аңдыйм, бирок аларын башкаларга деле жасап жүрөт. Мага өзгөчөлөнгөн көз карашын байкай албай кыйналам. Ошентип, сарсанаа тартып жүргөнүмдө жанагыдай коон, дарбыздын эгилиши, андан алыс эмес жерге Саадаттын атасынын жүгөрү айдашы ал экөөбүздү дагы жакындатып таштаары кимдин оюна келиптир дейсиң.

Он төрткө карап калган курагым. Ата-энемдин кол арага кирип, айткандарын аткарууга жарап калган кезим. Коон, дарбыз өстүрүүнүн бардык жумуштарына катышам. Иштеп жүрүп да эки көзүм Саадаттын үйү жакта болду. Мектепке чогуу барып, төрт-беш саат бирге отурганга алымсынчу эмесмин.

...Эми болсо жанаша отуруп калбадыкпы. Бир жолу коон байгели менен жүгөрү аянтын алиги кыр үстүндөгү алачыкка олтуруп кайтаруу кезеги экөөбүзгө тийип калыптыр. Анын аңырайган эки жагындагы эки эшиктен эки жакты карап отурушубуз керек экен. «Жалпак-Кырдын» бир жагында коон байкели, экинчи тарабында жүгөрү эмеспи. Эки алачыктын эмне кереги бар. Аталарыбыз акылдашып отурушуп, ушу бир эле алачыкты жасашып, бизге «шарт» түзгөнүн ойлошту дейсиңерби.

Саадат экөөбүз ошентип, алиги «Жалпак-Кырда» кароолдук милдетин аткарып калдык. Ал жүгөрүсүн малдан, дүмбүлкор иттерден, балдардан сакташы керек. Мен коон, дарбызды уурулардан сакташым керек. Саадат тиги үйдүн, мен бул үйдүн кенжесимин. Улуу агаларыбыз башка жумуштарда. Аталарыбыз талаадагы иштер менен алек. Энелерибиз үйдөгү жумуштардан бошобойт.

Саадатты билбейм, менин көктөн тилегеним жерден табылгансыды. «Кудайдан астейдил тилесеңер, ал жаштардын тилегин чоңдордукуна караганда тез берет. Анткени жаштар чоңдорго окшоп али күнөөгө бата элек. Наристе, таза бойдонсуңар. Бирөөнүн акын жей элексиңер. Жалган сүйлөгөндү билбейсиңер. Чоң-кичинени акаарат кылып

сөкпөгөнсүңөр. Алдым-жуттумга барбагансыңар. Ыплас иштер али түшүңөргө да кире элек. Энеден туулган бойдон жүрөсүңөр. Ошондуктан жараткан силерден эч нерсесин аябайт. Сурагандарыңардын баарын берет» – деген атамдын эртели-кеч айткан акыл-насааты чын экен. Менин тилегеним ушул эмес беле.

Каникул маалы, ошондуктан күндө отурчу болдук алиги алачыкта. Эч ким, эч-нерсе көрүнбөсө деле ара-тороз «Айт-үйт» – деп үн салган болуп коёбуз. Буга чейин коон, дарбыз эгип көрбөгөн бу айылдын балдары андай нерселерге жут. Кимдин алма, өрүгү болсо, ал чигиттей болуп корологондон тартып арыктан-арыкка түшүп, дубалдарга далдаланып, узун чөптөрдүн арасы менен боортоктоп жылып уурулукка барышчу. Ошентип, көнгөн немелер жыты алда кайдан келген коон, дарбыз дегенди коюшмак беле...

Күндүз Саадат экөөбүз, түндө чоңдор – ата-энелерибиз отурмак болушту алиги «Жалпак-Кырдагы» алачыкка.

...Камегинде эле үзө башташты балдар коонду. Менин атам менен Саадаттын атасы антип-минтип алиги цыгандын арабасындагы саябандай алачыкты жасашканча коон байкелинин жөөктөрүнөн, жака белинен үзүлүп жаткан (качканда түшүп калган, же жарып жегенде али ачуу экенинен ыргытып таштагандары да) камектер табыла баштады. Үйүң күйгүрлөрдү карабайсыңбы (атабыз ачууланганда дайыма ушинтип сөгүнөр эле) камегинде үзүшүп, убал кылып ташташканын. Бышканда уурдашпайбы. Мен сатмак белем өзбек туугандарча бир жакка алып барып. Ушу айылдын балдары жесин деп эгип-тигип отурбайымбы. Өзүбүздүн балдар жесе, бир жөөгүндөгүнү, же эки жөөгүндөгүнү жээр. Калганы силердики да. Башың өскүрлөр десе. Мына, жебептир деле го. Четинен бир-эки кемирип таштап кете беришиптир – деп кейигенин эки-үч курдай уктум. Саадаттын катиңки атасы да эми гана ит тиши болгон жүгөрүнүн сотолорун эки-үч курдай этегине салып келип уюна салганын көрдүм. Малбы, иттердин кылганыбы, билбейм. Алачык жасоо, кароол коюу ою да аларда ошондон кийин пайда болду окшойт. Наристенин

жытындай анделектин жыты да бир жыттаган кишини кайра-кайра жыттоого кумарлантып коёрун чоңдор эмес, биз, балдар, деле жакшы билчүбүз. Эс тарткандан бери жыттап, анан жеп келатпайбызбы. Аталарыбыз апта сайын базарга барышчу да. Анделек бышканда бала-бакырасынын санына карап, ар бирине бирден алып келишчү да. Андан тышкары жанагыдай өзбек тууганлардын өздөрү да алып келип, сатыша турган. Бирок, анделекке такыр тойчу эмеспиз. Капчыгыбыз чыгып, анделек жебесек керек. Аптасына бир анделек, же бир үй-бүлө топтонуп отуруп, эки-үч тилимден коон жегенде, киши коймок беле. Сатып жеген менен өзүң эгип алгандын айырмасы болуш керек да. «Аттын көтөргөнү ушу болду, балдарым, – дечү атабыз, тоюнкурабаган биздин көзүбүзгө карап туруп. – Коон-дарбыз, мөмө-чөмөдөн башка да керек экен бу үй дегенге. Баары базардан алынат, балдарым» – дечү ал биздин шыпшынып тойбой калганга айыптуудай. А балким, акчасы жетпей жүргөндүр. Аны биз а кезде кайдан билелик. Ошондуктан атабыз коон эгип, а дегенде бизди тоюндурайын деген го.. Мурда такыр тойбогон «анделек», «шекер балек» «басыбалды» «кыркма» деген коондорду эгип, анан каалаганча жегени жатпайбызбы. Атабыздын өзбек ашынасы, ошондой коондордун уругун үйүнөн ала келген экен. «Бул жөөккө жалан анделек эгели, мунусуна «басыбалды» биерге «кыркма», тигинисине «шекер балек» – деп ал атабызды ээрчитип, алардын артынан калбай жүрүп, табактагы борсойгон сүйрү-сүйрү саргыч уруктарды беш-алтыдан топуракка көмүлгөнүн өз көзүбүз менен көрүп, атүгүл тигишпедик беле. Ошолордун өнүп, көгөрүп, жер бетине чыгып, анан шилидей сары гүлдөгөнүн, ал барып түктүү түйүлдүк байлап, эки-үч курдай суу ичкен соң чоңоюп сала бергенин күн сайын көрүп, колубуз менен кармалап жүрчү камектер бара-бара саргайып, өң тарта баштагандан берки кубанычты айтып берүүгө сөз жетпейт. Качан чаап, гүлдөгөнгө чейин канча жолу, гүлүн төккөн соң канча марта сугарып, анан кантип жегенелешине дейре айтып, анда-санда келип көрсөтүп кетчү атабыздын өзбек

ашынасын да абдан жакшы көрүп калдык.

...Жөөктөрдү туташ жаап калган бутактары кыз чачындай чубалжыган жашыл жалбырактардан жетилген коондор, дарбыздар көрүнө баштагандан тартып кароолдук күчөдү. Аталарыбыз түндө корушкандыктан жөтөлүп-какалып, бирөөнү көрүшсө-көрүшпөсө деле: «Сениби, сени! Коё тур! Экинчи бул жакка бутуңду баспай турган кылып таштабасам!» – деп кыр башынан, кээде байкелдин бир жагынан экинчи жагына чуркамыш болуп, же жүгөрүнү шатырата аралап, опузалап үн чыгарышканын угуп жүрөбүз.

Саадат экөөбүздүн кезек күндүз эмеспи. Жарыкта эч ким келбейт. Келсе-келип жүрүшкөндүр, бирок көрө элекпиз. Эшек минип, ат минип, кээде жөө-жалаң козуулагын айдаган, же уюн жетелеп, торпогун минген балдар ак чанактарын сеңселте жашылданып көйкөлгөн жүгөрүнүн, байкелдин жанынан өткөндө көз артып өтүшөт. Эки көзү, сай ташындай болуп күн нуруна жалтырап жаткан коон, дарбыздан, же жеңдей дүмбүл байлаган жүгөрүдөн өтүп кеткенин көрүп жүрөбүз. Баарынан да андай сонун нерселерди ишенип кайтартып койгон күн өтпөсүн, жамгыр өтпөсүн деп төбөбүзгө саябан жасап, баарын көрүп отурушсун деп аны бийикке коюшканын, андагы Саадат экөөбүзгө суктана карап өтүшкөнүн сезчүмүн. Алардын шилекейин чуурткан коон, дарбызды кайтарып отурганым үчүн эмес, Саадаттай баарын суктандырчу сулуу кыз менен бирге отурганыма суктанышканын туйчумун.

Улуулар эскерткендей адегенде Саадат жүгөрүсүн карап, мен коон, дарбыз жакты карап, бири-бирибизге жонубузду салып отурдук. Бир саатча отурдукпу-жокпу кудай билет, анан эле жүздөшүп отуруп калганбыз. Жылмая тиктештик сөзү жок эле. Ушундай ыңгайлуу шарт түзгөндөргө ыраазылыгыбыз – ошол жылмаюубуздан, жаркын жүзүбүздөн көрүнүп тургансыды. Бул жагдайга мен эле сүйүндүм десем, Саадат да сүйүнгөн тура. Болпойгон ак, ортосу анча-мынча эндик сүртүлгөндөй мала кызыл тартып турчу бети албырып, көздөрү моймолжуп кетиптир...

«Жакшы болду *ээ,* Белек!» – деди биринчи анын оозу-

нан сөз чыгып. Мен аптыгып сүйлөй албай турганмын. Күнү-түнү элеси, турпаты көз алдыман кетпей жүргөн немени оозунан чыккан илеби, сүйлөгөндө менин бетиме жетип турса, анан оңойбу! Кашымда жайнап турса... Мында сүйлөсөм, сөзүмдү эч ким укпайт. Колун кармасам да эч ким көрбөйт. Элдин баары жумушта – эгин оруп, суу сугарып, чөп чаап, мал багып дегендей... Биз менен эч кимдин жумушу жок. Айттым го, бул тегеректен ары-бери эрте менен, түштө, анан кечинде өткөн бала-бакыра гана болбосо, саратандын чызылдаганынан, чегирткелердин чырылдаганынан башка эч нерсе угулбайт, көрүнбөйт. Ысыкка магдырагандай бир жери саргарып, бир жери кубарып, ал эми чөлдөгү оазистердей кээ жерлери али көкмөк бойдон (биздин жүгөрү жана коон эгилген жерлер) жаткан тегиздик гана көз алдыда керилет...

– Кел, Белек, топташ ойнойбуз – деди Саадат жеңсиз жашыл кемзолунун бир чөнтөгүнө колун салып жатып. Эмне деп сөз баштаарымды билбей дабдырап турганымда Саадат өзү ошентип, амал таап кеткенине дагы сүйүндүм.

Мен агайларга караганда, эмнегедир, Саадаттан катуу сүрдөчүмүн. Оозума сөз келбей калчу ал жылмайып тиктей бергенде.

«Топташ», «кан таламай» дегей оюндарды кичине кезден билчүбүз. Кыштын узун түндөрүндө, кечки тамактан кийин эле балдардын, кыздардын эрмеги ошол оюндар болор эле да. Сандалды, же кемегени тегеректеп отуруп алып, бөзтөктүн, же шырдактын жүнүн тытып ойногонубуз эле ошол эки оюн болчу.

Саадат үйүндө да ошентип ойноп жүргөнбү, же менин алдымда дагы сулуу көрүнүш үчүн ошенттиби, айтор кызыл сатин көйнөгүнүн балбыраган кең жеңдерин каруусуна жеткире түрүп таштады. Эки жаагынан ылдый төгүлгөн майда өрүм чачтарын зар допусун тегерете байлап койду. Көйнөк жакасын да эки ак седеп топчудан чыгарып таштады. Чачтарын байлап, билектерин түрүп, тамагын ачып таштаганга Саадаттын чырайы ого бетер артып чыкты. Али этке толо элек аппак билектери, сыпсыйдам тамагы,

балапандыкындай билинер-билинбес түктөрү бар жаактары ачылганга ого бетер сулуу көрүнүп кетти...

...«Шарак» эткен билериктердин үнүнөн «селт» этип чоочуп алдым. Нес боло түшкөн окшоймун кыздын алиги турпатынан.

Топ таштын бирин төбөсүнөн өйдө ыргытып, калганын жерге топ бойдон койгону жатканда оң билегиндеги кош билериги кагышкан тура. Саадаттын эки колунда тең күмүш кош билерик. Кулактарында күмүш сырга...

Ойноп кирдик. Байкелге бир ууру эмес, он ууру келсе да эми ал жакты карамай жок. Үч-төрт коонду үзбөстөн, бир жөөгүн бүт үзүп, төөгө, же арабага жүктөп кетсе да маселен, эми мага баары бир. Маңдайымда Саадат отурат перидей болуп. Ушул кыз, ушул кейпинен жазбай мени менен ойноп отура берсе, мага башка эч нерсенин кереги жок. Саадат өзү бардыгына татыйт. Бардыгына арзыйт, Анын деле жүгөрүсү оюнан чыгып кеткендей...

Жүгөрүнүн бир жакшы жери – дүмбул уурдаганы мейли, адам кирсин, жегени мейли, ит кирсин, шуудурап-касырап билдирип коёт. Ошондо «айт-үйт» кылып, үн чыгарса болот. Ал эми коонго келгендер шоокумсуз. Эмне көп – арык көп. Эмне көп – бу тегеректе бүргөн көп. Ага мал араласа көрүнбөйт. Арыктын ичи менен эңкейип жүрүп отурса, же калың бүргөндү бетке кармаса болгону, кантип коондун жөөгүнө жеткенин көрбөй каласың. Жөөккө жетсе эле, анын кырындагы жыш жаткан жашыл жалбырактар өзү ууруну далдаалап, көрсөтпөй калат. Мунун баарысын билем. Атам да нечен жолу эскерткен кароолдук милдетин жүктөп жатып.

...Мейли, ууру байкелди түбү-орду менен жулуп кетсе да кайылмын. Маңдайымда билектерин, бетин, тамагын агартып, билериктерин шарактата топташ ойноп Саадат отурса болгону...

Күн сайын эртеден-кечке топташ ойночу болдук.

...Түн бою да алиги алачыкта маңдай-тескей отуруп, Саадат менен топташ ойноп чыгам... Анын ак билектери, ак тамагы, ак седептер түшүмө кирип чыгат... Ошентип,

уктаган-уктабаганымы деле билбейм. Уйкусу канбаган киши күн бою ныксырап, бүткөн бою оор тартып жүрөт эмеспи. Бирок мен антпейм. Төшөктөн жеңил туруп, керели-кечке чыйрак, наары шайдоот жүрөм.

...«Белек, анделектин жыты келет да, бышып калган го» – деди бир күнү Саадат өйдө ыргытылган жалгыз таш анын кичинекей алаканындагы чогуу ташка «шарак» этип келип кошулганда, ошолорду тутамдаган калыбында татынакай мурдунун тар таноолорун дердейте, ээгин көтөрүп жыт искегендей. Биздин коондун байкели жактан жел согуп турган. Мен да жүзүмү ошол жакка буруп, Саадатты туурагандай ээгими көтөрө жыт искедим. Чын экен, анделектин тааныш жыты!.. Жаңыдан бышып келаткан анделектин тааныш жыты!.. Китеп барактарынын арасында жатып куураган гүл жытындай араң жетип атат...

...«Ооба, анделектин жыты. Анделек!.. Мен ордуман тура, байкелди көздөй чуркадым. «Алгачкы бышкан анделекти Саадатка алып келип жыттатам, анан союп берип, жедирем!» – деп ичимен өзүмө-өзүм убада бере жүргөн элем. Ошого чуркадым.

Издеп жүрөм жөөктөн-жөөктү кыдырып. Кечээ суу коюлган, ошондуктан жөөктөрдүн ичи али ылай эле. Ботинкама ылай жабыштырып, улам бир жөөктүн ичи менен эңкейе басып, тегерек жалбырактары жалпайып жерди каптап жаткан ар бир түп балекти колум менен өйдө көтөрөм да, эми гана сары ала боло баштаган анделекти издейм. Мурдуму көтөрүп, жыт искейм. «Коон таза бышканда балегинен өзү үзүлүп, жөөккө түшүп калат. Акыркы жолу сугардык. Түшүм суусу бу. Ашынамын айтышына караганда эми биринин артынан бири быша берет. Сортуна карап. Камегин үзө көрбөгүлө. Ушунча күттүңөр, дагы бир аптача сабыр кылсаңар кыйгаз бышат экен. Ошондо канча жесеңер да, түгөнбөйт имиш. Колу-коңшуларга да ошондо беребиз. Баарына ооз тийгизишибиз керек. Өзбек туугандар коонсейили деп коюшат. Ошо коонсейилге биз да айылдагыларды чакырышыбыз керек. Эң алдын өзүбүз ооз тиебиз. Биринчи бышкандарын апаң экөөбүз үзүп, экөөбүз

союп беришибиз керек силерге» – деп атам мурдагы күнү эле жөөктөн-жөөккө суу жылжытып жүрүп эскерткен болчу баарыбызга. Балектердин арасынан эми даана көрүнүп жаткан коондорду эки колдоп кармап көрүп, айрымдарын жыттай берип: «Жакындап калыптыр, куда кааласа, ушулар беш-алты күнгө жетпей бышат, мант берет» – деген.

Мына, анделектин алды бышып калган тура. Жыттанып атпайбы…

Үч-төрт жөөктүн баш-аягына чыктым. Акыры бир жөөктөн таптым. Бейкасам чапандын гүлүндөй бир кыры саргыч, бир кыры көгүш анделек экен. Мындайдын чоң коону да болот. Аны «Басыбалды» деп коюшат. Буга чейин өзүбүз экпегенибиз менен жеп жүргөнбүз да. Жөөктүн кургак кырып тизелей калып жыттадым. «Бур» этти. Бирок алсызыраак. Эки-үч күндөн кийин мына бул саргыч түстөгү тиликтер башайыдай шаңкайып ачылып чыга келет. Ошондо балектен өзү эле атам айткандай үзүлүп, жөөккө түшүп калат. Биз ошолорду гана терип, үйгө көтөрүп келишибиз керек. Ошондойлорун гана жешибиз керек. Балектен күчтөп үзүүгө жарабайт.

Ошентип, атамын айтканын мен биринчи бузганы калдым. Кантип үзбөйсүң! Жыты тиги кырга жетип, аны биринчи Саадаттай кыздын өзү сезип отурса, үзбөй көрчү. Анын үстүнө менин жүрөктө каткан купуя тилегим да ошол эмес беле. Мен сол колум менен жол-жол болуп жаткан алиги анделекти акырын басып туруп, оң колум менен башына жакын жерден балегин кармай берсем, бураганча болбой «чырт» этип ал үзүлүп кетти. Күч жумшатпай үзүлдү. Атам айткандай мант бергени ушу. Бышпаган болсо, сороюп сабактагы дүмүрчөгү калмак. Базардан андай коондорду да көргөнбүз. Акча табууга ашыккан ээси кээде камдарын да бышкандарына аралаштырып алып келе берет тура. Көрсө, андайларды деле мөмө-жемиштердин аки-чүкүсүн билбеген тоолуктар ала беришет экен.

Менин анделегим мант берди. Демек, жесе болот. Жыты келгенден кийин мейли, анделек, мейли, коон болсун жегенге жараганы ошо.

Жаңыдан гана саргая баштаган немени ошентип көкүрөгүмө кыскан бойдон энтелеп, алачыкка жетип келдим. А дегенде Саадаттын татынакай мурдуна тостум. Ал үчтүү татынакай мурдун акырын тийгизе жыттады. Менин колуман жыттаганга алымсынбагансып, анан өз колуна алып жыттагылады. Кош колдоп кармап жыттады. Жаш эне тунгуч баласын жыттагылап жаткандай көрүнүп кетти мунусу мага.

Көпкө чейин экөөбүз алмак-салмак жыттагылап отурдук алиги анделекти. Бул мага жөргөктөгү бөбөктү колдон-колго өткөрүп, өпкүлөшкөн жаш ата менен энени элестетип жиберди.

Кумарыбыз канды окшойт: «Эми жейли» – десем, Саадат: «Мейли» – деп адатынча мени карап жылмайып койду. Бычак кайда, жерге бир урсам, анделегим эки бөлүнүп жатып калды. Ичи кыпкызыл экен. Чоңураак жагын Саадатка сундум эле, ал колу менен акырын бериге түрттү. «Силердики анделек. Силер мээнет кылгансыңар. Көбүрөөгүн сен же» – деп, дагы жылмайды мени ого бетер сүрдөнтүп...

...Ошондон тартып, мен күн сайын анделек, же коон алып келип жүрдүм алачыкка. Мезгили жетип калса керек.

Коондор кыйгаз быша баштады. Атам айткандай жөөккө өзү үзүлүп түшүп калгандар да көбөйүп кетти.

Коон сейилине атайлап чакырбасак деле таң аткандан каш карайганга чейин биздикинен адам үзүлбөс болду. Эч кимиси коон сурап келбейт. Ар нерсени шылтоо кылып келе беришчү болду. Көгөнгө байланган козу, улактардай балектеринен бөлүнүп жаткан жыш коон, дарбыздарды арыдагы жолдон өткөндөр көрө коюп, алар деле кайрыла беришчү болду. «Суусап кеттик» – дешет. Кымызыбыз бар беле сабадан кырма аяк менен суна койгудай. Же суу сурап келди дейсиңби. Суу ичсе жолду бойлоп кеткен арыктан дайыма суу агып атат. Тиги коон менен дарбызга суусаганы. Ошондуктан үйдө мейли, чоңдор болсун, мейли биз, балдар, бололу, келген-кеткендерге коон, дарбыз союп беришибиз керек. Атабыз ошондой буюрган. Бышылуу тамактын күйүтү күч, балдарым, ким келсе да, эмнени

шылтоо кылып келсе да: «Отуруңуз, коон жеп кетиңиз деп айткыла. Отургузуп коюп, өзүңөр байкелди аралап, бышканынан үзүп чыгып, союп бергиле. Тойгудай кылып бергиле. Коон, дарбыз буюрса жетет. Жакшы болду. «Кыркмасы» кышка да калат. Куда кааласа аларды орозодо жейбиз» – деп жаңы бышкан коондон эки-экиден эки колтугуна төртөөнү көтөрүп келип (балдарын а дегенден тойгузуп коёюн деген го) союп бергенде айткан эле. Биз а кишинин айтканындай иштеп жүрдүк.

...Саадатты байкелге келтирүүгө канчалык аракеттенсем да келтире албадым. Өз колу менен ошол аймакты жагымдуу жытка толтуруп турган коондордон үзүп жешин кааладым эле – келбей койду. «Уят» деп такыр баспады ал жакка. Мен күн сайын бир анделекти, ал түгөнгөндөн кийин бирден коонду алачыкка алып келип жүрдүм. Бычак, табак кошо алып алчу болдум. Атамы туурап, аны бардык эрежеси менен союп берип жүрдүм. Тилип берем, ганч кылып берем. Кээде «кесе» жасап берсем күлчү болду: «Эмне, «кесе» кылып жегидей экөөбүз картаң белек. Жарашпайт экен, жөн эле «тилим» кылып, же «ганч» кылып сойчу» – дечү болду.

Бир күнү андан сурабай эле «шекер балек» коонду төрткө бөлдүм да, төрт «кесе» жасадым. Экөөн азыр жейбиз, калган экөөн анан. Чоңдорду туурап, бир кесимди бычактын учу менен сайып алып, Саадатка узаттым. Ширеси жерге таамп кетчүдөй мөлтүрөп турган коонду ага бу жолу өз колум менен жедиргим келип кетти. Саадат алигиге оозун жакындатпастан бычак сабына колун сунду. «Өзүмө бер, өзүм жейм» – дегени. «Жок, мен жедирем, жеп койсоң бир жолу менин колуман деле, эч нерсе болбойсуң» – дедим. Эмне үчүн минтип айтканымы деле билбейм. Саадат бул сөздөн чочугандай колун тартып ала коюп, мени жылмая тиктеп туруп калды. Ушул жылмаюусу жагат мага. Күнү-түнү көз алдыман кетпеген анын ушул жылмаюусу. Анан мойнун созо берип, алиги бычак учунда ширеси мөлтүрөп таамп кетчүдөй болуп турган кесимди тиштеп алды. Эркелеп ойногондой көрүнүп кетти мунусу мага. Оозун ак жумуру билеги менен

сүртүп коюп, жадырап тиктеген бойдон: «Сен жакшы күйөө болчудайсың, Белек. Тийсем алар белең?» – десе болобу ого бетер жайдарыланып. Мен апкаарып калдым. Мындай сөздү күткөн эмесмин андан. Эрди-катын болуу али ойдо жок иш. Бар болгону аны жакшы көрөм. Жаныман да артык көрөм. Эмне үчүн деп бирөө сураса, ага жооп бере алмак эмесмин. Күн сайын көрүп жүргөнүмө эле жетине албай келем. Аердеги кыштактын бир четиндеги «Жалпак-Кырда» эмес, Саадат периге айланып көк бетинде учуп жүргөндөй, анын касиети менен мага да канат бүтүп, ага жанаша алда каякка сызып бараткандай туюлуп кетет кээде. Мен тааныган, мен билген балдардын эч кимиси көрө элек кереметтүү булактан коочушум толо ичип жүргөндөй тиги менен бирге отуруп», «кароолдук» кылгандан берки маанайыман алоолонгон жүрөгүмөн бүткүл дүйнө нурлангансыйт.

...Оозума сөз кирбей калды... «Жесең! Дагы бирди жеп койсоң менин колуман!» – дей бердим «кеседен» экинчи кесимди бычакка сайып алып, аны көздөй жүткүнө. «Муну өзүң же» – деди дагы эле жылмаюусунан жазбаган Саадат. Менин бул жоругум ага жагып калганын ушундан билдим. «Бирин мага сунсаң – бирин өзүң же. Тең жейли да» – деди. Ошентип бир «кесени», анан экинчисин да жеп койсок болобу.

Саадат кийинчерээк, дүмбүл алып келчү болду. Койдун кыйынан калган корго а дегенде көмүлүп, анан аташ күрөк менен ары-бери жагына оодарылып бышырылган дүмбүлдөр экени чаар ала өңүнөн, жагымдуу жытынан билинип турчу. Экөөнү алып келет. Менин дүмбүлдү жакшы көрөрүмү, ошондуктан берилип жегенимди байкап калдыбы, кийин үч-төрттөн алып келе баштады. Таптаза жоолукка ороп келет. Ысыгы али тарабаган бойдон колго тийчү. Дүмбүлдү да бара-бара жанагинтип кезектешип жемейге өттүк. Аны Саадат өзү баштады. Менин тартынчаактыгымы билип калды окшойт, чаарала дүмбүлдү эки учунан эки колу менен кармап туруп, орто чененен өзү бир тиштейт да, анан: «Эми сен тиште» – дейт мени көздөй сунуп. Мен мойнуму созом. Тиштеп алам. Анан ал. Анан дагы мен. Анан дагы ал.

...Ошентип, биздин коондордун, тигилердин жүгөрүсүнүн бышышы менен Саадат экөөбүздү бөлүп турган аралык биротоло жоголгонсуду. Күндүз кашындамын. Түн бою түшүмдө мен ага коон, ал мага өз колу менен дүмбүл жедирип чыгат...

...Ошол жылы кеч күздө, Саадат мектептен келатса бир жигит аны атка өңөрө качыптыр. Мен ооруп, бир жумача үйдөн чыкпай калганмын.

Мен эч качан ошондой ыйлаган эмесмин. Баягы кырга барып алып, (алачыктын шак-бутагы эчак куурап, үстүнө салынган бакалдарына чейин шамалга учуп, аңырайып ачылып калган эле) ыйладым. Үйгө келип, да өзүмү токтото албайм. Атам-апам менин ооруму күчөп калган экен деп жан-маны калышпай күйпөлөктөп жүрүшөт. Молдону чакырып, дем салдырышты. Ал жардам бербеген соң, айылдагы бүбү кемпирди да алып келишти. А киши адатынча а дегенде туурам-туурам нанды башыман тартып бутума чейин басып чыгып, анан «Ма-а, балакет-салекетин сен ал бу баламын» – деп итке ыргытып жатты. Пияз басты. Күкүрт жандырып, башыман тегеретип ыргытты. Бетиме суу чачып эмдеди. «Көзү көккө бар, ниети жаманга бар, бу баламда не акың бар! Туф! – Туф!» – деп туш-тушка түкүрүп да жатты. Кээде а кишинин мындай эм-домунан кийин ооруган башыбыз, сыздаган ичибиз чын эле басылып калчу. Бул жолу эмнегедир, таасир этпей койду. Ыйлай бердим. Түн бою ыйлап чыктым... Чыракка тегеренишкен көпөлөктөрдөй мага тегеренишкен атам менен апамы тынчытыш үчүн «коркпогула, анчейин деле катуу ооруган жерим жок» – дегендей түр көрсөтүүгө аракеттенип көрдүм. Аныман эч нерсе чыкпай атты. Кылт этип, Саадат эсиме түшсө эле, эчкирип ыйлагым келет. Күлүп турчу көздөрүнөн жамгырдай агылган жаш аппак бетин жууп: «Белек, кайдасың? Мени куткарып албайсыңбы?» – деп жер-сууну жаңыртып ыйлап бараткансып элестеп келет... Ат жалына аны жапма кылып таштап, (улак тарткандарды көргөм да) кайдагы бир зөөкүр неме эл жок ээн талаа менен белгисиз жакка сызып бараткандай элестейт. Саадаттын добушу өчүп бараткансыйт. Бир

күн-эки күн өтсө эле бүттү – анын добушу өчөт да калат. Алиги зөөкүр, таш боор, ыймансыз неме аны каалаганындай уйпалап таштайт. Мына ушундай ойлор, элестер мени ыйлатып жатты. Эч кимге угузбай түндө да ыйлап чыктым. Эрте менен көздөрүм көнөктөй шишип калганын сездим. Апама көрсөтпөөгө тырыштым. Атам билсе да унчукпайт, жоош киши. Апамын мүнөзү чукул. Эркелеткенди да билет, «шак» эттире жаактан ары тартып жибергенди да билет.

...Уйду бадага айдап барган бойдон түшкө жакын келдим үйгө. Мектепке барганым жок. Баягы алачык тигилген «Жалпак-Кырга» чыгып отура бердим. Тегеректи карайм көз талдырып. Бир жерден карааны көрүнсөчү! Дагы ыйладым. Кечетен берки элестер андан да жаман түрү менен чубашып келип атты көз алдыма. Дагы ыйладым...

Мурдума чейин жылтырап кызарып чыкса керек кексе апам үйгө башбагарым менен байкады. «Бекиш, эми билдим сенин дартыңы. Саадатка ыйлап аткан турбасыңбы. «Жалпак-Кырда» отурганыңан билдим эртеден бери» – деп анан «шыңк» этип күлдү. Мунусу менин кайгымы күчөттү, анткени табалагандай угулду. Дагы ыйлап кирдим. Апам эми баарын ачык түшүндү окшойт. Жаныма отура калып, башыман сылай минтти: «Балам, ал сенин теңиң эмес. Сүйлөшүп жүргөнү алып кеткен имиш укканга караганда. Кыз бала он үч-он төртүндө эле балакатка жетип калат. Мен да атаңа он төртүмдө келгенмин. Саадат ошол менин курагыма келип калган экен. Салтты бузуп алып качканы болбосо, өзүнө ылайыгына эле кетиптир. Сен али балапансың балам, андан бир жаш улуу болгонуң менен. Андай кыздар али көп кездешет жолуңан. Буюрганын аласың. Уят болот, эркек баланын кызга ыйлаганы. Муну менден бөлөк эч ким билбесин» – деди экөөбүздөн башка эч ким жок болсо деле шыбырап.

...Андан бери көп жыл өттү. Саадатты көргөнүм жок. Көрүүнү каалабадым да. Төркүлөп келди а дегенде. Кийин айылдап келип жүрдү. Бирок, ал келгенде мен качып кетип жүрдүм коңшу айылдагы тууган-уруктардыкына. Менин назарымда Саадаттын карекке чөгүп калган айнектей тунук жүзүн, жумуру аппак тамагына, күмүш билериктер

жарашчу жумшак, көпчөк билектерине, күмүш сыргалар жарашкан кулактарына, жарашыктуу жылмаюу уялаган көздөрүнө баягы жолдон өңөрө качкан зөөкүрдүн (апам аны мактаганына карабастан, менин элесимде ошондой бойдон кала берген эле) ыплас, нары олдоксон колдору тийип, булгап, аларды баякы өң-түсүнөн ажыратып таштаган. Ошонусун көрүп, өзүмүн жүрөгүмдө калган анын алачыктагы ажайып элесин бузгум келбегендиктен, ушул убакка чейин аны менен жүздөшпөй качып жүрөм...

«Жалпак-Кыр», андагы алачык, дөбөнүн эки тарабындагы коон байкели менен жашыл көкүл жүгөрү аянтынын ортосунда перидей суйкайган сулуу Саадат көйнөк жакасын ачып, жеңин түрүнүп таштап, билериктерин шаркылдата топташ ойноп алиге бешенемде отургансыйт... Өзүнө караганда мага эми ушул элес кымбат, нары ыйык көрүнүп калган...

1972

## ЖАЙЛООДО

Небереси Азиздин көңүлүн көтөрөм деп Жаркынай өзүнүн көңүлүн чөктүрүп алды. Жайлоого келбесе антмек эмес да. Жыл сайын жайлоо маалында сөзсүз, бир кусалык, кандайдыр эски сагыныч жүрөк-боорун аралай чаап, санаасын эңшерип, маанайын басайтып кете турган. Андай кусалык, орду толбогон сагыныч бир нече күнгө созулчу. Ал күндөрдө Жаркынай бети шылынып, көздөрү алайып, айлап төшөктө оору менен алпурушкан кишидей шапайып азып кетер эле. Күн сайын бирин-бири көрүп жүрүшчү кошуналар биринчи байкашат ал өзгөрүүнү. Алар тарабынан: «Эмне болду, Жаркынай? Арыктап кеттиң го?» – деген суроонун сөзсүз берилерин алдын ала билген анын жообу да белен: «Жайлыгым жокпу, жылда эле ушу маалда арыктап алам го», – деп гана басып кете берчү.

Ошентип, Жаркынайдын дарты эч ким эмдеп айыктыра алгыс дарт. Аны өзүнөн башка жан да билбейт.

Июнь айынын 11-күнү – анын эсине өз атындай түбө-

лүккө жат болуп калган күн. Ошол күнү – анын ою боюнча элдин түп көтөрө жайлоого көчкөн күнү. Жумалап төө байлашып суутуп, аттарды таң ашырып, өгүздөргө чейин белендеп, эки күндүк жол азыкты кошо даярдашып: оймо-боорсок салышып, эжигей бышырып, быштак жасашып, береги сары журтка айланып калган бөксө жайлоодон таң тыяктан жаңы гана куланөөк салып, асман бетин каймактаган сүт сымал саргыч агыш түскө бөлөп келаткан маалда энелерин издеген козу-улактарды мааратып, тайлактарды боздотуп, музоолорду мөөрөтүшүп, азан-казан болуп, анан бир таман жолго улуулата түшүп, улуу жайлоого көчкөн кездин бир күнү ошол бойдон Жаркынайдын сезиминде кала берген.

Андан бери кырк жылга жакын убакыт өттү... Бирок июнь айынын 11-күнү бүгүнкүдөй эсинде.

...Ошол жыл жаан-чачындуу келип, тоодо али суук болгондуктан андагы чөп жетилбей, ошондон улам элдин он-он беш күнгө кечигип көчкөнү менен да Жаркынайдын иши жок. Азыркылар июнь эмес, майдын аягына жетпей эле көчөрүн, андагыдай жүктөрүн төөлөргө, өгүздөргө, аттарга, артып, мал-кели менен кошо самсаалап жолго чыкпай, машиналар менен жетип алышарын деле эстебейт. Андагыдай эки түнөп жетишпестен, үч сааттан ашпаган убакытта барышып каларын деле ойлобойт. 11-июнь күнү мурдагыдай эле шаан-шөкөт менен алды-арты алда кайда созолонгон көч жашылга оронгон арасындагы бир таман жол менен бараткандай туюлат ага. Жакшы жасалгалуу кунан, быштыларды минген, жарашыктуу кийинген жаштар: жигиттер, кыздар, келиндер жарыша чабышып, үзөңгүлөрү кээде тийише калып, «шыңгыр» этсе, анысы кылык көрсөтө шаңкылдаган кыз үнүнө кошул-ташыл болуп, теребелдеги гүл жытына атыр куюнуп, упа сүртүнүшүп, эндик коюшкан кыз-келиндердин жыты аралашып, эки күн, эки түн бою алда кандай керемет жытка толгон абадан жутуп магдыраган, эсирген Жаркынайга ошондогу гана июнь, ошондогу гана жайдын көркү жаштык сезимине мөөр болуп басылып калган. Ошондуктан жылдын

ал мезгили анын жан дүйнөсүнө дүрбөлөң салып таштайт. Июнь айынын бүтүшү менен аны аздырып-тоздурган алиги түпөйүл оору да кетет. Мурунку баралына келет.

...Жалгыз уулу Калый бала-чакалуу болгону быйыл биринчи жолу апасы Жаркынайды жайлоого барууга мажбурлайт. Жок баласы эмес, небереси. Былтыр көл ичинде эс алышып жүргөндө, Калыйдын андагы тааныштарынын бири күн мурунтан макулдашып алгандай машина менен келип, буларды Каркыра жайлоосуна алып барат. Чоң-Капталдагы жыш карагайларды, андагы булактарды, Сан-Таштан ары керилип жаткан жайыктагы иче чапкан түркүн чөптөрдү көргөндө, бирде энесинин, бирде мамасынын, бирде папасынын колун кармай жүрүп, такыр эле башка дүйнөгө келгенсип таңыркай оозун ачып, тегерегине көз чаптырып алаңдаган, кайсы гүлдү үзөрүн билбей алдастаган, кайсы көпөлөктү кууп жөнөшүн билбей элеңдеген Азиз эки-үч сааттык сейилден кийин чоң энеси Жаркынайды туурап,борсойгон кыпкызыл боорсоктон улам бирде кеседеги мелтилдеген кымызга матырып жеп отуруп, анан чоң энесине суроо таштабайбы.

– Биздин жайлоо жокпу, эне?

– Кантип жок болсун, бар. Жайлоосу жок кыргыз болмок беле.

Жаркынай кеңирсиген бул жайлоонун береги четине бут койгондон тартып, мындан отуз сегиз жыл мурдагы жайлоо маалы, аны менен кошо бир жарым айга гана бирге өмүр сүрүп, анан согушка кеткен бойдон кайтпай калган жары Кубатын эстеп заарканып алган эле. Атүгүл бушайман жеген жайлоого келгенине. Баласын, келинин жиберип коюп, өзү бир нерсени шылтоо кылып, келбей койсо болмок да. Элүүдөн ашкан кишиге шылтоо табылат эле. «Ары-бери жүргөндө кыйналам. Жүрөгүм жаман эмеспи» – десе эле жетишмек. Эч ким аны кыстамак эмес. Кала бермек. Бирок, антпеди. Антмек түгүл, жайлоону укканда эмнегедир, делбиреп, эңсеп жүргөнүнө барчу кишидей көңүлү көтөрүлө түшөт. Жүрөгүнүн бир четине уялап, ушунча жылдан бери эскирбей келаткан бир сезим

кайрадан козголуп, тулку боюна алда кандай күч-кубат тартуулаган эле. Жаркынайдын дүйнөсүн эстеген сайын өрт илебиндей кайрып алчу жайлоо эмес бу. Бу даңазалуу жайлоо экенин, бир көргөн киши дагы көрсөм экен деп дегдечү атактуу жайлоолордун бири экенин угуп жүргөн Жаркынай. Бирок көз карегине уюп калган тиги жайлоодой таасир эткен жок. Көңүлүн өксүттү тескерисинче. Жоготконун издеп, бирок таппаган кишиче, умсунуп калды. Ошентип, ич туйгусу менен алек болуп кыйналып отурганда небереси ушул суроону берип жатпайбы.

– Бизди алып барбайсыз го, болсо? – деди жайлоонун жаркын күнүнөн, нары аз да болсо сыр кеседен ууртап отурган кымыздан торсоюп эки бети кызарып, тегерек көздөрү моймолжуп чыккан небереси эч нерседен бейкапар.

– Алып барса болот, – деп койду биерге бут койгондон бери эчакки окуя эсине түшүп, кыжалаттана баштаган энеси.

Качан? – деди бакыракай көз сегиз жаштагы небереси, көлөкө жапкандай ажары күңгүрттөнө түшкөн энесинин жүзүнө ишенбегендей тиктеп.

– Быйылкы жайлоо маалы бүтүп атпайбы, уулум. Эми келерки жылы барабыз да. Сен экинчини жалаң «беш» менен бүтсөң, өзүбүздүн жайлоого алып барам, – деди ал ушул сөзү менен да небересин бир нерсеге милдеттендиргендей. «Келерки жылга чейин эсинде жүрмөк беле менин бу убадам. Унутуп калат да эртең эле. Бала эмеспи», – деп Жаркынай ичинен бейкам жыйынтыктап койду.

Машиналардын жытынан алыс, алардын күр-шарынан да алыс, абасы таза, туш тарабы көкмөк жыттанган жайлоо Жаркынайдын ой-санаасына бүлүк салып, санааркатып таштады. Баласы политехникалык институтун бүтүп, илим-изилдөө институтунда иштеп калган. «Үйлүү болдук, апа, биз менен бирге туруңуз» – дегенге көнгөн эмёс эле. «Балалуу болдук. Эми небереңиз үчүн да келбейсизби?» – дегенинен көңүлү түтпөй шаардык болуп калган.

...Жок, небереси эстен чыгарбаптыр энесинин андагы убадасын. Мурда жайлоо дегенди укса да өз көзү менен

көрбөгөн ага Каркыра катуу таасир эткен го. Түшүнө да кириптир бир жолу. Энесине айтып берген. «Баягы чоң кырдын төбөсүндө жүрүптүрбүз кол кармашып. Тизеден чөп, гүл. Үстү жагыбыздан бир нерсе шуулдайт. Өйдө карасам чоң куш шукшурулуп келатыптыр. Жайлоодо жүргөндө сиз айткан бүркүт дегендин өзү. Канаттары кулач келет. Көздөрү бир нерсени аларында сенин көздөрүңдөй болуп чоңоюп, анан оттой жанып кетет дебедиңиз беле? Кийикти, түлкүнү айры-куйрук жөжөнү көтөргөндөй эле көтөрөт. Аларына эч нерсе табылбай калса, жаш балдарга деле кол салгандан тартынбайт дебедиңиз беле? Эсимде калган экен ошентип айтканыңыз. Анан канаттарын капталдарына кыса кармап, төмөн карай шукшурулганда үңкүр оозуна кирип жаткан шамалдай күүлдөп угулат дегениңиз да эсиме түштү алигини көрүп. «Эне! Бүркүт! Бүркүт келатат!» деп кыйкырган бойдон ойгонуп кеттим», – деп энтиккен наркы бөлмөдөн чуркап келип, бүркүттөн качкан канаттуудай кенже небереси менен жаткан энесинин колтугуна башын ката берип Азиз.

Анда бир эске салат энесинин убадасын. Жаркынайды ал түндүн калган бөлүгүн уктабай өткөрүүгө мажбурлаган. Жайлоо жөнүндө дагы сураган. «Жаш балага коркунучтуу немени айтып, натура иш кылган экенмин», – деп небересинин алиги түшүнөн улам өкүнүп алган эне эми жалаң гана жакшы нерселер тууралуу кеп салат. Жайлоонун жанга жагымдуу абасын, жылга сайын эритилген коргошундай жылтырап аккан булак сууларын, бийик чокулардын этегинде эл көчүп барган кезде деле мелтиреп жатчу нык, нары муздак мөңгүлөрүн, жүк түшүрүлүп, үйлөрдүн керегелери али жайылып-жайыла электе өзү сыяктуу айылдын жаш балдары, кыздары топтолуп алышып, ошол мөңгүлүү тоолордун капталдарынан солкулдаган ышкын терүүгө баргандарын, айлуу түндөрдө «Ай көрдүм! Ай көрдү-ү-үм!» – деп айылдын жаштары кечкисин кой-эчкилерин эртерээк саадырып бүтүп, козу-улактарын көгөнгө мурдараак байлап коюшуп, оюнга чыгышаарын, андай түнкү шаңдуу чууга жамаатташ отурушкан, кемегелеринен түндүн бир

оокумуна чейин асман төшүнө көк түтүндөр булап, кечки абаны тезектин, арчанын жан сергитчи жытына толтуруп, кут орногондой камур-жумур бойдон түн койнуна көшүлүп кирип бараткан кокту-колоттогу, кырдагы айылдардан да шарактаган жаштар келишип, оюн курулчу жайык жер боз балдарга, бийкечтерге толуп чыгарына чейин, небересине эмес, ошол оюндарга өзү менен моюндашып бирге барчу курбу кызына көптөн кийин жолугушуп, өткөндү чогуу эскеришип жаткандай Жаркынай толкундануу менен сүйлөп берген эле. Ошонусу менен небересин дагы бир жолу бүтүндөй башка дүйнөгө үндөп таштаганын, аны өз көзү менен көрүүгө дегдетип таштаганын эне байкаган эмес. Түшүнөн чоочуп калган небересин сооротуш үчүн гана айткан. Жанагылардан тышкары кере тартылган желелерден кечке маал агытылган кулундардын оюн салганын, болочокку аргымактары энелеринин үстүнөн ары-бери секирип ойногондорун, көгөнгө тизилген козу-улактардын энелерин көргөндө айылды түп көтөрө маарагандарын, ачык асмандан төмөн төгүлгөн аппак ай нурун колдоруна шамдай кармап алышып, кызыл ашыктан келип желпилдеген жашыл шибер ичинен «Ак чөлмөктү» издеп жайылып жүргөн балдарды, кыздарды, же тегерене отура калышып, бирин-бири эшилген жоолук менен кууп ойношконун энесинин эргий жатып айткандарынан так элестеткен небереси айыл ортосундагы кык жыттанган короо ичинде жуушап, күн бою жеген чыктуу чөптү аш кылуунун аракетинде кепшеп анда-санда гана оор онтошкон малына чейин мемиреген түнкү айылдын бейкуттугун бузган күкүк үнүнө дейре мөңгүлөрдөн төмөн жылга менен агылган суулардын шылдырына чейин кулагына угулгансыган, башын ийилте желге ыргалган ышкындарды өз колу менен терип, өткүр тиштери менен «кырт-кырт» эттире бир четинен тиштеп жеп киргендей сезген неберенин, сөзсүз, жайлоо дегенге баруугa, барган да энеси айтып берген булардын баарын адатынча анын колунан кармай жүрүп, өзү көзү менен көрүүгө үмүтү, тилеги биротоло бекемделип калганын да эне байкаган эмес эле.

– Кайсы айда барабыз? – деген небересинин акыркы суроосу болгон.

– Урра! Биздин окуу бүткөндө тура! Барабыз, энеке, барабыз! – деп төшөктүн жакасын арыга кайрып таштап немереси кыйкырып жибергенде, сол колтугунда бышылдап уктап жаткан кенже немереси ойгонуп кетпесин деп чоочуган эне анын оозун алаканы менен баса калган.

Июнь эмес, апрелден тартып эле, кээде дем алыш күндөрү папасы, мамасы, апасы менен автобуска олтурушуп, эл менен кошо белгилүү аялдамага чейин барышып, андан ары көк жыттанган, ным жыттанган, нары күн жыттанган талаага сейилдеп чыккандан тартып Азиз «Жайлоо, баягыда энеси айтып берген керемет жайлоо» жөнүндө тез-тез эстей баштады. Папасынан да, мамасынан да жайында айылга, андан ары жайлоого баруугa убадасын ала баштады. «Таекемдикине барабыз. Сүтү бар, майы бар. Тооктору бар. Биз мине турган эшеги да бар. Ошол алып барат андан ары жайлоого», – деп бар болгону ал эс тарткандан бери эки жолу гана болгон энесинин айылдагы колхозчу инисин айтып, чоңдордун бир нерсени шылтоолоп буйтап кеткенине жол койбостон жүрдү. Шаардын четиндеги ал көргөн чөптөр, ал көргөн көпөлөктөр деле Каркыра жайлоосунда көргөнүнө окшошпой туруп алды. Карагайлары кана? Чөбү эмне үчүн андагыдай тизеге чаппайт? Булактарычы? Тамылжытып жагымдуу ныксыраткан кымызычы? Энеси айтып берген жайлоо андан бетер кооз. Али уга элек жомоктой кызык. Балалык кыялы менен сүрөтүн тарта баштаган ал ажайып көрүнүштү шаардын четинен көргөндөрүнө салыштырса такыр эле окшошпойт. Каркырага барганга чейин биерге келген сайын жаңы эле ваннага жуунуп, аарчынып чыга калгандай тазара да, жеңилдей да түшө турган. Бу жолу антпеди. Аркы-берки басышкан ата-энесинин жанында алыстабай суз жүрүп, суз кайтты. Анткени жайлоо, энесинен уккан күмүш булактуу, дың этип чымын учпаган, коңур салкын жайлоо, жылкылары бетеге жегендиктен кызгылт кымызынан бир пияла ичсең эле магдыратып уйкуну келтирчү касиет чөптүү, түркүн

үндө сайраган куштарга толгон токойлуу жайлоо, чындап көзүнөн учуп калган болчу. Күндө болбосо да күн алыс энесинин мазасын ала берди: «Жайлоого барабызбы?» «Барабыз» – анын жообу. Башка шылтоо жок да. Папасы, мамасы гана бир жолу «Биздин отпускабыз кандай болор экен быйыл, билбейбиз (мамасы ошол эле институтта лаборантка болуп иштөөчү). Мекемеде график деген болот, уулум, алдын-ала түзүлгөн. Ошо боюнча отпуска берилет. Азырынча ал түзүлө элек. Биз барбасак да энең, сөзсүз, барат сени ала барат», – деп анын үмүтүн үзүшкөн эмес.

Жайлоо жөнүндө сөз болгондо небереси менен кошо Жаркынай өзү да кийинчерээк, эмнегедир, толкундай түшчү болду. Көптөн бери жолугуша элек кишиси менен кездеше тургансып, ашыгып, шашып калып жатты.

Жаркынай өз баласы да билбеген 11-июнду болжолдоп жүрдү. Акыры небересин алып баруу керектиги чечилген соң ошол күндү, кырк жылга жакын убактан бери жыл сайын бир жолу эсине түшүп, бир топ күнгө чейин бүткөн боюн шалдыратып, алдан тайгызып, көңүлүн эңшерип, сүйгөн жары менен жаңы гана коштошуп кала бергендей жалгызсыратып таштачу учур менен аргасыздан беттешүүгө бел байлады...

...Ошентип, небере менен чоң эне күткөн күн да келди! Жыл бою жайлоону сөз кыла берип, өзү менен кошо энесин да дегдетип таштаган Азиз, бирок тигинин жүрөгүн өйүгөн кусалыкты сезген жок. Кичинекей алакандарын шакылдата чапкылап «Ура-а. Ур-а-а!» дегенден башкага жарабады энеси: «Камын, эртең жөнөйбүз айылга, андан ары жайлоого», – деп билдиргенде.

Жаркынай небереси менен айылга 8-июнь күнү келишти. Эки-үч күн инисиникинде болуп, өзү болжолдогон күнү жайлоого бармак. Жайында аякка каттаган машиналар көп болорун билчү. Малчыларга азык-түлүк, койлорго туз, жакага сүт, кымыз ташышат. Ошолордун бири менен жетип алат да. Аердегилердин дээрлик баары: мейли үй кайтарганы, мейли койчулары, мейли жылкычылары болсун, аны таанышат. Анткени айылдаштары да.

Жаркынайдын согушка кетип, келбей калган күйөөсү да ушу өзүнүн айлынан эле. Бул бир колхоздо бириккен эки айыл качан казылганын биердегилердин эч кимиси билбеген чоң арыктын эки жагынан орун алган эле. Бу эки айылдын бирге ойноп, бирге өскөн, мектепте да чогуу окуган балдары жана кыздары: «Медеттер, Жаркынайлар болгондо «Арыктын астындагы айылдан», «Арыктын үстүндөгү айылдан», – деп гана бөлүп сүйлөшчү керегинде.

Шаардык болуп кеткенден бери Жаркынай айылына келгени менен, айылдагылар көп барышчу болгон алардыкына. Кыздарын, балдарын окуу жайына өздөрү келип өткөрүү адатка айлангандан бери, белек-бечкегин куржунга, же чемоданга салышкан ата-энелерден жыл сайын келишет. Тыяктан чыкканда эле «Жаркынай бар эмеспи аерде» – дешип, анын ак көңүлдүгүн билген алар ошерден эле ушунун үйүн болжолдоп жөнөшчү. Июль, август айларында самсып келчү ата-энелерден шаардын мейманканаларынан орун тийбесин билип алышкандан кийин алар бир жолу Жаркынайдын үйүн конок үйүнө айландырып алышкан. Канча күн турушса да кабак-кашым дебестен (уулу менен келини күңкүлдөшсө: «Антпегиле, уят болот, үйгө коноктордун келип турганы жакшы; өзү менен алар ырыс-кешигин кошо ала келишет», – деп калчу) тапканын эртели-кеч алдыларына коюп коноктоочу. Сыйынан ошентип жазбаган Жаркынайды кайтып кетээринде ар кимиси чын ыкластан айылга чакырышчу. «Быйыл барганыңызда меникинен чай ичпесеңиз, экинчи үйүңүзгө кирбейм. Таарынам. Учурашпай коём» – деген сыяктуу сөздөрдү айтышчу. Алардын эч кимисин ичинен карыз деп эсептебеген Жаркынай адатынча күлүмсүрөп туруп гана: «Барганда көрөрбүз. Ыракмат» – деп гана узатып коё турган. Келип-кеткендердин ичинде малчылары да бар эле. Небереси: «Жайлоого алып барасың» – деп кадаланган сайын алар да эске түшпөй койгон жок. Жайлоого барса, айылдын четинен чыгат аны кучагын жая тосуп алчулар. Бирок ал эки ата өтүшкөн тууганынын койчу баласы кылый көз Табылдыны болжоп чыкты үйүнөн.

...Жаркынай топурап келген коңшулары менен учурашып, бажырашып аркы-беркини сүйлөшүп отуруп, өзүнө аталып союлган козунун эти бышып калганын да сезбеди. Мында келгенине бир саат болбой жатып, өзүнө а дегенде таңыркай тиктешкен айыл балдары менен таанышып, анан табышып алган небереси ысык боорсоктон эки чеңгелине мыкчый кармаган бойдон ойноп кеткен эле, чарчаганбы, жайлоонун таза абасы көшүлттүбү, күн батары менен уйкуга кетти.

...Сыртка Жаркынай чыкканда ай береги маңдайдагы кырка тоодон өйдө көтөрүлүп калган экен. Ээрчий баскан инисинин келинчегине: «Сен жайыңы ырастай бер. Мен бир аз басып келемин», – деди да жалгыздап кетти.

Медет экөө баш кошкон журтка барды. Аерге эч ким конбой калган, анткени андагы булактан суу чыкпайт азыр. Жалпак таш бар болчу. Ошону издеди. Булактын көзүнө жакын жерде эле, көп убараланбай таап алды аны. Ордунда жатыптыр. Болгондо тегерегин чөп басып, жерге чөккөнгө агарып эки алакандай гана жери көрүнөт. Ага бут койбостон карап туруп калды. Эңкейип тиктеди. Издери жаткансып, ошону издеди үңүлө карап. Көрүнгөн жок эч кандай из. Таш тимирейет...

Бул ташты Медет өзү мал башын салып, же тепсеп булгабасын деп үстү арча бутактары менен жабылган булак көзүндөгү таштардын арасынан тандап ушерге көтөрүп келип койгон. Буларга нике кыйылган алгачкы түндө алып келип койгон. Ошонун үстүндө отуруп, а дегенде өзү жуунган береги булак суусунан жез кумганга куюп келип. Бир жагынан муздак, бир жагынан кандайдыр бир от ич жагынан бүткүл боюн жандырып чыгып келаткандай алоолонгон денесин жууркан ичине кийирип жатып, келиндикти мойнуна ала мемиреген колуктусунун оттой ысык бетине өзүнүн муздак эриндерин тийгизе жыттап өпкөн соң энтигип шыбыраган: «Мен жуунуп келдим. Эми бар. Жез кумганда суу толо. Анын жанында жалпак таш бар. Ошонун үстүнө отуруп жуун». Күйөөсүнүн бу сөзүнөн уялып кеткен Жаркынай «булт» этип төшөк ичине качып

кеткен бойдон лаззатка мас болгон күйөөсүнүн бышылдап уктап киргенине көзү жеткенде гана жууркан этегинен акырын жылып чыгат. Медет айткан жерде жуунат. Ай тоо артынан тыктанып калган экен. Айыл жымжырт. Төбөсүнөн денесин жайпап, бут башына жылжыган ошондо булак суусунун жумшактыгы, тоо желинин алиги суу тамчыларын кургаткысы келгенсип сылап турганы, алыстан-алыстан ушул таш үстүнө коюлган мрамор эстеликтей аппак денени көрүп, ошого таңшып киргендей күкүк «көрүп койдук, көрүп койдук» – деп, тамашакөй теңтуштардай жымыңдашкан көк төшүндөгү жылдыздар, койчу ошол минуталарда көзгө урунуп, денеге сезилгендердин баары Жаркынайды кырк жылга жакын убактан бери коштой жүрчү. Ошол түн менен бүгүн ал дагы кездешти. Таш үстүнө чыгып отура кетти...

«Жанагы ташты эмнеге койдуңуз, жумшак шибер турса?» – деп эми күйөөсүнүн ысык көкүрөгүнө өзүнүн муздак бетин коё эркелегиси келген жарынын акырын узаткан суроосуна Медет ошондо минтип жооп берген. «Экөөбүздүн аруу сүйүүбүзгө, биринчи түнүбүзгө күбө болсун, эстелик болсун деп атайлап койдум аны. Дагы канча жолу ошол таштын үстүндө жуунаар экенбиз? Ушуну унутпа, Жаркыным!» – деген, жакын арада аны менен коштошорун алдын ала сезгендей.

Ошол таштын үстүндө отурду Жаркынай. Жайлоонун кучагында, жаңы эле чыккан айдын шооласына киринип отурду...

Бүгүн да июнь айынын 11-түнү эле...

1974

## БИЗДИН ЭНЕБИЗ

«Сарт эне» – деп биздин атабыз, энебиз айтышчу. Аларды ээрчип, биз да аны «сарт эне» – деп калганбыз.

Биздин эл эзелтен эле өзбектер менен иргелеш жашап келатыптыр. Ошондуктан болуу керек: алар менен карым-катнаш, алака алиге чейин калың. Алым-берим

мезгил өткөн сайын азайбастан, тескерисинче арбып келаткансыйт. Илгертен эле эл менен элди жакын кылган баарынан мурда кыз дешет го. «Алысты жакын кылган – кыз, ачууну таттуу кылган – туз» деген акылман сөз да ошондон келип чыккан окшобойбу.

Сарт энебиз өзбек экен. Биз бала кезде аларды, эмнегедир, «сарт» дешип коюша турган. Ошондон улам келин-кесек тергеп, аларды ээрчип бала-бакыра да «сарт эне» дешип калган тура. Кийин ал анын кыргыздарга келин болуп келгенден кийинки экинчи аты катарында айтылып кала бериптир. Бул чакан кыштактагылардан бизге туугандыгы жоктор деле биздикилерди ээрчип, аны «сарт эне» дешчү.

Ошондуктанбы, биздин андагы түшүнүгүбүз боюнча «сарт энебиз» ушул айылдагы биз көрүп, биз билип жүргөндөрдүн баарын төрөп-өстүргөн Умай энедей туюлар эле. Жанагы «сарт эне» деген «Чоң эне» же «Улуу эне» дегендей угулчу. Анткени андан картаң адамды ал аймактан биз көргөн эмеспиз. Биздин бутубуз жетип, көзүбүз көргөндөрдүн ичинде андан аксакалы жок болчу. Ата-энебиз менен кээде той, ашка деп алыс-алыс айылдарга деле барып жүрчүбүз да, бирок сарт энебиздей картаңды жолуктурчу эмеспиз. Ошердегилер деле биздин «сарт энебизден» тарагандай сезилип кетер эле.

Сарт энебиз – чоң атабыздын атасынын зайыбы экен. Биз а кишиге эбиреби, кебире болот экенбиз. Сүрүштүрүп жатышып, биздин ата-энелер жаңылышып да кетише турган. «Иши кылып ушу кемпирдин зилиятынансыңар» деп гана кыскарта чабышчу андайда. Келин-кесек тамашалашып жашын сурашса: «Кудайдын өзүнүн эсинде болбосо, мен унутуп калдым» – дечү кырылдаган алсыз үнү менен тигилердин тамашасына – тамаша менен жооп берүүгө аракеттенген энебиз. Жарыктык чын эле жашын билбей калыптыр. Биздин ата-энелерибиздин айтуусуна караганда жүздүн ары-берисинде.

Биз эс тарткан кезде а киши эки бүктөлүп калган экен. Жаш келин-кесектер ал басып бараткакда жонуна баласын

мингизе коюшчу. Бирөөнү да эмес, кээде экөөнү катарынан отургуза коюшуп, сандарын чапкылай кыраан-каткырып күлүп алыша турган. Бала эмес жонуна суусу толо аякты коюп койсо деле чайпалбай кете бергидей. Ошончолук эңкейип калган эле. Эгер колунда жоон аса таягы болбосо, ошол калыбында ээги менен жер сайып жыгылчудай көрүнчү бизге. Беттин, алкымдын, колдорунун бырыш-тырыш терисинен ичиндеги суюктугу түгөнүп бараткан түтүкчөлөрдөй ичкерип калган кан тамырлары кыйма-чийме болуп билинип турчу. Каш-кирпигине чейин агарып кеткен. Баарынан да бизди, балдарды кызыктырып, нары таң калтырган нерсе а кишинин колдору титиреп, башы калчылдаганы эле. Тамакты өзү жеп-иче алчу эмес. Кимдин үйүндө жүрсө (А кишиден тарагандар он чакты үй-бүлө экен) ошолор өздөрү жанында отуруп, үч маал жедирип-ичириши керек. Биздикине кезек келгенде да ошентчүбүз. А дегенде апабыз, атабыз а кишинин кашына тизелей отура калышып, табактагы, же чынысдагы тамакты жедирип, же ичирип жүрүштү. Бара-бара энебизди биз, балдар, тамактандыра турган болдук. Кесеге аш келгенде (көбүнчө а кишиге суюк тамак даярдашчу да) бирибиз артына өтө калып башынан, дагы бирибиз колдорунан кармай, үчүнчүбүз анын ар убак биригип турчу шиш тизелерине кесени коё калчубуз. Анан ошонубуз кашык менен ичире баштачу элек. Көп ууртатып жиберип какалтып-чакалтып алган учурларыбыз да болчу. Бирок а кишиге пайдабыз тийгенге кубанып калар элек. Чоңдор башын, колдорун кармап тамактандырып жатканда далай жолу а кишинин бу абалына таңыркай тиктеп отурганбыз да. Биз үчүн тамаша, оюн эле анысы. Аяганды, боору ооруганды билбесек керек анда. Кийин өзүбүз а кишиге жардам берүүгө жараган кезде деле ал ишибизге оюн катары мамиле кылып жүрдүк.

Сарт энебиз кээде бизге так ушул абалында жаралгандай да туюлуп кетер эле. Анын эч качан башкалардыкындай солкулдаган жаштыгы, башкалардын сугун арттырган чырайы, күндөп-түндөп казан-аяк кармап, иш кыл-а да

чарчап-арыбаган күч-кубаты, бала төрөп, бала баккан, бешик терметип түн күзөткөн энелик доору болбогон сыяктанып кетер эле. Басса-турса ээрчип, колу-башын калтаңдата төгүп-чачып тамак жегенин карап, башкалардыкына түк окшобогон бу кебетесине күлүп, шылдыңдап жүрүшсүн үчүн гана аны кудай атайлап жаратып койгондой мамиле кылчубуз.

Көрсө, андай эмес экен. Чоң атабыздын атасы ага ашык болуп калып, анысын жашырбастан жакын туугандары аркылуу атасына айттырып жатып, араң үйлөнгөн экен. Сарт энебиздин атасы чоң атабыздын атасынын кыйышпас досторунан-ашыналарынан тура. Базарга барган сайын ал атын ошонукуна байлап, ошонукунан көк чай ичип, жумушу бүткөн соң ошонукунан аттанып кетчү экен да. Алар да кыргыз достору жайлоого чыккан маалда, быяктын аптабы мээни кайната баштаган кезде, ага чыдай алышпастан бала-бакырасы менен барышып апталап сейилдеп, өздөрү айткандай «салкындап» келишчү экен да. Өзбек ашыналары жайлоого эшектерине мөмө-чөмө артына барышкандыктан биздин чоң аталарыбыздын үйү үч-төрт күнгө чейин андайда коон, дарбыз, шабдаалы, жүзүм жытына толуп, башка үйдөгүлөрдүн шилекейин чуурутчу экен. Ал эми кыргыз достору жакада аңыз ачылып көчүп келишкенде өзбек ашыналарынын ал-ахвалынан кабар алышканы сары май, сүзмө, курут, быштак артынып барышкандыктан, тигилердин үйү бир нече күнгө чейин чанач, кымыз жыттанып турчу экен.

Ошентип, ансыз деле карым-катнаш калың болуп турган кезде чоң атабыздын атасы (анда жыйырмага караган курагы экен) аны дагы бекемдөөгө, андан ары чыңдоого себепчи болгон тура.

Чоң атабыздын атасы баласынын оюн билдиргени өзбек досуна барбайбы. «Каримжан ашына,– дептир бир аз ойлонуп отурган соң жай гана, экөөбүз ансыз деле дос элек. А дегенде аталарыбыз достошуп, алардан экөөбүзгө өткөн эле. Бала кезден сен эшекке, мен атка учкашып, аталарыбыз менен ары-бери келип-кетип жүрүп достош-

тук эле. Эми бизди бир тууган кыла турган дагы бир иш чыгып атат, Каримжан. Менин уулум Бектурду билесиң. Биерге да көп келген кичинесинде базарга мал айдашып. Силер аякка барганда да а дегенде эшегиңерди алып, колуңарга суу куюп, үйгө киргизген да ошол тун уулубуз эмеспи. Эсиңдедир. Оозуңа сала берген белем жараткан: ушу балаң мага жагып калды; кыздарымын бирин берсемби, качан келсем алдыман тосуп чыгып, алик алган ушул балаң» – деп бир жолу айткан да экенсиң. Менин эсимде жок, өзүнүн эсинде жүрүптүр. Каримжан абам унутуп калбаса, берген убадасы да бар дептир мага орточу салган кишисине. Кыскасы, куда түшкөнү келип отурам бу жолу, Каримжан. Бектурума кызыңы сурап келип отурам. Буга маакул десең, мындан ары кудайлашкан куда болуп калабыз. Бир тууган болуп калабыз. Бар быдырым калбаса да мейли, беремин: айта бер оозуңа батканын. Тун уулуман, тун келинимен аяй турган эч нерсем жок. Орточу салбай өзүм келдим. Сага өзүмдөй ишенгендиктен ушинтип өзүм келип отурам».

Каримжан шар киши экен. Ар кандай ишти ачык айтып, ачык сүйлөшкөндү жактырган адам экен. Сөз ээрчитип маалкатканды жактырбаган мүнөзүн да биздин чоң аталар билишсе керек да. «Бар» же «жок» деп кесе айтканды жакшы көргөн Каримжан бул жолу да ал шардыгын карматыптыр.

«Сураганыңыз эле Айсарабы? Бердим. Алып бериңиз уулуңузга. Менин да эсимде жок экен жанагинтип айтканым. Анын эсинде жүрсө, демек, айтканым ырас. Жараткандын демек оозума сала бергени да ырас. Лабизден кайтууга болбойт, – деп нарыда очок жанында күймөнүп жүргөн кемпирин чакырат да, бетине бата тартып жиберет. Анан минтип кошумчалаптыр: «Камына бериңиз Жуман ака, тойго.» Чоң атабыздын атасы эки колун бооруна ала коюп: «Ыракмат, Каримжан! Сенин шардыгыңа ишендим эле, мени умсунтпадың. Бирок, айт аларыңы. Калыңды бычып коёлу. Биздин кыргыздардын салты боюнча атайын кишилер келип, кесим-бычымын бүткөрүш керек эле, ал

кааданы бузуп өзүм эле келе бердим дебедимби. Ортого адам салгыдай жат-жалаң эмеспиз да. Кадича (Каримжандын зайыбы) экөөңөрдү сыйлагандан, силердин адамгерчилигиңерге ишенгенден өзүм келе бердим алдыңарга. Жок дебесең да, маакул десеңер да а дегенде өзүм угуп сүйүнүп, же күйүнүп тим болоюн деген элем. Бали, Каримжан, адамгерчилигиңе!» – дей бериптир чоң атабыздын атасы кубанганынан башка сөз таппай.

Ашынасынын жетине албай жатканын албырып чыккан ак саргыл өңүнөн көрүп турган Каримжан да толкундап кеткен го. «Нимеге жок дейм? Силерди жакшы билсек, балаңарды жакшы билсек. Алма сабагынан алыс түшпөйт деген кыргыз туугандардын макалы туура. Ата-эне жакшыбы, перзенттери да жакшы. Көрүп келатабыз. Камына бериңиз, Жуман ака, куда кааласа, күздө балдарыбызды баш коштурабыз. Өзүбүздүн өзбектерден да келип жүрүшкөндөр көп эле. Аларга айткан шылтоом эле – али кызыбыз жаш деп койчумун. Чынын айтсам, ал адамдардын өзү көңүлүмө, эмнегедир жакпаган. Мына сизге, сиздин балаңызга буюрганын, ошондуктан башкаларга болбой жүргөнүмү бүгүн, азыр түшүнүп отурам. Тагдырдын буюрганы болот деген ушу экен да. Оомийин!» деп дагы бир жолу бетине бата тарта буурул тартып калган сакалын сылаган калыбында ордунан тура келген Каримжанды кучактай калып, чоң атабыздын атасы дагы жалынып жиберет экен: «Ой мусурман, калыңды айт, дебедимби. Бир жолу көңүлдү жамдап кетейин, Каримжан. Айт, оозуңа батышынча айта бер, өзүмүн дүнүйөм жетпесе, туугандарымкы бар. Силер Айсарадай кызыңарды аябаганда, мен силерден мал аямак белем, айта бер, уялбай. Анан биротоло бата кылабыз деп аптыгат экен. «Эмне деп атасыз, Жуман аке? Калың алгыдай мен кыргыз белем? Ата-бабаңыздан бери ашына болуп жүрсөк да өзбек туугандарыңыздын салтын билбейт турбайсызбы ушул убакка чейин. Тамаша кылып атат десе, чындап эле сурап аткан турбайсызбы. Биздин расмини билбегениңизди караңыз а-а. Кайра үстөк беребиз кызыбыздын үстүнө биз, өзбектер. Үстөк бергенибиз ушу:

көрпө-төшөгүн өзүбүз жасайбыз. Кийим-кечесин өзүбүз даярдайбыз. Тоюн да өзүбүз кылып беребиз жамаатыбыздагыларга. Үстөк берет бекенбиз, Жуман ака? Мына ушундай биздин ирасми, билбесеңиз. Сарпайын жакшылап камдасаңыз болду», – деп анан жонун таптап күлөт да – эмне дээрин билбей туруп калган ашынасынын көңүлүн көтөрүш үчүн дагы минтиптир: «Менин бирин-экин малым сиздин мал менен эмеспи канча жылдан бери. Ошолорду өлтүрбөй-житирбей ити-кушка жедирбей багып турсаңыз бизге жыл сайын берчү калыңыңыз ошо. «Ал достугубуз үчүн, Каримжан. Кудалашпастан мурун деле андай болуп келген, мындан ары деле ошондой боло берет. Мен алардын оозуна чөп жулуп салбайм. Алар өз буттары менен басып, өз ооздору менен опочу мал деген болот. Биздин мал кайда жүрсө кошо жүрө берчү макулук. Кыргыздын эмнеси көп, тоо-ташы көп, демек жайлоосу көп. Алар үчүн мен да, менин атам да силерден эч качан акы доолаган эмес, доолабайбыз да. Бирок жанагы ирасмиңизге мен макул боло албайм. Мен кыргызмын: өзүмдүн элимин салтын кылышым керек. Анда мен өзүм айтайын: биздеги малыңарга бүгүндөн баштап, бир ат кошулат – ал сеники, бир уй кошулат – ал Кадичаныкы. Быяктагы тоюңардын да союшун мен берем. Күрүч, сабиз, пиязына чейин берем. Сарпай өзүнчө. Кана эми кайрадан бата кылалы» – деп андан кийин чоң атабыздын атасы отура калып, бетине бата тартыптыр.

Ушулардын баарын жана кыргыздарга келин болуунун толуп жаткан башка салт-каадасын, өзбектердикинен кандай өзгөчөлүктөрү бар экенин, кантип тилди үйрөнгөнүн, кайната, кайнене, кала берсе кайнилерге, кайын-сиңдилерге чейин мында башкача мамиле болгонун, аларды өздөштүргүчө кандай кыйналганын, төшөккө жаткандан кийин түндүн бир оокумуна чейин андай өзгөчөлүктөрдү күйөөсү, биздин чоң атабыздын атасы айтып берип үйрөткөнүн «сарт энебиз» колдорун калтыратып, башын тынымсыз термелтип отуруп кызыксына сураган бизге тажабастан айтып берер эле. Бизден мурункуларга да далай

жолу айтып берип биротоло жат болуп калган белем, мүдүрүлчү эмес. Акырын, күч менен айтса да ыраатын бузчу эмес. Көздөрүбүз, кулактарыбыз али курч биз, а кишинин мышыктыкындай кырылдап тээ көмөкөйдөн араң чыкчу сөзүн эптеп укчубуз, эптеп түшүнчүбүз. Бизге таржымалын айтып берүү менен жаш кезин эске түшүрүү анын өзү үчүн да жагымдуу нерсе экенин биз кайдан билели анда. Кыйначубуз да аны калтыраган колдорунан, калтаңдаган башынан кармап туруп алып: али тигини, али муну айтып бериңиз деп. Жомоктору түгөнүп калат белем, анан өзүнүн башынан өткөндөрдү айтып кирер эле жанагинтип. Кызык да, кайгылуу да болчу а кишинин айткандары. Алиги тынымсыз калтыраган колдору тизесинде кезектешип жаткан биздин башыбызды «сылагылап», чачыбызды «уйпалап» киргенде, алардын тери менен гана сөөктөн турганын да унутуп калар элек. Ушунчалык жумшак, ушунчалык жагымдуу сезилчү анын колдору. Кээде уктап кетчүбүз тизесине башыбызды койгон бойдон. Уктап кеткенибиздин башынан абайлап кармаган бойдон нарыга жаткырып коюп, кезек күтүп турганыбыздын башын тизесине коёр эле. Башыбыздан «сылап», чачыбыздан «уйпалагандан» сарт энебиздин колдору талучу эмес да. Дайыма кыймылдап турат дебедикпи. Аларын башыбызга алып барып койсо болгону, андан ары өздөрү эле уктап калганга чейин бир тыным албастан «сылагылай» берчү. Өз энебизге антип эркелесек андан кийин эле: «Болдучу, колум ооруп кетти» – деп башыбыздан түртө тургузуп жибере турган да. Сарт энебиз антчү эмес. Ошондуктан а кишинин арык тизелерин талашчубуз. Тамактандырганда да талашчубуз энебизди. Жаш балача мойнуна боркок илип, алиги кырчыйган тизелерин да жоолук менен ороп таштап, анан гана колдорун, башын кармап кирчүбүз. Антпесек идиштеги тамак чайпалса, баарын булгап албайбы. Канчалык бекем кармасак деле кээде ээгине, андан барып тизелерине аштан таамп кетчү. Ошондуктан алиги боркокту тагып, тизелерин да жаап коюп атпайбызбы...

Сарт энебиз күйөөсү менен узак деле жашабаптыр. Бир уул, эки кыздуу болгондо андан ажыраптыр. Ачарчылык болуп, анысы аз келгенсип, элди кара тумоо каптап, ошондо жесир калган экен бу киши да. Эмне шыпаа болгонун билбейт, ал улуу тумоодон аман калгандардын катарында бу да айыгып кетиптир. Жаздыктан баш көтөрүп эсине келген соң гана эринин өлгөнүн билиптир. Эптеп сооротушат. Башына алып барышат. Эл жаткан соң уурданып эки чакырымча жердеги көрүстөнгө дагы барат экен. Эртеси билишип барышса, мүрзөнү кучактап жаткан болот. Анын денесинен аккан терге бейит жамгыр жаагандай карарып кеткен имиш. Ошондон кийин дагы үч айдан ашык төшөктөн турбай калган экен. Айыкканда ушинтип, башы калчылдап, колдору калтырап калган тура. Бирок, эс-акылына доо кетпептир. Баягы жалгыз уул, эки кызы да азыр жок экен. Көздөрү өтүп кетиптир. Алардан тарагандар бул айылдагылардын чоң тобу. Өзү жанагинтип, бирөөлөрдүн жардамысыз тамак-аш жей албай калгандыктан тиги өзбек кыштагындагы ага-туугандары аны алып кетишкен тура. Ошол жактан келип жүрөт экен.

Баарыбыздын атыбыз а киши үчүн эки гана сөз менен айтылат: «Уулум», же «кызым». Ушул эки сөз менен гана кайрылат баарыбызга. Аттарыбызды угаары менен эле кайра унутуп коёт экен. «Уулум, бери келчи, бетинен өөп коёюн». «Кызым, бери келчи, маңдайынан өөп коёюн», – деп калтырап-титиреген арык колдорун узатып анан, эмнегедир, ар убак муздак жүрчү жука эриндерин былбыратып, бетибизге, же маңдайыбызга тийгизээр эле.

А киши келгенде биердегилер үймө-үй кыдыртып, төбөлөрүнө көтөрүшчү. Анын мындагыларга кадыр-баркын ушундан билчүбүз. Чоңдордун ушундай мамилесинен улам ага биздин ыкласыбыз арткан. Анын үстүнө сарт энебиз төркүнүнөн бизге, сөзсүз, бир нерсе ала келчү. Биздин эмнеге үзүлүп түшөрүбүздү жакшы билет да. Мөмө-чөмөгө. Карылыгына карабастан а кишинин куру кол келгенин такыр билбейбиз. Калтага, же себетке мөмө-чөмөсүн салып жонуна көтөрүп келер эле. Анысына чейин сурачыбыз да.

Калтаңдаган башы титиреген колдору менен эч нерсеге жараксыз деп ойлогон биз жанагыдай жүк менен алда кайдан жөө келгенине да таңданчубуз.

Сарт энебиз дайым жөө жүрүп келатыптыр. Бели жанагинтип бүктөлүп, «көкүрөгү кирилдеп, көздөрү ириңдеп» дегендей таяксыз баса албай калгандан кийин деле эч кандай унаа минбептир. «Келин болуп келгенде чүмбөттүү араба менен жеткиришкени болбосо, андан мурда, андан кийин деле же арабага түшүп, же атка минген жан эмесмин», – дечү а киши. Ата-бабаларынан бери жерден көк чымырагандан тартып, жаканын эгини жыйылып, түздөрү сары аңызга айланганга чейин малынын жайын ойлоп, жайыттан жайыт которуп көчүп жүрчү элдин келини болгондогу анын эсинен ушул убакка чейин чыкпай жүргөн бир машакат – ошол көчкөн болуптур. Ошондо да айылдын андайда шарактаган кыз-келиндерине кошулуп, жасалгалуу ат минбептир, бешик өңөрбөптүр; бирок төө жетелептир. Таңга маал жүк артылып, анан чубалжып жөнөгөн көч жолдо бир түнөө менен эртеси кечке жуук араң жетчү өр, кыя жолдуу жайлоого да жөө барчу экен. Жүктүү төөнү жетелеп, ошончо жерге жөө басчу экен жарыктык. Анын көңүлү деп, күйөөсү да атынын тизгинин ээрдин кашына арта таштап коюп, кыл чылбырдын учунан коомай кармаган калыбында аны жандап жөө басчу экен. Мунусун эрөөн көргөн айылдын тили узун келин-кесеги: «кыргыз кыздарынын тукуму куруп калгансып, кайдагы сартты алып, карасаң тиги байкуштун бөжүрөгөнүн. Жүрөгү түшүп кетсе деле атка мингизип койбойбу тигинисин. Уялбастан өзүнүн жөө басканын кара буту күйгөн тооктой кыбыраган катынына кошулуп. Желенин жанына барбаса, кой, эчки сааганды билбесе, элдин катынычылап тезек терип, отун алганды билбесе, анын эмнесине алып жүрөт? Чырайын эмне, чылап ичмек беле» — деп сарт энебиздин бу тегеректе жок сулуулугун көрө албагандар, ага тымызын ичи тарыгандар, айрыкча сыртынан анын күйөөсүн жактырып, өздөрүнө ыраа көрүп, бирок ал купуя тилектери ишке ашпай калган соң мурдагы сүйүү сезими

эми жек көрүү сезими менен алмашып кеткендер угузуп да, угузбай да күңкүлдөшүп, наалый беришет тура. Бирок биздин чоң атабыздын атасы андайлардан сөз жечү эмес экен. «Бээ сааганды деле, кой-эчки сааганды деле үйрөнүп алса болот. Бирок мен өзүм каалабайм аны. Анткени жарымы кый жыттанткым, чанач жыттанткым келбейт. Башкача айтканда, силерге окшоткум келбейт. Менин жарыма жандашсаңар гүл жыттанат. Мурдуңар иштейби? Гүл жыттанат. Силер көң жыттанасыңар» — деп теңтуш жеңелерин ал кайра кемсинтип таштачу экен. Анысын сарт энебиз чыканактай тулкун «бүлк-бүлк» эттире алсыз күлүп отуруп, кээде эскерип калар эле.

Чынында эле сарт энебиз сулуу, нары таза-табгир болгон экен. Өзүнүн үстүнөн да, күйөөсүнүн үстүнөн да бир жерин кир чалган кийимди көрүшпөптүр. Жаш балалуу башка үйгө киришкенде заара жыттанса, биздин сарт энебиздикинен күйөөсү айткандай эле гүл жыттанып турчу экен. Көрсө, дайыма өзү да, кийин балалуу болгондон кийин аларын да күнүнө эки-үч маалдап жуунтуп жүрөт тура. Кан базардын босогосунда ата-бабасынан бери жашап келаткан немелер андай нерселерди элеттиктерге караганда жакшы билери шексиз да. Дүйүм дүнүйөгө толуп турчу базардан, албетте, издеген буюмдар табылчу. Наристе кезинен андай пакизеликке көнгөн Айсара апта сайын атайын аттанып-тондонуп дегендей кем-каржысын ошол базардан гана бүтөрүп көнгөн кыргыз күйөөсүнө алиги атыр самынды зыноорлоону да унутчу эмес экен. Башка керектүү нерсе эсинен кээде чыгып кетсе да, таза жуунуп-чайынып жүргөнгө тиешелүү самын, бет май, упа, атыр өңдүү нерселерди эч эсинен чыгарбаганын сөз кезеги келгенде бизге деле энебиз айта жүрчү. Айрыкча анысын оркойгон арык тизелерин бизден талашып башын коё калган кыздарга акыл-кеңеш катарында эскергенин угаар элек. Алардын чачынан айрандын жыты мурдуна урганда ошенткен көрүнөт. «Айран ичкенге жакшы, кызым. Анан анда-санда чачтын кебегин кетириш үчүн жууганга да жарайт. Ошондо да артынан самын менен жууп коюш

керек. Кыз баланын башы айран жыттанып жүрсө, уят. Базарда атыр самын деген болот. Кымбатыраак, бирок ошо пулуна жараша ырахаты да бар. Атаңа айт, базарга жөнөгөндө. Кийин келин болгонуңарда да уялбастан күйөөңөргө айтып, ошондой самын алдырып, жуунуп жүргүлө. Упа менен атырдын да жакшысынан пайдаланыш керек. Ургаачынын экинчи көркү ошондо» — деген өңдүү сөздөрүн угуп калчубуз кенет-кенет.

Сарт энебиз андай тазалыкка жаш кезинен үйрөтүлүптүр. Өздөрү намазгөй ата-эне балдарынын баарын, ошонун ичинде муну да тогуз жашынан тартып, беш маалдап даарат алууга, беш убак жайнамазга бут коюуга көндүрүшкөн экен. Чоң атабыздын атасы да ушу кишинин таасири менен сопулукка өткөн дешет. Арак эмес, бозо да оозуна албаптыр. Айылдын айрым катындары да сарт энебиздин үлгүсү менен орозо тутуп, намаз окууну үйрөнүшкөн экен. Ошондуктан сарт энебиздин экинчи аты – Атин эле. Аялдардан чыккан молдону ошентип атаашарын кийин билдик.

Биз эки жаагына акырын эки алаканыбызды коюп, калчылдап турган башын токтотуп, дагы экөөбүз диртилдеп турган эки колунан кармай, дагы бирибиз тизесине коюлган идиштен тамак ичирип, же жедирип жүрчү кезде деле а киши намаз окучу. Убагы келери менен жылуу суусу бар кара кумганды (энебиз кайсы үйдө жүрбөсүн, ичинде суусу бар кумган күндүз деле, түндө деле очоктон бери түшчү эмес) таяктан бош колу менен шылкылдата көтөрүп алып, далдаага жөнөчү.

Сарт энебиз быяктагы урпактарын сагынганда эле жөөжалаң жанагинтип белек-бечкегин көтөрүнүп келип калат экен да. Улуулардын айтуусуна караганда мурда алигидей мөмө-чөмөсүн көтөрүнүп ал киши тиги улуу жайлоого чейин жөөлөп барып калчу экен. Айран, сүткө, кымызга кынуу таап калган ал кээ жылдары эл жазгы журтка чыгаары менен келип, алар улуу жайлоодон кайткыча көчүп-конуп жүрө берчү экен. Биздин тушубузда жакага араң жетип келчү болуптур. Көбүнчө күздө, эгин-тегин жыйналып, аңыз ачылганда, биздин ата-энелер жакага

көчүп келип отурганда келчү. Кечиге берсе, быяктагылар атайын киши жиберише турган. «Кабар алчы, кечигип атат го сарт энебиз, ооруп-нетип калбады бекен» – дешип чоочулагандарын да укканбыз. Ал келсе өзү менен кут-берекени кошо ала келчүдөй убактысы жеткенде кадимкидей жол карап калышаар эле. Биз, балдар, ого бетер. Биздин жол караганыбыздын себеби белгилүү да: анын желкесине көтөрүп келчү мөмө-чөмөсү, анан такыр тынбастан-чарчабастан башыбыздан «сылап-сыйпаганы». Сарт энебиз ошол бойдон боз кыроодо кетчү. «Мен эми сандалга барайын. Төркүнүмдөгүлөрдүн кимисиникине кирсең да мындан быякка сандалы бар. Колу-бутуңу кошо салып ысытканга ошо жакшы. Өлбөсөм, бохарда (сарт энебиз өзбек сөздөрүн аралаштырып сүйлөөр эле. Жаз дегенди айталбастан «бохар» деп атпайбы), же күздө дагы темселеп келип кетем» – деп анан аны жардана тиктеп, коштошуу жакындап калганынан жүрөгүбүздүн бир чети тызылдап турган ар бирибиздин башыбызды калтыраган колдору менен кармай берип, муздак эриндери менен маңдайыбыздан «чоп», «чоп» эттире өөп чыкчу.

Аны биз, балдар, кыздар көпкө чейин узатып барчубуз. Ийнинен тартып, таяктан бош колун кармаган калыбыбызда узатып жөнөчүбүз. Анын колуна, таягына жетпегендерибиз алдынан, артынан акмалап жүрүп отурар элек. Жонунда дагы көтөрүнчөгү бар. Эми быяктагылар берген курут, быштак, кургатылган эт. Аларды калтага салышып, өзүнүкүндөй кылып чапан өңүрүнө ороп, сыртынан белине кошо таңып коюшкан. Өзү да мөмө-чөмөнү ушинтип алып келчү да. Тыяктан да ушинтип таңып беришет экен да.

Кыштактын четине чыккандан кийин энебиз муздак эриндерин дагы бир сыйра маңдайыбызга кырылдап-шырылдап жатып тийгизип, андан ары бизди бастырчу эмес: «Быяк ээн. Кичинекей балдар жүрбөйт мындан ары».

Эки бүктөлүп, анда-санда бут коюп, өмүр жолунун акыркы аралыгын өлчөгөнсүп, бейкумар, беймаанай бараткан сарт энебиздин карааны көрүнбөй калганча алиги жерден кетпей карап тура берер элек. Ананчы. Андай эне бу айылдагылардын эч кайсы балдарында жок да. Биз

барып жүрчү коңшу айылдардан да көргөн эмеспиз, дедим го. Демек, андай эне бизде гана бар! Ошого сыймыктанып жүрбөйбүзбү. Ошондуктан андай энеден ажыроо, убактылуу болсо да, биз үчүн кыйынга турчу.

Биздин андагы баамыбызда сарт энебиз ошол абалында жердин түбүнө барчудай туюлар эле. Андан улам ага болгон биздеги аёо сезими ого бетер күчөп чыкчу. Артынан аяп карап турар элек. Кийин аталарыбыз менен базарга мал айдашып барууга жарап калганда көрсөк, а кишинин төркүнү беш-алты эле чакырым жерде экен.

А кишинин кетиши менен биз, балдар, колубуздагы оюнчугубузду тарттырып жибергенсип, сустая түшчүбүз. Башыбызды «сылагандан», чачыбызды «тарагандан» талбаган анын арык, бирок жагымдуу колдорун заматта эңсеп калар элек. Чапан өңүрүнө салып, балачасынан жонуна көтөрүп келчү мөмө-чөмөсүн сагынып кетер элек.

...А кишинин өлгөнүн укканда биздин көзүбүздөн жаш агызган ошол керемет жыттуу мөмө-чөмөсү, уктап калганыбызга чейин эрикпей-зерикпей, чарчабай-арыбай башыбыздан «сылап» отура берчү башка кемпирлердикине окшобогон колдору болду.

...Жүздөн ашкан сарт энебиз бышыкчылык маалында өлдү. Төркүнү менен биздин айылдын ортосунда, сексен жылдан ашык убактан бери ары-бери жөө каттаган жолунда өлүптүр. Белине белдемчи ордуна байлана жүрчү жайнамазын жайып таштап, анын бир четине бут коё намаз окуп жаткан учурунда көз жумуптур. «Башын сейдеге койгон бойдон, көтөрбөй калыптыр» – дешти тегирменден келаткан бирөө көргөн экен, ошонун кабары боюнча анын денесин биздин айылга алып келгендер.

Биздин эмки сүйүнгөнүбүз эки жактын тең көңүлүн калтырбас үчүн тирүүсүндө далбас уруп ары-бери жөө каттачу энебиздин сөөгү биздин жерде калганы болду. «Кайда жан берсе, ошо жердин топурагын жазданып жатышы керек. Буюрганы ошо» – деген молдолордун чечими биздин пайдабызга болуптур. Сарт энебиз биздин чек арага өтүп, анан жан берген тура.

...Алиге чейин биздин тукумдун чоң-кичинеси ал көрүстөнгө барганда өзүнө жакын кишисинен кийин сарт энебиздин жерге айланып бараткан чакан бейитинин жанына да барып чөгөлөй отура калып, куран билгени анын арбагына багыштап куран окуйт, куран билбегени ала барган гүлүнөн үч-төрт талды анын мүрзөсүнүн үстүнө да таштап коёт.

1974

## ЭСТЕБЕСОВ

Эстебесов Эргештин «атак-даңкынын» чыгышына башкы себеп – барган жеринде эт жебегендиги болуптур. Жол жүргөндө жип боосунан колуна чырмай кармап алчу, ат мингенде анын ээр кашына илип койчу эски кош кабат сумкасына (аны кайдан, качан алганын эч ким билчү эмес) нанына чейин салып алчу дешет мурунтан билгендер. Райондон районду кыдырып иштеп жүрүптүр. Мунусун да аны тааныгандар ошол эт жебестигине ыйгарышып, «эл башында тургандарды ак жолунан азгырган эзелтен эле тамак менен катын. Тамагын тыя албаса ал узабайт. Катынпоздук кылса андай чоңдун да бийлик өмүрү кыска» – дешип, Эстебесовдун ал жагын көптөр жактырып жүрүшөт. «Элдин акысын жебе. Жалган сүйлөбө. Бирөөнүн аркасынан кыянат айтпа. Бей-бечарага көз сал дейт тура өкмат. Эстебесов ошондойлордон экен. Актип дегендердин далайын көрбөдүкпү. Бербесек тартып алышты го. «Эбин тапкан эки ашайт» – болуп кымырып-кымтыгандарына эмне бересиң. Алиге чейин ошол «актиппиз» деп адырандаган айрымдарынын астындагы аты, эшигиндеги койэчкиси, а түгүл башындагы тебетейине чейин кимдики экенин билебиз. Эстебесов окшогондорго туш болбоптурбуз да ошондо» – дешип анын тээ алгачкы жылдардан бери эле айыл-кыштакка уполномочен болуп барчуда, канча күн жүрбөсүн иши бүткөн соң колхоздун, же сельсоветтин «контору» деп аталган жайда өзү жалгыз, жылаңач столдун үстүнө шинелин жая таштап, баягы сумкасын башына

жазданып жата берчү экен деп сөз кылышат эле билгендер. Эч кимдикинен чай иччү эмес экен. А кезде азыркыдай ар бир сельсоветте, же колхоздо ашкана жок акчасына сатып алып жеп-ичип кете бергидей. Ал эми Эстебесов канча күнгө командировкага барса, ошого жетерлик нанын алиги сумкасына салып алчу экен. Анысы катып калса, сууга жибитип отуруп жечү экен көргөн-билгендердин айтуусуна караганда.

Ак кишинин корккону – пара тура. Биреө бекер чай берсе – демек, пара бергени. Тоок сойсо да – паралаганы. Үйүнө акча төлөбөй түнөп кеттиби – параланганы. Мына ошондуктан ал бирөөнүкүнө жатпаптыр да, чакырган жерге барып тамак да ичпептир.

Бир жолу кышында чогулуш өткөргөн сельсоветтин конторасында темир меши да жок болгондуктан, Эстебесов анын төрагасынын үйүнө баруута мажбур болгон имиш. Жолмо-жол төрагага эскертип барыптыр: «Эт дегенди мага көрсөтпөйсүң. Бай-манаптардын тамагы ал. Жакшы жууркан жаппайсың, жаңы төшөк салбагын: ал да биз жок кылган кулактардын иши. Мен кедейдин тукумунан. Сен да кедейлигиңен азыр ушул даражага жетип отурасың. Жармаң барбы? Бар болуш керек, сөзсүз. Ошондон бир кесе бересиң. Эски төшөк салып, үстүмө да эски жууркан жабасың. Өзүңүн бала-чакаңан артышпаса, анын деле кереги жок. Үстүмдөгү шинелим жетет. Аскерден кийип келгениме жети жыл болду. Кышкысын сыртта жүргөндө ошол менин жууркан-төшөгүм. Бир өңүрүн жамбашыма төшөп, экинчи өңүрүн үстүмө жабамын. Ал жагынан кам санаба. Менин сеникинде түнөгөнүмү эч ким билүүгө тийиш эмес. Билдирсең чатагыңы чыгарам» – деп жатып барат экен.

Меймандын айтканындай эмес, үй ээсинин билгениндей болуш керек деп түшүнгөн төрага тоок союп, күлчатай жасатат экен. Эстебесов жебей коюптур, дасторконду табагы менен кошо тээп. Андай «кылык-жоругун» барып иштеген ар бир районунда көрсөткөн го. Биринен-бири угуп отуруп, акыры ушул «Эт жебес Эстебесов» – деген атка конуптур.

Биздин районго келип, иштеп калган кезде Эстебесов элүүлөрдөн ашып калган экен. Коркойгон узун мойну толо тырыш, кырчыйган арык киши экен. Анын ишинен мурда жанагыдай элге кеңири тараган кошумча атын уктук.

Райондук, айылдык активдердин арасында күбүр-шыбыр көбөйдү анын келгенине байланыштуу. Райондун эки чоңунун бири болуп келди келгенде да. Согуш маалында ал областтык кызматкер да болуп жүрүптүр. Райондук, областтык жооптуу кызматтарда үзгүлтүксүз иштеп келатканына ошентип, чейрек кылымдан ашып кетиптир.

«Алдым-жуттум киши ушунча жылдан бери эл башкармак беле. Эчак шыпырылмак. Ишенимди аткарбаган кызматкер катарында айдалмак. Көрүп жүрбөйбүзбү, угуп келатпайбызбы. Көпчүлүгү эл айткандай тамагынын айынан, же катындын айынан. Эстебесов окшоп эркин бийлей алган, жанын үрөп иштеген, берилген тапшырманы аткармайын уйкусу келбеген, отуруп тамак ичпеген бейтынч, ак ниет, адилет кишилер гана бийликте узакка отура алышат. Мына ошондойлордун бири эми биздин районго келди» – дешип мурунтан аны уккандар сүйүнүп жатышты. Айрыкча активдер. Алардын оозунан эми: «Эстебесов Эргеш», «Эргеш Эстебесович» – деген сөздөр көп чыкчу болду. «Таш, ташты эриткен – аш» дегендей бирөөнүкүнө кирип чай ичкенден шектенсе, андайды айыптаса, кантип иштешээр экенбиз» – деп түпөйүл күңкүлдөшкөндөр да болду.

Өзү председатель болуп шайланган сессияда Эстебесовдун мындай деген сөзү райондун баш-аягына жетет: «Жолдоштор, силердин районуңар мен иштей турган жетинчи район. Эч кайсынысынан жаман иштедиң деген сөз укканым жок. Алкыш алдым; сыйлык алдым; бирок жаза дегенди ала элекмин. Силердин райондо да андайды албаймын го деген тилек менен келип отурам. Партия каякка жиберсе, ошол жакка барып иштеп келатам. Менин бар билимим – совпартшкол дегенди эле бүткөм. Ташкенде, жыйырманчы жылдарда. Бар тажрыйбам, жөндөмүм бир нерсеге багытталган – партиянын, өкмөттүн ишенимин

актоо го. Кыскасы, мен ишти гана билем. Иш менен менин ата-бабам күн көргөн. Иш менен өзүм да өсүп-өнүп, көгөрүп келатам. Менин башкалар жөнүндөгү жакшы-жаман пикирлерим да иш аркылуу гана пайда болот. Адамдарды сыноочу менин бирден-бир куралым – иш. Иш үстүндө, иштин натыйжасы менен гана сынаймын мен адамдарды. Башканы билбейм. Мага жагынам дегениңер жакшы иштегиле. Тамак-ашы, акчасы, сылык-сыпаа мамилеси менен жагынууга аракеттенгендер да болот. Мен адеген жерден эле ачык айтып коёюн – менин жек көргөндөрүм ошондой кишилер. Андайлар менен күрөшүп келгем, мындан ары да күрөшө берем. Чоңдорду сый тамак-ашы менен, акчасы менен сатып алып, ошонусу менен алардын көзүн пардалап, ишинин кемчилигин, өзүнүн жаман жагын көрсөтпөй калгысы бар айрымдардын. Андайларды мен күнчүлүк жерден көрөм. Азыртан эскертип коёюн. Менин «Эт жебес Эстебесов» деген экинчи атымы да уксаңар керек. Ошо чын. Бирөөнүкүнөн эт жебейм. Барганда мени коноктойм деп убара болбогула. Эгер жатып калууга туура келсе, машинага салып жүргөн тамагым жетпей калса, анда жаткан үйүм, жеген тамагым үчүн акы төлөйм. Таарынбайсыңар. «Кыргыз да ушинтет беле?» – деп таң калышат кээ бир жерде. Кыргыздыгым чын. Бирок, мүнөзүм жаңыча. Башкача айтканда балшабекче. Мени сыйласаңар ушу талаптарымы аткарасыңар. Муну силерге, эл кызматкери деп аталган депутаттарга, райондун активдерине айтып атам. Эл деген силер менен бизден үлгү алчулар. Ар кимибиз кызматыбызга, ишибизге жараша мамлекеттен акы алабыз. Ошо жетишет. Андан ашык эч кимдин, эч нерсе алышка акысы жок. Мына ушундайча, жолдоштор, менин кызмат жагындагы мүнөзүм. Ошонуму силерге а деген жерден түшүндүрүп койгум келет».

Бул сөздүн мазмунун төкпөй-чачпай, а түгүл өздөрүнөн кошумчалап, анын боёгун коюулантып жатып элге жеткиришпейби сессияга катышкандар...

...Эстебесов чындыгында мыкты жетекчи экен. Бат эле райондогулар аны мактоого өтүштү. Бири кара кылды

как жарган анын калыстыгын айтса, экинчиси күнү-түнү чапкылаган ишмердигин кеп кылып жатты. Контордо отурганын аз көрүшчү. Кош айдоо маалында, оруу-жыюу жүрүп жаткан кезде талаадан кетпей, төл башталганда короодон-короого жүрүп, ар бир ишти өз көзү менен көрүп, өзү талдап, тиешелүү көрсөтмөсүн бермейин тынчый албаган кишиге айрыкча элдин ыраазылыгы арта берди. Райондун башчысы тигинтип элден мурун туруп, элден кийин жатып жүрсө, андан төмөнкү кызматкерлер чапкылабай көрсүнчү. Райондун иши ошентип, алга кетти. Областтык, республикалык Тууларды алып, Ардак тактага жазыла баштады. Муну эң обол Эстебесовдун эмгегинин натыйжасы катары карап жатышты мындагылар.

...Үчүнчү жыл бараткан бул окуя болгондо. Эстебесов республиканын жогорку советине депутаттыкка көрсөтүлүп калат. Мурда райкомдун биринчи секретары гана болчу депутат. Эстебесов келгенден бери мактоонун үстүндө болгонгобу, бу жолу райондун эки жетекчисине тең көрсөтүлүптүр бу зор ишеним.

Мына ушул учурду ыңгайлуу деп эсептеген анын бул райондогу карындашы кой алып келип куттуктоону чечпейби. Аталаштардын кызы экен.

А жаңы көчүп келгенде күйөөсү экөө кой жетелеп, өрүлүктөп келишкен эле. «Тыштан үйүнө эч нерсе киргизбейт имиш а киши» – дегенди карындашы деле, анын күйөөсү деле элден укканына карабай ошентишет. Мастаатташа келгенде зайыбы (Эстебесовдун карындашы) өзүнүн оюн айтпайбы: «Акем антип ойлогудай биз жат-жалаа эмеспиз да. Үч ата өтүшкөн агасынын кызымын. Карындашымын, демек. Акем көчүп келип отурса босогомо, өрүлүктөп барбасам, карындаштыгым кайсы? Уккан эл эмне дейт? А кишинин корккону пара тура. Биздики пара эмес да. Пара бергидей сен да кызматкер эмессиң, колхозчусуң. Карындашы менен күйөөсүн кууп чыкмак беле» – деп безилдеп туруп алгандыктан, жоош күйөөсү малын кызгангандай болбос үчүн үндөбөй бара берген. Чынында кууп чыккан. Кууп чыкканы ошо да – тамак-ашын бергенден

кийин коюн кайра өңөртүп жиберген. «Мындан ары бир нерсе алып келчү болсоңор– алып келген нерсеңер эмес, өзүңөр да үйгө кирбейсиңер. Карындашсыңбы, келип тур. Качан келсең сен үчүн үйдүн эшиги ачык. Күйөөң үчүн, балдарың үчүн да. Бирок, бир нерсе алып келчү болсоң, ошо замат эшик жабылат. Акеңин ушундай адаты бар. Сен уга элек болсоң керек. Мындан ары билип ал» – деп карындашын күйөөсү менен кошо коюн өңөрткөн бойдон жолго салган болчу.

Үчүнчү жылга бараткanda жанагыдай окуяга байланыштуу бир кездеги өтпөгөн коюн эми өткөрүүгө үмүттөнгөн карындашы агасыныкына дагы келбейби. Баягыдан бери карындашчылыгын көрсөтө албаганга наразыланып жүргөн Жийдегүл бу сапар ыйлап отуруп жеңесин орточу салат. «Алып келгенин албасаң, карындашчылыгынан деле кечип таштабайсыңбы? Карындаш кылып үйүңө киргизесиң. Анан бергенин албаганың кандай? Карындашыңын бергени да парага жатабы? Кудайга карасаң боло? Чесныйлыктын да (Эстебесов отуздан өткөндө үйлөнгөн аялы жетинчини бүтүп алып, мугалим болгондордон эле. Орусча анча-мынча билгенин аралаштырып сүйлөгөндү өнөкөткө айландыра баштагандардын бири) чеги болуш керек да. Жийдегүлдүн ыйлаганынча бар. Жакынына каалаганын бере албаса, туушкандыктын эмне кереги бар? Ошондой чесный болуп жүрүп мүйүзүң чыктыбы? Эмнең артып кетти? Артса да каалаганынча тебелеп-тепсеп жеп-ичип, күнүнө бирди чечип, бирди кийгендердики артып атат. Угуп деле жүрөбүз, көрүп деле жүрөбүз. Ошондойлордун алган ордендери да сендей честныйлердикинен көп. Айтпайын десе айттырасын.... Келген сайын кулагыма шыбырайт бу байкуш. Акеме айт: үйгө чакырсак барбаса, жок дегенде биерге алып келип берели бир козуну. Элден уялып өлмөй болдук. Баягыдан бери жеген-ичкенибиз аш болбой жүрөт күйөөм экөөбүздүкү деп. Эмне, булардын бир кылмышы барбы, сен чоочулагандай? Колхозчу байкуштар өз малына өзү кожоюн эмеспи. Соёбу, сатабы, биротоло береби – өз эрки. Анын эмнесинен коркосуң? Касаптан күндө килолоп

эт ала берип да тажадык. Бир жолу балдарың кенен-кесир жаш шорпо ичип, эт жеп койсо эмне болуптур? Сенин чесныйлыгыңан биз курумак болдук», – деп бир топту жобурап таштайт аялы түшкү тамакка келген күйөөсүнө.

Көптөн ичкүптү болуп жүргөн зайыбына шылтоо табыла калган окшобойбу.

Аялынын бул айткандарына жообу нарыда даяр турса да, биринчиден кызматына шашып, экинчиден жыйырма жылга жакын бирге өмүр кечирип, алты баланын энеси болгон жубайын таарынткысы келбегенби, унчукпастан саамга башын кош колдоп чеңгелдеген бойдон отуруп калат. Анан минтет экен: «Маакул, Жаңыл (аялынын аты), сен мени ак жолдон чыгармай болдуң. Сенин, анан мына бул таарынчак карындашымын көңүлү үчүн мейли, чыгайын. Бирок, баягыдай күйөө менен өзү атка өңөрүп келишпесин. Эки күндөн кийин базар. Жийдегүлдүн күйөөсү бизге берчү коюн базарга алып келсин. Сен, Жаңыл, аны сатып аласың. Коркпой эле кой, акча бербейсиң. Бирок, базардан алган киши болуп, балдарыңдын бирине жетелетип, бирине айдатып келесиң. Ушуга маакулсуңарбы? – деп Эстебесов карындашына, аялына карайт.

Экөөнүн тең башында жок эле мындай ой. Эстебесов туура айтып жатат. Андай болгондо эч кимдин шекшинүүгө акысы жок. Базардан сатып алганга ким шектенмек эле. Бул акылга тигил экөө тең күлүп жиберет.

...Бирок ошол күлкү кийин ыйга айланаарын Жийдегүл да, Жаңыл да ойлогон эмес.

...Ошондон жарым жыл өтпөй Эстебесов кызматынан бошотуу жөнүндө партиянын областтык комитетине, Борбордук Комитетке арыз берет. Ал арызында: «Мен өкмөт менен партиянын ишениминен тайдым. Ошондуктан бул кызматтан бошотуп коюуңарды суранам» деген эки гана сүйлөм экен.

Обкомго, Борбордук комитетке чакырышып сүйлөшкөндө, анын айтып берген «себебине» андагылар а дегенде күлүшүптүр. Анан: «Бу биринчи жолу болуп жаткандыктан, мурда сиздин үстүңүздөн мындай иш үчүн эч жерден

арыз түшпөгөндүктөн, бу сапар деле өзүңүздүн үстүңүздөн өзүңүз арызданып отургандыктан, күнөөңүздү кечирели, иштей бериңиз» – дешкен тура. Анда Эстебесов: «Силер кечирген менен өзүм кечире албайм. Бошотуп койгула» – деп көгөрүп отуруп алган имиш.

...Көрсө, жанагы окуяны Эстебесовдун аялы эринин «чесныйлыгын» айтам деп коңшусуна (Эстебесовдун орун басарынын аялына) бир жолу үлпөттө кызып отуруп айтып койгон тура. Ал дагы бир коңшусуна. Ошентип, ал сөз тегеренип жүрүп отуруп, төрт-беш айдан кийин Эстебесовдун өзүнө келип жетиптир да...

1975

## ЖЫПАРГҮЛ

...Мен жыйырма үч жашымда институтту бүтүрдүм. Путевка менен көл жээгиндеги райондордун бирине барып иштөөгө туура келди. Чынынды айтсам, али бейтааныш айыл, анын али бейтааныш адамдары, баарынан да мени кандайдыр бир жаңы сыр, жаңы дүйнө ачат деген үмүт менен күтүп жаткан окуучу деген бул турмуштун эң назик, эң сергек, эң кызык калкы өздөрүнүн азырынча белгисиз жактары менен путевка колума тийген күндөн тартып апкаарытып жатты... Сүрдөйм...

Буга чейин көргөндөрүмү, билгендерими, окугандарымы, уккандарымы (адамдар жана окуучулар жөнүндөгү) кайра-кайра териштирип, салыштырып, сезимдин, акылдын таразасына салып өлчөп караймын. Кайсынысы ыңгайлуу, кайсынысы пайдалуу өзүмө жана башкаларга?

Адамды тарбиялоого, болгондо да өзүнүн өзгөчө талабы бар келечек адамдарын тарбиялоого аттанып чыктым. Таалим-тарбия берүү – бул турмуштун бардык башка түйшүктөрүнөн эң оору, эң татаалы, эң жооптуусу, бирок эң ардактуусу экенин мектепте окуп жүргөндө эле далай жолу агайларыман укканмын. Институттачы? Беш жыл бою ошого мени атайлап даярдашты. Ушул жаш курагым жанагыдай оор милдетти аткарууга, кудурети жетер бе-

кен?.. Ушундай кыжаалат суроолор менен иштей турган айлына эл жатарда жетип барып, биринчи эле туш келген үйдөн даректордукун сурап билдим. Алгачкы түндү, мени мээримдүү тосуп алган кашка баш, чачы буурул тартып калган директордукунда өткөрүүгө туура келди. Жолдо катар күч алган түйшүктүү ойлоруман жанагы кишинин жылуу мамилесинен улам, бир аз жеңилдей түшкөнсүдүм. Ошентсе да түн жарымына чейин салааларым бири-бирнне кайчылашкан эки алаканымы төбөмө жаздаган бойдон караңгы шыпты тиктеп уктай албадым.

Директордун үйүндө он күнчө жашап калдым. Анан башка үйгө көчүп чыктым. Эмненин жүгү болсун менде. Кийим-кечем салынган чоң эски чемодан. Ошону сулкуйта көтөрүп, ичи али акиташ жыттанган чакан бөлмөгө кирип барганда, эс ала түштүм. Анткени, директордун ууруп-чууруган тогуз. баласы бар экен, алар эмнегедир эрте турушуп, кеч жатышчу. Ошондой уу-чуудан тажап жүргөнүмдө мындай ээн-эркин алейне бөлмөгө туш келгеним үчүн ичимен аябай кубанып кеттим.

Жатууга камыиып калган аялына чай койдуруп, столго дасторкон жайдырган директор айткан эле: «Үй бар, бирок бир аз кемчилиги калган. Үч-төрт күн мында туруп турсаң, анан ошол үйгө чыгасың» – деген, жаңы келчү мугалимге кечигип кам көргөнү үчүи кечирим сурагандай мага мээримдүү тиктеп. Ошол үйү ушул көрүнөт го.

Үйдүн ээлери орто жашап калган немелер экен. Алардын эки кызы мектепте окуурун, бир уулу былтыр армияга кеткенин ошол күнү эле билдим. «Айыл жеринде студенттерче өз казаныңды өзүң кармай албайсың. Шаардагыдай каалаган азык-түлүк мындагы дүкөндө жок. Ошондуктан жаңы ата-энең менен макулдашып койдум, айына отуз беш сомдон акча бересиң аларга, тамак-аш да ошолордун мойнунда. Ал эми жаткан үйүң, жарыгың, отунуң мектептин эсебинен», – деген жаңы үйгө ээрчитип келатып директор.

Биринчи күнкү сабактан келсем, бөлмөм таанылгыс болуп калыптыр. Айнектин тушунда төрт бурч кичине стол. Анын эки башында эки орундук турат. Столдун үс-

түнө катуу ак кагаз жабылып, төрт бурчу кнопка менен бекитилген. Билбеймин, үйдүн ээсиникиби, же директор тапканбы, иши кылып эски темир керебетте жатып чыкканмын түндө, анын үстүндө эски күрөң одеял бар эле, ал дагы жаңыланып калыптыр. Жаздыгымдын тышына ак капталып, керебетимин башына эрте менен чемоданыман алып илген кир сүлгүм (директордукунда аарчынып жүргөнмүн да) да жуулуп, үтүктөлүп, илинип турат. Терезелде ак парда. Студенттик күндөрүмө кайрылып келгенсип, сүйүнүп кеттим. Үй ээлеринин бул адамгерчилигане ичимен аябай ыраазы болдум. «Отуз беш сом эмес, элүү сом беришим керек» деп чечтим ичимен. Бир жарым ставкага жакын саат беришти. Жүз сомдон ашырып акча алат экенмин. Калганы деле жетет өзүмө. Тамагын гана беришпестен, кийим-кечеми да жуушат тура. Ушуну эстеп, жогоркудай директордун бычымынан уялып алдым.

Ошентип, жаңы жерде, жаңы элде биринчи күндөн тартып, жашоом көңүлдүү башталды. Он-он беш күн сүрдөп жүрүп, балдарга деле үйрөнүшүп кеттим. Жогорку класстарга математикадан сабак берем. Мурда корккондой азырынча класс алдында мүдүрүлө элекмин. Мындан ары да окуучуларымын астында кызарбас үчүн жанталашып аракеттенем. Кээде түн жарымына чейин терезенин пардасын тартып коюп, баягы төрт бурч чакан столдо эсеп чыгарып отуруп калам. Мугалимдин жаңылганы – демек бүтүндөй класстын, башкача айтканда, отуз-кырк баланын жаңылганы. Ошондуктан мугалим дайыма так, дайыма өз деңгээлинде болууга тийиш.

Жанагы стол үй ээсинин кыздарынын столу экенин кийинчерээк билдим. Жакшылап таанышып алганыбыздан кийин гана айтышты. Кыздардын кырктан жашы ашкан энесин мен биринчи күндөн тартып эле «эже», күйөөсүн «аба» деп атай баштаганмын. Эжем айтты: «Бакир, кагылайын, сенин биздикинде туруп калганыңа бизден да эки кызым аябай кубанып жатышат. Айрыкча кичинеси. Эсептен начар билчү. «Эми агайым жардам берет» – деп жетине албай жүрөт. Ошолордун столу сенин бөлмөңдөгү.

Чогуу даярданабыз агай менен дешип, кийирип коюшту ошерге. Көз кырыңы сала жүр, кагылайын, кыздарыбызга. Биздин бар караганыбыз азыр ушул экөө» – деди.

Мен эжени туура түшүндүм. Ар бир ата-эненин мындайда айтары ушул да. Жардамымы аямак белем. Бирок стол тигилердики экенин укканымда бир аз уялып калдым. Алардан стол талашканым кандай? Ошондон тартып үйгө кеч келчү болдум. Эртеси күңкү сабакка мектепте калып, мугалимдер бөлмөсүндө даярдана баштадым. Тигилердин бешинчи класстагы Тазагүл деген кызы биринчи сменде окуйт, анысы стол талашпасы мүмкүн мени менен. Ал эми улуусу Жыпаркүл быйыл онунчуда. Алардын сабагы бүткөндө, меники да бүтөт. Ал сабакка даярдануу үчүн отургандаг мен да отурушум керек. Бирок Жыпаргүлдү мына, мында жашай баштаганыма жарым ай болуп калды, бөлмөдөн көрө элекмин. Ал үйдө менден уялып жүрөт. Мектепте болсо, көз карашы, мамилеси башка. Сабактан түшүнбөгөнүн сурайт, мен сурасам жооп берет. Үйгө келгенден кийин эле өзгөрүп кетет. Менден ийменет, бет келишпөөгө тырышат. Алгачкы күнү гана ал биз менен бир дасторкондо отуруп самоордон чай куюп берген эле. Ошондон бери мен аны тамак үстүнөн көрбөй калдым. Эмне үчүн экенин билбейм. А мен өзүмөн шек санатпоого тырышам. Бойго жеткен кыз эмеспи. Булардын үйүндө жашасам, анын үстүнө мугалиммин. Демек, Жыпаргүлдүн кайда жүрүп, кайда отуруп тамактанарына чейин ата-энесинен сурасам, алар шек алышы ыктымал да. Ошондуктан билмексен, байкамаксан болуп жүрүп атамын. Улуусунун үйдө мени менен кездешпөөгө жасаган бар аракетин байкагандан бери биерге тамак ичкени, түнөгөнү гана келейин деп чечтим ичимен.

Жатарда келем. Кечки тамак муздап калат экен, эжем байкуш балпаңдай басып жүрүп, кайра ысытат. Өз бөлмөмдө, үстүндө ар убак беш-алты китеп турчу столго отуруп анысын жейм да жата кетем. «Эмне мынчалык кечигесиң, Бакир сабагыңды күн батпай эле бүтөт экенсиң го Жыпаргүлдүн айтуусуна караганда? – деген ал кишинин бир жолку суроосуна калп жооп берип койдум.

– Эже, мугалим дегендин сабактан тышкары да жумушу көп экен. Класс жетекчисимин, алар менен чогулуш өтөм, кружок дегенибиз бар, сабагынан жетишпегендер менен кошумча иштейбиз. Ар түрдүү чогулуштар, педсовет, медсовет, сбор дегендер.

Булардын мектепте өткөрүлөрү чын, бирок күндө эмес да. Анан баарысын мен өткөрмөк белем.

Кыскасы, ушул үйгө орношконум, бойго жетип калган Жыпаргүлдөй кызга ыңгайсыз шарт түзгөн сыяктанат мага. Тазагүлдүн болсо таманынан да, таңдайынан да чаң чыгат. Кайсы убакта жолуктурбасын, китебинин ачкан жерине сөөмөйүн кыстара келип, мага жеткенде ачып жиберет да: «Байке, (апасы эки кызына тең ушинтип атоону буюрган) мобуну түшүндүрүп койчу. Мобуну чыгарып берчи, мобирекинин катасы жокпу?» – деп тайманбай сурай берет. Кээде дасторкон үстүндө деле ийнине колун коё чөгөлөй калып, сурап кирет. Ата-энесинин тыюу салганына ал көңүл бурбайт. Эрке өсүптүр, кенже кыз эмеспи. Он экиге карап баратса да, алиге тилинен, тайрактап баскан-турганынан анын наристелиги байкалып турат.

Жыпаргүл менин байкашымча өтө токтоо, өтө түнт.

«Же мен келгенден бери ушинтип суз тартып кеттиби» – деген ой кылт эсиме түшө калса, беймаза болом. Анын сөзүнө, баскан-турганына, кыймыл-аракетине мен, ага бейтааныш киши, чек койгонсудум. Деги эле, мугалимдин окуучусу, болгондо да Жыпаргүлдөй баарыга акылы жетип калган окуучусу, менен бир үйдө жашоосу ыңгайсыз экенин сезе баштадым. Айрыкча кыз балалуу үйдө. Сага тамак бышырган ошо, үйдү жыйнаган ошо, а балким киркогуму да апасы ошого жуудурар. Айрыкча, мына ушул акыркысы бетими чытыратат. Уялдым. Башка жакка кетүүнү чечтим.

Ошентип, ичимен жанагыдай жыйынтыкка келип, мында арттырган тааныштар аркылуу акырын башка квартира издей баштадым.

...Сыртта жамгыр... Мезгил күз эмеспи, анын муздак илеби ачык дарча аркылуу ичкериге кирип, далортому

муздатып жиберди эле, туруп аны жаптым да, чылк караңгылык менен чумбөттөлгөн эшикке терезеден бир аз тиктеп турган соң, сыртымы терезеге салып, кайра отурдум. 7-8-класстарда өтүлчү материалдарды даярдап койгонмун: Эми 10-класстын эртеңки сабагына даярданышым керек. Калем-сапты жаңы гана ачылып турган дептердин таза бетине шилтей бергенимде, эшик шарт ачылды. Баятан бери мектептин терт бурчундагы ноолордон шорголоп турган жамгыр суусунун акырын шытыраганына кулагым көнүп калган белем, бул добушка селт этип чоочуп кетип, башымы көтөрдүм. Жыпаргүл... Бети албырып кетиптир. Энтигет. Чуркап келген көрүнөт. Үйүбүз мындан эки чакырымча. Башына жамынган плащтан суу шорголоп агып турат. Каш-кирпигинде да тамчы. «Байке, сиздин... сиздин...» – деп уялгандай жер тиктеди. Байпаксыз кийгендиктен, суу туфлисинен жогорку аппак балтырындагы илешкен чөп-чар кирди көрүп, ого бетер шашкансыды. Жолсуз жер менен чуркап келсе керек.

– Плащыңызды алып келдим эле, апам жиберди, – деди анан мени түз карай берип. Башына жамынганы, менин плащым экенин эми гана тааныдым. Костюмчан экеним ошондо гана оюма келиптир. «Ыракмат, Жыпаш, ыракмат. Бекер суу болуптурсуң да? Кап!.. чуркасам бир мүнөттө жетмекмин да үйгө. Кап, бекер убара болуптурсуң!» – деп кейиген бойдон ордуман турдум. Нымтыраган плащымы колума карматары менен Жыпаргүл артына бурулду. «Коркосуң го, Жыпаш, бирге эле кетели эми, тура тур. Мен да жумушуму бүтүп койдум» – дедим тигиге боорум ооруп. Экинчи жагынан, дагы уялып кеттим. Ушуларга артыкбаш түйшүк таап бергендигим үчүн уялдым. Ичимен ойлоп жүргөнүм дагы бир жолу ушуну менен ырасталгансыды,

«Жок, байке, өзүм эле кетип каламын» – деп ал мен дагы бир сөз айткыча эшикти сыртынан жаап койду. Антип-минтип столдогу китеп, дептерими жыйнап сыртка чыксам, караңгы түн жутуп койгондой, анын эч жерден карааны көрүнбөдү, шарпасы угулбады. Таман алдымдага чөөт сууларды чалпа-чулпа кечип мен да жүгүрдүм. Бирок

Жыпаргүлгө жетпедим. Үйгө келсем, эжем күйөөсү менен күндөгүсүндөй эле күтүп отурушуптур. Эжем кесмесин кайра жылытты. Мен ичимен түйшүктөнө отурдум. Кызы айтып келсе, калпым чыгып калбадыбы. Эч кандай чогулушу, эч кандай сабагы жок эле өзүм жалгыз, барарга үй жок болгондуктан гана чоң имараттын ичинде жалгыз отуруп иштеп жатканымы көрүп кетпедиби. Ошондон улам, эжем бир нерсе дейт го. Жооп издедим. Буларды чангандай, жактырбагандай көрүнүшүм керек эмес да. Экөө тең жакшы адамдар экен. Күйөөсү жаткан момун, жаткан жоош киши. Мектептин төрт гектар жериндеги алма багын карайт экен, күндүз ошонун арасынан чыкпайт. Сөзгө да сараң киши. Сурасаң жооп берет, бирок өзү такыр сөз баштабаган неме. Аялы чыйрак, ачык мүнөз, шайыр да. Ушулардын мээримдүү мамилеси мени жылытканы менен, Жыпаргүлдүкү кысынтып жатты. Жогоруда айткандарымын баары аз келгенсип жамгырда, караңгы түндө кийимимди ала артыман чуркап жүргүдөй менин кимим эле ал? Эжем да, күйөөсү да эч сөз айтпады. Аялы гана бир оокумда: «Мугалимдигиң деле болбогон оокат көрүнөт. Эрте менен кетсең, эл жатарда араң колуң бошосо, киши жиндеп кетпейби» – деди алдыма кеседеги жылытылган кесмени коюп жатып.

Менин күткөн сөзүм башка болучу. «Чогулуш-могулушу жок эле өзүң жалгыз отурган экенсиз го, аңгыраган чоң мектепте. Жазарың, окууруң болсо, мында келип, тамактангандан кийин жазып, окуй бербейсиңби. Бир үй өзүңдүкү го, – дейт. Анда мен эмне дешим керек? Кетер жагымы биротоло аныктагандан кийин гана себебин буларга билдирмекмин да. «Мектепке жакын экен» – деп бир гана шылтоо айтсам деп жүрчүмүн. Жергиликтүү мугалимдер менен сүйлөшкөнүм ошондой. Аларга жакында оюму айтсам, таап беришмек болушту. Ошолорду күтүп жүрөм.

Жок, эжем да, күйөөсү да мен күткөндөй ооз ачышпады. Тамактан кийин жатып алдым. Көпкө түйшөлүп уктай албадым. Жыпаркүлдү көрбөдүм. Анын каш-кирпигинен, төбөсүндөгү плащтын жакасынан мөлтүрөгөн суу

тамчылары көзүмө элестейт... Анын жүзүнөн эч нерсени байкабай калыпмын. Албетте, наразылыкты окушум керек эле андан.

«Жаанга карабай, түнгө карабай жаш баланын артынан чуркагандай, сенин артыңан жүгүргүдөй менин эмнем элең? – дегенди окумакмын да. Жыпаргүлдү эртеси сабакта көрдүм, бирок түндөн берки божомолдогондой анын көз карашынан эч кандай наразылыкты байкаганым жок. Кадимкисиндей эле сабактан сурап, мен сурасам жооп берип жатты. Бирок үйгө баргандан кийин дагы эле мени менен кездешпей жүрдү. Түк жардам сурай элек. Анын үстүнө ал начарлардан эмес. «Төрт, бешке» окугандардан экен. Бирок үйгө келгенимде алардын отунун жарып, суусун алып келишпесем да, эки кызынын сабагынан жардам көрсөтсөм, мага жеңилирээк болор эле деймин. Эженин сураганы да ошол эмес беле. Ага Жыпаргүл такыр эле жолобойт. Тазагүлгө берген жардамды жетишсиз деп эсептеймин.

Ошентип, арадан дагы бир-эки жума өтүп кетти. Үч үй табылды, бирок мектептен алыс экен, барбадым. Жалгыз гана шылтоом бар эмеспи – мектепке жакын экен деген. Ансыз азыркы үйүмүн кожоюндарын таарынтып коюшум мүмкүн да.

Октябрдын башында мектептин алмасын жыйнадык. Дем алыш. 9-10-класстын гана балдары жана кыздары келишкен. Бузулбасын үчүн бирден сабагынан үзүш керек экен алманы. Ошондуктан кечээ директорубуз ушул эки класстын жетекчилерин чакырып алып, бүгүнкү жумушту тапшырган. Мен 9-класста жетекчимин. Мектептин устаканасында атайын жасалган шатыларга чыгып алышып, балдар жана кыздар кезектеше үзүп жатышты. Шатыдагы үзүлгөнүн бирден төмөнгө узатат, жердегиси ичинде таарынды бар ящиктерге алмаларды, акырын терип коёт.

Мен бир түп алманын түбүндө андагы эки окуучумун ишине назар салып тургамын. Шатынын башында бала, жерде кыз. Чебердик менен жогорудан узатылган кызыл бөйрөк алманы кармап алган кыз аны адегенде кырдач

мурдунун учуна тийгизип жыттап коёт. Анан ичине тарткан жанагы жытты чыгаргысы келбегенсип, көөдөнүн керилте татынакай эриндерин кымтый бир топко чейин ээгин көтөрүп туруп калат. Анан гана алмасын ящиктеги ирети менен терилген алмалардын катарына кошот. Анын бул кылыгына караганда менин мында экеними унутуп койгондой. Алдыртан тиктеп турганымы байкап калса, уялбасын деген ой башыма кылт эткенде, арыга бурула бердим эле, оң ийниме келип бир катуу нерсе тийди да, топ этип чөпкө түштү. Чоочуп кетип, жалт карадым. Жети-сегиз метр нарыдага алманын түбүндө бетин басып Жыпаргүл турат. Жана эле көргөнмүн аны. Ошол урса керек. Мени эмес го, мына бул кашында агайы турганына карабастан, колуна тийген ар бир алманы жыттай берген кызды – Күмүштү урса керек. Мага тийип калган го. Ошого уялган окшобойбу, бетин эки колу менен бекем басып алыптыр. Ак салааларынын арасынан мени карап турат. Ансыз деле уялып калган немени эмне демек элем. Кайтадан жанагы жагыма бурулдум. Күмүш да, алма үзүп жатышкан эки бала да байкабай калышты окшойт,

Ошол күнү жатар маалда эшигими жабайын деп келсем, Жыпаргүл туруптур босогодо. Азыр эле кирсе керек, «Кир, Жыпаш, кир» – деп кетенчиктедим. «Жок, агай, ушерден эле кетем. Кечирип коюңуз, күндүзгү ишим үчүн. Сизди эмес, Күмүштү... деп мукактанды. «Эч нерсе эмес, эч нерсе эмес» – деп шашкалактадым. Эмнегедир апкаарыгансып кеттим. Жыпаргүлдү мынчалык жакын жерден биринчи жолуктургандыгым үчүнбү, ким билет. «Мен деле ошондой түшүндүм, Жыпаш».

Эмне үчүн Жыпаргүлдү эркелетип «Жыпаш» деп айтканымы билбейм. «Ошону эле айтайын деп келгенмин».

Жыпаргүл мен кармап калчудай, ушинтип коюп гана далистин тиги башындагы Тазагүл экөө жатчу бөлмөгө шыпылдай басып кетти.

Баягы жамгырдуу түндө мектепке менин плащымы алып барганда да оозуман «Жыпаш» деген сөз чыгып кеткенин үйүмө келип жаткандан кийин эстеп, уялган

элем. Бүгүн да «Жыпаш» дедим. Эмне үчүн? Мектепте «Жыпаргүл» деп эле жүрбөймүнбү?

Октябрдын аяк ченинде үй табылды. Мектепке жакын жердеги орустун жалгыз кызы турмушка чыгып, башка кыштакка күйөөсүнүкүнө кетиптир. «Аңгырап кемпир экөөбүз калдык бир үйдө. Квартирант алабыз» – дешип, мектепке өздөрү келишкен имиш. Мага үй издеп жүргөндөрдүн бири аны бекем кармаптыр. Сабактан чыгарым менен ага жолуктурушту. «Алейне бөлмө, стол, орундук, кроватына чейин даяр. Тамак-ашты үч кишиге даярдап жүргөн кемпирим. Мындан ары да даярдай берет. Акчасын ошону менен сүйлөшөсүң. Кааласаң бүгүн кел. Кызыбыздын ордун дароо ким менен болсо да, толтурушубуз керек экен. Ушул, жигит» – деп кайраттуу, нары кара жумуштан катууланган колу менен менин арык манжалуу колуму кыса-кыса кармап, мугалимдер бөлмөсүнөн чыгып кетти. Ал күнү эмес, алардыкына мен эртеси күнү көчүп чыктым. Мурунку турган үйүмдүн ээлерине айткан шылтоом – ошол көптөн даярдап жүргөнүм болду. Мектепке жакын.

– «Балабыз Беккулдай көрүп калдык эле, сен келип тур», – деп эжем ого бетер мээримин төктү.

– «Келбегендечи, менин да ата-энем силерсиңер» – деп коштоштум. Колумда баягы эле сулкуйган кара чемодан.

Жыпаргүл ошол күнү кечинде менин жаңы үйүмө келиптир. Кир алжапкычына суу колдорун алмак-салмак сүртө: «Жаш жигит, сени бир бийкеч сыртта күтүп турат» – деди жаңы үйдүн богоктуу семиз аялы ашканасынан чыга менин бөлмөмүн босогосуна келип.

– Окуучуларыман го? – деп эшикке жөнөдүм. Жаңы эле жарыкты күйгүзүп, китеп окууга кам урганмын.

Жыпаргүл экен, – жеңил, эски күрөң пальто үстүндө. Башында жука, чакан баш байлама.

– Бизди уятка калтырайын деген экенсиз да, агай?

– Эмне үчүн, Жыпаш? – Бир кадам ага жакындадым,

– Айылдын элин билбейсизби? Батырышпаган экен дешет да?

Жыпаргүлдүн үнү калтырай түшкөнсүдү.

– Жок, Жыпаш, кантип эле ошентип ойлошсун? Мен сурагандардын бардыгына биерге көчкөн себебимди айтып жатам. Силердин үйүңөрдө ата-энемкиндей эркин турганымы да айтып жүрөм. Мындан ары да үзбөй каттап турам силердикине. Эжеме, Тазагүлгө ошондой убада бердим. Сага да берем, эгер каршы болбосоң.

– Кантип каршы болоюн. Антсеңиз жакшы. Мен эмнегедир сизди таарынып кетти го деп ойлодум. Угарым менен чуркап келгенимин себеби да ошол.

– Жок, Жыпаш! Такыр андай эмес. Тазагүл экөөңөрдүн ата-энеңер киши таарынтчулардан эмес экен. Буга көзүм жетти. Бекер убара болгонсуң.

Эки колум Жыпаргүлдүн эки акырегинде турганын эми гана байкадым. Кантип койдум колумду? Мына, кызык. Дароо тартып алдым. Жыпаргүл эми башын көтөрдү.

– Таарынбадым денизчи, агай?

– Жок, Жыпаш, силерге ыраазымын. Үйүр ала түшкөн экенмин силер менен. Жалгызсырап турганымда келип калганына жетине албай кетсем керек, колум кантип тийгенин да байкабай калыпмын, кечиресиң, Жыпаш? – деп тайсалдадым. Анан бир кадам артка кетенчиктедим.

– Эч нерсе эмес, агай. Эгер менин келгениме кубанганыңыз чын болсо, анда мен кайра кеттим, – деди Жыпаргүл. Эми анын үнү чыйрала түшүптүр. Ууртунан жылмайгандай болду. Нымшыган күз түнү кирип келгендиктен, анысы көрүнбөсө да, шаңдуу чыккан добушунан байкадым.

– Келип тур, Жыпаш, Тазагүлдү ээрчитип.

– Жок, сиз келип туруңуз. Убада берген турбайсызбы үйдөгүлөргө. Эми мага да бериңиз. – Ал шыңк эткенсиди. Антпесе да мага ошондой туюлду бейм. Анан коюуланып калган караңгылыктын койнуна кирип кетти.

Көөдөнүм алда кандан сезимге тиреле түшкөнсүдү. Көптөн бери араздашып жүргөн кызым менен бүгүн биринчи жолу жакшы кеп-сөзгө келгендей маанайым көтөрүлө түштү. Жыпаргүл кеткен жакты карап, көпкө чейин жыт кууган иттей күздүн түнкү нымдуу абасына оозуму ачып, туруп калдым.

«Жеткирип коёюн, Жыпаш? – деген эмес турбаймынбы. Кап!..»

Күндөр өтө берди. А түгүл айлар алмашты. Мен убадамда турдум. Тазагүлдөрдүкүнө дем алыш сайын барып турдум. Жыпаргүл жаркылдап, баягы Жыпаргүл эмес. Тосуп алып, узатып койгон өзү.

Жыпаргүл жылдыздуу кыз. Сулуулардын катарына кошууга болбойт. Биринчи көргөнде эле ал мени ошол жылдызы менен өзүнө жалт караткан. Жарым жылдан кийин ошол жылдызы мен үчүн артып чыккансыды. Ыңгайы келе калганда аны кадала тиктөөчү болдум. Баскан-турганына чейин, сүйлөгөнүнө, күлгөнүнө дейре аңдып тиктей турган болдум. Буга өзү күнөөлүү. «Экзамендер жакындап келатат, агай (менин үйүмдө жана мектепте агай дейт, өз үйүнө барганда «байке» деп жүрөт) 8-9-класстардагы материалдардан да билетке киргизилет дедиңиз го. Ал эки класста өткөндөрүбүздүн көбү эстен чыгып кетиптир. Жардам бериңизчи?» – деп үчүнчү чейректен бери көп кайрылчу болду. Мындай учурларда ал дагы менин ар бир кыймылыма, сөзүмө, көз карашыма өтө сактык, өтө кылдаттык менен алдыртан байкоо жүргүзүп жатканын сезип калдым. Анан мындай жакындыгы жүрөгүмө алда кандай жагымдуу сезим тартууласа да, экинчи бир сезим денеме муздак суу чачып жибергендей шуу эттире чыйрыктырып жиберчү. Менин бала кезден келаткан түшүнүгүм боюнча агайы менен окуучу кызынын ортосунда эч кандай ынактык байланыштын болушу мүмкүн эмес. Алардын ортосунда эч ким бузалгыс чеп бар. Аны ким курган? Билбейм. Бирок «Агайы кызы менен сүйлөшүп койгон экен, кызматынан айдалыптыр» деген каңшаарды көп эле жолу укканмын. Эмне үчүн каңшар? Мен окуган мектепте деле болбоду беле. Жумаш деген географиядан берчү жапжаш агайыбыздын 9-класста окуган Гүлай аттуу кызга жазган каты колго түшүп калат. Жок, а дегенде Гүлай ага жазган экен, мугалим жооп бериптир. Анын институтту бүтүп келип, мага окшоп биринчи жыл иштеп жаткан кези эле. Гүлай жыртып таштабай күрмөсүнүн чөнтөгүнө салып

койгон анын катын классташ кыздарынын бири таап алган турбайбы. Тиги менен каршылашкан жайы барбы, же тигинин мугалим менен ошондой мамилеге барганы чын эле ага да ошончолук өөн учураганбы, иши кылып, катты түз эле директордун өзүнө жеткириптир. Жумаш эстүүлүк кылган экен. «Окугандан кийин жыртып таштагын» – деп эскерткенине карабай, кызың түшкүр, катып жүргөн тура, кыйбаган го тытканга.

Каттын мазмунуна чейин бир күндүн ичинде баарыбызга жарыя болгон. «Гүлүш, сен мага ашык болуп калсаң, мен да сага ашыкмын. Бирок бул тууралуу азырынча эч ким билбесин. Анткени, сен окуучу, мен мугалиммин. Акыбыз жок, кыскасы, бул жөнүндө азыр сөз кылууга. Онунчуну бүтө бер. Андан аркысын ошондо сүйлөшө жатабыз. «Ж».. – деп аягына бир гана тамга жазган имиш.

Директор ошол күнү эле а дегенде Гүлайды чакырып, суракка алыптыр. Ал көпкө чейин айтпаган имиш. «Баары бир табабыз. Кол бизге тааныш. Эгер муну танса, милицияда бир тамгасына карап эле кимдин жазганын айтып берчү атайын аппарат болот. Ошого алып барабыз мунуңду. Анда чатак болосуңар экөөңөр тең. Милиция билгенден кийин, суракты ошолор жүргүзөт. Андан көрө өзүң айтып бер. Бул тууралу сен билсең, каттын ээси билет, анан мен билем. Ошону менен жаап таштайбыз, – дегенде тиги бечара айтып коюптур. Ошол күнү Гүлайды окуучулардын комсомолдук чогулушунда, ал эми Жумашты педсоветте карашыптыр. Педсоветте окулган жанагы каттын мазмуну, анда катышкан бир мугалим тарабынан окуучуларга жетпейби.

«Өзү арыз берип кетиптир, жок, бошотуп жиберишиптир» – деген эки каңшар уктук эртеси Жумаш агай тууралу. Иши кылып, ал эртеси күнү эле жок болуп калды. Каяктан келгенин деле билчү эмеспиз. Ал эми Гүлайга катуу сөгүш жарыялашкан экен, бирок ал дагы эртеси эле мектепке келбей калды. Кийинчээрек уксак, Жумаш агай Гүлайды Фрунзеге алып кетип, алдында интернаты бар орто мектепке киргизип койгон имиш. Өзү универ-

ситеттин экономикалык факультетине кирип окуп, аны бүтүрүптүр. Ошентип, жанагы окуядан кийин ал кесибин өзгөртүп жибериптир. Ал эми Гүлайды политехникалык институттун технология факультетине кийирип, ал үчүнчү курска жеткенде үйлөнүп алышыптыр. Мунун баарысын укканбыз. Тиги экөөн «Азаматтар» деп мактагандар да, «Иттей уят болуп кетишти» – деп жемелегендер да бар алиге чейин айлыбызда.

Жыпаргүл менен мамилебиз улам башкача болуп баратkандан бери ошол окуя эсиме түшө берип, чынын айтсам, коркуп жүрөм. Жеке отурганымда (айрыкча мектепте), Жыпаргүл жаныма келбесе экен, Гүлайдай кат жазбаса экен деп тилей баштадым.

Ошентип, Жумаш менен Гүлайдын окуясы, такыр жадыман чыкпай койду, Жыпаргүлдүн мага карата тымызын мамилесин байкагандан бери. Аларды талкуулаган чогулушка катышпасам да, баамымда көз алдыга келтирем. Уят-уят! Дагы мугалим. Кыздарыбызды, балдарыбызды жакшы жорукка тарбиялоочу киши ушубу? Ай жолуң болгур десе!

Ушундай сөздөр туш-тушуман угулгансып кетет. Ошондой минуталарда Жыпаргүлгө карата пайда болгон көөдөнүмдөгү жалындын илеби муздай түшүп, тайсалдай баштайм. Келечегиме зыян, ишиме зыян кылып, ушул ишке барганым кандай? Кыздардан көп неме жок го?» – деп өзүмү-өзүм сooроткон учурларым да болот.

Кыскасы, ой көбөйдү, жүрөк түйшүгү артты. Өчөшкөнсүп, Жыпаргүл ого бетер жакындай берди. Эми дем алыш эмес күндөрү деле үйлөрүндө жакшы тамак бышырылса, ошону шылтоолоп чакыра берет. Өзү келет мага. Тазагүлдү жиберсе деле болмок да. Бир күнү тамактан кийин ал дагы мени узатып чыкты эле, үйүнөн жүз метр бери баспай туруп, токтодум. «Жыпаш,– дедим, эки акырегине колдоруму коюп, экөөбүздөн шек санаша баштаптыр эл, этият бололучу?» Караңгы экенине карабастан, аякбыягыма карап алдым. Бирөө-жарым ушул турушубузду көрүп койбосун дегендей саксынганым. Муну Жыпаргүл да

байкаса экен дегеним. Ушул ишибиздин натура экендигине түшүнсүн деп, ошол сөздү баштап, ошондой кыймыл жасадым. Эч кимден эч кандай сөз уккан деле эмесмин. Өзүмүн гана ойлоп жүргөнүмү айттым. Чочутуп коёюн дегеним. Такыр кол үзүүгө кантип бармак элем. Ичимен бир сезим ага мүмкүндүк бергидей эмес. Сөз болуп кетпейли деген гана этияттыктан келип чыккан. Жумаш менен Гүлайдын кейпин кийип калбайлы деген гана саксынуудан келип чыккан сөз эле мунум. Гүлай менен Жумаштын окуясын а түгүл ары жакты бир тиктеп, бери жакты бир тиктеп туруп айтып да бердим.

– А-а, коркуп атасызбы? Айлыгыман ажырап калам деп коркуп атасыз, түшүндүм, – деди Жыпаргүл мени караңгыдан тепчий түз тиктеп. Ушул кезде ирецим кандай өзгөргөнүн түн гана билет.

– Мен уурданып сүйө албайт экенмин, агай? – деди ал эки колуму акырегинен алып таштады. Анан шарт бурулуп жөнөп берди.

«Жыпаш, Жыпаш, токтосоң, дагы бир мүнөткө токтосоң» – деп, эки колуму алга суна менин акырын шыбырап айткан өтүнүчүм түнгө сорулгандай ага жетпей калдыбы, же уккусу келбедиби, айтор, артына бир да кылчайган жок.

Ага акырында, менин алиги сөзүмө терикkенин байкагандан кийин айтарым ушул эле: «Сүйөм, мен деле сени, Жыпаш». (Аны оозунан: «уурданып сүйө албайм», – деген сөз чыгып кетпедиби, демек эми купуядагы анчадан бери угуп жаткан ал сөздү мен дагы тышка чыгарсам болот да). Мунуму көптөн бери сезип эле жүрөсүң. Бирок биерде ал сезимибизди эч ким билүүгө тийиш эмес. Сен окуучу, мен мугалим. Акыбыз жок сүйүшүүгө. Менин түшүнүгүм ушундай. Газеталардан деле андайларды сындап жазган кабарларды окуп жүргөндүрсүң. Мен антип газетага чыгып, же чогулушка түшүп уятка калууну каалабайм, сүйүү үчүн. Ошондуктан сен онунчуну бүткөнү турасың, институтка бар. Эки-үч жыл оку, анан баш кошолу. Биринчи курстан деп айтсам, анда деле баары сени жаш, мени мугалим деп айтышары анык. Үчүнчү, же төртүнчү курстан баш кошолу.

Ага чейин баарысын ичке катууга чымыркана аракеттенели. Мектептен кеткениңче биздин бул мамилени башкалар гана эмес ата-энең деле билбегени оң. Ооздорунан чыгып кетсе, баары бир экөөбүз кармалабыз. Уят болгондон көрө өлгөн жакшы...» Эмне деп жооп берер эле Жыпаргүл?

Мен бирөө аңдып тургандай буйдалбастан жолго түштүм. Бирок үйүмө келгенден кийин уктай албадым, Таң аткыча толгонуп чыктым. Жыпаргүлдү сүйүп калганымы, анын жанагыдай чечкиндүү сөз айтып, чечкиндүү бурулуп басып кеткенинен кийин гана анык сездим. Ошол окуядан кийин мурдагы жагымдуу көз караштарынын бирин да көрбөй кусаландым. Сабактан башка учурларда караанын көрсөтпөй кетти. Жыпаргүл мурда ар кандай шылтоо менен сабактан чыгып, журналымды колтуктап келатсам, алдыман чыгып, же артыман жете келип, сөзгө кармай берчү. А дегенде анысы жагымдуу көрүнсө да, кийинчерээк жанагинтип чочута баштаган эле. Эми ошолордун баарын эстейм, сагынам, бирөө-жарымынын кайталанышын каалайм, бирок Жыпаргүлдүн келишимдүү карааны сыйкырчыдай сабактан кийин түк көзгө урунбай койду.

Кат жазууну да ойлодум. Өз күнөөмдү мойнума алып, кечирим сурап, анан анык сүйөрүмү ачык билдирген кат жазгым да келди. Бирок Жумаштын катын эстеп, дагы коркуп кеттим. Ошентип колго түшүп калбайын деп саксындым.

Жыпаргүл ошол бойдон бир кылчайбай кетти. А мен болсо ага болгон сезимим менен коштошо албай койдум.

Июндун башы эле. Менин кожоюнумдун чакан короосу (төрт бөлмөлүү үйүнүн тегереги) ар түркүн гүл экен. Түнкүсүн терезени ачып жатам. Түнкү жел менен кошо бөлмөмө гүл жыты агылып кирип турат. Экзамендер жүрүп жатат онунчу класстарда. Жакында Жыпаргүл мектепти бүтөт. Аны ойлоп, муну ойлоп, көптө барып уктап кетиптирмин. Кайсы маал экенин билбейм, жылаңач билегиме бир нерсе тийди, жок аны кармап бирөө тургансыды. Чочуп, башымды көтөрдүм. Ачык терезенин түбүндө бирөө турат. «Агай, чочубаңыз, менмин, – деди. Жыпаргүл... «Жыпаш!» – дедим шыбырап. Дагы эле бирөө угуп кой-

босун деп коркуп атам. Тура калып, трусычан экеними эстегенде кайра одеялга орондум. «Кир бери» – дептирмин. Алиге чейин ошол сөзүм үчүн уялып жүрөм. «Кийинип бери чыксаңыз, эки ооз сөзүм бар» – деди да, Жыпаргүл терезеден ары кетти.

Ал үйдүн бурчундагы эки түп алманын ортосунда туруптур. Мен жакындаарым менен башын көкүрөгүмө коюп ыйлап жиберди. «Агай, мени куткарып кал. Окуу бүтөөрү менен мурда кудалап койгон жерге беришкени жатат», – деп солкулдайт.

«Кантип куткарам? Милицияга, дирекцияга билдирейинби? – деп шаштым.

– Өзүңүз куткара албайсызбы? Зарыл деп тапсам, аларга өзүм деле айтар элем да.

– Өзүм кантип куткарам? Сен окуучу болсоң, мен мугалим болсом. Эки-үч жыл күтсөң го. Мен да сени сүйөм, бирок, – деп сөзүмү бүткүчө, түшүндө кучактап алып, өңүндө чочуган немедей ал шарт башын көтөрдү.

– Сүйүшкөндөр отту кечет, сууну кечет, тоону бузат, – дегендер да сизге окшогон мугалимдер эмес беле? Ай силердин жолуңар болсун!.. – деди да, дагы кадимкисиндей чуркап жөнөдү.

Кыздын кандай жардам сурап келгенин түшүнсөм да, түшүнмөксөн болдум ошондо. Өз керт башымын кадыр-баркына доо кетирип аламбы деп корктум. Аны сүйгөнүмү ушул сезим басып туруп алды. Азыркы курагыман, азыркы түшүнүгүмөн туруп ошондогу авалыма көз чаптырсам бетим чымырайт. Өзүмдү өзүм жемелейм, айыптайм. Жыпаргүлдүн алдында түбөлүккө айыптуудай, анын караанын көрбөсөм да, көргөндөй башымды төмөн шылкыйтып, уяла берем.

Экзамен бүткөн күнү күйөө келиптир. Той өтүп жатканда Жыпаргүлдү «жоготуп» коюшат.

Кийин уксам, ал шаарга качып кеткен экен. Ал эми беш жылдан кийин Жыпаргүл диплом менен кошо өзү бүткөн мектепке мугалим болуп келди. Мен болсом, аерден арыз берип кетүүгө мажбур болдум...

# МАЗМУНУ

ЖУНАЙ МАВЛЯНОВ ........................................ 3

**ПОВЕСТТЕР**

ЖАЛГЫЗ БУТАКТУУ АРЧА ........................................ 6
ЧАГЫЛГАН ........................................66
ТУРМУШ ........................................122
КИМ КҮНӨӨЛҮҮ? ........................................236
АШЫМДЫН АҢГЕМЕСИ ........................................284
КҮТҮҮ ........................................ 314

**АҢГЕМЕЛЕР**

НАН ........................................354
ӨКСҮК ........................................ 363
АЧЫК КАТ ........................................375
БЕКИШ, САГА ЭМНЕ БОЛДУ? ........................................396
ӨРГӨӨ ........................................418
АТА ........................................ 450
АВАЗ ........................................ 469
ЖЕК КӨРӨМ ........................................519
АЛАЧЫК ........................................557
ЖАЙЛООДО ........................................574
БИЗДИН ЭНЕБИЗ ........................................ 585
ЭСТЕБЕСОВ ........................................ 599
ЖЫПАРГҮЛ ........................................606

*Адабий-көркөм басылма*

«Окурмандын китеп текчеси» сериясы

23-том

# ЖУНАЙ МАВЛЯНОВ

*Тандалган чыгармалар*

Түзгөн: *Качкынбай кызы А.*
Тех. редактор: *Тилекматова Н.*
Корректорлор: *Качкынбай кызы А., Бактыбек кызы Г.*
Компьютердик калыпка салган: *Өмүров Б.*

Терүүгө 04.02.17 берилди. Басууга 12.06.17 кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 39 б.т. Нускасы 500.

"Кут-Бер" ЖЧК басмаканасында басылды
Бишкек ш., Медеров көчөсү, 68